

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
СОНКУ ЖАНЫ ТАРЫХЫ БОЮНЧА

ХРЕСТОМАТИЯ

А.АКУНОВ

Кыргыз Республикасынын эгемендигинин
30 жылдыгына арналат

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН СОҢКУ ЖАҢЫ ТАРЫХЫ (1990-2020-ж.ж.) БОЮНЧА

ХРЕСТОМАТИЯ

Бишкек 2021

УДК 94(100-87)
ББК 63.3(2Ku)
А 44

Томдун редколлегиясы: А.Акунов, В.Ибраева, Э.Мамбеталиева, О.Молдалиев, Ч.Сыдыкбаев

Акунов А.

А 44 Кыргыз Республикасынын соңку жаңы тарыхы (1990-2020-ж.ж.) боюнча хрестоматия. – Б.: "Калем", 2021. - 612 б.

ISBN 978-9967-93086-5

Китеп Кыргыз Республикасынын 1990-жылдан 2020-жылга чейинки тарыхын камтыйт. Бул китепте Кыргызстандын заманбап тарыхын түшүнүү үчүн өзөктүү мааниге ээ болгон маселелердин жана окуялардын кеңири чөйрөсү каралды.

Колунуздагы китеп түзүмү боюнча төрт бөлүктөн турат. Китептин башында Кыргызстандын мамлекеттик түзүлүшү жөнүндө кыскача маалымат берилген. Ага улай Кыргызстан мамлекетинин эгемендүүлүгү жана мамлекеттик көз карандысыздыгы жөнүндөгү декларациялардан үзүндү, Кыргыз ССРинин Кыргызстан Республикасы болуп жарыяланышы, Кыргызстан Республикасынын мамлекеттик символдору, Кыргызстандын эгемендигинин дүйнө мамлекеттери тарабынан таанылышы, БУУ жана башка эл аралык уюмдарга Кыргызстандын мүчө катары кабыл алынышы жөнүндө маалыматтар берилген.

Китептин экинчи бөлүгү тарыхий мааниси бар Президенттин жарыяларынан, Жогорку Кеңештин жана Өкмөттүн токтомдорунан, сот органдарынын чечимдеринен үзүндүлөрдөн турат. Бардыгы жүз элүү төрт расмий документтерден үзүндүлөр келтирилген.

Үчүнчү бөлүктө эгемен Кыргызстандын бүгүнкүсү жана келечеги жөнүндөгү аналитикалык, бүгүнкү күндө классикага айланып калган Дооронбек Садырбаев, Салижан Жигитов, Алым Токтомушев, Ишенбай Абдуразаков, Азамат Алтай, Табылды Эгембердиев, Талип Ибраимов, Камбараалы Бобулов, Казат Акматов сыяктуу асылдардын макалалары берилди.

Китептин төртүнчү бөлүгүндө XX кылымдын 80-жылдарынан бүгүнкү күнгө чейинки Кыргызстанда болуп өткөн тарыхий маанилүү окуялардын кеңири хронологиясы берилди. Бардыгы болуп сегиз жүздөн ашык окуялар менен документтер камтылды.

Бул басылманын материалдары Кыргызстандагы коомдук жашоонун бардык тармактары боюнча бүгүнкү абалын түшүнүүгө, ички жана тышкы саясаттын кайсыл багытта бараткынын аныктоого, өнүгүүнүн негизги оң факторлорун жана ага тоскоолдук болуп жаткан көйгөйлөрдү билүүгө ой булак катары жардам берет.

Окутуучулар менен илимий кызматкерлерге, жогордун студенттери менен мектептердин мугалимдерине, жалпы эле тарыхка кызыккандарга арналат.

ISBN 978-9967-93086-5

УДК 94(100-87)
ББК 63.3(2Ku)
© Акунов А., 2021

Кириш сөз

Колунуздагы китеп Кыргыз Республикасынын эгемендигинин 30 жылдык мезгилиндеги маанилүү саясий-экономикалык жана социалдык-маданий документтерди өзүнө камтыйт. Адамдын жашоо маңызын түп тамырынан өзгөрткөн, улуттун тагдырын чечкен, мамлекеттин өнүгүү багытын аныктаган окуяларга өтө байлыгы бул мезгилдин өзгөчөлүгү болуп эсептелет. Бул томдо Кыргызстандын пост-советтик эгемендик доорундагы мамлекеттик турмушу, 2002-жылы 17-марттагы Аксы окуясы, 2005-жылдагы жана 2010-жылдагы кош элдик ыңкылап, Кумтөр аферасы, өлкөдөгү саясий, социалдык жана маданий чөйрөлөрдөгү жүрүмдөр, ар кыл орчундуу окуялар далилдүү тарыхый документтердин негизинде чагылдырылды.

Жакында эле болуп өткөн, алардын ичинен көпчүлүгү азыр да уланып жаткан саясий, экономикалык, маданий, социалдык чөйрөлөрдөгү окуяларды, мамлекеттин ички жана тышкы мамилелеринин кеңири өңүтүн, коргоо жана коопсуздукту камсыз кылуу маселелерин, дегеле убакыттын ушундай кыска мерчеминде адамдын ой-мүдөөсүн, баалуулуктар багытын жана керектөө маңызын өзгөрткөн окуяларды тарых кылып жазуу оңой-олтоң иш эмес. Ушул мезгилде кабыл алынган расмий документтерди, орун алган тарыхий окуяларды жана жарык көргөн маанилүү макалаларды ушул китепке батырууга аракет кылдык.

Китеп Кыргызстандагы экономикасы базар мамилелерине негизденген көз карандысыз мамлекетти куруу процессин, жаңы саясий системанын демократиялык институттарын куруу мезгилинин тарыхын камтыйт. Ошондой эле, бул томго көз ачып жумганча заман өзгөрүп, жетимиш жылдан ашык мезгил жашап келген социализм өзүнүн карама-каршысы болгон капитализм менен алмашылып, өндүрүш каражаттарына карата жеке менчик киргизилип, мамлекетти башкаруу формасы өзгөрүп, элдин социалдык катмарларга бөлүнүүсү башкача боло баштаган, байлар менен кедейлер эми ачык эле пайда болгон замандын курулушун шарттаган окуялар кирди.

А.Акаев 1993-жылы 5-майда кабыл алынган биринчи Конституцияны бузбаганда, элдин үмүтүн үзүп, ишеничин актабай, авторитардык режим түзүп, үй-бүлөөсү менен жемкорлукка кирип кетпегенде, Кыргызстан өзүнүн ошол мезгилдеги элдин руханый деминин күчтүүлүгү боюнча, экономикалык реформаларды, дегеле саясий бийликтин бардык демилгелерин эч шек санабай коом тарабынан колдоо боюнча, балким

Сингапур менен Малайзиядан ашып кетпесе да кем калмак эмес экен деген ой келет. Негизги саясий атаандашы А.Масалиевди түркүн ыкмаларга салып бийликтен жана саясаттан четтетип, өкмөт башчылыгына А.Жумагуловду алып келгенден баштап А.Акаевдин өлкөнүн келечегин уурдаган чыныгы жүзү ачыкка чыгып, акыры 2005-жылы 24-мартта Москва көздөй качып кутулган. Бул томдо ушул процесстер жөнүндө баян курганга аракет кылынды.

Өлкөнүн бардык жерлериндеги Акаевдик өзүм билемдикке каршы коомдук кыжырлануунун жыйынтыгы болгон 2005-жылы 24-марттагы элдик көтөрүлүштүн толкунунда бийликке келген К.Бакиев: "Мен акаевдердей болбоймун, үй-бүлөмдү бийликке жолотпойм, таза болом, эл үчүн иштейм" деген сыяктуу берген убадаларын аткарбастан, бийлик мурдагыдан да көбүрөөк бир үй-бүлөгө топтолуп, өлкөнүн кен байлыктары ачык эле сатылып, саясий оппоненттердин көзүн тазалоо адаттагы эле иш болуп калган. 2010-жылы 6-7-апрелдеги бакиевчилерге каршы элдик көтөрүлүштө 87 адамды бийлик атып өлтүрүп, 2 миңге жакын адам ар кандай жараат алып, Бакиевдердин таасирдүүлөрү Белорусия, Улуу Британия, Казакстан сыяктуу чет өлкөлөргө качып кетишкен.

Ушундай жалпы элдик трагедиянын фонунда, кыргыз коомчулугу да, дүйнөлүк коомчулук да, эми Кыргыз мамлекетинин эртеңи кандай болот деп турган чакта, өлкөнүн жоопкерчилигин өздөрүнө алышкан 14 адамдан турган Убактылуу өкмөт бардык мамлекеттик бийликти өз колдоруна алышып, бирок учурдун адилет талабын аткара албай, элдин ишеничин актай албай, ынтымагынын жоктугунан, коомду өзгөртүү боюнча бирдиктүү, даана жана так көз караштары болбогондуктан, айрымдарынын жеке кызыкчылыктарынын күчтүүлүгүнөн жемкорлукка берилип кетишкен.

Кыргыз Республикасынын Ош шаарында, Ош жана Жалал-Абат облустарынын айрым тургун жайларында 2010-жылы 10-14-июнда кыргыз жана өзбек этносторунун өкүлдөрүнүн ортосунда куралдуу кагылышуулар болуп өттү. Өлкөнүн ошол кездеги Убактылуу өкмөтү Ош шаарында, ошондой эле, Кара-Суу, Араван жана Өзгөн райондорунда Өзгөчө абалды киргизүү тууралу чечим кабыл алды. Ош шаарына аскерлер киргизилди. Бул чукул аракет Убактылуу өкмөткө жаңжалдын жайылып кетишине жол бербей, бир нече күндүн ичинде этностор аралык тирешүүнү токтотууга мүмкүнчүлүк берди.

2010-жылы 10-14-июндагы этностор аралык кагылышууларга алып келген себептерди шарттуу түрдө үч топко бөлүп карoого болот.

Биринчиси – 1990-жылдардан бери карай чарба, билим берүү, кадрлар, укук коргоону башкаруу ж.б. тармактардагы көйгөйлөрдүн жылдан жылга созулуп чечилбей келгендиги. Экинчиси – 2010-жылы 7-апрелдеги бийлик алмашкандан кийин Убактылуу өкмөттүн айрым бир мүчөлөрүнүн шалаакылыгы менен кайдыгерлиги, бакиевчилердин кандай гана болбосун кайрадан бийликке келүү аракеттери, айрым жикчилдердин өлкөдөгү убактылуу кыйынчылыкты пайдаланып калуу аракеттери менен байланышкан. Үчүнчүдөн, коңшу өлкөнүн мамлекет башчысы да тастыктагандай, бир тууган этностордун ортосунда жик салууга умтулган чет өлкөлүк үчүнчү күчтөрдүн чагымчыл аракети да тымызын орун алган.

Бул этностор аралык алааматтуу жаңжалдын негизги сабагы – өлкодөгү саясатчылар жана саясий күчтөр өз бийлигин сактап калыш үчүн же жогорку бийликке келиш үчүн эч качан этностор арасындагы мамиледеги мыйзамдуулукту, тең салмактуулукту жана ынтымакты бузбашы керектиги жана улутчулдар менен, алар кайсы этноско тиешелүү болбосун, саясий соодалашууга барбоо керектиги, сырткы терс күчтөрдүн кылтагына кабылбас үчүн, өзгөчө жаштардын арасында, жалпы жарандык мекенчилдик тарбияны оркүндөтүү зарылдыгы талашсыз.

2010-жылы 7-апрелдеги кандуу окуялар менен коштолгон элдик ыңкылаптан кийин кыргыз коомунун саясий системасы өзгөргөн. Эгемендиктин тарыхында биринчи жолу саясий системанын өзгөрүшү логикалык ирээттүүлүк менен жүргүзүлгөн. Алгач 2010-жылы 27-июнда Конституцияга өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген, андан соң, аның жоболоруна ылайык 2010-жылы 10-октябрда көп партиялуулук шартында парламенттик жана 2011-жылы 30-октябрда президенттик шайлоолор, 2015-жылдын 04-октябрында – кезектеги Жогорку Кеңешке шайлоо өткөрүлдү. Мына ушул маанилүү саясий иш чараларды мамлекетти башкаруунун парламенттик түрүнө өтүүдөгү алгачкы кадамдар катары карoого болот.

Конституциянын жаңы редакциясынын башкы жетишкендиги - "үй-бүлөлүк" авторитардык бийлик режиминин укуктук негиздерин биротоло, экинчи баш көтөргүс кылып жойгондугунда. Бул Конституция мамлекеттик бийликтин бир кишинин колуна, айталык президенттин, премьер-министрдин, спикердин, же алардын үй-бүлөлөрүнүн тегерегине топтолуусуна эми таптакыр жол бербейт. Эки жолку элдик ыңкылапка алып келген негизги себептер жоюлган. Эми саясий көйгөйлөр, алар канчалык татаал жана курч болбосун, көчөлөрдө эмес, тынчтык жолу

менен парламенттин ичинде талкуулоо жана добуш берүү жолу менен чечиле тургандай укуктук талаа түзүлгөн.

Демократияга карай татаал жолдун Кыргызстан ашкан үч ашуусунан кийин коомдук аң-сезим да кескин өзгөрүп, эркин жана дүйнөлүк деңгээлде ой жүгүрткөн, өз укуктарын коргой билген, алдына бийик максаттарды койгон, иштин көзүн билген, иштерман жана сабаттуу, коррупцияга булганбаган жаштардын мууну калыптанууда. Алардын улуттун тарыхына, тилине, салтына болгон кызыгуулары артып, атажурт тарыхын пзилдөөгө жана үйрөнүүгө ыктызардыгы өсүүдө. Тарыхты жазууда азыр мурдагыдай коммунисттик саясий режимдин кадам сайын койгон идеологиялык тосмолору жок. Кыргыз тарыхын калыс изилдөө үчүн керек болгон булактардын жана даректердин географиясы да бүгүнкү күндө эбегейсиз кеңейген жана кеңейе бермекчи.

Кыргыз коомунун саясий системасын демократиялаштырууга жана өлкөнүн экономикасын базар мамилелерине негизделген мейчиктин көп түрдүүлүгүнө өткөрүүгө байланышкан процесстердин терең өзгөрүүлөр жана трагедиялуу кагылышуулар менен коштолушу Кыргызстандын соңку жаңы тарыхына мүнөздүү өзгөчөлүктөрдөн болуп эсептелет.

Колуңуздагы китеп түзүмү боюнча төрт бөлүктөн турат. Китептин башында Кыргызстандын мамлекеттик түзүлүшү жөнүндө кыскача маалымат берилген. Ага улай Кыргызстан мамлекетинин эгемендүүлүгү жана мамлекеттик көз карандысыздыгы жөнүндөгү декларациялардан үзүндү, Кыргыз ССРинин Кыргызстан Республикасы болуп жарыялаңышы жөнүндө маалыматтар камтылган. Кыргызстан Республикасынын мамлекеттик символдору – мамлекеттик туу, герб, гимн жана Кыргыз Республикасынын Конституциясы туралуу кыскача маалыматтар да ушул бөлүктө орун алган. Ушу бөлүктө Кыргызстандын эгемендигинин дүйнө мамлекеттери тарабынан таанылышы, БУУ жана башка эл аралык уюмдарга Кыргызстандын мүчө катары кабыл алынышы жөнүндө маалыматтар да берилген.

Китептин экинчи бөлүгү тарыхий мааниси бар Президенттин жарыяларынан, Жогорку Кеңештин жана өкмөттүн токтомдорунан, сот органдырынын чечимдеринен үзүндүлөрдөн турат. Бардыгы жүз элүү төрт расмий документтерден үзүндүлөр келтирилген. Кыргызчасы табылбай койгон айрым бир документтердин тексти орус тилинде берилди. Бул бөлүк мамлекеттик башкаруу, мамлекеттик кызмат, жарандык коом, экономика, билим жана илим, маданият, искусство жана архитектура,

аскер саясаты, маалымат каражаттары, банк системасы, саламаттыкты сактоо, транспорт, экология, тоо-кен сыяктуу бөлүкчөлөрдөн турат.

Үчүнчү бөлүк кыргыз тили, маданият, илим, билим көйгөйлөрү жөнүндө, Аксы окуясы жөнүндө, эгемен Кыргызстандын келечеги жөнүндө, мекенчилдик жөнүндө, Акаевдик жана Бакиевдик үй-бүлөлүк кландык режим жөнүндө, коррупция жөнүндө, экономика, бизнес, ишкерлик жөнүндө деген бөлүкчөлөрдөн турат. Мына ушул тармактардын көйгөйлөрү жөнүндөгү аналитикалык, бүгүнкү күндө классикага айланып калган Дооронбек Садырбаев, Салижан Жигитов, Алым Токтомушев, Ишенбай Абдуразаков, Азамат Алтай, Табылды Эгембердиев, Талип Ибраимов, Камбараалы Бобулов, Казат Акматов сыяктуу асылдардын макалалары берилди. Айрым авторлордун орус тилинде жазылган макалалары которулбастан түп нускасында берилди.

Китептин төртүнчү бөлүгүндө XX кылымдын 80-жылдарынан бүгүнкү күнгө чейинки Кыргызстанда болуп өткөн тарыхий мааниллүү окуялардын хронологиясы берилди. Бардыгы болуп сегиз жүздөн ашык окуялар менен документтер камтылды. Окуучуларга ыңгайлуу болсун деп ар бир маанилүү документке же окуяга кыскача баяндама берилгени жана ушундан улам анын көлөмдүү болуп калганы бул хронологиянын өзгөчөлүгү болуп эсептелет.

2021-жылы Кыргыз мамлекетинин көз карандысыздыгынын, анын эгемендигинин отуз жылдык мааракесин салтанаттуу белгилегени турат. Бул сыймыктуу мааракe кылымдар карыткан тарыхыбызга да кайрадан кылчайып, өткөндүн сабактарын таразалап-тактап, ошол эле учурда, парламенттик башкарууга багыт алган демократиялуу Кыргызстандын болочогу үчүн да татыктуу кызмат кылууга азыркы бардык муундарыбызды, анын ичинде жаш муундарды милдеттендирет. Бул милдетти өтөө үчүн Силерди, урматтуу студенттер, көп окууга, эркин ой жүгүртүүгө, өз алдынча бүтүм чыгара билүүгө, жигердүү жана демилгелүү жаран болууга чакырабыз. Монархия болуш бир паста эле экен, автаритардык башкаруу болсо бүгүнкү күндө "түлкүдөй буйталактап" бийликтегилерди бура бастырбай азгырып турат, ал эми парламенттик республиканы куруу бир паста болчу оңой-олтоң иш эмес экен, аны калыптандыруу жана сактап калыш ар биребиздин милдетибиз.

1-БӨЛҮК

Кыргызстан эгемендик доорунда

(1990-2020)

Мамлекеттик түзүлүшү. Расмий аталышы: Кыргыз Республикасы (Кыргызстан), Кыргызская Республика (орусча), Kyrgyz Republic (англ.). Кыргыз Республикасы (Кыргызстан) – эгемендүү, демократиялык, укуктук, мамлекеттик башкарууга дин аралашпаган, унитардык, социалдык мамлекет. Борбордук Азиянын түндүк-чыгышындагы тоолуу өлкө. Түндүгүнөн Казакстан, батышында Өзбекстан, түштүк-батышында Тажикстан жана түштүк-чыгышында Кытай менен чектешет. Борбору Бишкек ш. Аянты 199,9 миң кв.км[1]. Калкы 6 млндон ашуун, а.и. 72%-кыргыздар, 14%-өзбектер, 7%-орустар, калганы 100дон ашык этностордун өкүлдөрүнөн турат. Мамлекеттик тили-кыргыз тили (түрк тилдеринин үй-бүлөлүк тобуна кирет), расмий тили-орус тили. Кыргыз Республикасынын административдик-аймактык бөлүнүшү 3 тепкичтен турат. Биринчи деңгээлге 7 облус жана республикалык деңгээлдеги Бишкек жана Ош шаарлары кирет. Экинчи баскычта 40 район жана облустук баш ийүүдөгү 7 шаар бар. Үчүнчү баскыч 453 айыл өкмөттөрүнөн жана райондук баш ийүүдөгү 15 шаардан турат. Мамлекет башчысы-Президент, ал жалпы эл тарабынан 6 жылдык мөөнөткө шайланат (2021-ж. 28-январынан – С.Н.Жапаров). Өкмөт башчысы – Премьер-министр, ал Жогорку Кеңештин макулдугу менен Президент тарабынан бекитилет. Парламент - Жогорку Кеңеш, ал партиялык тизме менен 5 жылдык мөөнөткө шайланган 120 депутаттан турат. Акча бирдиги – сом, 1993-ж. 10-майда киргизилген.

Кыргыз мамлекетинин эгемендүүлүк жана мамлекеттик көз карандысыздык жөнүндөгү декларацияларынын кабыл алынышы. Кыргыз ССРинин Кыргызстан Республикасы болуп жарыяланышы.


1990-жылы 15-декабрда он экинчи чакыруудагы Кыргыз ССР Жогорку Советинин 3-сессиясы "Кыргызстан Республикасынын мамлекеттик эгемендүүлүгү жөнүндө декларация" деп аталган эң маанилүү тарыхий документти кабыл алган. Бул Декларация преамбуладан (киришүүдөн) жана 15 беренеден турат. Документтин түзүлүшү менен жазылуу стили 1949-жылы Биригкен Улуттар Уюму кабыл алган "Адам укуктарынын жалпы декларациясына" окшоп кетет. Бул тарыхий

[1] Кыргыз республикасынын улуттук статистика комитети. Кыргызстан цифраларда Статистикалык жыйнак. Бишкек, 2013. 36б.

документтин киришүү бөлүгүндө "...Кыргызстан Республикасынын Жогорку Совети: ...Кыргызстан калкынын эркин билдирип, адам укуктары менен эркиндиктерин ар тараптан камсыз кылуу үчүн, демократиялык укуктук мамлекетти курууга аракеттенип, жаңы эгемендүү республикалардын Союзун түзүүнү колдоо менен республиканын бүткүл территориясында мамлекеттик бийлиги таанылган жана тышкы мамилелерде көз карандысыздыкты билдирген Кыргызстан Республикасынын мамлекеттик эгемендүүлүгүн салтанаттуу жарыялайт" – деп ташка тамга басылгандай жазылып турат. 15-декабрь – Кыргызстан Республикасынын эгемендүүлүк күнү – майрам күнү катары ар жыл сайын белгиленүүгө тийиш болуп, жумушчу эмес күн деп жарыяланган. Бирок, бул күн майрам күн катары бир да жолу белгиленген эмес, анткени, жыл айланбай эле, 1991-жылы 31-августа көз карандысыздык Декларациясы кабыл алынган.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик символдору:

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик туусу



Туу Кыргызстан Республикасынын Жогорку Советинин 1992-жылдын 3-мартындагы токтому менен бекитилген.

Авторлук жамаат: Э.Айдарбеков, Б.Жайчыбеков, С.Иптаров, Ж.Матаев, М.Сыдыков

Эгемендүү өлкөнүн негизги белгилеринин бири – мамлекеттик туу болуп эсептелет. Жогорку Совет жарыялаган сынакка келип түшкөн жүзгө жакын үлгүлөрдүн ичинен азыркы кызыл түстөгү тууну көпчүлүк добуш менен жактырышып, аны жылы 3-мартта кабыл алышкан. Желектин

авторлору: окумуштуу – С.Иптаров, сүрөтчүлөр – Б.Жайчыбеков менен Ж.Матаев, архитекторлор – М.Сыдыков менен Э.Айдарбеков.

Туунун түсү кызыл, анын борборунда алтын түстөгү бирдей чачырап турган кырк нуру бар күн тегереги жайгашкан. Күн тегерегинин ичинде дүйнөнүн төрт тарабын бириктирип турган, элдердин ынтымагынын символу катары эсептелген боз үйдүн кызыл түстөгү түндүгү берилген. Туунун туурасы анын узундугунун бештен үч бөлүгүнө барабар. Нур тегеректин диаметри желектин туурасынын бештен үчүнө барабар. Күн тегерек менен нур тегеректин диаметрлеринин катышы үчтүн бешке болгон катышына барабар. Түндүктүн диаметри нур тегеректин диаметринин жарымын түзөт.

Туунун бирдей кызыл түстө болгону эрдиктин жана кайраттуулуктун белгиси, өз нуруна бөлөнгөн күн тынчтык менен байлыкты элестетет, ал эми түндүк болсо – бул ата-журттун белгиси, ааламдын бүтүндүгүн, өлкөдө жашаган элдердин биримдигин
билдирет. Күн тегерегине бириккен 40 нур кыргыз журтуна бириккен 40 байыркы урууну билдирет.

Мамлекеттик туура каршы сындар ал кабыл алынгандан тартып эле айтылып келатат. "Туунун кабыл алганда элдин ой-пикири эске алынган эмес, кызыл түс коммунизмдин белгиси, бул агрессияны билдирет, ал кандын түсү, туудагы түндүк, чыгып келе жаткан күндүн нурларын элестеткен сүрөт идеялык, эстетикалык жактардан ийгиликтүү чыкпай калган, түндүккө окшобой эле күн карамага окшоп калган же болбосо түндүккө окшосо да капталы оттун жалынына .окшошуп кетет, мына ушулардан улам өлкөдө стабилдүүлүк болбой келет"-дешүүдө сынчылар. Ошондуктан алар кыргыздардын эски көк асабасын, же мурдагы Кыргыз ССРнин үч түстүү туусун кайра алуубуз керек деген талаптарды коюшууда.

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик герби



Герб Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 1994-жылдын 14-январындагы токтому менен бекитилген.

Автор: А.Абдраев жана С.Дубанаев

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик герби ак кырбууланган көк түстөгү тегеректин ортосундагы канатын жайган ак шумкардын сүрөтүнөн, көлдүн нары жагында жайгашкан Ала-Тоо тоо кыркаларынан жана алтын нурун чачыратып чыгып келе жаткан күндөн, тегеректин эки капталынан орун алган пахтанын жана буудайдын сабындагы башынын сүрөтүнөн, тегеректин жогорку бөлүгүндө орун алган "Кыргыз" жана тегеректин төмөнкү бөлүгүнөн орун алган "Республикасы" деген жазуудан турат. Герб жалпысынан жети элементтен турат: бүркүт-Манастын Ак Шумкары, көл-Ысык-Көл, күн, Ала-Тоо, пахта, буудай жана Кыргыз Республикасы деген жазуу. Гербде канаттарын жайып турган Манастын ак шумкары тартылган, бул биздин өлкөнүн эркин экендигин билдирет. Ак шумкардын арт жагында Ала-Тоонун бийик чокулары менен курчалган, Кыргызстандын бермети аталган Ысык-Көл тартылган. Күнгө чагылышкан тоонун чокулары кыргыздын улуттук баш кийими ак калпакка окшоп турат.

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик гимни

Гимн Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 1992-жылдын 18-декабрындагы токтому менен бекитилген.

Сөзү: Ж.Садыков менен Ш.Кулуевдики

Музыкасы: Н.Давлесов жана К.Молдобасановдуку

Ак мөңгүлүү аска зоолор, талаалар,
Элибиздин жаны менен барабар.
Сансыз кылым Ала-Тоосун мекендеп,
Сактап келди биздин ата-бабалар.
Кайырмасы:
Алгалай бер, кыргыз эл,
Азаттыктын жолунда.
Өркүндөй бер, өсө бер,
Өз тагдырың колунда
Байыртадан бүткөн мүнөз элиме,
Досторуна даяр дилин берүүгө.
Бул ынтымак эл бирдигин ширетип,
Бейкуттукту берет кыргыз жерине.
Кайырмасы:
Аткарылып элдин үмүт, тилеги,
Желбиреди эркиндиктин желеги.
Бизге жеткен ата салтын, мурасын,
Ыйык сактап урпактарга берели.

Үч куплеттен турган бул гимндин экинчи куплетиндеги “Досторуна даяр дилин берүүгө.” жана “Бейкуттукту берет кыргыз жерине.”-деген ыр саптарынын мазмунуна каршы пикирлер айтылган. Алсак, “бейкуттук” деген сөздү - “береке кут” деген сөз тизмектери менен алмаштыруу сунушталган. Бардыгы болуп 5 сөздү өзгөртүү жөнүндө талаптар коюлган. Коомчулуктун өкүлдөрү жыйырма жылга созулган араздашуулардын жыйынтыгында, 2011-жылы 25-мартта мамлекеттик гимндин текстин өзгөртүү боюнча депутат А.Маматалиев жетектеген Жогорку Кеңештин комиссиясын түздүрүүгө жетишишкен. 2012-жылдын аягында бул комиссия гимндин экинчи куплетин таптакыр алып таштоо жөнүндөгү бүтүм чыгарган. Комиссиянын бул сунушу 2012-жылы 27-декабрда

Жогорку Кеңештин токтому менен бекитилген. Ушул күндөн тарта мамлекеттик гимн үч куплеттен эмес, эми эки гана куплеттен туруп калган.

Бирок бул өзгөртүүнү көпчүлүк биле бербейт. Жоодордо, мамлекеттик мекеме, ишканаларда жана башка жайларда иш-чаралар өткөргөндө анын башталышы менен аягында дагы деле болсо мамлекеттик гимндин үч куплетин толук бойдон берип, ал турсун катышуучулар коштоп ырдай беришет. Эң кызыгы ооздорун ачып-жумуп, коштоп ырдап аткандай элес калтырышканы менен кыргызстандыктардын басымдуу көпчүлүгү гимндин текстин толук билишпейт. Ал тургай ЖК депутаттарынын арасынан да гимндин тестин билбегендер бар экендиги белгилүү болгон. Жалпысынан алганда гимндин тексти өлкөнүн жарандарына анча деле жакпагандай маанай байкалат. Гимндин төмөнкүдөй пародия сыяктуу текстинин пайда болуп эл арасына тарап кетиши да буга кошумча далил десек туура болот:

Ак мөңгүлүү аска, зоолор, калбады
Талааларын байлык издеп аңтарды
Сансыз кылым тарыхы чоң өз элин
Малай кылып башка элге байлады
Кайырма:
Алдана бер, кыргыз эл,
Алдамчынын жолунда.
Өкүнө бер, өксүй бер,
Өлсөн башың колунда
Байыбаган жамандардан жериме,
Душман болуп ажо чыкты элиңе
Досторуна даяр орун ыйгарып
Билимдерин катып келди жеңине
Кайырма:
Алдана бер, кыргыз эл,
Алдамчынын жолунда.
Өкүнө бер, өксүй бер,
Өлгөн тагдыр колунда
Талкаланды элдин үмүт тилеги,
Желбиреди элдин күйүт желеги.

Сактап келген ата салтын, мурасы
Дагы тептип көчмөн болуп кетеби
Кайырма:
Алдана бер, кыргыз эл,
Алдамчынын жолунда.
Өкүнө бер, оксүй бер,
Өлгөн тагдыр колунда

Кыргыз Республикасынын Конституциясы. 1993-жылы 5-майда кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Конституциясы – бул Кыргыз ССРинин он экинчи чакырылышындагы Жогорку Советинин үзүрлүү, тарыхий ишмердигинин туу чокусу деп атасак калыстык болот. 1993-жылкы Конституциянын формасы, мазмуну менен руху аны кабыл алган Жогорку Кеңештин курамынын түзүлүшүнө, иштөө принциптерине жана бул легендарлуу парламентте басымдуулук кылган рухка, маанайга кадимкидей дал келип турат. Ушундай маанайдагы, принципиалдуу, улуттун келечеги үчүн жоопкерчиликти сезген жана мойнуна алган гана парламент ушундай калыс, адилет жана демократиялык Конституцияны кабыл ала алмак болчу.

1993-жылы 5-майда Кыргыз Республикасынын 12-чакырылышындагы Жогорку Советинин 12-сессиясында кабыл алынган Конституциясы преамбуладан (киришүүдөн), 8 баптан жана 97 беренеден турган.

Преамбулада Конституцияны кабыл алуунун максаттары берилген. Бул документ мамлекеттин негизги мыйзамы, жогорку юридикалык күчкө ээ, Кыргыз Республикасынын бардык аймагында колдонулат жана түздөн-түз таасирге ээ. Конституция Кыргыз Республикасынын конституциялык түзүлүшүнүн негиздерин, адамдын жана жарандардын укуктары менен эркиндиктерин, мамлекеттик бийликтин жогорку органдарынын жана жергиликтүү оз алдынча башкаруу органдарынын түзүлүшүн аныктайт деп жазылган.

Биринчи бапта Кыргыз мамлекети – эгемендүү, унитардык, демократиялык республика, Кыргызстандын калкы эгемендүүлүктүн ээси жана мамлекеттик бийликтин жападан-жалгыз булагы деп берилген. Мамлекеттик бийликтин үч бутагы так жана даана көрсөтүлгөн: мыйзам чыгаруучу бийлик – Жогорку Кеңеш; аткаруучу бийлик – өкмөт менен жергиликтүү мамлекеттик администрация; сот бийлиги – Конституциялык сот, Жогорку сот, Жогорку арбитраждык сот, жергиликтүү соттор.

Экинчи бап толугу менен адамдын жана жарандардын укуктары менен эркиндиктерине арналган. Эл аралык стандарттарга ылайык, Кыргызстан өзү бекиткен жана кошулган эл аралык документтердин көрсөтмөлөрүн эске алуу менен биздин Конституцияда адам укуктары менен эркиндиктери өзүнчө бөлүмдө, ал эми жарандардын укуктары менен милдеттери өзүнчө бөлүмдө берилген. Мазмунунун тереңдиги жана маанисинин кеңдиги жагынан алганда бул бап ушул Конституциянын эң баалуу жана артыкчылык жактары катары эсептелет десек эч жаңылыштык болбойт.

Үчүнчү бап президенттин бийлик-укуктарына арналган. Президент мамлекет башчысы, 5 жылдык мөөнөткө шайланат. Бир эле адам катары менен эки мөөнөттөн ашык шайлана албайт. Буга чейинкидей президент эми өкмөт башчысы эмес, эми ал өкмөттүн түзүмүн да, премьер-министр менен министрлерди да, башкы прокурорду, улуттук банктын башкармасынын төрагасын, чет өлкөлөрдөгү кыргыз элчилерин Жогорку Кеңештин макулдугунан кийин гана дайындай турган болгон. Ошентип, президенттин буга чейинки эбегейсиз көп бийлик-укуктарын кайрадан бөлүштүрүүнүн эсебинен бийликтин үч бутагынын ортосунда тең салмактуулук сакталган. Бул дагы Кыргызстандагы демократиянын чоң жеңиши болгон.

Жогорку Кеңештин жана анын туруктуу комиссияларынын ишмердигин ирээтке келтирүүгө төртүнчү баптын беренелери арналган. Буга ылайык Жогорку Кеңеш бир мандаттуу округдардан, 5 жылдык мөөнөткө шайланып келген, туруктуу негизде иштей турган 105 депутаттан турат деп белгиленген. Жогоруда учкай айтылгандай, буга чейинкиге салыштырганда парламенттин бийлик-укуктары бир кыйла кеңейтилген. Мамлекеттик бийликти бөлүштүрүүнүн "күчтүү парламент - күчтүү президент" формуласы ишке ашкан.

Бешинчи баптын беренелери аткаруу бийлигинин демократиялык коомду куруудагы ордун, ролун жана милдеттерин аныктоого арналган. Өкмөт – мамлекеттик аткаруу бийлигинин жогорку органы. Конституцияга ылайык өкмөт башчысы, буга чейинкидей президент эмес, премьер-министр деп ачык жана так аныкталган. Премьер- министрдин бийлик-укуктары кеңейтилип, эми ал жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын ишмердигин да аныктай турган болгон.


Сот бийлигине алтынчы баптын беренелери арналган. Кыргыз Республикасында сот адилеттигин соттор гана ишке ашырат. Конституциялык сот Кыргыз Республикасынын Конституциясын коргоо боюнча сот бийлигинин жогорку органы. Жарандык, кылмыш жана административдик

сот өндүрүш чөйрөлөрүндөгү сот бийлигинин жогорку органы болуп Жогорку сот эсептелет. Экономикалык чөйродогу талаш-тартыш иштерин Арбитраждык сот тескейт деп көрсөтүлгөн.

Жетинчи бап жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ордун жана милдеттерин так аныктаган. Постсоветтик мейкиндикте биринчилерден болуп ушул Конституцияда Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик башкаруу бийлиги жергиликтүү өз алдынча башкаруудан бөлүнүү принциптерине негизделген деп берилген. Тийиштүү территориялык-административдик бирдиктин жашоочулары тарабынан шайланган жергиликтүү кеңештердин бийлик-укуктары кеңейтилген. Ушул Конституциянын жергиликтүү өз алдынча башкарууну уюштуруу принциптерине негизделип жүргүзүлгөн реформа кийинки мезгилдердеги өлкө башынан кечирген оор экономикалык кырдаалдардан чыгууга толук жөндөмдүү болгон укуктук негиздерди түзүп, бай тажрыйбаларды берген.

Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөр жана толуктоолор президенттин, же Жогорку Кеңештин депутаттарынын үчтөн биринен кем эмес бөлүгүнүн, же республиканын 300 миңден кем эмес жарандарынын сунушу менен Жогорку Кеңеш тарабынан кабыл алынуу эрежелерин аныктоого акыркы, сегизинчи баптын беренелери арналган.

1990-жылдардагы демократиянын күчтүү толкунунда көптөгөн варианттары иштелип чыгып, 1993-жылы 5-майда Жогорку Советтин депутаттары тарабынан кабыл алынган эгемендүү Кыргызстандын алгачкы тарыхий Конституциясы толук кандуу иштебей, бир жылдан кийин, 1994-жылы 22-октябрда алгачкы жолу, андан кийинки жыйырма алты жылдын ичинде дагы сегиз жолу өзгөртүлгөн. Бул өзгөртүүлөр авторитардык режимдин укуктук негиздерин бекемдөө процессиндеги маанилүү баскычтар катары тарыхта калган.



Кыргызстандын эгемендигинин дүйнө мамлекеттери тарабынан таанылышы

Кыргыз Республикасы 1991-жылдын 21-декабрда СССРдин жоюлушунан улам эл аралык мамилелердин өз алдынча субъектиси болуп калган. 1991-жылдын декабрынын аягында Кыргызстандын көз каранды эместигин таануунун чакырыкты алгач төрт мамлекет: 1991-жылдын 24-декабрда Түркия Республикасы, 1991-жылдын 26-декабрда Австралия, 1991-жылдын 27-декабрда Америка Кошмо Штаттары, 1991-жылдын 27-декабрда Кытай Эл Республикасы кабыл алса, ал эми 1992-жылдын Кыргыз Республикасы менен 59 мамлекет дипломатиялык мамилелерин түзгөн.

Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттер менен дипломатиялык мамилелеринин түзүлүшүн төмөнкү жадыбалдан көрсөк болот:.

№№	Мамлекеттин аталышы	Дипломатиялык мамиленин түзүлүшү
1.	Түрк Республикасы	1991-жылдын 23-декабры
2.	Австралия	1991-жылдын 26-декабры
3.	Америка Кошмо Штаттары	1991-жылдын 27-декабры
4.	Албания Республикасы	1992-жылдын 4-январы
5.	Кытай Элдик Республикасы	1991-жылдын 27-декабрында таанып 1992-жылдын 5-январы дипл. мамиле орноткон
6.	Египет Араб Республикасы	1992-жылдын 9-январы
7.	Корей Элдик Демократиялык Республикасы	1992-жылдын 21-январы
8.	Япония	1992-жылдын 26-январы
9.	Түштүк-Африка Республикасы	1992-жылдын 26-январы
10.	Улуу Британия жана Түндүк Ирландия бириккен падышачылыгы	1992-жылдын 27-январы
11.	Корея Республикасы	1992-жылдын 31-январы
12.	Германия Федеративдик Республикасы	1992-жылдын 3-февралы

13.	Польша Республикасы	1992-жылдын 10-февралы
14.	Швейцар Конфедерациясы	1992-жылдын 14-февралы
15.	Канада	1992-жылдын 17-февралы
16.	Кипр Республикасы	1992-жылдын 20-февралы
17.	Француз Республикасы	1992-жылдын 28-февралы
18.	Бангладеш Элдик Республикасы	1992-жылдын 3-марты
19.	Израиль мамлекети	1992-жылдын 4-марты
20.	Индия Республикасы	1992-жылдын 18-марты
21.	Россия Федерациясы	1992-жылдын 20-марты
22.	Куба Республикасы	1992-жылдын 20-марты
23.	Фин Республикасы	1992-жылдын 23-марты
24.	Италия Республикасы	1992-жылдын 24-марты
25.	Швеция падышачылыгы	1992-жылдын 25-марты
26.	Австрия Республикасы	1992-жылдын 25-марты
27.	Бельгия падышачылыгы	1992-жылдын 25-марты
28.	Малайзия	1992-жылдын 26-марты
29.	Мадагаскар	1992-жылдын 26-марты
30.	Мексика Кошмо Штаттары	1992-жылдын 27-марты
31.	Испания падышачылыгы	1992-жылдын 3-апрели
32.	Азербайжан	1992-жылдын 6-апрели
33.	Венгер Республикасы	1992-жылдын 16-апрели
34.	Монголия	1992-жылдын 22-апрели
35.	Македония Республикасы	1992-жылдын 22-апрели
36.	Филиппиндер Республикасы	1992-жылдын 24-апрели
37.	Дания падышачылыгы	1992-жылдын 8-майы
38.	Иран Ислам Республикасы	1992-жылдын 10-майы
39.	Пакистан Ислам Республикасы	1992-жылдын 10-майы
40.	Оман султандыгы	1992-жылдын 18-майы
41.	Люксембург Улуу Княздыгы	1992-жылдын 26-майы
42.	Вьетнам Социалисттик Республикасы	1992-жылдын 4-июну
43.	Нидерланды падышачылыгы	1992-жылдын 10-июну
44.	Греция	1992-жылдын 12-июну
45.	Румыния	1992-жылдын 15-июну
46.	Литва Республикасы	1992-жылдын 23-июлу
47.	Марокко падышачылыгы	1992-жылдын 26-июну
48.	Гана Республикасы	1992-жылдын 26-июну
49.	Норвегия падышачылыгы	1992-жылдын 26-июну
50.	Намибия Республикасы	1992-жылдын 26-июну
51.	Грузия	1992-жылдын 10-июлу
52.	Таиланд падышачылыгы	1992-жылдын 6-августу
53.	Португалия Республикасы	1992-жылдын 18-августу
54.	Ватикан	1992-жылдын 27-августу
55.	Сингапур Республикасы	1992-жылдын 27-августу
56.	Жаңы Зеландия	1992-жылдын 7-сентябры
57.	Украина	1992-жылдын 18-сентябры
58.	Аргентина Республикасы	1992-жылдын 6-октябры
59.	Афганистан Ислам Республикасы	1992-жылдын 6-октябры
60.	Түркмөнстан	1992-жылдын 9-октябры
61.	Казакстан Республикасы	1992-жылдын 15-октябры
62.	Сауд Аравия падышачылыгы	1992-жылдын 19-октябры
63.	Молдова Республикасы	1992-жылдын 30-октябры
64.	Мали Республикасы	1992-жылдын 5-ноябры
65.	Тунис Республикасы	1992-жылдын 25-ноябры
66.	Словак Республикасы	1993-жылдын 1-январы
67.	Чех Республикасы	1993-жылдын 1-январы
68.	Армения Республикасы	1993-жылдын 9-январы
69.	Тажикстан Республикасы	1993-жылдын 14-январы
70.	Беларусь Республикасы	1993-жылдын 21-январы

71.	Иордан Хашимит падышачылыгы	1993-жылдын 10-февралы
72.	Гватемала Республикасы	1993-жылдын 10-февралы
73.	Өзбекстан Республикасы	1993-жылдын 16-февралы
74.	Мальта Республикасы	1993-жылдын 19-февралы
75.	Ливия Араб Джамахириясы	1993-жылдын 25-февралы
76.	Латвия Республикасы	1993-жылдын 18-марты
77.	Непал падышачылыгы	1993-жылдын 26-марты
78.	Индонезия Республикасы	1993-жылдын 5-апрели
79.	Босния жана Герцеговина	1993-жылдын 23-апрели
80.	Сирия Араб Республикасы	1993-жылдын 28-майы
81.	Бразилия Федеративдик Республикасы	1993-жылдын 6-августу
82.	Уругвай Республикасы	1993-жылдын 13-августу
83.	Мальдив Республикасы	1993-жылдын 31-августу
84.	Замбия Республикасы	1993-жылдын 17-сентябры
85.	Колумбия Республикасы	1993-жылдын 6-октябры
86.	Словения Республикасы	1994-жылдын 19-январы
87.	Кувейт мамлекети	1994-жылдын 14-декабры
88.	Батыш Самоа	1995-жылдын 14-февралы
89.	Камбоджа падышачылыгы	1995-жылдын 20-марты
90.	Лаос Элдик Демократиялык Республикасы	1995-жылдын 13-июну
91.	Палестина мамлекети	1995-жылдын 12-сентябры
92.	Бахрейн	1996-жылдын 9-февралы
93.	Бруней-Даруссалам	1996-жылдын 15-марты
94.	Эстон Республикасы	1996-жылдын 12-апрели
95.	Бириккен Араб Эмираттары	1996-жылдын 1-августу
96.	Шри Ланка Республикасы	1996-жылдын 19-августу
97.	Алжир	1996-жылдын 21-декабры

98.	Хорватия Республикасы	1996-жылдын 23-декабры
99.	Йемен Республикасы	1997-жылдын 30-майы
100.	Катар мамлекети	1998-жылдын 3-марты
101.	Югославия Союздук Республикасы	1998-жылдын 25-июну
102.	Перу	1999-жылдын 2-июну
103.	Чили	1999-жылдын 9-августу
104.	Лихтенштейн княздыгы	1999-жылдын 16-сентябры
105.	Ямайка	2000-жылдын 25-февралы
106.	Ирландия	2000-жылдын 23-июну
107.	Гамбия Республикасы	2000-жылдын 30-июну
108.	Кения Республикасы	2000-жылдын 12-декабры
109.	Исландия Республикасы	2001-жылдын 2-апрели
110.	Коста-Рика	2001-жылдын 24-сентябры
111.	Мьянма союзу	2001-жылдын 9-ноябры
112.	Сан-Марино	2004-жылдын 12-августу
113.	Бенин Республикасы	2009-жылдын 29-январы
114.	Болгария Республикасы	2009-жылдын 29-январы
115.	Черногория	2009-жылдын 24-июну
116.	Сенегал Республикасы	2010-жылдын 2-апрели
117.	Доминикан Республикасы	2011-жылдын 30-июну
118.	Тувалу	2011-жылдын 14-сентябры
119.	Парагвай Республикасы	2012-жылдын 23-майы
120.	Фиджи Республикасы	2014-жылдын 14-февралы
121.	Эритрея мамлекети	2014-жылдын 27 -февралы
122.	Сейшель аралдары Республикасы	2014-жылдын 5-марты
123.	Уганда Республикасы	2014-жылдын 19-марты
124.	Андорра княздыгы	2014-жылдын 25-сентябры
125.	Соломон аралдары	2014-жылдын 22-декабры
126.	Жибути Республикасы	2015-жылдын 3-июну

127.	Гвинея Республикасы	2015-жылдын 8-сентябры
128.	Кот-д'Ивуар Республикасы	2015-жылдын 26-сентябры
129.	Судан Республикасы	2015-жылдын 26-сентябры
130.	Тоголез Республикасы	2015-жылдын 30-сентябры
131.	Мавритания Ислам Республикасы	2015-жылдын 30-сентябры
132.	Ирак Республикасы	2015-жылдын 5-ноябры

БУУ жана башка эл аралык уюмдарга Кыргызстандын мүчө катары кабыл алынышы

Кыргызстан жана БУУ (Бириккен улуттар уюму). Кыргыз Республикасы – эгемендүүлүккө ээ болгондон кийинки алгачкы кадамдардын бири 1992-жылдын 2-мартында Бириккен Улуттар Уюмуна мүчөлүккө кирүүсү. Кыргызстандын делегациясынын БУУнун Генералдык Ассамблеясынын сессияларына дайыма катышууга мүмкүндүк түзгөн. Кыргызстандан БУУнун өнүктүрүү программасы (ПРООН), Балдар фонду (ЮНИСЕФ), БУУнун калктын саны жагындагы маселелери боюнча уюм (ЮИФФРА) (ЮНФПА), Билим, илим жана маданият маселелери боюнча уюм (ЮНЕСКО), азык-түлүк жана айыл чарба уюму (ФАО), качкындар иштери боюнча жогорку комиссардын башкармалыгы (ЖЖКБ) (УВКБ), Дүйнөлүк саламаттык сактоо уюму (ВОЗ), Эл аралык эмгек уюму (МОТ) ж. б. адистешкен мекемелеринин ишине катышып, өлкөнүн эл аралык ордун камсыз кылууда.

Кыргыз Республикасы менен БУУнун өз ара мамилесинин негизги тышкы саясий багыттары: тоолуу аймактарды туруктуу өнүктүрүү резолюциясы, социалдык-экономикалык маселелер, терроризм жана наркотрафик менен күрөшүү, ядролук куралды жайылтпоо, куралсыздануу, адам укугун коргоо жана колдоо, жаштарды иш менен камсыз кылуу, гендердик теңчилик, миграция, качкындар, ВИЧ/СПИДге каршы күрөшүү, социалдык теңчилик, тамак-аш коопсуздугу, климаттын өзгөрүшү жана түбөлүк муздардын эриши, суу-энергетикалык проблемаларды, Афганстан маселеси, тынчтыкты сактоо, конфликттерди алдын алуу, улуттук жана эл аралык укукту сактоо, граждандык коомдор жана өкмөттүк эмес уюмдар менен кызматташуу ж. б. маселелер топтому.

Кыргыз Республикасынын БУУнун Генералдык Ассамблеясы аркылуу эл аралык коомчулук колдоого алган өзгөчө маанилүү окуялар:

«Кыргыз элинин Манас эпосунун 1000 жылдыгын майрамдоо» (1995-ж), «2002-жыл эл аралык тоолор жылы» деп жарыяланышы (53-сессия), «Тоолуу аймактарда туруктуу өнүгүү», (58 сессия), «Тоолуу жарды өлкөлөргө социалдык-экономикалык, экологиялык жактан жардам берүү» (59-сессия), «Туруктуу тоолуу өнүгүү» (60–64–66-сессиялар), о. эле «Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгын майрамдоо» (57-сессия), «Социалдык акыйкаттуулуктун бүткүл дүйнөлүк күнү» (62-сессия), Борбордук Азиянын ядролук аймактан көз карандысыздыгы жөнүндө ж. б. бир катар резолюциялардын кабыл алынышы.

Бириккен Улуттар Уюмунун генералдык секретары Кофи Аннандын жана Пан Ги Мундун Кыргыз Республикасынан 2002–10-жылдары сапарлары, о.эле БУУнун Генералдык Ассамблеясынын сессиясында мамлекет башчылардын, тышкы иштер министрлердин чыгып сүйлөшүү, президент А. Атамбаевдин 2012-жылдын 27-июнда Бишкектеги БУУнун штабындагы эки тараптуу кызматташтык боюнча сүйлөшүүлөрү, экспрезидент Р. Отунбаеванын БУУ, ПРООН ж. б. эл аралык уюдар менен көп тараптуу ишмердиги, өлкөдөгү саламаттыкты сактоо, билим берүү, рухий маданиятты көтөрүү багыттарында маанилүү ролду ойногон.

Кыргызстанда ачылган Бириккен Улуттар Уюмунун адистешкен агенттиктери: БУУнун өнүктүрүү Программасы (ПРООН), БУУнун Балдар Фонду (ЮНИСЕФ), БУУнун Аялдар Фонду (ЮНИФЕМ), БУУнун адам укугун коргоо боюнча Жогорку комиссарынын Борбордук Азия боюнча аймактык өкүлү (УВКПЧ ООН), Бүткүл Дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюму (ВОЗ), Миграция боюнча эл аралык уюм ж. б.

1992-жылдын 17-сентябрда кол коюлган «Стандарттуу базалык келишимге» ылайык 1993-жылдын мартта Бишкекте ПРООНдун өкүлчүлүгү ачылган.

Андагы ишке ашырылган долбоорлор: социалдык өнүгүү, билим берүү, маданият, илим, коммуникация, ден-соолукту жана айлана чөйрөнү коргоо, соода, гидроэнергетика, коопсуздук, наркозаттарды таркатуучуларга каршы күрөшүү ж.б.

Кыргыз Республикасы БУУнун тынчтыкты колдоо жана орнотуу башкармалыгы менен да активдүү кызматташууда. БУУнун тынчтык курулушу фонду 2010 жана 2011-жылдын жалпысынан 10 млн АКШ долларын бөлүп, ал өлкөнүн түштүгүндөгү коогалаң окуялардан кийинки тынчтыкты орнотууга жумшалган.

Кыргызстан жана Шанхай Кызматташтык ұюму (ШКУ). 1996-жылдын Кытай, Казакстан, Кыргызстан, Орусия, Тажикстан өлкөлөрүнүн

демилгеси менен Кытай мамлекетинин Шанхай шаарында «Шанхай бешилтиги» түзүлгөн. «Шанхай бешилтигинин» жылына бир жолу өткөрүүчү саммити 1997-жылдын Москвада, 1998-жылдын Алма-Атада, 1999-жылдын Бишкекте, 2000-жылдын Дүйшөнбүдө өткөн. Кийинчерээк 2001-жылдын 15-июнунда Шанхайда өткөн «Шанхай бешилтигинин» кезектеги саммитинде ага Өзбекстан кошулуп, Шанхай кызматташтык уюму (ШКУ) негизделген. ШКУ Кытай менен Кыргызстандын ортосундагы айрым чек арага байланыштуу маселелерди өз ара сүйлөшүүлөр аркылуу чечүү, ошол эле учурда региондо пайда болгон коопсуздук коркунучтарына – эл аралык терроризмге, саясий экстремизмге жана улутчул сепаратизмге (Кытай лексикасында «үч балакетке») каршы биргелешип аракеттенүү максатында ачылган. Уюмдун өз жобосу жана бюджети бар. ШКУ 2001-жылдын 15-июнда кабыл алган алгачкы документтердин бири «Терроризм, сепаратизм жана экстремизм менен күрөшүү боюнча Шанхай конвециясы» болгон.

ШКУга мүчө болгон алты мамлекеттен тышкары дагы беш мамлекет: Монголия 2004-жылдан, Пакистан, Индия жана Иран 2005-жылдан, Афганстан 2012-жылдан байкоочу катары катышат. ШКУга мүчө өлкөлөрдүн жалпы аянты 30 млн 189 миң кв. км, бул Евразиянын аянтынын 3/5 түзөт, калкы – 1,5 млрд адам, бул жер шарынын калкынын 1/4 барабар.

ШКУнун негизги максаттары: мүчө өлкөлөрдүн ортосундагы өз ара ишенимди жана ынак коңшулукту бекемдөө; алардын саясий, соода-экономикалык, илимий-техникалык жана маданий жактан, о. эле билим берүү, энергетика, транспорт, туризм, айлана-чөйрөнү коргоо ж. б. боюнча кызматташуусуна колдоо көрсөтүү; региондогу тынчтыкты, коопсуздукту жана туруктуулукту бирге камсыз кылуу; демократияга, адилеттике жаңы саясий жана экономикалык түзүлүшкө карай багыт алуу.

ШКУнун негизги максаты – саясий, соода-экономикалык, маданий-билим берүү боюнча кызматташтыкты колдоо жана аталган мамлекеттер жайгашкан аймакта тынчтыкты, коопсуздукту, туруктуулукту камсыз кылуу.

ШКУнун жогорку органы – мамлекет башчыларынын кеңеши (МБК). Ал жылына бир жолу чогулуп, уюмдун маанилүү маселелери боюнча чечимдерди жана көрсөтмөлөрдү кабыл алат; көп тараптуу кызматташтыктын стратегиясынын негизги багыттарын талкуулайт; экономикалык ж.б. кызматташтыктын маанилүү маселелерин чечет. Мындан тышкары парламент жетекчилеринин, коопсуздук кеңешинин

секретарларынын, тышкы иштер, коргоо, өзгөчө кырдаалдар, экономика, транспорт, маданият, билим берүү, саламаттык сактоо министрликтеринин, укук коргоо органдарынын жетекчилеринин, жогорку жана арбитраждык соттун ж. б. деңгээлиндеги жолугушуулар өткөрүлөт.

2004-жылдын башынан Уюмда туруктуу иштеген эки орган: Бейжиндеги ШКУнун Секретариаты, Ташкенттеги ШКУнун Аймактык террорго каршы структурасынын аткаруу комитети. Аталган структурада квотага ылайык Кыргыз Республикасынын үчтөн өкүлү иш алып барат.

Кезектешүүгө ылайык 2010-жылдын 1-январынан 2012-жылдын 31-декабрына чейин кыргыз тараптын өкүлү М. С. Иманалиев ШКУнун башкы катчысы болуп иштеген.

2012-жылдын 2-жарымынан ШКУга төрагалык кылуу милдети бир жылдык мөөнөт менен Кыргыз Республикасына өткөн. Төрагалыктын чегинде кыргыз тарап өлкөнүн аймагында мамлекет башчылардын Кеңеши (2013-жылдын 12–13-сентябры) жана өкмөт башчылардын Кеңеши (2012-жылдын 5-декабрь), тышкы иштер министрликтеринин Кеңеши (2013-жылдын 13-июль) ж. б. иш чараларын еткөргөн.

ШКУга мүчө-мамлекет башчыларынын жолугушуулары:

№	Жолугушуулардын датасы	Жолугушуулар өткөн шаарлар
1	1996-жыл, 26-27 апрель	Шанхай, Кытай
2	1997-жыл, 24-25 апрель	Москва, Орусия
3	1998-жыл, 3-4 июль	Алмата. Казакстан
4	1999-жыл, 25-26 август	Бишкек, Кыргызстан
5	2000-жыл, 4-5 июль	Дүйшөнбү, Тажикстан
6	2001-жыл, 14-15-июнь	Шанхай, Кытай
7	2002-жыл, 7-июнь	Санкт-Петербург, Орусия
8	2003-жыл,28-29-май	Москва, Орусия
9	2004-жыл, 17-июнь	Ташкент, Өзбекстан
10	2005-жыл, 5-июль	Астана, Казакстан
11	2006-жыл, 14-15-июнь	Шанхай, Кытай
12	2007-жыл, 16-август	Бишкек, Кыргызстан
13	2008-жыл, 28-август	Дүйшөнбү, Тажикстан

14	2009-жыл, 15-16-июнь	Екатеринбург, Орусия
15	2010-жыл, 10-11-июнь	Ташкент, Өзбекстан
16	2011-жыл, 14-15-июнь	Астана, Казакстан
17	2012-жыл, 6-7-июнь	Пекин, Кытай
18	2013-жыл, 12-13-сентябрь	Бишкек, Кыргызстан
19	2014-жыл, 11-12 сентябрь	Дүйшөнбү, Тажикстан
20	2015-жыл, 9-10 июль	Уфа, Орусия
21	2016-жыл, 8-10-июнь	Ташкент, Өзбекстан

Бир нече ирет жарыя кылынгандай ШКУ менен кызматташууда кыргыз тарап үчүн негизги артыкчылыктуу багыт экономика болуп эсептелет. Бул багыттагы координациялоочу орган – тышкы экономика жана тышкы соода министрлер Кеңешмеси. Мындан тышкары транспорт, айыл чарба министрлери, о. эле бажы жана салык кызматынын жетекчилери иштейт.

ШКУга мүчө-өлкөлөрдүн көп тараптуу соода-экономикалык кызматташтыгынын программаларын ишке ашыруунун максатында 2008-жылдын 30-октябрда Астанада өткөн Өкмөт башчыларынын Кеңешинде ШКУнун ишкер кеңеши жана банктар аралык бирикмеси түзүлгөн.

Азыр уюмга мүчө-өлкөлөрдүн эксперттик жумушчу топтору ШКУнун атайын эсебин жана ШКУнун Өнүгүү банкын түзүп, биргелешкен долбоорлорду ишке ашыруу ж. б. боюнча активдүү иштерди жүргүзүүдө.

2004-жылдын 17-июнда ШКУнун мүчө-өлкөлөрүнүн ортосунда кабыл алынган бацгизаттарынын мыйзамсыз айланышына каршы күрөшүү боюнча келишим түзүлүп, кызматташуунун чегинде наркокаражаттарына каршы кызматташуунун механизми иштелип чыккан (эксперттик жумушчу топ, ж. б.).

КЭР өкмөтү о. эле ШКУга мүчө-мамлекеттердин жарандары үчүн стипендиялар программасын да финансылайт.

2010-11-окуу жылынан тартып ШКУ ишке киргизген пилоттук долбоордун чегинде Кыргыз Республикасы Бишкектин ЖОЖдорго бюджеттик негизде магистрдик 20 орун бөлгөн. Бөлүнгөн квоталардын негизинде жана контрактык негизде 12 кыргыз студенти Россиянын ЖОЖунда билим алууда.

Кыргызстандын демилгеси менен 2011-жылдын сентябрда Ысык-Көл жээгинде ШКУнун Жаштар форуму өткөн. 2013-жылдын

13-сентябрда Бишкекте Шанхай кызматташтык уюмуна мүчө мамлекет башчыларынын кеңешинин 13-саммити болуп, ага Казакстандын Президенти Н. Назарбаев, КЭР төрагасы Си Цзиньпин, Кыргызстандын Президенти А. Атамбаев, Орусиянын Президенти В. Путин, Тажикстандын Президенти Э. Рахмон жана Өзбекстандын Президенти И. Каримов катышкан.

Жыйынга ШКУнун генералдык-секретары Д. Мезенцев жана ШКУнун Аймактык коррупцияга терроризмге каршы структурасынын аткаруу комитетинин директору Чжан Синьфэн катышкан.

Анда ШКУга мүчө-мамлекеттердин Бишкек декларациясы кабыл алынып, анда терроризмге, сепаратизмге жана экстремизмге (каршы күрөшүү жөнүндө Шанхай конвенциясынын жоболорун, о. эле, 2011–16-жылдын ШКУга мүчө-мамлекеттердин бангизатка каршы күрөшүү стратегиясын жана аны ишке ашыруу Программасын иштеп чыккан.

Кыргызстан жана Европадагы коопсуздук жана кызматташтык уюму (ЕККУ). Кыргыз Республикасы 1992-жылдын 30-январда ЕККУнун курамына, 1994-жылдын 3-июнда Европа коопсуздугунун Париж Хартиясына кирген.

1993-жылдын мартта Кыргыз Республикасынын ЕККУ алдындагы туруктуу өкүлчүлүгү жана бир эле убакта Венада элчилиги ачылган. 1998-жылдын 23-июлда ЕККУнун туруктуу кеңеши ЕККУнун Бишкектеги борборун ачуу чечимин кабыл алып, борбор 1999-жылдан иштей баштаган.

Кыргыз Республикасынын делегациясы ЕККУнун Хельсинки (1992-жылдын), Будапешт (1994-жылдын), Лиссабон (1996-жылдын) жана Стамбул (1999-жылдын) саммиттеринин иштерине катышкан. ЕККУнун ар жыл сайын өткөрүүчү министрлер кеңешинин жыйынына Кыргыз Республикасынын тышкы иштер министри, ал эми ЕККУнун парламенттик ассамблеясынын иштерине Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттары катышат.

2003-жылдын август айында Бишкекте Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен ЕККУнун ортосунда «Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарына жардам берүү боюнча ЕККУнун Программасы жөнүндөгү» меморандумга кол коюлган. Бул программа укук коргоо органдарынын иш сапатын жогорулатып, эл аралык-укуктук нормаларга жана стандарттарга дал келтирүүгө, о. эле алардын техникалык жабдылышын жакшыртууга багытталган.

Республикадагы этностор аралык ынтымакты сактоо максатында ЕККУнун улуттук азчылыктардын иштери боюнча башкы комиссары

менен кызматташтык жүргүзөө. 2010-жылдын июндагы өлкөнүн түштүгүндөгү чатактуу окуялардан кийинки абалды жөнгө салуу максатында төрт багытта, кемөк көрсөтүлгөн: 1. Кыргызстан элинин ассамблеясынын ишмердигин колдоо; 2. «Билим берүү аркылуу бириктирүү» (орто мектептерде жаңыча окуу-тарбия формаларын, ыкмаларын, технологияларын кийирүү аркылуу билим берүү тармагын реформалоо) долбоорун ишке ашыруу; 3. Ош шаарындагы атайын орто мектептин курсанттары менен милиция кызматкерлери үчүн этностор аралык мамилелерди жөнгө салуу боюнча иш алып барган тренингдик борбордун иштерин колдоо; 4. Кыргызстанда улуттар аралык мамилелерди жөнгө салуу концепциясынын долбоорун иштеп чыгууга колдоо көрсөтүү.

2000-жылдын Кыргызстандын демилгеси менен Бишкектеги ЕККУ Академиясы ачылган. Борбордук Азия өлкөлөрүнүн ар биринен бештен киши кабыл алып, саясат таануу адистиги боюнча бир жылдык мөөнөттө илимдин магистрлерин даярдайт. Сабакты Борбордук Азия, КМШ, Европа ж. б. өлкөлөрдөн чакырылган окумуштуулар өткөрөт. Магистранттар үч жүз евродон (300) стипендия алат, квартирада тургандарга пособие төлөнөт. 2012-жылдын 16-январда «Экономикалык башкаруу жана өнүгүү» адистиги боюнча дагы бир магистрлик программа ачылган. Бүтүрүүчүлөргө Кыргыз Республикасынын мамлекеттик үлгүдөгү дипломдору берилет жана ал дипломдор ЕККУ алкагында кадыр-баркка ээ.

Жаңы Конституцияга ылайык Кыргызстандын тышкы саясатынын негизги багыттарын өлкөнүн президенти (премьер-министрдин макулдугу боюнча) аныктайт.

Президент мамлекет башчысы катары эл аралык сүйлөшүүлөрдү жүргүзөт жана премьер-министрдин макулдугу боюнча эл аралык келишимдерге кол коюп, Кыргыз Республикасынын чет мамлекеттердеги дипломатиялык өкүлчүлүктүн башчыларын жана эл аралык уюмдарга туруктуу өкүлдөрдү дайындайт жана аларды кайра чакырып алат.

Эгемендүү Кыргызстандын эң маанилүү документтеринин бири – Кыргыз Республикасынын Конституциясы. Ал 1993-жылдын 5-майында кабыл алынган № 1186-XII "Кыргыз Республикасынын Конституциясын колдонууга киргизүү тууралу" мыйзамга ылайык күчкө кирген.[2]

1993-жылы 5-майда кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Конституциясы – бул Кыргыз ССРинин он экинчи чакырылышындагы Жогорку Советинин үзүрлүү, тарыхий ишмердигинин туу чокусу деп

[2] "Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики" 1993 год № 7, ст.177

атасак калыстык болот. 1993-жылкы Конституциянын формасы, мазмуну менен руху аны кабыл алган Жогорку Кеңештин курамынын түзүлүшүнө, иштөө принциптерине жана бул легендарлуу парламентте басымдуулук кылган рухкка, маанайга дал келген.

«Кыргыз Республикасынын биринчи Президенти А.А.Акаевге, анын үйбүлө мүчөлөрүнө, жакын туугандарына жана жакын чөйрөсүнө таандык мүлктөр менен байланышкан маселелер жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Президентинин милдетин аткаруучунун 2005-жылдын 18-апрелиндеги № 108 жарлыгы (2005.25.05. өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен)

Кыргыз Республикасынын биринчи Президенти А.А.Акаевдин, анын үйбүлө мүчөлөрүнүн жана жакын туугандарынын айрымдарынын жоктугун эске алуу менен аларга таандык мүлктөрдүн сакталышын камсыз кылуу максатында, ошондой эле аларды сатып алуу боюнча өлкөнүн калкында пайда болгон маселелерди Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте чечүү үчүн токтом кылам:

1. Кыргыз Республикасынын биринчи Президенти А.А.Акаевге, анын үйбүлө мүчөлөрүнө жана жакын туугандарына таандык кыймылдуу жана кыймылсыз мүлктөрдү аныктоо жана алардын сакталышын камсыз кылуу боюнча мамлекеттик комиссия (мындан ары - Мамлекеттик комиссия) № 1 тиркемеге ылайык курамда түзүлсүн.

2. Кыргыз Республикасынын биринчи Президенти А.А.Акаевге, анын үйбүлө мүчөлөрүнө жана жакын туугандарына таандык Кыргыз Республикасындагы жана андан тышкары жерлердеги текшерүүгө жаткан кыймылдуу жана кыймылсыз мүлктөрдүн болжолдуу тизмеси (мындан ары - Тизме) № 2 тиркемеге ылайык бекитилсин.

КР Президентинин милдетин аткаруучунун 2005.25.05 № 199 жарлыгына *ылайык 3-пунктуна өзгөртүүлөр киргизилген*

3. Мамлекеттик комиссия эки айлык мөөнөттө аткарылган иштер жөнүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө билдирсин.

4. Мамлекеттик комиссияга алдыга коюлган милдеттерди чечүү үчүн коомдук башталышта көзкарандысыз эксперттерди жана адистерди белгиленген тартипте тартууга уруксат кылынсын.

5. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү белгиленген тартипте:

- өзгөчө буйрук болмоюнча жазык өндүрүшүндө турган иштерге тиешеси бар мүлктөрдөн тышкары Тизмеде көрсөтүлгөн мүлктөрдүн сакталышын камсыз кылсын;

- өзгөчө буйрук болмоюнча Тизмеде көрсөтүлгөн субъекттердин баалуу кагаздары менен бүтүмдөрдү жүргүзүүнү токтотуп турсун;

- Мамлекеттик комиссия ишин аяктаганга чейин Тизмеде көрсөтүлгөн юридикалык жактарды, ошондой эле алардын катышуусу менен түзүлгөн

юридикалык жактарды каттоону жана кайра катпоону убактылуу токтото турсун;

- Мамлекеттик комиссия тийиштүү чечим кабыл алганга чейин Тизмеде көрсөтүлгөн мүлк менен бүтүм жасоо менен байланышкан укук белгилөөчү документтерди (анын ичинде кыймылсыз мүлктү күрөөго коюу, кайра тариздөө, арендага берүү жана менчик укуктарынын өтүп кетишине алып келе турган бүтүмдүн башка түрлөрү жөнүндө маалымкаттарды жана документтерди) берүүнү убактылуу токтото турсун;

Мамлекет катышкан Тизмеде көрсөтүлгөн юридикалык жактардын жетекчи органдарында кадрдык алмашууларга убактылуу тыюу салсын.

6. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жана коммерциялык банктар акча каражаттарын Кыргыз Республикасынан сыртқары которууга, ошондой эле Тизмеде көрсөтүлгөн чарба жүргүзүүчү субъекттердин, ошондой эле А.А.Акаевге жана анын үйбүлө мүчөлөрүнө тууганчылык байланышта турган жеке жактардын бардык эсеп-кысаптары боюнча башка акча операцияларына чектөө койсун.

7. Бул Жарлыктын аткарылышына контролдук кылуу милдети Кыргыз Республикасынын вице-премьер-министринин милдеттерин аткаруучу Д.Т.Усөновго жүктөлсүн.

8. Бул Жарлык кол коюлган күндөн баштап күчүнө кирет.

«Кыргыз Республикасынын биринчи Президенти А.А.Акаевге, анын үйбүлө мүчөлөрүнө, жакын туугандарына жана жакын чөйрөсүнө таандык мүлктөр менен байланышкан маселелер жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Президентинин милдетин аткаруучунун 2005-жылдын 18-апрелиндеги Жарлыгына өзгөртүү киргизүү тууралу» Кыргыз Республикасынын Президентинин милдетин аткаруучунун 2005-жылдын 25-майындагы № 199 жарлыгы

Кыргыз Республикасынын биринчи Президенти А А.Акаевге, анын үйбүлө мүчөлөрүнө жана жакын туугандарына таандык кыймылдуу жана кыймылсыз мүлктөрдү аныктоо жана алардын сакталышын камсыз кылуу боюнча мамлекеттик комиссиянын колдо болгон материалдарын ар тараптуу жана толук талдоо жана анын ишинин натыйжалары жөнүндө коомчулукка маалымдоо максатында токтом кылам:

1. «Кыргыз Республикасынын биринчи Президенти А.А.Акаевге, анын үйбүлө мүчөлөрүнө, жакын туугандарына жана жакын чөйрөсүнө таандык мүлктөр менен байланышкан маселелер жөнүндө» Кыргыз

Республикасынын Президентинин милдетин аткаруучунун 2005-жылдын 18-апрелиндеги № 108 Жарлыгына төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин.

- 3-пунктта «бир айлык мөөнөттө» деген сөздөр «эки айлык мөөнөттө» деген сөздөр менен алмаштырылсын.

2. Бул Жарлык кол коюлган күндөн тартып күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Президентинин Милдетин Аткаруучунун Жарлыгы Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы күрөштүн мамлекеттик стратегиясы жөнүндө

КР Президентинин 2009-жылдын 11-мартындагы № 155 жарлыгына ылайык күчүн жоготту

Коррупция жараткан көйгөйлөрдүн жана мамлекеттик бийлик институттарына ишенимди кетирген жана өлкөнүн экономикалык өсүшүнө тоскоолдук кылган коомдогу туруктуулук жана коопсуздук үчүн коркунучтун олуттуулугун көңүлгө алуу менен, коррупцияга каршы саясаттын натыйжалуулугун жана туруктуулугун жогорулатуу максатында токтом кылам:

1. Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы күрөштүн Мамлекеттик тиркелген стратегиясы жана Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы күрөштүн мамлекеттик стратегиясын жүзөгө ашыруу боюнча аракеттердин Планы бекитилсин.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү:

- бир айлык мөөнөттө Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы күрөштүн мамлекеттик стратегияны жүзөгө ашыруу боюнча аракеттердин Планынын жоболорун аткаруу боюнча чаралардын комплексин иштеп чыксын;

- өз чечимдерин ушул Жарлыкка ылайык келтирсин.

3. Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы күрөштүн мамлекеттик стратегиясын жүзөгө ашыруу боюнча аракеттерди координациялоо Кыргыз Республикасынын Коопсуздук кеңешинин катчылыгына жүктөлсүн.

4. Бул Жарлык кол коюлган күндөн баштап күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын
Президентинин
милдетин аткаруучу К.Бакиев
Бишкек шаары, Өкмөт Үйү
2005-жылдын 21-июну ПЖ №251

«Мерида шаарында (Мексика) 2003-жылдын 10-декабрында кол коюлган Бириккен Улуттар Уюмунун коррупцияга каршы Конвенциясын ратификациялоо тууралу» Кыргыз Республикасынын 2005-жылдын 6-августундагы № 128 Мыйзамы

2005-жылдын 29-июнунда

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган

1-статья. Мерида шаарында (Мексика) 2003-жылдын 10-декабрында кол коюлган Бириккен Улуттар Уюмунун коррупцияга каршы Конвенция ратификациялансын.

2-статья. Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги депозитарийи болгон Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы катчысына ратификациялык грамотаны депонирлесин.

Кыргыз Республикасынын 2005-жылдын 17-августундагы № 150 «Экстремисттик аракеттерге каршылык көрсөтүү жөнүндө» мыйзамы (2014.18.02. өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен)

2005-жылдын 30-июнунда

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган

Бул Мыйзам адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин, конституциялык түзүлүштүн негиздерин коргоо, Кыргыз Республикасынын бүтүндүгүн жана коопсуздугун камсыз кылуу максаттарында экстремисттик аракеттерге каршылык көрсөтүүнүн укуктук жана уюштуруу негиздерин аныктайт, аны жүзөгө ашыруунун жоопкерчилигин белгилейт.

КР 2014.18.02. № 32 Мыйзамына ылайык 1-статьясына өзгөртүүлөр киргизилген

1-статья. Негизги түшүнүктөр

Ушул Мыйзамдын максатын жүзөгө ашыруу үчүн төмөндөгү негизги түшүнүктөр колдонулат:

экстремисттик аракет (экстремизм):

1) коомдук бирикмелердин же диний уюмдардын, менчигинин түрүнө карабастан, дагы башка ишканалардын, уюмдардын жана мекемелердин, ошондой эле жалпыга маалымдоо каражаттарынын же жеке адамдардын төмөндөгүлөрдү пландаштырууга, уюштырууга, даярдоого жана ишке ашырууга багытталган аракеттери:

Кыргыз Республикасынын конституциялык түзүлүшүнүн негиздерин күчкө салып өзгөртүү жана бүтүндүгүн бузууга;

Кыргыз Республикасынын коопсуздугун бузууга;

бийликтин ыйгарым укуктарын тартып алууга же ээлеп алууга;

мыйзамсыз куралдуу түзүлүштөрүн түзүүгө;

террористтик аракеттерди жүзөгө ашырууга;

расалык, улуттук же диний араздашууларды козутууга, ошондой эле күч колдонууга же күч колдонууну үгүттөө менен байланышкан социалдык араздашууларды козутууга;

улуттук ар-намысты кемсинтүүгө;

идеологиялык, саясий, расалык, улуттук жүйөөлөр же диний жек көрүү, ошондой эле ошого тете кандайдыр бир социалдык топторго карата жек көрүү жүйөлөрү боюнча же душмандык кылып массалык тополондорду, ээнбаштык аракеттерди жасоого уурдап, талап-тоноого;

динге, социалдык, расалык, улуттук, диний же тилге тиешелүүлүгү жагынан жарандардын өзгөчөлүгүн, артыкчылыгын же кемдигин пропагандалоого;

2) нацисттик атрибутиканы же символиканы же болбосо нацисттик атрибутикага же символикага аралашуу деңгээлине чейин окшош болгон атрибутиканы же символиканы пропагандалоого жана эл алдында көрсөтүүгө;

2-1) экстремисттик уюмдардын атрибутикаларын же символикаларын пропагандалоого;

3) аталган аракеттерди жасоого элди үндөө же аталган аракеттерди жасоого;

4) аталган аракеттерди каржылоо же аны жасоого көмөк көрсөтүүгө же аталган аракеттерди жасоого, анын ичинде аталган аракеттерди жасаганга финансы каражаттарын, кыймылсыз мүлктү, окуу, полиграфиялык жана материалдык-техникалык базаны, телефон, факсимилдик жана байланыштын башка түрлөрүн берүү, маалымдоо кызматтарын көрсөтүүгө, дагы башка материалдык-техникалык каражаттарды берүүгө;

«Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору жалпы элдик талкуулоо тууралуу» Кыргыз Республикасынын Президентинин 2005-жылдын 14-ноябрындагы № 544 Жарлыгы

Конституциялык кеңешменин катышуучулары өткөрүлгөн жыйналыштардын жүрүшүндө оозеки, ошондой эле Конституциялык кеңешменин Катчылыгына каттарда жана кайрылууларда берилген бир кыйла сунуштарды жана сын-пикирлерди киргизди. Конституциялык кеңешменин төрагасынын дарегине депутаттык фракциялардан жана топтордон да сунуштар, жарандардан, уюмдардан жана ар кыл бирикмелерден көп сандаган каттар келип түштү, аларда конституциялык реформа жана аны жүзөгө ашыруунун жүрүшү жөнүндө маанилүү сунуштар камтылган.

Мында республиканын коомдук-саясий күчтөрүнүн өкүлдөрүнүн жана жарандык коомдун өкүлдөрүнүн көрсөтүлгөн жигердүүлүгү талкууланып жаткан айрым конституциялык түзөтүүлөрдүн өтө актуалдуулугу жөнүндө күбөлөп турат. Бирок келип түшкөн каттарда пикирлер менен көзкараштардын айрым төп келүүлөрү гана эмес, ошондой эле таптакыр окшошпогон өңүттөр жана бири-бирине карама-каршы келген ой жүгүртүүлөр камтылган.

Баяндалгандарды эске алып, «Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорун жалпы элдик талкуулоону жүргүзүү зарыл деп эсептейм жана Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 1, 23 жана 42-статьяларын жетекчиликке алып, токтом кылам:

1. Ушул Жарлыкка тиркелген «Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору жалпыга маалымдоо каражаттарына жарыялансын.

«Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорун жалпы элдик талкуулоо 2005-жылдын 15-декабрына чейин жүргүзүлсүн.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү:

- борбордук, жергиликтүү аткаруу бийлик органдарынын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын системасында зарыл түшүндүрүү иштерин жүргүзүү үчүн квалификациялуу адистердин

катышуусу менен Мыйзамдын долбоорунун жоболорун жашаган жери боюнча чогулуштарда жана уюмдарда жарандар талкуусун уюштурууну караган ишчаралардын планын иштеп чыксын;

- «Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорун жалпы элдик талкуулоонун жүрүшүн жалпыга маалымдоо каражаттарында кеңири чагылдырууну уюштуруу боюнча чараларды көрсүн.

3. Областтардын жана райондордун мамлекеттик администрацияларынын башчылары, жергиликтүү өзалдынча башкаруунун башчылары:

- ишенип берилген аймакта жашаган жарандар алдыдагы конституциялык реформанын милдеттерин түшүнүшүнө аларга жардам көрсөтүүнү биринчи кезектеги тартипте уюштурсун;

- жарандардан келип түшкөн каттарды, ошондой эле «Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору боюнча жарандар оозеки айткан сунуштар жана сын-пикирлер жөнүндө жыйынды маалыматты Конституциялык кеңешменин жооптуу катчысына тезарада жөнөтүп турсун.

4. Конституциялык кеңешменин жооптуу катчысы «Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору боюнча жарандардан эмгек жамааттарынан, коомдук бирикмелерден келип түшкөн сунуштарды жана кайрылууларды жалпылоону, ошондой эле тиешелүү талдоо жүргүзүүнү камсыз кылсын.

5. Бул Жарлык кол коюлган күндөн тартып күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын
Президенти К.Бакиев

Бишкек шаары, Өкмөт Үйү
2005-жылдын 14-ноябры ПЖ № 54

«Кыргызалтын» ачык акционердик коомунун, «Центерра Голд Инк.» компаниясынын, «Кумтөр Оперейтинг Компани» жана «Кумтөр Голд Компани» жабык акционердик коомдорунун ортосундагы Алтын үчүн төлөө жөнүндө макулдашууну жактыруу тууралуу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 4-январындагы № 2 токтому

«Кыргызалтын» ачык акционердик коомунун Кара-Балта шаарындагы аффинаждык заводунда куйманы андан ары иштетүү жана аффинаждалган алтынды сатуу үчүн «Кумтөр Оперейтинг Компани» жабык акционердик коомунан алтындуу Доре куймасын сатып алуунун туруктуу схемасын иштеп чыгуу аяктаганга чейин «Кыргызалтын» ачык акционердик коомунун аффинаждык заводунун туруктуу иштешин камсыздоо максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү токтом кылат:

1. «Кыргызалтын» ачык акционердик коомунун, «Центерра Голд Инк.» компаниясынын, «Кумтөр Оперейтинг Компани» жана «Кумтөр Голд Компани» жабык акционердик коомдорунун ортосундагы Алтын үчүн төлөө жөнүндө макулдашуу жактырылсын.

2. Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик комитети:

- «Кыргызалтын» ачык акционердик коомунун акционерлеринин кезексиз жалпы чогулушунда Күрөө жана 11000000 (он бир миллион) АКШ долларына барабар алдын ала төлөөнүн эки эселенген суммасына эквиваленттүү 1000000 (бир миллион) даанадан ашык эмес акцияларды күрөөгө берүү жөнүндө келишимди жактыруу жөнүндө масселелерди карасын.

«Кумтор Оперейтинг Компани» компаниясынан алтын сатып алууну каржылоону камсыз кылуу үчүн «Центерра Голд Инк.» компаниясынын акцияларынын «Кыргызалтын» ачык акционердик коомуна таандык 12 млн. АКШ доллары суммасындагы бөлүгүн сатуу жөнүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 4-апрелиндеги № 239 токтому

«Кыргызалтын» ачык акционердик коомунун Аффинаждоо заводунун туруктуу иштешин камсыз кылуу, Кара-Балта шаарындагы

Аффинаждоо заводунда эритиндини андан ары кайра иштетүү жана аффинаждалган алтынды кийин сатуу үчүн «Кумтор Оперейтинг Компани» компаниясынан Доре алтын кармаган эритиндисин сатып алуу масселесин жөнгө салуу максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү токтом кылат:

1. Акцияларды сатууда Дүйнөлүк банк жана Эл аралык валюта фонду тарабынан аныкталган шарттарды эске алуу менен «Центерра Голд Инк.»компаниясынын акцияларынын «Кыргызалтын» ачык акционердик коомуна таандык бөлүгүн сатууда процесстин ачык-айкындуулугун камсыз кылуу жана уюштуруу масселелерин чечүү үчүн тиркемеге ылайык курамда жумушчу топ түзүлсүн.

2. Жумушчу топ ушул токтом чыккан күндөн баштап беш күндүк мөөнөттө:

- акцияларды жана башкаларды сатуу боюнча ортомчулардын жана консультанттардын кызмат көрсөтүүлөрүнө төлөө менен байланышкан салык алуу, тикелей жана кыйыр чыгымдар масселелерин комплекстүү баалоону жүргүзсүн;

- «Центерра Голд Инк.»компаниясынын акцияларынын «Кыргызалтын» ачык акционердик коомуна таандык 12,0 млн. АКШ долларынан (он эки миллион АКШ доллары) кем эмес суммадагы бөлүгүн, ага акцияларды ушундай сатуу менен байланышкан салыктардын, тикелей жана кыйыр чыгымдардын суммасы кошулат, сатуу үчүн зарыл болгон юридикалык жана финансылык документтердин макулдашылган вариантын даярдасын;

- жумушчу топтун Торонто шаарындагы (Канада) Эл аралык фондулук биржанын турган жерине барышына зарылдык пайда болгон учурда жумушчу топтун баруусу менен байланышкан чыгымдарды төлөө «Центерра Голд Инк.» компаниясынын акцияларын сатуудан түшкөн каражаттардын эсебинен «Кыргызалтын» ачык акционердик коомуна чыгымдарды кийин кайтарып берүү менен «Кыргызалтын» ачык акционердик коомунун каражаттарынын эсебинен жүргүзүлсүн.

3. Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик комитети белгиленген тартипте «Кыргызалтын» ачык акционердик коомунун акционерлеринин кезексиз жалпы чогулушунда:

- «Центерра Голд Инк.»компаниясынын акцияларынын «Кыргызалтын» ачык акционердик коомуна таандык 12,0 млн. АКШ долларынан (он эки миллион АКШ доллары) кем эмес суммадагы бөлүгүн, ага акцияларды ушундай сатуу менен байланышкан салыктардын, тикелей

жана кыйыр чыгымдардын суммасы кошулат, сатууга «Кыргызалтын» ачык акционердик коомуна уруксат берүү жөнүндө маселени карасын;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 4-январындагы № 2 токтому менен жактырылган жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 10-мартындагы № 150 токтому менен 2006-жылдын 14-мартында узартылган, 2005-жылдын 22-декабрындагы «Кыргызалтын» ачык акционердик коому, «Центерра Голд Инк.», «Кумтор Голд Компани» жана «Кумтор Оперейтинг Компани» компанияларынын ортосундагы алтын сатып алууга макулдашууга ылайык атайын эсепке «Центерра Голд Инк.»компаниясынын акцияларын сатуу менен байланышкан тикелей чыгымдарды чыгарып салуу менен акцияларды сатуудан түшкөн каражаттарды жиберүүгө «Кыргызалтын» ачык акционердик коомуна уруксат берүү жөнүндө маселени карасын;

- «Центерра Голд Инк.»компаниясынын акцияларынын «Кыргызалтын» ачык акционердик коомуна таандык бөлүгүн сатууну ишке ашыруу боюнча бардык зарыл документтерге кол коюуга «Кыргызалтын» ачык акционердик коомунун президентине ыйгарым укук берилсин.

4. Бул токтомун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Премьер-министринин Аппаратынын отун-энергетика комплекси, кен казып алуу тармагы жана жаратылыштык ресурстар бөлүмүнө жүктөлсүн.

Премьер-министр Ф. Кулов

«Кыргыз Республикасында жумушсуздуктун реалдуу деңгээли жана Эмгек эл аралык уюмунун талаптарын эске алуу менен аны азайтуу боюнча чаралар тууралуу» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 31-январындагы № 27 токтому (2007.27.08. өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен)

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү иш менен камсыз кылуу чөйрөсүндө түзүлгөн кырдаал, тышкы миграциянын көлөмүн кыскартуу боюнча чаралар экономиканын ургаалдуу жана туруктуу өнүгүүсүнө, Кыргыз Республикасынын калкынын жашоосунун деңгээлин көтөрүүгө таасирин тийгизерин белгилейт.

Азыркы учурда эмгек жана миграция рынөгундагы процесстерди жөнгө салуу Кыргыз Республикасынын мамлекеттик саясатынын

артыкчылыктуу багыттарынан болуп саналат. Ошону менен бирге калктын жумушсуздугунун жогору деңгээли менен байланышкан чыналуу түзүлгөн социалдык-экономикалык кырдаалдын актуалдуу маселелеринин бирине болуп кала берүүдө. Эмгекке жарамдуу курактагы калктын санынын жигердүү өсүшү байкалып, миграциялык процесстердин өсүшүнүн тенденциясы күч алууда.

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитетинин баалоо маалыматтары боюнча 2006-жылдын 1-октябрына карата жашаган калктын саны 5 млн. 208 миң адамды түзөт, анын ичинен 65 пайызы айыл жеринде жашайт.

Кыргыз Республикасынын эмгек рынөгундагы кырдаал төмөнкүдөй көрсөткүчтөр менен мүнөздөлөт: эмгек ресурстары - 2971,7 миң адам; экономикалык жактан активдүү калктын саны - 2116,5 миң адам; иштеген калктын саны - 1931,8 миң адам, анын ичинде ишканалар менен уюмдарда 590,0 миң адам, дыйкан чарбаларында - 686,1 миң адам; жеке эмгектик ишмердүүлүк менен алектенгендердин саны - 280,5 миң адамды түзгөн.

2006-жылдын 1-ноябрына карата республикадагы жумушсуздардын жалпы саны 198,3 миң адамды түзгөн (2005-жылдын деңгээлинде), алардын ичинен 105,4 миң адам (аялдар - 52%, айылда жашагандар - 59,3%, жаштар - 54%) миграция жана иш менен камсыз кылуу боюнча комитеттерде каттоодо турушат (2005-жылдын ушул мезгилине салыштырганда 9%га көбүрөөк) жана өз алдынча жумуш издегендердин саны - 92,9 миң адамды түзгөн.

2006-жылдын 1-ноябрына карата жалпы жумушсуздуктун абалы 9,3%ды түзгөн (өткөн жылдагыдан 0,3%га аз).

Эмгек рынөгундагы эң эле татаал кырдаал Бишкек (11,4%) жана Ош (11,5%) шаарларында, Баткен (13,1%), Нарын (12,4%) жана Чүй (10,5%) облустарында байкалууда.

2006-жылдын 1-ноябрына карата жумушсуздук боюнча пособиелерди 5,9 миң адам алышкан (2005-жылдын 1-ноябрына карата 22,5%га азыраак).

2006-жылдын январь-октябрына карата бардыгы болуп жумушсуздук боюнча пособие 11 миң адамга чектелген (2005-жылдын 10 айында - 8 миң адамга). Бул 2004-жылдын 11-июнундагы № 72 «Калкты иш менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына толуктоолорду киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 2005-жылдын 1-январынан тартып күчүнө киргендигине байланыштуу, муну менен жер үлүштөрү бар айылдык жарандарды

жумушсуз катары каттоонун жаңы эрежелери киргизилген. Анын натыйжасында иштеген калктын катарына 0,05 га өлчөмүнөн кем эмес айыл чарба багытындагы сугат жер участокторун алышкан жана айыл чарба продукциясынын өндүрүшүнө катышкан фермерлер менен алардын үйбүлө мүчөлөрү киргизилген.

Республиканын ишканалары жана уюмдары иш менен камсыз кылуу кызматына берген арыздарында кызматкерлерге жалпы керектөө 8,4 миң бош орунду түзгөн, мында жумушчу адистиктерге керектөө басымдуулук кылат. Эгерде 2006-жылдын башталышында бир бош жумушчу орунга 22 адам талапкер болсо, 2006-жылдын 1-ноябрына карата бул көрсөткүч 12 адамга чейин кыскарган.

Кыргыз Республикасынын Миграция жана жумуштуулук боюнча мамлекеттик комитетинин аймактык органдарынын көмөгү астында 31,9 миңден ашык жумушсуз жарандар жумушка орноштурулган, бул өткөн жылдын көрсөткүчтөрүнө салыштырмалуу 3 пайызга көп. Жумушка орноштурулгандардын жалпы санынын 97 пайызы же 31,0 миң адам ишканалар жана мекемелер берген бош орундарга жумушка орноштурулган.

2006-жылдын 10 айынын ичинде 4,0 миң адам кайрадан окутулуп, алардын 2,9 миңи жумушка орноштурулган.

Азыркы баштапкы кесиптик билим берүү системасынын негизги максаты болгон жумушчу кесиптердин адистерин сапаттуу даярдоо эмгек рыногунун учурдагы улуттук да, эл аралык да талаптарына жооп бербейт. Баштапкы кесиптик билим берүү системасын керектүү кесиптерге буруп багыттоо, окуу программаларын кайра карап чыгуу (кесиптик кондумдорго окутуу узактыгы, мазмуну боюнча), азыркы жаңы технологияларды эске алуу менен окутуу, баштапкы кесиптик билим берүү системасынын окутуучуларынын өздөрүнүн квалификациясын жогорулатуу сыяктуу маселелерди кайра карап чыгуу талап кылынат. Улуттук эмгек рыногу, ошондой эле эл аралык эмгек рыногуна чыгуу баштапкы кесиптик билим берүү системасын реформалоо процесстерин тездетүүнү талап кылат.

2006-жылдын январь-октябрында 840 жумушсузга 13966 миң сом суммада микрокредиттер бөлүнгөн, 17,4 миң адам коомдук акы төлөнүүчү убактылуу иштерге жөнөтүлгөн. Жумушсуздарды убактылуу жумуштарга тартуу менен 205 мектеп жана балдар бакчалары, 49 ФАП жана ооруканалар, 21 мончо, 70 спорт комплекстери, 25 балдар ойноочу үй алдындагы аянтчалар, 12 көпүрө, 300 км жол, 25 км суу түтүк линиялары жана ички чарба багытындагы 270 км канал оңдолгон.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү, жергиликтүү мамлекеттик администрациялар тарабынан жумушчу орундарын түзүү, калктын иш менен камсыз болушун жогорулатуу боюнча тийиштүү жумуштар жасалууда. Атап айтканда, 2006-жылдын 1-ноябрына карата 72,5 миң жумушчу орун түзүлгөн.

Ошону менен бирге эле, республикада жумушсуздуктун деңгээли жогору бойдон калууда.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 22-мартындагы № 184 «Калктын иш менен камсыздуулугуна бир убакта изилдөө жүргүзүү жөнүндө» **токтомуна** ылайык, Кыргыз Республикасынын Миграция жана жумуштуулук боюнча мамлекеттик комитети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети тарабынан жумушсуздуктун реалдуу деңгээлин жана эмгек потенциалынын канча экендигин аныктоо максатында калктын иш менен камсыздалышына бир жолку изилдөө жүргүзүлгөн. Изилдөөгө 15 жана андан улуу курактагы жарандар камтылган, туруктуу калктын жалпы санынан сурамжыланган сандын үлүшү 81 пайызды түзгөн.

Натыйжада экономикалык жактан активдүү калктын саны 2062,7 миң адамды, анын ичинен иштегендер - 1716,5 миң адамды түзүп, ал эми сурамжыланган калктын үлүшүн пайдаланып бүткүл калкка карата эсептегенде ар бир регион боюнча - 2107,6 миң адамды түзөөрү белгилүү болду. Иш менен камсыз болуу көрсөткүчү 59,9 пайызды түздү, бул Кыргызстанда үй чарбаларын интеграциялуу изилдөөнүн (КИОДХ) маалыматтарына дал келет, ал 2005-жылы өткөрүлгөн болчу.

«Кыргыз Республикасында референдум (бүткүл элдик добуш берүү) өткөрүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Президентинин 2007-жылдын 19-сентябрындагы № 410 Жарлыгы (2007.10.10. өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен)

Конституциялык реформаны жүргүзүүнү аяктоо, конституциялык түзүлүштү жана башкарууну өркүндөтүү, мамлекеттик бийлик органдарын түзүүгө саясый партиялардын, аялдардын, жаштардын, ар кандай улуттардын жана социалдык топтордун өкүлдөрүнүн реалдуу катышуусун камсыз кылуу зарылчылыгын көңүлгө алуу менен, бул максатка консенсустун жана ар кандай саясый күчтөрдүн баш кошуусунун негизинде жетишүүгө умтулуп, өлкө үчүн коомдо биримдикке жана

макулдашууга жетишүү, коомдук-саясый кырдаалдын туруктуулугун сактоо маанилүү экендигин эске алып, Кыргызстандын эли эгемендиктин ээси жана мамлекеттик бийликтин бирден-бир булагы экендигин таанып, коомдогу саясый күчтөрдүн пикирин эске алып, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 1-, 7-, 42-, 46-, 96-статьяларын жетекчиликке алуу менен токтом кылам:

1. Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагында референдум (бүткүл элдик добуш берүү) 2007-жылдын 21-октябрына, жекшембиге дайындалсын.

КР Президентинин 2007.03.10 № 433 Жарлыгына *ылайык 2-пунктуна өзгөртүүлөр киргизилген*

2. Кыргыз Республикасынын жарандары кабыл алуу үчүн референдумга «Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жаңы редакциясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын жана «Кыргыз Республикасындагы шайлоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын Кодексинин жаңы редакциясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорлору (тиркелет) коюлсун.

КР Президентинин 2007.03.10 № 433 Жарлыгына *ылайык 3-пунктуна өзгөртүүлөр киргизилген*

3. Добуш берүү үчүн бюллетенге киргизүү үчүн суроолордун төмөнкүдөй баяндалышы бекитилсин:

1) «Долбоору Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан референдумга (бүткүл элдик добуш берүүгө) коюлган «Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жаңы редакциясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы кабыл алынсын.

ООБА_____ ☐

ЖОК_____ ☐

2) Долбоору Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан референдумга (бүткүл элдик добуш берүүгө) коюлган «Кыргыз Республикасындагы шайлоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын Кодексинин жаңы редакциясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы кабыл алынсын.

«Кыргыз Республикасына көчүп келүүчү этникалык кыргыздарга берилүүчү мамлекеттик кепилдиктер жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2007-жылдын 26-ноябрындагы № 175 Мыйзамы (2015.27.01 өзгөртүүлөр жана толуктоолар менен)

Аталышына КР 2015.27.01. № 27 Мыйзамына *ылайык өзгөртүүлөр киргизилген*

2007-жылдын 10-октябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган

1-глава Негизги жоболор (1-5-статьялары)
2-глава Этникалык кыргыздардын иммиграциясы (6-14-статьялары)
3-глава Кайрылмандарга берилүүчү мамлекеттик кепилдиктер (15-16-статьялары)
4-глава Этникалык кыргыздардын иммиграциясы жагындагы мамлекеттик саясатты жөнгө салуучу ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар (17-20-статьялары)
5-глава Корутунду жоболор (21-статья)

Ушул Мыйзам этникалык кыргыздардын иммиграциясы жагындагы мамлекеттик саясатты жөнгө салат, иммиграциялык процесстердин укуктук, экономикалык жана социалдык негиздерин, ошондой эле кайрылмандардын жаңы жерде жашашы үчүн зарыл болгон шарттарды түзүүнү аныктайт.

1-ГЛАВА. НЕГИЗГИ ЖОБОЛОР

КР 2008.18.07 № 157 Мыйзамына *ылайык; 2015.27.01. № 27* Мыйзамына *ылайык 1-статьясына өзгөртүүлөр киргизилген*

1-статья. Негизги түшүнүктөр

Кайрылман - чет өлкөнүн жараны же жарандыгы жок адам болуп саналган, Кыргыз Республикасына ыктыярдуу түрдө көчүп келүүчү кайрылман статусун алган этникалык кыргыз;

кайрылман статусу - Кыргыз Республикасынын жарандыгын алганга чейинки убактылуу укуктук статус;

КР 2015.27.01. № 27 Мыйзамына ылайык үчүнчү абзацы күчүн жоготкон

убактылуу жайгашуу борбору – Кыргыз Республикасынын аймагында өздөрүн кайрылмандар деп таануу тууралу расмий өтүнүч берген адамдардын жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн убактылуу жайгашкан жери;

жайгашуу аймагы - Кыргыз Республикасынын аймагында туруктуу жашоо үчүн жер.

«Кыргыз Республикасында 2010-жылга чейин мамлекеттик башкарууну децентралдаштыруу жана жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүүнүн» Улуттук стратегиясын ишке ашыруунун алкагында 2008-2010-жылдарга карата Иш-чаралардын планы жөнүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 4-июлундагы № 364 токтому

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2002-жылдын 17-декабрындагы № 381 Жарлыгы менен бекитилген «Кыргыз Республикасында 2010-жылга чейин мамлекеттик башкарууну децентралдаштыруу жана жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүүнүн» Улуттук стратегиясынын үчүнчү этабын жүргүзүү, мамлекеттик башкарууну децентралдаштыруу боюнча ишти андан ары күчтөндүрүү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иштерин өркүндөтүү максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү токтом кылат:

1. Министрликтер, мамлекеттик комитеттер, администрациялык ведомстволор, жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 19-майындагы № 365 «Кыргыз Республикасында 2010-жылга чейин мамлекеттик башкарууну децентралдаштыруу жана жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү» Улуттук стратегиясын ишке ашыруунун чектеринде 2006-2007-жылдарга Иш-чаралардын планы жөнүндө» токтомун аткаруу боюнча жүргүзүшкөн иштер жөнүндө отчет тиркемеге ылайык көнүлгө алынсын.

2. Тиркелгендер бекитилсин:

- «Кыргыз Республикасында 2010-жылга чейин мамлекеттик башкарууну децентралдаштыруу жана жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү» Улуттук стратегиясын ишке ашыруунун чектеринде 2008-

2010-жылдарга Иш-чаралардын планы (мындан ары - Децентралдаштыруу боюнча иш-чаралардын планы);

- «Кыргыз Республикасында 2010-жылга чейин мамлекеттик башкарууну децентралдаштыруу жана жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү» Улуттук стратегиясын ишке ашыруунун чектеринде 2008-2010-жылдарга Иш-чаралардын планын ишке ашыруу боюнча Координациялык кеңеш жөнүндө жобо.

3. Министрликтер, мамлекеттик комитеттер, администрациялык ведомстволор, жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары:

- Децентралдаштыруу боюнча иш-чаралардын планын аткаруу боюнча белгиленген мөөнөттөрдө конкреттүү чараларды көрүшсүн;

- квартал сайын коллегиялардын заседаниелеринде иш-чаралардын планын жүзөго ашыруунун жүрүшүн карашсын;

- ар бир жарым жылдыктын жыйынтыгы боюнча отчеттук мезгилден кийинки айдын 10унан кечиктирбестен Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча улуттук агенттигине Децентралдаштыруу боюнча иш-чаралардын планын аткаруунун жүрүшү жөнүндө маалыматты жалпылоо үчүн берип турушсун.

4. Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча улуттук агенттигине ар бир жарым жылдыктын жана жылдын жыйынтыгы боюнча отчеттук мезгилден кийинки айдын 15инен кечиктирбестен топтомо маалыматты Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө берип туруу сунушталсын.

5. 2008-2010-жылдарга Иш-чаралардын планын ишке ашыруу боюнча координациялык кеңеш «2010-жылга чейин Кыргыз Республикасында мамлекеттик башкарууну децентралдаштыруу жана жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү» улуттук стратегиясын ишке ашыруунун чектеринде министрликтердин, мамлекеттик комитеттердин, администрациялык ведомстволордун, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жетекчилеринин отчетторун мезгили менен бир жылда эки жолудан кем эмес уксун.

6. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 19-майындагы № 365 «Кыргыз Республикасында 2010-жылга чейин мамлекеттик башкарууну децентралдаштыруу жана жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү» Улуттук стратегиясын ишке ашыруунун

чектеринде 2006-2007-жылдарга Иш-чаралардын планы жөнүндө» токтому күчүн жоготту деп эсептелсин.

7. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча улуттук агенттигине (макулдашуу боюнча) жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын тийиштүү бөлүмдөрүнө тапшырылсын.

Премьер-министр И. Чудинов

«Мамлекеттик башкаруу органдарындагы функциялык талдоонун кезектеги этабынын жыйынтыктары жана Кыргыз Республикасында административдик реформаны андан ары илгерилетүү боюнча чаралар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 23-сентябрындагы № 522 токтому

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү министрликтер, мамлекеттик комитеттер, аткаруу бийлигинин башка органдары, административдик ведомстволор, жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан акыркы үч жылдын ичинде Кыргыз Республикасынын Президентинин «Кыргыз Республикасында мамлекеттик башкаруу системасын реформалоо Стратегиясы жөнүндө» 2004-жылдын 5-июнундагы № 193, «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын түзүмүн оптималдаштыруу жөнүндө» 2005-жылдын 30-ноябрындагы № 607, «Кыргыз Республикасында административдик-аймактык түзүлүш системасын кайра уюштурууга концепциялык мамиле кылуу жөнүндө» 2007-жылдын 4-июлундагы № 333 жарлыктары менен аныкталган административдик реформанын приоритеттерин ишке ашыруу боюнча максатка багытталган иштер аткарылгандыгын белгилейт.

Кыргыз Республикасынын Президентинин жогоруда аталган жарлыктарын аткаруу максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2004-жылдын 29-июлундагы № 566 «Кыргыз Республикасында административдик реформаны андан ары илгерилетүү боюнча чаралар жөнүндө», 2007-жылдын 27-июлундагы № 295 «Кыргыз Республикасынын Президентинин 2007-жылдын 4-июлундагы «Кыргыз Республикасында административдик-аймактык түзүлүш системасын кайра уюштурууга концепциялык мамиле кылуу жөнүндө» Жарлыгын ишке ашыруу

тууралуу», 2007-жылдын 16-октябрындагы № 468 «Кыргыз Республикасынын Президентинин 2007-жылдын 4-июлундагы «Кыргыз Республикасында административдик-аймактык түзүлүш системасын кайра уюштурууга концепциялык мамиле кылуу жөнүндө» Жарлыгын аткаруунун жүрүшү жана административдик реформаны тереңдетүү боюнча чаралар тууралуу» токтомдору кабыл алынган.

Кабыл алынган ченемдик укуктук актылар административдик реформанын кезектеги этабын өткөрүү, мамлекеттик, муниципалдык башкаруунун абалы менен учурдагы өлкөнүн социалдык-экономикалык потенциалынын ортосундагы ажырымды жеңүү, аткаруу бийлигинин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иштеринин натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн зарыл болгон өбөлгөлөрдү түзгөн.

Административдик реформаны илгерилетүү боюнча негизделген чечимдерди иштеп чыгуу үчүн Кыргызстанда функциялык талдоо жүргүзүүнүн кеңири апробацияланган методологиясы колдонулган. Мында, мамлекеттик башкаруу органдарынын түзүмүн андан ары өркүндөтүү маселелерине, оптималдуу уюштуруучулук түзүмүн аныктоого бири-бирин кайталоочу жана эскирген функцияларды аныктоого жана жоюуга, адам ресурстарын онүктүрүүгө, мамлекеттик кызматка кыйла компетенттүү жана келечектүү адистерди тандоого багытталган кадрдык саясатты жүргүзүү боюнча ишти жакшыртууга өзгөчө көңүл бурулган.

Административдик реформанын кезектеги этабы пландаштырылган максаттарга жетүү жана артыкчылыктуу милдеттерди аткаруу, алардын ичинде административдик тоскоолдуктардын деңгээлин төмөндөтүүнүн эсебинен экономиканын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу, маалыматтык ачык-айкындыкты жогорулатуу аркылуу инвестициялык климатты жакшыртуу, мамлекет менен бизнестин өз ара мамилелеринин туруктуулугун бекемдөө, коррупциянын деңгээлин төмөндөтүү, мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жогорулатуу жана анын жеткиликтүүлүгүн жогорулатуунун эсебинен жашоонун деңгээлинин өсүшүн камсыздоо жагында мамлекеттик башкаруунун натыйжалуулугун арттыруу менен байланышкан конкреттүү натыйжаларга жетишүүгө багытталган.

Мамлекеттик органдардын облустук түзүмдөрүн этабы менен кыскартуу, административдик-аймактык бирдиктерди ирилештирүү жана милдеттер менен функцияларды башкаруунун төрт деңгээлдүү системасынан үч деңгээлдүүсүнө бөлүштүрүүнүн негизинде өтүү каралган Кыргыз Республикасынын Президентинин «Кыргыз Республикасында административдик-аймактык түзүлүш системасын кайра уюштурууга

концепциялык мамиле кылуу жөнүндө» 2007-жылдын 4-июлундагы Жарлыгын ишке ашыруу боюнча конкреттүү иштер жүргүзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Президентинин жогоруда аталган Жарлыгын аткаруу максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 27-июлундагы № 295 «Кыргыз Республикасынын Президентинин 2007-жылдын 4-июлундагы «Кыргыз Республикасында административдик-аймактык түзүлүш системасын кайра уюштурууга концепциялык мамиле кылуу жөнүндө» Жарлыгын ишке ашыруу тууралуу»токтому кабыл алынган, Кыргыз Республикасынын Премьер-министринин 2007-жылдын 1-августундагы № 345 буйругу менен республикалык комиссия (мындан ары - Комиссия) түзүлгөн, ал бардык министрликтер жана административдик ведомстволор, борбордук жана башка органдар боюнча аналитикалык иштерди жүргүзгөн. Комиссия облустук жана аймактык деңгээлдерде мамлекеттик башкаруу органдарынын түзүмдөрүн өркүндөтүүгө жана кызматкерлердин оптималдуу штаттык санын аныктоого өзгөчө көңүл бурду.

...2007-жылы аттестация 16 мамлекеттик органда өткөрүлүп, 2016 кызматкер аттестация жол-жобосунан өткөн, алардын көпчүлүгү ээлеп турган кызмат орундарына ылайыктуу деп табылган.

«Кыргыз Республикасынын «Коомдук телекөрсөтүү - ЭЛТР» телерадиоберүү компаниясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Президентинин 2005-жылдын 10-декабрындагы № 632 Жарлыгы (2015.16.06. өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен)

Калктын көзкарандысыз жана объективдүү маалыматка, билим берүү, балдар, маданий жана оюн-зоок программаларына муктаждыктарын канааттандыруу, ошондой эле коомдук берүүнүн ролун жогорулатуу максатында **токтом кылам:**

1 «Ош-3000» мамлекеттик телерадиокомпаниясынын базасында Кыргыз Республикасынын «Коомдук телекөрсөтүү - ЭЛТР» телерадиоберүү компаниясы түзүлсүн.

2. КР Президентинин 2015.16.06. № 121 Жарлыгына ылайык күчүн жоготкон

3. КР Президентинин 2015.16.06. № 121 Жарлыгына ылайык күчүн жоготкон

4. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү:

- ушул Жарлыктан келип чыккан уюштуруу, финансылык жана башка маселелерди чечсин;

- Кыргыз Республикасынын «Коомдук телекөрсөтүү - ЭЛТР» телерадиоб ерүү компаниясын башкаруунун корпорациялык ыкмасына этап-этабы менен которуунун максатка ылайыктуулугу жөнүндө маселени изилдесин;

- өз чечимдерин ушул Жарлыкка ылайык келтирсин.

5. Кыргыз Республикасынын маалыматтык ресурстар, технологиялар жана байланыш Улуттук агенттиги менен Радиожыштыктар боюнча мамлекеттик комиссия бир айлык мөөнөттө мыйзамда белгиленген тартипте бүткүл республиканын аймагын камтыган метрлик диапазондогу жыштыкты бөлсүн.

«Кыргыз Республикасында 2010-жылга чейин мамлекеттик башкарууну децентралдаштыруу жана жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүүнүн» Улуттук стратегиясын ишке ашыруунун алкагында 2008-2010-жылдарга карата Иш-чаралардын планы жөнүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 4-июлундагы № 364 токтому

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2002-жылдын 17-декабрындагы № 381 Жарлыгы менен бекитилген «Кыргыз Республикасында 2010-жылга чейин мамлекеттик башкарууну децентралдаштыруу жана жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүүнүн» Улуттук стратегиясынын үчүнчү этабын жүргүзүү, мамлекеттик башкарууну децентралдаштыруу боюнча ишти андан ары күчтөндүрүү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иштерин өркүндөтүү максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү токтом кылат:

1. Министрликтер, мамлекеттик комитеттер, административдик ведомстволор, жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 19-майындагы № 365 «Кыргыз Республикасында 2010-жылга чейин мамлекеттик башкарууну децентралдаштыруу жана жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү» Улуттук стратегиясын ишке ашыруунун чектеринде 2006-2007-жылдарга Иш-чаралардын планы жөнүндө» токтомун аткаруу боюнча жүргүзүшкөн иштер жөнүндө отчет тиркемеге ылайык көңүлгө алынсын.

2. Тиркелгендер бекитилсин:

- «Кыргыз Республикасында 2010-жылга чейин мамлекеттик башкарууну децентралдаштыруу жана жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү» Улуттук стратегиясын ишке ашыруунун чектеринде 2008-2010-жылдарга Иш-чаралардын планы (мындан ары - Децентралдаштыруу боюнча иш-чаралардын планы);

- «Кыргыз Республикасында 2010-жылга чейин мамлекеттик башкарууну децентралдаштыруу жана жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү» Улуттук стратегиясын ишке ашыруунун чектеринде 2008-2010-жылдарга Иш-чаралардын планын ишке ашыруу боюнча Координациялык кеңеш жөнүндө жобо.

3. Министрликтер, мамлекеттик комитеттер, администрациялык ведомстволор, жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары:

- Децентралдаштыруу боюнча иш-чаралардын планын аткаруу боюнча белгиленген мөөнөттөрдө конкреттүү чараларды көрүшсүн;

- квартал сайын коллегиялардын заседаниелеринде иш-чаралардын планын жүзөгө ашыруунун жүрүшүн карашсын;

- ар бир жарым жылдыктын жыйынтыгы боюнча отчеттук мезгилден кийинки айдын 10 унан кечиктирбестен Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча улуттук агенттигине Децентралдаштыруу боюнча иш-чаралардын планын аткаруунун жүрүшү жөнүндө маалыматты жалпылоо үчүн берип турушсун.

4. Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча улуттук агенттигине ар бир жарым жылдыктын жана жылдын жыйынтыгы боюнча отчеттук мезгилден кийинки айдын 15инен кечиктирбестен топтомо маалыматты Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө берип туруу сунуштасын.

5. 2008-2010-жылдарга Иш-чаралардын планын ишке ашыруу боюнча координациялык кеңеш «2010-жылга чейин Кыргыз Республикасында мамлекеттик башкарууну децентралдаштыруу жана жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү» улуттук стратегиясын ишке ашыруунун чектеринде министрликтердин, мамлекеттик комитеттердин, администрациялык ведомстволордун, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жетекчилеринин отчетторун мезгили менен бир жылда эки жолудан кем эмес уксун.

6. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 19-майындагы № 365 «Кыргыз Республикасында 2010-жылга чейин мамлекеттик

башкарууну децентралдаштыруу жана жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү» Улуттук стратегиясын ишке ашыруунун чектеринде 2006-2007-жылдарга Иш-чаралардын планы жөнүндө» токтому күчүн жоготту деп эсептелсин.

7. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча улуттук агенттигине (макулдашуу боюнча) жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын тийиштүү бөлүмдөрүнө тапшырылсын.

И. Чудинов

Премьер-министр

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Европалык Коомчулуктардын Комиссиясынын ортосундагы Кыргыз Республикасында Европалык Коомчулуктардын Комиссиясынын Өкүлчүлүгүн ачуу, анын артыкчылыктары жана иммунитеттери жөнүндө Макулдашуу (2008-жылдын 26-декабры)

КР Жогорку Кеңешинин 2008-жылдын 26-декабрындагы № 866-IV токтому менен

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана Европалык Коомчулуктардын Комиссиясы, мындан ары Комиссия деп аталуучу,

- Кыргыз Республикасы менен Европалык Коомчулуктардын ортосундагы достук мамилелерди жана кызматташтыкты андан ары өнүктүрүүгө жана чыңдоого умтулушуп,

- Кыргыз Республикасынын аймагында Комиссиянын Өкүлчүлүгүн ачууга, бул Өкүлчүлүктүн артыкчылыктарына жана иммунитеттерине байланышкан шарттарды аныктоону каалашып,

төмөндөгүлөр жөнүндө макулдашты:

1-статья.

Ушуну менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтү Кыргыз Республикасынын аймагында Комиссиянын Өкүлчүлүгүн ачууга макулдук берет.

2-статья.

1. Европалык Коомчулуктар - Европалык Коомчулук жана Атомдук Энергия боюнча Европалык Коомчулук - ар бири жеке түрдө Кыргыз Республикасынын аймагындагы юридикалык жактын статусуна ээ болушу керек.

2. Коомчулуктарга контракттарды түзүүгө, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык салынуучу процессуалдык жана административдик талаптарга ылайык өз милдеттерин натыйжалуу аткаруу максатында кыймылдуу жана кыймылсыз мүлктү сатып алууга жана башкарууга, ошондой эле соттук талаш жүргүзүүгө жана ушул максаттарда Комиссия менен көрсөтүлүүгө укук берилиши керек.

3-статья.

1. Комиссиянын Өкүлчүлүгү, Кыргыз Республикасынын жарандары болуп эсептелген адамдарды кошпогондо, анын башчысы жана мүчөлөрү, ошондой эле алар менен кошо жашаган үй-бүлө мүчөлөрү Кыргыз Республикасынын аймагында Дипломатиялык мамилелер жөнүндө 1961-жылдын 18-апрелиндеги Вена конвенциясында аныкталган жана тиешелүү түрдө Кыргыз Республикасында аккредиттелген дипломатиялык миссияларга, мындай миссиялардын башчыларына жана мүчөлөрүнө, ошондой эле алар менен кошо жашаган үй-бүлө мүчөлөрүнө берилүүчү жана алар тарабынан тартылуучу укуктардан, артыкчылыктардан жана иммунитеттерден пайдаланышат жана милдеттерди тартышат.

2. Дипломатиялык мамилелер жөнүндө 1961-жылдын 18-апрелиндеги Вена конвенциясынын башка жоболору тиешелүү өзгөртүүлөр менен колдонулат.

«Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы күрөшүүнүн Улуттук стратегиясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Президентинин 2009-жылдын 11-мартындагы № 155 жарлыгы (күчүн жоготкон)

КР Президентинин 2012-жылдын 2-февралындагы № 26 Жарлыгына ылайык күчүн жоготту

Коррупция жараткан көйгөйлөрдүн олуттуулугун жана мамлекеттик бийлик институттарына ишенимди бузган жана өлкөнүн экономикалык өнүгүшүнө тоскоолдук кылган, коомдун стабилдүүлүгү жана коопсуздугу үчүн коркунучтарды эске алып, ошондой эле коррупцияга каршы саясаттын натыйжалуулугун жана туруктуулугун арттыруу максатында токтом кылам:

1. Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы күрөшүүнүн Улуттук стратегиясынын жана 2009-2011-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы күрөшүүнүн Улуттук стратегиясын жүзөгө ашыруу боюнча Аракеттенүү Планынын тиркелген жаңы редакциясы бекитилсин.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү:

- бир айлык мөөнөттө 2009-2011-жылдарга Кыргыз Республикасында Коррупцияга каршы күрөшүүнүн Улуттук стратегиясын жүзөгө ашыруу боюнча Аракеттенүү Планынын жоболорун аткаруу боюнча чаралардын комплексин иштеп чыксын;

- өз чечимдерин ушул Жарлыкка ылайык келтирсин.

3. Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы күрөшүүнүн Улуттук стратегиясын жүзөгө ашыруу боюнча аракеттерди координациялоо Кыргыз Республикасынын Коопсуздук Кеңешинин аппаратына жана 2009-2011-жылдарга Кыргыз Республикасында Коррупцияга каршы күрөшүүнүн Улуттук стратегиясын жүзөгө ашыруу боюнча Аракеттенүү Планынын аткарылышына контролдук кылуу милдет Кыргыз Республикасынын Коррупциянын алдын алуу боюнча Улуттук агенттигине жүктөлсүн.

4. Кыргыз Республикасынын Президентинин милдетин аткаруучунун 2005-жылдын 21-июнундагы № 251 «Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы күрөшүүнүн мамлекеттик стратегиясы жөнүндөгү» Жарлыгы күчүн жоготту деп табылсын.

5. Бул Жарлык кол коюлган күндөн баштап күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын
Президенти К. Бакиев

Соглашение
о новых условиях по проекту Кумтор между Правительством Кыргызской Республики, ОАО «Кыргызалтын», компанией «Центерра Голд Инк.», ЗАО «Кумтор Голд Компани», ЗАО «Кумтор Оперейтинг Компани» и корпорацией «Камеко»
(г. Бишкек, 24 апреля 2009 года)

Одобрено постановлением *Правительства КР от 24 апреля 2009 года № 254 Ратифицировано* Законом *КР от 30 апреля 2009 года № 142*

Дата подписания: 24 апреля 2009 года

Настоящее Соглашение о Новых Условиях по Проекту Кумтор (далее - «Соглашение о Новых Условиях») от 24 апреля 2009 года между Правительством Кыргызской Республики, действующим от имени Кыргызской Республики (далее - «Правительство»), ОАО «Кыргызалтын» (далее - «Кыргызалтын»), Корпорацией «Камеко» (далее - «Камеко»), компанией «Центерра Голд Инк.» (далее - «Центерра»), ЗАО «Кумтор Голд Компани» (далее - «КГК») и ЗАО «Кумтор Оперейтинг Компани» (далее - «КОК») (в дальнейшем каждая в отдельности - «Сторона», а совместно - «Стороны») является рамочным соглашением, которое закрепляет договоренности, достигнутые между Сторонами в отношении геологического изучения и разработки запасов золота и серебра, а также производства и реализации золота и серебра, добытого на Месторождении Кумтор (далее - «Проект Кумтор»).

Принимая во внимание, что Камеко, напрямую или действуя через свою дочернюю компанию «Кумтор Маунтин Корпорэйшн», которая, в свою очередь, находится в полной собственности Камеко Голд Инк., дочерней компании в полной собственности Камеко, и Кыргызалтын, владеющее акциями Центерры от имени Правительства (Кыргызалтын вместе с Правительством далее именуются «Кыргызская Сторона»), являются самыми крупными акционерами Центерры;

Принимая во внимание, что Центерра владеет, среди прочих активов, следующими кыргызскими компаниями: (i) КГК и (ii) КОК, которые осуществляют хозяйственную деятельность и находятся на территории Кыргызской Республики (КГК и КОК вместе со всеми другими компаниями, которыми в тот или иной момент времени владеет Центерра, прямо или косвенно, и которые участвуют в разработке

Месторождения Кумтор, далее именуются «Проектные Компании»). КОК является управляющей компанией по Проекту Кумтор;

Принимая во внимание, что Проект Кумтор является одним из самых крупных золотодобывающих проектов в мире и самым значительным активом Центерры;

Принимая во внимание, что Центерра направляет значительные ресурсы на обеспечение непрерывной эксплуатации, разработки и геологического изучения в рамках Проекта Кумтор;

Принимая во внимание, что Правительство, желая продолжения работы по геологическому изучению и разработке Месторождения Кумтор и производству золота и серебра, также желает увеличить экономическую выгоду от такой деятельности для Кыргызской Республики;

Принимая во внимание, что Центерра, КГК и Кыргызская Республика являются сторонами арбитражного разбирательства, проводимого согласно Арбитражному Регламенту ЮНСИТРАЛ и названного как дело Центерра Голд Инк. и Кумтор Голд Компани против Кыргызской Республики за № АА278 по нумерации Постоянного третейского суда, на рассмотрении которого оно в настоящее время находится (далее - «Арбитражное Разбирательство»). Арбитражное Разбирательство было приостановлено 9 октября 2008 года. В рамках Арбитражного Разбирательства Центерра и КГК, с одной стороны, и Кыргызская Республика, с другой стороны, заявили требования и возражения на требования в отношении Соглашения о реструктуризации Проекта Кумтор между Кыргызалтыном, Камеко, Камеко Голд Инк. и Центеррой от 31 декабря 2003 г. (далее - «Соглашение о Реструктуризации 2003 года»), Инвестиционного соглашения между Правительством, Центеррой и КГК от 31 декабря 2003 года (далее - «Инвестиционное Соглашение 2003 года»), Исправленного и дополненного Концессионного договора между Правительством и КГК от 31 декабря 2003 года (далее - «Концессионный Договор 2003 года»), а также Соглашения о новации и прекращении действия Генерального соглашения между Кыргызалтыном, Камеко, Центеррой и Правительством от 31 декабря 2003 года (далее - «Соглашение о Прекращении Действия 2003 года») и Соглашения акционеров Центерры между Кыргызалтыном, Камеко Голд Инк., Кумтор Маунтин Корпорэйшн и Цемтеррой от 9 января 2004 г. (далее - «Соглашение Акционеров 2004 года») (далее совместно именуемые «Соглашения по Проекту от 2003 года»);

Принимая во внимание, что Центерра, КГК и Правительство согласились урегулировать имеющиеся у них претензии и возражения в ходе Арбитражного Разбирательства и прекратить Арбитражное Разбирательство на условиях, предусмотренных Мировым Соглашением, подлежащим заключению между Центеррой, КГК и Правительством в Дату Завершения;

Принимая во внимание, что Центерра, КГК и Правительство признают, что урегулирование всех требований и возражений в рамках Арбитражного Разбирательства максимально соответствует интересам Центерры и ее акционеров, включая Кыргызскую Сторону, и что Центерра и ее акционеры, включая Камеко и Кыргызскую Сторону, имеют обоснованную заинтересованность в повышении цены на акции Центерры;

Принимая во внимание, что Камеко признает, что она не имеет стратегических долгосрочных интересов в ведении деятельности по добыче золота и желает продать принадлежащие ей акций Центерры после того, как цена на акции Центерры повысится;

Принимая во внимание, что Стороны намерены использовать настоящее Соглашение о Новых Условиях в качестве основы для заключения измененных соглашений, регулирующих Проект Кумтор наряду с настоящим Соглашением о Новых Условиях и вступающих в силу в Дату Завершения.

Статья I

Основные принципы деятельности проекта Кумтор в Кыргызской Республики

1.1 Дата Вступления в Силу и Дата Завершения.

«Бишкек шаарында 2009-жылдын 24-апрелинде кол коюлган, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү, «Кыргызалтын» ачык акционердик коому, «Центерра Голд Инк.« Канадалык компаниясы, «Кумтөр Оперейтинг Компани» жабык акционердик коому, «Кумтөр Голд Компани» жабык акционердик коому жана «Камеко» канадалык корпорациясынын ортосундагы «Кумтөр» долбоору боюнча жаңы шарттар жөнүндө Макулдашууну ратификациялоо тууралуу» Кыргыз Республикасынын 2009-жылдын 30-апрелиндагы № 142 мыйзамы (2009.29.05. өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен)

2009-жылдын 30-апрелинде Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган

1-берене. Бишкек шаарында 2009-жылдын 24-апрелинде кол коюлган, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү, «Кыргызалтын» ачык акционердик коому, «Центерра Голд Инк.» канадалык компаниясы, «Кумтөр Оперейтинг Компани» жабык акционердик коому, «Кумтөр Голд Компани» жабык акционердик коому жана «Камеко» канадалык корпорациясынын ортосундагы «Кумтөр» долбоору боюнча жаңы шарттар жөнүндө Макулдашуу (мындан ары - «Кумтөр» долбоору боюнча жаңы шарттар жөнүндө Макулдашуу) ратификациялансын.

2-берене. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө «Кумтөр» долбоору боюнча жаңы шарттар жөнүндө Макулдашууда аныкталгандай «Кумтөр» долбоору боюнча кайра каралган макулдашууларды түзүү, ошондой эле «Кумтөр» долбоору боюнча жаңы шарттар жөнүндө Макулдашуунун жана «Кумтөр» долбоору боюнча кайра каралган макулдашуулардын аткарылышын камсыз кылуу тапшырылсын.

3-берене. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө ушул Мыйзамдын 1 жана 2-беренелеринде аталган макулдашууларды аткаруу үчүн, анын ичинде аларды ишке ашыруу үчүн зарыл болгон ченемдик укуктук актыларды кабыл алуу боюнча баардык зарыл укуктар жана ыйгарым укуктар берилсин.

КР 2009.29.05 № 175 Мыйзамына ылайык 4-статьясына өзгөртүүлөр киргизилген

4-берене. Эгерде «Кумтөр» долбоору боюнча жаңы шарттар жөнүндө Макулдашуунун жоболорун аткаруу максатында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин тапшырмасы боюнча түзүлгөн «Кумтөр» долбоору боюнча жаңы шарттар жөнүндө Макулдашуу же «Кумтөр» долбоору боюнча кайра каралган макулдашуулар менен Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленгенден башка эрежелер аныкталган болсо, анда ушундай жөнгө салынган мамилелерге макулдашууларда көрсөтүлгөн эрежелер колдонулат.

5-берене. Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

Соглашение между Правительством Кыргызской Республики и Правительством Соединенных Штатов Америки относительно Центра транзитных перевозок в международном аэропорту Манас и о каких-либо объектах и видах недвижимости, связанных с ним (Бишкек, 22 июня 2009 года)

Ратифицировано Законом *КР от 2 июля 2009 года № 199*

1. Цель. Настоящее Соглашение заключается между Правительством Кыргызской Республики (далее - «Кыргызская Республика») и Правительством Соединенных Штатов Америки (далее - «США»), (далее совместно называемыми «Сторонами»), в целях возмещения расходов на материально-техническое обеспечение, предоставляемое Кыргызской Республикой Вооруженным силам США, в соответствии с Соглашением о сотрудничестве между Правительством Соединенных Штатов Америки и Правительством Кыргызской Республики от 22 июня 2009 года, в форме непрерывного доступа персонала Соединенных Штатов, подрядчиков Министерства обороны США (МО США), а также персонала подрядчиков МО США, в том смысле, в котором эти термины употребляются в Соглашении о сотрудничестве между Правительством Кыргызской Республики и Правительством Соединенных Штатов Америки, подписанном 22 июня 2009 года, к Центру транзитных перевозок в международном аэропорту Манас и к каким-либо связанным с ним объектам и видам недвижимости на территории Кыргызской Республики, а также в форме пользования ими вышеуказанным, равно как и в целях возмещения расходов на другие виды материально-технического обеспечения военных операций США.

2. Определение. Для целей настоящего Соглашения применимо следующее определение: «Международный аэропорт Манас и какие-либо связанные с ним объекты и виды недвижимости» означает все земельные участки, строения, установки и связанные с ними коммуникации, расположенные в международном аэропорту Манас, около него или в других местах на территории Кыргызской Республики и предоставляемые в пользование Министерства обороны США.

3. Доступ и пользование. Кыргызская Республика предоставляет непрерывный и неограниченный доступ к Центру транзитных перевозок в международном аэропорту Манас и к каким-либо связанным с ним

объектам и видам недвижимости на территории Кыргызской Республики, а также право пользования ими персоналу Соединенных Штатов, подрядчикам МО США и персоналу подрядчиков МО США, а также для их оборудования. Кыргызская Республика и США намерены осуществлять совместное укомплектование контрольно-пропускных пунктов при Центре транзитных перевозок в международном аэропорту Манас и при каких-либо связанных с ним объектах и видах недвижимости.

4. Право пролета и услуги авиадиспетчерской службы. Кыргызская Республика предоставляет неограниченное право пролета и непрерывные услуги авиадиспетчерской службы воздушным судам Правительства и гражданской авиации США, на тот момент принадлежащим Министерству обороны США или используемым исключительно в его интересах.

5. Сбор за посадку и за стоянку в международном аэропорту Манас. Относительно Статьи 3 Соглашения о сотрудничестве между Правительством Кыргызской Республики и Правительством Соединенных Штатов Америки от 22 июня 2009 года, Правительство США пришло к определению, что международный аэропорт Манас в настоящее время обозначается, в соответствии с политикой Правительства США, как коммерческий аэропорт, и соответственно, США продолжают выплачивать справедливые и основанные на стандартах Международной организации гражданской авиации (ИКАО) суммы сборов за посадку и стоянку в международном аэропорту Манас воздушных судов, принадлежащих Министерству обороны США или используемых исключительно в его интересах.

6. Конструктивные усовершенствования в международном аэропорту Манас. С одобрения Кыргызской Республики США начнут строительство новых площадок для длительной стоянки и для складирования грузов в международном аэропорту Манас. США предполагают, что стоимость этого строительства составит приблизительно 36600000 (тридцать шесть миллионов шестьсот тысяч) долларов США. Соединенные Штаты также изучают возможность проведения дополнительных усовершенствований в международном аэропорту Манас и в аэронавигационной системе Кыргызской Республики.

7. Местные подрядные работы. США в максимально возможной степени присуждают кыргызским компаниям подряды на работы, связанные с Центром транзитных перевозок в международном аэропорту Манас, если их предложения конкурентоспособны, приносят макси-

мальную выгоду Соединенным Штатам и соответствуют законам и нормам США. США также периодически устраивают ознакомительные беседы для кыргызских компаний, заинтересованных в получении информации о подаче предложений на заключение американских подрядов на работы, связанные с Центром транзитных перевозок в международном аэропорту Манас.

8. Защита окружающей среды. Стороны исполняют настоящее Соглашение, соблюдая нормы защиты окружающей среды, здоровья и безопасности человека. Соответственно, Стороны назначают совместную кыргызско-американскую группу по изучению состояния окружающей среды, которая будет рассматривать связанные с окружающей средой вопросы и делать рекомендации на будущее.

«Бишкек шаарында 2009-жылдын 22-июнунда кол коюлган, кызматташтык жөнүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Америка Кошмо Штаттарынын Өкмөтүнүн ортосундагы макулдашууну жана Бишкек шаарында 2009-жылдын 22-июнунда кол коюлган, «Манас» эл аралык аэропортундагы транзиттик ташуулар борбору тууралу жана аны менен байланышкан кандайдыр бир объекттер жана кыймылсыз мүлктүн түрлөрү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Америка Кошмо Штаттарынын Өкмөтүнүн ортосундагы макулдашууну ратификациялоо тууралу» Кыргыз Республикасынын 2009-жылдын 2-июлундагы № 199 мыйзамы

2009-жылдын 25-июнунда

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган

1-берене. Бишкек шаарында 2009-жылдын 22-июнунда кол коюлган, Кызматташтык жөнүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Америка Кошмо Штаттарынын Өкмөтүнүн ортосундагы макулдашуу жана Бишкек шаарында 2009-жылдын 22-июнунда кол коюлган «Манас» эл аралык аэропортундагы Транзиттик ташуулар борбору тууралу жана аны менен байланышкан кандайдыр бир объекттер жана кыймылсыз мүлктүн түрлөрү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен

Америка Кошмо Штаттарынын Өкмөтүнүн ортосундагы макулдашуу ратификациялансын.

2-берене. Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги жогоруда аталган макулдашуулар күчүнө кириши үчүн зарыл болгон мамлекеттик ички жол-жоболорду кыргыз тарап аткаргандыгы жөнүндө Америка Кошмо Штаттарынын Өкмөтүнө кабарласын.

3-берене. Ушул Мыйзам кол коюлган күндөн баштап күчүнө кирет.

«Финансы рыногун көзөмөлдөө жана жөнгө салуу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2009-жылдын 24-июлундагы № 249 Мыйзамы (2016.22.03. өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен)

Мыйзамдын аталышы КР 2014.11.01. № 8 Мыйзамынын *редакциясында берилген)*

2009-жылдын 25-июнунда

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган

1-глава. Жалпы Жоболор (1-3-статьялары)

2-глава. Мамлекеттик кызматтын укуктук абалы жана милдеттери (4-статья)

3-глава. Мамлекеттик кызматтын иш-милдеттери жана укуктары (5-7-статьялары)

4-глава. Мамлекеттик кызматтын финансылык кызматтарды сунушкылуучу компанияларын топторуна жана холдингкомпанияларга карата ыйгарым укуктары (8-статья)

5-глава. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарынсакталышын жана ишке ашырылышын камсыздоо боюнчамамлекеттик кызматтын ыйгарым укуктары (9-10-статьялары)

6-глава. Мамлекеттик кызматтын ишин уюштуруу (11-22-статьялары)

7-глава. Мамлекеттик кызматты каржылоо, анын отчеттуулугу жана жылдык отчету (23-25-статьялары)

6-глава. Мамлекеттик кызматтын ишин (26-29-статьялары)

уюштуруу
8-глава. Мамлекеттик кызматтын жана (26-29-статьялары)
жөнгө салынуучу субъекттердин ортосундагы
талаштарды сотко чейин жөнгө салуу
9-глава. Корутунду жоболор (30-31-статьялары)

1-глава. Жалпы Жоболор

1-берене КР 2014.11.01. № 8 Мыйзамынын *редакциясында берилген*

1-берене. Ушул Мыйзамдын жөнгө салуу чөйрөсү

Ушул Мыйзам финансы рыногун көзөмөлдөө жана жөнгө салуу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын (мындан ары - ыйгарым укуктуу орган) уюштуруу жана иштөө тартибин аныктайт жана банктык эмес финансылык рынокту, бухгалтердик эсепти жана аудиторлук ишмердикти мамлекеттик жөнгө салууну жана көзөмөлдөөнү жүзөгө ашыруу менен байланышкан мамилелерди жөнгө салат.

Кыргыз Республикасынын Убактылуу элдик Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-апрелиндеги № 1 декрети

(2010.17.05. өзгөртүүлөр жана толуктоолор *менен)*

Өзүнүн Кыргыз Республикасынын мамлекеттик эгемендүүлүгүнүн алып жүрүүчүсүнүн жана мамлекеттик бийлигинин бирден бир булагынын ыйык укугунан пайдаланып, 2010-жылдын 6-7-апрелинде Кыргызстандын эли К.С.Бакиевдин элге каршы режимин кулатты.

Элдин эркин билдирүүсүнүн натыйжасында мамлекеттик бийлик Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтүнө өттү.

Кыргызстандын элинин атынан мамлекеттик бийликтин иштиктүү тутумун түзүү максатында Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтү Кыргызстандын элинин атынан ушул Декретти **кабыл алат:**

1. Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик бийлик элдин эркин билдирүүсүнө ылайык Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтүнө өтөт.

2. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жаңы редакциясы кабыл алынганга чейин Кыргыз Республикасында 2007-жылдын 21-октябрында Кыргыз Республикасынын референдуму (бүткүл элдик добуш

берүүсү) менен кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Конституциясы өзүнүн юридикалык күчүн сактап калат.

Кыргыз Республикасынын Конституциясында Кыргыз Республикасынын Президентине, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө бекитилип берилген ыйгарым укуктар менен милдеттер Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтүнө жүктөлөт.

3. 4-шайланган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши ушул Декрет менен таратылат.

4. Мамлекеттик бийликтин Кыргызстандын элине тиешелүү экендиги жөнүндө конституциялык принципке жана ушул Декретке ылайык Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Мыйзам чыгаруу ыйгарым укуктары менен милдеттерин Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин жаңы курамы шайланганга чейинки мезгилде Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтү жүзөгө ашырат.

КР Убактылуу Өкмөтүнүн 2010.17.05 37 декретине *ылайык 5-пункт редакцияда баяндалды (мур.* ред. *караңыз)*

5. 2008-жылы түзүлгөн Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Борбордук комиссиясынын курамынын ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулсун.

Кыргыз Республикасынын Конституциясын кабыл алуу маселелери боюнча референдумду (жалпы элдик добуш берүү), Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоону даярдоо жана өткөрүү мезгилинде саясый партиялардын жана бейөкмөт уюмдардын өкүлдөрүнөн турган Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик күзөт кызматын жоюу жөнүндө
Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтүнүн 2010-жылдын 12-апрелиндеги № 9 декрети

Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-апрелиндеги № 1 Декретинин негизинде:

1. Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик күзөт кызматы милдеттерин, тиешелүү штаттарын, документтерин жана материалдык-техникалык каражаттарын төмөнкүлөргө өткөрүп берүү менен жоюлсун:

- Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик улуттук коопсуздук кызматына - алар туруктуу жана убактылуу жайгашкан жерлеринде мамлекеттик күзөт объекттеринин коопсуздугун камсыз кылуу чөйрөсүндө;

- Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигине - чет мамлекеттердин башчыларын тосууда жана Бишкек шаарынын борбордук «Ала-Тоо» аянтында орнотулган Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик желегинин алдында кайтаруу кызматын өтөө боюнча.

2. Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик улуттук коопсуздук кызматы жана Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлиги өткөрүп берилген милдеттерге жараша Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик күзөт кызматынын укугун мурастоочулар болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын Жаштар иштери боюнча министрлигин түзүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтүнүн 2010-жылдын 26-апрелиндагы № 25 декрети

Жаштар иштери боюнча мамлекеттик органдын ишин уюштурууну өркүндөтүү максатында, Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-апрелиндеги № 1 Декретин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтү ушул Декретти кабыл алат:

1. Кыргыз Республикасынын Эмгек, ишке орноштуруу жана миграция министрлигинин алдындагы Жаштар иштери боюнча департаментинин базасында ага жаштар иштери боюнча милдеттерди өткөрүп берүү менен Кыргыз Республикасынын Жаштар иштери боюнча министрлиги түзүлсүн.

2. Кыргыз Республикасынын Жаштар иштери боюнча министрлиги:

- Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтүнүн түзүмүнө, Кыргыз Республикасынын жаштар иштери боюнча министри Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтүнүн курамына кирери;

- жаштар иштери маселелери боюнча милдеттер бөлүгүндө Жаштар иштери боюнча департамент менен Кыргыз Республикасынын Эмгек, ишке орноштуруу жана миграция министрлигинин укугун мурастоочу болуп эсептелери белгиленсин.

3. Кыргыз Республикасынын Жаштар иштери боюнча министрлиги бир айлык мөөнөттө:

- Кыргыз Республикасынын Эмгек, ишке орноштуруу жана миграция министрлиги жана Кыргыз Республикасынын Каржы министрлиги менен биргелешип документтерди, материалдык-техникалык баалуулуктарды, каржыларды, штаттарды кабыл алууну-өткөрүп берүүнү жүзөгө ашырсын;

- Кыргыз Республикасынын Жаштар иштери боюнча министрлигинин жобосунун, башкаруу схемасынын, түзүмүнүн жана штаттык санынын долбоорлорун, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Эмгек, ишке орноштуруу жана миграция министрлигинин жобосун ушул Декретке ылайык келтирүү боюнча сунуштарды иштеп чыксын жана белгиленген тартипте бекитүүгө киргизсин.

К.Бакиев кол тийбестик статусунан ажыратуу жөнүндө Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтүнүн 2010-жылдын 26-апрелиндеги № 30 декрети

2010-жылдын 7-апрелинде Кыргызстандын эли ошол кездеги бийликтердин кылмыштуу жана жоопкерсиз саясатына каршы чыгуу менен алардын бейгам жүргөн жарандарды аттырганына карабастан К.Бакиевди Кыргыз Республикасынын Президентинин кызматынан кулатты.

2010-жылдын 7-апрелиндеги Элдик Курултайдын Борбордук аткаруу комитетинин чечимине ылайык, кырдаалды турукташтыруу жана бийликтин бирден-бир булагы эл экени жөнүндө негиз түзгөн принципти камсыз кылуу максатында Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтү түзүлгөн. Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-апрелиндеги № 1 Декрети менен Кыргыз Республикасынын Конституциясында Президентке, Жогорку Кеңешке жана Өкмөткө бекитилип берилген ыйгарым укуктар жана милдеттер Убактылуу Өкмөтүнө жүктөлгөн.

«Кыргызстандын эли эгемендиктин ээси жана Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик бийликтин жалгыз бир булагы» экендиги жөнүндө жобо кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн пайдубалы катары кызмат кылган бардык негизги документтерде - 1990-жылдын 15-декабрындагы Мамлекеттик эгемендүүлүк жөнүндө декларация, 1991-жылдын 31-августундагы Мамлекеттик көз карандысыздык жөнүндө декларацияда, 1993-жылкы бардык өзгөрүүлөрү менен Конституцияда бекитилген.

1993-жылдан тартып 2003-жылды кошуп алганда ага киргизилген бардык өзгөрүүлөр менен Кыргызстандын Конституциясында: «Мамлекетте элдин кандайдыр бир бөлүгү, кандайдыр бир бирикмеси же жеке адам бийликти ээлеп алууга укуксуз. Мамлекеттик бийликти күч менен ээлеп алуу эң оор кылмыш болуп саналат» деп жазылган. Колдонуудагы Конституцияда мамлекеттик бийликти ээлеп алуу жөнүндө түшүнүк алып салынганы менен мунун өзү бийликти ээлеп алуу элге каршы кылмыш катары жоюлуп калды дегендикти билдирбейт.

Мамлекеттик бийликти ээлеп алуу өлкөнүн Конституциялык түзүлүшүнүн негизине кол салат жана бийликтин негизги булагы болгон элдин кызыкчылыктарына түздөн-түз зыян келтирет. Кыргызстандын Президенти болуу менен К.Бакиев:

1) Өзүнүн «Ак Жол» партиясына Жогорку Кеңештеги мандаттардын 80 пайызын берүү менен парламенттик шайлоонун жыйынтыктарын расмий жарыялабастан өлкөдөгү мыйзам чыгаруу бийлигин басып алып, парламентти өзүнүн жеке максаттарына жетишүүнүн куралы кылып алган.

2) Конституциялык сотту кошо алганда сот тутумун саясий жүйөлөнгөн өкүмдөрдү чыгаруучу, мыйзамдарды каалагандай колдонуучу, кылмышкерлерди бошотуучу, күнөөсүздөрдү жазалоочу, президенттик бийликтин жоопкерчиликсиз жана коррупцияланган кошундусуна айландырууга жол берген.

3) Мамлекеттик кызматты уюштуруунун негиз болуучу принциптерин бузуп өз бир туугандары Жанышты, Маратты, Адылды, уулдары Марат менен Максимди өлкөдөгү жооптуу кызмат орундарына дайындап, алар анын тике баш ийүүсүндө болгон.

4) 2009-жылдын ичинде конституциялык органдарды жойгон жана Президенттин институту деп аталымыш болгон конституциялык эмес түзүмдөрдү түзүп, аларды кийин өзүнүн сөзүн экн кылбаган Конституциялык соттун жана Жогорку Кеңештин жардамы менен Конституцияга өзгөртүүлөрдү киргизүү жолу менен мыйзамдаштырууга аракеттенген. Бул «конституциялык реформалар» анын ыйгарым укуктарын Президенттин Институтуна өткөрүп берүү менен Өшөттү андан ары алсыратууга, ошондой эле анын бирден-бир максаты Президенттин милдетин аткаруучуну дайындоо болгон, Президент тарабынан аныкталуучу Мамлекеттик кеңешти түзүүгө багытталган.

5) Өз уулу Максим Бакиев үчүн Өнүктүрүү, инвестициялар жана инновациялар боюнча борбордук агентгикти түзүп, ага Кыргызстандын

бардык активдерин (мүлктү, насыяларды, гранттарды, алтын корлору менен башка каражаттарды кошуп алганда каржыларды) башкаруу боюнча ыйгарым укуктарды өткөрүп берип, аларды Максим бедели шек туудурган өз консультантгарына ишенип берип койгон.

6) 2007-жылдын 21-октябрындагы референдумда жана ар кыл деңгээлдеги органдарды шайлоодо 2007-жылдын 16-декабрындагы Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоодо, ошондой эле 2009-жылдын 23-июлундагы Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоодо да Кыргызстандын шайлоочуларынын добуштарынын натыйжаларын жапырт бурмалоо жолу менен элдин эркин билдирүүсүн өлкөдөгү бүткүл бийликти ээлеп алуунун жеке кызыкчылыгы менен алмаштырган.

Бүткүл бийликти ээлеп алып жана өзү тике контролдогон күч түзүмдөрүнө, криминалитетке жана ЖМКга таянып, Жогорку Кеңештин, сот органдары менен Өкмөттүн колдоосу жана үнсүз макул болуусу менен Президент К.Бакиев бүткүл Кыргызстанды - анын жарандарын, табигый жана экономикалык ресурстарын өзү каалагандай контролдогон жана пайдаланып келген. 2010-жылдын жазына карата К.Бакиевдин үй-бүлөсү башка адамдардын атынан «Кристалл», «Кыргызтелеком», «Түндүкэлектро», «Чыгышэлектро» акционердик коомдору жана башкалар сыяктуу мамлекеттик менчиктин стратегиялык объекттерин мыйзамсыз менчиктеп алган. Мында жарандар алардын жаңы ээлерине электр жана жылуулук энергиясына алдын ала эки эсе жогорулатылган тарифтер боюнча төлөөгө милдеттүү болушкан. Мунун баары өлкөдөгү негизги азык-түлүктөргө, товарларга жана кызматтарга баалардын өсүшүнө алып келген.

Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтүнүн фонду жөнүндө Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-майындагы № 33 декрети

Экономикалык, социалдык-маданий жана башка иш-чаралар боюнча күтүлбөгөн чыгымдарды оперативдүү каржылоо максатында Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтү ушул Декретти кабыл алат:

1. 2010-жылдын бюджетинде Кыргыз Республикасынын Президентинин резервдик фонду үчүн каралган каражаттардын эсебинен 160000000 (жүз алтымыш миллион) сом суммасында Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтүнүн фонду түзүлсүн.

2. Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтүнүн фондунун каражаттарын чыгымдоо Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтүнүн Төрагасынын же Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтүнүн Төрагасынын Биринчи орун басарынын буйруктарына ылайык ишке ашырылсын.

3. Төмөндө тиркелгендер бекитилсин:

- Кыргыз Республикасынын облустарынын мамлекеттик администрация башчыларынын - губернаторлорунун 2010-жылга карата облустар боюнча резервдик фонддору;

- Кыргыз Республикасынын облустарынын мамлекеттик администрация башчыларынын - губернаторлорунун 2010-жылга карата резервдик фонддору жөнүндө жобо.

4. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 13-июнундагы № 297 «Кыргыз Республикасынын жергиликтүү мамлекеттик администрация башчыларынын - облустардын губернаторлорунун резервдик фонду жөнүндө жобону бекитүү тууралуу» токтому колдонуу токтотулуп турсун.

5. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги Кыргыз Республикасынын 2010-жылга республикалык бюджетине өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу сунуштарды белгиленген тартипте берсин.

Кыргыз Республикасынын
Убактылуу Өкмөтүнүн Төрагасы Р.Отунбаева

«Кыргыз Республикасынын жаңы Конституциясын кабыл алуу боюнча референдум (бүткүл элдик добуш берүү) жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтүнүн 2010-жылдын 20-майындагы № 40 декрети

(2010.10.06. өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен)

2010-жылдын 7-апрелинде элдик революция өз элине каршы болгон президенттин режимин кулатты. Өлкөдө нукура демократиялык тартипти орнотуу үчүн сейрек кездешүүчү мүмкүнчүлүктөр пайда болду.

Өлкөдө коомдук-саясий жана экономикалык кырдаалды турукташтыруу жана демократияны андан ары өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүүгө мүмкүнчүлүк берген жаңы Конституцияны кабыл алуу зарылдыгы келип чыкты.

Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтү салтка айланган мамлекеттик өзүмчүл бийликтин кайра жаралбашына жаңы Конституция мүмкүнчүлүк түзөөрүнө терең ишенет.

Мамлекеттик бийликтин бирден бир булагы жана эгемендүүлүктү алып жүрүүчү болуп саналган Кыргызстандын элинин эркин билдирүү максаттарында 2010-жылдын 7-апрелиндеги № 1 Декретин жетекчиликке алуу менен Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтү ушул Декретти кабыл алат:

1. 2010-жылдын 27-июнуна жекшембиге Кыргыз Республикасынын баардык аймактарында референдум (бүткүл элдик добуш берүү) дайындалсын.

2. Кыргыз Республикасынын жарандары тарабынан кабыл алуу үчүн референдумга Кыргыз Республикасынын Конституциясынын долбоору жана «Кыргыз Республикасынын Конституциясын колдонууга киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы киргизилсин (тиркелет).

3. Добуш берүү үчүн бюллетенге киргизилген төмөнкүдөй тастыкталган маселелер бекитилсин:

Референдумга (бүткүл элдик добуш берүүгө) долбоорлору Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтү тарабынан сунушталган Кыргыз Республикасынын Конституциясы жана «Кыргыз Республикасынын Конституциясын колдонууга киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы кабыл алынсын.

МАКУЛ ☐ КАРШЫ ☐

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын долбооруна жана «Кыргыз Республикасынын Конституциясын колдонууга киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долборуна түзөтүүлөрдү киргизүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтүнүн 2010-жылдын 26-майындагы № 52 декрети

«Эркин Тоо» гезитинин 2010-жылдын 20-майындагы № 42 (1962) санында жарыяланган Кыргыз Республикасынын Конституциясынын мамлекеттик жана расмий тилдердеги долбоорундагы жана «Кыргыз Республикасынын Конституциясын колдонууга киргизүү жөнүндө» мамлекеттик тилдеги Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоо-

рундагы айрым техникалык жана редакциялык так эместиктерди жоюу максатында, Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтү ушул Декретти кабыл алат:

1. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын долбооруна жана «Кыргыз Республикасынын Конституциясын колдонууга киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбооруна тиркемеге ылайык түзөтүүлөр киргизилсин.

2. Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы аткаруу бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен тыгыз өз ара аракетте участкалык, аймактык (райондук, шаардык) референдум комиссияларын ушул Декреттен келип чыккан зарыл материалдар менен камсыз кылуу боюнча чараларды көрсүн.

3. Ушул Декрет «Эркин Тоо» гезитине жарыялансын.

4. Ушул Декрет жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын
Убактылуу Өкмөтүнүн Төрагасы Р.Отунбаева

«Кыргыз Республикасынын Конституциясынын долбооруна жана «Кыргыз Республикасынын Конституциясын колдонууга киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбооруна түзөтүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Убактылуу Өкмөттүн Декретине

«АзияУниверсалБанк» ачык акционердик коомун мамлекеттештирүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-июнундагы № 56 декрети *(2010.01.07. толуктоолор менен)*

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 4-беренесинин 3-пунктунун негизинде, Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтүнүн 2010-жылдын 1-апрелиндеги № 1 Декретин жетекчиликке алып, ошондой эле банктык жана төлөм системаларынын туруктуулугун камсыз кылуу, коомдогу социалдык чыңалууну болтурбоо, аманатчылардын жана кредиторлордун кызыкчылыгында активдерди сактоо, «АзияУниверсалБанк» ачык акционердик коомунун (мындан ары - «АзияУниверсалБанк» ААКы) финансылык абалынын начарлоосуна бөгөт коюу максатында Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтү ушул Декретти кабыл алат:

1. Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 288-беренесине ылайык «АзияУниверсалБанк» ААКынын акциялары мамлекеттештирилсин.

КР Убактылуу Өкмөтүнүн 2010.01.07. № 91 декретине 1-1-пункт менен толукталган

«Кыргыз Республикасынын Конституциясын колдонууга киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2010-жылдын 27-июнундагы Мыйзамы

1-берене.

1. Кыргыз Республикасынын Конституциясы төмөнкүлөрдү кошпогондо референдумдун (бүткүл элдик добуш берүүнүн) жыйынтыктары расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет:

- жаңы шайланган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин биринчи жыйналышы башталган күндөн тартып күчүнө кире турган үчүнчү бөлүмүнүн, төртүнчү бөлүмүнүн экинчи жана үчүнчү главаларынын, бешинчи-алтынчы бөлүмдөрдүн жоболорун;

- 2011-жылдын 1-январынан тартып күчүнө кирүүчү 30-беренеинин экинчи бөлүгүнүн жоболорун.

2. Референдум (бүткүл элдик добуш берүү) менен кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Конституциясы жана «Кыргыз Республикасынын Конституциясын колдонууга киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы кол коюуну талап кылбайт.

3. Эгемендүү Кыргыз Республикасынын биринчи Конституциясы кабыл алынган күндүн тарыхый маанисин эске алып, 5-май Кыргыз Республикасынын Конституция күнү деп эсептелинсин.

4. Конституция күчүнө кирген күндөн тартып төмөнкүлөр күчүн жоготту деп эсептелинсин:

1) 1993-жылдын 5-майында кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Конституциясы ага киргизилген бардык өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен;

2) «Кыргыз Республикасынын Конституциясын колдонууга киргизүү жөнүндө» 1993-жылдын 5-майында № 1186-XII кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;

3) төмөнкүлөрдү кошпогондо «Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жаңы редакциясы жөнүндө» 2007-жылдын 23-октябрындагы № 157 Кыргыз Республикасынын Мыйзамы:

жаңы чакырылыштагы Жогорку Кеңештин биринчи жыйналышы башталган күндөн тартып күчүн жоготуучу Кыргыз Республикасынын Президентинин ыйгарым укуктары жөнүндө жоболорду;

жаңы Конституцияга ылайык түзүлгөн Өкмөттүн жаңы курамы дайындалган күндөн тартып күчүн жоготуучу Кыргыз Республикасынын Премьер-министринин ыйгарым укуктары жөнүндө жоболорду.

5. Конституция күчүнө киргенге чейин колдонулуп келген мыйзамдар жана башка ченемдик укуктук актылар Конституцияга каршы келбеген бөлүгүндө колдонулат.

Жарандык, жазык жана административдик сот өндүрүшүнүн тартибин жөнгө салуучу мыйзамдар аларды Конституцияга ылайык келтиргенге чейин колдонулат.

6. Кыргыз Республикасынын эл аралык милдеттенмелеринде, Кыргыз Республикасындагы шайлоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын кодексинде, «Эркектер менен аялдар үчүн бирдей укуктар менен бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамында «Гендердик саясатты оркундотуу боюнча чаралар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Президентинин 2006-жылдын 20-мартындагы № 136 Жарлыгында каралган атайын кепилдиктер өз колдонулушун сактап калат.

7. Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоо Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 70-беренеси менен каралган талаптарга ылайык жүргүзүлөт.

8. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун жана жергиликтүү сотторунун судьялары жаңы Конституцияга ылайык жаңы судьялар шайланганга жана дайындалганга чейин өз ыйгарым укуктарын сактап калат.

Жогорку соттун төрагасынын орун басарлары, жергиликтүү соттордун төрагалары жана алардын орун басарлары жаңы Конституцияга ылайык Жогорку соттун төрагасынын жаңы орун басарлары, жергиликтүү соттордун төрагалары жана алардын орун басарлары шайланганга чейин өз ыйгарым укуктарын сактап калат.

Жаңы Конституцияга ылайык Судьяларды тандоо боюнча кеңеш түзүлгөнгө чейин судьялардын, жергиликтүү соттордун төрагаларынын жана алардын орун басарларынын бош калган кызматтары Убактылуу Өкмөт тарабынан аныкталуучу тартипте зээленет.

9. Жергиликтүү кеңештердин депутаттары өздөрү шайланган мөөнөт аяктаганга чейин ыйгарым укуктарын сактап калат.

Шаарлардын мэрлери, шаардык башкармалыктардын жана айыл өкмөттөрүнүн башчылары жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдарынын тиешелүү кызмат адамдары шайланганга чейин өз ыйгарым укуктарын сактап калат.

10. 2010-жылдын 12-апрелиндеги № 2 «Конституциялык сотту таратуу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтүнүн Декрети чыккан күндөн тартып Конституциялык соттун судьяларынын ыйгарым укуктары токтотулду деп эсептелинсин.

Декрет Временного Правительства Кыргызской Республики от 13 июня 2010 года № 70 О введении чрезвычайного положения в Джалал-Абадской области Кыргызской Республики

В связи с непрекращающимися столкновениями, происходящими в Джалал-Абадской области, в интересах безопасности граждан и в целях скорейшей нормализации обстановки и наведения общественного порядка, руководствуясь Декретом Временного Правительства Кыргызской Республики от 7 апреля 2010 года № 1, Временное Правительство Кыргызской Республики принимает настоящий Декрет:

1. Ввести чрезвычайное положение на всей территории Джалал-Абадской области до 22 июня 2010 года с установлением комендантского часа с 18.00 часов до 06.00 часов.

2. Назначить первого заместителя председателя Государственной службы национальной безопасности Кыргызской Республики Байболова Кубатбека Калбековича комендантом Джалал-Абадской области Кыргызской Республики на период введения чрезвычайного положения и предоставить ему право определить перечень и пределы чрезвычайных мер и временных ограничений прав и свобод граждан, их дополнительных обязанностей на указанной территории.

3. Коменданту Байболову К.К. в соответствии с Конституционным Законом Кыргызской Республики «О чрезвычайном положении» принять

исчерпывающие меры по пресечению, предупреждению и ликвидации последствий массовых беспорядков, сопряженных с насилием и угрозой жизни людей.

«Манас» май куюу комплекси» мамлекеттик ишканасын түзүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтүнүн 2010-жылдын 21-июндагы № 97 токтому

Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 5-главасына, «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 11-беренесине жана Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-апрелиндеги № 1 Декретине ылайык Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтү токтом кылат:

1. «Манас» май куюу комплекси» мамлекеттик ишканасы түзүлсүн.

2. «Манас» май куюу комплекси» мамлекеттик ишканасынын (мындан ары - Ишкана) тиркелген уставы бекитилсин.

3. Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик мүлк министрлиги жана Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлиги он күндүк мөөнөттө:

- Ишкананы жайгаштыруу жөнүндө маселени карашсын жана чечишсин;

- Ишкананы белгиленген тартипте каттоодон өткөрүшсүн.

4. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтүнүн Төрагасынын Биринчи орун басарына тапшырылсын.

Кыргыз Республикасынын
Убактылуу Өкмөтүнүн Төрагасы Р. Отунбаева

Кыргыз Республикасынын
Убактылуу Өкмөтүнүн
2010-жылдын 21-июндагы № 97
токтому менен бекитилген

«Манас» суюкотун-май куючу комплекси» мамлекеттик ишканасынын уставы

I. Жалпы жоболор

1. «Манас» суюкотун-май куючу комплекси» мамлекеттик ишканасы (мындан ары - Ишкана) чарба жүргүзүү укугуна негизделген, мамлекеттик ишкананын уюштуруучулук-укуктук таризинде иштөөчү юридикалык жак болуп саналат, обочолонгон мүлккө ээ болот жана өз ишин өзүн өзү актоо негизинде жүзөгө ашырат.

2. Ишкана оз ишинде Кыргыз Республикасынын Конституциясын, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, Кыргыз Республикасынын токтомдорун жана тескемелерин, Кыргыз Республикасынын жана башка ченемдик укуктук актыларын, ошондой эле ушул Уставды жетекчиликке алат.

Кыргыз Республикасынын Президентинин айырма белгилери жөнүндө Кыргыз Республикасынын Убактылуу 2010-жылдын 1-июлундагы № 85 декрети

Кыргыз Республикасынын Президентин расмий иш-чараларда жана чет мамлекеттердин башчылары жана дипломаттык миссиялардын өкүлдөрү менен протоколдук тааныштырууну камсыз кылуу максатында, эл аралык практиканын алкагында Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтү ушул Декретти кабыл алат:

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин штандарты (желеги) Кыргыз Республикасындагы Президенттик бийликтин айырма белгиси жана символу болуп саналаары белгиленсин.

Кыргыз Республикасынын Президентинин штандарты Кыргыз Республикасынын Президенти кызматка киришкенде тапшырылат.

2. Кыргыз Республикасынын Президентинин штандартынын баяндамасы тиркемеге ылайык бекитилсин.

3. Төмөнкүлөр белгиленсин:

- Кыргыз Республикасынын Президентинин штандартынын түп нускасынын турган жери Кыргыз Республикасынын борбор шаары - Бишкек шаарында Кыргыз Республикасынын Президентинин резиденциясындагы кызматтык кабинет болуп саналаары;

- Кыргыз Республикасынын Президентинин штандартынын дубликаты республиканын борбор шаарындагы Кыргыз Республикасынын Президентинин резиденциясынын үстүнө, Кыргыз Республикасынын Президенти аларда болгон убакта башка резиденциялардын үстүнө, Кыргыз Республикасынын Президентинин транспорт каражаттарына Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик желеги менен катар орнотулаары;

- мамлекет башчысынын катышуусу менен болгон салтанаттуу жана башка аземдерде Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик желеги менен катар орнотулушу мүмкүн экендиги.

4. Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармалыгы ушул Декретке ылайык арналышы боюнча пайдалануу үчүн Кыргыз Республикасынын Президентинин штандартын (түп нускасын жана дубликаттарын) даярдоону камсыз кылсын.

5. 2005-жылдын 31-июндагы № 302 «Кыргыз Республикасынын Президентинин айырма белгилери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы күчүн жоготту деп табылсын.

6. Ушул Декрет кол коюлган күндөн тартып күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын
Убактылуу Өкмөтүнүн Төрагасы Р.Отунбаева

А. Акаевди кол тийбестик укугунан ажыратуу жөнүндө Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтүнүн 2010-жылдын 12-августундагы № 120 декрети

2005-жылдагы март революциясынан кийин, элдин чечкиндүү талаптарына ылайык прокуратура органдары тарабынан Кыргыз Республикасынын экс-президенти А.Акаевге карата бир катар кылмыш иштери козголгон, бул кылмыш иштеринде ага элдин жана мамлекеттин кызыкчылыгына каршы жосундарды жасаган деген айып тагылган. Аны кылмыш жоопкерчилигине тартуу жана Россия Федерациясынан экстрадициялоо, кылган кылмыштары үчүн шексиз жазалоо принцибин толугу менен аткаруу маселелери бүгүнкү күндө ачык бойдон калууда, себеби А.Акаев кол тийбестик укугуна ээ.

2010-жылдын апрелиндеги окуялардан кийин А.Акаев өзүнүн берген көптөгөн интервьюларында элдик кыймылга, К.Бакиевдин үй-бүлөлүк-кландык режимин кулатууга тиешеси бар экендигин билдирүүгө, тагылган

айыптардан качып, өзүнүн башкарган жылдарын демократиянын жана адилеттиктин үлгүсү катары көрсөтүүгө аракеттенүүдө. Ошол эле убакта аны билдирүүлөрү чагымчылык мүнөздө болуп жатат, себеби аны билдирүүлөрү республикадагы коомдук-саясий кырдаалды курчутууга багытталып, иш жүзүндө реванш алууну көксөп жаткан «үчүнчү» күчтөрдүн деструктивдүү аракеттери үчүн сигнал болууда.

А.Акаев, анын үй-бүлөсү жана жакындары башкарган убакта түптөлгөн үй-бүлөлүк-кландык башкаруунун негиздери К.Бакиевдин убагында ого бетер күчөгөндүгү Кыргызстандын элине белгилүү. Өлкөнүн мурдагы президенттери улуттук кызыкчылыктарды сатып, жеке кызыкчылыкты гана көздөп, үй-бүлөсүн байытууну максат кылып башкарышкан. Эл талап кылгандай, алар кылмыш жообуна тартылышы керек.

Биринчи кезекте, А.Акаев жеке бийликти орнотуу аракетин жасап, бийликтин бирден бир туткасы болгон элдин укугуна кол салды.

Эгемен Кыргызстандын 1993-жылы кабыл алынган жаңы Конституциясында бардык бийлик бутактары менен президенттин ортосундагы тең салмактуулук жана бирин бири токтотуп туруу системасы каралган, демек бийлик бутактарынын бири да бүткүл бийликке ээ боло алган эмес. Бирок «легендарлуу» парламент кабыл алган Конституция Кыргыз Республикасынын алгачкы Президенти А.Акаевдин көңүлүнө туура келбей калып, А.Акаевдин Конституцияны өзгөртүү боюнча андан аркы иш-аракеттери жеке бийликти чыңдоого жана күчөтүүгө багытталды.

Кыргыз Республикасынын 1993-жылдагы Конституциясына ылайык негизги мыйзамга өзгөртүүлөрдү Жогорку Кеңеш гана киргизе алган. Президенттин ыйгарым укуктарын күчөтүү жөнүндө сунушун депутаттык корпус колдоого албасын алдын ала билген А.Акаев 1994-жылы Конституцияга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду референдум жолу менен киргизсе болот деген норманы киргизген. Андан кийин ал өзүнүн ыйгарым укуктарын кеңейтүү жана күчөтүү үчүн жана жеке бийлигин мыйзамдаштыруу үчүн референдумду бир нече жолу колдонду.

Андан соң А.Акаев 1993-жылдагы Конституциянын 1996-жылдагы редакциясын одоно түрдө бузду, бул Конституцияда бир эле адам эки мөөнөттөн ашык катары менен президент боло албайт деп так жана ачык жазылган. Бирок А.Акаев кол баласына айланган Конституциялык соттун корутундусун пайдаланып, өзүнүн иш-аракеттерин мыйзамдуу кылып көрсөтүп, 2000-жылы президенттик үчүнчү мөөнөткө талапкерлигин койду. А.Акаевдин мындай иш-аракеттери бийликти басып алуу деп бааланууга тийиш.

Экс-президент А.Акаев оор кылмыш кылган. Кыргыз-кытай чек арасынын линиялары маселеси боюнча анын кылмыштуу, барына макул позициясынын кесепетинен аталышы кыргыз элине байыртадан эле таандык экендигин айгинелеп турган кыргыз жерлери Кытайга өтүп кетти. Ал өзүнүн элге каршы чечимин ал тургай тааныштуу үчүн берилген чыныгы архивдик документтер турса да өзгөрткөн жок. А.Акаев 1996-жылдын 4-июлунда кол койгон Кыргыз Республикасы менен Кытай Эл Республикасынын ортосундагы Кыргыз-кытай чек арасы жөнүндө макулдашууга ылайык Кытайга жалпы аянты болжол менен 358,7 квадрат километрди түзгөн Жаңы-Жер (Сары-Жаз суусунун бою), Боз-Айгыр-Кожонт (Какшаал суусунун жээктери), Хан-Теңири тоосунун этеги, Эңилчек (мөңгү) участоктору өтүп кеткен. Кыргыз-кытай чек арасы жөнүндө 1999-жылдын 26-августундагы кошумча макулдашууга ылайык аянты болжол менен 872,0 квадрат километрди түзгөн Үзөңгү-Кууш участогу Кытайга өтүп кеткен. Кыргыз Республикасынын, Кытай Эл Республикасынын жана Казакстан Республикасынын ортосундагы Үч мамлекеттин чек арасынын кесилишкен чекити жөнүндө 1999-жылдын 26-августундагы макулдашууга ылайык кыргыздардын туу туткан символу жана сыймыгы, Кыргыз Республикасынын аймагында жайгашкан Хан-Теңири тоосу үч мамлекетке бөлүнүп калган.

2001-жылдын 15-декабрында А.Акаев кыргыз-казакстан мамлекеттик чек арасы жөнүндө келишимге кол койгон, ага ылайык Кара-Буура районунун Көк-Сай участкасы, Маймак карьери, Ысык-Ата районунда, стратегиялык маанидеги Бишкек-Торугарт трассасында жайгашкан, аянты 12 гектарды түзгөн Достук участогу жана кыргыз эли үчүн өзгөчө тарыхый мааниге ээ болгон Каркыра жайлоосунун 500 гектары Казакстанга өтүп кеткен.

А.Акаев бүткүл бийликти басып алып, өзү көзөмөлдөп турган Өкмөткө таянып жана сот органдарынын унчукпаган макулдугу менен Кыргызстандын табигый байлыктарын жана коп киреше берүүчү ишканаларын өз каалагандай тескеп турган.

Мына ушундай кылмыштуу иш-аракеттеринин кесепетинен дүйнөдөгү ири алтын кени болгон Кумтөр кени тендер өткөрүүсүз жана Жогорку Кеңештен ратификацияланбай туруп 1994-жылы «Камеко Корпорэйшн» аттуу чет элдик инвесторго Кыргызстан үчүн абдан пайдасыз шарттарда берилген. Бул долбоордун экономикалык жактан натыйжасыздыгы көптөгөн эксперттер тарабынан далилденүүдө. А.Акаевдин үй-бүлөсүнүн мына ушундай коррупцияга баткандыгынын

кесепетинен Кыргызстандын бюджетине ондогон, жүздөгөн миллиард сом түшпөй калган.

2004-жылы Макулдашуу боюнча долбоорду башкаруу кыргыз тарапка өтмөк. Бирок А.Акаевдин, анын үй-бүлөсүнүн жана жакындарынын кызыкчылыгы Кыргызстандын бүткүл элинин кызыкчылыгынан жогору коюлуп, анын айынан 2003-жылы Кумтөр алтын кенин иштетүү боюнча долбоорду реструктуризациялоо жөнүндө «Камеко Корпорэйшн» корпорациясынын сунушу кабыл алынган. Чет элдик инвестордун Кумтөр долбоорун реструктуризациялоо боюнча сунушу Жогорку Кеңештин жүйөлүү түрдө каршы болгондугуна карабай жана анын макулдугусуз кабыл алынган, ал тургай мыйзамдарга ылайык колдонуудагы макулдашууну өзгөртүү үчүн Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин макулдугу талап кылынаары эске да алынган эмес.

Кумтөр долбоору боюнча мурда кол коюлган макулдашуулар Кыргызстан үчүн канчалык пайдасыз болгондугу 2005-жылдагы март революциясынан кийин далилденди, ошол учурда инвестор мурда колдонулган макулдашууларды кайрадан карап чыгууга аргасыз болду. Кыргыз тараптын акцияларынын санынын жана Ысык-Көл облусунун өнүктүрүү фондуна акча которуулардын көбөйүшү, Кумтөр долбоорунан бюджетке түшкөн акчанын бир нече эсеге көп болуп калышы макулдашууларды кайрадан карап чыгуунун жана жаңы макулдашууга кол коюунун натыйжасы болуп калды.

Ушундай эле тагдырга Жерүй алтын кени да туш болду.

«Мамлекеттик башкаруу органдарынын жарандык коом менен өз ара аракеттенүүсүн өркүндөтүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Президентинин 2010-жылдын 29-сентябрындагы № 212 жарлыгы (2013.03.06. өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен) (күчүн жоготкон)

КР Президентинин 2015.16.06. № 121 Жарлыгына ылайык күчүн жоготкон

КР Президентинин 2011.05.03. № 56 Жарлыгына ылайык бүткүл текст боюнча «Президенттин Администрациясы» жана «Типтүү жобо» деген ар түрдүү жөндөмөдөгү сөздөр тийиштүү жөндөмөдө «Президенттин Аппараты» жана «Жобо» деген сөздөр менен алмаштырылган (мур. ред. караңыз)

Преамбулага КР Президентинин 2013.03.06. № 128 Жарлыгына ылайык өзгөртүүлөр киргизилген (мур. ред. караңыз)

Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик органдардын жарандык коом институттарынын (коомдук бирикмелердин, ассоциациялардын, бирликтердин жана башкалардын) андан ары кеңейишинин, ченемдик бекитилишинин жана өз аракеттенүүсүнүн түрлөрүнүн практикага жайылтылышынын, ошондой эле чечимдерди кабыл алуунун жолжоболорунун бүдөмүксүздүгүн камсыз кылуунун жана аларды коомчулуктун кызыкчылыктарын эске алуу менен ишке ашыруунун максатында токтом кылам:

1. Бийликтин жана жарандык коомдун чечимдерди кабыл алуу жана ишке ашыруу процессинде өз ара аракеттенүүсүнүн узак мөөнөттүк туруктуу механизмдерин жайылтуу, ошондой эле жарандык демилгелерди ишке ашыруу үчүн шарттарды мамлекеттик башкаруу ишинин артыкчылыктуу багыттарынын бири деп эсептелинсин.

2. Коомчулук менен макулдашылган өз аракеттенүү максатында мамлекеттик органдардын алдында алардын курамына жарандык коомдун, илимий чөйрөнүн, бизнес-ассоциациялардын, кесиптик жана тармактык бирликтердин, мамлекеттик органдардын иши менен аралашкан чөйрөлөрдөн эксперттик коомчулуктун өкүлдөрүн киргизүү менен коомдук байкоочу кеңештер (мындан ары - Кеңештер) түзүүлөрү белгиленсин.

3. Тиркелген Мамлекеттик органдардын алдындагы коомдук байкоочу кеңештер жөнүндө Жобо (мындан ары - Жобо) бекитилсин.

Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтүн таркатуу жөнүндө Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтүнүн 2010-жылдын 21-декабрындагы № 147 декрети

2010-жылдын башында өлкөдө үй-бүлөлүк-кландык башкаруу орногон, Жогорку Кеңеш, Өкмөт, соттор жана укук коргоо органдары өздөрүнүн мыйзамдуу функцияларын аткарууну токтотуп жана өлкөнүн бардык ресурстарын контролсуз тескеп турган башкаруучу үй-бүлөнүн таламдарын тейлеген түзүмдөргө айланган.

Оппозициядагы саясий партиялар жана жарандык активисттер өздөрүнүн көз караштарын билдирүү үчүн мыйзамдуу каналдардан

ажыраган, тынч чогулуштарга жана митингдерге тыюу салынган, эркин жалпыга маалымдоо каражаттары биринин артынан бири жабыла баштаган, «Азаттык» радиосу берүү каналынан ажыратылган. Оппозициянын лидерлерине жана журналисттерге каршы респрессия күчөп, саясый буюртма киши өлтүрүүлөр жана ыңгайсыз адамдарды жалган жалаа боюнча жазыктык куугунтуктоо системага айланып, көп саясатчылар темир торго түшүп же өлкөнү таштап кетүүгө аргасыз болушкан.

Стратегиялык объекттерди сатуу жана электр энергиясына, жылуулукка, ысык жана муздак суу менен жабдууга тарифтердин жогорулашына, байланыштын кызмат көрсөтүүсү чегине жеткендигине алып келген жоопкерчиликсиз саясатка кыжырданган эл өзгөрүүлөрдү талап кыла баштаган. 2010-жылы 17-мартта Бишкек шаарында Элдик Курултай болуп, анда бийликке карата ачык-айкын талаптар коюлуп жана Р.И. Отунбаева башында турган Элдик Курултайдын Борбордук Аткаруу Комитети түзүлүп, ага Курултайдын чечимдерин жүзөгө ашыруу милдети жүктөлгөн.

2010-жылы 23-24-мартта бийлик өзүнүн Курултайын чакырган, ал элде «ыптымак курултайы» деп аталган, анда Бакиевдин элге каршы саясатын толук колдоо жөнүндө чечим кабыл алынган. Окуялардын мындай бурулушу анын андан аркы жүрүшүн аныктап койгон жана 2010-жылдын 7-апрелинде өлкөнүн бардык региондорунда жана ири шаарларында Элдик Курултайларды өткөрүү белгиленген. Бул акциялар тынчтык мүнөздө болуп жана улуттук бүлүнүүгө алып бара жаткан багыттан баш тартууга аргасыз кылуу максатында бийликке саясый кысым көрсөтүүгө тийиш болгон.

6-апрелде Таласта бийликтин бузуку аракеттери элдин милициянын бөлүктөрү менен кагылышуусуна, андан кийин бүткүл республика боюнча оппозициянын лидерлерин камакка алууга, Бишкек шаарында «Медиа-Форумдун» имаратынын жанында тынчтык Курултайдын катышуучуларын атайын куралдуу бөлүктөрдү колдонуу менен куулп таркатууга аракет жасоого алып келген жана «Ала-Тоо» борбордук аянтында тынч жарандарды атуу элдик кыжырдануунун жарылып кетишине түрткү болгон. Эгемендүүлүктүн жана мамлекеттик бийликтин бирден-бир булагынын эзси катары өзүнүн ыйык укугунан пайдалануу менен Кыргызстандын эли элге каршы бийликти кулатты, Президент К.Бакиев жана анын жанжөкөрлөрү өлкөдөн чыгып кетишти. Эркиндик жана демократиянын идеяларынын салтанат курушу үчүн күрөштө 86 адам курман болуп, бир нече жүздөгөн жарандар ар кандай оор жаракаттарды алышты.

2010-жылы 7-апрелде Кыргызстан толук ыдырап жана мамлекеттүүлүктү колдон чыгаруу коркунучуна туш болду, жаалданган жарандар имараттарды жана соода түйүндөрүн талкалап, укук коргоо органдары эси кетип шалдайып калган.

Ушундай татаал шартта мамлекеттин жана коомдун тагдыры үчүн жоопкерчиликти Бириккен Элдик Кыймыл тарабынан түзүлгөн Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтү (мындан ары - Убактылуу Өкмөт) өзүнө алган, аны Элдик Курултайдын Борбордук аткаруу комитетинин төрагасы - Роза Исаковна Отунбаева башкарган. 2010-жылы 7-апрелде кабыл алынган жана Борбордук «Ала-Тоо» аянтында жарыя кылынган № 1 Декрет менен Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши таркатылган жана мамлекеттик бийлик толугу менен Убактылуу Өкмөткө өткөн.

Убактылуу Өкмөт элге каршы режимден коррупцияга белчесинен баткан, этностук, региондук, тууган-укуктук белгилер боюнча бөлүнгөн мамлекетти мураска алган. Өлкө укуктук аң-сезим жагынан терең кризисте турган, коомчулук мамлекеттик бийлик институттарына ишенбей калган.

Ушундай жагдайга байланыштуу Убактылуу Өкмөт өз алдына төмөнкүдөй негизги милдеттерди койгон:

- укук тартибин жана мамлекеттин аймактык бүтүндүгүн камсыз кылуу;

- өлкөдө коомдук-саясый жана социалдык-экономикалык кырдаалды турукташтыруу;

- конституциялык реформаларды жүргүзүү жана мамлекеттик бийликтин мыйзамдуу органдарын түзүү аркылуу мамлекеттик бийликти легитимдештирүү.

Өз ишинин алгачкы күнү Убактылуу Өкмөт өз ишмердигинин мөөнөтүн так аныктаган, ошондой эле Кыргыз Республикасынын жаңы Конституциясын кабыл алуу боюнча референдум (бүткүл элдик добуш берүү) өткөрүүнүн жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын (мындан ары - Жогорку Кеңеш) шайлоонун болжолдуу даталарын жарыялаган. Аталган эки иш-чара белгиленген мөөнөттөрдү - 2010-жылдын 27-июнунда жана 10-октябрында өткөрүлдү.

2010-жылы 17-мартта Элдик Курултайдын чечими менен белгиленген саясый багыттын жолун жолдоочулугун камсыз кылуу үчүн Убактылуу Өкмөт 2010-жылы 7-апрелде Элдик революциянын алдында алдыга коюлган элдин талабын аткарды. Атап айтканда ал төмөнкүдөй чечим кабыл алынды:

«Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2011-жылдын 2-июлундагы № 68 Конституциялык Мыйзамы (2015.23.04. өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен)

2011-жылдын 30-июнунда

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган

1-глава. Жалпы жоболор. Жарандардын шайлоо укуктары (1-11-статьялары)
2-глава. Шайлоо комиссиялары жана шайлоо округу (12-13-статьялары)
3-глава. Шайлоочулардын тизмелери (14-16-статьялары)
4-глава. Талапкердин, саясий партиялардын өкүлдөрү. Талапкерлердин статусу (17-21-статьялары)
5-глава. Шайлоону маалыматтык камсыз кылуу (22-28-статьялары)
6-глава. Добуш берүүнү уюштуруу жана анын тартиби (29-33-статьялары)
7-глава. Добуш берүүнүн жыйынтыктарын белгилөө жана шайлоонун натыйжаларын аныктоо (34-39-статьялары)
8-глава. Шайлоону каржылоо (40-42-статьялары)
9-глава. Шайлоо эркиндигинин кепилдиктери (43-47-статьялары)
10-глава. Президентти шайлоо (48-58-статьялары)
11-глава. Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоо (59-65-статьялары)
12-глава. Корутунду жоболор (66-67-статьялары)

Ушул конституциялык Мыйзам Кыргыз Республикасынын жарандарынын шайлоо укуктарын жана алардын кепилдиктерин аныктайт, Кыргыз Республикасынын Президентин (мындан ары - Президент), Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын (мындан ары - Жогорку Кеңештин депутаттары) шайлоону даярдоого жана өткөрүүгө байланыштуу мамилелерди жөнгө салат.

1-ГЛАВА. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР. ЖАРАНДАРДЫН ШАЙЛОО УКУКТАРЫ

КР 2015.23.04. № 88 конституциялык Мыйзамына *ылайык 1-беренеге өзгөртүүлөр киргизилген*

1-берене. Ушул конституциялык Мыйзамда пайдаланылуучу негизги терминдер

«Жергиликтүү Кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2011-жылдын 14-июлундагы № 98 Мыйзамы (2015.21.01. өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен)

2011-жылдын 16-июнунда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган

1-Глава. Жалпы жоболор (1-40-беренелери)
2-глава. Шайлоо эркиндигинин кепилдиктери (41-45-беренелери)
3-глава. Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө жалпы жоболор (46-52-беренелери)
4-глава. Шаардык кеңештердин депутаттарын шайлоо (53-58-беренелери)
5-глава. Айылдык кеңештердин депутаттарын шайлоо (59-62-беренелери)
6-глава. Корутунду жоболор (63-берене)

1-ГЛАВА. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

1-берене. Ушул Мыйзам менен жөнгө салынуучу мамилелер

Ушул Мыйзам Кыргыз Республикасынын жарандарынын шайлоо укуктарын жана алардын кепилдиктерин аныктайт, жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоону даярдоо жана өткөрүү менен байланышкан мамилелерди жөнгө салат.

КР 2012.03.08. № 149 Мыйзамына *ылайык; 2014.21.11. № 158* Мыйзамына *ылайык; 2016.21.01. № 8* Мыйзамына *ылайык 2-беренесине өзгөртүүлөр киргизилген*

«Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетиндеги Антикоррупциялык кызматты түзүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Президентинин 2011-жылдын 14-декабрындагы № 27 Жарлыгы

2011-жылы Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бийлик органдары тарабынан уюшкан кылмыштуулукка каршы күрөшүүнү күчөтүүгө мүмкүнчүлүк түзгөн чаралар кабыл алынган. Бирок, иштеп жаткан укук коргоо системасы бийликтин жогорку эшелондорунда коррупциянын жана кызматтык кылмыштардын таркалышына каршы турууга жөндөмсүздүгүн көрсөттү.

Кыргыз Республикасында бир нече жолу коррупцияга каршы күрөшүү боюнча программалар кабыл алынган, бирок, алар эреже катары формалдуу жана декларативдүү мүнөздө болгон. Ченемдик укуктук базанын натыйжасыздыгы кээ бир кызмат адамдары үчүн өздөрүнүн жеке же топтук кызыкчылыктарын алдыга жылдыруу максатында мамлекеттик кызыкчылыктарга жамынып иш кылуусу ченем болуп, алардын кызматтык абалын жеке баюу үчүн пайдаланышы адаттагы практикага айланды. Коррупция Кыргызстандын бийлик түзүмдөрүндөгү башка терс көрүнүштөр менен катар 2005-жылдын март айындагы жана 2010-жылдын апрель айындагы элдик революцияларга алып келген башкы себептердин бири болгон.

Мамлекеттик башкаруу коррупцияланган чиновниктердин ишмердигинин натыйжасында өзүнүн натыйжалуулугун жоготууда. Анын кесепетинен ата мекендик жана чет өлкөлүк инвесторлордун мамлекетке ишеними төмөн бойдон калып, дүйнөлүк коомчулукта Кыргызстандын аброюна шек келтирилүүдө.

Коррупциялык жосундардын масштабдары жана мүнөзү коомдогу туруктуулукка гана эмес, ошондой эле Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздугуна да коркунуч келтирүүчү деңгээлге жеткендигин эске алып, **токтом кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетиндеги Антикоррупциялык кызмат (мындан ары – Антикоррупциялык кызмат) түзүлсүн.

2. Антикоррупциялык кызматтын милдети болуп саясый жана жогорку административдик мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарын ээлеген адамдарга, укук коргоо, сот органдарында, башка мамлекеттик жана муниципалдык органдарда иштеген адамдарга, ишмердүүлүгү мамлекеттик бюджеттен финансыланган же уставдык

капиталында мамлекеттин үлүшү (акциялар) бар мекемелердин, уюмдардын жана ишканалардын жетекчилерине карата коррупциялык кылмыштарды алдын алуу, бөгөт коюу, табуу, ошондой эле мыйзам менен аныкталган учурларда иликтөөлөр саналаары белгиленсин.

3. Антикоррупциялык кызматтын директору Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин төрагасынын биринчи орун басары болуп саналаары белгиленсин.

4. Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин төрагасы жана Антикоррупциялык кызматтын директору Антикоррупциялык кызматтын өздүк курамын кынтыксыз кадыр-баркы менен айырмаланган жана аларга жүктөлгөн функцияларды аткаруу үчүн жетиштүү кесипкөй жөндөмдөргө ээ адамдар менен комплекттөөнү камсыз кылсын.

5. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине Кыргыз Республикасынын Өкмөтү демилге кылган жана коррупциялык көрүнүштөргө каршы күрөшүү боюнча ченемдик-укуктук базаны өркүндөтүүгө багытталган мыйзам долбоорлорун артыкчылык тартибинде кароо сунуштасын.

6. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна коррупциялык кылмыштарды жасагандыгы үчүн жоопкерчиликти караган мыйзамды Кыргыз Республикасынын соттору тарабынан бир түрдүү колдонулушун камсыз кылуу сунуштасын.

«Кыргыз Республикасынын антикоррупциялык саясатынын Мамлекеттик стратегиясы жана коррупцияга каршы туруу боюнча чаралар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Президентинин 2012-жылдын 2-февралындагы № 26 Жарлыгы (2012.14.05. өзгөртүүлөр менен)

Коррупцияны жоюу боюнча мамлекеттик бийликтин органдарын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын, жарандык коомду мобилизациялоо максатында жана Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 65-беренесине жана Кыргыз Республикасынын коргоо Кеңешинин 2012-жылдын 30-январындагы «Коомдогу коррупциялык көрүнүштөргө каршы туруу боюнча чаралар жөнүндө» чечимине ылайык,токтом кылам:

1. Кыргыз Республикасынын антикоррупциялык саясатынын тиркелген Мамлекеттик стратегиясы бекитилсин.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү, башка мамлекеттик органдар, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары 2012-жылдын 1-мартына чейин антикоррупциялык саясаттын Мамлекеттик стратегиясын жүзөгө ашыруунун алкагында кыска мөөнөттүү жана узак мөөнөттүү мезгилдерге коррупцияга каршы туруу боюнча иш-чаралардын пландарын иштеп чыксын.

3. Кыргыз Республикасынын коргоо Кеңешинин катчылыгына Кыргыз Республикасынын антикоррупциялык саясатынын Мамлекеттик стратегиясын жүзөгө ашыруу боюнча иш-аракеттерди координациялоо жүктөлсүн.

4. КР Президентинин 2012.14.05. № 102 Жарлыгына ылайык күчүн жоготкон

5. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2009-жылдын 11-мартындагы № 155 «Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы күрөшүүнүн Улуттук стратегиясы жөнүндө» Жарлыгы күчүн жоготту деп табылсын.

6. Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын коргоо Кеңешинин катчылыгына жүктөлсүн.

7. Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Президенти А. Атамбаев

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2012-жылдын 2-февралындагы № 26 Жарлыгы менен бекитилген

Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы туруунун Мамлекеттик стратегиясы

Коррупциялык көрүнүштөргө каршы туруунун мамлекеттик стратегиясы (мындан ары - Стратегия) өлкө жетекчилигинин саясый эркин чагылдырат. Стратегиянын жоболору коррупциянын коомдогу өзөктүү себептерин жоюуга, комплекстүү максаттарга - коомдогу коррупциянын деңгээлин төмөндөтүүгө жетишүүнүн артыкчылыктарын, ыраатуулугун жана жолдорун аныктайт.

«Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу тарых илимин өнүктүрүү боюнча Комиссияны уюштуруу жана Кыргызстан элинин тарыхый жана маданий мурастарынын «мурас» фондун түзүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Президентинин 2012-жылдын 25-апрелиндеги № 94 Жарлыгы (2015.26.12. өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен)

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2012-жылдын 27-январындагы «Кыргызстан элинин тарыхый жана маданий мурастарын окуп-үйрөнүүнү терендетүү жана жарандык атуулдукту калыптандыруу боюнча чаралар жөнүндө» Жарлыгын жүзөгө ашыруу, ишенимдүү тарыхый булактардын негизинде Кыргызстан элинин тарыхый жана маданий мурастарын окуп-үйрөнүү боюнча изилдөөлөрдү колдоо жана тарых илимин андан ары өнүктүрүү, ошондой эле Кыргыз Республикасынын тарыхы боюнча фундаменталдык илимий эмгектерди, окуу китептерин жана жаңы муундагы окуу куралдарын даярдоо жана басып чыгаруу максатында токтом кылам:

1. Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу тарых илимин өнүктүрүү боюнча Комиссия тиркемеге ылайык курамда түзүлсүн.

2. Кыргызстан элинин тарыхый жана маданий мурастарынын «Мурас» Фонду түзүлсүн.

КР Президентинин 2013.19.08. № 178 Жарлыгына ылайык 3-пунктуна өзгөртүүлөр киргизилген

3. Төмөнкү тиркелген бекитилсин:

- Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу тарых илимин өнүктүрүү боюнча Комиссия жөнүндө Жобо;
- КР Президентинин 2013.19.08. № 178 Жарлыгына ылайык үчүнчү абзацы күчүн жоготкон
- КР Президентинин 2013.19.08. № 178 Жарлыгына ылайык төртүнчү абзацы күчүн жоготкон

4. Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратынын Жетекчиси бир айлык мөөнөттө Кыргызстан элинин тарыхый жана маданий мурастарынын «Мурас» Фондунун иштешинин уюштуруу-укуктук жана мамлекеттик каттоо маселелерин чечсин.

КР Президентинин 2013.19.08. № 178 Жарлыгына ылайык 5-пунктуна өзгөртүүлөр киргизилген

5. Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратынын Жетекчисине Кыргызстан элинин тарыхый жана маданий мурастарынын

«Мурас» Фондунун уюштуруучусунун ыйгарым укуктарын ишке ашырууга ыйгарым укуктар берилсин.

6. Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратынын этностук, диний саясат жана жарандык коом менен өз ара аракеттенүү бөлүмүнө жүктөлсүн.

Совместное заявление Президента Республики Казахстан и Президента Кыргызской Республики (Астана, 10 мая 2012 года)

Главы двух государств с глубоким удовлетворением отметив высокий уровень казахстанско-кыргызских отношений, основанных на принципах союзничества, стратегического партнерства и традиционного добрососедства, проведя переговоры в атмосфере дружбы, взаимопонимания и высокого доверия, обменявшись мнениями по актуальным международным и региональным проблемам, представляющим взаимный интерес, всесторонне обсудив широкий спектр вопросов и перспектив казахско-кыргызских отношений, исходя из обоюдного стремления к дальнейшему укреплению долгосрочного и взаимовыгодного сотрудничества между двумя государствами, основываясь на положениях Договора о вечной дружбе между Республикой Казахстан и Кыргызской Республикой от 8 апреля 1997 года и Договора о союзнических отношениях между Республикой Казахстан и Кыргызской Республикой от 25 декабря 2003 года, отмечая дальнейшее углубление политического партнерства и расширение торгово-экономических отношений, которое отвечает коренным интересам народов двух стран, заявляют о нижеследующем:

Главы государств отмечают взаимное стремление к дальнейшему развитию союзнических отношений, близость подходов к решению проблем обеспечения региональной и глобальной безопасности, а также по актуальным вопросам международной политики.

Главы государств подтверждают свою приверженность подписанным и вступившим в силу международным договорам между Республикой Казахстан и Кыргызской Республикой, общепризнанным нормам международного права, целям и принципам Устава Организации Объединенных Наций, укреплению роли ООН в решении всего комплекса вопросов по

поддержанию международного мира и безопасности, обеспечению глобального развития.

Главы государств выступили с решительным осуждением любых проявлений терроризма, сепаратизма, экстремизма, направленные на дестабилизацию политической и социально-экономической ситуации в обоих государствах, против общепризнанных прав человека, территориальной целостности, неприкосновенности и нерушимости государственных границ двух государств, в соответствии с нормами международного права.

Главы государств подчеркивают важность углубления взаимодействия и координации усилий в рамках международных организаций и форумов, в том числе Содружества Независимых Государств, Евразийского экономического сообщества, Организации Договора о коллективной безопасности, Шанхайской Организации Сотрудничества, Организации Объединенных Наций, Организации по безопасности и сотрудничеству в Европе, Совещания по взаимодействию и мерам доверия в Азии, Организации Исламского Сотрудничества, Совета сотрудничества тюркоязычных государств и др.

Главы государств считают, что предстоящий Саммит Совета сотрудничества тюркоязычных государств в Кыргызстане станет важнейшей встречей на пути развития Организации.

Кыргызская сторона отметила перспективность инициативы Президента Республики Казахстан Н.Назарбаева по созданию Союза Центрально-Азиатских Государств. Стороны решили продолжить консультации по данному вопросу.

С учетом важности сотрудничества ООН с региональными организациями как СНГ, ЕврАзЭС, ОДКБ, ШОС и др., Главы государств выразили готовность продолжать практику взаимной поддержки инициатив и кандидатур двух стран в рамках международных организаций.

Принимая во внимание намерение Кыргызской Республики вступить в Таможенный союз и Единое экономическое пространство, главы государств пришли к общему мнению о необходимости усилить взаимодействие сторон по вопросам присоединения Кыргызстана к Таможенному союзу в рамках созданной Рабочей группы по вопросу участия Кыргызской Республики в Таможенном союзе Республики Беларусь, Республики Казахстан и Российской Федерации.

Главы государств отметили позитивные тенденции развития взаимных торгово-экономических и инвестиционных связей, выразили

обоюдную заинтересованность в активизации сотрудничества в водно-энергетической, транспортно-коммуникационной сферах, добывающей и обрабатывающей промышленности, сельского хозяйства и туризма и др.

Главы государств отметили наметившийся рост взаимного товарооборота между Казахстаном и Кыргызстаном, а также перспективу и возможность в ближайшие годы достичь его миллиардного рубежа.

«Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2012-жылдын 18-июундагы № 85 конституциялык Мыйзамы (2014.24.05. өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен)

2012-жылдын 10-майында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган

1-глава. Жалпы жоболор (1-2-беренелер)
2-глава. Өкмөттүн түзүмү, курамы жана программасы. Өкмөттү түзүүнүн тартиби (3-9-беренелер)
3-глава. Өкмөттүн ыйгарым укуктары жана жоопкерчилиги, Өкмөттүн мүчөлөрүнүн ишинин кепилдиктери (10-13-беренелер)
4-глава. Өкмөттүн ишин уюштуруу жана анын тартиби (14-17-беренелер)
5-глава. Өкмөттүн мүчөлөрүнүн ыйгарым укуктары жана жоопкерчилиги (18-24-беренелер)
6-глава. Министрликтер, мамлекеттик комитеттер, администрациялык ведомстволор, Өкмөттүн ыйгарым укуктуу өкүлдөрү (25-29-беренелер)
7-глава. Өкмөттүн жана Президенттин өз ара мамилелеринин негиздери (30-берене)
8-глава. Өкмөттүн жана Жогорку Кеңештин өз ара мамилелери (31-32-беренелер)
9-глава. Өкмөт менен сот бийлигинин органдарынын, башка мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана жарандык коомдун өз ара мамилелеринин негиздери (33-40-беренелер)
10-глава. Корутунду жоболор (41-берене)

11-глава. Өтмө жоболор (42-берене)

Ушул конституциялык Мыйзам Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ишин уюштурууну жана анын тартибин аныктайт.

1-ГЛАВА. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

1-берене. Өкмөттүн укуктук статусу

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү (мындан ары - Өкмөт) мамлекеттик аткаруу бийлигинин жогорку органы болуп саналат.

2. Өкмөт коллегиалдуу орган болуп саналат, Кыргыз Республикасындагы аткаруу бийлик органдарынын бирдиктүү тутумуна башчылык кылат жана анын ишин жетектейт.

«2020-жылга чейин гендердик теңчиликке жетишүү боюнча КР улуттук стратегиясы жана КР гендердик теңчиликке жетишүү боюнча иш-аракеттердин улуттук планы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 27-июнундагы № 443 токтому (2015.20.11. өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен)

Аталышына КР Өкмөтүнүн 2015.20.11. № 786 токтомуна ылайык өзгөртүүлөр киргизилген

«Эркектер жана аялдар үчүн бирдей укуктардын жана бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, ошондой эле Кыргыз Республикасында гендердик теңчиликке жетишүү боюнча мамлекеттик саясатты натыйжалуу ишке ашыруу максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү токтом кылат:

1. Төмөнкүлөр бекитилсин:

- 2020-жылга чейин гендердик теңчиликке жетишүү боюнча Кыргыз Республикасынын улуттук стратегиясы (мындан ары - Улуттук стратегия) 1-тиркемеге ылайык;

- КР Өкмөтүнүн 2015.20.11. № 786 токтомуна ылайык үчүнчү абзацы күчүн жоготкон

- КР Өкмөтүнүн 2015.20.11. № 786 токтомуна ылайык төртүнчү абзацы күчүн жоготкон

- 2015-2017-жылдарга Кыргыз Республикасында гендердик теңчиликке жетишүү боюнча иш-аракеттердин улуттук планы (мындан ары - Иш-аракеттердин улуттук планы) 5-тиркемеге ылайык.

КР Өкмөтүнүн 2015.20.11. № 786 токтомуна ылайык 2-пунктуна өзгөртүүлөр киргизилген

2. Аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдары жана Бишкек жана Ош шаарларынын мэриялары (макулдашуу боюнча):

- Улуттук стратегиянын иш-чараларын жана Иш-аракеттердин улуттук планын ишке ашырууну тиешелүү жылга бекитилген бюджеттердин алкагында, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган башка булактардан жүргүзүшсүн;

- жарандык коомдун, эл аралык жана коммерциялык эмес уюмдардын өкүлдөрү катышкан учурда Улуттук стратегияны жана Иш-аракеттердин улуттук планын аткаруу боюнча чараларды көрүшсүн;

- ар бир жарым жылдын жыйынтыгы боюнча, отчеттук мезгилден кийинки айдын 5инен кечиктирбестен Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык - өнүгүү министрлигине ушул министрлик тарабынан бекитилген форма боюнча Улуттук стратегиянын жана Иш-аракеттердин улуттук планын ишке ашыруунун жүрүшү тууралуу маалымат берип турушсун.

3. Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлиги:

- ар бир жарым жылдын жыйынтыгы боюнча, отчеттук мезгилден кийинки айдын 15инен кечиктирбестен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө Улуттук стратегияны жана Иш-аракеттердин улуттук планын ишке ашыруунун жүрүшү жөнүндө жалпыланган отчет берип турсун;

- Улуттук стратегияны жана Иш-аракеттердин улуттук планын ишке ашырууга жыл сайын мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча зарыл учурда Улуттук стратегияга жана Иш-аракеттердин улуттук планына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө сунуштарды киргизсин.

- ар бир жылдын жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө Улуттук стратегияны ишке ашыруунун жүрүшү тууралуу жалпыланган отчет белгиленген тартипте Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жыйынында кароо үчүн берилип турсун.

4. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын социалдык өнүктүрүү бөлүмүнө жүктөлсүн.

5. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

«Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн облустагы ыйгарым укуктуу өкүлү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 17-июлундагы № 506 токтому (2012.11.09. өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен)

«Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 28-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ыйгарым укуктарын ишке ашыруу жана облустун аймагында мамлекеттик бийликтин ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн облустагы ыйгарым укуктуу өкүлү жөнүндө жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Облустук мамлекеттик администрациялар Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн Аппаратына өзгөртүп түзүлсүн.

3. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн облустагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн Аппараты облустук мамлекеттик администрациянын укук улантуучусу болуп эсептелээри белгиленсин.

4. Ыйгарым укуктуу өкүлдөр белгиленген тартипте эки жумалык мөөнөттө:

- мурда облустук мамлекеттик администрациялардын карамагында болгон бардык документтерди, негизги жана материалдык-техникалык каражаттарды ыйгарым укуктуу өкүлдүн Аппаратына кабыл алуу-өткөрүп берүү үчүн жумушчу комиссияларды түзүшсүн;

- облустук мамлекеттик администрация ээлеп турган административдик имараттагы жайларды натыйжалуу пайдалануу боюнча сунуштарды киргизишсин;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн облустагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн Аппараты жөнүндө жобону Кыргыз Республикасынын Премьер-министринин бекитүүсүнө киргизсин.

6. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын уюштуруу-инспектордук иштер жана региондук мониторинг бөлүмүнө жүктөлсүн.

7. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

Премьер-министр

Ө. Бабанов

"Коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы

Бишкек шаары, 2012-жылдын 8-августу N 153

(КР 2014-жылдын 17-майындагы N 70 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

Ушул Мыйзам коррупцияга каршы аракеттенүүнүн негизги принциптерин, коррупцияны алдын алуунун жана аны менен күрөшүүнүн укуктук жана уюштуруучулук негиздерин, коррупциялык укук бузуулардын кесепеттерин азайтуунун, жоюунун укуктук негиздерин белгилейт, ошондой эле Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздугун, жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин жана коомдук кызыкчылыктарды коррупциянын көрүнүштөрүнөн келип чыгуучу коркунучтардан коргоону камсыз кылууга багытталган.

1-берене. Ушул Мыйзамда пайдаланылуучу негизги түшүнүктөр

Коррупция – бийликтик ыйгарым укуктарга ээ болгон бир же бир нече кызмат адамдарынын айрым адамдар же топтор менен материалдык, кандай болбосун башка жыргалчылыктарды жана артыкчылыктарды мыйзамсыз алуу, ошондой эле алар тарабынан бул жыргалчылыктарды жана артыкчылыктарды жеке жана юридикалык жактарга берүү, коомдун же мамлекеттин кызыкчылыктарына коркунуч түзүүчү укукка каршы туруктуу байланыштарды түзүүдө атайылап жасалган жосун.

Коррупцияга каршы аракеттенүү – мамлекеттик бийлик органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, жарандык коом институттарынын, уюмдардын жана жеке жактардын өз ыйгарым укуктарынын чектериндеги төмөнкү иши:

1) коррупциянын алдын алуу, анын ичинде коррупцияны табуу жана андан ары коррупциянын себептерин четтетүү (коррупциянын алдын алуу) боюнча;

2) коррупциялык укук бузууларды табуу, аларга бөгөт коюу, ачуу жана териштирүү (коррупция менен күрөшүү) боюнча;

3) коррупциялык укук бузуулардын кесепеттерин азайтуу, жоюу боюнча;

4) коррупциялык укук бузууларды табууга, алардын алдын алууга, аларга бөгөт коюуга, ачууда жана териштирүүгө көмөк көрсөтүү боюнча.

2-берене. Коррупцияга каршы аракеттенүүнүн укуктук негизи

Коррупцияга каршы аракеттенүүнүн укуктук негизин Кыргыз Республикасынын Конституциясы, конституциялык мыйзамдар, ушул Мыйзам жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актылары, Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдер, ошондой эле эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптери жана нормалары түзөт.

3-берене. Коррупцияга каршы аракеттенүүнүн негизги принциптери

Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү төмөнкү негизги принциптерге негизденет:

1) адамдын жана жарандын негизги укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылууга жана коргоого;

2) мыйзамдуулукка;

Совместное заявление
по итогам официального визита Президента Российской Федерации
В.В. Путина в Кыргызскую Республику
(Бишкек, 20 сентября 2012 года)

В ходе переговоров главы государств всесторонне обсудили состояние и перспективы развития сотрудничества двух стран, были едины во мнении, что углубление отношений союзничества и стратегического партнерства остается приоритетным направлением внешней политики России и Кыргызстана.

1. В.В. Путин и А.Ш. Атамбаев с удовлетворением отмечают позитивную динамику взаимодействия России и Киргизии в политической, торгово-экономической, культурно-гуманитарной, военной и военно-технической областях и подтверждают свою неизменную приверженность принципам, заложенным в Договоре о дружбе, сотрудничестве и взаимной помощи между Российской Федерацией и Республикой Кыргызстан от 10 июня 1992 года, Декларации о вечной дружбе, союзничестве и партнерстве между Российской Федерацией и Кыргызской Республикой от 27 июля 2000 года.

2. Президенты придают важное значение продолжению российско-киргизского диалога на высшем уровне в интересах повышения эффективности взаимодействия в различных сферах, дальнейшего

наполнения отношений стратегического партнерства между Россией и Киргизией конкретным содержанием.

Признано необходимым продолжать расширение и совершенствование договорно-правовой базы двусторонних отношений, активно продвигать практическое взаимодействие по линии внешнеполитических, экономических, оборонных и других ведомств.

3. Отмечая активизацию межпарламентских связей, Стороны будут содействовать их дальнейшему развитию на основе Соглашения о сотрудничестве между Федеральным Собранием Российской Федерации и Жогорку Кенешем Кыргызской Республики от 20 мая 2007 года, в том числе в рамках постоянно действующей двусторонней Межпарламентской комиссии по сотрудничеству.

4. Главы государств с удовлетворением констатируют устойчивый рост двустороннего товарооборота, придают большое значение дальнейшей отраслевой диверсификации торгово-экономического, инвестиционного сотрудничества в интересах более эффективного использования потенциала двух стран и повышения благосостояния народов России и Киргизии.

Стороны приложат усилия в целях создания условий для скорейшего вступления в силу и реализации подписанного Соглашения между Правительством Российской Федерации и Правительством Кыргызской Республики об урегулировании задолженности Кыргызской Республики перед Российской Федерацией по ранее предоставленным кредитам.

Особое внимание уделяется практической реализации крупных взаимовыгодных проектов в области электроэнергетики на территории Кыргызской Республики во исполнение подписанных межправительственных соглашений о строительстве и эксплуатации Камбаратинской ГЭС-1 и Верхне-Нарынского каскада ГЭС.

Будут приняты конкретные меры для активизации сотрудничества по геологическому изучению недр на нефтегазоперспективных площадях, модернизации и развитию нефтегазового комплекса Киргизии с участием ОАО «Газпром», в горнорудной промышленности, в области производства, переработки и продвижения на рынки обеих стран сельскохозяйственной продукции, в банковской сфере и других перспективных сегментах киргизской экономики.

Президенты подтверждают, что Российская Федерация и Кыргызская Республика будут всемерно поощрять деятельность российских и киргизских инвесторов, гарантировать надежную правовую

защиту интересов бизнеса, способствовать созданию эффективных совместных производств, оказывать содействие внедрению современных информационно-коммуникационных технологий, расширять промышленную кооперацию, принимать меры по рациональному размещению новых и модернизации существующих производственных мощностей.

5. Главы государств считают важным повышать роль Межправительственной Российско-Кыргызской комиссии по торгово-экономическому, научно-техническому и гуманитарному сотрудничеству как механизма координации двустороннего взаимодействия и контроля за выполнением принятых решений, в том числе по реализации межправительственной Программы экономического сотрудничества на 2010-2013 годы.

6. Стороны будут и впредь содействовать расширению и совершенствованию сотрудничества в области образования, науки, культуры и искусства, информации, молодёжной политики, оказывать государственную поддержку распространению русского языка в Киргизии и киргизского языка в России.

Стороны с удовлетворением отмечают эффективность деятельности Кыргызско-Российского Славянского университета в Бишкеке как крупного образовательного, научного и культурного центра Кыргызской Республики и всего Центральноазиатского региона, будут и далее оказывать поддержку развитию этого вуза.

Отмечая значимость для развития двустороннего гуманитарного сотрудничества действующего с июня 2011 года в Бишкеке Российского центра науки и культуры, Стороны предпримут необходимые меры для открытия Киргизского дома науки и культуры в Москве.

«2013-2017-жылдардын мезгилине Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Президентинин 2013-жылдын 21-январындагы № 11 Жарлыгы (2013.27.09. өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен)

Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүү боюнча Улуттук кеңеш 2013-2017-жылдардын мезгилине Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясын кеңири коомдук талкуулоодон кийин, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн программалык иштеп чыгууларын, саясый партиялардын программаларын, Кыргыз Республикасынын

Жогорку Кеңешинин депутаттарынын, мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, эксперттик жамааттын, коомдук бирикмелердин жана жарандардын сунуштарын эске алуу менен кабыл алды.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 60- жана 65-беренелерине ылайык, өлкөнү туруктуу өнүктүрүүгө жетишүүдө, жакынкы беш жылда (2013-2017-жылдар) Кыргызстандын алдында турган - туруктуу саясый системасы, арымдуу өнүккөн экономикасы бар жана калктын кирешеси туруктуу өскөн, демократиялуу мамлекет катары калыптануу милдетин аткарууда мамлекеттик органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, саясый, коомдук күчтөрдүн, ишкердик субъекттердин жана жарандардын күч-аракеттерин бириктирүү максатында, ошондой эле Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүү боюнча Улуттук кеңештин 2013-жылдын 14-январындагы чечиминин негизинде төктом кылам:

1. Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүү боюнча Улуттук кеңеши тарабынан кабыл алынган 2013-2017-жылдардын мезгилине Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясы (тиркелет) бекитилсин.

2. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине мыйзам чыгаруу ишин жана өзүнүн контролдоо функцияларын жүргүзүүдө 2013-2017-жылдардын мезгилине Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясынын жоболорун жүзөгө ашырууга байланышкан маселелерди приоритеттүү тартипте кароо сунуш кылынсын.

3. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү, башка мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары:

- 2013-2017-жылдардын мезгилине Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясынын жоболорун жүзөгө ашырууну, анын ичинде аларда ачык-айкын чараларды, аларды жүзөгө ашыруу мөөнөттөрүн жана аткаруу үчүн жооптуу органдарды жана кызмат адамдарын аныктоо менен тармактык жана башка мамлекеттик программаларды белгиленген тартипте иштеп чыгуу, кабыл алуу, бекитүү жана аткаруу жолу менен, ошондой эле Кыргыз Республикасынын жаңы ченемдик укуктук актыларын иштеп чыгуу жана колдонулуп жаткандарына өзгөртүүлөрдү киргизүү аркылуу жүргүзсүн;

- квартал сайын, отчёттук мезгилден кийинки айдын 15-күнүнөн кечиктирбестен 2013-2017-жылдардын мезгилине Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясын жүзөгө ашыруунун

жүрүшү жөнүндө Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүү боюнча Улуттук кеңештин катчылыгына маалымат берип турсун.

4. Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппараты 2013-2017-жылдардын мезгилине Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясынын максаттары, негизги жоболору жана аны жүзөгө ашыруунун жүрүшү жөнүндө кеңири маалыматтык-түшүндүрүү иштерин жүргүзүүдө жана аны жүзөгө ашыруу процессине жарандарды тартууда мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына көмөк көрсөтсүн.

5. Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүү боюнча Улуттук кеңештин катчылыгы Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүү боюнча Улуттук кеңеш 2013-2017-жылдардын мезгилине Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясын жүзөгө ашыруунун жүрүшүнө баа бериши жана зарыл түзөтүүлөрдү киргизиши үчүн квартал сайын тийиштүү жалпыланган маалымат берүү менен Стратегиянын жүзөгө ашырылышына мониторинг жүргүзсүн.

6. Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоону өзүмө калтырам.

7. Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

«Бийлик органдарындагы саясий жана системалуу коррупциянын себептерин жоюу боюнча чаралар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Президентинин 2013-жылдын 12-ноябрындагы № 215 Жарлыгы (2016.05.03. өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен)

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2011-жылдын 14-декабрындагы № 27 «Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетиндеги Антикоррупциялык кызматты түзүү жөнүндө», 2012-жылдын 2-февралындагы № 26 «Кыргыз Республикасынын антикоррупциялык саясатынын Мамлекеттик стратегиясы жана коррупцияга каршы туруу боюнча чаралар жөнүндө» жарлыктарын, Кыргыз Республикасынын Коргоо кеңешинин 2012-жылдын 2-февралындагы «Коомдогу коррупциялык көрүнүштөргө каршы аракеттенүү боюнча чаралар жөнүндө» чечимин аткаруу үчүн Кыргызстанда коррупцияга каршы күрөшүү боюнча алгачкы кадамдар жасалды, тиешелүү уюштуруучулук чаралар көрүлдү, укук коргоо органдарынын иши активдештирилди, мыйзамдык базаны жаңылоо башталды.

Коомдо коррупциялык укук бузуулар үчүн жазанын шексиз экендигин түшүнүү акырындап калыптана баштады. Айрым жогорку кызмат адамдарын кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартуу кыргызстандыктардын адилеттүүлүккө болгон ишенимин жаратты. Мамлекетке келтирилген зыяндын ордун реалдуу толтуруунун өсүп жаткандыгы белгиленүүдө. 2013-жылдын 9 айында Кыргызстандын укук коргоо органдары тапкан ар кандай мүнөздөгү укук бузуулардын фактыларынын натыйжалары боюнча мамлекеттик казыналык системасы аркылуу мамлекеттик бюджеттин кирешесине зыяндын ордун толтуруу катары 621, 8 млн. сом түшкөн, бул бүтүндөй 2012-жылга караганда 2,3 эсе көп. 2012-жылдын жыйынтыгы боюнча Кыргызстан өзүнүн позициясын эл аралык өкмөттүк эмес Трансперенси Интернешнл уюмунун рейтингинде «Коррупцияны кабылдоо индекси» боюнча 164-орундан 154-орунга жакшыртты.

Бирок коррупцияга каршы күрөшүүдөгү алгачкы жакшы жылыштар тиешелүү түрдө уланган жок. Коррупция мурдагыдай эле мамлекеттик органдардын иштөөсүн олуттуу татаалдантып, социалдык кайра түзүүлөргө жана улуттук экономиканы модернизациялоого тоскоолдук кылып, коомдо катуу тынчсызданууну жана мамлекеттик институттарга болгон ишенимдин кетишин жаратып, эл аралык аренада өлкөнүн терс имиджин түзүп, Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздугуна келтирилген башкы коркунучтардын бири болуп эсептелүүдө.

Антикоррупциялык саясатты иш жүзүнө ашыруу мамлекеттик кызмат менен мамлекеттик башкаруу системасынын ичиндеги терең карама-каршылыктарга туш болууда. Коррупция системалуу, рационалдуу болуп калды. Эки он жылдыктын ичинде түзүлүп калган, мамлекеттик кызмат органдарынын ачыкка чыкпаган рыногу кадрларды тандоо системасындагы олуттуу деформацияларды жаратты. Кызмат адамдарынын кеңири чөйрөсү мамлекеттик кызматтын негизги маанисин элге кызмат кылуу деп түшүнбөстөн, айрым учурларда ошол кызматка дайындоого өбөлгө болгон адамдардын алдындагы милдеттенмелерин аткаруу деп, ал эми көп учурларда примитивдүү баюу деп гана түшүнүп калды.

Мамлекеттик органдардын коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча иши алдын алуу багытына ээ эмес. Көп учурларда мамлекеттик, анын ичинде соттук органдар мамлекеттик түзүлүштүн бүткүл системасын дискредитация кылган чечимдерди кабыл алышат. Укук коргоо органдарынын ишинде эскирип калган методдордун элементтери көп колдонулат. Укук коргоо органдарынын борборлордо жана жер-жерлерде коррупцияга

каршы аракеттенүү боюнча ишин координациялоо деңгээли төмөн бойдон калууда. Азыркы мезгилге чейин Кыргыз Республикасынын Антикоррупциялык саясатынын мамлекеттик стратегиясында каралган мамлекеттик органдардын жана жарандык коомдун институттарынын антикоррупциялык күч-аракеттерин координациялоо механизми түзүлгөн эмес.

2013-2017-жылдар мезгилине Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясынын максаттарына жетишүү коррупцияны жана аны пайда кылган себептерди жоюуну талап кылат.

Ишкердиктин статусун көтөрүү жана өзүнүн материалдык абалын тез жакшыртууга умтулгандар үчүн анын артыкчылыгын камсыздоо милдети чоң маанеге ээ.

Айрым саясий күчтөрдүн тар топторунун кызыкчылыктарынын мамлекеттик чечимдерди кабыл алуу процессине кийлигишүүсүнүн коркунучу Кыргызстандын элин өзгөчө тынчсыздандырууда. Түзүлүп калган коррупциялык тартипти бузуу жолундагы эң башкы тоскоолдуктардын бири болуп саясий коррупция эсептелет, мындай коррупциянын бузуучу чөйрөсү болуп мамлекеттик кызыкчылыктар саналат. Саясий партиялардын коммерциялык жана финансылык топторго болгон финансылык жактан катуу көз карандылыгы белгиленет, бул жагдай шайлоолорго катышуу үчүн талапкерлердин тизмелерин түзгөндө, ошондой эле жетектөөчү мамлекеттик кызмат орундарына дайындоодо көрүнүп калууда. Жыйынтыгында саясий партиялар билдирген идеологиялык жана саясий максаттардын дискредитация болушунун коркунучу жаралды.

Өлкөнү өнүктүрүү жолундагы олуттуу тоскоолдук болуп системалуу коррупция эсептелет, ал мамлекеттик органдардын жана алардын кызмат адамдарынын функцияларынын жана ыйгарым укуктарынын системасынын коррупциялуу болуп түзүлгөндүгү менен шартталган. Саясатты иштеп чыгуу, аны ишке ашыруу жана кабыл алынган чечимдерди контролдоо боюнча функцияларды бир органда топтоо түрүндө мамлекеттик органдарда көп функциянын болушу эксперттик коомчулуктун пикири боюнча системалуу коррупциянын негизги себеби болууда.

Абдан проблемалуу коррупциялык схемалар сот, укук коргоо, финансы, каттоо, энергетика жана билим берүү системаларында түзүлгөн Кесипкөй изилдөөчүлөр «укук коргоо системасынын маркеттешүүсү», «сот акыйкатынын сатылышы» тууралуу айтууда жана эксперттер кылмыш-жаза куугунтугуна алууга жана сот акыйкатын жүргүзүүгө катышкан органдардын жана адамдардын арасында криминалдык түрдөгү өзгөчө «бизнес- топтун» пайда болгонун белгилөөдө. Эксперттердин

пикирлери боюнча билим берүү системасында окуу орундарын, бааларды жана дипломдорду «сатуу» кеп учурларда жогорку билим берүү мекемесин аяктагандан кийин студенттердин 5-10%ы гана компетенттүү адис катары бааланышына түрткү болду.

Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтын, укук коргоо органдарынын жана соттордун системалуу кемчиликтери бюрократтык жол менен гана жоюлбайт. Коррупцияга каршы күрөшүүгө жарандык коомчулуктун институттарын тартуу мамлекеттин биринчи кезектеги жана артыкчылыктуу милдеттеринин катарына кирет.

Адамдын жана жарандын укуктары, эркиндиги жана мыйзамдуу кызыкчылыктары коррупцияга каршы аракеттенүү жана жалпы алганда кылмыштуулукка каршы күрөшүү боюнча мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, укук коргоо органдарынын жана соттордун ишинин негизги багыты болуп кызмат кылууга тийиш.

Антикоррупциялык саясатты өркүндөтүү жана коррупцияга каршы аракеттенүүгө багытталган мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, жарандык коомчулуктун институттарынын жана жарандардын күч-аракеттерин бириктирүү максатында, Бириккен Улуттар Уюмунун Коррупцияга каршы конвенциясында жана Кыргыз Республикасы катышуучу болуп эсептелген башка эл аралык укуктук документтерде каралган коррупциянын алдын алуу жана ага каршы күрөшүү боюнча чараларды эске алып, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 3, 16, 60 жана 65-беренелерин, «Коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренесин жетекчиликке алып жана Кыргыз Республикасынын Коргоо кеңешинин 2013-жылдын 4-ноябрындагы чечиминин негизинде токтом кылам:

1. Кыргыз Республикасынын Антикоррупциялык саясатынын мамлекеттик стратегиясын ишке ашыруунун алкагында коррупцияга каршы күрөшүүдөгү жакшы жылыштар белгиленсин.

2. Мамлекеттик бийликтин түзүмдөрүндөгү саясий жана системалуу коррупциянын себептерин жоюу коррупцияга каршы күрөшүүнүн жаңы этабынын башкы милдети болуп белгиленсин жана Кыргыз Республикасынын коррупцияга каршы аракеттенүү жаатындагы мамлекеттик саясатынын негизги багыттары болуп төмөнкүлөр аныкталсын:

1) саясий күчтөрдүн тар топторунун кызыкчылыктарына мамлекеттик чечимдердин көз каранды болушунун коркунучун жоюу бөлүгүндө, ошондой эле шайлоо системасынын начар жактары жана

жетектөөчү мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарына дайындоонун түзүлгөн практикасы бөлүгүндө саясий коррупцияга каршы аракеттенүү;

2) мамлекеттик органдардын коррупциялык көрүнүштөрдү пайда кылуучу функцияларын жана ыйгарым укуктарын талдоо, өзгөртүү жолу менен коррупциялык схемаларды табуу жана демонтаждоо бөлүгүндө системалуу коррупцияны жоюу;

3) мамлекет менен жарандын өз ара мамилелеринде адам укуктарынын артыкчылыгын орнотуу.

3. Антикоррупциялык саясаттын мамлекеттик стратегиясын ишке ашыруу контролдоо боюнча Кыргыз Республикасынын Коргоо кеңешинин жумушчу тобу 1-тиркемеге ылайык курамда түзүлсүн.

4. Антикоррупциялык саясаттын мамлекеттик стратегиясын ишке ашыруу контролдоо боюнча Кыргыз Республикасынын Коргоо кеңешинин жумушчу тобу жөнүндө жобо (мындан ары -Кыргыз Республикасынын Коргоо кеңешинин жумушчу тобу) 2-тиркемеге ылайык бекитилсин.

5. Кыргыз Республикасынын Коргоо кеңешинин жумушчу тобу:

1) 2014-жылдын декабрына чейин карап чыгуунун натыйжалары жөнүндө коомчулукту маалымдоону камсыз кылуу менен министрликтердин, администрациялык ведомстволордун, мамлекеттик башка органдардын, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын системасындагы антикоррупциялык иш-чараларды ишке ашыруунун жүрүшүн өзүнүн жыйналыштарында карап чыксын жана аткарылган иштер жөнүндө тиешелүү отчётторду Кыргыз Республикасынын Коргоо кеңешине 2014-жылдын 1-июлуна жана 2014-жылдын 25-декабрына карата берсин.

Договор
о Евразийском экономическом союзе
(Астана, 29 мая 2014 года)

Республика Беларусь, Республика Казахстан и Российская Федерация, далее именуемые Сторонами,

основываясь на Декларации о евразийской экономической интеграции от 18 ноября 2011 года,

руководствуясь принципом суверенного равенства государств, необходимостью безусловного соблюдения принципа верховенства конституционных прав и свобод человека и гражданина,

желая укрепить солидарность и углубить сотрудничество между своими народами при уважении их истории, культуры и традиций,

выражая убежденность в том, что дальнейшее развитие евразийской экономической интеграции отвечает национальным интересам Сторон,

движимые стремлением укрепить экономики государств - членов Евразийского экономического союза и обеспечить их гармоничное развитие и сближение, а также гарантировать устойчивый рост деловой активности, сбалансированную торговлю и добросовестную конкуренцию,

обеспечивая экономический прогресс путем совместных действий, направленных на решение стоящих перед государствами - членами Евразийского экономического союза общих задач по устойчивому экономическому развитию, всесторонней модернизации и усилению конкурентоспособности национальных экономик в рамках глобальной экономики,

подтверждая стремление к дальнейшему укреплению экономического взаимовыгодного и равноправного сотрудничества с другими странами, а также международными интеграционными объединениями и международными организациями,

принимая во внимание нормы, правила и принципы Всемирной торговой организации,

подтверждая свою приверженность целям и принципам Устава Организации Объединенных Наций, а также другим общепризнанным принципам и нормам международного права, договорились о нижеследующем.

ЧАСТЬ ПЕРВАЯ. УЧРЕЖДЕНИЕ ЕВРАЗИЙСКОГО ЭКОНОМИЧЕСКОГО СОЮЗА

РАЗДЕЛ I. ОБЩИЕ ПОЛОЖЕНИЯ

Статья 1. Учреждение Евразийского экономического союза. Правосубъектность

1. Настоящим Договором Стороны учреждают Евразийский экономический союз (далее - Союз, ЕАЭС), в рамках которого

обеспечивается свобода движения товаров, услуг, капитала и рабочей силы, проведение скоординированной, согласованной или единой политики в отраслях экономики, определенных настоящим Договором и международными договорами в рамках Союза.

2. Союз является международной организацией региональной экономической интеграции, обладающей международной правосубъектностью.

2015-2017-жылдарга Кыргыз Республикасынын коррупцияга каршы саясатынын мамлекеттик стратегиясын аткаруу боюнча Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын иш-чараларынын планын бекитүү жөнүндө
Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 30-мартындагы № 170 токтому
(2015.16.06. өзгөртүүлөр менен)

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2012-жылдын 2-февралындагы № 26 «Кыргыз Республикасынын антикоррупциялык саясатынын Мамлекеттик стратегиясы жана коррупцияга каршы туруу боюнча чаралар жөнүндө» Жарлыгын ишке ашыруу, коррупцияга каршы аракеттенүү институттарын андан ары чыңдоо, коррупциянын түпкү себептерин жоюуда системалуулукту киргизүү, 2015-2017-жылдарга коррупцияга каршы аракеттенүү чөйрөсүндө мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, жарандык коом институттарынын жана жарандардын күч-аракеттерин бириктирүү максатында, «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү токтом кылат:

1. 2015-2017-жылдарга Кыргыз Республикасынын коррупцияга каршы саясатынын мамлекеттик стратегиясын аткаруу боюнча Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын иш-чараларынын планы (мындан ары - План) тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Министрликтер, мамлекеттик комитет, административдик ведомстволор жана мамлекеттик бийликтин башка органдары, жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары (макулдашуу боюнча):

- Планды белгиленген мөөнөттөрдө милдеттүү түрдө аткаруу боюнча толук чараларды көрүшсүн;

- квартал сайын, отчеттук мезгилден кийинки айдын 15инe чейин Планды жана коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча иш-чаралардын ведомстволук пландарын аткаруу жөнүндө маалыматты Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигине берип турушсун;

- Иш-чаралар планын Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинде каралган каражаттардын чегинде ишке ашырышсын.

КР Өкмөтүнүн 2015.16.06. № 364 токтомуна ылайык 3-пунктуна өзгөртүүлөр киргизилген

3. Кыргыз Республикасынын Экономика министрлиги Пландын жана коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча иш-чаралардын ведомстволук пландарынын ишке ашырылышын баалоо жана мониторинг жүргүзүү боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Катчылыгы (жумушчу органы) болуп аныкталсын.

4. Кыргыз Республикасынын Экономика министрлиги:

- ар бир жарым жылдыктын жыйынтыгы боюнча белгиленген тартипте Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө коррупцияга каршы саясатты жана Планды ишке ашыруунун жүрүшү жөнүндө жыйынды отчетту Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жыйындарында кароо үчүн берип турсун;

- квартал сайын, отчеттук мезгилден кийинки айдын 25инe чейин Планды жана коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча иш-чаралардын ведомстволук пландарын аткаруу жөнүндө маалыматты Кыргыз Республикасынын Коргоо кеңешинин катчылыгына берип турсун;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 28-ноябрындагы № 531-б буйругуна ылайык дайындалган коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуулар менен өз ара байланышта коррупциянын алдын алуу саясатын ишке ашыруу жана Планды аткаруу маселелери боюнча аткаруу бийлигинин органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин уюштурууну жана координациялоону камсыз кылсын.

5. Ушул токтомдун аткарылышы үчүн жеке жоопкерчилик аткаруу бийлигинин органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жетекчилерине жүктөлсүн.

6. Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 30-августундагы № 596 «2012-2014-жылдарга коррупцияга каршы туруу

боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн иш-чараларынын планын жана программасын бекитүү жөнүндө» токтому;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 1-июлундагы № 395 «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» токтомунун тиркемесинин 35-пункту;

- «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 30-августундагы № 596 «2012-2014-жылдарга коррупцияга каршы туруу боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн иш-чараларынын планын жана программасын бекитүү жөнүндө» токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 11-апрелиндеги № 209 токтому.

7-пункту КР Өкмөтүнүн 2015.16.06. № 364 токтомунун *редакциясында берилген (*мур. ред. караңыз*)*

7. Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын коррупцияга каршы саясат бөлүмүнө жүктөлсүн.

8. Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

МАМЛЕКЕТТИК КЫЗМАТ

«Мамлекеттик кызмат жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2004-жылдын 11-августундагы № 114 Мыйзамы (2015.28.07. өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен)

2004-жылдын 30-июнунда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Мыйзам чыгаруу жыйыны тарабынан кабыл алынган

I Глава. Жалпы жоболор (1-4-статьялары)
II Глава. Мамлекеттик кызматчынын укуктук абалы (5-11-статьялары)
III Глава. Мамлекеттик кызматты уюштуруунун негиздери (12-23-статьялары)
IV Глава. Мамлекеттик кызмат өтөөнүн тартиби (24-32-статьялары)
V Глава. Мамлекеттик кызматчылардын мүлкүн жана кирешелерин декларациялоо (33-35-статьялары)

VI Глава. Мамлекеттик кызматчылардын тартип жоопкерчилиги жана аларды сыйлоо (36-43-статьялары)
VII Глава. Мамлекеттик кызматчыларды материалдык жана социалдык-тиричилик жактан камсыз кылуу (44-49-статьялары)

Ушул Мыйзам мамлекеттик кызматты уюштуруунун негиздерин белгилейт, мамлекеттик кызматчынын укуктук статусун, мамлекеттик кызматты өтөөнүн шарттарын, мамлекеттик кызматчыларды сыйлоонун жана алардын жоопкерчилигинин тутумун жөнгө салат.

Ушул Мыйзам кесиптик кызматтын жолун жолдоочулугун, турукташтыгын жана көзкарандысыздыгын камсыз кылууга, мамлекеттик кызматка квалификациялуу кадрларды тартууга, мамлекеттик кызматты башкаруунун натыйжалуулугун жакшыртууга багытталган.

1 ГЛАВА. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

КР 2008.20.11. № 242 Мыйзамына *ылайык; 2012.09.06. № 78* Мыйзамына *ылайык 1-статьясына өзгөртүүлөр киргизилген*

1-статья. Ушул Мыйзамда колдонулуучу негизги түшүнүктөр

«Мамлекеттик органдын статс-катчысынын жогорку административдик мамлекеттик кызмат ордун түзүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Президентинин 2004-жылдын 3-ноябрындагы № 376 Жарлыгы (2013.24.01. өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен)

КР Президентинин 2013.24.01. № 17 Жарлыгына *ылайык бүткүл тексти боюнча ар кандай жөндөмөлөрдөгү «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кызмат иштери боюнча Агентствосу» деген сөздөр тиешелүү жөндөмөлөрдөгү «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кадр кызматы» деген сөздөргө алмаштырылды*

«Мамлекеттик кызмат жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, ошондой эле кесипкөй мамлекеттик кызматтын жолун жолдоочулугун, туруктуулугун жана көзкарандысыздыгын камсыз

кылуу, мамлекеттик кызматты башкаруунун натыйжалуулугун жакшыртуу, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын мамлекеттик кызматынын түзүмүн жана штаттык санын оптималдаштыруу максатында токтом кылам:

КР Президентинин 2006.16.01. № 10 жарлыгына ылайык 1-пункт редакцияда баяндалды

КР Президентинин 2007.27.04. № 208 жарлыгына ылайык; 2007.24.08. № 384 жарлыгына ылайык; 2007.27.10. № 481 жарлыгына ылайык; 2008.11.02. № 68 жарлыгына ылайык; 2013.24.01. № 17 Жарлыгына ылайык 1-пунктуна өзгөртүүлөр киргизилген.

1. Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигинен, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинен, Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздугунун мамлекеттик комитетинен жана Кыргыз Республикасынын Өкмөткө караштуу мамлекеттик бажы кызматынан тышкары Кыргыз Республикасынын бардык министрликтеринде, мамлекеттик комитеттеринде жана администрациялык ведомстволорунда статс-катчынын жогорку административдик мамлекеттик кызмат орду түзүлсүн.

2. КР Президентинин 2006.16.01 № 10 жарлыгына ылайык күчүн жоготкон

3. Мамлекеттик кызмат боюнча кеңеш:

- жогоруда аталган мамлекеттик органдарда статс-катчынын кызмат ордуна талапкерлерди конкурстук тандоону өткөрсүн жана тийиштүү мамлекеттик органдын жетекчисинин макулдугу менен аларды Кыргыз Республикасынын Премьер-министринин бекитүүсүнө киргизсин;

- Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарында статс-катчынын кызмат ордун уюштуруу жөнүндө маселени карасын жана Кыргыз Республикасынын Президентине тийиштүү сунуш киргизсин.

4. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кадр кызматы:

- конкурстук жол-жоболордун толук ачыктыгын камсыз кылуу менен мамлекеттик органдын статс-катчысынын бош кызмат ордуна конкурстук тандап алууну уюштурсун;

- статс-катчынын кызмат ордуна дайындалган адамдарды мамлекеттик кызмат жөнүндө мыйзамдын, мамлекеттик кызматчынын этикасы, эмгек мыйзамдары, адам ресурстарын башкаруу, финансылык менеджмент, азыркы кездеги маалыматтык технологияны колдонуу жана башка маселелер боюнча окутууну жүргүзсүн;

- мамлекеттик органдын статс-катчыларынын кызматтык милдеттерин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык натыйжалуу аткарышына мониторингди камсыз кылсын.»

КР Президентинин 2006.16.01 № 10 жарлыгына ылайык 5-пунктуна өзгөртүүлөр киргизилген

5. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү:

- статс-катчынын кызмат ордун уюштурууну Кыргыз Республикасынын министрликтери, мамлекеттик комитеттери жана администрациялык ведомстволору үчүн белгиленген штаттык сандын чегинде жүргүзсүн;

- эки айлык мөөнөттө Кыргыз Республикасынын министрликтеринин, мамлекеттик комитеттеринин жана администрациялык ведомстволорунун түзүмүн жана штаттык санын, ошондой эле мамлекеттик органдардын статскатчылары жана мамлекеттик органдын жетекчисинин орунбасарлары аткара турган функцияларды кайра бөлүштүрүүнү камсыз кылуу менен алар жөнүндө Жобону кайра карасын.

«Кыргыз Республикасындагы саясий мамлекеттик кызмат жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Президентинин милдетин аткаруучунун 2005-жылдын 25-майындагы № 200 Жарлыгы (2013.18.11. өзгөртүүлөр менен)

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кызмат жөнүндөгү мыйзамдарына ылайык жана Кыргыз Республикасынын тийиштүү мыйзам актылары кабыл алынганга чейин саясий мамлекеттик кызматты уюштуруунун негиздерин жөнгө салуу максатында токтом кылам:

1. Төмөнкүлөр белгиленсин:

- саясий мамлекеттик кызмат - бул Кыргыз Республикасынын саясий мамлекеттик кызматчыларынын мамлекеттин ички жана тышкы саясатын аныктоо жана жүзөгө ашырууну камсыз кылуу боюнча акы алуу менен жана кесиптик негизде аткарган иши;

- саясий мамлекеттик кызматчы - бул иш-аракети саясий-аныктоочу мүнөзгө ээ ыйгарым укуктар берилген саясий мамлекеттик кызмат ордун ээлеген Кыргыз Республикасынын жараны.

КР Президентинин 2013.18.11. № 217 Жарлыгына ылайык 2-пунктуна өзгөртүүлөр киргизилген

2. Төмөнкүлөр аныкталсын:

- саясий мамлекеттик кызмат орундарына Кыргыз

Республикасынын Президентинин, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатынын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн мүчөсүнүн кызмат орундары жана Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кызмат орундарынын Реестринин атайын бөлүгүндө каралган башка кызмат орундары кирет;

- саясий мамлекеттик кызматка кирүү Кыргыз Республикасынын Конституциясы жана мыйзамдарында каралган тартипте жана учурларда саясий мамлекеттик кызмат ордуна шайлоо же дайындоо жолу менен жүзөгө ашырылат;

- саясий мамлекеттик кызматчы Кыргыз Республикасынын Конституциясы жана мыйзамдары менен белгиленген тийиштүү ыйгарым укуктарга, милдеттерге жана укуктарга ээ болот;

- эгерде Кыргыз Республикасынын Конституциясы жана мыйзамдары менен башкасы каралбаса, саясий мамлекеттик кызматка кирген адамдын ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырышынын башталышы деп анын саясий мамлекеттик кызмат ордуна дайындалган же шайланган күнү саналат;

- саясий мамлекеттик кызматчынын ага жүктөлгөн милдеттерди талаптагыдай аткарбагандыгы. өзүнүн кызматтык ыйгарым укуктарын ашырып жибергендиги, эмгек тартибин бузгандыгы, мамлекеттик кызматчынын этикасынын ченемдерин бузгандыгы, антын (касамын) бузгандыгы, ошондой эле анын мамлекеттик кызматта болгондугуна байланыштуу мыйзам менен белгиленген чектөөлөрдү сактабагандыгы үчүн ага карата мыйзамга ылайык Кыргыз Республикасынын Президенти, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши, Кыргыз Республикасынын Премьер-министри же өзү кызмат ордуна дайындаган же шайлаган адамдарга карата Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан тартип жазасы колдонулушу мүмкүн.

«Мамлекеттик кызмат чөйрөсүндө полиграфта тестирлөө системасын киргизүү боюнча биринчи кезектеги чаралар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Президентинин 2010-жылдын 27-августундагы № 146 жарлыгы (2011.18.11. өзгөртүүлөр менен)

Мамлекеттик кызматка заманбап жана коррупцияга чалдыкпаган кадрларды тартуу жана кабыл алуу, мамлекеттик органдарда коррупциялык кубулуштардын жаралуу себептерин жана шарттарын

жоюу жана алдын алуу бөлүгүндө мамлекеттик кадр саясатын өркүндөтүү максатында, токтом кылам:

1. Мамлекеттик кызмат чөйрөсүндө полиграфта тестирлөө системасын киргизүү максатка ылайыктуу деп эсептелсин.

2. Төмөнкүлөрдө полиграфта тестирлөө системасын колдонуугa киришилсин:

- Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик финансылык полиция кызматында;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик бажы кызматында;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматында;

- мамлекеттик органдардын статс-катчыларын конкурстук тандоодо жана аттестациялоодо.

3. Тиркелгендер бекитилсин:

- полиграфта тестирлөөгө жаткан мамлекеттик кызмат орундарынын тизмеси;

- полиграфта тестирлөө жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө Жобо.

4. Полиграфта тестирлөө системасы жогоруда аталган тизмеге ылайык, төмөнкү учурларда колдонулары белгиленсин:

- саясий мамлекеттик кызмат ордун ээлерде (Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан аныкталган тартипте);

- бош административдик мамлекеттик кызмат ордун ээлөөгө конкурс өткөрүүдө;

- мамлекеттик кызматкерлерди аттестациялоодо;

- мамлекеттик кызматкерлерди орун которуштурууда жана кызматтык териштирүү жүргүзүүдө (мамлекеттик органдын жетекчисинин каалоосу боюнча).

5. Мамлекеттик кызмат чөйрөсүндө полиграфты киргизүүнү жана борборлоштуруп колдонууну камсыз кылуу маселелери Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматынын карамагына кирери аныкталсын.

6. Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматы:

- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги менен бирдикте:

эл аралык донордук коомчулук менен мамлекеттик кызмат чөйрөсүндө полиграфта тестирлөө системасын киргизүү жана колдонуу үчүн техникалык жардамдарды бөлүү жөнүндө сүйлөшүүлөрдү

жүргүзсүн жана алардын жыйынтыктары боюнча техникалык жабдуулар менен камсыз кылуу жана полиграфта иштөө үчүн тийешелүү кызматкерлерди окутуу тууралуу келишимдерди түзсүн;

мамлекеттик кызмат чөйрөсүндө полиграфты колдонууга байланыштуу зарыл финансылык жана башка эсептөөлөрдү даярдасын;

эл аралык коомчулук менен техникалык жардамдарды бөлүү жөнүндө тийешелүү макулдашуу түзүлгөнгө чейин, полиграфта тестирлөө системасын колдонуу боюнча иш чараларды каржылоонун булактары тууралуу чечимдин долбоорун эки жумалык мөөнөттө, белгиленген тартипте Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө киргизсин;

- ушул Жарлыктын 2-пунктунда көрсөтүлгөн мамлекеттик органдардын иш өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен, эл аралык тажрыйбанын негизинде полиграфта тестирлөөнүн усулун аныктасын.

ЖАРАНДЫК КООМ

Кыргыз Республикасынын 1999-жылдын 12-июнундагы № 50 «Саясий партиялар жөнүндө» мыйзамы

1999-жылдын 25-майында

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Мыйзам чыгаруу жыйыны тарабынан кабыл алынган

I бөлүк. Жалпы жоболор (1-2-статьялары)
II бөлүк. Саясий партияларды түзүүнүн жана ишинин максаттары менен принциптери (3-10-статьялары)
III бөлүк. Саясий партиялар жана мамлекет (11-15-статьялары)
IV бөлүк. Саясий партияларды каржылоо жана материалдык камсыздоо (16-21-статьялары)
V бөлүк. Корутунду жоболор (22-23-статьялары)

I БӨЛҮК. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

1-статья. Саясий партиянын түшүнүгү

Ушул Мыйзамда калктын белгилүү бир бөлүгүнүн саясий эркин жүзөгө ашырууга көмөк берүүчү жалпы саясий максаттары жана милдеттери бар жана мамлекеттик иштерди башкарууга, өздөрүнүн өкүлдөрү аркылуу катышкан, Кыргыз Республикасынын жарандарынын ыктыярдуу бирикмеси саясий партия катары түшүнүлөт.

2-статья. Саясий партияларды уюштуруунун жана алардын ишинин мыйзамдык негиздери

Кыргыз Республикасынын Конституциясы, ушул Мыйзам жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актылары саясий партияларды уюштуруунун жана алардын ишинин мыйзамдык негизи болуп эсептелет.

«Саясий партиялар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын кабыл алуу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2008-жылдын 13-июнундагы № 497-IV токтому

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши токтом кылат:

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттары Д.А.Молдошева, А.А.Сабиров, З.К.Курманов жана И.А.Масалиев тарабынан демилге көтөрүлгөн «Саясий партиялар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы кабыл алынсын.

«Мамлекеттик башкаруу органдарынын жарандык коом менен өз ара аракеттенүүсүн оркүндөтүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Президентинин 2010-жылдын 29-сентябрындагы № 212 жарлыгы (2013.03.06. өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен) (күчүн жоготкон)

КР Президентинин 2015.16.06. № 121 Жарлыгына ылайык күчүн жоготкон

КР Президентинин 2011.05.03. № 56 Жарлыгына *ылайык бүткүл текст боюнча «Президенттин Администрациясы» жана «Типтүү жобо» деген ар түрдүү жөндөмодогу сөздөр тийиштүү жөндөмөдө «Президенттин Аппараты» жана «Жобо» деген сөздөр менен алмаштырылган*

Преамбулага КР Президентинин 2013.03.06. № 128 Жарлыгына *ылайык өзгөртүүлөр киргизилген*

Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик органдардын жарандык коом институттарынын (коомдук бирикмелердин, ассоциациялардын, бирликтердин жана башкалардын) андан ары кеңейишинин, чеңемдик бекитилишинин жана өз аракеттенүүсүнүн түрлөрүнүн практикага жайылтылышынын, ошондой эле чечимдерди кабыл алуунун жол-жоболорунун бүдөмүксүздүгүн камсыз кылуунун жана аларды коомчулуктун кызыкчылыктарын эске алуу менен ишке ашыруунун максатында токтом кылам:

КР Президентинин 2013.03.06. № 128 Жарлыгына *ылайык 1-пунктуна өзгөртүүлөр киргизилген*

1. Бийликтин жана жарандык коомдун чечимдерди кабыл алуу жана ишке ашыруу процессинде өз ара аракеттенүүсүнүн узак мөөнөттүк туруктуу механизмдерин жайылтуу, ошондой эле жарандык демилгелерди ишке ашыруу үчүн шарттарды мамлекеттик башкаруу ишинин артыкчылыктуу багыттарынын бири деп эсептелинсин.

2. Коомчулук менен макулдашылган өз аракеттенүү максатында мамлекеттик органдардын алдында алардын курамына жарандык коомдун, илимий чөйрөнүн, бизнес-ассоциациялардын, кесиптик жана тармактык бирликтердин, мамлекеттик органдардын иши менен аралашкан чөйрөлөрдөн эксперттик коомчулуктун өкүлдөрүн киргизүү менен коомдук байкоочу кеңештер (мындан ары - Кеңештер) түзүүлөрү белгиленсин.

3. Тиркелген Мамлекеттик органдардын алдындагы коомдук байкоочу кеңештер жөнүндө Жобо (мындан ары - Жобо) бекитилсин.

4. Алардын алдында Кеңештер түзүлүүчү төмөнкү мамлекеттик органдар тажрыйба катарында аныкталсын:

- Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлиги;
- Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстар министрлиги;
- Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлиги;
- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги;
- Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги;

- Кыргыз Республикасынын Жаштардын иштери боюнча министрлиги;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарба мамлекеттик агенттиги;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Архитектура жана курулуш мамлекеттик агенттиги;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматы;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик бажы кызматы.

«Мамлекеттик органдардын коомдук кеңештери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2014-жылдын 24-майындагы № 74 Мыйзамы

2014-жылдын 16-апрелинде

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган

1-Глава. Жалпы жоболор (1-7-беренелери)
2-Глава. Коомдук кеңештердин мүчөлөрүн тандап алуу боюнча комиссия (8-13-беренелери)
3-Глава. Коомдук кеңештерди түзүү (14-15-беренелери)
4-Глава. Коомдук кеңештердин ишти жүзөгө ашырууларынын тартиби (16-21-беренелери)
5-Глава. Коомдук кеңештердин ишинин токтотулушу, кайра уюштурулушу (22-берене)
6-Глава. Корутунду жоболор (23-24-беренелери)

1-ГЛАВА. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

1-берене. Ушул Мыйзамдын жөнгө салуу предмети

Ушул Мыйзам министрликтердин, мамлекеттик комитеттердин жана администрациялык ведомстволордун коомдук кеңештерин (мындан ары - коомдук кеңеш) түзүүнүн жана анын ишинин максаттарын, принциптерин, укуктук жана уюштуруучулук негиздерин белгилейт жана

министрликтердин, мамлекеттик комитеттердин жана администрациялык ведомстволордун коомчулук менен өз ара аракеттенүүсүн жана кызматташуусун өркүндөтүүгө, министрликтердин, мамлекеттик комитеттердин жана администрациялык ведомстволордун жана алардын кызмат адамдарынын ишине коомдук мониторингди жүзөгө ашыруу үчүн механизмдерди түзүүгө, министрликтер, мамлекеттик комитеттер жана администрациялык ведомстволор тарабынан чечимдерди кабыл алууда, анын ичинде мамлекеттик саясатты түзүүдө жана ишке ашырууда коомдук пикирди эске алууга багытталган.

2-берене. Коомдук кеңештер жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдары

Коомдук кеңештер жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдары Кыргыз Республикасынын Конституциясынан, ушул Мыйзамдан жана башка ченемдик укуктук актыларынан турат.

3-берене. Коомдук кеңештер жөнүндө негизги жоболор

1. Коомдук кеңештер – бул министрликтер, мамлекеттик комитеттер жана администрациялык ведомстволор менен өз ара аракеттенүү жана кызматташуу, ошондой эле ушул Мыйзамда белгиленген тартипте ушул министрликтердин, мамлекеттик комитеттердин жана администрациялык ведомстволордун ишине коомдук мониторингди жүзөгө ашыруу үчүн жарандык коомдун өкүлдөрүнүн ичинен коомдук башталышта түзүлгөн консультативдик-байкоочу органдар. Коомдук кеңештер өз ишин бул министрликтерге, мамлекеттик комитеттерге жана администрациялык ведомстволорго көз карандысыз, ачык жана коомдун кызыкчылыктарында жүзөгө ашырат.

ЭКОНОМИКА

Постановление Совета Министров Киргизской ССР от 6 ноября 1990 года № 317 О создании Акционерного коммерческого банка «Кыргызстан»

(с изменениями от 16.09.1991 г.)

В целях практической реализации мер по созданию эффективной банковской системы Киргизской ССР в условиях перехода к рыночной экономике, внедрения прогрессивных форм банковского обслуживания,

укрепления финансов отраслей народного хозяйства республики и активного участия в реализации региональных социально-экономических программ Совет Министров Киргизской ССР постановляет:

1. Создать на базе Киргизского республиканского банка Жилсоцбанка СССР Акционерный коммерческий банк «Кыргызстан» с имеющейся у него сетью в областях, городах и районах республики.

Акционерный коммерческий банк «Кыргызстан» в своей деятельности руководствуется законодательствами Союза ССР, Киргизской ССР, положением об акционерных обществах и обществах с ограниченной ответственностью, утвержденным постановлением Совета Министров СССР от 19 июня 1990 года № 590, нормативными актами Госбанка СССР и своим Уставом, согласованным с Советом Министров Киргизской ССР.

2. Установить, что учредителем Акционерного коммерческого банка «Кыргызстан» от имени Киргизской ССР выступает Министерство финансов Киргизской ССР.

3. Акционерный коммерческий банк «Кыргызстан» со своей сетью в республике, являясь главным звеном банковской системы республики, ответственен за проведение прогрессивной кредитной политики, укрепление денежного обращения и покупательной способности рубля, кассовое исполнение республиканского бюджета Киргизской ССР и бюджетов местных Советов народных депутатов на соответствующих территориях.

В этих целях возложить на Банк:

- кредитное, расчетное и кассовое обслуживание всех отраслей народного хозяйства, финансирование и кредитование госкапвложений, а также оказание платных услуг;

- привлечение денежных средств на депозитные счета, выпуск, продажу, покупку и хранение ценных бумаг, проведение факторинговых и лизинговых операций, приобретение недостающих кредитных ресурсов в пределах республики и других союзных республиках;

- развитие коммерческого кредита на основе взаимной заинтересованности и ответственности, глубокого анализа экономики всех отраслей народного хозяйства с целью выявления резервов и обеспечения высоких конечных народнохозяйственных результатов.

Указ Президента Республики Кыргызстан от 7 августа 1991 года № 253 «О мерах по укреплению экономической основы суверенитета Республики Кыргызстан»

В соответствии с Декларацией о государственном суверенитете Республики Кыргызстан в целях экономического обеспечения реального суверенитета республики, руководствуясь интересами народа Кыргызстана, **постановляю:**

1. Принять до 1 января 1992 года в ведение органов государственного управления Республики Кыргызстан предприятия и организации союзного подчинения, расположенные на территории республики, за исключением тех, деятельность которых должна, с согласия Республики Кыргызстан, обеспечивать союзные функции.

Установить, что до и после принятия этих предприятий и организаций в ведение республики их разгосударствление и приватизация, реорганизация и ликвидация, передача с баланса на баланс, вступление в союзные, межреспубликанские хозяйственные объединения (концерны, консорциумы, ассоциации и союзы) могут производиться только по решению Государственного комитета Республики Кыргызстан по управлению государственным имуществом.

2. Кабинету Министров Республики Кыргызстан:

согласовать до 1 октября 1991 года с правительствами союзных республик взаиморасчеты, и иные взаимные обязательства, связанные с принятием в ведение Республики Кыргызстан предприятий и организаций союзного подчинения;

определить конкретную подведомственность органам государственного управления предприятий и организаций, принятых в ведение Республики Кыргызстан;

определить долю Республики Кыргызстан, подлежащую направлению на погашение внешнего долга Союза;

представить предложения по формированию золотого запаса Республики Кыргызстан.

«Кыргыз Республикасында турак жай фондусун приватташтыруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 1991-жылдын 20-декабрындагы № 681-XII мыйзамы (2011.22.07. өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен) (күчүн жоготкон)

КР 2013.09.07. № 118 Мыйзамына *ылайык күчүн жоготкон*

I Бөлүм. Жалпы жоболор

II Бөлүм. Турак жай фондусун приватташтыруунун негизги шарттары

III Бөлүм. Приватташтырылган турак жайларды тейлөө жана оңдоо

Кыргыз Республикасынын гражданларынын менчигине турак жайларды берүү турак жай маселесин социалдык адилеттүүлүк менен чечүүнүн таасирдүү формасы болот, турак жай рыногун түзүүнүн зарыл шарты болуп саналат.

Ушул Закон Кыргыз Республикасында турак жай фондусун (мамлекеттик жана коммуналдык) приватташтыруунун негизги принциптерин белгилейт, турак жай мамилелерин кайра түзүүнүн экономикалык, социалдык жана укуктук негиздерин аныктайт.

Закон граждандардын турак жайга болгон керектөөлөрүн канаттандыруу ыкмасын эркин тандап алуу укугун ишке ашыруу үчүн шарт түзүүгө, ошондой эле турак жай фондусун пайдалануу жана алардын сакталышын жакшыртууга көмөктөшүүгө чакырылган.

I БӨЛҮМ. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

1-статья. Турак жайды приватташтыруу жөнүндө түшүнүк

Турак жайды приватташтыруу граждандардын менчигине турак жайларды акыга жана акысыз берүү дегенди билдирет.

Турак жайды приватташтыруу ыктыярдуу башталыштарда жүргүзүлөт.

КР 1996.28.06 № 32 Мыйзамына *(мур.* ред. *караңыз); 2009.23.10. № 234* Мыйзамына *(мур.* ред. *караңыз) ылайык 2-статьясына өзгөртүүлөр киргизилген*

«Кыргыз Республикасында менчикти мамлекеттен ажыратуунун, приватташтыруунун жана ээлик кылуунун жалпы башталыштары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 1991-жылдын 20-декабрындагы № 683-XII мыйзамы (2012.25.07 өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен) (күчүн жоготкон)

КР 2015.16.04. № 83 Мыйзамына *ылайык күчүн жоготкон*

КР Жогорку Советинин 1991-жылдын 20-декабрындагы № 684-XII токтому *менен бекитилген*

I Бөлүм. Жалпы жоболор

III Бөлүм. Кыргыз Республикасында ээлик кылуу иши жөнүндө

IV Бөлүм. Кыргыз Республикасында атаандаштыкты өнүктүрүүгө жана монополисттик ишти чектөөгө көмөк көрсөтүү жөнүндө

VI Бөлүм. Приватташтыруу жана ээлик кылууну өнүктүрүү процессиндеги социалдык гарантиялар

КР 2002.21.06 № 106 мыйзамына *ылайык мыйзамдын бүткүл тексти боюнча ар кыл жөндөмөдөгү «Кыргыз Республикасынын Экономика боюнча мамлекеттик комитети» деген сөздөр тиешелүү жөндөмөдөгү «Кыргыз Республикасынын монополияга каршы саясат боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы» деген сөздөр менен алмашылды*

Мамлекеттик мүлктү зарыл болгон социалдык гарантиялар менен өз ара байланышта мамлекеттен ажыратуу жана приватташтыруу чарба жүргүзгөн субъекттердин ээлик кылуусун өнүктүрүү жана мүлктүк жоопкерчиликтин күчөтүү, монополисттик ишмердикке жана кара ниет атаандаштыкка жол бербөө Кыргыз Республикасындагы учурдагы экономикалык саясаттын негизги жактары болуп саналат.

Бул Закон Кыргыз Республикасында атаандаштыктын шарттарында менчикти мамлекеттен ажыратуунун жана приватташтыруунун жалпы башталыштарын эркин ээлик кылуунун негизи катары аныктайт жана зарыл болгон практиканын топтолушуна жараша тиешелүү коомдук мамилелердин жана процесстердин жөнгө салынышын өнүктүрүү үчүн укуктук база болуп саналат.

I Бөлүм

Жалпы жоболор

1-статья. КР Жогорку Кеңешинин 1994.12.01 № 1386-XII токтомуна ылайык күчүн жоготкон

2-статья. КР Жогорку Кеңешинин 1994.12.01 № 1386-XII токтомуна ылайык күчүн жоготкон

«Жер салыгы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамынын долбоору жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1995-жылдын 20-сентябрындагы № 391 токтому

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү токтом кылат:

1. «Жер салыгы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору жактырылсын.

2. Аталган Мыйзамдын долбоору Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин сессиясынын кароосуна киргизилсин.

Кыргыз Республикасынын
Премьер-министри А. Жумагулов

Долбоор

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

Жер салыгы жөнүндө

Ушул мыйзам жер салыгын белгилөөнүн принциптерин, анын ставкаларын жана жеңилдиктерин, салык суммаларын алуунун жана пайдалануунун тартибин белгилейт.

1-статья. Жер салыгы

Жер салыгы – жер участогун пайдалангандыгы үчүн республикалык жана жергиликтүү бюджеттерге жыл сайын төлөөнүн түрү катары жер

жана аграр реформасын мамлекеттик колдоонун, ошондой эле жердин асылдыгын арттыруунун, алардын мелиорациялык абалын жакшыртуунун, айылды социалдык жаткан өнүктүрүүнүн, жер жайгаштыруу жумуштарынын, жер кадастрынын жана жердин мониторингин өткөрүүнүн булагы болуп саналат.

2-статья. Жер салыгынын объектиси

Жер участоктору салык алуу объектиси болуп саналат.

Салык төмөнкүлөрдүн айыл чарба бөлүндүлөрүнөн жана жерлерден алынат.

«Кыргыз Республикасынын 2005-жылга чейинки мезгилде өнүгүшүнүн экономикалык стратегиясын жана 1996-1998-жылдарга индикативдүү социалдык-экономикалык планын иштеп чыгуу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Президентинин 1995-жылдын 29-декабрындагы № 354 Указы

Рыноктук кайра түзүүлөр жана инфляцияга каршы саясат баанын өсүш темпин кыйла төмөндөтүүгө, улуттук валютанын туруктуулугуна жетишүүгө жана өндүрүштүн төмөндөшүн басаңдатууга мүмкүндүк берди.

Кыргызстан өзүнүн өнүгүшүнүн жаңы этабына - экономиканы оңоо жана мындан ары туруктуу экономикалык өсүштүн, элдин жашоо деңгээлин турукташтыруунун жана көтөрүүнүн этабына өтүп жатат.

Мындай шарттарда натыйжалуу социалдык-экономикалык саясатты жүзөгө ашыруу мамлекеттин башкы милдеттеринин бири катары рынок мамилелерин өнүктүрүүдө анын жөнгө салуучу ролун күчөтүүнү талап кылат.

Экономиканы жана социалдык чөйрөнү өнүктүрүүнүн жана жакынкы он жылга анын максаттуу багыттарына жетишүүнүн, мамлекеттик жөнгө салууну жана рынок механизмдерин айкалыштыруунун негизинде социалдык-экономикалык процесстерди башкаруунун натыйжалуулугун жогорулатуу жолдорун аныктоо үчүн **токтом кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын 2005-жылга чейинки мезгилде экономикалык өнүгүшүнүн стратегиясын жана 1996-1998-жылдарга индикативдүү социалдык-экономикалык планды иштеп чыгуу зарыл деп эсептелсин, анда төмөнкүдөй өзөктүү социалдык-экономикалык милдеттерди этап

боюнча чечүүгө багытталган структуралык, инвестициялык, салыктык-бюджеттик, кредит-акча, тышкы экономикалык жана социалдык саясат жагынан өз ара байланыштуу жана балансташкан иш-чаралардын максаттуу багыттары жана комплекстери каралсын:

- 1996-жылы өндүрүштүн төмөндөшүн четтетүү жана экономиканы мындан ары оңоо;
- мындан аркы туруктуу экономикалык өсүшкө жетишүү;
- калктын жашоо деңгээлин турукташтыруу жана жогорулатуу.

Соглашение между Правительством Кыргызской Республики и Правительством Российской Федерации о едином порядке урегулирования внешнеэкономической деятельности (Москва, 10 января 1996 года)

Правительство Кыргызской Республики именуемое далее «Кыргызская Сторона» и Правительство Российской Федерации действующее от имени и по согласованию с Правительством Республики Беларусь и Правительством Республики Казахстан, именуемые далее «Стороны Таможенного союза», принимая во внимание положение Договора о создании Экономического союза от 24 сентября 1993 года, в целях формирования общего экономического пространства, механизма регулирования внешних экономических связей на основе единого законодательства и для решения других вопросов, обеспечивающих функционирование системы внешнеэкономической деятельности, стремясь к созданию равных условий осуществления внешнеэкономической деятельности для хозяйствующих субъектов договаривающихся государств, исходя из взаимной заинтересованности в участии в Таможенном союзе, созданном в соответствии с Соглашениями от 6 и 20 января 1995 года, руководствуясь общепризнанными нормами международного права, согласились о нижеследующем:

Статья 1

Кыргызская Сторона и Стороны Таможенного союза будут сотрудничать в целях обеспечения выполнения условий присоединения Кыргызской Стороны к Таможенному союзу.

Статья 2

Кыргызская Сторона обеспечит установление единого, действующего в рамках Таможенного союза порядка регулирования внешнеэкономической деятельности в Кыргызской Республике и принятия решений в следующих областях:

торговый режим в отношениях с третьими странами;

тарифное регулирование в области внешнеэкономической деятельности;

нетарифное регулирование в области внешнеэкономической деятельности;

валютное регулирование и валютный контроль внешнеэкономических операций;

применение в торговле со странами, с которыми Стороны таможенного союза имеют соглашения о режиме свободной торговли с изъятиями, аналогичных изъятий.

Кыргызская Сторона и Стороны Таможенного союза будут заблаговременно информировать друг друга в случае возникновения необходимости внесения изменений в торговый режим (или законодательство, регулирующее вышеуказанные области внешнеэкономической деятельности) и принимать меры по взаимному согласованию таких изменений.

Кыргыз Республикасынын 1996-жылдын 26-июндагы № 24 «Кыргыз Республикасынын Салык кодексин колдонууга киргизүү жөнүндө» мыйзамы (2002.04.02 өзгөртүүлөр менен) (күчүн жоготкон)

КР 2008.17.10 № 231 мыйзамына *ылайык күчүн жоготкон (2009-жылдын 1-январынан тартып күчүнө кирет)*

I. «Жалпы жоболор», «Ишке ашыруу», «Жеке адамдардан алынуучу киреше салыгы», «Юридикалык жактардын пайдасына салык салуу», «Кошумча салык салыгы», «Акциз алыгы», «Жер салыгы»-бөлүмдөрүнөн турган Кыргыз Республикасынын Салык кодекси кол коюлган күндөн кийинки айдын биринчи күнүнөн тартып колдонууга киргизилсин.

II. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү:

1. Төмөндөгүлөрдү:

- колдонуудагы мыйзамдарды Салык кодексине ылайык келтирүү боюнча сунуштарды;

- Кыргыз Республикасы Бажы Союзуна кирген учурда Салык кодексине киргизиле турган өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду даярдасын жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна киргизсин.

2.Салык кодексине карама-каршы келген нормативдүү актыларды жокко чыгарсын.

3. 1996-жылдын ноябрына чейин кыртышты бонитировкалоону эске алуунун негизинде айыл чарба багытындагы жерлер боюнча, инфраструктураны жана шаар курууга жарактуу жактарын эске алуу менен айыл чарбасына тиешеси жок жерлер боюнча жер салыгынын илимий жактан негизделген базалык ставкаларын иштеп чыксын жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин бекитүүсүнө берсин.

III. Кыргыз Республикасынын:

1. «Ишканалардан, бирикмелерден жана уюмдардан алынуучу салыктар жөнүндө» Мыйзамынын «Кыргыз Республикасынын аймагындагы жалпы мамлекеттик, республикалык жана жергиликтүү маанидеги автомобиль жолдорун пайдалангандыгы үчүн салык» деген VII жана «Мамлекеттик каттоо жана лицензияларды берүү үчүн алынуучу акы» деген IX главаларынан башкасынын;

2. «Чекене соода товарларын жүгүртүүдөн жана калкка кызмат көрсөтүүдөн алынуучу убактылуу салык жөнүндө» Мыйзамын.

3. КР 2002.04.04 № 48 Мыйзамына ылайык күчүн жоготкон

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик менчикти менчиктештирүү жөнүндө Мыйзамы (2002-жылдын 2-марты № 31)

(Кыргыз Республикасынын 2008-жылдын 23-майындагы N 96, 2009-жылдын 5-ноябрындагы N 291, 2011-жылдын 23-июндагы N 54, 2012-жылдын 8-ноябрындагы N 180, 2014-жылдын 18-июлундагы № 142 *Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

I Глава. Жалпы жоболор

II Глава. Кыргыз Республикасында мамлекеттик мүлктү Менчиктештирүү мамлекеттик программасы

III Глава. Менчиктештирүүнүн катышуучулары (субъекттери жана объекттери)

IV Глава. Мамлекеттик мүлктү менчиктештирүү усулдары

V Глава. Мамлекеттик ишканаларды чарбалык өнөктештүктөрго (коомдорго) өзгөртүп түзүү

VI Глава. Чарбалык шериктештиктерге (коомдорго) өзгөртүп түзүлгөн мамлекеттик ишканаларды менчиктештирүү

VII Глава. Баштапкы баанын аныктоо, менчиктештирүүдөн түшкөн киреше жана аны болуштүрүү

VIII Глава. Корутунду жоболор

Кыргыз Республикасынын ушул Мыйзамы мамлекеттик мүлктү менчиктештирүү аркылуу Кыргыз Республикасында менчикке мамилелерди өзгөртүүнүн уюштуруу жана укуктук негиздерин белгилейт.

I Глава

Жалпы жоболор

1-статья. Мүлктү менчиктештирүү түшүнүгү

Мамлекеттин менчигинде турган мүлктү (менчиктештирүү объекттерин) жеке жана юридикалык жактардын менчигинеордун толтуруп ажыратып берүү мамлекеттик менчикти менчиктештирүү дегендикти түшүндүрөт.

(КР 2014-жылдын 18-июлундагы № 142 *Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

2-статья. Мамлекеттик мүлктү менчиктештирүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдары

Мамлекеттик мүлктү менчиктештирүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдары ушул Мыйзамдан, башка мыйзамдык актылардан жана аларга ылайык кабыл алынуучу Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларынан турат.

(КР 2008-жылдын 23-майындагы N 96 *Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

3-статья. Ушул Мыйзамдын колдонуу чөйрөсүн чектөө

«Милдеттүү тартипте патенттик негизде экономикалык ишти жүзөгө ашыруучу юридикалык жана жеке жактар үчүн патенттин наркын аныктоонун Тартибин бекитүү жөнүндө» 2001-жылдын 29-июнундагы 3 № 417-II жана «Патенттик негизде милдеттүү салык салынууга тийиш болгон экономикалык иштин түрлөрүнүн Тизмесин бекитүү жөнүндө» 2001-жылдын 29-июнундагы 3 № 418-II Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Мыйзам чыгаруу жыйынынын токтомдоруна өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизүү тууралуу Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин мыйзам чыгаруу жыйынынын 2003-жылдын 26-декабрындагы 3 № 1416-II токтому

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Мыйзам чыгаруу жыйыны токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Мыйзам чыгаруу жыйынынын 2001-жылдын 29-июнундагы 3 № 417-II токтому менен бекитилген *Милдеттүү тартипте патенттик негизде экономикалык ишти жүзөгө ашыруучу юридикалык жана жеке жактар үчүн патенттин наркын аныктоонун Тартибине* төмөнкү өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилсин:

1. 3-пункт «салыктын бардык түрү деген сөздөрдөн мурда», жер салыгы», рекламага салыкты, калктуу конуштардын аймагынан ташталандыларды ташып кеткендик үчүн жыйымды жана кыймылсыз мүлккө салыкты албаганда», деген сөздөр менен толукталсын.

2. Төмөнкү мазмундагы 3.1 жана 3.2-пункттар менен толукталсын:

«3.1. Чарба жүргүзүүчү субъекттер жалданма кызматкерлерге айлык акыдан киреше салыгын чегерүүнүн жана төлөөнүн ордуна ар бир кызматкерге айына үч эң аз айлык ажынын өлчөмүндө патент сатып алууга милдеттүү.

3.2. Алардын экономикалык ишинин алкагында эмгек келишими (контракт, жалдоо) боюнча бир жолку жумуштар (кызматтар) үчүн кызматкерлерге акы төлөп берүүдө бюджетке киреше салыгын чегерүү, кармоо жана которуу Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 25 жана 50-статьяларынын талаптарына ылайык жүзөгө ашырылат.».

3. 10-пунктта:

- пункт төмөнкү мазмундагы экинчи абзац менен толукталсын:

«Патенттердин наркынын базалык ставкалары белгиленген тартипте кабыл алынганга чейин ушул токтом менен бекитилген ставкалар колдонула берет.»;

Бишкектеги ликер-арак заводу» ачык акционердик коомунун акцияларынын 70,12 процентин мамлекеттештирүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтүнүн 2010-жылдын 3-июндагы № 58 декрети

(2010.28.09. өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен)

КР Убактылуу Өкмөтүнүн 2010.28.09. № 130 декретине ылайык аталышында жана бүткүл текстинде «коомун» деген сөз «коомунун акцияларынын 70,12 процентин» деген сөздөргө алмаштырылды

Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын 2010-жылдын 26-апрелиндеги сунушунун негизинде жана Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-апрелиндеги № 1 Декретине ылайык Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтү ушул Декретти кабыл алат:

КР Убактылуу Өкмөтүнүн 2010.19.07. № 102 декретине ылайык (мур. ред. караңыз); 2010.28.09. № 130 декретине ылайык (мур. ред. караңыз) 1-пунктуна өзгөртүүлөр киргизилген

1. «Бишкектеги ликер-арак заводу» ачык акционердик коомунун акцияларынын 70,12 процентин (мындан ары - «Бишкектеги ликер-арак заводу» ААКсы) мамлекеттештирилсин.

2. Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик мүлк министрлиги «Бишкектеги ликер-арак заводу» ААКсын мамлекеттештирүүгө байланыштуу:

- «Бишкектеги ликер-арак заводу» ААКсынын активдеринин сактальшын камсыз кылсын;

БИЛИМ ЖАНА ИЛИМ

Постановление Совета Министров Киргизской ССР от 21 ноября 1990 года № 336

О совершенствовании системы повышения квалификации и переподготовки кадров в связи с переходом к рыночной экономике

Переход к регулируемой рыночной экономике требует осуществления программы неотложных мер по подготовке и переподготовке кадров руководителей и специалистов органов государственного управления, предприятий и организаций с целью обеспечения качественного улучшения их профессионализма и компетентности, овладения новыми принципами и методами хозяйствования, ценообразования, налогообложения, финансирования, кредитования, правового регулирования, а также основами маркетинга, банковского дела, психологии и социологии управленческой и хозяйственной деятельности. Совет Министров Киргизской ССР постановляет:

1. Организовать начиная с 10 ноября 1990 года целевую переподготовку руководителей и специалистов народного хозяйства республики по комплексу основных задач перехода к рыночной экономике на базе Межотраслевого института повышения квалификации руководящих работников и специалистов народного хозяйства при Совете Министров Киргизскою ССР, Республиканской высшей школы управления (РВШУ) Госкомсельхоза Киргизской ССР, высших и средних специальных учебных заведений.

2. Реорганизовать Межотраслевой институт повышения квалификации руководящих работников и специалистов народного хозяйства при Совете Министров Киргизской ССР в Институт управления Совета Министров Киргизской ССР, возложив на него научно-методическое руководство и координацию работ по подготовке кадров управления государственных органов народного хозяйства. Отнести Институт управления к первой категории по оплате труда руководящих работников.

3. Институту Управления, Министерству народного образования Киргизской ССР, РВШУ Госкомсельхоза Киргизской ССР:

- в срок до 26 ноября 1990 года разработать и утвердить тематические планы обучения;

- привлекать к проведению занятий ведущих специалистов народного хозяйства, ученых республики и страны в области экономики, управления, а также зарубежных специалистов по вопросам бизнеса, менеджмента и маркетинга;

- организовать обучение по программе перехода к регулируемой рыночной экономике:

в Институте управления Совета Министров Киргизской ССР:

народных депутатов Киргизской ССР, депутатов местных Советов, председателей и членов постоянных комиссий и комитетов Верховного Совета республики;

руководителей министерства, государственных комитетов, ведомств, облисполкомов, ответственных работников аппарата Управления Делами Совета Министров Киргизской ССР согласно приложению 1;

руководителей горрайисполкомов, предприятий, хозяйств, ведущих специалистов экономических ведомств, финансово-кредитных органов, торговли и потребительской кооперации, материально-технического снабжения согласно приложению 2;

в РВШУ Госкомсельхоза Киргизской ССР - руководителей и специалистов агропромышленного комплекса согласно приложению № 3;

- провести обучение (с ноября 1990 года по июнь 1991 года) по двухнедельной программе (72 часа).

Указ Президента Кыргызской Республики от 5 декабря 1991 года № 393 «Об учреждении государственных премий Кыргызской Республики в области науки и техники» (с изменениями и дополнениями по состоянию на 20.10.2014 г.)

По всему тексту Указа слова: «Республики Кыргызстан» заменены словами: «Кыргызской Республики» в соответствии с Указом *Президента КР от 20.01.98 г. № 22*

В целях дальнейшего стимулирования развития науки и техники постановляю:

1. Учредить пять государственных премий Кыргызской Республики в размере 250000 (двести пятьдесят тысяч) сомов каждая за выдающиеся достижения в области науки и техники, приводящие к значительному ускорению экономического и социального развития страны.

Одной из указанных государственных премий присвоить имя Касыма Тыныстанова и присуждать ее за выдающиеся научные труды, способствующие развитию государственного языка.

Одну из указанных государственных премий присуждать за выдающиеся труды в области гуманитарных наук.

В пункт 2 внесены изменения в соответствии с Указом *Президента КР от 20.01.98 г. № 22*

Пункт 2 изложен в редакции Указа *Президента КР от 20.10.14 г. № 179*

2. Государственные премии Кыргызской Республики в области науки и техники присуждаются Президентом Кыргызской Республики по

предложению Комитета по государственным премиям Кыргызской Республики в области науки и техники.

Государственные премии Кыргызской Республики в области науки и техники присуждаются один раз в два года (по четным годам) ко Дню науки Кыргызской Республики.

Пункт 3 изложен в редакции Указа *Президента КР от 20.01.98 г. № 22*

3. Утвердить:

- Положение о государственных премиях Кыргызской Республики в области науки и техники в новой редакции (приложение 1);

- Положение о Комитете по государственным премиям Кыргызской Республики в области науки и техники в новой редакции (приложение 2);

4. Комитету по государственным премиям Кыргызской Республики в области науки и техники разработать и утвердить Инструкцию о порядке выдвижения, оформления и представления материалов на соискание государственных премий Кыргызской Республики в области науки и техники.

5. Признать утратившим силу постановление ЦК Компартии Киргизии и Совета Министров Киргизской ССР от 30 ноября 1967 года № 647 «О государственных премиях Киргизской ССР в области науки и техники».

Президент
Кыргызской Республики А. Акаев

«Илим жөнүндө жана мамлекеттик илимий-техникалык саясаттын негиздери тууралуу» Кыргыз Республикасынын 1994-жылдын 15-апрелиндеги № 1485-XII Мыйзамы (2012.01.06. өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен)

КР Жогорку Кеңешинин 1994-жылдын 15-апрелиндеги № 1486-XII токтому менен колдонууга киргизилген

I бөлүм. Жалпы жоболор (1-3 статьялар)
II бөлүм. Илимий-техникалык саясатты мамлекеттик жөнгө салуу (4-7 статьялар)
III бөлүм. Илимдин системасы жана илимий, (8-16 статьялар)

илимий-техникалык мекемелер
IV бөлүм. Илимий жана илимий-техникалык иштин субъектилери (17-27 статьялар)
V бөлүм. Илим менен техниканын артыкчылык берилүүчү багыттары (28-31 статьялар)
VI бөлүм. Материалдык-техникалык жана маалымат менен камсыз кылуу (32-35 статьялар)
VII бөлүм. Илимди финансылоо (36-46 статьялар)
VIII бөлүм. Эл аралык кызматташтык (47-49 статьялар)

Бул Мыйзам республикада илимдин жана илимий-техникалык иштин (мындан ары - илимий-техникалык саясат) милдет аткарышын камсыз кылуучу негизги укуктук, экономикалык жана социалдык шарттарды жана гарантияларды бекемдейт.

Мамлекет экономикалык өнүгүүнүн аныктоочу булагы жана улуттук маданият менен билим берүүнүн ажырагыс бөлүгү катарында болгон илимди өнүктүрүүгө артыкчылык берүү менен колдоо көрсөтүп, илимий-техникалык иш чөйрөсүндөгү граждандардын интеллектуалдык мүмкүнчүлүктөрүн ишке ашыруу үчүн зарыл болгон шарттарды түзүп, социалдык, экономикалык, маданий жана башка проблемаларды чечүү үчүн ата мекендик жана дүйнөлүк илимдин жана техниканын жетишкендиктерин пайдалануу камсыз кылат.

Мыйзамда:

илим менен техниканы өнүктүрүүдөгү мамлекеттин ролун, коомдук өндүрүштү кайра түзүү жана адамдардын керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн илимий-техникалык жетишкендиктерди пайдалануну;

мамлекеттик илимий-техникалык саясаттын негизги максаттарын, багыттарын жана принциптерин;

илимий-техникалык чөйрөдө мамлекеттик жөнгө салуунун түрлөрүн жана ыкмаларын;

илимий-техникалык саясатты жүзөгө ашыруудагы мамлекеттик органдардын бийлик-укуктарын;

илимий-техникалык ишти өнүктүрүүнүн экономикалык жана укуктук гарантияларын;

илимий кызматкерлердин жана илимий жаматтардын укуктук негиздерин аныктайт.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Россия Федерациясынын Өкмөтүнүн ортосунда жогорку квалификациялуу илимий жана илимий-педагогикалык кадрларды даярдоо жана аттестациялоо жаатындагы кызматташуу тууралу макулдашуу

(1999-жылдын 6-августу)

КР Өкмөтүнүн 1999-жылдын 6-августундагы № 325-б буйругу менен жактырылды

Мындан ары Тараптар деп аталуучу Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Россия Федерациясынын Өкмөтү,

1992-жылдын 13-мартындагы Көз каранды эмес Мамлекеттердин Шериктештигинин алкагында илимий-техникалык кызматташтык жөнүндөгү Өкмөттөр аралык макулдашууга жана 1997-жылдын 17-январындагы Көз каранды эмес Мамлекеттердин Шериктештигинин бирдиктүү (жалпы) билим берүү мейкиндигин түзүү боюнча кызматташтык жөнүндөгү Өкмөттөр аралык макулдашууга, 1998-жылдын 24-ноябрындагы Беларусь Республикасынын Өкмөтүнүн, Казакстан Республикасынын Өкмөтүнүн, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Россия Федерациясынын Өкмөтүнүн ортосундагы билим, окумуштуулук даражалар жана наамдар тууралу документтерди өз ара таануу жана эквиваленттүүлүгү жөнүндөгү Макулдашууга негизденип,

илим, техника, билим жана маданият жаатгарында тарыхый калыптанган өз ара тыгыз байланыштарга таянып,

жогорку квалификациялуу илимий жана илимий-педагогикалык кадрларды даярдоо жана аттестациялоо системаларынын натыйжалуулугун жогорулатууда мамлекет аралык кооперациянын максатка ылайыктуулугун таануу менен бирдиктүү илимий мейкиндикти сактоого умтулуп,

жогорку квалификациялуу илимий жана илимий-педагогикалык кадрларды даярдоо жана аттестациялоо жаатындагы өз ара пайдалуу кызматташтыкты улантууга умтулууну бекемдөө менен,

төмөнкүлөр жөнүндө макулдашышты:

1-статья.

Тараптар жогорку квалификациялуу илимий жана илимий-педагогикалык кадрларды даярдоого керектүү улуттук концепцияларды жана талаптарды иштеп чыгуу үчүн өз ара консультацияларды өткөрүшөт

2-статья.

Тараптардын мамлекеттеринин атайын укуктуу органдары:

илимий жана илимий-педагогикалык жогорку квалификациялуу кадрларды өз ара максаттуу даярдоону жана стажировкаларды уюштурушат;

илимий кызматкерлердин адистиктеринин улуттук тизмелерин (номенклатураларын) даярдоодо жана өз мамлекеттеринин аймактарында окумуштуулук даражаларды ыйгаруу боюнча кеңештердин тармактарын түзүүдө консультацияларды өткөрүшөт;

жогорку квалификациялуу илимий жана илимий-педагогикалык кадрларды аттестациялоого даярдоо системаларында окумуштуулук даражаларды жана окумуштуулук наамдарды изденүүчүлөргө коюлуучу талаптардын салыштырмалуулугун камсыз кылышат.

3-статья.

Тараптар өзүлөрүнүн илимий уюмдарынын жана жогорку окуу жайларынын аспирантурасына башка Тараптын граждандарынын өтүшү үчүн бирдей шарттарды камсыз кылышат.

Договор
между Республикой Таджикистан, Кыргызской Республикой, Республикой Казахстан и Имаматом Исмаилитов по созданию Университета Центральной Азии
(Астана, 31 августа 2000 года)

Ратифицирован Законом *КР от 14 января 2001 года № 8*
Вступил в силу 9 февраля 2001 года

Настоящий Договор («Договор») составлен между

Республикой Таджикистан, представленной Президентом Республики Таджикистан;

Кыргызской Республикой, представленной Президентом Кыргызской Республики;

Республикой Казахстан, представленной Президентом Республики Казахстан

Каждая из вышеперечисленных республик далее упоминаются как «Государства-Учредители»;

и

Имаматом Исмаилитов, представленным Его Высочеством Ага Ханом, 49-ым наследным Имамом мусульманином Имами исмаили (Имамат исмаилитов).

Государства-Учредители и Имамат исмаилитов далее коллективно упоминаются как «Учредители».

Учитывая, что существует потребность в экономическом, социальном и культурном развитии Центрально-Азиатского Горного Региона (определенного ниже) через экономическое развитие, социальные и культурные инициативы, современное образование, и средства связи, которые сохраняют и улучшают естественное и культурное наследие народов Центрально-Азиатского Горного Региона, который включает в себя государства, суверенные территории которых расположены в пределах или граница которых проходит по высокогорным зонам между Алтаем и районом Кавказских гор, известными как Памир, Каракорум, Гиндукуш, Гималаи, Тянь-Шань, Алатау, Алтай, Копетдаг;

Учитывая, что самообеспечение и благополучие Центрально-Азиатского Горного Региона может быть улучшено через совместные акции, которые укрепляют связи между странами региона и через эффективное распределение опыта коллективного обучения, и так как удовлетворение потребности в экономическом, социальном и культурном развитии Центрально-Азиатского Горного Региона может быть ускорено через создание высших учебных заведений, которые, в частности, будут заниматься проблемами общего развития, стоящими перед горными народами;

Учитывая стремление Учредителей к созданию международной организации образования (международного образовательного учреждения) («Университет») с целью обеспечения высшего образования для того, чтобы позволить людям Центрально-Азиатского Горного Региона приобрести современные навыки и новые возможности для улучшения качества их жизни и становления производительными членами общества и учитывая стремления к тому, чтобы такое творческое высшее учебное заведение носило международный характер, работало во множестве суверенных наций и отвечало мировым стандартам качества, и деятельность которого была бы направлена на экономическое, социальное и культурное развитие всего Центрально-Азиатского Горного Региона;

Учитывая, что Имамат исмаилитов является учреждением, способствующим продвижению новых инициатив в экономических, социальных и культурных сферах в Центрально-Азиатском Горном Регионе, действующим через множество международных агентств и организаций по развитию, учрежденных Имаматом исмаилитов, включая Организацию Ага Хана по развитию («АКДН»);

Учитывая, что вышеуказанный проект был создан по инициативе Имамата исмаилитов в соответствии с положениями Соглашения о Сотрудничестве по Развитию, подписанного Имаматом исмаилитов и Республикой Таджикистан в Душанбе 23-го мая 1995 («Соглашение АКДН с Республикой Таджикистан»);

Учитывая желание Учредителей привлекать и вдохновлять другие страны («Государства-Участники») в Центрально-Азиатском Горном Регионе и в других регионах участвовать в развитии Университета;

Учредители договорились о нижеследующем:

Статья 1: Университет

Учредители, настоящим документом основывают Университет как международную организацию образования (международное образовательное учреждение).

«Тажикстан Республикасынын, Кыргыз Республикасынын, Казакстан Республикасынын жана Исмаилиттер Имамчылыгынын ортосундагы Борбордук Азия Университетин түзүү боюнча Келишимди ратификациялоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2001-жылдын 14-январындагы № 8 Мыйзамы

2000-жылдын 26-декабрында

Кыргыз Республикасынын
Жогорку Кеңешинин
Мыйзам чыгаруу жыйыны
тарабынан кабыл алынган

2000-жылдын 29-декабрында

Кыргыз Республикасынын
Жогорку Кеңешинин
Эл өкүлдөр жыйыны
тарабынан жактырылган

1-статья. 2000-жылдын 31-августунда Бишкек шаарында кол коюлган Тажикстан Республикасынын, Кыргыз Республикасынын, Казакстан Республикасынын жана Исмаилиттер Имамчылыгынын ортосундагы Борбордук Азия Университетин түзүү боюнча Келишим ратификациялансын.

Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин Дипломатиялык академиясы жөнүндө жобо (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2001-жылдын 3-сентябрындагы № 515 токтому менен бекитилди) (2007.27.08. өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен) (күчүн жоготкон)

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн
2001-жылдын 3-сентябрындагы
№ 515 токтому менен
бекитилди

1. Жалпы жоболор

1.1. Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин Дипломатиялык академиясы (мындан ары - Академия) угуучуларды даярдоочу, кайрадан даярдоочу жана квалификациясын жогорулатуучу, ошондой эле эл аралык мамилелер тармагында фундаменталдык жана колдонмо илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүчү жогорку окуу жайдан кийинки жана кошумча кесиптик билим берүүчү мамлекеттик билим берүү мекемеси болуп саналат.

1.2. Академия өз ишин Кыргыз Республикасынын Конституциясына, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, Кыргыз Республикасынын Президентинин указдарына жана буйруктарына, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомдоруна жана буйруктарына жана ушул Жобото ылайык ишке ашырат.

1.3. Академия багыттар (адистиктер), билим деңгээли боюнча адистерге жогорку окуу жайдан кийинки жана кошумча кесиптик билим берүү (квалификациясын жогорулатуу) чөйрөсүндө өз иштерин жүргүзөт.

1.4. Академиянын уюштуруучусу болуп Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги (мындан ары - ТИМ) саналат.

1.5. Академия өзүнүн компетенциясына тиешелүү иш-милдеттерди өз алдынча аткарат, өз иштеринин натыйжалары үчүн инсандын, коомдун жана мамлекеттин алдында жооп берет, ТИМге отчет берип турат.

Академиянын бул Жободо көрсөтүлгөн максаттарга ылайык иш жүргүзүшүн ТИМ көзөмөлдөйт.

1.6. Академия коммерциялык эмес уюм болуп саналат.

1.7. Бул Жободо каралган билим берүү иштерди камсыз кылуу үчүн мамлекеттик менчиктеги имараттарды, курулуштарды, мүлктүк комплекстерди, шаймандарды, ошондой эле башка керектүү мүлктү оперативдүү башкаруу боюнча укуктар Академияга берилген.

1.8. Академия юридикалык жак болуп саналат, анын өз алдынча балансы, жекече эсептери, өзүнүн аталышы мамлекеттик жана англис тилдеринде жазылган Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик гербинин сүрөтү түшүрүлгөн мөөрү, тиешелүү үлгүдөгү бланктары бар; Кыргыз Республикасында белгиленген тартипте бухгалтердик отчет берүү иштерин жүргүзөт.

1.9. Академиянын уюштуруучусу Академиянын милдеттенмелери боюнча жооп бербейт, ошондой эле Академия уюштуруучунун милдеттенмелери боюнча жооп бербейт.

Академия коммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдарды түзүүгө, анын максаттарына жана милдеттерине ылайык келген тиешелүү ассоциацияларга, союздарга жана башка коомдук уюмдарга өтүүгө укуктуу.

1.10. Академия белгиленген тартипте катталган эмблемага (логотипке) жана Академияны бүтүрүүчүсүнүн төш белгисине ээ болот.

1.11. Академия өзүнүн компетенциясынын чегинде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген ички нормативдик укуктук актыларды (ички эмгек тартиптеринин эрежелерин, буйруктарды жана башкаларды) чыгарууга укуктуу.

«Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын маселелери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 29-июлундагы № 425 токтому (2014.30.07. өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен)

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2011-жылдын 21-январындагы № 15 «Айрым мамлекеттик органдарды Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн карамагына өткөрүү маселелери жөнүндө» Жарлыгына ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясы Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясы деп өзгөртүлүп аталсын.

2. Төмөнкү тиркелгендер бекитилсин:

- Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясы жөнүндө жобо;

- Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын атайын каражаттары жөнүндө жобо;

- Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын башкаруу схемасы.

3. Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын төрагасы Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын жана анын Президиумунун курамдары боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратына сунуш киргизсин.

4. Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп табылсын:

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 7-июнундагы № 212 «Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясынын маселелери» токтому;

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 20-декабрындагы № 704 «Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясы жөнүндө жобого толуктоолорду киргизүү тууралуу» токтому.

5. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын билим берүү жана маданият бөлүмүнө жүктөлсүн.

6. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

Премьер-министр А. Атамбаев

МАДАНИЯТ, ИСКУССТВО ЖАНА АРХИТЕКТУРА

Постановление Совета Министров Киргизской ССР от 19 марта 1990 года № 79

О сооружении мемориального комплекса воинам-киргизстанцам, погибшим при исполнении интернационального долга в Афганистане

В целях увековечения подвигов воинов-киргизстанцев, погибших при исполнении интернационального долга в Афганистане, Совет Министров Киргизской ССР постановляет:

1. Принять предложение Фрунзенского горисполкома и Министерства культуры Киргизской ССР о проектировании и сооружении

в гор. Фрунзе мемориального комплекса воинам-киргизстанцам, погибшим при исполнении интернационального долга в Афганистане.

2. Возложить функции заказчика по проектированию и изготовлению скульптурной части памятника на Министерство культуры Киргизской ССР, по строительству и благоустройству прилегающей территории на Фрунзенский горисполком.

3. Фрунзенскому горисполкому к 1 июня 1990 года отвести земельный участок и выполнить архитектурно-планировочное задание для проектирования и строительства указанного комплекса.

Постановление Совета Министров Киргизской ССР от 14 мая 1990 года № 143 О преобразовании литературно-этнографического музея «Гумбез Манаса» в государственный музей-заповедник «Манас»

Учитывая важное историко-культурное и научно-просветительское значение эпоса «Манас», Совет Министров Киргизской ССР постановляет:

1. Преобразовать литературно-этнографический музей «Гумбез Манаса» в государственный музей-заповедник «Манас».

2. Министерству культуры Киргизской ССР осуществить работы по созданию музея-заповедника и завершить их к 1 октября 1991 года.

3. Утвердить состав комиссии по координации деятельности государственных и общественных организаций по созданию музея-заповедника (прилагается).

4. Союзу художников Киргизии по заказу Министерства культуры Киргизской ССР обеспечить художественное оформление музейного комплекса.

5. Министерству культуры Киргизской ССР по согласованию с Министерством финансов Киргизской ССР определить штаты музея-заповедника и расходы на его содержание с учетом его филиала в селе Арал Манасского района.

«Кыргызстандын элинин тарыхый жана маданий мурастарын окуп-үйрөнүүнү терендетүү жана жарандык атуулдукту калыптандыруу боюнча чаралар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Президентинин 2012-жылдын 27-январындагы № 18 Жарлыгы

Кыргызстандын элинин тарыхый жана маданий мурастарын окуп-үйрөнүү боюнча мамлекеттик бийлик органдары менен жарандык коомдун системалуу иши элдин биримдигин чыңдоого жана мамлекеттүүлүктү өнүктүрүүгө олуттуу салым кошо алат. Ал экономиканы жана социалдык чөйрөнү өнүктүрүү, жарандардын коопсуздугун камсыз кылуу жана коррупцияга каршы күрөшүү боюнча көрүлүп жаткан чаралардын комплексинде заманбап коомду жана гүлдөп-өнүккөн өлкөнү курууга, жарандык атуулдукту жана өлкө үчүн сыймыктануу сезимин калыптандырууга тийиш.

Кыргызстандын элинин көп улуттуу үй-бүлөсү 100дөн ашык этностордун өкүлдөрүнөн куралат. Мамлекет ар бир этностун тарыхын жана маданиятын окуп-үйрөнүүгө жана жайылтууга болгон адамдардын умтулуусун урматтоого жана кубаттоого милдеттүү. Муну менен бирге ар бир кыргызстандык өзүнүн диний ишенимин жана этностук таандыктыгын унутпай, эң оболу өзүн Кыргызстандын жараны экендигин аңдап-түшүнүп жана аны менен сыймыктана тургандай шартты түзүү зарыл.

Кыргызстанды прогрессивдүү демократиялык өнүктүрүү максатында жарандык бирдейликтин, өлкөнүн биримдигин жана маданий көп түрдүүлүгүн сактоо үчүн жарандардын биргелешкен жоопкерчилигинин негизинде коомду баш коштуруу зарыл. Бул милдетти чечүү кыргызстандыктарда тарыхты урматтоо, өткөнү менен сыймыктануу, элдин руханий жана маданий дөөлөттөрүн билүү жана аздектөө сезимин тарбиялоосуз мүмкүн эмес.

Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн эки миң жылдан ашык тарыхы дүйнөлүк цивилизациянын кенчи болуп саналган, азыркы учурдагы чакырыктарга жана коркунучтарга татыктуу жоопту калыптандыруу үчүн таалим болоорлук мисалдардан турган баракларды камтыйт.

Эң оболу бул орто кылымдарда Улуу кыргыз каганаты түзүлгөн жана кыргыз мамлекеттүүлүгү гүлдөп-өнүккөн мезгил. Аны сыпаттоо үчүн академик В.В.Бартольд жана башка илимпоздордун эмгектеринде «Улуу кыргыз мамлекети» деген термин колдонулган. Тарыхый булактарга ылайык 842-жылга карата Улуу кыргыз каганатынын башкы

институттары түптөлгөн, негизги чек аралары аныкталган, саясый түзүлүш системасы курулган. Кыргыздар дипломатия өнөрүн жана аскердик кубаттуу күчтү колдонуу менен катуу атаандаштык шартында чалкыган аймакты ээлеп жаткан уруулар менен элдерди бирдиктүү мамлекетке бириктире алган.

Орто кылымдарда кыргыз мамлекетинин кубаттуулугунун артышы тарыхтагы маанилүү учур гана болбостон, ошондой эле башка канаатташ элдер менен уруулардын андан аркы тагдырына да таасир тийгизген. Уруулар ортосундагы согуштар жана талаш-тартыштар көпкө токтоп, жергиликтүү уруулар дайыма болуп турган кол салуулардан арылган, бул биргелешип өнүгүү үчүн жагымдуу кырдаалды түзгөн. Ушундай шартта кыргыз этносунун баш кошуусу жана чыңдалышы, анын экономикалык жана маданий жактан өнүгүшү жүргөн.

Кыргызстандын өнүгүүсүндөгү башка тарыхый мезгилдердин бүтүндөй катмарлары да ишенимдүү булактардын базасында терең изилдөөнү талап кылат. Тилекке каршы, кылымдар жана ондогон жылдар бою Кыргызстандын тарыхынын даңазалуу баракгары этибарга алынбай жана саясый конъюнктурадан улам бурмаланып келген.

Кыргызстандын элинин тарыхый-маданий мурастарын сактоо жана кеңири таанытуу маселелерине жетиштүү көңүл жана ресурстар бөлүнбөй келген. Кыргыздардын «Манас» эпосу дүйнөлүк адабияттын жалпы таанылган эстелиги гана болуп саналбайт. Философиялык терең маңызга ээ болгон чыгарма кыргыз элинин тарыхынын жана руханий турмушунун миң жылдык тажрыйбасын чагылдырган элдик акыл-ойдун уюткулуу кенчи болуп эсептелет. Көптөгөн муундар «Манас» эпосунун саптарында тарбияланган, ал саптар бүгүнкү XXI кылымга да бап келип турат. Жарандардын, өзгөчө жаштардын эпосту жакшы билбегендиги анын маанисин жана ролун кемитип, терс тенденцияларды, анын ичинде жердешчиликти жана улутчулдукту жаратат, бул тарыхый жана маданий тамырларды, муундардын өз ара байланышын жоготууга барабар.

Кыргызстанда маданий өнүгүү жана улуттук куралуу процессине зарыл ресурстар менен бекемделген натыйжалуу жана тең салмактуу мамлекеттик тил саясатынын жоктугу олуттуу залал келтирүүдө..

Тарыхый жана маданий мурастар өлкөнүн кенчи болуп санала тургандыгын эске алуу менен, Кыргызстандын көп улуттуу элинин биримдигин чыңдоо максатында токтом кылам:

1. Кыргызстандын элинин тарыхый жана маданий мурастарын окуп-үйрөнүү жана адамдарда өлкө үчүн жарандык атуулдук жана сыйымктануу сезимин тарбиялоо милдети Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бийлик органдарынын ишинин артыкчылыктуу багыттарынын бири катары аныкталсын.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү 2012-2013-жылдарда Кыргызстандын элинин тарыхый жана маданий мурастарын терең окуп-үйрөнүү жана кеңири таанытуу Программасын иштеп чыксын жана жүзөгө ашырсын, анда төмөнкүлөр каралсын:

- тарых жана маданият жагында ишенимдүү булактардын базасында илимий изилдөөлөрдү кубаттоо;

- Кыргызстандын элинин тарыхый-маданий мурастарын кеңири таанытууга багытталган долбоорлорду иштеп чыгуу жана колдоого алуу.

2020-жылга чейин маданият чөйрөсүн өнүктүрүү боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн программасын бекитүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-октябрындагы № 736 токтому

Кыргыз Реслубликасынын Президентинин 2013-жылдын 21-январындагы № 11 Жарлыгы менен бекитилген 2013-2017-жылдардын мезгилине Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясын ишке ашыруу максатында, «Кыргыз Реслубликасынын Өкмөтү жөнүндө» Кыргыз Реслубликасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү токтом кылат:

1. 2020-жылга чейин маданият чөйрөсүн өнүктүрүү боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн программасы (мындан ары - Программа) тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Кыргыз Реслубликасынын Маданият, маалымат жана туризм министрлиги:

- эки айлык мөөнөттө Программаны ишке ашыруу боюнча Иш-чаралар планын иштеп чыксын жана бекитсин;

- ар бир кварталдын жыйынтыгы боюнча отчеттук мезгилден кийинки айдын 20сынан кечиктирбей Иш-чаралар планын ишке ашыруунун жүрүшү жөнүндө маалыматты Кыргыз Реслубликасынын Өкмөтүнүн Аппаратына берип турсун.

3. Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын билим берүү, маданият жана спорт бөлүмүнө жүктөлсүн.

4. Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Премьер-министр Т.А. Сариев

АСКЕР САЯСАТЫ

«Коргоо жана Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2009-жылдын 24-июлундагы № 242 мыйзамы (2014.29.11. өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен)

2009-жылдын 11-июнунда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган

1-бөлүм. Жалпы жоболор (1-3-статьялары)
2-бөлүм. Куралдуу күчтөр, алардын арналышы жана курамы (4-10-статьялары)
3-бөлүм. Мамлекеттик органдардын коргоо жаатындагы ыйгарым укуктары. (11-18-статьялары)
4-бөлүм. Согуштук (куралдуу жанжал) абал. (19-22-статьялары)
5-бөлүм. Корутунду жоболор (23-27-статьялары)

КР 2014.29.11. № 161 Мыйзамына *ылайык бүткүл тексти боюнча:*
- ар түрдүү жөндөмө формаларындагы «Башкы штабы» деген сөздөр тиешелүү жөндөмөлөрдөгү «Генералдык штабы» деген сөздөргө алмаштырылды;
- ар түрдүү жөндөмө формаларындагы «начальники» деген сөз тиешелүү жөндөмөлөрдөгү «башчысы» деген сөзгө алмаштырылды

Ушул Мыйзам Кыргыз Республикасынын коргоо иштеринин негиздерин жана уюштурууну, мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын укуктарын жана милдеттерин; уюштуруу-укуктук формасына карабастан юридикалык жактардын милдеттерин; Кыргыз Республикасынын жарандарынын коргоо жаатындагы укуктарын жана милдеттерин; коргоо үчүн тартылуучу күчтөрдү жана каражаттарды; Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн курамын, түзүмүн жана арналышын; коргоо жаатындагы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузгандыгы үчүн жоопкерчиликти аныктайт.

1-БӨЛҮМ. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

1-берене. Коргоонун негиздери

Коргоо улуттук коопсуздуктун элементи жана мамлекеттин эң маанилүү иш-милдеттеринин бири болуп саналат, мунун өзү куралдуу коргонууга даярдык боюнча саясий, экономикалык, аскердик, социалдык, укуктук жана башка чаралардын тутуму жана Кыргыз Республикасынын мамлекеттик эгемендигин, аймактык бүтүндүгүн, коомун жана жарандарын куралдуу коргоону түшүндүрөт.

Коргоо Кыргыз Республикасынын Конституциясына, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, эл аралык укуктун негиз болуучу принциптерине жана ченемдерине, ошондой эле мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге ылайык уюштурулат жана ишке ашырылат.

Куралдуу күрөштүн каражаттарын колдонуу менен коргоо максатында Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрү (мындан ары – Куралдуу Күчтөр), башка аскердик түзүлүштөр, аскердик-экономикалык камсыздоонун бирдиктүү тутуму түзүлөт, Кыргыз Республикасынын жарандарынын аскердик милдеттери жана мамлекеттик органдардын, уюштуруу-укуктук формасына карабастан юридикалык жактардын, ошондой эле транспорттук каражаттардын ээлеринин аскердик-транспорттук милдеттери белгиленет.

Куралду Күчтөрдүн жана башка аскердик түзүлүштөрдүн куралдары, аскердик техникалары жана мүлктөрү мамлекеттик менчик болуп саналат жана аларда чарба жүргүзүү же оперативдүү башкаруу укугунда болот.

«Бишкек шаарында 2003-жылдын 23-октябрында кол коюлган Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Россия Федерациясынын Өкмөтүнүн ортосундагы аскердик арналыштагы продукцияны үчүнчү өлкөлөргө экспорттоону жүзөгө ашырууда өз ара аракеттенүү жөнүндө Макулдашууну ратификациялоо тууралу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору жөнүндө Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2006-жылдын 15-июну № 1114-III токтому

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши ТОКТОМ КЫЛАТ:

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Эл аралык иштер, арламентер аралык байланыштар, коомдук бирикмелер жана диний

уюмдар боюнча комитети, Коргоо, коопсуздук, укук тартиби жана маалыматтык саясат боюнча комитети жана Тармактык экономиканы өнүктүрүү, ишкердик жана жаратылыш ресурстарын пайдалануу боюнча комитети «Бишкек шаарында 2003-жылдын 23-октябрында кол коюлган Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Россия Федерациясынын Өкмөтүнүн ортосундагы аскердик арналыштагы продукцияны үчүнчү өлкөлөргө экспорттоону жүзөгө ашырууда өз ара аракеттенүү жөнүндө Макулдашууну ратификациялоо тууралу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорун депутаттардын сын-пикирлерин жана сунуштарын эске алуу менен карасын жана бир жумалык мөөнөттө Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин жыйналышына киргизсин.

МААЛЫМАТ КАРАЖАТТАРЫ

«Массалык маалымат каражаттары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 1992-жылдын 2-июлундагы № 938-XII Мыйзамы (2014.17.05. өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен)

Кыргыз Республикасынын Жогорку Советинин1992-жылдын 2-июлундагы № 939-XII токтому менен кабыл алынган

I глава. Жалпы жоболор (1-4-статьялар)
II глава. Массалык маалымат каражаттарынын ишин уюштуруу (5-14-статьялар)
III глава. Массалык маалымат каражатынын ишканалар, уюмдар, мекемелер жана граждандар менен мамилелери (15-18-статьялар)
IV глава. Журналисттин укуктары жана милдеттери (19-20-статьялар)
V глава. Массалык маалымат каражаттары жагындагы эл аралык кызматташтык (21-27-статьялар)

Бул Мыйзам билдирүүлөрдү массалык маалымат каражаттары аркылуу уюштуруунун жалпы укуктук, экономикалык жана социалдык негиздерине аныктайт.

Мыйзам массалык маалымат каражаттарынын эркин иш жүргүзүшүнө багытталып, алардын мамлекеттик органдар, коомдук бирикмелер, ишканалар, уюмдар жана граждандар менен болгон мамилелерин жөнгө салат.

I ГЛАВА. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

1-статья. Массалык маалымат каражаттары

Мамлекеттик органдар, маалымат агентстволору, саясий, коомдук жана башка уюмдар, жеке адамдар тарабынан чыгарылуучу газеталар, журналдар, аларга тиркемелер, альманахтар, китептер, бюллетендер, калкка таратууга арналган, туруктуу аталышы бар бир жолку басылмалар, ошондой эле теле көрсөтүү жана радио уктуруу, кино жана көрсөтмө студиялар, мамлекеттик органдар, маалымат агентстволору, саясий, коомдук жана башка уюмдар жеке адамдар тарабынан чыгарылуучу уктурма жана көрсөтмө жазылмалар менен программалар массалык маалымат каражаттарына таандык кылынат.

Массалык маалымат каражаттарын цензурлоого жол берилбейт.

2-статья. Массалык маалымат каражаттарынын органдары

Маалыматтарды калкка таратууну жүргүзгөн анын органдары жана граждандар массалык маалымат каражаттарынын өкүлдөрү болушат.

Массалык маалымат каражаттарынын органдары өз уставынын негизинде аны алып барган юридикалык жактар болуп саналышат.

БАНК СИСТЕМАСЫ

«Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы» Кыргыз Республикасынын 1992-жылдын 12-декабрындагы № 1055-XII Мыйзамы (1994.16.04. өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен) (күчүн жоготкон)

КР 1997-жылдын 29-июлундагы № 59 Мыйзамына *ылайык күчүн жоготкон*

КР Жогорку Кеңешинин 1992-жылдын 12-декабрындагы № 1056-XII токтому менен колдонууга киргизилген

I глава. Жалпы жоболор
II глава. Капитал, пайда, фондулар
III глава. Акчалай насыя берүүнү жөнгө салуу

IV глава. Кыргыз банкынын мамлекет менен мамилеси
V глава. Кыргыз банкынын банктар менен мамилеси
VI глава. Тышкы экономикалык байланыштар жана валюталык операциялар
VII глава. Кыргыз банкын башкарууну уюштуруу

Бул Мыйзам республикадагы банк системасынын борбордук түйүнү жана акчалай насыя берүү саясатын калыптандыруудагы жана жүргүзүүдөгү эң негизги ролду жүзөгө ашырууга кызмат кылуучу орган болуп эсептелген Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын статусун аныктайт.

I ГЛАВА. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

1-статья. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы

1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы (Кыргыз банкы) Кыргыз Республикасынын Борбордук банкы болуп саналат жана анын менчигинде болот.

2. Кыргыз банкы юридикалык жак болуп эсептелет жана өз ишин ушул Мыйзамга ылайык жүзөгө ашырат.

3. Кыргыз банкы Бишкек шаарында жайгашкан.

Кыргыз банкы филиалдарды, өкүлчүлүктөрдү түзүүгө, Кыргыз Республикасында жана чет өлкөдө өз өкүлдөрүн дайындоого укуктуу.

«Кыргыз Республикасы-нын Улуттук банкы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 1997-жылдын 29-июлундагы № 59 Мыйзамы (2015.24.07. өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен)

1997-жылдын 16-июнунда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Мыйзам чыгаруу жыйыны тарабынан кабыл алынган

1997-жылдын 2-июлунда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Эл өкүлдөр жыйыны тарабынан жактырылган

I бөлүм. Жалпы жоболор (1-7-статьялар)
II бөлүм. Кыргыз банкынын отчеттуулугу (8-11-1-статьялар)

III бөлүм. Кыргыз банкынын капиталы (12-13-статьялар)
IV бөлүм. Кыргыз Республикасынын улуттук валютасы (14-18-статьялар)
V бөлүм. Акча-кредиттик жөнгө салуу (19-23-статьялар)
VI бөлүм. Кыргыз банкынын мамлекет менен мамилелери (24-27-статьялар)
VII бөлүм. Кыргыз банкынын банктар менен болгон мамилелери (28-32-1-статьялар)
VIII бөлүм. Тышкы экономикалык байланыштар жана валюталык операциялар (33-36-статьялар)
IX бөлүм. Кыргыз банкын башкарууну уюштуруу (37-45-статьялар)
X бөлүм. Кыргыз банкынын кызматчылары (46-49-статьялар)
XI бөлүм. Корутунду жоболор (50-56-статьялар)

I БӨЛҮМ. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

КР 2008.16.05 № 87 Мыйзамына ылайык 1-статьясына өзгөртүүлөр киргизилген

1-статья. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы

1. Кыргыз Республикасынын Улуттук (Борбордук) банкы (мындан ары Кыргыз банкы) Кыргыз Республикасынын банкы болуп саналат жана анын менчигинде турат.

САЛАМАТТЫКТЫ САКТОО

«Илим жөнүндө жана мамлекеттик илимий-техникалык саясаттын негиздери тууралуу» Кыргыз Республикасынын 1994-жылдын 15-апрелиндеги № 1485-XII Мыйзамы (2012.01.06. өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен)

КР Жогорку Кеңешинин 1994-жылдын 15-апрелиндеги № 1486-XII токтому менен колдонууга киргизилген

I бөлүм. Жалпы жоболор (1-3 статьялар)
II бөлүм. Илимий-техникалык саясатты мамлекеттик жөнгө салуу (4-7 статьялар)

III бөлүм. Илимдин системасы жана илимий, илимий-техникалык мекемелер (8-16 статьялар)
IV бөлүм. Илимий жана илимий-техникалык иштин субъектилери (17-27 статьялар)
V бөлүм. Илим менен техниканын артыкчылык берилүүчү багыттары (28-31 статьялар)
VI бөлүм. Материалдык-техникалык жана маалымат менен камсыз кылуу (32-35 статьялар)
VII бөлүм. Илимди финансылоо (36-46 статьялар)
VIII бөлүм. Эл аралык кызматташтык (47-49 статьялар)

Бул Мыйзам республикада илимдин жана илимий-техникалык иштин (мындан ары - илимий-техникалык саясат) милдет аткарышын камсыз кылуучу негизги укуктук, экономикалык жана социалдык шарттарды жана гарантияларды бекемдейт.

Мамлекет экономикалык өнүгүүнүн аныктоочу булагы жана улуттук маданият менен билим берүүнүн ажырагыс бөлүгү катарында болгон илимди өнүктүрүүгө артыкчылык берүү менен колдоо көрсөтүп, илимий-техникалык иш чөйрөсүндөгү граждандардын интеллектуалдык мүмкүнчүлүктөрүн ишке ашыруу үчүн зарыл болгон шарттарды түзүп, социалдык, экономикалык, маданий жана башка проблемаларды чечүү үчүн ата мекендик жана дүйнөлүк илимдин жана техниканын жетишкендиктерин пайдалануусу камсыз кылат.

Мыйзамда:

илим менен техниканы өнүктүрүүдөгү мамлекеттин ролун, коомдук өндүрүштү кайра түзүү жана адамдардын керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн илимий-техникалык жетишкендиктерди пайдалануусу;

мамлекеттик илимий-техникалык саясаттын негизги максаттарын, багыттарын жана принциптерин;

илимий-техникалык чөйрөдө мамлекеттик жөнгө салуунун түрлөрүн жана ыкмаларын;

илимий-техникалык саясатты жүзөгө ашыруудагы мамлекеттик органдардын бийлик-укуктарын;

илимий-техникалык ишти өнүктүрүүнүн экономикалык жана укуктук гарантияларын;

илимий кызматкерлердин жана илимий жаматтардын укуктук негиздерин аныктайт

«Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Улуттук кардиология жана терапия борборунун алдында Жүрөктүн хирургиясы жана органдарды трансплантациялоо илим-изилдөө институтун түзүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Президентинин 2003-жылдын 11-октябрындагы № 328 Жарлыгы

Илимий изилдөөлөрдүн натыйжалуулугун андан ары жогорулатуу, жүрөгү жана башка өтө маанилүү органдары ооруган оорулууларга диагностикалык жана адистешкен хирургиялык жардамды ылайыкташтыруу ошондой эле «Илим жөнүндө жана мамлекеттик илимий-техникалык саясаттын негиздери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык **токтом кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Улуттук кардиология жана терапия борборунун кардиохирургиялык бөлүмдөрүнүн базасында Жүрөктүн хирургиясы жана органдарды трансплантациялоо илим-изилдөө институту (мындан ары - Илим-изилдөө институту) түзүлсүн.

2. Илим-изилдөө институтунун статусу ага өзалдынча юридикалык жактын укуктарын берүү менен кардиохирургия жана органдарды трансплантациялоо жагынан Кыргыз Республикасынын саламаттыкты сактоосунда жогорку технологиялуу жогорку мамлекеттик илимий-дарылоо жана окуу-өндүрүштүк медициналык мекеме катары белгиленсин.

3. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү эки айлык мөөнөттө:

- Илим-изилдөө институту жөнүндө Жобону бекитсин, финансылоо булактарын эмгек акы төлөө шарттарын, тиешелүү мекемелер (анын ичинде министрликтер жана ведомстволор) менен өзара мамилелердин принциптерин аныктасын жана анын иши менен байланышкан башка маселелерди чечсин;

- жүрөктүн хирургиясын жана органдарды көчүрүүнү Кыргыз Республикасынын саламаттыкты сактоосунда жогорку технологиялардын артыкчылыктуу багыттарынын бири деп тапсын жана жылына жүрөккө кеминде 300 операция жана 5 бөйрөк көчүрүү деген эсепке таянуу менен бул максаттарга 2004-жылга жана кийинки жылдарга максаттуу бюджеттик финансылоону карасын;

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу академик Мирсаид Миррахимов атындагы Улуттук кардиология жана терапия борборунун алдындагы жүрөк хирургиясы жана органдарды трансплантациялоо боюнча илимий-изилдөө институтун түзүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2003-жылдын 19-декабрындагы № 786 токтому

(2014.21.04. өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен)

КР Өкмөтүнүн 2005.31.01. № 44 токтомуна ылайык *аталышында жана бүткүл тексти боюнча «Улуттук кардиология жана терапия борбору» деген сөздөр «академик Мирсаид Миррахимов атындагы Улуттук кардиология жана терапия борбору» деген сөздөргө тиешелүү жөндөмөлөрдө алмаштырылды (мур. ред. караңыз)*

«Илим жана мамлекеттик илимий-техникалык саясаттын негиздери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, Кыргыз Республикасынын Президентинин «Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу академик Мирсаид Миррахимов атындагы Улуттук кардиология жана терапия борборунун алдындагы жүрөк хирургиясы жана органдарды трансплантациялоо боюнча илимий-изилдөө институтун түзүү жөнүндө» 2003-жылдын 11-октябрындагы № 328 Жарлыгын аткаруу жана жүрөк хирургиясы жагындагы илимий изилдөөлөрдүн натыйжалуулугун андан ары жогорулатуу, жүрөк оорусу менен ооругандарга жана башка өтө маанилүү органдарга диагностикалык жана адистештирилген хирургиялык жардам көрсөтүүнү оптималдаштыруу максаттарында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү токтом кылат:

1. КР Өкмөтүнүн 2014.21.04. № 228 токтомуна ылайык күчүн жоготкон *(мур. ред. караңыз)*

2. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу академик Мирсаид Миррахимов атындагы Улуттук кардиология жана терапия борборунун алдындагы Жүрөк хирургиясы жана органдарды трансплантациялоо боюнча илимий-изилдөө институту өз алдынча юридикалык жактын статусу менен кардиохирургия жана органдарды трансплантациялоо тармагында Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоосундагы мамлекеттик жогорку илимий-дарылоо, жогорку технологиялардын окуу-өндүрүштүк медициналык мекемеси катарында аныкталсын.

3. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу академик Мирсаид Миррахимов атындагы Улуттук кардиология жана терапия борбору Жүрөк хирургиясы жана органдарды трансплантациялоо боюнча илимий-изилдөө институтунун балансына белгиленген тартипте төмөнкүлөрдү өткөрүп берсин:

- жабдуулары менен операциялык блокту кошо алганда кардиохирургиялык корпустун беш кабаттуу имаратын, № 2 анестезиология жана реанимация бөлүмүн, № 1 жана № 2 кардиохирургия бөлүмдөрүн;
- трансфузиология бөлүмү;
- бөйрөктү трансплантациялоонун жогоруда көрсөтүлгөн структуралары менен топторунун штаттык тиешелүү эмгек акы төлөө фонду менен 112 штаттык бирдигин.

4. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги академик Мирсаид Миррахимов атындагы Улуттук кардиология жана терапия борбору менен бирдикте үч айлык мөөнөттө:

«Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Улуттук педиатрия жана балдар хирургиясы борбору жөнүндө жобону бекитүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2004-жылдын 23-июнундагы № 467 токтому

(күчүн жоготкон)

КР Өкмөтүнүн 2007-жылдын 23-октябрындагы № 501 токтомуна ылайык *күчүн жоготкон*

Кыргыз Республикасынын Президентинин «Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Улуттук педиатрия жана балдар хирургиясы борборун түзүү жөнүндө» 2004-жылдын 17-апрелиндеги № 140 Жарлыгын аткаруу жана республикадагы балдарга медициналык жардам көрсөтүүнүн натыйжалуулугун жана сапатын андан ары жогорулатуу, дартты аныктоо жана дарылоонун алдыңкы ыкмаларын колдонууга киргизүү, педиатрия жагындагы илимий изилдөөлөрдү координациялоо максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Улуттук педиатрия жана балдар хирургиясы борбору жөнүндө тиркелген жобо бекитилсин.

2. Республикалык клиникалык балдар ооруканасынын жана Акушерия жана педиатрия илимий-изилдөө институтунун базасында

түзүлгөн Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Улуттук педиатрия жана балдар хирургиясы борбору Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо системасынын педиатрия жана балдар хирургиясы тармагандагы мамлекеттик алдыңкы илимий, дарылоо, окутуу-өндүрүштүк жогорку технологиядагы медициналык мекеме болуп санала тургандыгы белгиленсин.

3. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги:

- төмөнкүлөрдү белгиленген тартипте өткөрүп берсин:

Бишкек шаары, Тоголок Молдо көчөсү, 1 дарегинде жайгашкан Акушерия жана педиатрия илимий-изилдөө институтунун төрөт үйүнүн имаратын Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Улуттук госпиталдын балансына;

Бишкек шаары, Тоголок Молдо көчөсү, 1 дарегинде жайгашкан Акушерия жана педиатрия илимий-изилдөө институтунун администрациялык корпусунун имаратынын бөлүгүн Республикалык медициналык китепкана жана Далилдөө медицина борборун уюштуруу үчүн өткөрүп берсин;

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Эл аралык Кызыл Крест комитетинин (ЭККК) ортосундагы ЭКККнын Кыргыз Республикасындагы статусу, артыкчылыктары жана иммунитеттери жөнүндө макулдашуу
(Бишкек ш. 2004-жылдын 7-октябры)

КР 2005-жылдын 12-июлундагы № 100 Мыйзамы *менен ратификацияланган*

Мындан ары Тараптар деп аталуучу Кыргыз Республикасынын Өкмөтү (мындан ары - Өкмөт) жана Эл аралык Кызыл Крест комитети (мындан ары ЭККК),

ЭКККнын адамдардын азап чегүүлөрүн жеңилдетүү максатында эч кандай баасмырлоосуз коргоо берүү жана жардам көрсөтүү боюнча жасаган иштерин эске алып,

Кыргыз Республикасынын кызыкчылыктарын жана ЭКККнын Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган 1949-жылдагы Женева Конвенцияларына жана 1977-жылдагы аларга карата болгон Кошумча протоколдорго, ошондой эле Эл аралык Кызыл Крест жана

Кызыл Жарым ай кыймылынын уставына ылайык ага жүктөлгөн гуманитардык милдеттерди аткарууга болгон ниетин көңүлгө алуу менен.

төмөнкүлөр жөнүндө макулдашты:

1-статья. ЭКККнын статусу

Ушул Макулдашууга ылайык ЭККК Кыргыз Республикасында эл аралык өкмөттөр арасындагы уюмдар пайдаланган сыяктуу иммунитеттерден, артыкчылыктардан, ыйгарым укуктардан жана жеңилдиктерден пайдаланат.

2-статья. Укук субъектүүлүгү

ЭККК юридикалык жактын укуктарына ээ. Өкмөт ЭККК өзүнө келишимдер боюнча милдеттерди алууга, соттордо иш козгоого жана укуктарды алууга, ошондой эле кыймылдуу жана кыймылсыз мүлктү сатып алууга жана аны башкарууга укуктуу экендигин таанылт.

3-статья. ЭКККнын мүлкү жана иммунитеттери

ЭККК, анын мүлкү, каражаттары жана активдери кайда жана кимдин башкаруусунда экендигине карабастан, ЭККК ачык түрдө өзүнүн иммунитетинен баш тарткан айрым учурлардан башка бардык формадагы соттук жана административдик иш жүргүзүүлөргө иммунитеттен пайдаланышат.

«Кыргыз Республикасында жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2005-жылдын 9-январындагы № 6 Мыйзамы (2016.29.04. өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен)

2004-жылдын 11-ноябрында

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Мыйзам чыгаруу жыйыны тарабынан кабыл алынган

I глава. Жалпы жоболор (1-6-статьялары)
II глава. Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоосунун комплекстүү интеграцияланган (7-19-статьялары)

тутуму
III глава. Кыргыз Республикасында интеграцияланган медициналык-санитардык жана санитардык-алдын алуу жардамдарын көрсөтүүнү уюштуруу (20-44-статьялары)
IV глава. Медициналык экспертиза (45-51-статьялары)
V глава. Донордук (52-53-статьялары)
VI глава. Мамлекеттик саламаттык сактоо тутумун каржылоо (54-60-статьялары)
VII глава. Жарандардын саламаттык сактоо жаатындагы укуктары (61-65-статьялары)
VIII глава. Калктын айрым топторунун саламаттыкты сактоо жаатындагы укуктары (66-71-статьялары)
IX глава. Медициналык-санитардык жардам көрсөтүү учурунда пациенттердин укуктары (72-76-статьялары)
X глава. Медициналык-санитардык жардам көрсөтүүчү саламаттык сактоо уюмдарынын иши (77-78-статьялары)
XI глава. Медициналык жана фармацевттик кызматкердин статусу (79-92-статьялары)
XII глава. Жарандардын саламаттыгын сактоо субъекттеринин милдеттери (93-99-статьялары)
XIII глава. Жарандардын саламаттыгын сактоочу субъектердин жоопкерчилиги (100-104-статьялары)
XIV глава. Корутунду жоболор (105-108-статьялары)

Ушул Мыйзам мамлекеттик бийлик органдары жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдары, жеке жана юридикалык жактар тарабынан аткаруу үчүн милдеттүү болгон Кыргыз Республикасынын жарандарынын саламаттыгын сактоонун укуктук, экономикалык жана социалдык негиздерин аныктайт

«Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Эне жана баланы коргоо улуттук борборун түзүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 23-октябрындагы № 501 токтому (2014.11.02. өзгөртүүлөр менен)

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2007-жылдын 30-августундагы № 390 «Балдарды коргоо жана колдоо жөнүндө» Жарлыгын ишке ашыруу, эне жана баланы коргоо жагында медициналык жардамдын натыйжалуулугун жана сапатын жогорулатуу максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Улуттук педиатрия жана балдар хирургиясы борборунун жана Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Улуттук госпиталынын клиникалык төрөт бөлүмүнүн базасында, аларга бекитип берилген мамлекеттик мүлктү сактоо менен Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Эне жана баланы коргоо улуттук борбору түзүлсүн.

2. КР Өкмөтүнүн 2014.11.02. № 84 токтомуна ылайык күчүн жоготкон

ТРАНСПОРТ

«Транспорт жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 1998-жылдын 8-июлундагы № 89 Мыйзамы (2013.15.02. өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен)

1998-жылдын 16-июнунда

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Мыйзам чыгаруу жыйыны тарабынан кабыл алынган

I бөлүм. Жалпы жоболор (1-4 статьялар)
II бөлүм. Транспорттун ишини мамлекеттик жөнгө салуу жана башкаруу тутуму (5-6 статьялар)
III бөлүм. Транспорт ишинин негизги жоболору (7-11 статьялар)
IV бөлүм. Транспорттогу коопсуздук жана жоопкерчилик (12-17 статьялар)
V бөлүм. Корутунду жоболор (18-20

статьялар)

Бул Мыйзам Кыргыз Республикасынын транспортунун укуктук, экономикалык жана уюштуруу иштеринин негиздерин аныктайт.

I БӨЛҮМ. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

1-статья. Транспорт жөнүндө мыйзамдар

Кыргыз Республикасынын транспортунун иши менен байланышкан мамилелер ушул Мыйзам жана Кыргыз Республикасынын колдонулуп жаткан башка ченемдик укуктук актылары менен жөнгө салынат.

Ташуу шарттары, транспорт каражаттарын пайдалануу, кыймыл коопсуздугун камсыз кылуу, эмгекти коргоо өрткө каршы коопсуздук эрежелерин жана санитардык ченемдерди сактоо тартиби белгиленген үлгүдө бекитилүүчү жана транспорттук мамилелердин бардык катышуучулары үчүн милдеттүү болуп саналган жана транспорттун тийиштүү түрлөрүндө колдонулуп жаткан ченемдик актылар менен аныкталат.

2-статья. Мыйзамда колдонулган негизги түшүнүктөр

Автовокзал - калктуу конуштардагы жүргүнчүлөрдү тейлөөнү камсыз кылуучу жана 75тен көбүрөөк адам бата турган күтүү залы жана билеттик кассалары; жүргүнчүлөрдү олтургузуу жана түшүрүү үчүн перрону; автобустар токтой турган аянтчасы, сактоочу жайы, эне менен баланын бөлмөсү, айдоочулардын эс алуу бөлмөсү, сантехникалык түйүнү жана маалымат тактама тутуму бар имаратты камтыган бекеттик имарат жай.

Автостанция - калктуу конуштардагы жүргүнчүлөрдү тейлөөнү камсыз кылуучу жана 75ке чейинки адам бата турган күтүү залы жана билеттик кассалары; жүргүнчүлөрдү олтургузуу жана түшүрүү үчүн перрону; автобустар токтой турган аянтчасы, сантехникалык түйүнү жана маалымат тактама тутуму бар имаратты камтыган бекеттик имарат жай.

Коллективдик коопсуздук жөнүндө келишимдин уюмуна мүчө мамлекеттердин темир жолдорунун техникалык жабууларынын бирдей тутумун түзүү жөнүндө макулдашуу (Дүйшөмбү шаары 2003-жылдын 28-апрели)

(2006.23.06. өзгөртүүлөр менен)

КР Өкмөтүнүн 2005-жылдын 22-декабрындагы № 177 Мыйзамы *менен ратификацияланган*

Мындан ары Тараптар деп аталчу, бул Макулдашууга катышкан мамлекеттер,

Коллективдик коопсуздук жөнүндө келишимдин Уставынын (мындан ары Уюм), 1992-жылдын 15 майындагы Коллективдик коопсуздук жөнүндө келишимдин жоболорун жана аны өнүктүрүүгө кабыл алынган башка документтерди жетекчиликке алып,

экономика зарылдыктары үчүн жүктөрдү ташууну туруктуу жана үзгүлтүксүз функциялоого жана ишке ашырууга Тараптардын темир жолдорун ар тарапшуу даярдоону камсыз кылуу, аскердик жана гуманитардык жүк ташууларды камсыз кылуу, болжолдуу душмандын темиржолдорго жана темиржол транспортторуна аракеттүүлүгүнүн эффективдүүлүгүн төмөндөтүү, тынчтык жана согуш мезгилинде үзгүлтүккө учураган поезддин кыймылын кыска мөөнөттө калыбына келтирүү боюнча практикалык чараларды андан ары кабыл алуу зарылчылыгынан улам,

төмөнкүлөр жөнүндө макулдашты:

1-статья.

Тараптар Уюмдун мүчө мамлекеттеринин темиржол тармактарында негизги (артыкчылык) темиржол багыттарынын техникалык жабууларынын бирдей тутумун түзөт жана техникалык жабууларынын бирдей тутумун түзүүгө жана темиржолдорду калыбына келтирүүгө карата Тараптардын тең укуктуу милдеттүүлүгүнүн жана тең укуктуу мүмкүнчүлүктөрүнүн шарттарын түзүү максатында Тараптардын улуттук мыйзамдарын жакындатуу процессин тездетүү ниетин бекемдейт.

2-статья.

Бул Макулдашуунун максаттары үчүн төмөндө келтирилген атоолор билдирет:

«Тараптардын темиржолдорун техникалык жабуу» - тынчтык жана согуш мезгилинде душмандын Тараптардын темиржол тармактарына

аракеттүүлүгүнүн кесепеттүүлүгүн жок кылуу боюнча иштерди аткарууга темиржолдордун пайдалануучу тармактарындагы объекттерди, куралмаларды жана түзүлүштөрдү, калыбына келтирүүчү жана эксплуатациялоочу (темиржол аскерлеринин, Коргоо министрликтеринин аскер бөлүктөрүн, темиржол транспортунун маселелерин билген атайын түзүлүштөрдүн жана калыбына келтирүүчү уюмдардын органдарын) күчтөрдү жана каражаттарды ар тарашуу даярдоо үчүн ишке ашырылуучу инженердик, техникалык жана уюштуруу иш-чараларынын комплекси;

«Уюмдун мүчө мамлекеттеринин темиржол тармактарында негизги (артыкчылык) темиржол багыттарынын техникалык жабууларынын бирдей планы» Тараптардын жабылуучу темиржол тармактары, техникалык жабууларды уюштуруу жана темиржолдорду калыбына келтирүү боюнча маселелерди аткарууга тартылуучу күчтөрдүн жана каражаттардын курамы аныкталган документ.

«темиржолдорду калыбына келтирүү» - поезддердин үзгүлтүккө учураган кыймылын калыбына келтирүү үчүн талкаланган темиржол объектилеринде жана курулмаларында жүргүзүлүүчү өз ара байланышкан иш-чаралардын жана иштердин комплекси;

«атайын түзүлүштөр» - өзгөчө шарттарда темиржолдорду калыбына келтирүү, техникалык жабуу жана курулуштар үчүн дайындалган, Коргоо министрлиги менен макулдашылган, так бекитилген штаттар боюнча транспорттук министрликтердин жана ведомстволордун тутумунда түзүлүүчү аскерлештирилбеген калыбына келтирүүчү уюмдар;

«кыйгарым укуктуу органдар» - карамагында темиржолдорду техникалык жабууну мамлекеттик жөнгө салуу маселелери бар, Тараптардын улуттук мыйзамдары тарабынан аныкталган мамлекеттик башкаруу органдары;

«темиржол аскерлеринин аскер бөлүктөрүнүн өздүк курамы» - аскер бөлүктөрүнүн, темиржол аскерлеринин уюмдарынын жана мекемелеринин курамында аскер кызматын өтөп жаткан аскер кызматчылары, ошондой эле аскер бөлүктөрүндө, темиржол аскерлеринин уюмдарында жана мекемелеринде иштеген жарандык персонал;

«атайын түзүлүштөрдүн өздүк курамы» - Тараптардын жана бул атайын түзүлүштөргө бекитилген темиржолдорун техникалык жабууларга жана калыбына келтирүүгө тартылуучу, атайын түзүлүштөрдө иштеген жарандык персонал;

«темиржол аскерлеринин бирикмелеринин» - Тараптардын аймактарына темиржолдорун техникалык жабуу жана калыбына келтирүү иш-

чараларын аткарууну уюштуруу үчүн дайындалган жана Макулдашууга катышкан башка мамлекеттердин аймагына жөнөтүлгөн темиржол аскерлеринин командачысы;

ЭКОЛОГИЯ

«Балык чарбасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 1997-жылдын 25-июнундагы № 39 Мыйзамы (2013.01.06. өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен)

1997-жылдын 13-июнунда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Мыйзам чыгаруу жыйыны тарабынан кабыл алынган

I. Негизги жоболор (1-3 статьялар)
II. Көлмөлөрдөгү балык запастарын башкаруу (4-6 статьялар)
III. Балык уулоону жана балык чарбасын уюштуруу (7-13 статьялар)
IV. Балык запастарын жана алар байырлаган чөйрөнү коргоо (14-15 статьялар)
V. Балык запастарын пайдалануудагы чек крюулар (16-17 статьялар)
VI. Балык чарбасын өнүктүрүү фонду (18-20 статьялар)

Ушул Мыйзам Кыргыз Республикасынын балык чарбасын ар тараптан өнүктүрүү, балык запастарын сактоо жана өстүрүү, көлдөр менен көлмөлөрдөгү балыктардын продуктуулугун жогорулатуу, калктын балык азыктарына болгон керектөөсүн алда канча толук канааттандыруу максатында, балык чарбасынын укуктук, экономикалык жана уюштуруучулук негиздерин жөнгө салат.

I. НЕГИЗГИ ЖОБОЛОР

1-статья. Балык чарбасы жөнүндө мыйзамдар

Балык чарбасы жөнүндө мыйзамдар Кыргыз Республикасынын Конституциясына негизделет жана ушул Мыйзамдан, ушул Мыйзамга ылайык кабыл алынган башка нормативдик актылардан турат.

2-статья. Ушул Мыйзам жөнгө салуучу объекттер

«Айлана-чөйрөнү коргоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 1999-жылдын 16-июнундагы № 53 Мыйзамы (2015.02.07. өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен)

1999-жылдын 13-майында

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Мыйзам чыгаруу жыйыны тарабынан кабыл алынган

I Бөлүм. Жалпы жоболор (1-6-статьялар)

II Бөлүм. Айлана-чөйрөнүн сапатын ченемдештирүү (7-9-статьялар)

III Бөлүм. Жаратылышты пайдалануу (10-15-статьялар)

IV Бөлүм. Чарбалык жана башка ишке карата коюлуучу экологиялык талаптар (16-28-статьялар)

V Бөлүм. Айлана-чөйрөнү коргоо жаатындагы контролдук (29-32-статьялар)

VI Бөлүм. Айлана-чөйрөнү коргоо боюнча иш-чараларды каржылоо (33-36-статьялар)

VII Бөлүм. Экологиялык жагынан жагымсыз зоналар (37-39-статьялар)

VIII Бөлүм. Айлана-чөйрөнү коргоо жаатындагы мамлекеттик органдардын компетенциясы, коомдук бирикмелердин ыйгарым укуктары, жарандардын, жаратылышты пайдалануучулардын укуктары жана милдеттери (40-47-статьялар)

IX Бөлүм. Айлана-чөйрөнү коргоо жаатында билим берүү, тарбиялоо, илимий изилдөөлөр, маалыматтар (48-50-статьялар)

X Бөлүм. Экологиялык укук бузуулар үчүн жоопкерчилик. Айлана-чөйрөнү коргоо жаатындагы талаштарды чечүү (51-56-статьялар)

XI Бөлүм. Айлана-чөйрөнү коргоо жаатындагы эл аралык мамилелер (57-58-статьялар)

XII Бөлүм. Корутунду жоболор (59-статья)

Жаратылыш жана анын болуктөрү Кыргыз Республикасынын улуттук энчиси, анын омоктуу социалдык-экономикалык өнүгүшүнүн негизги факторлорунун бири.

Ушул Мыйзам Кыргыз Республикасында жаратылышты пайдалануу жана айлана-чөйрөнү коргоо жаатындагы саясатты белгилейт жана укуктук мамилелерди жөнгө салат.

I БӨЛҮМ. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

1-статья. Айлана-чөйрөнү коргоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдары

Кыргыз Республикасынын 2008-жылдын 4-августундагы № 191 «Балыктын Ысык-Көлдү жана Соң-Көлдү байырлаган баалуу жана эндемикалык түрлөрүн кармоого, ташууга, сатып алууга, сатууга жана алып чыгууга тыюу салуу жөнүндө» мыйзамы (2009.03.03. өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен)

2008-жылдын 12-июнунда

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенеши тарабынан кабыл алынган

Ушул Мыйзам Кыргыз Республикасынын негизги балык чарба сууларында балыктын өзгөчө баалуу жана эндемикалык түрлөрүнүн запастарын сактоого жана көбөйтүүгө арналган.

1-берене. Илимий максаттарда, балык корлорун кайра өндүрүп чыгаруу балык кармоону жана атайын тордолгон орундарда өстүрүлгөн балыктарды кармоону кошпогондо, балыктын Ысык-Көлдү жана Соң-Көлдү байырлаган өзгөчө баалуу жана эндемикалык түрлөрүн, анын ичинде алардан ишгелип чыккан балык продукциясын жана икраны кармоого, ташууга, сатып алууга, сатууга жана Кыргыз Республикасынан алып чыгууга 5 жылдык мөөнөткө тыюу салынат.

Балык чарбасын башкаруунун атайын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы Ысык-Көл жана Соң-Көл көлдөрүндө балыктын чийки зат корлорунун абалы үчүн жыл сайын илимий, ихтиологиялык изилдөөлөрдү жана мониторинг жүргүзүү жолу менен балык корлорунун сакталышына жана көбөйүшүнө тыюу салуулардын таасирине баа берүү боюнча чараларды ишке ашырууну камсыз кылат жана көрсөтүлгөн суу көлмөлөрүндө балыктын өзгөчө баалуу жана эндемикалык түрлөрүн кармоого мораторийди колдонуу мезгилинде балык ресурстарын коргоо жана кайра өндүрүп чыгаруу боюнча иштерди жүзөгө ашырат.

ТОО-КЕН

Указ Президента Республики Кыргызстан от 15 октября 1992 года № 300 «О Кыргызском государственном концерне «Кыргызалтын» (с изменениями по состоянию на 01.09.1997 г.)

В целях значительного повышения производства золота на основе расширения свободы предпринимательской деятельности в этой сфере и эффективного использования производственного потенциала горнодобывающих предприятий и организаций в Республике Кыргызстан, а также упорядочения формирования ее золотого запаса, постановляю:

В пункт 1 внесены изменения в соответствии с Указом *Президента КР от 01.09.97 г. № 232*

1. Образовать Кыргызский государственный концерн «Кыргызалтын» самостоятельное хозяйственное объединение в составе производственных объединений «Южполиметалл» (с входящим в него Сары-Джазским горнообогатительным комбинатом), «Кыргыззолото», предприятия «Средаззолотоавтоматика». Эти предприятия выводятся из подчинения Министерства промышленности Республики Кыргызстан,

Кыргызский государственный концерн «Кыргызалтын» и входящие в его состав предприятия, организации являются юридическими лицами, которые действуют на основании законов Республики Кыргызстан, с учетом особенностей, предусмотренных настоящим Указом, и устава концерна, утверждаемого Правительством Республики Кыргызстан.

Кыргызский государственный концерн «Кыргызалтын» содержится за счет отчислений (в том числе валютных) его предприятий, организаций, а также средств от собственной производственной деятельности.

Взаимоотношения между концерном и предприятиями, организациями участниками концерна, а также между этими предприятиями, организациями определяются уставом концерна и заключаемыми между ними договорами.

2. Кыргызский государственный концерн «Кыргызалтын» и входящие в его состав предприятия и организации несут ответственность перед Правительством Республики Кыргызстан:

за обеспечение реализации заданий Правительства Республики Кыргызстан по формированию золотого запаса и фонда драгоценных металлов Республики Кыргызстан;

за развитие сырьевой базы, полное комплексное использование месторождений золота и других металлов, образующихся в процессе их добычи и переработки;

Постановление Правительства Республики Кыргызстан от 31 декабря 1992 года № 648 О состоянии и мерах по увеличению добычи золота в Республике Кыргызстан

Правительство Республики Кыргызстан отмечает, что на территории республики выявлено около 30 крупных и мелких месторождений золота и золотопроявлений. По большинству месторождений проведена детальная и предварительная разведка, подсчитаны и утверждены запасы, ряд месторождений золота передан на промышленное освоение.

В настоящее время ведется разработка Макмальского, Тереканского, Сулу-Тегерекского и Орто-Токойского месторождений золота. Строятся золоторудные комбинаты на месторождениях золота Джеруй и Талдыбулак Левобережный.

За последние 3 года усилены геологоразведочные работы на золото. На эти цели направляется до 42 процентов ассигнований, предусмотренных на общие геологоразведочные работы.

Интерес к разработке месторождений золота Республики Кыргызстан проявляют иностранные фирмы и компании, совместные и акционерные предприятия.

Вместе с тем темпы добычи золота в республике с каждым годом снижаются. На производственном объединении «Кыргыззолото» объем извлечения золота в текущем году снизился по сравнению с 1990 годом почти в три раза, а с 1991 года - в два раза.

В то же время численность промышленно-производственного персонала по объединению в сравнении с соответствующим периодом прошлого года возросла на 24 процента.

Крайне неудовлетворительно проводится добыча золота на Макмальском золотодобывающем комбинате и старательскими артелями, работающими на россыпных месторождениях. Золотоизвлекательная фабрика из-за отсутствия руды, горюче-смазочных материалов, запчастей, частых поломок оборудования и организационных упущений простояла

более 180 суток. Коэффициент использования оборудования здесь составил 42,8 проценты.

Не отвечает требованиям уровень профессиональной квалификации рабочих и инженерно-технических работников комбината. В результате допускаются нарушения технологии добычи и извлечения золота, нормы дозировки химических реагентов, тонины помола и шихтовки руды. Содержание золота в хвостах в отдельные периоды доходит до 1,5-1,8 г/т и превышает 2,5-3 раза установленные проектом нормы.

Из-за отсутствия горюче-смазочных материалов на разрезе Макмал вскрышные и добычные работы, перевозка руды не производились в течение 167 суток, в то же время отпущено сторонним и коммерческим предприятиям около 50 тонн горюче-смазочных материалов.

В целом объемы вскрышных работ на разрезе Макмал отстают от намеченного срока на 6 месяцев, а проходческих подземного рудника - на один год.

С отставанием ведутся работы по строительству новых мощностей на Таласском золоторудном комбинате, где из предусмотренных на 1992 год 351,9 млн. рублей капитальных вложений освоено только 145,5 млн. рублей.

Значительная часть капитальных вложений отвлекается на строительство непромышленных объектов в гор. Бишкеке и Чуйской долине, а также приобретения жилья, легковых автомобилей и другие непроизводительные затраты.

Старательская артель «Макмал» приостановила работы по добыче золота, а переданные ей средства и оборудование использует на другие цели.

Не на должном уровне проводится работа по сохранности золота в республике. Только на комбинате в течение года зарегистрировано четыре случая хищения чернового золота и золотосодержащего концентрата. Однако не все факты хищения драгоценных металлов расследованы следственными органами.

Резкое снижение объема добычи золота в текущем году произошло из-за падения среднего содержания золота в добываемой руде - с 7,6 г/т до 5,1 г/т, а также из-за несвоевременного получения средств за сданную продукцию по вине производственного объединения «Кыргыззолото».

Правительство Республики Кыргызстан постановляет:

1. Признать неудовлетворительной работу производственного объединения «Кыргыззолото» по добыче драгоценных металлов и строительству золотодобывающих объектов.

2. В связи с образованием Государственного концерна «Кыргызалтын» и в целях перехода на более оперативную двухзвенную систему управления упразднить производственное объединение «Кыргыззолото».

3. Государственному концерну «Кыргызалтын»:

- принять меры по обеспечению ежегодной добычи не менее 2,3 тонн золота с Макмальского золоторудного комбината;

- довести в 1993 году добычу драгоценных металлов с Чаткальских россыпных месторождений до 50 кг и в 1994 году -100 кг;

- разработать меры и не позднее 1995 года приступить к разработке забалансовых руд Макмальского и Джеруйского месторождений золота методом кучного выщелачивания;

- обеспечить в 1995-1996 годы ввод мощностей строящегося Таласского золоторудного комбината.

«Кыргыз Республикасында товардык алтынды өндүрүүнү көбөйтүү боюнча чаралар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1993-жылдын 8-июлундагы № 294 токтому

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү «Кыргызалтын» мамконцернинин түзүлүшү жана артыкбаш структура болуп келген «Кыргызалтын» өндүрүштүк бирикмесинин жоюлушу, «Макмалалтын» комбинатынын жетекчилигин алмаштыруу менен алтын кенин казып алуучу ишканалардын иши бир кыйла жакшыргандыгын белгилейт. Комбинаттагы коллективдин жалпы маанайы өзгөрдү, анын ишиндеги турукташтуунун белгилери пайда боло баштады. Биринчи кварталда бардыгы болуп 154 кг алтын өндүрүлсө, үстүбүздөгү жылдын апрелинде 152 кг алтын иштелип алынды.

Ошону менен бирге «Макмалалтын» комбинатында технологиялык, өндүрүштүк жана эмгек тартибин бузууларга жол берилүүдө, жумушчулардын жана инженердик-техникалык кызматкерлердин квалификацияларынын деңгээлдери төмөн бойдон калууда, участоктордун жана цехтердин, айрыкча алтын ылгоочу фабриканын финансылык жана материалдык-техникалык ресурстар менен камсыз болбогондугунан, узакка токтоп калган учурлары орун алган.

«Кыргызалтын» мамконцерни Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1992-жылдын 31-декабрындагы № 648 «Кыргыз Республикасында алтын

казып алуунун абалы жана аны көбөйтүү боюнча чаралар жөнүндөгү» токтомунун айрым пункттарынын аткарылышын камсыз кыла алган жок. Кен чыккан майда чачыранды жерлерде өздөрү аракеттенип издөөчү артелдердин чакан ишканалардын жана жекече ишкерлердин күчү менен алтын казып алууну уюштуруу боюнча чаралар жетишсиз түрдө ишке ашырылууда, асыл металлдарды казып алуу республиканын Өкмөтүнүн көрсөтүлгөн токтомунда белгиленген тапшырмалардан кыйла артта калып жатат.

Каражаттардын жоктугунан «Макмалалтын» комбинатынын рудни-гинин курулушу иш жүзүндө токтоп калды.

«Кыргызалтын» мамлекеттик концерни тарабынан берилген, алтын казып алуу тармагын өнүктүрүүнүн программасын ишке чыгууга талам-даш министрликтер, мамлекеттик комитеттер жана администрациялык ве-домстволор кеңири түрдө тартылбай калган, финансылоо булактары анык-талган эмес.

Алтын казып алуучу ишканалардын ишин жакшыртуу жана асыл металлдарды алуунун көлөмдөрүн көбөйтүү максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасында товардык алтынды өндүрүүнү көбөйтүү боюнча иш чаралары бекитилсин (тиркелет).

«Жер казынасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 1997-жылдын 2-июлундагы № 42 Мыйзамы (2012.13.04. өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен) (күчүн жоготкон)

1997-жылдын 24-июнунда

Кыргыз Республикасынын
Жогорку Кеңешинин
Мыйзам чыгаруу жыйыны
тарабынан кабыл алынган

I бөлүм. Жалпы жоболор (1-3 статьялар)
II бөлүм. Жер казынасын пайдалануудагы менчик жана ыйгарым укуктар (4-6 статьялар)
III бөлүм. Жер казынасын пайдалануунун негиздери жана тартиби (7-22 статьялар)
IV бөлүм. Жер казынасын пайдаланууучулар менен жер укугунун ээлеринин ортосундагы мамилелер (23-26 статьялар)
V бөлүм. Жер казынасын пайдаланууда мамлекеттик жөнгө салуу (27-39 статьялар)
VII бөлүм. Жер казынасын пайдаланууга байланыштуу талаш-тартыштарды чечүү жана жер казынасы жөнүндөгү мыйзамдарды бузуу үчүн жоопкерчилик (43-46 статьялар)
VIII бөлүм. Корутунду жоболор (47-48 статьялар)

КР 2006.29.12 № 234 Мыйзамына ылайык бүткүл текстиндеги ар кандай жөндөмдөгү «коммуналдык» деген сөз тийиштүү жөндөмдөгү «муниципалдык» деген сөз менен алмаштырылды (мур. ред. караңыз)

I БӨЛҮМ. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

1-статья. Мыйзамды колдонуу чөйрөсү

«Жер казынасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы (мындан ары - ушул Мыйзам) Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагында колдонулат жана жер казынасын пайдалануу мамлекеттин жеке адамдар жана юридикалык жактар, ошондой эле башка мамлекеттер менен болгон мамилелерин жөнгө салат.

Жер казынасын пайдалануу жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдары Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жоболоруна негизделет жана ушул Мыйзамдан жана ага ылайык кабыл алынган Кыргыз Республикасынын башка нормативдик укуктук актыларынан турат.

2-статья. Жер казынасын пайдалануу башка мыйзамдардын жана нормативдик укуктук актылардын колдонулушу

«Жеруй» алтын кенин өздөштүрүүнү тездетүү боюнча чаралар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2002-жылдын 5-августундагы № 525 токтому (күчүн жоготкон)

1998-жылдын 9-сентябрында «Норокс» компаниясы менен «Кыргыз-алтын» мамлекеттик концерни «Талас Голд Майнинг Компани» жабык типтеги акционердик коомун түзүү жана иштеши жөнүндө келишимге кол коюшкан. 1999-жылдын 23-декабрында «Талас Голд Майнинг Компани» жабык типтеги акционердик коомунун биргелешкен ишканасы Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинде каттоодон өткөн.

Көп убакыттын өткөнүнө карабастан, азыркы күнгө чейин «Жерүй» долбоорун өздөштүрүү башталган эмес жана акционерлердин ортосунда ушундай өздөштүрүүнүн башталышын милдеттендирүүчү так регламенттелген мөөнөттөр (этаптар) жок, «Жерүй» кенин иштетүү долбоору иштелип чыккан эмес жана берилбеген.

Жогоруда айтылгандарды, ошондой эле:

- Кыргыз Республикасынын экономикасы үчүн «Жерүй» кенинин кайтарымдуулугун жогорулатуу максатында аны өздөштүрүүнү тездетүү зарылдыгын;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн масштабына жана республиканын экономикасы үчүн маанилүүлүгүнө карабастан айрым долбоорлорго кошумча салыктык жеңилдиктерди бербөө жөнүндө азыркы убактагы стратегиясын;

- «Талас Голд Майнинг Компани» жабык типтеги акционердик коомунун биргелешкен ишканасы тарабынан № 2 лицензиялык келишимдин шарттары аткарылбагандыгын эске алууу менен, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү токтом кылат:

«Жерүй» алтын кенин тездетип өздөштүрүүнүн программасын сөзсүз ишке ашыруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2003-жылдын 19-апрелиндагы № 230 токтому

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Геология жана минералдык ресурстар боюнча мамлекеттик агентство 2002-жылдын 8-майындагы № 04-АН-02 протокол менен «Талас Голд Майнинг Компани» акционердик коомуна «Жерүй» алтын кенин иштетүү максатында анын жер казынасын пайдалануу укугуна 2000-жылдын 6-мартында берилген Au-17-00 лицензияны мыйзамда белгиленген тартипте жокко чыгарган.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү лицензиянын жокко чыгарылганын эске алып, 2002-жылдын 5-августундагы № 525 «Жерүй» алтын кенин өздөштүрүүнү тездетүү боюнча чаралар жөнүндө» токтом менен аны өздөштүрүүнү тездетүү боюнча бир катар чараларды белгилеген.

Au-17-00 лицензия жокко чыгарылгандан кийин «Талас Голд Майнинг

Компани» акционердик коомунун уюштуруучулары, «Кыргызалтын» акционердик кооому жана «Норокс Майнинг Компани ЛТД» компаниясы Жерүй» кенин

өздөштүрүүнү тездетүү боюнча чараларды иштеп чыгуу үчүн чоң иш жүргүзүштү. Натыйжада 2003-жылдын 6-февралында кенди тездетип өздөштүрүүнүн жаңы иш программасы жана катуу графиги иштелип чыкты, ошондой эле 2003-жылдын 5-апрелинде «Жерүй» кен казуу долбоорун куруунун жана иштетүүнүн негизги шарттары» жөнүндө Макулдашууга кол коюлду.

Аталган шарттар аткарылбаса «Норокс» компаниясы «эч кандай доомат койбостон, анын ичинде өзүнүн чыгымдарынын ордун толтуруу боюнча доомат койбостон» «Жерүй» долбоорунан чыгууга милдеттенген.

«Жерүй» кенин иштетүүгө байланышкан маселе жөнгө салынганына жана «Кыргызалтын» акционердик коомунун, «Норокс Майнинг Компани ЛТД» компаниясынын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Геология жана минералдык ресурстар боюнча мамлекеттик агентствонун ортосунда «Жерүй» алтын кенин тездетип өздөштүрүү жөнүндө жетишилген макулдашууларга байланыштуу, «Кыргызалтын» акционердик коомунун, «Норокс Майнинг Компани ЛТД» компаниясынын, «Талас Майнинг Компани» акционердик коомунун ортосундагы макулдашуунун «Жерүй» кен казуу долбоорун куруунун жана иштетүүнүн негизги шарттарына ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Геология жана минералдык ресурстар боюнча мамлекеттик агентствонун жана «Кыргызалтын» акционердик коомунун мурда «Талас Голд Майнинг Компани» жабык акционердик коомуна «Жерүй» кенин иштетүүгө берилген Au-17-00 лицензияны кайра калыбына келтирүү жөнүндө сунушуна «Норокс Майнинг Компани ЛТД» компаниясы төмөнкү милдеттенмелерди аткарган шартта макулдук берилсин:

- «Жерүй» кенин тездетип өздөштүрүүнүн такталган графигин Au-17-00 лицензия кайра калыбына келтирилген датаны эске алуу менен 2003-жылдын 15-майына карата аныкталган тартипте берсин;

- 2003-жылдын 1-июлуна карата Банктык техникалык-экономикалык негиздемени аяктасын жана аныкталган тартипте берсин (объекттин курулушун каржылоонун болжолдуу схемасы жана шарттары менен);

- курулуштун биринчи этабын өз каражаттарын пайдалануу менен 2003-жылдын 1-сентябрында баштасын;

- «Жерүй» долбоорун каржылоо боюнча бардык макулдашууларга эл аралык финансылык институттар менен 2004-жылдын 1-мартына чейин кол койсун;

«Жерүй» жана «Солжээк Талдыбулак» алтын кендерин ишке киргизүүгө даярдыктын жүрүшү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин мыйзам чыгаруу жыйынынын 2004-жылдын 13-декабрындагы № 3-1821-II токтому

«Жерүй» алтын кени Кыргыз Республикасынын геологдору тарабынан 1968-жылы ачылган. Ал Талас областында деңиз деңгээлинен 3500-3800 метр бийиктикте жайгашкан. 1986-жылда бекитилген запасы 11,8 млн. тоннаны, кендеги алтындын орточо камтылышы 6,3 г/т болгондо 74,7 тонна алтынды түзөт.

1985-1990-жылдарда долбоорлоо-чалгындоо жумуштары жүргүзүлгөн жана 1991-жылдын мартында «Жерүй» алтын кенин иштетүүнүн долбоору СССРдин Алмаз жана алтын башкы башкармасынын коллегиясы тарабынан бекитилген.

Долбоорлоо менен бир мезгилде ал ишканаңы куруу жүзөгө ашырылган жана 1991-жылга карата:

- алтын кенине баруучу 24 км жол;
- казуучу жерге баруучу 14 км жол;
- 3500 метр жерде курулуш аянты курулган.

Пионердик шаарча, курулуш индустриясынын базасы ж.б. жарым-жартылай курулуп, 110 кВ ЖЛнын курулушу башталган.

«Жерүй» кени терең изилденген кендердин бири болуп саналат. Геологдордун маалыматтары боюнча бул кенди чалгындоо үчүн 30 кмдан ашык тоо кыртышы казып чыгарылган жана 50 км скважиналар бургуланган, бул максаттарга АКШнын 30 млн. долларынан ашык сарпталган. «Жерүйдүн» кени технологиялык деп эсептелет, анын курамында зыяндуу аралашмалар жок.

1991-жылдын экинчи жарым жылдыгында СССРдин ыдырашына жана Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгүнүн орногондугуна байланыштуу жалпы союздук бюджеттен каржылоо токтотулган. 1991-жылдын ноябрында Кыргыз Республикасынын Өкмөту «Жерүйдү» куруу-ну Кыргыз тоо-кен комбинатынын тескөөсүнө өткөрүп берүү жөнүндө токтом кабыл алган. 1992-жылы Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы менен Кыргызстандын мыкты тоо-кен ишканаларын бириктирген «Кыргызалтын» мамлекеттик концерни түзүлгөн. Кыргыз Республикасынын Өкмөту жана «Кыргызалтын» мамлекеттик концерни тарабынан ишти сабатсыз жүргүзүүнүн, өндүрүштү уюштуруунун жоктугунун жана контролдобоонун натыйжасында жогоруда көрсөтүлгөн

чечимдер реалдуу мүмкүнчүлүктөрдүн бар экендигине карабастан турмушка ашырылган эмес.

1992-жылдын 30-июнунда «Жерүй» кенин иштетүү укугу өзүнө таандык болгон Талас алтын кен комбинатынын дирекциясы тарабынан меморандумга кол коюлган жана андан кийин «Жерүй» кени ачык тендерсиз америкалык «Морридзон Гнудзен Голд» корпорациясына өткөрүлүп берилген. Андан калса, кендин запасынын 85 пайызын даярдоо жана иштеп чыгуу каралган. Башкы макулдашууга 1993-жылдын 10-майында кол коюлган жана «Жерүй Голд Компани» деген ат менен биргелешкен ишкана түзүлүп, 1993-жылдын 14-сентябрында ал ишкана мамлекеттик органдарда катталган.

1996-жылдын сентябрында «Морридзон Гнудзен Голд» Башкы макулдашууну бузууну талап кылган.

1996-жылдын октябрында «Жерүй Голд Компанинин» ишин токтотуу жана аны жоюу жөнүндө макулдашуу күчүнө кирген.

1997-жылдын 6-октябрында башка талапкерлердин, анын ичинде Россия Федерациясынын Атом энергетикасы жана өнөр жай министрлиги болгондугуна карабастан «Оксус Ресоурсес Корпорейшн» компаниясы менен сүйлөшүүлөр башталган.

1998-жылдын 11-сентябрында «Кыргызалтын» менен «Норокс» биргелешкен ишканасын түзүү жөнүндө келишимге кол коюлган.

1999-жылдын майында «Талас алтын казып алуу компаниясы» биргелешкен ишканасын түзүү жана анын иши жөнүндө келишимге кол коюлуп, ошол эле жылдын декабрында компания мамлекеттик мекемелерде катталган. Бирок «Жерүй» кени алигече ишке киргизиле элек. «Жерүй» кенин «Талас алтын казып алуу компаниясы» биргелешкен ишканасына пайдаланууга берүүгө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Геология жана минералдык ресурстар боюнча мамлекеттик агентство тарабынан берилген 2002-жылдын 8-майындагы АИ-17-00 лицензия мыйзамдар менен белгиленген тартипте жокко чыгарылгандыгын белгилей кетүү керек. Өзүнүн 2003-жылдын 19-апрелиндеги № 230 «Жерүй» алтын кенин тездетип өздөштүрүүнү сөзсүз ишке ашыруу жөнүндө» токтому менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жокко чыгарылган лицензияны калыбына келтирген. Көрсөтүлгөн токтом менен бир катар иш-чаралар каралган.

Акыркы убакта кайра иштетилген ТЭН «Морридзон Гнудзен Голд» жана «Норокс оперейтинг Компани» компаниялары тарабынан иштелип чыккан мурдагы ТЭНге караганда дээрлик эки эсе арзан.

Бирок «Талас Голд Компани» биргелешкен ишканасы лицензиянын шарттарын аткарган эмес жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Геология жана минералдык ресурстар боюнча мамлекеттик агентствонун 2004-жылдын 3-августундагы Лицензиялоо маселелери боюнча комиссиясынын жыйналышынын № 09-АН-04 протоколунун негизинде 2000-жылдын 16-мартында 2011-жылдын 6-мартына чейинки мөөнөткө «Талас Голд Компани» ЖАКсына берилген АН-17-00 лицензия төмөнкү себептер боюнча жокко чыгарылган:

биринчиден, жер казынасын, айлана-чөйрөнү коргоо, техникалык коопсуздукту жана жер укугунун ээлери боюнча («Жер казынасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 18-статьясынын экинчи бөлүгүнүн 3-пункту) мамлекеттик органдар менен макулдашылган кен иштерин жүргүзүүгө жана кен ылгоо фабрикасын курууга техникалык долбоор берилген эмес;

«Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2006-жылдын 29-майындагы № 1009-III «Жерүй» алтын кенинин абалы жана өнүгүүсүнүн келечеги жөнүндө» токтомун кароо тууралуу» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 12-июнундагы № 422 токтому (2006.15.12. өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен)

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү республикада алтын өндүрүү азайып жаткан шартта ири «Жерүй» кенинин базасында алтын казуучу комплекс куруу Кыргыз Республикасынын экономикасынын өсүшүн камсыздоо үчүн маанилүү шарт экенин бир нече жолу белгилеген, бирок долбоорду ишке ашыруу көптөгөн жылдарга майнапсыз созулду.

«Норокс Майнинг Компани» компаниясы тажрыйбасы жана финансылык каражаты болбогондуктан «Жерүй» алтын кенин иштетүү боюнча өзүнө алган милдеттенмелерин бир нече жолу бузганын белгилеп коюу зарыл. Мисалы, «Талас Голд Майнинг Компани» биргелешкен ишканасы № 2 лицензиялык макулдашууда айтылган мөөнөттө. «Жерүй» кенин иштетүүнүн банктык техникалык-экономикалык негиздемесин жана долбоорун тапшырган жок. Ушул себеп боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Геология жана минералдык ресурстар боюнча мамлекеттик агенттиктин Лицензия берүү боюнча комиссиясынын чечими менен 2002-жылдын 8-майындагы Аи-17-00 лицензия (2002-жылдын 8-майындагы № 04-АН-02 протокол) жокко чыгарылган.

«Талас Голд Майнинг Компани» жабык акционердик коому тапшырган кенди тездетип иштетүүнүн жаңы жумушчу Программасын жана катуу графигин эске алып Кыргыз Республикасынын Өкмөтү 2003-жылдын 19-апрелиндеги № 230 токтому менен Аи-17-00 лицензиянын жаракчуулугун «Норокс Майнинг Компани» компаниясы № 3 лицензиялык макулдашуунун шарттарына кирген бир катар милдеттенмелерди аткарат деген шарт менен кайра калыбына келтирген.

Бирок «Талас Голд Майнинг Компани» биргелешкен ишканасы лицензиялык макулдашуунун шарттарын бул жолу дагы аткарбай, долбоорду ишке ашыруунун Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2003-жылдын 19-апрелиндеги № 230 токтомунда белгиленген мөөнөттөрү бузулган жана Кыргыз Республикасынын «Жер казынасы жөнүндө» Мыйзамына ылайык 2004-жылдын 3-августунда «Жерүй» кенин иштетүү укугуна Аи-17-00 лицензиясы кайрадан жокко чыгарылган (№ 09-АН-04 протокол).

Бул долбоор узак убакыт бою ишке ашырылбаганын эске алып Кыргыз Республикасынын Өкмөтү 2006-жылдын 18-майында «Талас Голд Майнинг Компани» биргелешкен ишканасына 144,8 млн. АКШ доллары суммадагы чыгымдын ордун толтуруу жөнүндө аныкталган тартипте доомат койгон.

Кыргыз Республикасынын мурдагы Өкмөтү лицензия жокко чыгарылгандан кийин тез арада инвестициялык конкурс өткөрүүнүн ордуна «Талас Голд Майнинг Компани» компаниясынын кысымы менен сүйлөшүүлөрдү кайра баштаган жана 2004-жылдын 15-ноябрындагы № 15-4/557 катта бир катар талаптарды койгон. Бирок алар толук аткарылган эмес.

«Талас Голд Майнинг Компани» компаниясынын чет өлкөлүк катышуучусу лицензия жокко чыгарылганына карабастан кендин курулушунун объекттеринде жумуштун айрым түрлөрүн мыйзамсыз уланта берген.

Кыргыз Республикасынын 2005-жылдын 24-мартынан кийин түзүлгөн Өкмөтү кыргыз тараптын абалын жакшыртууга эки жолу аракет кылды (2005-жылдын майы жана 2006-жылдын апрели). Бирок дүйнөлүк рынокто алтындын баасы орчундуу кымбаттаганына карабастан «Оксус Голд Плс» компаниясы кыргыз тараптын негизги талаптарына макул болгон жок. «Талас Голд Майнинг Компани» компаниясынын 2006-жылдын 23-майында киргизилген кийинки коммерциялык сунуштары жаңы инвестор менен Макулдашууга кол коюлгандан кийин алынды жана анын үстүнө так баяндалган эмес экен. Мындан тышкары, «Норокс

Майнинг Компани» компаниясынын билдирүүсүнө караганда алар «Жерүй» кенин өздөштүрүүгө 47 млн. АКШ долларын жумшаган экен, ал эми курулуштун жалпы баасы 55 млн. АКШ доллары. Ошентип, лицензияны кайра жаңыртканда долбоордун жалпы баасы 55 млн. АКШ долларына макулдашылган бюджеттен алда канча ашык болот.

«Жерүй» долбоорун иштетүүнү тездетүү үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтү 2005-жылдын 28-декабрында № 619 «Жерүй» алтын кенин өздөштүрүүнү тездетүү жөнүндө» токтом кабыл алып, ага ылайык потенциалдуу инвестор изделди.

Мында потенциалдуу инвесторду издөө учурунда төмөнкүдөй шарттарга өзгөчө көңүл бурулду:

- «Оксус Голд Плс», «Норокс Майнинг Компани» компанияларынын жана алар менен аффилирленген башка компаниялардын, ошондой эле «МК Голд» компаниясынын «Жерүй» долбоору боюнча доо арыздарына байланыштуу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана «Кыргызалтын» ачык акционердик коомунун соттук чыгымдарын төлөө мүмкүндүгү;
- «Жерүй» кенин иштетүүнүн коммерциялык шарттарын «Норокс Майнинг Компани» компаниясы менен кол коюлган шарттарга салыштырганда жакшыртуу;
- «Оксус Голд Плс», «Норокс Майнинг Компани» компаниялары жана алар менен аффилирленген башка компаниялар, ошондой эле «МК Голд» компаниясы менен арбитраждык териштирүүлөргө карабастан «Жерүй» кенин тез арада эксплуатацияга киргизүү мүмкүндүгү;

«Оксус Голд Плс», «Норокс Майнинг Компани» компанияларынын жана алар менен аффилирленген башка компаниялардын, ошондой эле «МК Голд» компаниясынын «Жерүй» долбоору боюнча доо арыздарынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана «Кыргызалтын» ачык акционердик коомунун кызыкчылыктарын коргоо боюнча эл аралык юридикалык компаниянын чыгымдарына төлөөгө мамлекеттик бюджетте керектүү акча каражат жоктугун эске алып жана инвестициялык конкурс жарыяланганына байланыштуу «Жерүй» алтын кенин иштете баштоо кечиктирилишине жол бербөө максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү долбоордун оператору катары «Кыргызалтын» ачык акционердик коомуна мурда кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгына жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомдоруна ылайык, мурда «Норокс Майнинг Компани» компаниясы менен кол коюлган коммерциялык шарттарды жакшыртуу менен потенциалдуу инвесторлорду издөөнү тапшырган.

3-БӨЛҮК

КЫРГЫЗ ТИЛИ, МАДАНИЯТ, ИЛИМ, БИЛИМ КӨЙГӨЙЛӨРҮ ЖӨНҮНДӨ

Салижан Жигитов: «Же чыккан китептеribиз ушу деп «Балбай» менен «Шабданды» окутабызбы?»

«Эркин Тоо» гезити, 30-март 2012-жыл.

«...кыргыз тилинде гана окуйбуз, кыргыз тилинде гана сабак өтөбүз деп кыйкырып жатышпайбы. Кыргыз тили деп мыйзам кабыл алгандан бери жогорку окуу жайлары үчүн канча китеп чыкты? Кыргыз тилинде канча окуу китеби, канча илимий-техникалык адабият бар? Баарын жөн кой, «Юный техник» сыяктуу балдарга арналган журналы барбы? Же чыккан китептеribиз ушу деп, «Балбай» менен «Шабданды» окутабызбы?»

Салижан Жигитов: «Биздин окумуштуулар ушунчасы жүрүп, бир кык чыгара турган электр күрөк ойлоп-таап бердиби?»

«Эркин Тоо» гезити, 30-март 2012-жыл.

«Эркин Тоо» гезити 30-мартта чыккан санында кыргыздын ойчулу Салижан Жигитовдун айрым ойлоруна орун берген. Ал кыргыз интеллигенциясы тууралуу төмөндөгүдөй пикирин айткан экен:

"Кыскасы бизде интеллигенция көбөйүп кеткен, а интеллигенциядан такыр пайда жок, өзгөчө мына ушундай өткөөл учурда. Мен дайыма айтам, мисалы, менин жазганым, сүйлөгөнүм, кыскасы, кылган ишим деги элге кереги барбы?.. Мени багып жаткан жөнөкөй элге, анан өкмөткө нааразы болгудай кандай акым бар? Мен 200 сом айлык алгыдай бир иш кылдымбы? Мисалы, окумуштуулардын айылга эмне пайдасы тийип жатат? Ушунчасы жүрүп, кык чыгара турган электр күрөк ойлоп бердиби? Минтип ой чайкагандар аз. Өздөрүнөн байып кеткен уйдай болуп сүт чыкпайт, а жейин дегенде мөөрөп турат. Анан экономиканы да, элди да, эмгекти да, айтор баарын саясатташтырышат. А саясатташкандар дүйнөгө да, өкмөткө да, акимге да нааразы, оруска да, кытайга да нааразы, жардам бергени үчүн Америкага, Валюта фондусуна да нааразы. Бир гана өзүнө нааразычылык жок" ...

Салижан Жигитов: "Өлбойүн деп китеп жазып жатам"

"Де-факто" гезити,
13-октябрь 2012-жыл.

-Он жыл ичинде эч нерсе жараткан жокмун. Себеби көр оокаттын айынан университетте балдарды окутуп жүрөм; кээде макала жазып коюп, кээде интервью берип коюп. Анан эки үч жылдан бери китеп жазып атам. Студенттер үчүн деп. Себеби кыргыз адабиятын жаңыча карап чыгышыбыз керек. Болбосо биздин адабиятчылардын көбү баягы совет доорундагы аң-сезим менен эле калды. "Кыргыз адабияты буга чейин кантип өнүктү? Чынгыз Айтматовдой сүрөткердин аты ааламга кантип чыгып кетти?"- деген суроо коюшубуз керек да. Азырынча ушул сыяктуу ойлорду жазайын деп жүрөм. Анан колум тийип калса, повесть деймби, роман деймби, эки-үч чыгарманы баштап койгом, ошолорду бүтүрүп, анан өлсөм деген оюм бар. Бирок илгертен бери жазуучулар арасында айтылган бир кеп бар: аябай каалап, жазсам деп тилек кылып жүргөн чыгарманды жазып бүтмөйүнчө өлбөйсүң деген. Ошон үчүн мен да өлбөй узак жашайын деген ниетте жанагы баштап койгон чыгармаларымды жазып бүтпөй жатам. (Н.И)

Камбараалы Бобулов: Эне тили-улуттук сыймык жана ар-намыс.

"Кыргыз туусу" гезити,
23-сентябрь 1995-жыл, 2 бет.

Элдин эңсөөсүн орундап, мурдагы парламентибиз "Кыргыз ССРинин Мамлекеттик тили жөнүндө" мыйзам кабыл алынганына бүгүн 6 жыл толду. Чындыгында ал чоң жеңиш болгон эле. Бирок кыргыз тили кийинки убакытта Мамлекеттик деңгээлде колдонулбай ЭКИНЧИ ЭНЕ тилибизге айланып бараткансыйт. Анын негизги себептери жөнүндө жазуучу, коомдук ишмер, Кыргыз тил коомунун торагасы Камбараалы Бобуловдун өз жанынын жарыясынан жараткан макаласын сунуш кылып отурабыз.

Элинин саны көп болобу, аз болобу, ар бир элдин тили өзүнө гана кымбат. Бекеринен авар элинин атактуу акыны Расул Гамзатов мындан кырк жыл мурда: «Эртеси эне тилим өлө турган болсо, бүгүн мен өлүүгө даярмын» деген жан күйгүзгөн ыр саптарын тоталитардык мезгилде жалтанбастан жазган эмес. Анткени ТИЛ, ЭЛ, ЭЛ-ТИЛ, экөөнү бөлүп болбойт, экөө бирдиктүү тил жок - эл жок, эл жок - тил жок. Тил - улуттун ар- намысы, сыймыгы, абийири, улут өз эне тилин канчалык сүйүп, урмат

менен этият мамиле кылса, ал ошончолук улуу, даражасы ошончолук бийик болот,)

Кыргыз тилинин мамлекеттик тил деген статус алганына 23-сентябрда алты жыл толот, эгерде биз, кыргыздар, улуттук ар-намысыбыз болсо, бул тарыхый күндү улуттук майрам катары жыл сайын белгилеп турушубуз абзел. Биздин байыркы тарыхыбызга кайрылсак, кыргыздар IX-X кылымдарда мамлекет катары улуу держава болуп, өзүнүн жазуусуна ээ болуп, тышкы жана ички саясатын кыргыз тилинде жүргүзгөн болушу керек деп божомолдоо керек. Өкүнүчтүү нерсе кара кытайлар кол салып, кан төгүлгөн кырмашууда Кызыл туусу кыйрап, улуу мамлекети жоюлганда жазуусунан да айрылып, эне тили оор абалда калган. Түбөлүккө кетпеген кеги бар кас душманы жазуусун такыр жок кылып, тилинен да ажыратууга кичуу аракет кылган, бирок түбү бекем кыргыз эли өзүнүн рухий байлыгын, елбестүүн оозеки түрүндө улантып, улуу «Манас»-эпосун жараткан.

Октябрь революциясынын түздөн-түз жардамы аркылуу өзүнүн тарыхый өнүгүшүнөн артта калган кыргыз эли көп кылымдардан кийин кеңири калктын көзүн ачкан жазууга ээ болуп, Совет доорунда маданияты, адабияты, тили өнүгүп, чоң процесске жетишкенин тануугa акыбыз жок. Өкүнүчтүү нерсе, улут маселеси боюнча борбордук жетекчилер сектанттык саясат жүргүзүп, совет элдерин бир үй-бүлөгө бириктирүүгө катуу аракет кылып, кыргыз тили кийинки учурларга көз көрүнөө басмырталып, экинчи сортогу тил болуп бараткандыгы, албетте, эне тилинин ар-намысын, анын келечегин баарынан жогору койгон кыргыздар үчүн ыңгайлуу жана ууп ишке болуп жүргөнү жашырын эмес. «Жыгачтын жумшагын курткейт» деген кыргыз элинин илгерген калган акылман лакабы бар. Кээде мен биз, кыргыздар, ошол жумшак жыгачпызбы деп ойлонуп кетем. Биздей эле шарттарда жашаган, биздей эле ошол мезгилде Конституциялык укуктарга ээ болгон грузиндер, өзбектер, та- жиктер, армяндар, азербайжандар өз тилдерин оор абалда калган деңгээлге жеткиришкен жок. Дагы эле кайталайм: кыргыз тилинин күнкөр абалга чейин жеткени үчүн орустар, Кремль күнөөлүү эмес, биринчи кезекте өзүбүз - кыргыздар айыптуубуз. Анткени, биз, кыргыздар башкалардын таасирин ойлонбой туруп шак кабыл алабыз. Бул көрүнүштүн түпкү мааниси эмнеде экенин жакшылап изилдеп көрүү керек.

Кыргыз тилине мамлекеттик статус берилгенине алты жыл толду. Алгачкы эки-үч жылда кыргыздарды улуттук ар-сезими козголуп, эне

тилине болгон атуулдук мамилеси ташкындап, Бишкек жана башка жерлерде кыргыз тилиндеги мектептер, бала бакчалар ачылган, орус тилдүүлөр да өздөрүнүн балдарынын кыргыз тилин билүүсүнө өз ыктыяры менен макул болушуп, өздөрү да мамлекеттик тилди билүүгө ынтызарланып калышкан. Бирок ошондо да өзүбүз интеллигенттери биздин айрымдары мамлекеттик тилдин өркүндөшүнө бут тозушуп, «Кокуй!» кыргыз тилинин азабынан орустар, башка элдер Кыргызстандан кетип жатышат» деп чуу-кыйкырык салышты жана бул ушактарын азыр да улантып жатышат.

Орустар жана орус тилинде сүйлөгөндөр Кыргызстандан кыргыз тили үчүн, же болбосо кыргыз тилин билбегендиги үчүн өздөрүнүн тарыхый Ата журтуна кетип жатышкан жери жок. Бул маселенин бир нече себеби бар. Эң негизги себеп республикада экономикалык кризис күчөп, иш- каналар, завод-фабрикалар кыскарып, жабылып. ишсиздик күчөп, адамдардын айлыгы кескин төмөндөп кеткендигинде болуп жатат. Бул биринчиден. Экинчиден, жалан гана орус тилдүүлөр эмес, кыргыздар да Россияга. ал турмак чет өлкөлөргө кетүүгө аргасыз болу- шууда. Жүвүттөр, немистер Совет доорунда, кыргыз тили мамлекеттик тил боло электе эле өздорүнүн тарыхый Ата журтуна кетүүнү эңсешип келишкен. Биздин өлкөдө демократия өкүмсүрө баштаганда алардын кетүүсүнө жол ачылды. Мындан төрт-беш жыл мурда, өзгөчө славян фондусунун жетекчилери орустарды Россияга көчүп кеткиле, Кыргызстан орустарды жаман көргөн чет өлкөлөр менен коңшулаш турат, эртеби-кечпи бул аймакта кан төгүлөт деген опуртамдуу үгүттөрдү таратышты, ага ишенген орустар көчүп кетүүгө аргасыз болушту. Кыр- гызстанда көп жыл жашап, кыргыз тилинде туш жоруган орустар, украиндер бузуку чакырыкка азгырылып, Россияга, Украинага, Белоруссияга көчүп кетишти. Аларды кыргыздар кубалаган жок. Россияга жана башка жактарга колунда жок, турмушу начар адамдар гана кетишкен жок, алар биз катары эле көроокатты баштарынан кечиришүүдө. Кеткендердин көпчүлүгү байлыктан капчыгы толгон, республиканын мүлкүн, байлыгын кымтыгандар экенин баары эле айтып жүрүшпөйбү? Ал эми орустардын Кыргызстандан кетишинин негизги себептерин көрүп- билип турушса да айрым орус тилдүү журналисттер, алар менен бирге Салижан Жигитов да орустардын Кыргызстандан кетишине, миграциянын күчөшүнө жеке Бобулов айыптуу, бул үчүн ал жооп бериш керек деп саясий жалаа жаап, көз көрүнөө жүзү каралык кылып жатканына эч ким ишенбейт..: Бир гана

айтарыбыз - эгерде Жигитов отузунчу жылдардын ортосунда жашаса дагы бир топ адамдардын убалына калаарына эч кандай шегим жок...

Салижан Жигитов жана башкалар «Камбаралы Бобулов улутчулдук кылып, мамлекеттик тилдин туусун ашыра көкөлөтүп, улут аралык мамилелерди күчөтүп, орустардын жана орусча сүйлөгөндөрдүн Кыргызстандан кетишине түздөн-түз күнөлүү» деп саясий айып коюп жаткандан кийин, бул олуттуу маселе боюнча өзүмдүн пенделик ой-пикиримди жашырбай, жалпы журтка айткым келет... Бул менин инсандык ыйык милдетим.

Мен. Жигитов сайрап жүргөндөй, улутчул эмесмин, менин орус тилине, орус элине болгон урматым жана достук мамилем өзгөргөн жок жана эч качан өзгөрбойт. Анткени, биз, кыргыз эли, Октябрь революциясынан кийин Совет доорунда бардык тармак боюнча өнүп- өстүк, экономикабыз, маданиятыбыз, адабиятыбыз, илимибиз дүркүрөп өстү, ушул жетишкендиктердин бардык тармагында орус элинин чоң үлүшү бар экенин танууга акыбыз жок. Эгер тансак. тарых алдында, келечектеги укум-тукумдарыбыздын алдында кечирилгис айыптуу болобуз. Пушкиндин, Гоголдун.Тургеневдин, Толстойдун. Чеховдун, Горькийдин, Шолоховдун, Твардовскийдин жана башка орус классиктеринин ысымдары биз, кыргыз үчүн ыйык. деп эсептейм. Бишкек шаарындагы Пушкин көчөсүнүн аты өзгөрүп кетишине макул эмесмин. «Арканды алыс таштоо керек» деп ата-бабабыз бизге осуят калтырган. Атактуу орус акындарынын ичинен кыргыздар Пушкиндей сүйүктүү, Пушкиндей жакын орус акыны жок. Пушкин кыргыздардын сезимине ушунчалык терең кирген, анын залкар чыгармасы «Евгений Онегин» романынын кыргыз тилинде үч жолу чыгышы буга ачык-айкын күбө. Пушкин кыргыз элинин рухий символу болгон жана түбөлүккө боло берет. Келечекте Россиянын көрүнүктүү маданий өкүлдөрү Кыргызстанга достук сапары менен келишкенде алардын алдында бетибиз кара болуп журбөсүн? Пушкинге болгон урмат-сыйды Жогорку Кеңештин сессиясында жаны Конституцияны кабыл алып жатканда айтканымды баары билишет. Бирок мен орус тили кыргыз элинин тагдыры деген пикирге кошула албайм. Кыргызстан көз карандысыз мамлекет. Бириккен улуттар Уюмунун мүчөсү жүздөн ашык чет өлкөлүк мамлекеттер таанышы. Жакында эле жер жүзүн дүңгүротүп, «Манас» эпосунун мин жылдык салтанатын өткөрдүк. Орус тилин канчалык урматтабайлы, аны биздин элдин тагдыры катары баалоо кыргыз эли үчүн жанын аябай кан төгүп курман болгон Манас бабабыздын, андан кийинки эр жүрөк

баатырлардын арбагын сыйлоо эмес, өзүбүздүн эне тилди кордоо болот. Биздин тагдырыбыз, келечегибиз кыргыз тили болгон жана боло берет, эгерде биз өзүбүздү улутсуз жана мамлекетсиз деп эсептесек. Мен элдик депутат кезимде жана кыргыз тили коомунун президенти катары да өз тилинде сүйлөгөн орустарга, башка элдердин өкүлдөрүнө эч качан каршы болгон эмесмин. Биздин ишибизде да каттар эки тилде, кыргыз жана орус тилинде жүргүзүлөт, иш кагаздары жалаң кыргыз тилинде болот. Башынан эле орустарды жана орус тилдүүлөрдү зордуктап кыргыз тилинде сүйлөтүүгө түп-тамырынан каршымын. Эгерде башка элдердин өкүлдөрү өз ыктыяры менен кыргыз тилин үйрөнсө, сүйлөсө алардын эркн, биз, кыргыздар аларга ыраазылыгыбызды айтабыз, «атын атаса, куту сүйүнөт» дейт кыргыздар. Бир мамлекетте бирге жашап, жалпы үйдүн ортоктош мүчөсү болуп, орустар, украиндыктар, дунган- дар, корейлер ж б. кыргыз тилин салтыбызды, маданиятыбызды тарыхыбызды. билишип урмат ташып, ошондой эле биз, кыргыздар да алардын тилдерин урматтап, өзгөчө чакан калктардын маданиятынын өсүшүнө шарт түзсөк, улут аралык ынтымак күчөйт, мен дайыма ушул позицияда турамын. Чырчатактын баары эне тилин урматтабаган, сыйлабаган, аны жакшы билип туруп жээриген кыргыздардын айынан болуп жатат. Ар бир элдин эне тили өзү үчүн ыйык экендиги талашсыз. Президент Аскар Акаев өзүнүн "Манас" эпосунун миң жылдык тоюна арналган мазмуну жана саясий мааниси терең докладында айкөл Манастын инсан катары улуу касиетине баа берип, анын жети пункттан турган ыйык осуятын укум-тукумдарга калтырганын санап өттү.

Улуттук ар-намысты сыйлоо жана оркундетүү жагынан казактар бизден жогору турат деп айтып жүрөм, жазып да жүрөм, бул өз улутумду кемсинтүү эмес, максат - башкалардын жакшы салттарын кабыл алып, үйрөнөлү деген гана кеп.

Чын-чынына келгенде, кыргыз тили ушул күнгө чейин өзүнүн ордун таап, мамлекеттик тил боло элек. Бул үчүн биринчи кезекте биз, кыргыздар, өзүбүз күнөөлүбүз. Кыргыздар чөйрөсү көпчүлүк болгон жерде эне тилибизде сүйлөбөйбүз, иш кагаздарын кыргызча жүргүзбөйбүз. Конкреттүү адресин көрсөтүп, бул жөнүндө чоң чогулуштарда тилим какшап канча жолу айттым, жыныш жок. Биз, кыргыздар, өзүбүз эне тилибизди урматтап чоң чогулуштарда, официалдуу эр аралык кездешүүлөрдө курултайларда эне тилибизде сүйлөмөйүн кыргыз тилинин баркы өспөйт. Мурдагы Жогорку Кеңештин сессиясында кыргыз тилин эң сонун билген кыргыздар эне тилин жээрип

орус тилинде сүйлөгөндө, мен депутат катары буга каршы чыгып, Кызыл чеке болдум, ушул күнгө чейин орус тилдүүлөр мени жек көрүшөт, улутчул деп жарлык таап жүрүшөт. Өзүндүн туулган жериңди, эне тилиңдин ар-намысын, абийирин коргоп улутчул деген наам алганына күйөсүң! Жакында эле «Вечерний Бишкек» газетасында журналист Р.Приживойт айым Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин мыйзам чыгаруучу палатасынын депутаты Рахат Ачылованы көз көрүнөө кордоп, кыргыз депутаттарын эне тилинде сүйлөөгө чакырганына нааразы болуп, «жаны парламентке шайланбай калган Бобуловдун колунан түшкөн тууну көтөрүп, анын ишин татыктуу улантып жатат, кыргыз улутундагы депутаттарга орусча сүйлөөгө тыюу сала баштады, ошондуктан анын коллегалары «Бобуловна деген атка кондурушту» деп жазат. Приживойттун чакан макаласы газетанын биринчи бетинен эң көрүнүктүү жеринде «Кымыздык патриотизимден пайда жок. Жалаң зыян» деген чуулгандуу ат менен жарык көргөн. Билген жана түшүнгөн адамга мындан артык кордоо болбойт Биз жаш кезибизде, африкалыктар өз эркиндиги, өз тилинин абийири үчүн кан төгүп, чет өлкөлүк баскынчылар менен күрөшүп, алардын көрүнүктүү лидери азаттык үчүн курман болгондо анын ордун басып, анын ишин башка көрүнүктүү лидери улантканда буржуазиялык реакциячыл газетанын кабарчылары дал ушундай мыскылдоо менен жазаар эле. Кудая шүгүр, биз азыр көз карандысыз мамлекетпиз, улуттук туубуз, гимнибиз, гербибиз бар, Президентибиз бар. Прижвойт карасанатайлык менен элибиздин ийгилигин көрө албай, биздин элди, эне тилибизди кордоп жатат. Биздин Конституцияда кыргыз тили мамлекеттик тил деп жазылган. Эмне үчүн Бобулов депутат болбой калса эле, мамлекеттик тилди жактаган адам анын ишин уланткан болот? Рахат Ачылова элдик депутат катары, атуул катары, өзүнүн эне тилинин ар-намысын коргоп, эне тилин урматтабаган кыргыз депутаттарына нааразалыгын билдирсе, алар ар-намысын жоготуп, кайра аны шылдындап Бобуловна деши эми уят иш... Приживойт Ачылованы эмес, өзүнүн тилин урматтабаган кыргыздарды табасы канып, шылдындап жатканын депутаттар тушунушпейбу? А мен болсом, менин эне тилим- ди ар-намыстуулук менен кыргыз парламентинде кыргыздын эр журек, журегунде жалыны бар карындашым, чыгармамда мен данктаган түштүк кызы Рахат Ачылова. Ачыловнанын улантып жатканына сыймыктанам... Ал эми Приживойт айым мыскылдагандай, кыргыз тилин данктаган кызыл туум колумдан түшө элек. Республикалык «Кыргыз тили» коомунун президенти катары,

депутат болбосом да, кыргыздын азамат уулу катары эне тилимдин абийири үчүн жанымды аябай күрөшөм. Сыягы бул күрөш көпкө созулат...

Приживойт бул макаласында кыргыз тилин гана эмес, кыргыз элин да кордогон. Ар бир элдин жакшы салттары, кылымдардан бери урматтаган сый тамактары болот. Кыргыздар кымызды сый тамак деп эсептешет, кымыз жөнүндө элдик канча сонун ырлар бар, кымызды эч урматтуу конокторго сый тамак катары беришкен. Улуу бабабыз Манас кан кечип, кандуу кармашуулардан чаалыгып-чарчап кайтканда кымыз ичип эс алган, андан күч-кубат алган. Кымыз - дары тамак, көпчүлүк оорудан айыктырат. Орустун даанышман жазуучусу Лев Толстой да жаш кезинде учук менен ооруп, атайы башкырларга барып кымыз ичип, дартынан айыккан.

Приживойт кыргыз элинин ардактаган кымызын кордоп, ошол аркылуу улутту кордоп жатышы кечиримсиз.

Кийинки үч-төрт жылдын ичинде газета беттеринде мени шылдыңдаган, калптарды жазган айрым кастарымдын уятсыз макалалары жарык көрдү, аларды сотко бересм утуп чыгарыма шегим жок. Алардын деңгээлине түшпөйүн деп сотко бергеним жок. Эне тилибиз баарыбыз үчүн ыйык, биздин андан кымбат байлыгыбыз да жок. Эне тилин урматтабаган кыргыздар жөнүндө кыргыз элинин сүйүктүү акыны Байдылда Сар- ногоевдун мындан көп жыл мурда жазган ар бир кыргыздын жүрөгүндө жүргөн төрт сап сонун ыры бар:

Эне тилин билбеген,
Эси жогун аныктайт
Эне тилин сүйбөгөн,
Элин сүйүп жарытпайт.

Бул төрт сап ыр эне тилге арналган гимн!

Салижан Жигитов: "От" дегенден ооз күйбойт

"Жаңы Агым" гезит,
01-апрель 2013-жыл.

Айтылуу аалым, кыргыз коомунда башкалардан өзгөчөлөнгөн орду бар Салижан Жигитовдун дүйнөдөн өткөнүнө быйыл жетинчи жылга аяк басты. Айрыкча азыркы учурда андай оригиналдуу ой, идея айткан адам жок өксүп турганыбыз сезилип жатат. Өзү да бир кезде «өксүк

комплекси» деп жазбады беле. Мына ошол Салижан аганын коомдун талылуу маселелери боюнча курган курч интервьюларын, озү жазган макалаларды жыйнап, биздин устатыбыз Алым Токтомушев жакында «Салижан Жигитовдун сабактары» (акыл токтоткон адамдар үчүн) деген китеп чыгарды. Анда 1993-жылдан 2003-жылга чейинки материалдар камтылган. Эң кызыгы, мындан 20 жыл, 10 жыл мурда айтылган ойлор, идеялар, фактылар күнү бүгүн да өз күчүн жогото элек. Китепти окуп жатып ушуну байкайсың. Ошондой интервьюлардын бири тил маселесине арналып, 2003-жылы жарыяланган экен. Ошол интервьюдан ойго салчу үзүндүлөрдү сунуш кылабыз.

Кыргыз тилинде илимий, илимий-популярдуу, педагогикалык тексттер жазгандын, айылдык кыргыздарга илим-билим дөөлөттөрүн тааныткандын, жаңы терминдер, сөздөр, сөз айкалыштарын ойлоп таап, элдик тилге сиңиргендин ордуна тилдин койгойлөрүн кайра-кайра айтып «өзме ботой» күүсүн черте бергенден кандай ийги? Тилди бакырып-өкүрүп боздоо менен эмес, практикалык конкреттүү жумуштар, чымырканган мээнет, сабырдуу патриотизм аркылуу гана өстүрүүгө мүмкүн.

Ал эми башка чукак калктын тилинин өнүп-өсүшү дайыма проблемалуу болот. Тилибиздин бечел калып жатканы жалпы сан-эсебибиздин аздыгына барып такалат. Элибиз он миллиондой көбөйсө, шаарларыбызда жашагандардын 70-80%ын түзүп калсак, кедейликтен кутулсак, цивилизациялашкан элдердин илим-билимин, маданиятын, техникалык өнөрүн, жашоо жана ойлоо тажрыйбасын жакшы өздөштүрсөк, материалдык жана духовный турмушубуз дүркүрөп өсөт эле, ошого жараша тилибиз да жакшырат эле, англисче үйрөнүп алган жаштарыбыз тышка качпай эле, өндүү-түстүү кыздарыбыз көрүнгөн чет элдиктердин этегин кармап кетебиз деп жулунбайт эле. Арабыздан чыныгы билимдүү интеллигенциянын калың катмары чыкса, «кыргыз тил, кыргыз тил!» деп кыйкырмай, боздомойлор да тыйылар эле.

Эстондор менен латыштардын билимдүүлөрү деле XIX кылымдын экинчи жарымында, улуттук интеллигенциясы аз кезде, шаарларында немис тилдүүлөр жана орус тилдүүлөр көптүк кылып турганда, биздин «тил күйөрмандарындай» эле тилинин көйгөйүн сүйлөп боздой бербү экен. Эки эл тең бактылуу турбайбы, соңку бир кылымда чындап жакшы билим алган, башын кадыресе кыйнап иштеткен, өз улутуна чындап күйгөн интеллигенция катмарын чыгарып алыптыр. Ал эми бизде алардыкындай деңгээлде турган интеллигенция азырынча жок. Биздин окумалдар «чала молдолугунан», өз алдынча ой сүргөнгө үйрөнбөгөнүнөн

улуттук тилге тиешелүү проблемалардын өзөгүн көралбай, ага катышы жок же кыйыр катышы бар майда-барат маселелерге жабышып, жөн гана сөз көбүктөрүн жабыртып шапшуу менен убараланып жүрбөйбү...

Тил деген эмне?

Тил дегенибиз, жалпылап айтканда, лексикадан (сөздөрдүн жыйындысынан) жана грамматикадан (сөздөрдү өз ара байланыштыруучу жол-жоболордон) турган коомдук көрүнүш. Лексикалык каражаттардан жана грамматикалык эрежелерден ар кыл максаттарда пайдалануу менен адамдар өз ой-пикирлерин жарыя кылып, ар түрдүү тексттер (маалыматтар) жаратат. Бул иш-аракет кол эмгегиндей (мисалы, үй кургандай же пахта өстүргөндөй) эле кадыресе жумуш (деятельность) болуп, речь же кеп деп аталат.

Башкачалап айтканда, тил – лексикадан (элементтер тобунан) жана грамматикадан (ошол элементтердин арасын данакерлечү эрежелерден) куралган система, ал эми речь – ал системанын элементтеринин практикада конкреттүү колдонулушу, иштетилиши.

Элестүү кылып айтканда, лексика түрдүү курулуш материалдарынын жыйындысына, грамматика болсо кагаз бетине чийилген архитектуралык планга окшош, ал эми речь ошол курулуш материалдарынан ошол архитектуралык схема боюнча имарат тургузуу процессине окшош.

Кыргыз тили жазма-басма вариантында аябай кеч, кечээки совет доорунда гана мектептик таалим-тарбиянын, саясаттын, укуктун, адабияттын, айрым илим тармактарынын, массалык маалымат каражаттарынын маалымдоо каражаты катары аздыр-көптүр колдонула баштабадыбы. Эгер өзбек жазма тили мурдарак араб, фарс жазма тилдеринин үлгүсүндө калыпка салынса, кыргыз жазма тили негизинен орус жазма тилинин моделдерин белимчилөө менен өөдүк-сөөдүк нормага салынгансыды. Укукка, саясатка, идеологияга,табият илимдерине тиешелүү тексттер орусчадан орус тилин чала билген кишилер тарабынан кыргызчалангандыктан кыргызча олдоксон, атүгүл орусча билбеген кыргыздарга түшүнүксүз «котормо тили» келип чыкты. Өткөн кылымдын 30-жылдарында түгүл, азыр деле орусчадан орой жаңылыштар менен кыргызчаланган тексттер окуу китептеринде, саясый документтерде, закондордо абдан көп.

Айтор, кыргыз жазма-басма тили дагы эле өксүк, чийки, жашык бойдон калууда. Пайдалуу информацияга, илимий маалыматтарга абдан жарды. Кыргыз тилинде, балким, бүгүнкү англис тилиндеги илимий байлыктардын миллиарддан бири да жоктур. Демек, кыргыз жазма

тилинен башка тил билбеген кишилер пайдалуу информациядан, илим-билимден тышкары калып, бүгүнкүдүн маалыматтары менен байлыга албай, өркүндөп, өсүп дегендин алкагына камалган бойдон жүрө берет. Бизде, башка жагынан ар кыл жыгыныбыздын, келбеткенин, жүзүн, ашпа жатканыбыздын бир себеби да ошондо, илим-билим тышкары өөрчүгөн, жашы эле тыкыланган кызма-басма тилибиздин ушу жаштыгында жатат.

Кыргыз жазма-басма тилин англис тилинин, орус тилинин, ж.б. дегенде казак тилинин сыяктуу деңгээлине көтөрүш үчүн ар бир кыргыз интеллигенти бир машине, миллиондогон баш жуу мас, орусчуп, ошу казактын ордуна ишенчи керек.

Кыргыз тили 70-80 жылдын берки эле жазма-басма шекилдеде колдонулуп келет. Ошол учун бүгүнкү күндө ага илимий, техникалык жазма тилинин жыйынтыгын жолуп ийгиси келбейт көрөсүң. 500 жылга созулуптур. Өнүп-өсүүгөн улам жазма тилибиз тыгылып да ошончо жылда кемелине келбепти. Эми сиздин тилиңиз толуп онуга бышпаган азыркы орус жазма тилинин ак таасын мис келишин шарт. Кыска элдин өз тилин жазма түрүндө ишке баштагандын оор салмагын билүүсү.

Бирок бел кыла турган жалгыз нерсе бар: ал - Аксы окуясынан кийин чын эле Кыргызстандын болуп көрбөгөндөй өзгөрүшү. Элдин жаагы ачылып алды. Аскар Акаевич кайра шайланмак түгүл бул мөөнөтүн аман-эсен өтүп кетсе деңиз. Мен өлкөнүн биринчи президенти катары ал шайлоого кайдыгер калалбайм, татыктуу адамдарга таштап кетем деген мааниде билдиргени да бар. Антип өлкөнү өстүрүп, гүлдөтүп таштап кеткен жетекчи айтса жарашмак. Тел козудай бутуна тепкенден туралбай жаткан мамлекетти тизеге чапмак түгүл, таш талканын чыгарып кеткен президент антип айтууга моралдык акысы да жок болчу. Бирок айтты. Бирок ошол мураскерин баштагыдай оной-олтоң өткөрүп алары да күмөн. Не дегенде, Түштүк эли эле эмес, Түндүк эли да Акаев жана анын кланынан жадап бүттү. Болгону түндүктүктөр тиштенип демин ичине катып турат. Элдин жаагы ачылып калды дедик, шайлоону баштагыдай акым өкүмдөрүнүн күчү менен бурмалайм десе, граждандык согуш чыгып кетиши мүмкүн.

Баса, Конституция реформасына байланыштуу азыркы парламентти таратат деген да кеп тарады. Таратса жакшы болмок. Ошону менен азырынча көкшүнү суу элек Аксы элин да алаксытмак. Бирок таратпайт. Таратса Акаев үчүн атанды сат десе, сатуудан баш тартпаган мындай эл

өкүлдөрүн эки дүйнө табалбайт. Жогоруда айттык го. Акаев каалагандарды эл азыр оной олтоң шайлап бере койбойт. Андыктан кош палатаны бир палатага айлантууга чын эле көңүлдөнсө, аны да «амнистия» жолу менен, б.а., шайлоого чыгым көп кетет экен, жөн эле биригип алгыла деген «жобо» менен гана чече алат.

Экинчиден, «Саясий экстремизмге каршы күрөш жөнүндө» мыйзам Президент тарабынан даярдалып, ЖКга жиберилди, ЖК баарын эле чампалай салып өткөрүп атпайбы, өтөт. Мына ошондо оппозицияны ооздуктоого даяр жүгөн табылат. Бийликке каршы бардык кыймыл саясий экстремизмге каршы күрөшкө айланат. Анүчүн АКШ менен Батыштан акча алат, террорчулук менен күрөшүп жатам деп. Бул Аксы элине каршы мыйзам десе да болот. Анткени ачуу менен Өзбекстанга же Россияга кошулабыз деп жиберишпедиби. Андай идеяны мындан 10 чакты жыл мурда жазуучу Борбугулов жаны күйгонунон айтса, эч ким эрөөн-терөөн көргөн эмес. Эми аксылыктар айтса, ошол замат «империализм тыңчысын» илип чыгышты. Азимбек Бекназаров азаттык алганына эрте кубанып жатыр, Аксы тынчыбаса, анүчүн анык азап ушул мыйзам иштеп киргенде башталат.

Албетте, андай мыйзамды Россия деле кабыл албадыбы деген айныгыс аксиома бар. Россия федеративдүү өлкө, дили, дини башка Кавказ өлкөлөрүн же Татарстан, Башкыртстанды эске албаганда, чечен сепаратизми эле эмнеге турат?! Бизде ал мыйзамды колдонуу Өзбек ислам кыймылы сыяктуу бир толкундун жаралышына гана өбөлгө түзөт.

Кыскасы, Кыргызстандын азыркы саясий кырдаалындагы бийлик чөгүп бараткан адамды гана элестетет. Улам бир жерден башы чыга түшсө, бийлик көшөкөрлөрү ураалап турат. Оппозиция Аксы кыймылын мамлекеттик маани, улуттук кызыкчылык критерийине көтөрө алган жок. Аларды конформизм дарты кайрадан чалып кетти. Бул алардын айыкпас, ажыкыз дарты. Амнистия чындыгында Аскар Акаевичтин абийирине гана берилди. А абийирге кечиримди Кудай гана берет. Шүгүрчүлүк, Жогорку Кенеш депутаттары Кудай эмес!

Кыргыз Республикасыныи Жогорку Кенешинин депутаты
С.И.Урманаевдин кол тийбестик иммунитегинен ажыратып,
ага карпы кылмыш ишин козгоого уруксат бсрүү боюнча
парламенттик комиссиясынын төрагасы,
депутат **Д.Садырбаевдин** доклады
Бишкек, сентябрь. 2007-жыл

АБИЙИР СОТУ

"Кадырлуу мекендештер! Урматтуу коммунисттер!" Мындан он жети жыл илгери менин асылкеч курбум жана классташым, ыраматылык Абдразак Кадырматович Султанов Кыргызстан компартиясынын Борбордук Комитетинин кезектеги пленумунда өзүнүн тарыхый сөзүн ушундайча баштап, кичинекей Кыргызстан түгүл, килейген Советтер Союзун титиреткен мезгилдин эң жашыруун, эң ырайымсыз мекемеси, "мамлекеттеги-мамлекет" - делинип жүргөн КГБның биздин республикадагы жетекчиси Москванын Кыргызстандагы Кызылчогу В.Я.Рябокондун былыкчылык иштеринин бетин ачкан эле. - "Менин бүгүнкү сөзүмөн кийин мага кандай гана жамандык жасалаарын, башыман ылдый карай эмне гана деген жуундунун-жуундусу куюлуп, өз сөзүм өз башыма таяк болуп тийип, өмүрүм коркунучта калаарын бөркүмдөй көрүп турсам да байыркы грек акылманы Аристотельдин; "Платон менин досуи, бирок мага чындык андан да кымбат" деп акыйкаттыкты гана карманганын туурап: элимдин тагдыры, партиямдын келечеги үчүн ушундай опурталдуу ишке бел байлап, чыркыраган чындыкты ачык ай- тууга аргасыз болуп олтурамын..."

Элинин, жеринин жаркын келечеги үчүн башын сайып, ушундай опурталдуу ишке бел байлап чыккан кайран досум көрөгөчтүк эле кылган экен. Аны дароо Борбордук Комитеттин мүчөлүгүнөн чыгарып, болүм башчылык кызматынан да бошотуп коюшкан. Кечээ күнү эле - "өйдө чыксак бир дөбөдө, ылдый түшсөк бир чуңкурда болобуз, арт жагына кылчактабастан бара бергин. Биз быяктан жөлөп-таяп турабыз сени!" - деп, көкүткөн кызматташ жолдоштору, кесиптеш тенттуштары пленумдун эртеси эле тымтыракай түшүп, туш-тушка тарап кетип, кайран досума караандарын да көргөзбөй ар кимиси керт башын, кызматын сактап калыштын далалатын кылып, бет келди житип-житип жоголушкан.
Арадан азыноолак убакыт өтүп-өтпөй Абдыразактан да ажырап калганбыз анда...

Ооба, аны Баяман Эркинбаев же Жыргалбек Сурабалдиев сыяк- тантып эч ким таламандын тал түшүндө тапанча менен атып кеткен эмес. Т. Тургуналиев менен Ф. Куловко окшотуп түрмөгө дагы сала алышкан жок, коё турган олуттуу дооматы жоктугунан. Бирок, ал мезгилдеги Москванын арыгын чанкан майлибай аткаминерлердин, бейиши болгур, курбумду адам чыдагыс өйдө-төмөн сөзгө чулгатып, илгери Иса пайгамбардын дилин ууландырган Иуданын ушагындай, анын тегерегине дагы узун-кыска, ирик-чирик сөздүү жалган-чынды жаадырып атышып намысы курч, журттун Туу жыгаар уулдарынын биринин жүрөгү токтоп калган абалга чейин жеткиришкен.

Ошондуктан, мен, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты Дооронбек Садырбаев, бүгүнкү сөзүмөн кийин мага дагы Абдыразак тенттушумун өмүрүн кыскарткан жалаалардан ашса ашкан, асты кем эмес, адам түгүл айбандын дити чыдагыс асылуулар болоорун, аны өзүбүздүн эле мамлекеттик телекиллерлер, хап-сарайдагы арзымат ырчылар менен аягы суюк жазмакейлер, албетте, XX жана XXI кылымдардын тогошунда Кыргызстандын эң жогорку бийлигин жеке менчигине басып алгысы келген нысапсыздыгын жашырбаган азыркынын саясий кызыл кулактары ишке ашыраарын мен дагы сезип турамын. Мындайдын далайын башымдан кечирбедимби. Бирок, менин асылкеч курбуман айырмачылыгым; бул ааламда жамандыр-жакшыдыр андан 17 жыл ашыгыраак өмүр сүрүп, кудайга шүгүр, тагдырыма буйруганына жараша ашарымды ашап, жашарымды жашап, мандайыма жазылган жакшылык-жамандыктын бакисин аркалап келатам. Ушунусуна каниет! Биреөдөн чокой боолук бирдеме үмүт этип, же КГБнын кызыл ала "матрешкасынан" коркуп, Кыргызстандын Ак Үйүнүн жетинчи кабатындагы "буркулдаган букасынан" үркүп, же болбосо андан ылдыйрааkта "сайгак сайып дыргаяктаган кунаажынынан" жалтана турган куректан эбак өтүп кеткенмин. Мунун баары аздык кылат десеңер, өмүр жолумдун кыр-чокусуна жакындап келаткан чагымда, мен кимден коркуп, эмнеден жалтанмак элем? Коркпойм-этпейм. Аксакалдык ыймаыма шек келтирбей болгонун-болгондой айтам, андышкандар менен ымдашкандар, маадесе, көтөрүп турган көк асманын так төбөмө таштап ийишсе дагы...

Көп жашап, көптү көргөн адам катары, ал гана эмес, азыркы карата турган маселе боюнча парламенттик комиссиянын төрагасы катары, өз сөзүмдүн эң алды кылып, учурда "Аксы окуясы" Кыргызстан үчүн мамлекеттик стабилдүүлүктүн өзүнчө бир сыр сандыгына айланып калганын эсиңерге салып, ачыгын айта кетүүгө тийишмин. Бул кандуу

каргашанын себептерин аныктап жатканда акыйкат менен чындыктан алыстап, адамдык абийирге кенедей эле көлөкө түшүп калса, андай жагдай карапайым калкты кайрадан буркан-шаркан түшүрүп, кайрадан толкундатып, кайрадан пикет, митинг, жүрүш кыймылдарын жандантып, айрымдардын эки бутун бир өтүккө тыккан баш аламандыкка киришпе кылышы ыктымал.

Ошондуктан. урматтуу депутаттар, өзүнөр көрүп тургандай, бул окуяны объективдүү жана өтө кылдат иликтеп кылмыштын түздөн-түз айыпкерлерин таамай аныктап, аларды этияттык менен жазага тарткандан башка жол жок бизде. "Аксы окуясына" кайра кайрылып, анын акыркы чекитин коюу үчүн Кыргыз элинин "Туура бийде тууган жок, туугандуу бийде ыйман жок" деген байыркы накылын туу көтөрүп турган кесиптештеринерди Италия эл жомогундагы "аты-жөнү белгисиз, ата-журтунун дайыны жок, таштанды тагдырын аркалап жүрүп, тууган-уруктан кур жалак калган атактуу Арлекино" деп койсоңор туура болчудай.

Антпесем, "аксы окуясынын" кесепетине себепкер кимдир бирөөнү туугансып, экинчисинин куда-сөөк, элдеш-жердеш, экендигине карап ылымсанаймын деп жазатайып, акыйкаттан адашып, сакалым куйкаланып, ыйманым өрттөнүп, эл караган бетим жер карашын мен дагы каалабаймын.

Анда эмесе улуу-кичүү кесиптештерим, ушул - кудайдын куттуу күндөрүндө мени "туугансыз туура бий", же болбосо "Арлекинодой" көрүп, алакан жайып "Алла таалам колдосун" - деп ак батанарды берсенер, мен, айта турганыма кирише берейин...

Биссмиллахи рахманир-рахим!

Урматтуу төрага Марат Абдразакович!

Кадырлуу депутаттар жана ардактуу коноктор!

Касиеттүү кыргыз эли!

Кайсыл мамлекет, кандай эл болбосун анын ар бир мууну өз заманында эмнени көрүп, эмнени угуп, кандай гана окуяга кабылбасын, өзүн кызыктырган маселе боюнча дайыма кара кылды как жарган калыс чындыкты гана билгиси келет. Аны үчүн адамдар өзүнүн эң кымбат нерсеси кара жаныи садага чапкандан да кайра тартпайт. Учурунда канчалык оор, канчалык кейиштүү болгонуна карабай, биз элибиздин бүгүнү жана келечеги үчүн, Аксыда болгон окуя тууралу жападан-жалгыз Чындыкты гана айтууга милдеттүбүз! Ошондой Акыйкат чындыктын көзүн таап, Көкө-Теңир, Жараткан-Эгемдин алдында миң ирээт тобо

кылып, азыркы тирүү жүргөндөр пендечиликте кетирген азайып, көп күнөөбүздөн арылышыбыз мүмкүн. Бүгүнкү башына жоолук салынып, тебегей кийип мурдунан тынып жүргөндөр - бакибиз өзүбүздүн чиеленген маселелерибизди өзүбүз бүгүн чече албасак, аны баары бир келечек муундар чечүүгө аргасыз болушат. Жетик ойлонбогон жетесиз пейлибизге жараша чиелентип алган түйдөк маселелерибизди өзүбүз чечиштин ордуна, алардын баарын биздин аки-чүкүбүз менен иши жок келечек муундарга, балдарыбыз менен неберелерибизге мурас калтыруунун таптакыр кереги жок! Алардын да өз замандарына жараша өзүлөрү чече турган маселелери жана милдеттери арбын болот. Мен ошону үчүн орустун учурдагы улуу философу Александр Солженицындын "... ак пейили, чын дили менен өз айыбын моюнга ала билген сезими сергек улут гана, өзүнүн ички илдетинен арылышы мүмкүн" -деген сөзүнө эки колумду тең көтөрүп, чын жүрөктөн тилектеш экенимт билдиргим келет.

2002-жылдын 17-мартында Аксы районунда гөртириликтин убарасында жүргөн жеринен, Кыргыз мамлекети тарабынан атылып, алардын ичинен шейит болгон жаш жигиттердин арбагы чыркырап, бүгүн бизди адилеттикке чакырып, өздөрүнүн жана ошо алгачкы кагылышууда ок жанылып жарадар болгон, андан кийинки жылдары күнөөсүз мазакталган же токмок жеп жаны кыйналган ондогон жана жүздөгөн мекендештерибиздин намысын коргогон Абийир Сотунун жараянын баштап акыйкат өкүм чыгарууну талап кылып жатат. Кейпи, алардын да, биздин да мындан башка барар да, табарда жолубуз калган эместей. Алардын арбактары түнкү чыракты тегеренген жетим көпөлөктөй болуп бырпырап бизди тегерсне учуп, адамзатка каршы ошо кылмышты жасагандардын анык жүзүн ачкан калыс тескөө, акыйкат жазалоо аркылуу, мындай каргаша Ата Журтубузда экинчи кайталанбай тургандай жыйынтык чыгарууга чакырып жатат! Бул менин эле көз карашым эмес, бул жарык дүйнөдө татыктуу жашоонун мыйзам ченеми жана бейкүнөө жеринен мурт кеткен эр-азаматтардын саясий керээзи.

Коомчулук Аксы коогаланын "каргашалуу окуя" деп жүрөт. Кудай акы андай эмес! Бул жөн эле "окуя" же "кайгылуу каргаша да эмес. БУЛ - мамлекет башчылары мансабына манчыркап, өз элине түздөн-түз карамиеттик менен атайылап жасаган, пенде бүткөндүн түшүнө кирбей турган тириукмуш кылмыш! Бул Акаевдин жана анын жан-жөкөрлөрү менен табакташтарынын карапайым калктан талап-тоноп, чогултуп алган байлыгын жана арамза бийлигин биротоло сактап калууга жанталашып, аны үчүн мекендештеринин канын төгүүдөн дагы кайра тартпаган

мыкаачы айла-амалы жана алдын-ала атайын даярдалган ыплас иш-планы. Тынч жаткан жарандардын кайсыдыр бир бөлүгүнүн көзүн тазалап ийип болсо дагы жамы журттун жүрөгүнүн үшүн алып, "пендемин" деп мурдунан тыңгандын бакисин жеке менчигиндеги байлыгына жакындатпаштын алдын ала көргөн чарасы. Муну биздин парламенттик комиссияга топтолгон документтердин басымдуу бөлүгү ачык-айкын далилдеп турат.

Урматтуу депутаттар!

"Легендарлуу" делинген Кыргыз парламенти 1993-жылы жерге-биздеги мамлекеттик бийликтин бардык кулпуларынын сыйкырдуу ачкычын бир адамдын колуна салып бергени эсиңерде бардыр. Муну менен аз парламент бир кишиге чексиз бийликтин тизгинин карматып, келечектеги "авторитардык" режимдин тамыр жайып, өсүп-өнүгүшүнө даңгыр жол салып берген менен барабар иш кылган болуучу. Анан, адамгерчилиги кирди-чыкты, журт башкаруу жөндөмү морте-шөртө, бир "бөйлө-шөйлө" гөрпендени "Конституциянын гаранты" - деп көтөрмөлөй берип, зоболосун ого бетер көкөлөтүп атып, ал бара-бара, мындай артыкчылыктан пайда көрүүнүн кынуун таап, өлкөнүн Баш мыйзамдарын жамынып алып, "кызый-кызый, кыздын койнуна кириптир" дегенди туурап, "кызып кетип", өз үй-бүлөсүнүн, балдыз-бажаларынын жана табакташтарынын курсагын дайыма нык толтура турган баргерчилик турмуштун кепилине айлангапын көз көрбодубү.

Ошентип, Аскар Акаевич күтүлбөгөн жерден асмандан учуп келип колуна конгон бакыт кушунун пайдасын жүдаа көрдү, "мөмөсүн" тойгуча жеп, "ширесин" канганча соруп. Ал караламан калктын кулагына эртелик демократия деген сөздү, кумдай куюп жүрүп, өзүнүн "былык авторитаризмдүү" бийлигин өтө айлакерлик, жеткен арамзалык менен "бутуна тургузуп алып, анысы үй-бүлө, жек-жаат, куда-сөөгүнүн гана кызыкчылыгын коргоп, кыргыздын кызылын чокуй турган таз жоруга айланды да калды. Кандай гана авторитаризм болбосун, ал түлкүдөн кылтылдак же жылаандай жылтылдак болобу, баары бир, үй-бүлө, куда-сөөк, жек-жааттын зордук-зомбулукка таянган бийлигине айланып алса, акыр-аягында нааразылыгы күчөгөн элдин бир көтөрүлүшү менен күм жам болоорун 2005-жылдын март айындагы окуялар даана көргозбөдүбү... Мындай бийлик өкүм сүргөн жерде, албетте, мыйзам аткарылбай, бийлик бутактары солгундап, кызмат эрежелери толук кандуу иштебей калат. Иштеген күндө да кожоюндун гана пайдасына иштеп, карапайым калк унутта каларын ар кимибиз өз көзүбүз менен көрүп. жон терибиз менен сездик го.

Ошондуктаа акаевдин режими акыркы мезгилдерде Кыргызстандын букараларынын укуктарын тебелеп-тепсеп, кыз-кыркын катын-калачты онду-солду омуроолоп, бала-чака, кары-картандын каадасына жаба түкүргөн зөөкүрлүгүн жашырбай мамлекеттик кызматтардын "майлуу-сүттүү" орундары, каруу-жаракчан күч органдарынын күзөт үстөлдөрүнө чейин акчага сатыла баштаган. Мунун себебинде Кыргызстандагы ылыгышкан кылмыштуулук кадимки эле турмуштук көрүнүшкө айланып, эң жогорку даражадагы аткаминерликти мындай кой, бир кулак сууну башкарган мураптык эле тийген бажа-бакыранын жашоо минимумунун башкы булагы же орусча айтканда "визиттик карточкасы" болуп калганы да жашыруун эмес.

2000-жылы Акаевдин бийлиги өз "демилгеси" менен ичинен ирип, сыртынан чирип баратканы билине баштаганда анын жан-жөкөрлөрү; карапайым калк өз нааразычылыгын ачык айтып, митинг, пикеттерге, көчө-көйгө жөө жүрүшкө чыкпасын деп, аларга каршы колуна курал кармаган пешенеси дөң дөлөнгүттөрүн "бордоп семиртип" кан төгүүдөн кайра тартпас кармашка камдай баштаган эле.

Бийликтин чектен чыккан мыйзам бузуулары, аткаминерлердин элди көз көрүнөө, ачыктан-ачык тоногон зөөкүрлүгү, мыркымбайлыгы мол кылык-жоруктары, Кыргызстандын баардык аймактарындагы алыскы булун-бурчуна чейинки элдин кыжырын кайната баштаганын акаевчилер эң сонун билген. Ошондуктан режим митинг, пикет, ар кандай жүрүштөргө чыккан өзүнүн карапайым калкына каршы каруу-жарак колдонуп, керек болсо провокациялык жолдор менен болсо да алардын айрымдарын кандайдыр бир айыпка жыгып, уруп-сабап, камап, тынчытып коюунун жолун издеп калган. Өз өкүмдарлыгын кандай гана болбосун узак жылдарга дейре сактап калуу жандалбасында жүрүп, өз элине ок чыгаргандан да кайра тартпаган мындай кыйды мамлекет башчысына жана анын жүргүзгөн арамза саясатына кандай баа берүүгө болот? Менимче, "өз мамлекетин, өз элин бүткүл денеси менен жек көргөн арамзанын макүрөө бийлиги" дегенден башка сыпаттуу сөз табуу кыйын. Ошондуктан биз, болур өткөн бул окуянын терендерде жаткан себептерин кылдат жана ар тараптуу изилдебестен туруп, кимдир-бирөөлөрдү, мейли ал депутат С. Урманаев болобу, же карапайым сантехник, ал тургай аты унутулуп калган бир бечара аракеч болсо деле баары бир, иши кылып, адам аты бардын тагдырын чечүүдө анын, кылган-турганын узун-туурасынан иликтебестен өкүмзордук менен айыпка жыгып, дагы бир калпыстыкка жол бербешибиз керек.

Урматтуу депутаттар!

Парламенттик комиссиянын торагасы катары өз баянымда мен эмне себептен "кой" десеңер деле болбой эле, "аксы окуясына" саясий баа берүүнүн далалатын кылып жатамын? Анткени, менин жеке көз карашымда, эгер биз бул иш боюнча караманча Чындыкты билгибиз келсе, Адилеттиктин жеңишин, Акыйкаттыктын орношун каалап, созсуз күнөөлүүлөрдү таап, татыктуу жазага тарткыбыз келсе, анда эң алды бул кылмыштын түпкү тамыры саясат менен чиеленишип калганын танып ийгенге шашпай аны ачык-айкын айтышыбыз керек. Андыктан, мен Жогорку Кенештин ушул бийик жана ыйык трибунасында туруп, 2002-жылдын 17-19-мартындагы "Аксы каргашасы", өзүнүн жарандык укугун пайдаланып, тынч митингге чыгуу үчүн каруу-жараксыз келаткан карапайым калкка каршы өз мамлекетинин ырайымсыздык менен жасаган эң мыкаачы саясий кылмышы болгонун зор жоопкерчилик менен ачыктап-ачык айта аламын. Юридикалык жана моралдык жактан да бул окуяны кайсыдыр бир региондун бир ууч калкы, же Кыргыз Атадан тараган- дарга эле эмес, бүткүл адамзатка каршы жасалган эң кесепеттүү, эң маскара кылмыш катары караганыбыз абзел. Ошондо гана биз өз абийирибизди да, күнөөсүз апат болгондордун ыйманын да таза сактап кала алабыз.

Дал ошондуктан кырчын өмүрлөрү кыйылган алты кыргыздын арбагын ыраазы кылып, ыйманын тазартып коюу, ошол эле учурда өз абийирибизди да агартып алыш үчүн бул ишти Абийир Сотунун жараяны аркылуу гана жыйынтыкташыбыз керектигин айтып чыркырап жатпайбы...

Дал ошону үчүн биздин шоркелдей элибиз дагы беш жылдан бери улам толкуп, кайра басылып, бул кылмыштын мыкаачы жүзү толук ачылышын, анын башкы айыпкерлеринин адилет жазага тартылышын талап кылып келатышат. Себеби, "Аксы окуясы" сыяктуу каргаша. Кыргызстандын аткаминерлеринин чакан тобунун кыргыз эмес бүткүл адамзатка каршы жасаган мыкаачылыгы кайталанып, адам канын агызган мындай кылмыштуу иш Кыргызстандын дагы бир жеринде. кайсы бир мезгилде кайрадан жаралып кетиши да мүмкүн. Кудай анын бетин нары кылсын, анда ал каргаша мындан да кандуу, мындан да чыгашалуу масштабда кайталанышы ыктымал. Анткени "Аксы окуясы" кокусунан болгон окуя эмес, арамза бийликтин алкына жараша мыйзам ченемдүүлүккө айланып кеткен жырткычтыктын кадыресе көрүнүшү. Ал акыры барып, "Боспиек" деген жерде, өзүнүн чыныгы жүзүн ачыкка чыгарып отурат.

Урматтуу мекендештер!

Мен, ушул трибунадан башымды ийип, өз мамлекетинин адамгерчилик касиети апат болгон желдеттеринин огунан шейит болгон кыргыздын кырчындай жаш жигиттеринин аттарын дагы бир жолу кайталап коюуну туура көрүп олтурам. Алар;

1. Үркүмбаев Сатимбай, 1957-жылы туулган, 2002-жылы 17-мартта Боспиек айылынын жанындагы чоң жолдо атылып өлтүрүлгөн. (Бейиши болгур Сатимбай өзү өлөр-өлгөнчө"Мени тапанча менен Баймурат атты" - деп кан жөткүрүп жатып жанындагыларга кайра-кайра айтканы "мен аксылыкмын" - дегендин бакисине белгилүү болсо дагы, эмнегедир тергөө ошол кездеги улуттук коопсуздук кызматынын райондук бөлүмүнүн начальниги Абдразаков Баймуратка каршы эч кандай кылмыш ишин козгогон эмес).
2. Сапаралиев Кадыркул, 1965-жылы туулган, 2002-жылы 17-мартта Боспиек айылынын жанындагы чоң жолдо атылып өлтүрүлгөн.
3. Четимбаев Эркиналы, 1971-жылы туулган, 2002-жылы 17-мартта Боспиек айылынын жанындагы чон жолдо атылып өлтүрүлгөн.
4. Тагаев Советбек, 1977-жылы туулган, 2002-жылы Боспиек айылынын жанындагы чоң жолдо атылып өлтүрүлгөн.

Шейит болгон бул жигиттердин аты-жөнү кыргыз коомчулугуна мурдатан бери эле белгилүү. Эми, ошол эле күндөрү киши колдуу болуп мүрт кеткен дагы эки жарандын атын атоого уруксат кылыңыздар. Расмий бийлик, эмнегедир алиге дейре алардын атын атаганга батына албай келатат.

Алар:

5. Үмөталиев Элдияр, 18-мартта көчөдө жөн жай кетип бараткан бул өспүрүм бала генерал-прокурор К. Абдиевдин көзөмөлүндөгү Кербен кыштагында генерал-милицнонер К. Садиев жетектеген күч органдарынын кызматкерлери тарабынан атылып өлтүрүлгөн. Кырдаал коогаландуу болуп турган маалда эч нерсеге түшүнбөй, бейтааныш каруу-жаракчандардан үрөйү учуп, качып жөнөгөн айылдык мектеп окуучусун УАЗик машинасын айдаган маскачан милийсалар райондун борборунун көчөсүнөн-көчөсүнө өткөзө кууп, аң уулагандай артынан сая түшүп, акыры атын салып, көңүлдөрү тынчыган.
6. Бекмуратов Медетбек - 2002-жылдын 19-мартында Аксы районунун укук коргоо органдарынын мыкаачылары тарабынан сабалып өлтүрүлгөн.

Билген-көргөндөрдүн айтуусуна караганда ал Премьер-министр Аксыга жөнөткөн "тайфунчулардын", а балким "буранчылардын" акылга сыйбай

турган мыкаачы буйругун аткаруудан баш тарткандыгы үчүн өлтүрүлгөн. Себеби милициядан чыккан жырткычтар өздөрү кылган кылмышты республиканын коомчулугу билип калышынан коркуп, өз колдору менен жасаган мыкаачылыктарын жаап-жашыруу үчүн, буга тиешеси жок жаш жигиттерди кармап алып, алардын колдору менен өлгөн адамдардын жаратын "жамап, жаскап" кийин сот маалымда милициянын пайдасына "далил" боло турган, ок тийбестен темир менен чаап' салгандай түргө келтирип, долөнгүттөр жасаган кылмышты карапайым адамдарга түртө салуу далалатын кылышкан. Аны үчүн өлгөн адамдардын ок тийген жерлерин арматура менен чукуп кенейтүүгө, милиционерлер тартип бузду деп көчөдөн кармап алган, жаш балдарды мажбурлашып, өлүктөрдүн жараат тактарын өзгөртүү жандалбасында таш менен жанчып, мокок бычак менен кескилеп же темир-тезек менен бети-башынын балжа-булжасын чыгара чабышын талап кылышкан. Айтмакчы, өлүккананын кызматкерлери ушундай адам дити барбас ишти жасоодон баш тартышкан... Ал эми М. Бекмуратов болсо дал ушундай буйрукту аткарбагандыгы үчүн таяк жеп жатып жан берген.

Илгери жырткычтыгы менен бүткүл дүйнөгө таанымал фашисттик Германиянын канкор гестапочулары дагы өз өлкөсүнүн атуулу эмес, душманынын өлүгүн мынчалык мазактап, ок тийген жерин арматура менен чукуч-кеңсейтип, кулагын кесип, тишин кагып салган жырткычтыкка барган эмес экен. Биз, XXI кылымдын башталышындагы мамлекеттик кызматта жүргөн кыргыздар ошону жасабадыкпы. Антип, өзөктөшүнүн өлүгүн кордогон эбегейсиз наадандык бизден башка эч жерде. Эч бир элде болбоптур. Анан ушунун баарын өз кулагы менен угуп, өз козу менен көргөн шейит болгондордун ата-эне, тууган-уруктарын - "Болбодубу эмне өлгөн балдарыңдын кунун армансыз алдыңар го" - деп омуроологон омурткан сынгырларга айтаарым, дөгүрсүбөгүлө! Мындайдын куну кан, Адам өмүрүн акча менен ченеймин деп Ата-Бабанын арбагы уруп, кылымдын каргышына калып бир ууч мансапкордун кесепети жумурай журтка тийип кара көзүбүздү кашайтпаса эле болгону...

Ошону үчүн ушул буурул жер бетинин кыргыздын шыбагасына тийген алакандай бөлүгүндө болуп өткөн мындай мыкаачылыкка азыр ар кимибиз өз мамилебизди билгизе албасак, баарыбызды, жанагы, жаштайында жайраган жигиттердин убалы деле уктата койбоос...

Өзүнөр байкап тургандай, урматтуу депутаттар, М. Бекмуратов менен Э. Үмөталиевдин ажалынан мурда окко учушу, Премьер-министр

К. С. Бакиев "Тайфун" жана "Буран" операцияларын аракетке киргизген токтомго кол коюп, Жалал-Абад облусунун укук коргоо органдарынын оперативдүү штабынын жетекчилигине генерал К. Садиевди дайындап, ага облустук жана райондордун мамлекеттик администрацияларынын жетекчилерин түздөн-түз баш ийдирип, анын айтканын-айткандай так аткарууга милдеттендирген чечим чыгарып, ал иш-аракетте Кыргыз Республикасынын мыйзамдары так сакталышын көзөмөлдөө үчүн генералдык прокурордун орун басары К. Абдиевди Аксыга жөнөткөндөн кийин болуп атпайбы... Э. Үмөталиевдин өлтүрүлүшү эмне болуп калыптыр, башка тестиер балдарга дагы ок жаңылып, кыйласы токмок жеп (8-класстын окуучусу Шүкүрүлла Байматов, 11-класстын окучусу Санжар Кутманов), бардыгы болуп, ал күндөрү Аксы районунун 50гө жакын адамы ар кандай деңгээлдеги жаракат алган.

Менде, укук коргоо органдарынын кызматкерлери жаш жигиттер менен өспүрүм балдарды эстен танганча уруп-сабап, жыгылып калгандарынын үстүнө чака-чака муздак суу жаба чачып, эсине келтирип алып, өз ойорундагыны аткартып, "айыбын" мойнуна алмайынча кайра-кайра сабай бергени тууралуу ошо жабыр тарткандар жазып берген түшүнүк каттар менен видеотасмага тартылып алынган эпизоддор алиге дейре сакталуу турат. Негедир прокуратура органдары бул кылмыштарга эч кандай иш козгогон эмес, же кандайдыр бир болбогон шылтоолор менен аны жаапжашырып, эч кимге билгизбей күм-жам кылып салышкан. Баш прокуратуранын тергөө тобундагылар үчүн бул эмне. Кылмыш эмеспи? Же болбосо, бир эле күндүн аралыгында аксылык 20га жакын адам алмадан жыгышып ар кандай жаракат алганын билдирип, "өз ыктыяры" менен жазып берген түшүнүк каттарынын фактысы боюнча кылмыш иши козголмок тургай, кызыкчылык үчүн болсо дагы иликтөөгө да алынган эмес. Март айынын орто ченинде Аксы тарапта алма багы гүлдөмөк түгүл, бүрдөбойт экен. Анда неге караламан көпчүлүк жапатырмак алма дарагынын башына тырмышып чыгып алып, кайра топ-топ эгип жыгылып түшүп; бири колун сындырып, экинчиси бетин тыттырып, үчүнчүсү көзүн же башка жерин чукутуп. ар түркүн жаракат алгыдай аксылыктарга, ошо жылы, ошо күнү жин тийди беле? Балким, алар милиция кызматкерлери уруп-согуп, денелерине зыян келтирген эместигин далилдеш үчүн "20га жакын адам жапатырмак алма дарагына чыгып, кайрадан жабыла жерге кулап түшүп, жаракат алган" дегендердики чын болуп жүрбосун? Билбейм. Билгеним борбордон келген генерал-прокурор К. Абдиев, генерал-милиционер К. Садиев Жаңы-Жолдун жагдайы менен таанып

эместигинен кол алдындагыларга "аксылыктар алмадан кулап түштү кылып, кутулгула!" - деп буйрук беришти деп деле коёлу, ал эми 20га жакын аксылыктан "мага милиция катылган жок. Алмадан жыгылып ушинтип калдым" деген түшүнүк катжаздырып алган жергиликтүү милициянын капитаны Ниязматовду кайсыл "кара теке" сүзгөнү тергөөчүлөргө да бизге да белгисиз бойдон келатат.

Урматтуу Эльмурза Сатыбалдиевич!

Жок дегенде ошол капитандын тебетейин тескери кийгизе сүзгөн "кара текени" мага кармап берсеңиз, бир энесин үч коргондон көргөзүп коёюн дедим эле...

Баса, милиция өзүн-өзү кантип коргой ала тургандыгы тууралуу дагы азыноолак айта кетейин. "2002-жылы "Тайфун" жана "Буран" пландары кантип аракетке келтирилди эле? – деген менин депутаттык суроо-талабыма 19.07.2007-жылы Республиканын азыркы ички иштер министри Б.Ногойбаевдин колу коюлган расмий жооп келген. Ал минтип жазат. "Сиздин сурооңуз боюнча төмөндөгүлөрдү билдирем. 2002-жылы Кыргыз Республикасынын Ички Иштер министрлиги 'Тайфун" жана "Буран" пландарын аракетке келтирген эмес. Мындан сырткары 2002-жылы 'Тайфун жана Буран пландары КР ИИМ нин коомдук коопсуздук Башкармалыгынын 2002-жылдын 13-майдагы №1-33-актысы менен жок кылынган. Анын ордуна ИИМдин коомдук коопсуздук Башкармалыгы тарабынан "Шит" деген жаңы план иштелип чыгып, бекитилген. Андай пландар ар жылы жаңыланып. зскилери жок кылынып турат..."

Эми, урматтуу депутаттар. менин ошондон эле суроомо 2007-жылдын 19-июлунда Республиканын Премьер-министринин аппаратынын жетекчисинин азыркы орун басары М. Сатыбековдун колу коюлган расмий жооп келген. Ал мына: "Сиздин суроонузга ылайык 2002-жылы 17-мартта Премьер-министр өткөргөн чогулуштун № 31-23 Протоколунун көчүрмөсүн жибердик. Ал чогулушта "Жалал-Абад облусунун Аксы районундагы элдик пункттардагы оперативдик абалдын татаалданыш" маселеси каралган.

Ошондо, Премьер-министр К. Бакиевдин өз колу коюлган токтомдо мындай көрсөтмө жазылыпгыр. Анын бир нече пунктарын окуп берейин:

"1. Аксы районунда жаралган кооптуу абалды жакшыртуу үчүн укук коргоо органдарынын өкүлдөрүнөн оперативдүү штаб түзүлсүн, Кыргыз Республикасынын ички иштер министри:

- "Тайфун" (массалык башаламандыкты жөнгө салуу) жана "Буран" (административдик имараттарды коргоо) пландарын аракетке келтирсин;

окуя болгон жерге жагдай талап кылганга жараша, маселе чечүүгө жөндөмдүү (керектүү санда) милициянын атайын таншырма аткара турган күжүрмөн отряды жиберилсин.

Эми урматтуу депутаттар, дагы бир үчүнчү расмий жоопко көңүл буруп койгула. Аны 2002-жылдын 4-апрелинде Республиканын мурдагы ички иштер министри - Т. Акматалиев 1-1029 номери менен Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Мыйзам Чыгаруу жыйынынына жибериптир. Мурдагы министр ал катында... "Республиканын Ички Иштер министри 2002-жылдын 17-мартында 03-номер менен; "Жалал-Абад областындагы массалык баш- аламандыкты жөнгө салуу боюнча" - деген буйрук чыгарып, Өлкөнүн Премьер-министринде өткөн кеңешменин 2002-жылдын 17-мартындагы 31-23 номерлүү токтомуна жараша Республиканын ички иштер кызматынын өзгөчө отряды, Ички Аскер күчтөрүнүн катышуусу менен, "Тайфун" жана Буран операциясын ишке киргизүү үчүн Жалал-Абад областына милициянын генерал-майору К. Садиев командировкага жиберилди. Генерал Садиев Жалал-Абад областынын жана Аксы районун укук коргоо жана күч органдарынын штабынын жетекчиси болуп дайындалып Аксы районундагы башаламандыкты жөнгө салуу үчүн ал аймака (А.Абдыгапаров айткандай дары-дармек, азык-түлүк эмес, Автор.) 506 автомат, 193 тапанча жана баш-аламандыкты басканга жетиштүү өлчөмдөгү ок-дары, Ички иштер кызматынын өзгочө отрядынын жана Ички Аскер күчтөрүнүн 1521 кызматкери жөнөтүлдү. Буга дейре Жалал- Абад областынын милиция кызматкерлеринин карамагында 50 даана ок өтпөс кемсел, 270 резина таяк, 330 даана калканы болгон"...

О, эзели жамандык көрбөгүр азыркы кыргыздын мыктычыкмалары, өзүңөр бардык Өкмөттүк маалымат каражаттарында билдиргендей пикетке чыккан 200 гө жакын аксылыктарга каршы ушунча көп каруужарак менен куралданган дөлөңгүт жөнөткүдөй кара башынарга эмне күч келди эле? Отузга жакын сакалчан мамлекеттик чек араны бузуп Баткенге кирип келип, айыл-кыштактардын чаң-тополонун чыгарганда булардын бакиси каякта жүргөн? Же чындап эле "менин милициям үйдө баатыр, жоодо жок милициябы?"

Эми булардын баарынан кызык дагы бир төртүнчү расмий документ: Бул Жалал-Абад областынын Ички Иштер башкармасынын начальниги К. Токобаевдин, Премьер-министр менен министрдин буйругун күтүп отурбай 2002-жылдын 15-мартында эле - "Тайфун", "Буран" операциясы аракетке киргизилсин" деген өзүнүн буйругу. К.Токобаев, 17-март күнү

Кербен тарапка тынч бараткан элди куралчан тостурганы мына ошо өз буйругуна жараша болгону калпы?

Мунун далилин Баш Прокуратуранын кылмыш ишинин 1-приложениясынын 5,6 бетинен табууга болот. Мына сага! Оң колунун жасаганын сол колу билбеген мамлекет болбосоң коё кал!

Бул жерде, урматтуу депутаттар, кан кызытып сөгүнүп-сөздөнүп, кимгедир бирдекени түшүндүрүп отуруунун кажети жок болсо керек деп ойлоймун. Эгерде Б. Ногойбаев мырзанын бүгүнкү катындагы 2002-жылы "Тайфун" жана "Буран" пландары аракетке келтирилген эмес дегенине ишенели десек, анда 2002-жылы 17.18.19 март күндерүндө Аксыда ким "массалык баш аламандыктарды жөнгө салды"? Ким "административдик имараттарды коргоду"? Анда 17-марттан 18-мартка караган түндө жана 19-март күнү аксылыктарды ким кубалап жүрүп атып өлтүрүп, жарадар кылып, ким уруп-согуп, токмоктоп, кыйноого салып сурак жүргүздү? Деги булардын баарын ким жасады? Б. Ногойбаевдин айтканына абай салсак, анда аксылыктар "жылкы теппей, жылаан чакпай", бирин бири жыга чаап, өз балдарын өзүлөрү өлтүрө атып салышкандай түрү бар. Андай болсо, ал кездеги ички ишгер министри Т. Акматалиев Премьер-министр К. Бакиевдин; "Тайфун" жана "Буран" пландары "аракте келтирилсин!" - деген чечимин аткарбай коюуга акысы бар беле деген мыйзам ченемдүү суроо туулат. Балким, өзүнүн түздөн-түз жетекчиси Премьер-министрдин буйругун аткарбай койгон терсаяк министр өз учурунда кандайдыр бир жазага тартылгандыгы тууралу расмий маалымат бардыр? Бар болсо бизге дагы билгизип коюшса сонун болоор эле.

Кечөө жакында эле Президент К. Бакиевдин дагы бир жаны жандоочусу А. Абдугапаров деген мырза А. Акаевдин заманында жасап жүргөн адатын карматып, жаңы кожоюнун жата калып да, тура калып да жактап жатып, жумурай журтка такталбаган маалымыт таратып, Президенттин ансыздагы агара албай жаткан аброюна көлөкө түшүрүп, өлгөндүн үстүнө көмгөн кылганын айтпай койсом деле болот эле. Бирок, 2007-жылдын 24-августунда МСН газетасында жарык көргөн маегинде А. Абдугапаров мырза; 2002-жылдын 17-мартында өкмөт үйүндө болгон жыйындын токтому каргаша болуп өткөндөн кийин жазылып, Премьер-министр Бакиев мырза дагы кийин, (задним числом) кол койгон" деп кожоюндун кирпигине кир жугузбаштын аракетин кылып далбас уруп жүрүп, кимдир-бирөөнүн, "чыпагын тазалаймын деп, көзүн чукуп алган кемчентойдун жоругуна окшош иш кылганын кантип айтпай коё алам?

Абибилла мырза, сиз аз жерден Республиканын баш прокурору

болбой калган абдан тажрыйбалуу юрист элениз го... Же К. Бакиевдин беделин ылдыйлатыш үчүн, атайылап, ушинтип жатасызбы? Мен сизге жакшы түшүнө албай турам. .

Артында апат болгон адам өмүрлөрү, кан төгүлгөн каргашасы бар, болочокто козголо турган кылмыш ишинде кылдат иликтене турган мамлекеттик маанилүү документ турган, жөнжай эле күнүмдүк иш кагазына деле (задним числом) кол коюп, түзөтүү киргизүүгө таптакыр болбой турганын билчү эмес белениз?.

Анткен К. Байболовдун Кылмыш Кодексинде "служебный подлог", делинип, кыргызчага "Кызматка арамзалык" деп которулат экен. Мындай жорук ким тарапган болбосун кызмат кагазына карасанатайлык менен түзөтүү киргизгендик катары бааланып, Кылмыш кодексинин 315-беренесине ..."Иш кагазына жаман ниет менен ондоо киргизип, (задним числом) кол койгон мамлекеттик кызмат даражасы өтө бийик же орто кызматкер экенине карабай ошол киргизген түзөтүүлөрү документтин мазмунун өзгөртүп, же кимдир- бирөөнүн кызыкчылыгын көздөгөнгө багытталып калса...

...Эң аз айлыктын жүздөн эки жүз эсеге чейинки суммасындагы айып төлөм, же үч жылга дейре мамлекеттик жооптуу кызматта иштегенге тыюу салынып, же болбосо эки жылга эркинен ажыратылат" - деп жазылып турат.

Урматтуу Абдыгапаров мырза, мурдагы Прсмьер-министрдин: мамлекеттин кызмат кагазына арамзалык жасаганын 10.000 нускалуу газета аркылуу жарыя кылып, өзүңүз далилдеп, чыккандан кийин кылмыш кодексинин 315-беренесинде каралган үч айыптын кайсынысын К. Бакиевдин мойнуна салдырарды өзүңүзгө койдум, алиги, биздин балалыгыбыздын ырындагы "Боосу сенде ал катынган жүгөндүн" дегендей эми ак - десеңиз да, кок десеңиз да менин сизде чатагым жок.

Кагылайын журт, мына ушулардан кийин учурдагы кыргыздын мыкты чыкмаларынын кимисине ишенеримди дагы билбей калдым.

Өлкө бийлигинде абройлуу-абройлуу орундарды ээлеп отурган аттуу-баштуу чиновниктер жапатырмак жалганчылыкты саясатка айлантып алып, каратып туруп калп айтканын угуп отуруп, тим эле кара жанындан түңүлүп кетесиң.

Жетишеттир эми, мырзалар. Бардык нерсенин чеги болот башканы айтпай эле коёюн силер жадегенде, таптакыр болгон эмес десем аша чабаттырмын кылым карытып айтылып келаткан, кыргызча "калп" айтуунун дагы кадырын кетирип, ышпалдасын чыгара турган болдуңар го кысталактар.

Милийсасы жалганчы, прокурору алдамчы, соту алардан өткөн шыпыр, ал турган Премьер-министри дагы жалганчылыктан жалтанбаган, калп айткандан кайра тартпаган "казаны кайнабастын" өлкөсүнө айланып баратабызбы деги?...

"Элдин баары калп айтып атса, менин алардан эмнем кем эле?" дедиби, айтор экс-президент Акаев да эл көзүнө өзүн апаптак көрсөтүп, актанып алуу үчүн кыргыз элине кайра-кайра кайрылуу жөнөтүп, Аксыда тынч келаткан элге МВД нын желдеттерин ок чыгарган маалда өзүнүн журт сыртында жүргөнүн айтып, ал каргашада кенедей дагы айыбы жок экенин далилдөөнүн аракетинде. Экс президент мырза көнгөн адатынча бирде кыйдыланып, бирде ми- таамданып, ачыгын айтканда, алиге дейре арамзаланын жүрүп, мекендештеринин башын айлантчу "Кыргызбашылыктан" эбак түшүп, Ата Журтунан куулуп кеткенин унутуп калган окшобойбу. 2002-жылдын январь айында, Аксыдагы кандуу окуянын "увертюрасы" ойноло баштаган учурда ал кыргыз "Акүйүнүн" жетинчи кабатында, жылуу-жумшак кабинетинде, өз ордунда эле отурбады беле? Ошол кезде ал бир эле ишаарат же бир ооз сөз менен депутат А.Бекназаровдун айланасында башталган жасалма жанжалдын акыры кан төгүү менен бүтөөрү белгилүү боло баштаганда ыйкы-тыйкыны токтотуп койсо болот беле? Албетте болмок. Ал турсун, "Боспиектеги атуудан" эки ай мурунураак Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин Мыйзам Чыгаруучу жыйынынын депутаттары - "Аксы элнинин башына алаамат салганды токтотуу керек" — деп талап койгон кайрылуу катына канаатандыраарлык жооп берип, иш тутканга толук мүмкүнчүлүгү бар болуучу. Акаев анткен жок, тескернсинче, ал өз үйүндө. өз мамлекетинде бейпилдик болушун каалабагандай түр менен дулдуюп отуруп алып, бирин-бири түшүнгүсү келбей тирешип турган тараптардын ыйкы-тыйкысынын күчөшүнө өбөлгө түзүп, кандуу кагылышуунун саатын жакындата берди.

Анан, каргаша чыккандан кийнн деле, анын чыгышына тиешеси бар жан-жөкөрлөрүн адилеттүүлүк менен жазалоонун ордуна аларды жоопкерчиликтен куткарып кетүү үчүн мүмкүн болгон, ал турсун мүмкүн эмес аракеттерден өйдө жасап, армансыз кытмырланды. Анын мындай арамза оюу бар экенин өлкөдөгү өтө маанилүү орган болгон коопсуздук кенешинин 2 айдан кийин гана чакырылышы эле далилдеп турат. Аксы окуясынын оту тутанган күндүн эртеси эле коопсуздук Кенешин чукул чогултуп, тынч келаткан карапайым калкка ок чыгаруу фактысы боюнча тиешелүү жыйынтык чыгарууну талап кылышы керек эле. Анын ордуна,

эки айдан кийин чакырылган коопсуздук кенешинин жыйынында оозунан көбүк чыкканча өзүн-өзү актаган, бирин-бири жактаган, ал аз келгенсип, Акаевди мактаган сөздөр гана угулуп турду. Акыр аягында окуянын башкы айыпкерлеринин бири да жазаланбастан, кызмат орундарын узун-туурасынан алмашуу менен гана чектелди. Ошондо гана биз, карапайым калк бийликтин бийик тепкичиндеги ойрондордун коррупциянын сазына малынып, авторитаризмдин баткагына батып калганына ынандык.

Кыргызстандын эле эмес, дүйнө коомчулугу өлкөбүздө болуп жаткан окуяны (коопсуздук кенешинин ал жыйынынын видеоматериалы менде алигиче сакталуу) өз көзү менен көрүп, өз кулактары менен угуп, республиканын жогорку кызматтарын ээлеген адамдарынын буркулдаган "букалыгына", арамзалана ойт берген "түлкүлүгүнө" бир эсе танданып, бир эсе кыжырланганын жашырган жок. Утур-утур ыйлап жиберчүдөй болуп балбалактаган Акаев өзү шакирттерин "алдап-соолап" болсо да коомчулуктун "мораль" деген абстраттуу түйшөмөл түшүнүгүн канааттандыруу үчүн, "убактылуу" отставкага кетүүгө үгүттөп жатты. Бирок, кожоюндун эмнени каалап жатканын көпчүлүк жан-жөкөрлөрү түшүнө албай коюшту. Ошол кезде алардын тунжураган жүзүнөн "биз баарын эле озү айткандай жасабадыкпы, эми буга дагы эмне керек?" деген ойду окуса болор эле. А. Акаев менен О. Ибраимов экөөлөп мурдараак кайсыдыр бир "макулдашуу" ич ара "келишүү" болгонун коопсуздук жыйынынын жүрүшүндө үзөнгүлөштөрүнө этият эскертип, улам нарылаган сайын ачык айтып, Президенттин администрация жетекчиси менен Премьер-министрдин оозунан элдин баары күткөн "отставка" деген сөздү угуунун аракетин канча жасабасын, бул "сыйкыр" сөз, чагымда тамагына сөөк тыгылып калган сыяктанып (мага эле эмес баарлык телекөрүүчүлөргө деле ошондой сезилген окшойт), алардын оозунан, таптакыр бери чыкпай койду.

Министр Т. Акматалиев менен генпрокурор Ч. Абышкаев экөө гана айлалары түгөнгөндө ооз учунан болсо дагы отставка сурамыш болушту. Ал эми калгандары, анын ичинде К. Бакиев да, сөз төркүнүн түшүнбөгөн ойноо баладан бетер ийиндерин улам куушурганы эле болбосо, "лям" - дегенге кайраты жеткен жок. Кээ бирөөлөрү. ошол күнкү жыйындын жөнжайына деги эле жарашпаганына карабай, кыргыздын "сүйүктүү" жана "тендешсиз" президенти А. Акаевдин мартабасын бир сыйра мактап жибергенге дагы үлгүрдү. Алардын арасында К. Бакиев дагы бар эле.

Кийин, жыйындын аягында "Кыргызбашы" алардын ар бирине сөөмөй кезеп, кызматтан кетүүсүн катуу талап кылганда гана

Президенттин администрация жетекчиси А. Карышкулов менен Премьер-министр К. Бакиев кызматтан кетүүгө аргасыз болушкан. Мейли, "кетели" деген арызын 2002-жылдын 22-майынын 23-майына караган түнүндө гана көпчүлүктүн көзүнчө эмес өздөрүнчө калганда жазып берип, анткен себептерин:.. Аксы районундагы каргашалуу окуяга байланыштуу..." деп гана чиймелей салышкан. Атаны кокуй арман күн ае, эгерде силердин андай оюнар бар экен каргаша болгон күндүн эртеси эле арызыңарды жазып кызматтан кетип калсанар, бүгүн мен силердин эң башкы коргоочунар болбойт белем. Силер өз арызыңарды 22-майдын 23-майга караган түнүндө өз эркиңер менен эмес (муну далилдеген, монтаждалбаган видеотасма менде сакталып турат го), Коопсуздук Кенешинин отурумунан кийин жазууга мажбур болуп жатпайсыңарбы... Ооба, "отставкага кетирүү" арызын жазып бердиңер, бирок, бийликтин биринчи, экинчи, үчүнчү тепкичтерин ээлеп отурган бир да биребүн болуп өткөн окуяга өзүңөрдүн моралдык жоопкерчилигиңер бар экендиги тууралу бир ооз сөз жазып койгонго жарабапсыңар.

Урматтуу мамлекеттик ишмер мырзалар, силердин ушунчалык аргасыз күнкорлугуңарга азыр мен уялып олтурам...

Ооба, видео тасмадан көрүнүп тургандай, мурдагы Премьер-министр К. Бакиев отставкага өз эркы менен кеткен эмес. Аны мурдагы Президент А. Акаев ары түртүп, бери түртүп, зордоп атып араң кетирген. Ага карабай К. Бакиев 2002 жылы 1-ноябрында"Моястолица"гезитине берген интервьюсунда: келечекте калпычылыгы кармалып каларын ойлобой туруп: "...бул окуя. мен кыргыз өкмөтүн жетектеп турганда болгондуктан, мен өзүмүн бул ишке тиешем жоктугуна карабай, отставкага кеттим. Ал эми бул окуянын жара- лышына тиешеси бар, себепкер адамдар алигиче жетекчи кызматтарды ээлеп келатышканы, алардын уят-сыйытынын, ар-намысынын иши..."

Мен сизди аябай түшүнүп турам, урматтуу Курманбек Салиевич, Аксы окуясы сизди канчалык далбас урсаныз да тырмышып чыгып кете албай турган капкараңгы туңгуюкка алпарып такап салыптыр. Чынын айтканда, мындайы да жаман, андайы деле чеке жылытпаган жагымсыз абалда калыпсыз. Бирок Сиз өкүрүп-бакырып минген атын сүрөп көкбөрү тартып келаткан каны суюк шаа мурут улакчы жигит эмессиз да, акылы жетик, элге төбөсү көрүнгөн мамлекеттик ишмер, канткен күндө да өлкодогу экинчи адам, Өкмөт башчысы катары, кожоюнуңуз адатынча кыптылдаган күндө да бардык бийликти өз колунузга алып, карамагыныздагы кызматкерлер мыйзамдардын так аткарылышын камсыз

кылышына жетишүү менен эле чектелип калбастан, жөө тумандай каптап келаткан каргашаны Ата-Журтубуздан оолактатып кетүүгө толук мүмкүнчүлүгүңүз бар эле да. Ошол кыйын тарыхый мезгилде сиз кылмыштуу режимге эмес, өз элиңиздин тагдырына жан кейитишиңиз парз эле... Ооба, башка айла жоктой көрүнгөнү ырас, бирок өзүңүздүн атуулдук позицияңызды жумурай-журтка билдирүү менен арнамысыңызды гана эмес, мамлекетиңизди да каргашадан аман сактап калуу мүмкүнчүлүгү сизде толук болгон анда. Тилекке каршы, Сиз анте албадыңыз, "сүйүктүү ажонуздун" ыктыярынан чыга албай, кызмат креслосуна жармашкан коркок билиштин ишин жасап, кыңк этпей туруп бердиңиз.

Ооба, Сиз "бул окуяларга түздөн-түз тиешем жок" деп атасыз. Андай болсо өлкөнүн Конституциясында так көрсөтүлгөн ыйгарымдуу жоопкерчилигиңизди кантебиз? Конституциянын 73-статьясында: "Кыргыз Республикасынын Өкмөтү, Конституцияда Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Жогорку Кеңешинин компетенциясына берилген укуктардан башка мамлекеттик башкаруунун баардык маселелерин өзү чечет" деп жазылып турбайбы...

Же;

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү:

1) Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жана мыйзамдарынын, Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Премьер-министринин нормативдик мыйзам актыларынын аткарылышын: мамлекеттин ички жана тышкы саясатын ишке ашырууну камсыз кылат:

2) Мыйзамдуулукту, жарандардын укуктары менен эркиндигин камсыз кылуу коомдук тартипти сактоо, кылмыштуулукка каршы күрөшүү боюнча аракеттерди ишке ашырат.

Өлкөнүн Конституциясынын 52-статьясы (кандайдыр бир себептер менен) Президент өлкөдө жок маалда Кыргыз Республикасынын Премьер-министринин ыйгарым укуктарынын зоболосу ого бетер өөдөлөнөт. Анда "...Кыргыз Республикасынын Президенти өзүнүн милдетин аткара албай калган учурларда... ал милдетти Кыргыз Республикасынын Премьер-министри аткарат" деп көрсөтүлүп турбайбы...

Анан да, урматтуу Курманбек Салиевич, А. Акаев "аксы каргашасы" маалында республикада болгон же болбогонуна карабай 2002-жылы 17-мартында өткөрүлгөн Өкмөттүк жыйында, "Тайфун" жана "Буран" пландарын аракетке киргизүү боюнча токтомго Сиз кол коюп отурбайсызбы. Эми, аны кантебиз? Сиз өз каалоонуз боюнча отставкага

кеткенинизди эле айтып келатасыз. Коопсуздук кеңешинин отурумунда сиз өз эркиниз менен отставкага кетишиңизди ал жыйындан жазылып калган видеотасма төгүнгө чыгарып атканын кантебиз? Анда, урматтуу мекендештер, деги чындык деген кайда?! Эмне үчүн биздин мамлекеттин жетекчилери ушунчалык уятсыздыкка малынып, бири-бирине, жумурай-журтуна, ыгы келсе да, келбеее да онду-солду калп айта беришет?

Алардын жалган айтмай "адаты" Аксы коогалаңы болуп жаткан күндөрү өзгөчө орокоё түшөдүбү. Мисалы, 2002-жылдын 18-мартында Кыргыз Республикасынын Ички иштер министри Т. Акматалиев менен өлкөнүн баш прокурору Ч. Абышкаев Жогорку Кеңештин Мыйзам чыгаруу жыйынынын отурумуна келишип, региондо түзүлгөн абал боюнча элге, коомчулукка объективдүү чындыкты айтуунун ордуна милиционерлерге "жамгырдай жааган" таш, прокурордун башын балжа-булжа кылган темир арматура, мергенчинин мылтыгы менен райондун акимин "атакалаган" мас адамдар (кийинки тергөө иштери аның баары жалган экенин далилдеди) жөнүндө укмуштуудай дезинформация, ушак-айыи таратышты.

Кыргызстан Кылмыш кодексинин беренелерине, ал турсун Т.Акматалиевдин 2002-жылдын 18-мартында Жогорку Кеңештин Мыйзам Чыгаруу Жыйынында айткан жеке пикирине жараша, жалган маалымат таркатуунун кесепети тийип аягы адам өмүрүнүн кыйылышы менен бүткөн каргаша чыгарганы үчүн булар сөзсүз жоопко тартылышы керек). Ошондо бул эки мырза эң биринчи кезекте, куралсыз келе жаткан элге каршы ок чыгарып каруу-жарак колдонулган фактысы" боюнча кылмыш ишин козгоону камсыз кылса болмок. Бирок, тилекке каршы бул мырзалар аны жасашкан жок.

Дал ошондуктан, бүгүн мен республиканын укук коргоо, прокуратура, сот органдарынын мыктычыкмаларына учурап калсам итиркейим келе түшөөрүн жашырбайм. Алар ошондой опурталдуу кырдаалда өздөрүнүн эң башкы милдети: - укук мейкиндигинде акыйкаттыкты сактай турган чечкиндүү кадам таштай алышкан эмес. Андай кадам жасоого аракет жасалганда да өтө оркойгон катачылыктарга, кылмыш фактыларын өз каалоосундай калчаган тергөөчүлөр менен прокурорлор жалаң күнөөсүз адамдарды камакка алып, каргашанын чыныгы себепкерлерин А. Акаевдин колуна салып берип, кожоюн аларды министрлик же андан да бийик орундарга отургузганын натыйжасында өлкөдө "бузук телефон" оюну күчөп, бийлик бирди айтып, коомчулук башкача угуп, Чындыкка жакындабаган уу-дуу ого бетер күчөгөн.

Мындай "бузук телефон" оюну. бүткүл Кыргызстанды кимдир бирөөнү ачкычы жок автомашинанын моторун от алдырууга, же аны алдыңкы же арткы дөңгөлөктөрү жок өйдө-төмөн айдоого мажбурлаган-дан айырмасы жок, "кыйшык" кырдаалга дуушар кылды. Мына ушундан улам, мен Аксы капсалаңынын бардык материалдарын чогултуп туруп кайсыдыр бир эл аралык аскер трибуналына өткөзүп бергенден башка натыйжалуу жолун таба алган жокмун. Чынында эле мен кыргыздын мындай маскара кылмышын, биздин "былык-чылык" оору, "түндүк-түштүк" кеселибизге чалдыга элек бөтөн эл, бөтөн жердин калыс адамдары, профессионал юристтери тергеп-тескеп, жыйынтык чыгарып бергенин туура көрүп турам.

Жаның жеп жалган маалымат тараткандардын тегерегиндеги дагы бир мисал. Ошол кездеги бийлик төбөлдөрү: "жаш милиционерлер коркуп кетип, каптап келаткан эл тарапка автомагтан ок чыгарып жиберишиптир" деп жанталашадыбы. Эми элестетип көрүңүздөрчү, элдин деминен үрөйү учкан жаш милиционерлер көпчүлүк тарапка автоматтан бир ирээт ок жаадырып өттү деп деле коёлу. Андан болсо автоматтан чыккан ок Боспектин жанындагы жол менен төрт-төрттөн сапка тизилип келаткан элдин эң алдыңкы катарындагы аялдар менен аксакалдарды чалгы чапкан чөптөй жыгып. кыйратып кетпейт белс?

Милициянын өздөрү тартып алган видеоматериалдардан ачык көрүнүп тургандай, бет маңдайдан атылган автоматтын огу эң алдыңкы катарларда келаткан чалдар менен кемпирлердин, келиндер менен кыздардын бир да бирине тиймек түгүл, денесин чийип өткөн эмес. Эмнегедир, ок бешинчи, алтынчы катарда келаткан жаш жигиттердин төшүнө же курсагына да тийбестен, так маңдайына тийип атпайбы... Демек атайылап, мээленип туруп атылган. Жашырынып жаткан киши аткыч "мергенчилердин" көзүнө ал жаш жигиттер кекиртегине чейин куралданган милициянын бир ротасына каршылык көрсөтсө тополоңун тоз кыла турган баатырлардай болуп көрүнгөндүр. Коркуп кеткен жаш милиционерлер, балким; автоматтарынан асманды көздөй ок чыгарышы деле мүмкүн, ал эми анын тарса-турс, ызы-чуусунан пайдаланып, алдын ала даярдалган, кишп аткыч мергенчилер солк этип койбостон: З. Кудайбергенов, Т. Акматалиев, А. Карыпкулов, О. Ибраимов өңдүү жана ошолорго окшогон атка минерлер менен алардын ко- жоюнунун каалаганын аткарып, кычуусун кандыра турган ишти жасашкан.

Албетте, бул жерде, карапайым калкты атууга даярдык көрүлүп жатканын мамлекеттин туткасы, бүткүл кыргыздын "раиси" А. Акаев

билгенби же жокпу деген суроо туулушу мүмкүн. Буга мен депутат Д. Садырбаев өзүмө тиешелүү инсандык жоопкерчилигим менен "билген" деп жооп бере алам. Ооба, А. Акаев баарын билген! Билмек турсун, андай иш аткарылуучу күн менен саатты чыдамсыздык менен күтүп отурган. Анткени ал кайда жүрбөсүн, качан болбо- сун, ыйгарым укугуна ылайык өлкөдөгү ар бир орчундуу, орчунсуз окуянын ийнесинен-жибине дейре кабардар болгон. Ал, 2002-жылдын 10-январынан 17-мартына чейинки, андан кийинки окуялардын жүрүшүнөн толук маалымат алып турган. Жакындап келаткан алаамат жөнүндө ага Жогорку Кеңештин Мыйзам чыгаруу жыйынынын айрым депутаттары, УККнын төрагасы К. Иманкулов түздөн-түз, республиканын баш прокурору Ч. Абышкаев коопсуз- дук кеңешинин катчысы М. Ашыркулов аркылуу. Жалала-Абад облусунун губернатору С. И. Урманаев Президенттин администрация жетекчиси А. Карыпкулов аркылуу. Жалал-Абад облусунун ИИБ начальниги К.Токобаев ИИМ министри Т. Акматалиев аркылуу үзгүлтүксүз билдиришип, кандай калайман болушу ыктымалдыгын кайра-кайра эскертип турушкан. Ушулардын баары документалдуу далилденген, жана баш прокуратуранын № 50-07-47 кылмыш ишинин папкесинде тиркелүү бойдон сакталып турат.

Булар аздык кылса, урматтуу депутаттар, анда менин депутат катары 2002-жылы 10-январында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Мыйзам Чыгаруу жыйынынын заседаниесинде өз коллегаларымдан, мамкатчы О. Ибраимовдон, коопсуздук Кеңешинин катчысы М. Ашыркуловдон кайра-кайра өтүнүп, мамлекет башчысы А. Акаевке менин: "Аксылыктарга болгон кысым токтотулсун, антпесеңер кан төгүлүп кетиши мүмкүн" деген кооп- тонуумду жеткирип коюуларын талап кылганым бар. (Ошондогу сөзүм Жогорку Кеңештин архивинде алиге дейре сакталуу.)

Угушкан жок. Атаганат десеңчи. Эгер ошондо кулак кагып коюшканда бүгүн мен "Аксы окуясына" кайра кайрылып, күнөөлүүлөрдү мыйзамдуу жазалоо талабын коюп, алыс-жакынга жаман көрүнгөндүн оордуна, Ата-Журттагы күнүмдүк турмуштун өтө зарыл башка проблемалары жөнүндө сүйлөйт болчуумун.

Эми урматтуу мекендештер. Аксы районунда тынч өтүп жаткан митингди атуугa даярдык көрүлүп жатканын мамлекет башчысы, жогорку кызматтагы адамдар билбей калышканы жөнүндогу айтылып жүргөн "жөө жомокко" эмне үчүн ишенбей турганымды дагы түшүндүрүп берейин... Анткени мындай иштер ааламдын бир дагы өлкөсүндө, деги эле таптакыр

эч кимге кадыры жок делинген мөртө-шөртө биринчи жетекчисинин дагы уруксатысыз жасалбайт. Ал билмейин, ал уруксат бермейин, эл эмне болуп калыптыр, там аркасында жайылып жүргөн тооктор тарапка токмок шилтенип, ок чыгарылбайт.

Мисалга, мындан 45 жыл илгери Новочеркасск шаарындагы тынч митингге кантип ок атылганы жөнүндө жакында "Совершенно не секретно" гезитине жарыяланган архивдик материалдан үзүндү окуп берейин. "...Кийинки күнү чогулган көп эл кызыл байрактарды, Лениндин сүрөттөрүн жана "эт, май, айлыкты жогорулатуу" боюнча чакырык-лозунгдарды көтөрүп, бйерге келишкен СССР компартиясынын Борбордук Комитетинин президиум мүчөлөрү Фрол Козлов, Анастас Микоян, Андрей Кириленко, Дмитрий По- лянский, БКнын катчылары Леонид Иличьев жана Александр Шелепиндер отурган Новочеркасск шаркомунун имаратын көздөй жөнөштү.

Демонстранцияга чыккандар жер-жерлерге тизилип коюлган милициянын, аскерлердин саптарын бузуп өтүшкөнүн укkан ошол мезгилдин партжетекчилери да кыргыз аткаминерлерине окшоп "коркуп" кетип аскер шаарчасына кире качышып, жоокерлердин далдаасына жашынышат. Ал аңгыча партжетекчиликтен «жана мамлекеттеги экинчи адам, дүйнөлүк масштабда деле жетишерлик деңгээлдеги таанымал саясий ишмер Ф. Р. Козлов өлкө башчысы Н. Хрущевдон "элге ок атууга" (телефон аркылуу) уруксат алган соң гана митингчилердин канын төгүүгө макулдук берген... Кызыгы бул жерде да милиционерлер менен жаш жоокерлер асманды карай ок чыгарып, көп кабаттуу үйлөрдүн үстүнө жашырынган киши аткыч мер гендер митингге чыккан жигиттерди чекеге атышкан...

Босписктe да ушундай болду. Кыргызстандагы кан төгүүнүн Новочеркас-киден айырмасы, күн мурунтан координациялык жана оперативдүү штабдар түзүлүп, кекиртегине чейин куралданган укук коргоо орган-дарынын кызматкерлеринин өзүлөрү демонстранттардын алдын торой тосуп чыккан. Андыктан, Босписктеги элге ок атуу буйругун, кожоюндан уруксатсыз Жалал-Абад облусунун ИИБ начальниги, жанагы, К. Токобаев деген неме эмес, кылымга тете жашап отко салса күйбөгөн, сууга салса акпаган Анастас Микояндын өзү болсо дагы да бере алмак эмес.

Урматтуу мекендештер, аксыдагы кайгылуу окуяда А. Акаевдин гана эмес, анын айланасындагы жан-жөкөрлөрүнүн колдору дагы кара кочкул канга боёлгонун айта келгем, азыр дагы айтып жатам, мындан ары дагы айта бермекчимин.

Акаев жана анын жан-жөкөрлөрү татыктуу жазасын алмайын, мындан ары деле Кыргызстандын жарандары өлкөдө өтө катуу кылмыш жасагандар акыйкат жазаланаарына ишене турган түрү жок. Андай акыйкаттык болбогон жерде, калыстыгы жок элде кайрадан А. Бекназаров, Б. Эркинбаев, Б. Асанов, Д.Чотонов өндүү тайманбас уулдар баш көтөрүп чыгып, кайсыдыр бир "катын гейтти" шылтоолоп мамлекетибизде дагы бир жолу "бука" төңкөрүшүн уюштуруп жибериши да ыктымал.

Ыңкылаптын артынан жасалган ыңкылапты кыргыз эли, кыргыз мамлекети көтөрө алабы? Менимче, көтөрө албайт. Анда эмне кылуу керек? Бир гана жол мыйзам диктатурасын орнотуу керек! Ар бирибиз: Президент же фермер, депутат же дыйкан, министр же имам, аял же эркек тургай сайпана кызтеке, эркек чалыштан өөдө мыйзам алдында бирдей жоопкер болууга тийиш.

Эгер биз элдин каада-салты кадыр-барктуу мамлекетте жашагыбыз келсе, анда азыртадан баштап "аксы окуясына" түз же кыйыр тиешеси бар адамдарга каршы, кызмат абалына, жаш өзгөчөлүгүнө, жыныстык белгиси менен улутуна, ал эмес, диний ишенимине карабай туруп, кылмыш ишинин козголушун талап кылышыбыз керек. Аларды күнөөлү же күнөөлү эмес деп табыш соттун иши.

Биз, улуттун Конституциясына "мыйзам алдында баары бирдей" деген түшүнүктү бадырайта жазып алып 16 жылдан бери ошол эрежеменен жашагансып келатабыз. Бул түшүнүк бардыгын кучагына алын: өзүнө Конституциялык, укуктук, жарандык, моралдык аспектилерди да камтып турат. Бул деген толуп, ташып, татыктуу жашоонун айныксыз эрежебулагы. Мына ушуга байланыштуу биздин мамлекетибизди айыкпас дарттын шишигиндей болтоюп, коколоп, жашоо-тирилигибизди ичтен иритип келе жаткан бир "артыкчылык" деген көйгөйү мол көрүнүш тууралу айта кетпе- сем, сөзүм өксүп калганы турат.

"Артыкчылык" кыргызстандыктардын башынан кетпес балакетинин бирден бир булагы. Менин оюмча, калкыбыздын кайсыдыр бир бөлүгүнүн тырнактай болсо да жанагы, "артыкчылык" деген каргашалуу нышан менен жашоого жапталашкандыгында. Өзүн башкалардан өөдөрөк санап, кудайдын эрке талтаңы катары сезип жашоо деле күнөө болуп эсептелсе керек. Атам заманынан бери орто сары делинген кыргыз "нан жебесем деле мейли, о. ку- дай, эгер сен мени пендем деп эсептесең, анда мага кур дегенде бир кишиге чочондоп, чондук кыла турган, чокой боолук болсо дагы кызмат бере көр" деп тилек кылат. Менин гана өзөктөштөрүмө тиешелүү мындай үргүлжү умут; кыргыздын паракорлугу менен

кошоматкөйлүгүнүн, келжеңбайлыгы менен мыкаачылыгынын, акмакчылыгы менен анткордугунун, койчу, башка дагы толуп жаткан горпенделик кемчиликтеринин дагы булагы болуп саналат.

Өзүңөр жакшы билесиңер, урматтуу журт каймактары, жадагенде кудайдын элчиси делинген: Ибрахим, Муса, Иса жана Мухаммед пайгамбарлар да өздөрүнүн жасаган иш-аракети үчүн Кудай алдында, өз жарандарынын алдында жоопкер болушкан. Ал эми азыркы кыргыздарге деги эле эч кимдин, жадегенде, кудай алдында да жооп бербей турган абсолюттук жоопкерчиликсиз артыкчылыгы бар кызмат таап берүү керек болуп атпайбы кашайып... Азыркынын тили менен айтканда "кол тийбестик иммунитетин" жамынып алып, экономикалык оор кылмыш жасаганды мындай кой, адам өлтүрсө дагы эч кимге жооп бербеген бийиктен-бийик бейиштин төрүндө гана жашагысы келет.

Бүгүн биз кеп кылып отурган, коллегабыз С. Урманаевдин депутаттык кол тийбестиги дагы - азыркы кыргыздардын каалоо тилегин, кыялдануусунун туу чокусу экени дагы айныксыз чындык.

Өткөн тарыхыбызга кайрылсак: кылейген Совет өлкөсүнүн оодарылбас-чайпалбас кадыр-баркына эң алды анын коммунист жетекчилеринин ар кандай "артыкчылыктарды" орунсуз пайдаланып ийишкени, элдин нааразычылыгын күчөтүп, империяны туңгуюукка көмөлөтө түрткөнү, бүгүн эч кимге жашыруун сыр эмес...

Ооба, эли да аз, жери да чакан биздин кичинекей мамлекетибизде эч нерсеге жооп бербес "артыкчылыгы" бар, чың тийбес адамдар соңку мезгилдерде өтө көбөйүп кетти. Анын ачык мисалы, Аксы каргашасына түздөн түз же кыйыр тиешеси барлардын бир да бирөө жазаланбай, алиге дейре эркиндикте тайрандап жүргөнү... Учурда кыргыздардын арасынан өзүлөрүн далай-лама же пайгамбарлык мындай турсун, жарым кудай да эмес, "нака кудай" санагандар көбөйүп баратат.

Кичинекей Кыргызстан үчүн мындай "нака кудайлар" өтө көптүк кылбайбы? Өздөрүнүн ар кайсы дин ишенимине карабай, адамдардын аң сезиминде бир гана Кудай бар. Ал Алла Таала. А бизде болсо, өзүлөрүн "нака кудайбыз" - дегендер көбөйүп эле баратат, көбөйүп эле баратат. Азыркы Кыргызстанда өзүн куду ошондой кудай санагандардын эсеби 500гө чамалап калды. Дагы көбөйүшү мүмкүн. Так санын билген эч ким жок, мен да билбейт экенмин. Бирок, менин билгеним ушу 500 "нака кудай" биздин арабызда, биз менен күндүн жарыгы, аба менен сууну тең бөлүшүп жашап турганда кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн бырын-чырыны чыгып, кыргыз улутунун жер бетинен тыптыйпыл болуп кете турган күнү,

секунд сайын, мүнөт сайын, ушунчалык зор ыкдамдык менен азыркы Ата Журтубузга жакындай бермекчи.

Эгер билсеңер, мен Мамлекетимдин мындайча талкаланып, элимдин мындайча жок болуп кетишин таптакыр каалабаймын. Силер деле ошентет болушунар керек. Анда келгиле, урматтуу эл ишеним артып тандап алган жакшылар, жабыла добуш берип укук талаасынын чегинде, асмандап кеткен андай "мутанттарды" жерге түшүрүп, өздөрүнө өздөрү берген "нака кудай" деген статустарынан ажыратып салалы. Муну үчүн биз болгону мыйзам жолу менен.

1. Мурдагы жана азыркы Президенттерди кол тийбестик иммунигетинен ажыратуу керек.
2. Жогорку Кеңештин депутаттарын дагы кол тийбестик иммунитетинен ажыраткан абзел.
3. Барлык деңгээлдеги сотторду (мунун ичинде Конституциялык соттун мүчөлөрүн да) кол тийбестик иммунитетинен ажыраткан туура.
4. "Манас" аэропортунан орун алган "Ганси" авиабазасынын аскерлеринен кол тийбесттик иммунитетти алып салуу өтө зарыл.
5. Кыргызстандын баардык территориясында иштеп жүрүшкөн "Ага-Хан" фондунун баардык кызматкерлерин кол тийбестик иммунитетинен ажыратуу абдан туура болог.

Ал эми депутаттык кол тийбестиктен, кадырлуу коллегалар, эч кимдин мажбурлоосун күтүп отурбай, баарыбыз чогуу, өз эркибиз менен, баш тартууну сунуш кыламын.

Ак ниет, татыктуу адам, принципиалдуу депутатты эч бир диктатордун зордук-зомбулугу эң ашып кеткенде майыштырышы мүмкүн, бирок, биротоло сындыра албайт. Ага А. Бекназаровдун окуясын, же менин өзүмдүн келишпес оппозицияда жүргөн жылдарым мисал боло алат. 2000-2005-жылдардагы депутаттык милдетти, кол тийбестик иммунитетим жок эле аркалап жүргөн кезде мен Президент А.Акаевдин өзүнө, анын желдеттеринe бир жолу дагы бүгүлүп кошомат кылбай эле, элдешпес оппозиционердин "күжүрмөн" күзөтүндө бекем турсам да, эч нерсе кыла алышкан жок, сиздер көрүп тургандай, тип тирүү бойдон, аман-эсен эле жүрөмүн.

Эгерде кимдир бирөө кайсылдр бир артыкчылыктын караанына далдаланмайын өлкө башкара албаса, же кол тийбестик иммунитетисиз өз шайлоочуларынын кызыкчылыгын жактагнга жарабаса, же "мантия" деген кара чапанын жамынмайын башкалардын кылмыштуу кылык-жоругуна баа бере албаса - анда алар Президент да, депутат да, сот болуп иштеп эч

кимди, эчтекени жарыта албайт.

Андан көрө өзүнүн жүздөгөн, миңдеген, миллиондогон замандаштарына окшоп саясатка аралашпай, өлкө башкарам деп өзүн да эли-журтун да убара кылбай, ыгы жок оолута бербестен кысар жерин бек кысып, эл катары тирилигин кылсын. Ошентсе, эч кандай ишке кырчылбай, маанилүү маселелер башын маң болбойт. Эгерде ага болбой эле жулуна бере турган болсоң, анда кол тийбестик иммунитетисиз эле, элиң менен жериңе жакшылыктын жарыгын чачып, ак ниет, чынчыл жана калыстык менен кызмат кылышың парз. Ал эми сенин заманыңа кандай эмгек синиргениңе, өзүн эмес, мезгилиң менен замандаштарың татыктуу баасын бербей койбойт.

Урматтуу депутаттар!

Бүгүн биздин колубуздан баары келет, керт башыбыздан иммунитет-артыкчылыктарды алып салгыбыз келсе, алып салабыз. Өлкөдөгү кайсыдыр бир шиши толгон мамлекеттик мансапкорду кызматынан кетирүү керек болсо - аны да кетире алабыз. Мындан да күтүлбөгөн чечимдерди кабыл алуу түгүл, өзүбүздү өзүбүз таратып жиберүү да, колубуздан келет. Бирок, мунун баарын 2005-жылкы депутаттык ат салышууларда шайлоочулардын ишенимине ээ болбой, экинчи, үчүнчү... он үчүнчү орундарга араң жетип, парламенттин ыйык имаратын сыртында калгандар, кийинчерээк ар кыл жолдор менен аким, губернатор, министр, ал турсун Президент болуп алгандар деле эмес, биз өзүбүз гана чечишибиз керек.

Чынымды айтсам, өз учурунда депутат болуп шайлана албай калышып, бүгүн көчө-көйдө, алтын сарай менен маданий жайлар, сейил бактардын кире беришине, пивоканалардын жанындагы акча төлөп кире турган ажатканалардын туурасына туруп альш, капгып калган карышкырча улуп-уңшуп, күнү-түнү, асман ачык же жамгыр жаап жатканына карабай ач айкырык-куу сүрөөн салып, "парламентти таркатуу керек эле, таркатуу керек" деп озондогондорду көрсөм, баштагыдай күлбөстөн боорум ооручу болду.

Мындай "оолукма демократтардын" жаагын биротоло жап кылуу үчүн, мен Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты Дооронбек Садырбаев бүгүнтөн баштап өзүмө берилген бардык кол тийбестиктерден, анын ичинде депутаттык иммунитетимден да баш тартамын деп расмий түрдө жарыя кылам жана мындай чечимимен келип чыккан бардык жоопкерчиликти өз моюнума аламын. Кайсы тергөөчү, кайсы прокурор, кайсы сот, кандай айым, кайсы жерге чакырбасын кыңк этпестен жетип барып, сөзүм мененби, ишим мененби мыйзамга ылайык келбеген жорук-

жосунумду мойнума койсо, колум менен жасаганды мойнум менен тартканга даярмын.

Тебетейди көккө ыргытып кубана берсеңер болот, прокурор мырзалар, чоң-кичине начальниктер, "сотпуз" - деп созула сүйлөгөн арыксемиз айымдар, депутаттык милдетти аркалаган 15 жылдын аралыгында көпчүлүгүңөрдүн көңүлүңөргө көк талкандай тийгеним бар. Мындан ары да ошондой эле жашап, ошондой эле иштеп, ошол багытымдан айныйын деген оюм жок. Эми силердин дагы кезегиңер келди. Мен мурдагыдай эле, кайсыдыр бир артыкчылыкты жамынган жокмун. Мындан ары каргасыңарбы, кузгунсуңарбы, мага баары бир, эми ачыктан-ачык бетме-бетке чыгып менин башыма алааматты салсаңар болот. Колуңардан келеби, тиреп турган асманыңарды таштап ийгиле. Мына качканым жок, шашканым жок, Аккуладай азынап алдыңарда турамын.

Сөзүмдүн бул бөлүгүндө, урматтуу депутаттар, баарынарды бу "караан калгыр" кол тийбестикке жанталашып жармашпоого чакырам, андан көрө ар кимибиз жеке өзүбүздүн, элге-журтка өрнөк болоорлук жүрүм-турумубуз менен Ата-Мекенибизди, Кыргыз Мамлекеттүүлүгүбүздү сактап калалы! Кыргыз улутунун урмат- сыйга бөлөнө турган улуулугун улайлы.

Урматтуу мекендештер!

Цивилизациялуу өлкөлөр мезгилдин бир мезгилинде, жылдардын бир жылдарында жазатайып жалпы улуттук трагедияга кабылып калса, бийликтин аттуу-баштуу адамдары эч кимди түрткүлөтпөй эле бардык жоопкерчиликти өз моюнуна алары бышык.

Өзүнүн жеке аброю же бийлигинин кадыр-баркы берген мүмкүнчүлүгү аркылуу жагдайды жакшыртуу, каргашаны ого бетер ырбатып ийбей болгон иштин кыртышына жараша чара көрүү мамлекет башчысынын бирден бир ыйык милдети. Албетте, президенттер мындай учурларда отставкага кетпейт, бирок, өлконун бейпилчилигине зыян келтирген тармактарды тейлеген жана ага жооптуу чиновниктерди сөзсүз түрдө кызматынан четтетип, жана башка мыйзам алкагындагы жаза-чараларын колдонот.

Өлкө масштабында кандайдыр бир каталыктар кетирилсе анда, каадалуу мамлекеттерде Өкмөт башчылары эмне кыларын биз жакшы билебиз. Жакында эле Японияның коргоо министри мекендештеринин улуттук ар-сезимине шек келтирчү сөздү айтып аламын деп, тилинин азабын тартып, кызматынан өз эрки менен отставкага кетүүгө аргасыз болду. Мындан бир нече жыл илгери Түштүк Кореянын шаарларынын

биринде кайсыдыр бир көпүрө кулап түшүп, аны менен өтүп бара жаткан машинелер кошо кулап, ондогон адамдар курман болгон. Көпүрөнүн курулушуна деги эле тиешеси жок, бирок көпүрө кулаган кездеги транспорт министри менен шаар башчысы өз эрки менен отставка сурап, кызматтарын өткөрүп беришкен. Чындыгында бул көпүрө алар жарык дүйнө жаралардан бир нече жыл илгери курулган көпүрө экен.

Албетте, каргашалуу окуялар телегейи тегиз же капшыгы бүтүн мамлекеттерде деле болушу мүмкүн болуп деле жатат. Мындай учурда цивилизациялуу өлкөлөрдө канткен күндөда цивилизациялуу мамиле жасалат. Бирок, мен бул жерде урматтуу депутаттар, "Аксыдагы" элге ок атуу Президенттин өзү, анын үй-бүлөсү жана анын арыгын чапкан жан-жокөрлөрү тарабынан агайылап уюштурулган, башкача айтканда, анын күн мурунтан пландашгырып, ыраатту жүргүзгөн саясаты болгондугун баса белгилеп кетким келип жатат.

Андыктан, ал Президент жана анын үй-бүлөсүнүн бийлиги, кийин кимдин саясий заказын аткарып, мындай ылыгышкан кылмышка катышкандардын баарын дебейин, жалгыз жарым, болсо дагы кимдирбироону жазага тартып соттотушу мүмкүн беле? Мамлекеттин үй-бүлө, куда-сөөк, жек-жааттык башкаруу бийлигине өзүнүн жан-дили менен берилгендигин, бийлик эмнени жасабасын аны кош колу менен колдой тургандыгын билгизүү үчүн кожоюн- дун көзүн карап, көргөзгөн жерин эчтеке калтырбай жалаганга даяр, мамлекеттик жогорку кызматтардагы чиновниктер обу жок кошоматкойлугу менен окуяны ого бетер курчутуп отуруп, акыр аягында каруу-жараксыз митингге чыккандарды уруптокмоктоп, таркабай койсо ок атууга чейин барышты. Кыргыздын Ата-Бабасынан калган мурастуу менчиги Үзөнгү-Куушту 90 миң гектар жерин Кытайга өткөрүп берүүнү жалгыз өзү чечип салган Президентти сындоого батынган Жогорку Кеңештин депутаты А. Бекназаровдун артынан Президент менен анын үй-бүлөсү сая түшүп ырайымсыз куугунтукка алышына эл чыдай албады, карапайым калктын мою- нуна минип, бутун саландатып алган Акаевдин бийлигинин эркетаптандарынын жоругуна кыжырданган жарандар нааразычылыктарын жүрүш, пикет, митингдерди уюштуруп ачык айтып чыкты. Итиркейи келгенин жашыра албаган үй-бүлө жакын санашкан үзөнгүлөштөрүнө эл депутатын жазалоону ойлонгула, ага компромат таап, ишин соттоого чейин жеткиргиле деген саясий заказ жасагандан кийин, А. Бекназаровдун Токтогул районунун прокуратурасында жети жыл мурда терген (баарынан кызыгы ошол иштин жабылганын тастыктап кол койгон; райондун,

областтын алар тургай, Республиканын Баш прокурорунун ысымдары бир жерде да аталып койгон эмес.) жабылып калган ишин көтөрүп чыгышып кырынан кыйкым издей башташты. Бат эле бул иш боюнча арыздануучуларды, айгактарды, аткаруучуларды кызылдай акчага сатып алышып, тергөөчү, прокурорго өзгөчө тапшырма тагышып А. Бекназаровго каршы кылмыш ишин ачышты. Аны нары сүйрөп бери сүйрөп атып, кечеки А. Акаевдин бийлигинин эң иштерман тергөөчүсүнүн өзүн түрмөгө салып, (кийинчерек түзүлгөн мамлекеттик комиссия А.Бекназаровго каршы козголгон кылмыш ишинин негизсиз экендигин аныктап кеткен.) А.Бекназаров аркылуу кыргыз журтчулугунун асманын караңгылатып, тике карап, тикенектүү сүйлөп койгондордун "акесин таанытуунун" амалын кылышты.

Менин билишимде, депутат А.Бекназаровго кастарын тигип, карасанатайлык менен ойлонуп табылган да ошол кылмыш иши, келечектеги кылдат иликтеп-тергөөнүн негизги материалы гаана болбостон Акаевдин үй-бүлө, жекк-жаат, куда-сөөгүнүн башкаруу режими Кыргызстандын барды бийлик бутактарынын чып-чыргасын коротпой өзүлөрүнө баш ийдирип, кыбыр-эткендин бакисин жеке менчигине басып алуу максатында, аксылыктардын башына салган алаамат аркылуу бүткүл кыргыз элинин жүрөгүнүн үшүн алуу далалатынын багыттуу даярдыгынын далили болуп эсептелиниши керек.

Дагы башка фактыларга кайрылалы. Өзүнөр ойлоп көргүлөчү, эгер үй-бүлө Кыргызстандын элин коркутуп-үркүтүп, алардын жарандк укугун талашып, өзүнүн өзгөчө пикирин билдирген, же ойлордун ар түрдүүлүгү менен эсептешүүгө чакырган сыяктуу демократиялык талаптарын токтотмокчу болгон өзүнүн жалпы планына К.Букееваны (окуя башталаардан жарым жыл мурун 2001-жылы) киргизбесе, Токтогу районунун акими К.Паязов мырза, же ошого окшогон башка улук эл ичиндеги эсепте жок, айылдаштары айткандай арактан оозу бошобогон, бир, сайда саны жок аялдын менчик квартира сатып алышына кызыкдар болуп, мамлекеттин эсеби же өз чөнтөгүнөн ири суммадагы нак акчаны берет беле?...

Эгерде андай "арамзалыгы арбын иштин жалпы планы" болбосо, аракечтиктен башка кылган ишинин дайыны жок эт менен челдин ортосундагы аялга райондун прокурору Р. Сатаров мырза өз жанынан акча чыгарып аны азык-түлүк менен камсыз кылып, жардамчысынын жеке менчик машинесине эки бир тууганы менен К. Букееваны салып алып, Бишкекке сейилдетүүгө алып келет беле? (Деги урматтуу мекендештер,

кандайдыр бир өзгөчө кызыкчылыгы болбосо, кайсы прокурор же тергөөчү кайсыдыр бир кылмыштын деги эле тутуруктуу сөзү жок айгагын өзүнүн жеке менчик машинесине салып алып, ага шоопур болуп кызмат кылганын укканынар барбы?) Мен уккан эмесмин. Анан, аларды Бишкектеги кымбат баалуу "Ысык-Көл" мейманканасына жайгаштырып, "материалдык жардам көрсөтүүлөрүн" өтүнүп Токтогул районунан шайланган депутат, укук коргоочу Т.Үмөталиева жана ОБСЕнин өкүлдөрү менен жолугушуусун уюштургудай райондун прокурору менен анын жардамчысы, мамлекет кызматынан сырткары дагы "совместитель" болуп филантроп Соростун кайрымдуулук фондусунда иштешчү беле? Ушулардын баары: материалдык жардам көрсөтүү өтүнүчү менен акимиатка кайрылуу, мамлекеттин эсебинен ири суммадагы акча бөлүп берүү, Токтогул шаарчасынан сатылып алынган жаңы квартирага Торкенден көчүп келип кирүү анан ошол эле күнү Бишкеке жетип келип, өтө керектүү жана чоң кызматтагы адамдар менен жолугушууларды өткөзүү, ушунун бакиси бир күндүн ичинде, тагыраак айтканда - 2002-жылдын 23-январында болгонуна, алиге дейре акылым жетпей айранганмын. Эгерде айыпталып жаткан адам А. Бекназаров болбогондо, ал эми ага айгак түшкөн К. Букееваны мамлекеттеги эң жогорку кызматтын бирин ээлеген Президенттин администрация башчысы А. Карыпкуловдун дал өзү канатынын астында калкалап турбаганда, Токтогул районунун акими, прокурору, прокурордун жардамчысы жана областтык деңгээлдеги аркыл-аркыл чиновниктер ал аялга кулундай кызмат кылып, көзүнүн кареги менен тең айланып турат беле? Кыскасы, мунун бардыгы кожоюндун кирпигинин кагышына жараша шландуу түрдө жүргүзүлгөн, мындай "генералдык" планды ойлоп тапкандар менен аны турмушка ашыруу милдетин алгандар ошол кездеги Президенттин администрациясында, аткаруу жана сот бийлигинин бутактарына "конуп отурган" же мамлекеттин мансабын минген адамдар болушкан.

Өлкөнүн каруу-жараксыз калкына каршы өкүмзорлук акцияга даярдык көрүүдө үй-бүлөлүк - кландык башкаруудагы мамлекеттик машинанын бардык механизми аракетке келтирилген. Ал "жалпы планга" үлүш кошуу үчүн акаевдик режимдин башкы идеологу, ошол кездеги мамлекеттик катчы О.Ибраимов чекеси эле эмес, жонунан жоон санына дейре тер төгүлгөнчө иштеген. Өзүнүн маалымат таратуучу бригадасындагы Б. Мамбетакунов, А. Матисаков, Э. Калдаров, Н. Кочкоров, Б. Алыкулов, У. Касыбеков, Д. Кыштобаев, Кален Сыдыкова сыяктуу Ак үйгө өбөктөгөн ММКлардын жетекчилери жана журналисттери, элдин

нааразычылыгынын башкы себептерин көз көрүнөө жаап-жашырып, күндөп-түндөп жалган маалыматтарды жаадырып, коомчулуктун аң сезимин чындыктан алыстатуу максатын көздөгөн идеологиялык калканычты камсыз кылууга катуу жанталашкан.

А.Бекназаровдун "ишинин" айланасында болуп жаткан окуялар боюнча Өкмөттүн ММКаражаттарында жалган маалымат менен "ушак-айың" үстөкко-босток жарыяланып, калкты каргашага кириптер кылып карайлаткандар жөнүндө бир сөз жок, калыстык кыламын дегендердин башынан ылдый карата жуундуунун-жуундусуна чылаган айыптоолорду тыпымсыз куюлтушуп, бийлик каалаган позицияны туу көтөрүү аракети абдан көрүлгөн.

Жалган кабар таратуу жагынан Кыргыз журналистикасындагы өңүтүсү өтө таанымал телекиллер атанган Н.Кочкоров бийликке жагынуу жана жалган кабар таркатуу жагынан жан талашып эч кимди алдына салбады. Бул журналист сөөрөй журналисттик этиканы мындай кой, адамзатка тиешелүү адеп-ахлак ыйыктыгын тебелеп-тепсеп, арбакка шек келтирген иш жасоого чейин барды. А. Бекназаровдун иши боюнча "жабыркоочу" деп табылган айтылуу К. Букееваны бир белгисиз көрүстөнгө алпарып, "ининдин мүрзөсү ушул" – деп, аны боз топуракты кучактатын ыйлатып ал көрүнүштү телекамерага тартып алып, көпчүлүктүн көңүлүнүн үшүн алган телерепортаж жасап, экрандан көрсөткөн, бул "телекиллер". Кийин ал прокуратура кызматкерлеринин алдында К. Букееваны кантип "баплаганы" жөнүндө мактанганы көрсөтмөлүү күбөлөндүрүлүп, анысы республиканын Баш прокуратурасынын №50-07-47 кылмыш ишинин баракгарында сакталуу бойдон турат. Цивилизациялуу мамлекеттердин журналисттери мындай пастыкка эч качан барышкан эмес, жана барбайт да болуш керек.

Бийликтин кылмыштуу иштерге кастарын тигип баш койгонун далилдөөчү дагы бир фактыны айта кетейин. 2002-жылкы жаз алдында КР ЖК Мыйзам чыгаруу жыйынынын соттук-укуктук жана мыйзамдуулук маселелери боюнча комитетинин төрагасы, депутат А. Бекназаровдун наамына прокурор3. Кудайбергеновдун мыйзамсыз иш-аракеттеринен жапа чеккен Баткен облусунда жашаган 26 адамдын колу коюлган арыз келип түшкөн. Ал арызда прокурор 3. Кудайбергенов Кыргызстандын жараны, облустун губернатору- нун орун басары О. Бербаевге өз үйүн райондук администрацияга кымбат баада саткансың деген айып тагып, адамдын намысын кемсинткен жырткыч сымал тергөөгө алып, элементардык санитарлык шарттан ажыратып, адам чыдагыс жагдайга

кириптер кылып анын катуу ооруп калуусуна себепкер болгону далилдүү жазылган. Баласынын мындай азап-тозоко дуушар болгонуна өзөгү өрттөнгөн О. Бербаевдин атасы жарык дүйнө менен мезгилсиз кош айтышып, уулунун акталганын укпай, Баткен жерине акыйкаттык келгенин көрбөй кетеберди. Мунун айынан райондун мамадминистрациясы башка бир үйдү О. Бербаевдин үйүнө караганда о. бир топ кымбат баада сатып алууга аргасыз болгон. Ошондон кийин, райадминистрацияга кымбатка сатты делинген үй ошол эле наркта райондук прокуратурага сатылып алынган.

3. Кудайбергенов өзүнүн мындай мыйзамсыз "иштери" менен Республикага мурдатан эле белгилүү "адис" экенин анын прокурордук өмүр баяны эн сонун баяндап турат. Бул маалымат өз кезегинде гезит беттерине да жарыяланыптыр. Анда эмесе. ошол фактылардын айрымдарына кайрыла кетели.

Баткен облусунун салык полициясынын ага тергөөчүсү М. Абдуллаев мамлекетке 68 млп сомдон ашыгыраак салык төлөбөгөндүгү үчүн "Универсал табак Кыргызстан" фирмасынын жетекчилеринин үстүнөн кылмыш ишин козгойт. Бирок, 3. Кудайбергенов, эч ким менен кеңешпей, өз билгенин жасап, бул ишти жаап салып, Баткен облусунун ошол кездеги губернатору М. Айбалаевдин маалыматына караганда мамлекетке 77.422 миң сом зыян келтиришгир. Анысы аз келгенсип, 3. Кудайбергенов ошол компаниянын баасы 2 млн сомдук "Тойота Ленд Крузер" маркасындагы джип автомашинасын соттун чечимисиз-мыйзамсыз тартып алып, Баш прокурорго белек кылмакчы болуп, оболу облусттук прокуратуранын балансына каттатат. Республиканын Баш прокурору мындай "көркөм чыгармачылыкты жактырбай турганын айткандан кийин ал машинени пулдап ийүү максаты менен Казакстанга жөнө- төт. Ошо бойдон, анын өз кишилери коңшу мамлекетке айдап бараткан Ош-Бишкек жолунда жапжаңы кымбат баалуу автомашина түзөтүүгө болбой турган авариягa учурады делинип, дайынсыз жоголот. Анткени, автомашинанын оор авария болгонун тастыктаган актыны көргөн адамдар көп да, анын "түзөтүүгө болбой тургандай" талкаланган турпатын, жадегенде бир томолок темирин көргөн жан адам, жалгыз күбөсү жок экен...

Мен убакыт тардыгына байланыштуу 3. Кудайбергеновдун прокурордук ишмердүүлүгүнүн көптөгөн кесепеттүү эпизоддорун санабай эле коеюн. Ансыз да кыйла жылдардан бери "3. Кудайбергеновду бир кучактап алмайын арманым арылбайт" деп Кыргыз Республикасынын Кылмыш Кодексинин кыйла беренеси ботодой боздоп, көз жашын

көлдөтүп издеп жүргөнүн айтсам эле сөзүмдүн төркүнү каякта экени түшүнүктүү болоор деп ойлоймун.

Ошентип, З.Кудайбергенов жөнүндө Баткенден келген арыз каттагы фактыларды кылдат текшерип чыккан Жогорку Кеңештин мыйзам чыгаруу жыйынынын соттук-укуктук жана мыйзамдуулук маселелери боюнча комитети Президенттин администрациясынын алдындагы мамлекеттик кызматкерлердин этикасын тескей турган комиссияга кайрылуу жөнүндө чечим кабыл алат. Комитеттин ал чечиминде З. Кудайбергеновду ээлеген кызматынан чететтүү жөнүндөгү маселени кароо жана Баткен облусунун мурдагы прокурорунун жарандардын укугун тебелеген фактылары боюнча расмий иликтөө жүргүзүү сунушу киргизилет. Комитеттин чечимине анын төрагасы А. Бекназаровдун колу коюлат жана Президенттин администрациясынын жетекчиси, 2001-жылдын жаз айынан баштап мамлекеттик кызматкерлердин этикасы боюнча комиссияны жетектеп келе жаткан А. Карыпкуловго жиберилет. Ал эми А.Карыпкулов болсо бул маселени өз билгениндей "жалпы планга" жараша чечип, 2001-жылдын августунда баш прокурор Ч.Абышкаевге телефон чалып (кандайдыр бир чечим, буйрукка кол коюуу, кийин келтире турган далилге "из" калтырбай "телефондук укук" аркылуу иш жүргүзүү, баардык авторитардык жана коррупциялык системанын аткаминерлерине мүнөздүү көрүнүш.)

Ошентин, А. Карыпкулов оппозициячыл депутат А. Бекназаровдон өч алууга мүмкүнчүлүк түзүп "З. Кудайбергеновду Жалал-Абад облусунун прокурорлугуна дайындайсың!" деген, туура же натуралыгы талкууланбай турган кеңкин буйругун берет. Ошону үчүн З. Кудайбергенов депутат А. Бекназаровго каршы кылмыш ишин козгоонун автору гана эмес аткаруучусу да болот. Дал ошол З. Кудайбергенов деген неме пысмык үй-бүлөнүн жана анын арам тамак жан-жөөкөрлөрүнүн каалоосун канааттандырып, эптеп-септеп А.Бекназаровго чын-төгүнү даргүмон компромат таап, "токтоосуз камакка алынсын" деген буйрук берет. Ошондой укук берилгенден кийинки күндөрү З. Кудайбергеновдун: "Мени Ак үй колдоп турганда бул жердин падышасы да Кудайы да менмин!" деген кесирлүү сөзү узун элдин учуна, кыска элдин кыйырына "дүңк" эле дей түшөт.

Дал ошону үчүн, Республиканын баш прокуратурасы, биринчи кезекте, прокурор Зоотбек Кудайбергеновдун Чүй областынын Кемин районундагы, Ысык-Көл областынын Жети-Өгүз районундагы, Баткен областынын Баткен районундагы мыйзамсыз иштерин иликтей турган

тергөөчүлөрдүн жаңы курамын түзүп, ага кылмыш ишин козгоп, ошондон кийин гана анын Жалал-Абад областында атайын багыт менен кандуу кагылышууларды чыгарган өкүмзор кылмыш жоопкерчилигин өзүнчө бөлүп кароосу абзел...

♦♦♦

Урматтуу мекендештер, бийликтин "кылмыштуу ой-тилегин" далилдеген дагы бир фактыны айта кетейин. Бул факты да Аксы боюнча козголгон кылмыш ишинде жазылуу. Аксы районундагы борбордук ооруканасынын башкы дарыгери К. Нарчаев, хирургия бөлүмүнүн башчысы А. Досонов жана башка күбөлөр: "Босписктеги кан төгүүнүн" алдында, же 2002-жылдын 16-март күнү облустук прокурордун орун басары Д. Момунов, райондун акими Ш. Осмонов жана райондун ички иштер бөлүмүнүн начальниги Д. Кулуевтер оорукананын жетекчилери менен кызматкерлерине жарадарларды жаткыра турган бош орундарды даярдап, жаракат алгандарга куюула турган кандын запасын камдап, хирургдар менен травматологдордун күнү-түнү дебей күзөттө турушун камсыз кыласынар деген тапшырмасын беришкенин айтышкан. Дал ушул фактынын өзү эле бул кылмыштын алдын ала, атайылап даярдалган канкорук экенин далилдеп турбайбы!

Урматтуу депутаттар!

Кыргыз Президенти, анын үй-бөлөсү менен жан-жөкөрлөрү, бийликти өз менчигине басып алышканы жатканын ошол эле жылдары эл депутаттарынын чакан тобу, айрым партиялардын лидерлери, коомдук жана бей өкмөт уюмдардын жетекчилери ачык айтып чыгып, Акаев "Кыргызбашынын" авторитаризми күчөп баратканына каршылыгын билдиришкен. Алардын ушул багыттагы иш-аракетинин далили (алиги милиция алдырып ийген видео кассетанын табылышына менин дагы тиешем бар) өлдүм-талдым дегенде парламетке жеткендигинин патыйжасында гана "аксы окуясы" коомчулукка кеңири белгилүү болуп, быкыйы чукулган бийликти калтырап-титиреп, далдырап калган абалга чейин жеткизгени калп эмес.

Менин бул сөзүмө, мамлекеттик комиссиянын ошол кезде жыйынтык чыгарган расмий чечими даана мисал боло алат. Албетте, ал учурда мындай чечим кабыл алуунун өзү деле оңой эмес болгон. Аксы окуясын иликтөө боюнча мамлекеттик комиссияны Акаевдин табакташы вице-премьер Н. Танаев жетектен, комиссия мүчөлөрү Акаевдин акырынан жем жеп арыгын чапкан, чыныгы арзымат аптабачылары Өкмөттүк Комиссиянын корутундусуна кол коюудан баш тарткан

Жогорку Кеңештин депутаты Болотбек Эсентаевич Шерниязов менен өз пикирин өзгөчө жазып берген аксы- лык жети адамдан башкасы.) болгондугуна карабай, болуп өткөн окуя күбөлөрүнүн далилдүү билдирүүлөрүнө көңүл бурбай, акыйкаттыктын көзүн танып жибере албай, алдарынын жетишинче, колдорунан келишинче, чындыкка жакын саясий баа берүүгө аракет жасашкан.

Ошол эле учурда, "Аксы каргашасын" өз алдынча иликтеп чыккан көз карандысыз депутаттык комиссиянын атынан, кошумча баяндама менен чыгып сүйлөгөн Жогорку Кеңештин депутаты Оксана Малеваннаяга татыктуу баа берсек, азыр деле кечтик кылбайт. Анын кошумча доклады эмоционалдуу болгону менен конструктивдүү сунушу барлыгы менен башкалардан айрымаланып турган анда. Ошол далилдер менен анын айрым сунуштары мамлекеттик комиссиянын жыйынтык документине кийирилген.

Ал сунуштардын айрымдары булар:

"Мамлекеттик бийликтин борбордук органдарында жогорку кызматтарды ээлеген айрым жетекчилердин жеке жоопкерчилигин кароо маселеси Кыргыз Республикасынын президенти А.Акаевге сунуш кылынсын.

. Өзгөчө; Президенттин Администрациясынын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн, Баш прокуратурасынын, Улуттук коопсуздук кызматынын жана Кыргыз Республикасынын жогорку сотунун жетекчилерин кызматтан бошотуу...

– Генералдык прокуратура; бул справкада жазылган, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузууга жол берген фактылар боюнча Аксы районунун мурдагы прокурору А.Калдаров, Токтогул районунун прокурору- Р. Сатаров, Жалал-Абад облусунун прокуратурасынын бөлүмүнүн начальниги - С. Мамыров, Жалал- Абад облусунун прокурорунун орун басары Д. Момунов, Жалал-Абад шаарынын прокурору - Р. Усукеев, Жалал-Абад шаарынын прокурорунун орун басары Э. Джунусов, Баш прокуратуранын тергөөчүсү Э. Төрокуловдордун үстүнөн токтоосуз кызматтык иликтөө жүргүзүлсүн!".

Тилекке каршы, комиссиянын талабы аткарылып акыйкат иликтөө жүргүзүлмөк турсун, бир дагы киши суралып же кызматынан алынып, бир кишинин дагы кылы кыйшайган эмес.

Эгер ошо кезде, урматтуу депутаттар, ошол комиссиянын сунуштарын анча-мынчасы эле аткарылганда, балким, коомдогу чыналууну жандыруу, элдин нааразылыгын азыноолак болсо да басандатуу мүмкүнчүлүгү түзүлмөк.

Бирок, Акаев аны жасаган жок. Башкача айтканда ал өз бийлигинин оркойгон кемчиликтеринен объективдүү жана акыйкат жыйынтык чыгаргысы келбеди. Ошентип, мамлекеттик комиссиянын сунуштарынын баары кагаз бетинде гана кала берди. Балким ал кезде Акаев, өзүнүн эч качан жаңылбастыгына, Кудай менен үзөнгүлөштөй улуктун - улугу экендигине чындап эле ишенип алган болсо керек. А балким Ч. Баекова өз колу менен бычып, өз колу менен тигип, өз колу менен "кийгизип койгон", анда-санда буркулдап койгону эле болбосо буйлалаган төө сымал жетелеген жакты көздөй кете берген кыргыздын чөнтөк Конституциясы анын өзүн жана үй-бүлөсүн элдин кыжырдануусунан сактап каларына ишенип алып, ушинтип чиренип жүргөндүр?...

Анткен менен, Кыргызстанда XX жана XXI кылымдардын тогошунда өзүнүн журт башкарып жүргөн арамзалардын генийи экенин билген А. Акаев, эл бийлигин жеке менчигине басып алууга далалаттанган кара ниет аракеттеринин аягы кандайча кайгылуу болуп бүтөөрүнөн кабардар болушу керек эле. Авторитаризм бул мамлекеттик бийликтин оорлоштурулган системасы менен мүнөздөлүүчү зордукчул режим жана эл массасынын ар кандай нааразылыктарын ырайымсыздык менен басуунун куралы болорун да мыкты түшүнгөн. Акаев авторитаризм жөнүндө окуп же угуп эле тим болбостон, ал Совет мезгилинде Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин бөлүм башчысы болуп иштеп, диктаторлуктун негиздеринин бири - тоталитардык башкаруу системасынын жердиги менен ичкериден тааныш болгон. Тоталитаризм доорунун диктаторлук чеңгели же ал жөлөп-таяп турган адамдардын бийлиги-коомдун жана жеке адамдардын күнүмдүк жашоо тиричилигинин бардык көрүнүштөрүн катуу көзөмөлдөп, ийнесинен-жибине дейре тескеп турары менен өзгөчөлөнөрү белгилүү. Мындай бийлик учурунда диктатор-жетекчинин башкаруусуна жана жүргүзгөн саясатына макул эмес топтордун, өздөрүнүн акыйкат пикирин ачык билдире алган жеке адамдардын көзүн тазалап, апат кылуу көндүм көрүнүшкө айланары да маалым.

Адамзатка каршы атайылап кылмыш кылууга ниеттенгендерди жана аны жасагандарды адилет жазага тартуучу уюмдар бул ааламда бар экендигин укkан болушуңар керек. Улуу Британиянын лорддор палатасынын 1942-жылдын 7-октябрында өткөн жыйынында бир лорд-канцлер адамзатка каршы кылмыш жасагандар жөнүндө:

"...журт сыртына чыга качкан адам ал жактан баш калкалоо укугуна ээ

болуп, азаттык алат, бирок, ошол бойдон биротоло жоопкерчиликтен кутулуп кетет дешке болбойт... Эгер кимдир-бирөөлөр, бүтөн элдин арасында жашырынып жүргөн болсо, ал өзүн ошол элде өмүрүнүн аягына дейре баш паанек таппты, ошол жерде биротоло калып калуу укугуна ээ болду деп эсептеш да жарабайт...", - деп тарыхый акыйкат кеп айтканы белгилүү. Муну Аскар Акаевич деле окуган болсо керек.

Мындай жарамсыз ишти жасаган кылмышкерлерди жазалай турган мыйзам беренелеринин күч-кубатынын мөөнөтү эч качан эскирбейт, урматтуу Аскар Акаевич. Муну эч качан унутпай, дайыма эсиңизге сала жүргөнүңүз абзел. Ар бир иштин акыры, төгүлгөн кандын кусуру, түрмөктөгөн жиптин учу болбой койбостугун, булардын бири болбосо биринин убалы акыры бир күнү ал арамза кылмышты жасаган адамды төбөсүнөн урары иттин уулу байкашкага деле белгилүү. Бул оодарылбас-чайпалбас кашкайган чындыкты сиз да, биз да унутпаганыбыз оң. 3. Кудайбергенов дагы унутпашы зарыл. Ал өзүнүн А. Бекназаровду түрмөгө камоого берген буйругунун адилеттүүлүгүн далилдөө үчүн "тергөө кызматкерлеринин кылмышын иликтөөнүн эрте-кечи болбойт. Андайды жазалай турган мыйзам беренелеринин күч-кубатынын мөөнөтү эч качан эскирбейт" деп келбедиби... 3. Кудайбергеновдун бул айткандарын төгүнгө чыгарууга менде дагы эч бир негиз жок! Туура, прокуратура, тергөө органдарынын кызматкерлери жасаган кылмыштын кысасы кыяматта да уланып, жазалоо мөөнөтү эч качан эскирбейт. Бул оодарылбас-чайпалбас чындык эң биринчи кезекте 3. Кудайбергеновдун өзүнө да тиешелүү, ал жасаган кылмыштарды иликтөөнүн, аны тескөөчү мыйзам беренелеринин мөөнөтү дагы эч качан эскирбейт. Ысык жан пенде кандай гана кызматты аркалабасын колу менен жасагандын айыбын мойну менен тартышы парз. Бул адамдардын эле эмес, жаратылыштын дагы тирүүлөргө тиешелүү мыйзам ченемдүү акыйкат талабы...

Урматтуу мекендештер!

Аркыл-аркыл зомбулуктун, адамзатка каршы агрессиянын, геноциддин (тукум курут) идеологиясын жактаган саясат жүргүзүүнүн алдын алуу маселелери өтө зор мааниге ээ. Мындай кылмыштар, айрыкча, мамлекетти тоталитардык жана авторитардык башкарууга батынгандар тарабынан жасалат.

Ооба, менин бул докладда айткандарыма Кыргызстандын көптөгөн атуулдары кошулат болуш керек. Албетте, каршы чыкчуулар да болбой койбойт. Учурда айрым адамдар ачык эле айтып жатышпайбы: "Акаевдин үй-бүлө, куда-сөөк, жек-жааты орноткон режим алиге дейре эч өзгөрүүсүз

улантылып жатат. Андыктан, коррупцияланган жетекчилик системасынын тамыры соолумайын "аксы каргашасынын" башкы күнөөкөрлөрүн жоопко тартып, же ал ишти акыйкаттык менен аягына чыгаруу - деги эле мүмкүн эместей болуп сезилет. 5 жыл илгериректе өз элине ок аткан бийлик өзүн-өзү соттой албаган сыяктуу эле, учурдагы акаевдин режиминин экинчи нускасы же, азыркы тил менен айтканда анын клону делинип келаткан бакиевдин бийлиги өзүнүн корпоративдик кызыкчылыгын коргоодо, эбактан бери калыптанып калган усулдарды бек тутуп, өз бетин өзү сыйрууну ойлоп да койбогону сокур көзгө деле көрүнүп турбайбы...

Дагы бирөөлөр айтышы мүмкүн: "Конституциянын азыркы гаранты К. Бакиев өз бийлигин колуна курал кармап коргоп калууга даяр экенин кайра-кайра айтып атпайбы... Бул деген, нааразылыгын билгизмекчи болуп көчөгө чыккан элге же анын кайсыдыр бир бөлүгүнө ок жаадырыла турган күч колдонуларын билдирет. "Аксы каргашасы" боюнча тергөө процессинин создуктурулуп жатышы азыркы бийликтин жөндөмсүздүгүн жана кудуретсиздигин гана эмес, бийликти чөнтөк буюмуна айландыргандардын бул иштен акыйкат жыйынтык чыгарууга деги эле кызыкдар эместигин билдирет" - деп.

Ал эми үчүнчү бирөөлөр болсо: "Э. Сатыбалдиев мырза Республиканын азыркы Баш прокурордун кызматына бекитилип жатканда, Аксы окуясынын кылмыш ишине айкындык киргизип, бир айдын ичинде аягына чыгып, биротоло бүтүрүп саламын деп убада берген эле. Бирок, бир топ узак убакыт өтсө да бул ишке айкындык кирмек түгүл, тетирисинче, баш айланчудай болуп татаалданып баратат. Республиканын Баш прокурору эми кечээ жакында эле калыссыздыкка каяша айтчулардын катарына келип кошулган, Жогорку Кенештин депутаты Султан Урманаевди "садага чабуула" аракеттенип, ошол эле учурда, Аксы каргашасынын башкы күнөөкөрлөрүн аныктоо жөнүндө жакында болуп өткөн парламенттик угууда, генералдык прокурордун өзү, аларды куугунтуктоо саясий жактан максатка ылайык келбейт деп жатпайбы? Бүткүл республика боюнча мыйзамдардын так аткарылышын көзөмөлдөп туруу милдетин мойнуна алгандардын анабашынын оозунан ушундай сөз чыгып атса, калгандардын жасап жаткан ишинин саясий жактан максаттуу же максаттуу эместиги тууралу сөз кылыштын кажети жок болсо керек деп ойлоймун... Бул деген, азыркы, аткаминерлердин бакиси кошомат кылып көзүн караган ырайымсыз режимдин ээсинин заманында "аксы окуясынын" түйүнү оң чечилеринен үмүттү үзүү керек дегендикти билдирет.

Андактан, эзели жамандык көрбөгүр замандаштарым, бул иштин оңой-олтоң бүтө койбостугун алдын-ала билип туруп, аксылыктардын карттанып айыгып келе жаткан жаратын кайра ырбатуунун кереги барбы? Албетте жок. Бирок, бул кылмыш ишин кылдат иликтеп чыгып, мамлекеттик чиновниктердин кылык-жоругунда кылмыштын жышаанасы жок деп биротоло жаап салуу, улуттун мойнуна "маскарапоз мамлекет" – деген жарлыкты тагып койгон менен барабар иш болуп калганы турат. Ошон үчүн тунгуюктан шоола тапкандай бир жарыгыраак жолго төшөп бул иштин аягына чыкпасак, такыр болбойт.

Төртүнчү бирөөлөр ачык эле: "Аксы окуясынын" жоопкерчилигинен эптеп-септеп, айылдык, райондук деңгээлдеги мамчиновниктерди "садага чабуу" менен кутулууну көздөшү, азыркы бийликтин жоопкерсиздигин жана убадага туруксуздугун билдирет" деп айта башташты.... Учурдагы реалдуулукка карасак, бийликтин алсыздгынын, анархиянын жана митинге көшөндөрдүн чаң-тополоңунда "садага чабылгандардын" ар биринин тууган, туушкандары, жердештери, регион-региондон борбордук бийликке каршы көтөрүлүп чыгышы да ыктымал. Бийлик эмне кылат? Аларды алдап-соолайт, же кармалгандарды кое берип кутулат, же кайрадан курал-жарак колдонуп, ок жаадырат. Муну мүлдө кыргыз башыбыздан кечирип, беш жылдан бери акыйкат эмес, дегеле кандайдыр бир жагымсыз окуядан жарытылуу жыйынтык чыгара албай келатпайбызбы? Мындай абал укук коргоо органдарында коррупциялык система куду мурдагысындай сакталып, жаңы үй-бүлө, жаңы куда-сөөк, жаңы жек-жаттын мамлекет башкаруусу мурдагы башкаруунун учугун улап, мурдагыдан да коолап "өнүп-өсүп" келатат дегенди түшүндүрөт.

Ошентсе да айрым адамдардын пикирлерине, негизинен кошулса деле болот. Кудай буйруп, күндөрдүн бир күндөрүндө, мезгалдин бир мезгилинде биздин жаш генералдык прокурорубуз ааламдагы прокурорлордун эң адилеттүүсү, ааламдагы юристтердин эң калысы болуп чыга келген күндо да, анын бүтүмүнөн кийин акыркы чекитти сот коёт да. А соттор кимдер?

Сиздер кыргыз сотторуна ишенесиздерби? Мен ээч ишене албай турам Мен эмес, Акаев деле ишенчү эмес. Өлкөнүн экс-президенти өзүнүн тактысында бейгам отурган, бийлиги күүсүндө-күчүндө турган маалында: "Кыргызстандын сотторунун 80 пайызы паракорлор жана коррупционер" деп канча жолу чырылдабады. Мурдагы "Кыргызбашынын" айткандары натуура дегенге менде дагы эч кандай негиз жок, акты - ак, көктү - көк дебесе болбойт. "Кыргызбашылар" деле гаа-гаада тура сүйлөп коюшу

мүмкүн. Ошондуктан өзүм билген бир кыргыз соту жөнүндө айтып бере турган типтирүү мисалым да бар. Ал мынакей, угуп көргүлө...

"Аксы окуясы" болуп өтөрү менен, профессионал юрист, мөртө-шөртө артист, эл шайлаган депутат, Акаевдин арыгын чапкандан астына адам салбаган "жөө күлүк", архи демилгечил, бир мансапкор үкам, ошо маалда кылмыш иши козголуп, айыбы мойнуна коюла элек адамдарды (өзгөчө өспүрүм балдарга ок чыгарган милиционерлерди) "дүңүнөн" актап жиберүү жөнүндөгү мыйзам долбоорун Жогорку Кеңешке сунуш кылган. Цивилизациядан анча-мынча кабары бар өлкөлөрдүн биринде дагы мындай обу жок окуя болбоптур, болушу да мүмкүн эмес экен. А биздин Кыр- гызстанда мындан жамандары да боло берет эмеспи. Кыскасы, бул мамчиновник өз кызыкчылыгы үчүн чындыкка ниет булгагандан кайра тартпаган "майлибай" экендигин далилдеп кожоюндун катуу кысымы менен эки жыйындын көпчүлүк депутаттарын кол көтөртүп туруп, ошол мыйзам долбоорун Жогорку Кенеш аркылуу өткөрүп алды.

Бирок Президент Акаев күтүүсүздөн ага кол коюудан баш тартты. Жо-жо-ок... ал айтылуу демократ же ашынган акыйкатчыл адам болгону үчүн анткен жок. Ал элдешпес оппозициянын бул маселе боюнча ээлеген принципиалдуу позициясынан чоочулап, кол койгонго батына албады. Мында, бейиши болгур А. Масалиев башында турган "Кыргызстандын коммунисттер партиясы", Д. Нусупов жетектеген " Асаба" улуттук кайра жаралуу партиясы, Ө. Текебаев жетектеген "Ата-Мекен" партиясы, Т. Тургуналиев баштаган "Эркиндик" партиясы, К. Турумбеков башында турган "Кайран эл" партиясы, Э.Алиев башында турган "Ар намыс" партиясы, жаш жетекчиси Г. Токомбаев баштаган "Республикалык партия", ошондой эле Р. Дырылдаев жетектеген "Кыргызстандын укук коргоо комитети", Азиза Абдарасулованын "Кылым шамы", Т. Исмаилованын "Жарандар - коррупцияга каршы" укук коргоо борбору өңдүү бейөкмөт уюмдар, ошондой эле. З. Сыдыкова, Р. Приживойт, К. Мамбеталиев, А. Ким, К. Молдокасымов, Т. Казаков, Ш. Дүйшеев, А. Өмүрканов өңдүү жана башка көптөгөн коомдук ишмерлер, ысымы Кыргызстанда эле эмес, республикадан сырткары жерлерде кеңири таанымал инсандар катуу туруп беришти, бул маселе боюнча арамзаны чыкыйга сайып...

Ооба, Аскар Акаев ошондо калыстыкты эңсеген ички жана тышкы күчтөрдүн, кысымынан чоочуп ал мыйзам долбооруна кол коё алган жок. Айрыкча ал аксынын элинен коркту. Анткени, аксылыктар Жогорку Кеңештин депутаттары Б. Асанов, Д. Чотонов, эл ичинен чыккан лидерлер

Т. Жунусбаев, Ж. Курбанов жана башкаларды алдыга салып алып: "Акаев отставкага кет!" деген ураандарды көтөрүп алып, Аксыдан Ошко барып, Оштон Бишкекти карай жөө жөнөшкөн. Андай жүрүшкө абалы 500дөй адам чыкса кийин жол ката Кара-Суу, Өзгөн, Жалал-Абад, Базар-Коргон, Өзгөн, Ноокен, Үч-Коргон, Таш-Көмүр жана башка райондордун айыл-кыштак, шаарлардын жашоочулары кошулуп отуруп, буга катышкандардын саны он миңден ашып, кийинчерээк Бишкекке эки миңден ашууну келген эле. Ооба. кыргыз элинин намыскөйлүгү жана акыйкаты талап кылган руханий бийиктиги А. Акаевдин жүрөгүн түшүрүп салган анда. Милициянын колу менен Акаевдик режим Борборго жөө жүрүш менен келген апапак сакал карыяларды мээ кайнаган ысыкта көлкүлдөп ээриген асфальтка намаз окутуп, отургузуп коюп мазактап, кыз-кыркын, боюнда бар келиндерди милициянын овчарка иттерине талатып, өспүрүм балдар менен кырчындай жигиттердин башын жара, көзүн чыгара чапканына карабай эл өз намысына бек туруп, Президенттин отставкасын, талап кылган акыйкаттык менен чындыкты көксөгөн каалосунда катуу турганы үчүн андай мунапыс долбооруна кол коё алган эмес. Акыры айтып жаткан зордук-зомбулукту генерал К. Дүйшөбаев жетектеп турган Бишкек шаарынын милициясы кергөзгөн. Бирок, андай арамзалыгы адилеттиктин бетине чиркөө болгон жасакерлигин жашырбаган документтин автору Курманбек Осмоновго, "Кыргызбашы", Республикасынын Жогорку Сотунун төрагалык кызматын тартуулап, " ыраазычылыгын" билгизген.

Арийне, эгерде азыркы баш прокурор Элмурза Сатыбалдиев мырза, А. Акаев эптеп-септеп, комдоп-сомдоп эрезеге жеткизген мамчиновник Курманбек Осмоновко түздөн-түз баш ийип, анын кареги менен тең айланып турган, республикалык, областтык, шаардык, райондук деңгээлдеги соттор, прокуратура талап кылган чечимди чыгарып берээрине ишенеби? Мен, мисалы үчүн, түк ишенбейм! Андай болсо, бул маселени козгобой эле, Ала-Тоо койнунан акыйкаттык издебей эле койгонубуз дурус болуп жүрбөсүн?

Өзүңүздөр баамдап турган чыгарсыздар, урматтуу депутаттар... Кайсы гана сот, кече эле өз кызматынан кыянат пайдалангандыгы үчүн айыпталып жатканда, аны абакта отурган жеринен бошотуп алып, кайра ордуна отургузган кесиптешин эми айыпка жыга алат? Же кайсы прокурордун өзүн кече СИЗОдон бошотуп, жасаган кылмышын жаап-жашырып, башына бөштөндүк берген кесиптешине эми кылмыш ишин козгойт? Менимче, эч кимисинин антүүгө кудурети жетпейт.

Андыктан мен Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин

депутаты Дооронбек Садырбаев өтө олуттуу жоопкерчилик менен, учурда Кыргыз Республикасынын Кылмыш Кодексинин статьяларын колдонуу кимдир-бирөөлөрдүн кылмыш ишин иликтеген тергөөчүнүн, прокурордун, соттун чөнтөгүнүн терендигине же кылмышка тиешелүү делинген адамдын капчыгынын калыңдыгына түздөн түз байланыштуу деп ачык-айкын айта алам. Ошондуктан, учурдагы кыргыз милиционерлери, чекист, прокурор, соттору кокустан "айнып кетип", акыйкаттыкты коргоп чыгарына көзүм жетпей турат. "Бүкүрдүн белин мүрзө гана түзөтөрүн" да унутпайлы, урматтуу коллегалар. Так ошондуктан Кыргызстандын мындай категориядагы адамдары менен дегеле кандайдыр бир мамиле күткүм жок. Эгер, чынымы айтсам, мен аларды таптакыр сыйлабай калгам...

Менин бул сөзүм республиканын укук коргоо органдарынын бардык кызматкерлеринин адресине айтылган жөнөкөй гана таарыныч сөз эмес. Тилекке каршы, бул, өзүнүн профессионалдык ишмердүүлүгү менен катардагы жарандардын тагдырына терс таасир эте алчу мамлекеттик кызматкерлердин ыймандын таза эместигине болгон реалдуу мамиленин табигый көрүнүшү.

О, азыр биздин Кыргызстанда укмуштуунун төөсү жорго болуп турган чак. Ээлеген кызматы эң кенже тергөөчүнүн же бир болоор-болбос участкалык милиционердин, ал гана эмес "чөндөлөй курсактуу" салыкчынын деле карапайым адамдын тагдырына тийгизчү "таасири" ушунчалык ырайымсыздыгынан алар "таасир" эткенден кийин, таптаза адамдын дагы асманы карангылап жарык дүйнөдө жашагысы келбей калат экен. Алар "илибой" мыйзамды өзү каалаганындай чечмелеп, адамдардын тагдырын өзү билгендей сындырып, коомдук жашоо нормалары менен эрежелерине жогортодон түкүрүп салып, бардыгын өздөрүнө гана пайда алып келгендей кылып, өз билгендерин жасап жатса жанындан түңүлбогондон башка кандай арга жасамакчысың?

Албетте, кыргыз мамлекеттүүлүгү менен кыргыз улутунун качандыр бир кезде жок болуп кетишинен кудай сактасын дегилечи, бирок, мындай каргашалуу күндөр башка түшсө, андай кокустук биздин "күжүрмөн" милиционер, текебер тергөөчү, паракор прокурор, "согон жебес" сот, алаңгазар акимдердин чексиз наадандыктарынын, чексиз зөөкүрлүктөрүнүн кесепетинен ошентип, мамлекетибиз жоголуп, улут тымтыракай чачылып, тыпттыйпыл болуп кетиши ыктымал.

* * *

Мисалы, жөп-жөнөкөй эле маселени чечүү үчүн үч прокурор үч башка эмес, элүүдөн ашыгыраак божомол, эки жүздөй "версия" курап, кожоюндан кийин өз үй-бүлө, тууган-урук, куда-сөөк, жек-жаат, жакын санашкандарын тоюнтуу үчүн томуктай болгон проблеманы тоодой кылып көрсөтүү аракетин жасаган учурлары менде толуп жатат. Андайлардын бир мисалы, мынакей.

Мен депутат катары Ноокен районунун мурдагы "Москва" колхозунун Маданият үйүн капиталдык ремонттон өткөрүү үчүн мамлекеттик бюджеттен эптеп-септеп 4 млн. сом өндүрүп бербейминби. Жылдар өтүп, ал акчанын бир жарым миллион сомун, укук коргоо органдарынын билмексен-көрмөксөн болгонунан пайдаланып, райондун жетекчиси уятсыздык менен өзүнүн жеке менчик ресторанын курчаган, бийиктиги эки метр коргон тургузууга буруп жи- бериптир.

Бардык мезгилдерде, бардык мамлекеттерде өз чөнтөгүн Мамлекеттин чөнтөгү менен адаштырып алган кызматкерлер кылмыш кодексинин нормаларына ылайык жоопкерчиликке тартылып келген, тартылып да жатат. А биздин мамлекеттеги вахта ыкмасы менен нөөмөттөшүп иштеген генералдык үч прокурорго (алар жыл сайын алмашып турса ошентип ойлойт экенсиң) эки облустук, бир райондук прокурорго, заман антартеңтер болуп, аалам өрттөнүп жатса да кылы кыйшайып койбогон, акыркы үч баш прокурордун оодарылбас-чайпалбас үч орун басары К. Абдиев, Н. Жээналиев, А.Нефоросныхтарга канча жолу депутаттык суроо-талап менен кайрылбайын, бул мырзалар, үч жылдан бери жеке адамдын чөнтөгү менен мамлекеттин чөнтөгүнүн айырмасын такыр ажырата албай, абдан кыйналып келатышат.

Акыйкаты, алардын бири, мурдагы генералдык прокурор А. Бекназаров гана ал айрыманы түшүнүп, мага дайыма дежур жоопторун жөнөтүп турган, кайсы режим болбосун, сагызгандай сактыгы менен кара жанын гана эмес кызмат оордуна чаң жугузбай, адам тагдырын чемичкедей чагып ойноп келаткан "түбөлүк" орун басарларынын жоругу үчүн кечирим сурап, бул ишти кайра изилдөөгө жиберерин убада кылды эле, үлгүрбөй калды, кайран жигит. Дал менин ишиме киришерде аны кызматтан шыпырып салышпадыбы, кашайып. Анан мен кантмек элем. А.Бекназаровдун ордуна дайындалып, андан кийин Республиканын баш прокурору деген ээрге минген К.Т.Конгантиновго дагы ушул эле өтүнүч менен кайрылдым. Менин өтүнүчүмү карап көрөйүн деп ниеттенип калганда, аны дагы кызматынан жылдырып ийишпедиби... Кече жакында

эле жагдайды жаш прокурор Сатыбалдиев мырзага айтып, ал экөөбүз да бири-би рибизди жакпы эле түшүнгөндөй болдук эле. Бирок, кайрадан кудай төбөдөн уруп, кийинки үч генпрокурордун, анын ичинде Сатыбалдиевдин дагы, мүнөзү темир бетондон бек орун басарлары, алиги маданият үйүнө тиешелүү маселени иликтөөдө, алиге дейре жеке менчик чөнтөк менен мамлекеттик "чөнтөктүн" айырмасын түшүнө албай жаш-прокурор, баш прокурор экөөбүздүн жаман мазебизди алды да...

Алар алиге дейре - "куруучу адистер тарабынан коргондун узундугу ченелди жана ага кеткен кирпичтердин саны эсептелди, жалпы наркы чыгымдалган акчанын суммасына туура келет, андыктан кылмыш кыянаттыгы жоктой көрүнөт" деген биринчиси-экинчисине союп капта-гандай оп окшош эгиз козудай болгон "жүжүр" жооп каттарды жөнөтүп жатышат. Атаны кокуй, арман күн ай-е! Мени жана же шайлоочуларымды райондун мурдагы акими салдыргысы келген менчик саунасы менен ресторанын курчай курдурган дубалдын узун-туурасы менен бийиктиги канча экени деги эле кызыктырбайт! Райондук деңгээлден генералдык деңгээлге чейинки кыргыз прокурорлору, жанагы айырманы түк түшүнө албай жүрүп детективдүү окуяга айланып бараткан бул курулуштун бир квадрат метрине канча кирпич коюлуп, ага канча суммадагы акча жумшалганын билүүнүн мага дагы тап такыр кереги жок.

Бизди, маалында, элдин каражатына курулган, бир кезде атагы чыгып, үлгүлүү делинген азыркы "Москва" айыл өкмөтүнүн Маданият үйүнүн тагдыры кызыктырып атат. Ремонтуна бюджеттен ири суммадагы акча бөлүнгөндөн кийин бул имаратка, жок дегенде дат баскан бир ийри мык кагылып коюлбай жыл өткөн сайын өзүнөн-өзү бузулуп баратканына али күнчө бир адам да жоопкерчилик тартпай келатат. Айрыкча анын капиталдык ремонтуна бөлүнгөн мамлекеттик каражат кымтып кеткен райондогу кызмат адамдарынын бир да бири жоопко тартылбай тайрандап жүрөт.

А сиз, кадырлуу баш прокурор, кагылайын жаш прокурор жогоруда айтылган жөпжөнөкөй жана ишпалдасы иштен чыккан кылмыш ишине үтүр койдура албай жатып, аяк-башы чиеленген "аксы окуясын" иликтөөгө акыркы чекитти койдурам деп жатканыныз кызык. Мен жогоруда мисал келтиргендей экономикалык кылмыштар бүгүнкү Кыргызстанда иттин кара капталынан да арбын. Дал ошону үчүн Кыргызстандын көпчүлүк эли райондук болобу, гене- ралдык болобу, мага десе башкысынын - башкысы болсун айырмасы жок, бир да тергөочүнүн, бир да прокурордун же соттун качандыр бир кезде калыс жана акыйкаттуу

адам болуп чыга келерине түк ишенбейбиз деп ачык-айкын айтып жатышпайбы... Депутат башым менен мен дагы ишене албаганымды жашырганым жок го... Анткени, укук коргоо органынын бир кызматкеринин кылыгын кулагым менен угуп эле тим болбой, көзүм менен да көргөнүм бар. Кайгылуу "аксы окуясынан" бир мисал келтирейин. Аны алдын ала бир эски анекдот менен баштаганым туура болчудай көрүнүп турат, мага.

- Уу, тукумун соолугур, арамза, билмексен болуп зыңкыйып турасың э-э, дейт милиционер, начальнигинин жол боюндагы телеграф столбасынан сөзсүз кыйкым табуу керек деген буюругун аткарып. Зуулдап турганынын көр шерменденин! Демек, океандын нары жагындагы ант урган империалисттерге жашыруун маалымат берип жаткан экенсин да...

Бул совет мезгилинде айтыла берип ашмалтайы чыккан анекдот. А бул болсо Босписк айылынын жанында тартылып алынган видеоматериалдан. Экрандан суверепдүү Кыргызстандын милиционерлери түштүк-батыш тарапка, эл жашаган айыл тургай адамдын буту баспаган куурай талаапарга да эч кимди өткөзбөө тапшырмасын алгандыгы байкалып турат. Аңгыча, милициянын А.Ракишев деген полковниги атчан келаткан аксакал адамды токтотуп алып, айдоочунун күбөлүгүн талап кылат.

Аксакалдын айласы кетип:

- Мен атчан баратсам, кайсы күбөлүктү сурап жатасың, дейт.

А-а... андай болсо техпаспортуну көрсөт.

- Эмне, эмне?

- Атынын тех паспортун көрсөт деп жатам...

Эми жанаты анекдоттогу милиционерден полковник А.Ракишевдин кандай айырмасы бар экенин айта аласынарбы? Мен үчүн эч айырмасы жок, же күлө албай, же ыйлай албай жаман айлаң түгөнөт экен, мындайда. Кыргызстандын укук коргоо органдарынын жогорку чиндүү жетекчи составынын интеллектуалдык деңгээлин далилдеген бул телекадрды көргөн соң бийлик дал ушундай адамдарды кызмат тепкичтери боюнча атайылап жана бетпактык менен жогорулатуу ар кылуу Босписктин жанында тынч келаткан куралсыз адамдарды атуугa алдын ала даярданганын тануу кыйын. Арамза бийликтин төбөлдөрү кимди, кантип жана кай жерде, кандай пайдалануунун жолдорун эң сонун билген. Эми ким мени кыргыз милициясынын капитандары менен майорлору "Кирзадбисау" мамлекетинин полковниктери менен генералдарынан дурусураакдеп ишендиреалат?

Биздин "теңкерүшчүл" мезгилдин дагы бир мисалы. Райондук масштабда экономикалык талаш-тартышты карай турган бир соот (дагы жакшы футбол оюнунун соту эмес) өлкөнүн Президентине улуттук коопсуздук кызматынын төрагасынын орун басарын отставкага кетирүү, ал эми генералдык прокуратурага аның үстүнөн кылмыш ишин козгоо боюнча өзүнүн сунушун киргизген токтом кабыл алгандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын Парламенти "биздин Президенттин" өтө урматтуу үкаси Жаныш Салиевич Бакиевден кечирим сурашы керек" деген чечим чыгарып бериптир. Арийне, өлкө Президентине сунуш киргизүүгө же укук коргоо органдарына өтүнүч менен кайрылууга Парламент эле эмес, кимдир-бирөөдөн шек санаган ар бир жамаат, же журналист, же катардагы жаран укуктуу. Ал эми конкреттүү чечим кабыл алуу өлкө Президентинин же укук коргоо, болбосо прокурагура органдарынын өз иши, аларга берилген өзгөчө укук. Бул жерде кыргыз элинин "кыз боозун энесин коркутат" деген макалындагыдай болуп жатат. Акасине ишенген үкаси Жаныш Салиевич "ошол, курсагын төрсөйтүп алган кызга" окшоп башкаларды коркутуунун ордуна өзүн отставкага айдаган Президентти эмне үчүн сотко берип, анын кечирим сурашын талап кылбайт?

Бул жерде айрым мырзалар мени сөзгө жыгып: "Акаевдин режими милициянын линиялык бөлүмүнүн катардагы начальниги, полковник Ж. С. Бакиевди кызматтан бошотуп органдан айдап жибергенде, анын депутат агасы К. Бакиев, курбусу К. Конгантинов, же жанагы экономикалык соттун агасы, Акаевдин шакирти К. Осмоновдор "оозуна талкан тыгылгансып" бир сөз айта албай дулдуюп отурушканда, сиз аны коргоп, болгондо да маселени Жогорку Кенештин трибунасына көтөрүп чыгып, Республиканын ички иштер министрин аны мурдагы кызматына кайра коюуга мажбур кылбадыңыз беле" деп айтышы да мүмкүн. Ал чын, ошо мен болчумун. Бирок, дагы бир, башка чындык да бар. Өлкөнүн чек ара маселелерин тейлеген Улуттук коопсуздук кызматынын төрагасынын биринчи орун басары, генерал Ж. Бакиевди өлкөнүн башкы дарбазасы "Манас" аэропорту аркылуу депутат Ө. Текебаевдин чемоданындагы килейген орус матрешкасын сыртка чыгарып жибергендиги үчүн дагы кылмыш жоопкерчилигине тартуу боюнча генералдык прокуратурага сунуш киргизген Жогорку Кеңештин токтомун колдоп добуш бергеним чын. Ошондо добуш берип, туура иш кылганыма азырда ишенип турам, себеби, улуттук коопсуздук кызматынын төрагасынын орун басары өлкө чегинен түркүн түстүү матрешка түгүл, кенедей болгон боз чычкандын чыгып кетпесин камсыз кылышы керек эле. Бул аның кызматтык ыйык

милдети болуучу. Жазатайып "байкабай калдынбы". анда өз эркиң менен отставкага кетишиң керек. Анын түздөн-түз начальниги - улуттук коопсуздук кызматынын төрагасы, чынчылдыгынан тайбаган, ак ниет генерал Б. Табалдиев ошентпедиби. Мамлекетиңди сыйлабасаң, кесибиңди сыйлабасан өзүң бил. Бирок, "аканди" сыйлашың керек эле. Сен сыйлаган жоксун. Ж. Бакиев профессионалдык кызматтык милдеттерин так аткармак түгүл, тилекке каршы, өзүнүн, жанагы, "курсагын кызыктай кылып алган" кызга опокшош экендигин жумурай-журтка көргөзүп койду. Ошондуктан ал мыйзамдуу түрдө жоопкерчиликке тартылышы зарыл. Эгерде бул жолу да, айтылуу К. Осмоновдун жардамы, же алиги ЛОМдун материалдык жана моралдык кысымы мененби, иши кылып "бакиевчилер" менен "акаевчилер" бир "тандемге" биригип баш кошуп келип, Жогорку Кеңешти Ж. Бакиевден кечирим суроого мажбурлаган күндө да, мен эч качан андан кечирим сурабаймын. Мен андан көрө Жогорку Кеңештин отурумунан чыгып кетип, тигинисине да, мунусуна да кыргызча "колуңдан келгенин кыл" - деймин, андайга түшүнбөсө, "пошел ты, и ты пошел..." деп гана басып кеткенге аргасыз болом...

Кыргызстандын укук коргоо органдары кандай иштеп жаткандыгын айгинелеген дагы бир жапжаңы мисал. Кече эле болгон иш...

Үстүбүздөгү жылдын март айында Базар-Коргон районунун аймагында кайсыдыр бир жаш аялдын өлүгү табылат. Ал өтө мыкаачылык менен, денесине сегиз жолу бычак сайылып, моюну үзүлүп өлтүрүлгөн. Жергиликтүү милиция кимдир-бирөөнүн айтымына таянып, аны мисалы, Майрамдын өлүгү деп аныктап чыгат да тергөө ишине киришет. Дароо эле бул өлтүрүүгө шектүү делинип, Яркинай деген аял камакка алынат. Анан Яркинай бечара, "акичүкү"-деп тергөөчүлөрдүн башын айлантып отурбай өз "күнөөсүн" мойнуна алып, ага кошумча, өзүнүн бир тууган синдисинин күйөөсү Хусанбай кургурду да ала жыгылат. Кыскасы, иш сотко ашырылат... Анан Яркинайдын курдашы Мухабат деген башка келинге Жалал-абаттын автобекетинен типтирүү жүргөн, жанагы, Майрамдын өзү кокусунан жолугуп калса болобу. Көрсө, аны эч ким өлтүрбөптүр, Өзбекстандык бирөөгө күйөөгө тийип, ошол жакка кеткендигине байланыштуу Базар-Коргондо көптөн бери көрүнгөн эмес экен. Анын эртеси эле Базар-Коргон районунун милициясына келип, акыйкат көрсөтмө бергиси келген Мухабатка райондун абройлуу адамы делинген милициянын офицери:

Мен иликтеген иштин ыпалдасын чыгарба, өзүңдүн көрсөтмөңдү да, Майрамдын көрсөтмөсүн да жогот, муну үчүн мен сени ыраазы кылам, - дейт.

А эгер Майрам өзү сотко келип, болгонун болгондой айтсачы? дейт Мухабат.

Айтпайт, - дейт офицер. - Биз аны ага жеткирбей, Нарынга чөктүрүп, тамам кылабыз. Эгер сен тилиңди тишиңе ката албасаң, сени да ошентебиз.

Базар-Коргон районунун милициясынын оперативдүү изилдөө кызматкерлери кандай кылмыш болбосун өздөрү каалагандай жол менен кантип "бетин" ачыштын жана кимдин мойнуна эмнени алдырыштын эң арамза жолун билишерине көзүңөр жеткендир, урматтуу депутаттар. Мындай жосунсуз жоруктар "акаевдин" маалында деле болуп келген, азыр "бакиевдин" мезгилинде деле болуп атат. Көрүнүп тургандай, мындай кыңыр иштерди жасаганга мүмкүндүк берген усулдардын маңызы да эч өзгөрбөстөн сакталууда.

* * *

Жогорку Кеңештин депутаты С. Урманаев менин досум да, алыс же жакын тууганым да эмес. Жадегенде кошуначылыгыбыз да жок. Жаш куратарыбыздын айырмасы да бир топ бар. Акаевдин заманында областтын губернатору экөөбүз отубуз анча күйүшпөй жүргөнүнө карабай, мен аны өз колум менен Кыргызстандын "укук сойгуч" органдарынын кан жыттанган түктүү колуна салып бергенге, дитим чыдабай турат. Чынын айтсам, бүгүн мен, Кыргызстандын азыркы "адилетчилерине" өзүмдүн парламенттеги колле- гамдын тагдыры түгүл, жыландын баласынын тагдырын дагы ишенип бербес элем.

С.Урманаевдин өтө жупуну жана анча бетке чабарлыгы жок сыпайы мүнөзүн билип туруп, жогоруда айтылган Базар-Коргон окуясынан кийин, кыргыздын кайсы тергөөчүсү болбосун, "кампир шабдоолу жегиче" аны үч уктаса түшүнө кирбеген кылмышты жасаганын моюнуна алдырып саларынан кенедей дагы шек санабаймын. Ал аздык кылса, Жогорку Кеңештин депутаты С. Урманаев мурда жазып бергендерине кошумча кылып, Германиянын рейхстагын өз колу менен өрттөгөнүн дагы мойнуна алышы ыктымал. А Кыргызстандын соттору болсо анын рейхстагды өрттөгөнүн жана ал ишти аткарып жатканда С. Урманаевтин жалгыз болбогонун кадиксиз далилдер менен мойнуна коюп берет. Акыр аягында дал ушул С.Урманаев Берлиндеги рейхстагды жалгыз өзү эмес, А.Мадумаров экөөлөп өрттөгөнү "айкын" болуп чыга келет...

Мындай мисалдар, улгайган сайын, кыргыздын укук коргоо органдарынын адилеттүүлүгүнө, айрыкча адам тагдырына байланышкан маселелерде таптакыр ишенбеш керектигине кайра-кайра кайрылтып, биротоло ынандырып баратат. Эгерим биздин адилетчилерге ишенич арта

турган болсок, анда алар, өтө керек болсо, "аксы каргашасынын" чыгышына ошол кездеги бийлик адамдары эмес, март айында же гүлдөбөгөн, же бүрдөбөгөн "аксынын суволуч алмалары" (аны Намангандын алмасы менен адаштырып албагыла) айыптуу экенин деле "далилдеп" бере салышат.

Урматтуу депутаттар!

Менин баамымда, эгерде Акаевдин кылмыштуу жана калкына каршы жасалган касапчылыгынын үстүнөн өз убагында (Нюрнберг жараянындай) соттук териштирүү жүргүзүлгөндө, андан кийин, балким, кошуна-ашыналарыбыздын "кызыл мечит", "анжиян капсалаңы" болмок эмес, жана да дүйнө жүзүнүн булуң-бурчтарындагы кандуу окуялардын жаралышы жатынында жайрамак. Ким билсин, балким, эл аралык мындай процесстин дагы бир жолу өткөрүлүшүнөн кийин көптөгөн диктаторлор адам өмүрүнө өз билгениндей кыянаттык кылууга батына албай калышы мүмкүн. Ошон- дуктан, урматтуу депутаттар, менде мындай бир сунуш бар. Кыргызстандын укук коргоо жана сот системасынын чыныгы жүзүн аныктилгендигибизге таянып, алардын эч качан адилет иликтөө жүргүзө аларына көзүбүз жетпегендиктен, Аксы трагедиясын обьективдүү чечмелөө үчүн, ага байланышкан тергөө документтерин толук жыйнап туруп Бириккен Улуттар Уюмунун коопсуздук кеңешинен жардам сурап кайрылганыбыз туура жана акыйкаттуу болчудай сыяктанат, мага. Мунун үчүн бул уюмга Кыргызстандын Президентинин, Өкмөтүнүн жана Жогорку Кеңешинин атынан расмий кайрылып, Европалык сот уюмунун мүчөлүгүнө катталып өз убагында, экинчи дүйнөлүк согуштан кийин бүткүл дүйнөгө көрсөтмөлүү - үлгү болуп берген Нюрнберг жараянын уюштурган эл аралык АскерТрибуналынын ишин кайра жандандыруунун өтүнүшүбүз зарыл. Биз кыргыздар аз болсок да бүткүл дүйнөдө жашаган адамзат тукумунун кичинекей бир тутумубуз. Кыргызстандын территориясы чакан болгону менен, жер шаарынын бир үзүмү. Бириккен улуттар уюму жер жүзүндө жашаган баардык элдин жана улуттардын чоң жана кичине маселелерин адилеттүү чечүүгө багытталган үлкөн уюм. Анан да биздин мамлекетибиз бул уюмга мүчө болуп, жарандарыбыз алына жараша салык да төлөп турушат. Андыктан бул уюм "аксы окуясынын" мисалында, XXI кылымда Кыргызстан гана эмес, бүткүл дүйнө өлкөлөрүндө бир дагы диктатордун дини мусулман, же христиан, же атеист болобу, айырмасы жок, ишти кылып адам өмүрүн кыйгандыгы үчүн сөзсүз жазаланаарын так билип, кысар жерин бекем кысып жүрүшүн дагы бир жолу эскертип коюу максатында "Нюрнберг-Н" жараянын уюштурулушу зарыл.

Бул жашоодогу эң тендешсиз, эң кымбат нерсе - адам өмүрү. Ага ниет булгаганга, кол көтөргөнгө, инсанды кан кустурганга эч кимдин акысы да, укугу да жок. Андыктан, адам баласынын адамдык касиетин сактоонун бирден бир көрүнүшү болгон адам өмүрүнө ниет булгабоо боюнча, өзүн адаммын деп ойлогон пенде, ал диктатор болобу, же каракчыга тонотуп ийген ууру болсо деле баары бир ушундай сынактан өтүшү парз. Кайсы бир идеяны ишке ашырып анын пайдасын көрүү үчүн өзү сымал ансезимдүүнүн өмүрүн кыйууга жол берилбейт. Айрыкча колунда куралы жок жарандарды өлтүрүү, адам эмес, адамзатка каршы ар качандан бир качан өтө оор кылмыш делинип эсептелиниш келатат. Бизге К.Бакиев менен А. Атамбаев колдоо көрсөтөрүнө менин үмүтүм зор, анткени Бириккен Улуттар Уюмунун жардамы менен биздеги юридикалык өтө татаал бул маселе өтө жогорку профессионалдык деңгээлде чечмеленишине бизден дагы бул эки жетекчи биринчи кезекте кызыкдар болушу керек. Так ошондо гана бийликтегилер өз пайдасы үчүн административдик ресурстарды шермендечилик менен пайдаланып жаткандыгы жөнүндө эл ичиндеги күбүр-шыбыр айың сөздүн аягы тыйылат. Так ошондо гана Бакиевдин дагы, Атамбаевдин дагы мамлекетти таза башкарышына даңгыраган жол ачылат. Башкача айтканда, алар өткөнгө кылчактабастан өз бийлигин жаңы жана таза баректан башташат. Бул деген ар бир бийлик адамынын жана өлкөбүздүн бүткүл калкынын көктөн тилегени, жерден табылып жаткандай эле иш эмеспи...

Эгер Кыргызстандын биринчи жана экинчи президенттери экөө тең өздөрү тандаган жолу туура экенине, эгер экөө тең "аксы окуясынын" чыгышына өзүлөрүнүн айыбы жоктугуна ишенсе, анда алар эч нерседен: эл аралык Трибуналдан да. паракорлугу ашынган осмоновдук соттон дагы э-эч коркпошу керек. Күнөөсү жок адамды, Нюрнберг эмес, жети башту желмогузда майышпыра албайт...

Бирок, эски жана жаны Президенттер өзүлөрү жөлөп-таяп, юридикалык талаада тай-тайлап бастырып чоң жолго салып койгон Кыргызстандын тергөө, сот органдарында иштеген шакирттерине ишенишпей, суракка келбей жатышса, анда мен эмне үчүн аларга ишенип, С. Урманаевдин же башка бирөөнүн тагдырын өз колум менен алардын өлүм жыттанган колдоруна салып беришим керек? Жанагы депутаттыктан баш тарткан мен сыяктаныш, Акаев менен Бакиев дагы өзүлөрүнүн кол тийбестигинен баш тартып тайманбас- тыктын, тазалыктын чыныгы жигиттиктин өрнөгүн көргөзсүн жумурай-журтка... Ошондо баарыбыз "кыйк" этпестен алардын артынан ээрчийбиз. •

Эмне себептен мен Нюрнберг процессине окшош сот болушун кайра-кайра кайталап айтып жатамын? Себеби, дал ушу дүйнөлүк маанидеги, жараяндын болгондугунун натыйжасында адамзатка каршы арамза аракеттердин маани-маңызы, жумурай-журтка кеңири жана айкын ачылган. Айталы: 'Трибуналдын юрисдикциясына таандык, кылмыштардын жана анын натыйжасында жеке жоопкерчилик тартуунун аныктамалары бар. Мисалы,

а) Бейпилчиликке каршы кылмыш...

б) Аскерий кылмыш...

в) Адамзатка каршы кылмыш.

Жарандык жамааттарга каршы мыкаачылык жана душмандык аракеттер, адам өлтүрүү, тукум курут кылуу, абака салуу, кыйноо, зордуктоо жана башка ушул сыяктуу зомбулуктар.... өз өлкөсүнүн мыйзамдарын бузабы же жокпу, ага карабай адамдарды саясий негизде куугунтуктоо кылмыштарын жасоо...

Жогоруда көрсөтүлгөн кылмыштардын жасалышына багытталган жашыруун макулдашууларды же жалпы пландарды түзүүгө катышкан жетекчилер, уюштуруучулар, же аларды азгыргандар жана жардам берип колдоо көрсөткөндөр, ушундай аракеттери үчүн сөзсүз жоопкерчиликке тартылышы керек. Ким гана болбосун, улутуна, динине жана ээлеген кызматына карабай, төмөндө көрсөтүлгөн учурларда кылмыш жасаган адам болуп эсептелет;

а) кылмыштын негизги катышуучусу болгондо же

б) бул кылмыштарды жасоого буйрук бергенде же шериктеш катары ага айгак болгондо:

в) ага катышууга макулдук бергенде;

г) бул кылмыштардын жасалышына айгак болгон пландарды жана иш-чараларды түзүүгө катышканда;

д) бул кылмыштарды жасоого катышкан уюмдардын же топтордун бирине мүчө болгондо...

Мындай кадамдарды жасаган адамдардын кимиси болбосун, расмий жагдайына карабай, ал мамлекет башчысы же өкмөттүн кайсы бир департаментгин жетекчиси болобу, кылмыш жоопкерчилигинен бошотулбайт жана жазалоодо жеңилдик берилбейт.

Ким гана болбосун, өкмөтүнүн же өзүнөн жогору турган начальнигинин буйругун аткарып, анысы кылмышка малынган иш болсо, андай адам мыйзам алкагындагы жоопкерчиликтен куткарылбайт ж.у.с.".

Мындай учурда биз, урматтуу депутаттар, айыштоонун үчүнчү

пунктундагы "адамзатка каршы кылмыш жасоо" - деген түшүнүккө абай салышыбыз керек: себеби куралсыз жарандарга ок атуу дал ушул беренеге туура келет экен. Өзүнөр көрүп тургандай, мындай кылмыш үчүн айып тагуунун тизмесине Аксыдагы адам өлтүрүүгө түздөн-түз жана каймана катышкан күнөөкөрлөрдүн бардыгы кирет.

Мына ошондуктан кыргыз бийлигинин Аксы районунда адамдарды аң-сезимдүү өлтүрүүлөрдү, кыйноолорду, уруп-токмоктоолорду, шылдың-дап маскаралоолорду саясий кылмыш катары баалоого моралдык акыбыз бар. Бул кылмыштын жетекчилери, уюштуруучулары, айгактары шерик-тештери, тымызын катышуучулары, баары болгон. Саясий кылмыштар-дын жетекчилери менен уюштуруучулары өз колдорун каракочкул канга булгабаш үчүн ар дайым жогорку кызматтарда отурушат. Алар кол алдындагы майда адамдарды кантип жана кандайча пайдаланууну эң жакшы бинлишет. Ошону үчүн кызматынын канча даражада чоң болгону-на жараша кылмыш жоопкерчилиги да ошого тете болушу абзел. Себеби, алдын ала ойлонулуп жана атайылап жасалган мындай аракеттер - бул моралга жана мыйзамга каршы жасалган чоң кылмыш болуп эсептелет.

Урматтуу мекендештер!

Жанаша жашоого багыт алган азыркы заманда, биз жалпы адамзаттык аксиомаларды өздөштүрүп, анын талаптарына жараша жашоого тийишпиз. Качан болбосун, каерде болбосун "Эки жерде эки-төрт" экенин эч ким тана албайт, же машинеси менен бир жакка бара турган айдоочу эң алды ачкычы менен кулпуну ачып моторун от алдырып, эгерде кыргыз беш бармак жегиси келсе оболу кой соёру эки жерде эки төрт дегендей эле түшүнүк. Бирок кыргыз акең, мейли ал Кыргызстандагы эң чоң кызматты ээлеп турсадагы койдун мээ- сини чыгарып көзүн чукуп жегенди билерин бүткүл дүйнөгө көрсөтүп отуруштун эч кажети жок болсо керек. Ааламда — адамзаттын жашоосунун, жүрүш-турушунун улутка, урууга, тонпко тиешелүү бири-бирине шайкеш келбеген аркыл-аркыл этикалык нормалары бар...

Дүйнөлүк юриспруденциянын оодарылбас-чайпалбас эрежелеринен азыноолак болсо да мисал келтирип көрөйүн...

"Эгерде эки же андан көп адам биргелешип банк уурдоону ой-лонуштуруп, кылмыштуу бул ойду ишке ашырууда алардын бирөө эле адам өлтүрүүгө чейин барса, анда ал банкты уурдоону пландаштырууга жана каректоого катышкан баардык адамдар, адам өлтүрүүгө түздөн-түз тиешеси бар же жоктугуна карабай, адам өлтүргөнү үчүн күнөөлүү деп табылат..."

"Мыйзамдык жашоо таризи логикага эмес, тажрыйбага негизделет... Ошондуктан жалпыга кеңири белгилүү фактылар далилдөөнү талап кылбайт жана сот тарабынан далилдөөлөрсүз эле кароого алына берери бардык юриспруденция тажрыйбасында таанылып келет. Буга, далилдөөгө муктаж болбогон фактыларга, тарыхый кеңири белгилүү окуялар эң сонун мисал боло алат. Эгер соттошо келсе, бир да бир сот 1961-жылы орус падышасы Алек- сандр II крепостук укукту жойгондугу жөнүндө далилдөө талап кылып, ал учурда АКШнын президенти Джорж Вашингтон беле, же Англиянын шаасы Георг III беле деп мээ кайыгып, эч кимди убайымга салып убара кылбайт.

Эми, жогоруда көрсөтүлгөн аксиомаларга дагы бир сүртүм боёк кошо кетейин: "Бир да бир сот Аскар Акаев Кыргыз Республикасынын биринчи президенти болгонуна, а Курманбек Бакиев 2002-жылы Кыргызстандын Премьер-министри экендигине далил талап кылбайт..."

Урматтуу депутаттар!

Аксы трагедиясын объективдүү. акыйкат жана биротоло аягына чыгара чечүү үчүн, бул оор жүктү келечек муундарга оодара салбаш үчүн, күнөөсүз өлтүрүлгөн, майып болгон жана руханий жана дене боюнан жаракат алган жарандарыбыздын саясий мурасын аткаруу үчүн, акыр аягы кыргыз улутун биротоло оңолуп, сакайышы үчүн бүткүл дүйнөлүк жана жалпы адамзаттык баалуулуктарга, баарыдан мурда мыйзамдарга кылдат таянуу менен көрсөтмөлүү жана ачык айкын "Абийир сотун" өткөрүүгө милдеттүүбүз.

Мындай эл аралык сот кандай гана бүтүм чыгарбасын, биз кыргыздар аны "кыңк" этпей эң акыркы чындык катары кабыл алышыбыз керек. Кимдир-бирөөнү күнөөлүү деп таптыбы? - айыбын тартсын. Ал эми кимдир-бирөө узун-туурасынан акталып чыкса, ага макул болбой тууган-урукту көчөгө алып чыгуунун кажети болбой калат. Эл аралык трибуналдын өкүмү канчалык катаал болбосун кыргыздар тарабынан терең түшүнүктүүлүк менен кабыл алы- наарына ишеним артып айтып жатамын бул сөздөрдү.

Ошондо гана бул жыйынтык бүткүл Адамзатка тиешелүү моралдык жана руханий мыйзамдар жаманчылыкты жеңип, салтанат курат. Мамлекеттик чыныгы бийлик мыйзамдуулуктан сырткары жашабайт, же аны зордуктап, ээр токуп минип албайт, же ал жеке бир адамдын колунда да болбойт. Өлкөнүн ар бир карапайым жараны сымал бардык мамлекет башчылары бул жашоодо Кудай алдында жана мыйзам алдында жоопкер. Мамлекет деген кандайдыр бир абстрактуу көрүнүш эмес. Андыктан

мыйзамды бузган адамдарды эч кандай мандат сактап кала албайт жана актап да кете албайт. Баардык адамдардын укугу да, милдети да бирдей, аракеттери да, жоопкерчиликтери да айырмасыз. Кайсы өлкөнүн, кандай гана Президенти болбосун, өз жарандарынын алдында ант берип, милдет аркалаары менен, ал өзүнүн эркиндигин белгилүү бир өлчөмдө чектейт жана кандай гана саясий жаңылыштык болбосун, ал жаңылыштыктын кылмыш ишине тиешеси болсо андай адам жеке жоопкерчилик тартууга милдеттүү. Адамзатка каршы кылмыш жасалса, анын андан бетер жоопкерчилиги оор болот.

Урматтуу мекендештер!

Эч бир улут биримдиксиз, коомдошуп, жашоонун эрежелери боюнча жалпы жарандардын ынтымагы жана бирдиктүү моралы болмоюн түбөлүгү түз жашай албайт. Андыктан мен, Дооронбек Садырбаев, көп жашап, көптү көргөн карапайым Кыргыз жараны жана республиканын Жогорку Кеңешинин үч жолку чакырылышынын депутаты катары, бүгүн өлкөбүздүн баардык мекенчил атуулдары менен ак дил жарандарынын, демократиялык күчтөрүн Кыргыз мамлекетинин кыргыз улутунун келечеги үчүн, "бир жакадан баш. Бир жеңден кол чыгарып" биригүүгө чакырамын. Мен партия лидерлерин, жарандык жана бейөкмөт уюмдардын жетекчилерин, ошондой эле ар кандай кландардын акыл-эстүү башчыларын өз кызыкчылыктарын жана жеке амбицияларын жыйыштырып жана мансапсыз кайсыдыр бир режимге эмес, өз элине кызмат кылууга үндөгүм келет. Демократиянын салтанат курушу үчүн бардык акыл-эстүү жана карапайым жердештерими да биригүүгө чакырам! Биздин жарандарда жакшы жашоого, эркин жана акыйкат, бардагер турмуш өткөрүүгө укуктуу. Мына ушундай биримдик үчүн мен өзүмдү курмандыкка чалууга даярмын!..

Урматтуу депутаттар!

Эми өз докладымын жыйынтык бөлүгүнө өтүүгө уруксат этиңиздер. Жалалабат облусунун мурдагы губернатору, депутат С. Урманаевди кылмыш жоопкерчилигине тартууга макулдук берүүсүн Жогорку Кеңештен суранып жазган катында баш прокурор негизинен көп маселелерди туура аныктаган экен, бирок, Кыргыз Республикасынын Конституциясына жана мыйзамдарына ылайык мамлекеттик жогорку мүмкүнчүлүктөр берилген кызмат адамдарынын конституциялык, функционалдык жана иерархиялык жоопкерчиликтери боюнча акценттери гана анча так коюлбай калыптыр...

Баш прокурор мындай деп жазат: "Жалал-Абад облусунун губернатору,

принцибинде, областтын территориясында мамлекеттин аткаруу бийлигин жетектеген жападан-жалгыз кызмат адамы жана бийликтин бирден-бир өкүлү катарында ага өтө жооптуу орун, уюштуруу-буйрук кылуу жана көзөмөлдөө функциялары, сыяктуу мамлекеттин эң жогорку мүмкүнчүлүктөрү берилгендиктен ал;

1. ...Чукул кырдаалдардын алдын алуу жана аны болтурбоо чараларын координациялоо жана ишке ашырууга милдеттүү болуучу..."

Биринчиден: Жогорку Кенештин Мыйзам чыгаруучу жыйынынын протоколдук тапшырмасына ылайык бул функцияларды 2002- жылдын 10-январынан баштап, биринчи кезекте Президенттин Администрациясы, өлкөнүн коопсуздук Кеңешинин катчысы, Баш прокуратура, Мамлекеттик катчы, Улуттук Коопсуздук кызматынын төрагасы, республиканын ички иштер министри аткарууга тийиш болгон, ал эми Жалал-Абад облусунун губернаторунун дагы бул иш-чараларга катышуусу сөзсүз керек эле.

Экинчиден: урматтуу баш прокурор качантадан бери, тынч митинг, пикет, жүрүштөрдү жана демонстрацияларды "чукул кырдаал" деп жүрөбүз? Же бул термин өздөрүнүн конституциялык мыйзамдуу укугунун негизинде куралсыз, жүрүшкө чыккан аксылыктарга тиешелүү эрежеби? С. Ожегов түзгөн орус тилинин сөздүгүндө, Кыргыз Республикасынын Конституциясындагы жана Кылмыш кодексиндеги юридикалык аныктамаларда: сырткы куралдуу агрессияны, же табигый жана техногендик кыйроолорду, суу каптап, сел көчкү жүрүп, өрт чалып, жер титирөө болгондогу абалды "чукул кырдаал" - деп коюшат экен. Эгерде, генералдык прокуратуранын барыга барабар мыйзамды өз билгениндей жоруганына жол бере турган болсок, анда мен, - "кичинекей Кыргызстандын калкы жана мамлекети үчүн "чукул кырдаал" дал ушундай адилетсиз укук коргоо, соттук жана прокурордук системанын түзүлүшүнөн башталат" - деп айтсам деле болот турбайбы...

Ошондуктан урматтуу баш прокурор, Жогорку Кеңешке жазган сунушкатыңызды үргүлтү чиритип алгыңыз келбесе, анын 1-пунктунда С. Урманаевке коюлуп жаткан айыптоону, тезирээк кайта "алып кетиңиз" - деп кеңеш берер элем.

2. "Мамлекеттик жана коомдук тартипти катуу сактоону жана жарандардын укуктарын, эркиндиги менен мыйзамдуу кызыкчылыктарын камсыз кылууну көзөмөлдөө жана ишке ашыруу..."

Бул, биринчиден, бийликтин борбордук аткаруу бутактарынын: Баш прокуратуранын, Улуттук коопсуздук кызматынын, Президенттин администрациясынын функционалдык милдети, анан да, албетте,

жергиликтүү мамадминистрация да мындан четте калбашы керек эле.

3. "Аксы районундагы коомдук-саясий оор абалды жеңилдетүү жана туура нукка салуу масслесинде облустун бардык мамлекеттик органдарынын бирдиктүү жана өз ара аракеттенүүсү, эл алдында жоопкерчилиги, облустун коомдук ички саясий коопсуздугун коргоо боюнча мамлекеттик саясатты ишке ашыруу, комплекстүү иш-чараларды иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу..."

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин мыйзам чыгаруу Жыйынынын пленардык заседаниесинен кийин 2002-жылы 10- январдан баштап Жалал-Абад облусунун губернаторун андай көзөмөлдөөнүн жана башкаруунун бардык рычагдарынан четтетип салышса, ал бул функцияларды кантип аткарышы мүмкүн эле? Кыргыз Республикасынын Президентинин Указы менен облусттук баардык күч структураларынын Координатору болуп Жалал-Абад облусунун прокурору З. Кудайбергенов дайындалып, андан соң Премьер-министрдин токтому менен областтагы "жетекчилик" ИИМ министринин орун басары К. Садиевге жүктөлүп жатпайбы. Облустук мамадминистрациясынын жетекчиси оперативдүү штабдын жстекчисине баш ийип калган соң, республиканын Премьер-министринин 2002-жылы 17-марттагы токтому менен С. Урманаевке, болгону, региондун аксакалдары менен сүйлөшүү ммлдети гана тапшырылган. 2002-жылдын 17-мартындагы Премьер-министр кол койгон протоколду окуңуз.

Жергиликтүү администрациянын жетекчисин күнөөгө жыгуу аракетин жасоонун алдында ар бир мамчиновниктин укугун жана милдетин тактаган Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын статьяларына таянуу керек эле.

Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу жана мамлекеттик администрациялары жөнүндөгү мыйзамынын 63-статьясынын экинчи пункту мындай дейт:

"Жергиликтүү мамлекеттик администрациянын башчысы мамлекеттик бийлик органдарынын бардык бутак-шагынын ишмердүүлүгүн координациялайт, сот, прокурор, мамлекеттик органдардын, улуттук коопсуздуктун жетекчилеринен башканын баарын дайындоого маакулдугун берет.

Бул мыйзамга ылайык, губернатор, өзү өтө каалап, жулунуп-жулкунса да күч структураларынын эч кимисине кенедей дагы таасир эте алмак эмес, андыктан бул пункт боюнча анын аракеттеринен кылмыштын изин табуу кыйын. Ал кезде жаралган коомдук-саясий оор абалды жеңилдетүүгө негизинен А. Карыпкулов, М. Ашыркулов, Б. Жанузаков, Т.

Акмагалиев, К. Иманкулов, Ч. Абышкаев жооптуу болушу керек эле. Дал ошолорго баш ийген облустук уюмдар абалдын жагдайын күн сайын үзгүлтүксүз байма-бай билдирип турушкан.

Мындан сырткары Республиканын Баш прокурору Жогорку Кеңешке жазган катында; Жалал-Абад облусунун мурдагы губернатору С.Урманаевге "А.Бекназаровдун баш коргоо чарасын өзгөртүү боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин депутаттарынын, эл аралык уюмдардын өкүлчүлүктөрүнүн, саясий партиялардын жана коомчулуктун көптөгөн кайрылууларына кош көңүл мамиле кылгандыгы... үчүн" деген күнөө жабууга аракеттенген.

Урматтуу Баш прокурор! Сиз бул жерде саал-паал "аша чаап" кетипсиз. Анткени, мамлекет башчысынын ааламга карай турган адилет көзү делинген жападан жалгыз адамга Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын так билбегендик, алгылыктуу аброй алып келбейт экен. Баш прокурор мырза, Сиз жакшылап угуп, жадынызга түйүп алыңыз. Жогорку Кеңештин жаңыдан шайланган жаш депутаты түгүл, юридикалык факультеттин 1-курсунун студенти дагы кимдир-бирөөнүн баш коргоо чарасын өзгөртүп бериниз деген өтүнүч менен Президентке да, Премьер-министрге да, губернаторду биякка кой, участкалык милиционерге да кайрылбайт. Бул аксиоманы башкалар билбесе да, сиз сөзсүз билишиниз керек эле. Мындайда депутаттар прокурорго же сотко кайрылат. Андыктан А.Бекназаровдун баш коргоо чарасын өзгөртүп бериниз деп С.Урманаевге бир дагы депутат кайрылган эмес, кайрылбайт жана кайрылышы мүмкүн эмес, бул прокуратуранын коридорлорунда айтылып жүргөн адаттагы жөө жомогунун бири болсо керек.

4. "Облустагы коомдук-саясий абал боюнча объективдүү аналитикалык-маалыматтарды жана ошондой эле ички саясат боюнча көрсөтүлгөн проблемалуу маселелер боюнча керектүү сунуштарды даярдоону жана жетекчиликкке киргизүүнү камсыз кылуу.

Бул мамлекеттик катчынын жана анын маалымат бригадасынын бирден-бир функционалдык милдети жана өзгөчө ыйык парзы.

5. "Облустук жана райондук деңгээлдеги аткаруу бийлигинин милдеттик органдарына жана анын кызматкерлерине, областын укук коргоо органдарынын жетекчилигине жана башкаларга, Аксы районунун мамлекеттик администрациясынын башчысына Аксыдагы абалдын курчушуна жол бербөө жана нормалдаштыруу боюнча керектүү тапшырмаларды берип, атайын милдеттерди аткартыш керек эле".

Бул дагы Президенттин Администрациясынын жана Өкмөт аппаратынын өзгөчө милдети.

6. "Мамлекеттик бардык органдардын өлкөнүн ички саясатынын башкы багыттарын ишке ашыруусуна, Кыргыз Республикасынын Конституциясын жана мыйзамдарын аткаруусуна көзөмөлдүк кылуу жана башкаруу боюнча өз милдеттерин жүргүзүп, жергиликтүү мамлекеттик органдардын жетекчилеринин жана укук сактоо түзүмдөрүнүн ишмердүүлүгүндө учурдагы кемчиликтерди жоюу боюнча чараларды көрүүсү керек эле".

Бул Президенттин Администрациясынын, Өкмөттүк жана Генералдык прокуратуранын Конституциялык милдеттери.

7. "Облустун тийиштүү мамлекеттик органдарынын өз ара биргелешип иштешин координациялап, алардын коомдук-саясий абалын баалоо боюнча уюштуруу-башкаруусун керектүү деңгээлде камсыз кылып, окуянын өнүгүшүн прогноздоп, жаралган өзгөчө кырдаалдарды басуу боюнча алдын алган чараларды көрүшү керек эле".

Бул дагы Президенттин Администрациясынын, Өкмөттүн жана Улуттук Коопсуздук кызматынын күн сайын, ай сайын тынымсыз жүргүзө турган функционалдык милдети.

8. "Облустун аймагындагы коомдук тартипти камсыз кылуу жана коомдук-саясий абалдын начарлашына персоналдуу жоопкерчилик тартуу..."

Мындай жоопкерчиликти, каргашалуу окуя Мамлекеттин кайсыл гана чегинде болбосун, биринчи кезекте Поезидент А.Акаев, Премьер-министр К.Бакиев тартышы керек. Алар өз кызматтарынын абалынын бийиктигине жана функционалдык милдеттерине жараша тез аранын ичинде тийиштүү жыйынтыктарды чыгарышы, ыкчамдатылган чечимдерди кабыл алып окуянын алдын албаган жана ага жол берген республикалык, облусттук жана райондук масштабдагы бардык чиновниктерди, алардын ичинде Жалал-Абад облусунун губернатору С.Урманаевди да жазалашы керек болуучу.

Урматтуу депутаттар!

Парламенттик комиссия Кыргыз Республикасынын баш прокуратурасынын, "депутат С.Урманаевдин кол тийбестигин алып таштап кылмыш жоопкерчилигине тартууга Жогорку Кеңештен макулдук сураган сунушун" карап чыгып, 2002-жылдын 17-19-мартында болуп өткөн "аксы окуясына" тиешелүү бардык материалдарды кылдат текшерүүдөн өткөрүп, Кыргыз Республикасынын Конституциясына,

өлкөнүн аракеттеги мыйзамдарына таянып жана жалпы адамзатка тиешелүү дүйнөлүк тажрыйбаларды эске алып, төмөндөгүдөй жыйынтыкка келди:

I.Кыргыз Республикасынын Генералдык прокуратурасына сунуш кылынсын.

1. Аксы районунун куралсыз келе жткан калкына ок атуу фактысы боюнча кылмыш иши козголсун.

2.Жалган маалыматты таратуу менен карапайым калкты тескери багытка азгырып жана жаңгарды ээликтирип, тараптарды кагылышууга алпарган жагдайдын башкы идеологдору болгон, мурдагы мамлекеттик катчы О.Ибраимовду, мурдагы ички иштер министри Т.Акматалиевди, мурдагы генералдык прокурор Ч.Абышкаевди, улуттук телерадио компаниясынын урдагы президенти Б.Мамбетакуновду, "Кыргыз Туусу" гезитинин мурдагы баш редактору А.Матисаковду, "Эркин Тоо" гезитинин мурдагы баш редактору Э.Калдаровду, журналисттер Н.Кочкоров, Б.Алыкулов, Ө.Касыбеков, Кален Сыдыкова, Д.Кыштообаевди кылган кылмышынын салмагына жараша жоопко тартсын.

3. Аракеттери жана аракетсиздиктери адамдардын өлүмү менен коштолгон өтө оо натыйжаларга алып клген "аксы окуясынын" каргашасын уюштуруучулар, уюштурууга шрик болгон, жана аларга жардам бергендер катары төмөндөгү аты аталган чиновниктерди жоопко тартууга кылмыш иши козголсун: Президенттик Администрациянын мурдагы жетекчиси А.Карыпкуловго, Президенттик Администрациянын жетекчисинин мурдагы орун басары Б.Жанузаковго, Аксы районунун мамлекеттик администрациясынын мурдагы акими Ш.Осмоновго, мурдагы вице-премьер К.Осмоновго, мурдагы вице-премьер Н.Танаевге, Улуттук коопсуздук кызматынын мурдагы төрагасы К.Иманкуловго, Улуттук коопсуздук кызматынын Жалал-Абад облустук башкармылыгынын начьниги Т.Мамбеталиевге, Улуттук коопсуздук кызматынын райондук бөлүмүнүн начальниги Б.Абдыразаковго, республиканын ички иштер министринин мурдагы орун басары С.Дубанаевге, республиканын ички иштер министринин мурдагы орун басары К.Садиевге, Бишкек шаардык ички иштер башкармасынын мурдагы начальниги, республиканын ички иштер министринин мурдагы орун басары К.Дүйшөбаевге, Жалал-Абад облустук ички иштер башкармалыгынын мурдагы начальниги К.Токобаевге, Жалал-Абад облустук ички иштер башкармалыгынын кылмыш ишин изилдей турган бөлүмдүн мурдагы начальниги А.Ракишевге, Аксы райондук ички иштер бөлүмүнүн мурдагы

начальниги Д.Кулуевге, Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун мурдагы орун басары Ж.Досматовго, өлкөнүн коопсуздук кеңешинин мурдагы катчысы М.Ашыркууловго, республиканын мурдагы генералдык прокурорлору М.Абдылдаевге жана К.Конгантиновго ("аксы окуясы" боюнча кылмыш ишин негизсиз жаап калышкандыктары үчүн), генералдык прокурордун мурдагы орун басары К.Абдиевге, Жалал-Абад облусунун мурдагы прокурору З.Кудайбергеновго, Жалал-Абад облусунун прокурорунун мурдагы орун басары Д.Момуновго, Жалал-Абад облусттук прокуратуранын мурдагы начальниги С.Мамыровго, Жалал-Абад шаарынын мурдагы прокурору Р.Усукеевге, Жалал-Абад шаарынын прокурорунун мурдагы орун басарыЭ.Жунусовго, генералдык прокуратуранын мурдагы тергөөчүсү Э.Төрөкуловго, Токтогул районунун мурдагы прокурору Р.Сатаровго.

II. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине сунуш кылынсын:

1. Кыргыз Республикасынын Конституциясына жазылган, жарандардын жашоо укугун, тынч митинг өткөрүү, жүрүш жасоо, эркин жүрүү жана башка укуктарын камсыз кыла алышпагандыктары үчүн мамлекеттик жогорку кызматтарды ээлеп турган азыр кол тийбестик иммунитети бар төмөнкү жетекчилерди мындан ары кылмыш жоопкерчилигине тартууга аларды кол тийбестик иммунитеттен ажыратуу маселеси Жогорку Кеңештин пленардык заседаниесинде добушка коюлсун:

Кол тийбестик иммунитети алынып салынсын;

а) Кыргыз Республикасынын экс-президенти Аскар Акаевич Акаевден;

б) Кыргыз Республикасынын азыркы Президенти Курманбек Салиевич Бакиевден;

в) Азыркы Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун төрагасы Курманбек Эргешович Осмоновдон.

2. Жогоруда аты аталган адамдардын бардыгынын тизмеси юридикалык нормалардын так сакталышы менен эл аралык сот уюмдарына өткөрүп берүүгө даярдалсын.

3. Депутат С.Урманаевди кылмыш жоопкерчилигине тартууга макулдук берүү маселесин кароо азырынча токтотула турсун жана Парламенттик комиссиянын сунуштарын генералдык прокуратура толук аткаргандан кийин, Жогорку Кеңеш бул маселени кароого кайрадан кайрылсын.

Мен бүттүм. Көңүл бургандыгынар үчүн рахмат.

P. S. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин парламенттик

комиссиясынын жыйынтыгын комиссиянын дээрлик бардык мүчөлөрү колдоду.

Парламенттик комиссиянын жыйынтыгын толугу менен колдогон комиссия мүчөлөрү, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттары:

1. Абдылдаев Н.Т.
2. Байболов К.К.
3. Карабеков К.Ж.
4. Нышанов С.К.
5. Шерниязов Б. Э.
6. Садырбаев Д., — Комиссиянын Терагасы

Парламенттик комиссиянын жыйынтыгына өзгөчө пикир билдирүү менен кол койгон комиссия мүчөлөрү. Жогорку Кенештин депутаттары:

1. Жолдошбаев К.
2. Малиев А.К.
3. Мамасандов М.

Парламенттик комиссиянын жыйынтыгына комиссиянын мүчөсү Жогорку Кенештин депутаты Коркмазов Х. З. кол койгон жок.

ЭГЕМЕН КЫРГЫЗСТАНДЫН КЕЛЕЧЕГИ ЖӨНҮНДӨ. МЕКЕНЧИЛДИК ЖӨНҮНДӨ

Дооронбек Садырбаев: **Бойся равнодушных**

"Асаба", 5-бет
2-июнь, 1995-жыл.

...Наконец то сбылась мечта Манаса из совершенно самостоятельного тюндюка кыргызов повалил исключительно не от кого не зависящий дым. В общем, обрели государственность.

Кыргызстан теперь признан Вашингтоном и Берегом Слоновой Кости, Анкарой и Гандурасом, Токио и Фарерскими островами. Во всяком случае, по адресам гуманитарной помощи, которую наши министры рукоплескивают, можно уже нарисовать географическую мира.

Понятно что подлинная самостоятельная государственность не может обойтись без регулярных контактов с внешним миром, равнокак и без решения своих внутренних проблем. Но чутко реагируя на котировку

биржевых акций очень дальнего зарубежья, восхваляя мужество и неистребимый энтузиазм будущих строителей возможного кыргызского БАМа нельзя оставаться равнодушным к человеку, а тем более вчерашнему твоему товарищу. А то и больше чем товарищу. Не кажется ли Вам уважаемые депутаты, что работа о хлбе насушном для человека заслуживает нашу главную цель жизни самого человека. В праве на жизнь и в праве на хлеб не может быть первичности и вторичности, ибо не может быть жизни без хлеба, а мертвому хлеб не нужен.

Эта аксиома мне понадобилось чтобы, выразить свое отношение к сегодняшнему геноциду на многострадальной земле имама Шамиля и свое отношение к позиции нашего парламента в этом процессе.

Геноцид отвратителен по своей сути, где бы не происходил и на каком бы уровне развития цивилизации не осуществлялся, поскольку его любые проявления - прежде всего античеловечны. Ибо нет и не может быть человечности в изуверстве откровенно сильного над очень слабым, либо подавлявшей массы над крохотной частью, эту массу представляющей. Вот почему я не могуназвать трагедию вайнахов иначе, как геноцидом чеченского народа, проводимого Россией, входящей в четверку супермошных государств современного мира.

Боже упаси, я не призываю к вмешательству во внутренние дела дружественной нам теперь страны России. В генах моих сохранилась и передастся моим детям и внукам благодарность русскому народу за то, что он, русский народ, своим величием помог нам воспрять из почти безнадёжного забвения. Но в генах моих тоже сохранился и геноцид кыргызского народа, проведенный царским самодержавием в 16-году, конец которому положил для кого-то Октябрьский переворот 1917 года, а для меня Великая Октябрьская Революция.

Не сомневаюсь, что в генах нохчей тоже останутся все то доброе, что сделал для них великий русский народ, равно как и геноцид нынешних российских властей, не только уничтожающих тысячи и тысячи мирных людей, но и использующих всю мошь отточенной государственной пропаганды для создания образа врага в лице любого чеченца. Хотя бомбы падают там и на головы осетин, ингушей, украинцев... Русских тоже.

Если до всепланетного развития радио и телекоммуникаций даже супергениальным фактографам не удавалось переписать историю человечества по заказу Тамерлана и хана Батыя, то попытки Гитлера, Сталина, Брежнева и прочая были изначально обречены. История

воздаст по заслугам и Горбачеву, Ельцину и Дудаеву, Грачеву и Хасбулатову, но при этом сохранится также деяния Андрея Дмитриевича Сахарова, Сергея Адамовича Ковалева, даже имя генерала российской армии, который отказался отдавать приказ на участие в чеченской бойне своим солдатам и которого официальная пропаганда сегодня тщательно замалчивает.

Равно сохранится и позиция в этом вопросе Кыргызского Жогорку Кеңеша. Вернее отсутствие всякой позиции.

О, это поистине безграничное величие моего брата - кыргыза. Величие во всем. В том числе и в склерозе. Как же быстро мы позабыли, что волею судьбы и росчерком сталинского карандаша десятки, сотни тысяч обреченных на вымирание представителей чеченского народа нашли на кыргызской земле не только хлеб и кров, но и возможность сохранения живой души, непокорность характера, а также возможность сохранения национальной самобытности. И как же не назвать мне теперь тысячи и тысячи чеченсов моими земляками, сородичами и кунаками, ведь большинство из них родились под небом Кыргызстана, взросли на соках кыргызской земли, окрепли под кыргызским солнцем. И мне ли отдавшему этим "новым тууганам" частицу своего сердца взирать равнодушно, как и во имя чего убивают моего друга, товарища и наконец приемного сына, тем более памятуя о том, что даже кровавый сталинский режим оказался милосерднее: отказав чеченцам в праве на родную землю, он не отказал им в праве на жизнь.

Повторюсь, я не призываю вмешиваться во внутренние дела нашего великого, сильного брата - России. Просто предлагаю задуматься, обсудить и решить, а потом и заявить о своей позиции, ибо это заявление должно определить наше мнение о возможных путях разрешения подобных ситуаций не только где-то, но и, не дай Бог, конечно, у себя дома.

Я лично сравнил бы происходящую в Чечне жуткую мясорубку с поединком льва и крохотного мышонка. Да, может быть, мышка что называется оборзела: вовсю орудует с фальшивыми авизо, вытягивая из Российского Нацбанка миллиарды рублей (Нацбанк при этом почему-то не бомбят), торгует нефтью и оружием (и опять таки никто не бомбит высокие московские кабинеты, без участия которых эти аферы были бы невозможны).

Конечно, царю зверей такая мышиная возня хотя и создает некоторые трудности, в конце-концов он слопает мышонка, но сделает

ли это ему честь?

И умерит ли он тем самым свой аппетит?

"Не бойся врагов - в худшем случае они могут тебя убить. Не бойся друзей - в худшем случае они могут тебя предать. Бойся равнодушных - они не убивают и не предают, но только с их молчаливого согласия существует на земле предательства, убийства и другие злодеяния".

Не сомневаюсь, что эти слова писателя Бруно Ясенского многим из Вас, уважаемые депутаты, близки или по крайней мере знакомы. Быть может, и ваши сердца разрываются от каждой бомбы, от каждого выстрела в Чечне. Но кто разубедит меня, что молчаливо благословляя геноцид одного народа, мы не благославимм и геноцид- другого. Не исключено, что и своего.

А потому убедительно прошу Вас, уважаемые народные избранники, включить этот вопрос в регламент нашей сессии. Предвидя возражения тех, кто напомнит мне о чрезвычайной насыщенности повестки дня, о многочисленности и многоважности вопросов, связанных с нищенским положением подавляющего большинства населения республики, я позволю себе попросить для этой цели несколько перерывов моих коллег на обед. Видит аллах, судьба народа стоит этого.

Спасибо за внимание.

Азамат Алтай: "Элим үчүн иштим ак"

Нью-Йорк Чын куран 27, 1991-ж.

Бу дүйнодо адамды, анын жашоосун ушундай олку-солку кылып жараткан тура. Кыргыздын башынан эмне деген гана кыйын күндөр өттү. Канча бир жылдардан бери элибиз башын өйдө көтөрө албай, «жогорудан» эмне айтса ошону кайталап өзүбүзгө өзүбүз зэ боло албай келдик.

Элибизден чыккан не деген сонун адамдардан өзүбүз танбадыкбы. Кыргызым деген адамдарды баалабай маныроо жаңыбыз «эл душманы» дегенди чыгардык.

30-жылдары канчасын жок кылдык, ким билсин? Андан кийин Ата Мекендик согуш башталып кыргыздын туусун көтөрүүгө жарай турган канча бир уулдар курман болушту. Душмандын туткунуна түшкөнү канча? Согуш мезгилинде өз душманынын колуна тирүүлөй түшкондон башка азап барбы? Ошол мезгилде туткундалып кеткен адамдарды

көңүлгө албаппыз, эл сыяктуу орден- жылдыз да такпадык. Ошолордун бири белгилүү агабыз, жердешибиз Азамат Алтай (Кожомбердиев Кудайберген). Түшүнбөстүк менен бул аганы "эл душманы" деп, көңүлүн оорутуп келдик. Чынында, элге ким душман болгон экенин билбеппиз. Эл душманы тилин, динин, кызматка, акчага айырбаштап арабызда жашап жүргөндүр.

Азамат агабыз өз элинде жүрбөсө да, элинин жылуу сөзүн укпаса да өмүрүн «элим, жерим, кыргызым» деп келди. Кыргызынан үмүтү үзүлбөй жылдарды өткөздү. Кыргыздын көптөгөн чыгармаларын чет тилге которуп келген, ошондой эле которууга кемек көрсөткөн.

Мына эми «ак ийилет, бирок сынбайт» дегендей агабыздын эмгектери акталып газета-журналдардын беттеринен жылуу сөздөр айтылууда.

Ушул агайыбыз менен кат аркылуу болсо да таанышуу мүмкүнчүлүккө эгедер болгонума сыймыктанам. Анын алгачкы таанышуу катын «Жаштык жарчысынын» окурмандары менен чогуу окуйлу деп чечтим.

Нурзада ӨЗҮБЕКОВА, Жамбыл шаарындагы технологиялык институттун студенти.

Ардактуу Нурзада,

Сенин дата койбогон, таанышуу катынды кечөө алдым. «Жүз сомдон — жүз достун жакшы» экенин билем. Татынакай, кыргызча жакшы, сабаттуу катың үчүн ыракматымды айтам. Менин тагдырым менен кичинекейиңден кызыгып, сүрөтүңдү катыңа жабыштыргансың, бул аракетиңе сүйүндүм. Катында 3-4 жыл мындан илгери издегенсиң. Ал убакта мен «Азаттык» үналгысынын кыргыз бөлүмүнүн директорлук милдетин аткарып Мюнхен шаарында элем. Мен чет элге өз эрким менен кетбедим. Согуш толкуну жеекке чыгарып таштады. Кайда жүрсөм да, тилимди унутбай, кыргызмын деп сыймыктанганыма эми өзүм да шаттанам. Элин-жерин узактан болсо да сүйүп, анын тарткан азабына кайгырган, жетишкенине кубангандардын бири анын «душманы», «чыккынчысы» боло алабы? Мына ушуну туура түшүнүшүңдү өтүнөм. Элде «Толкундар жеекте жок болот» деген телефильм тартышты. Анда менин ролумду казах тууган аткарды. Кордоду, акыры атып өлтүрүп тынышты. Тагдырды кара: мен дагы эле тирүүмүн, бул ажайып жер үстүндө жашайм. Ролумду аткарган артист о дүйнө сапарына кетиптир деп уктум. Силердеки сенектик жылдарында мен тууралуу эмнелерди гана жазышбады. Канадага келген, чиймелеп күн көргөн Айтиев: Сенин

асман тиреген Нью-Йоргуң тоз-топурак болот десе, секирип күн өткөргөн Бүбүсара: чет элде калсаң, баарң бир тыйын — деп ботодой боздотушту. Экөө тең бул жарык дүйнөдөн кетишти. Алар үчүн Алыкулдун: «Кара чым баскан мүрсөңө, кетермин жылан ыргытып» деген каргышын гана колдоном. Азиз Салиев деген академик сөрөй мени чыккынчы деп макала жазып 10—15 сом калем акыга кысыкты. Эми көзү көрбөйт деп угуп жөк көрүүмдү улантам. Менин бул дарттарымды, өзүңдү менин ордума койсоң түшүнөрсүң. Жогоруда ысымдары аталгандар ыйлатканда тоңдук бир_иним секириш-чиймелеш кыргыз өнөрү эмес, аларга таарынбаңыз деп сооротту. Азыр да ал айткандары эсимде. 1959-жылы Мухтар аганы көрдүм. Ал ага кыргыздарга менден жакшы кабар таратты. Кийинчерээк академик Балмуханов Саим келди. Казах туушкандар шагымды сындырышбады. Горбачевтин маалымдуулук жана кайра куруусунан кийин үзүлгөн үмүт жанданып жарым кылым көрбөгөн карындашымды, жээндеримди кара билдим. Бул мени бактылуулардын катарына кошкондой болду. «Азаттык» радиосу 53-жылы майданга келди. Силерде сөз эркиндигине цензур койулганда, өзүлөрү элинен жашырган чындыкты биз айталык деп Америка конгресси чечим кабыл алды. Биз Түркстан бөлүмүн ачтык. Мен анда редакторлордун бири элем. 56-жылы АКШга кетишти чечтим. Кайта келип кыргызча берүүнү улантбасаң жабабыз дегенде «Кыргыз» атын өчүрбөйүн деп 23 жылдан кийин Мюнхенге барып 10 жыл иштеп, кадрлар дайардап, 4 жыл ашык иштеп пенсиага чыгып, Нью-Йоркко келдим. Эми замана өзгөрүп, жакшылык шооласы керүнө баштаганда, өмүрүмдүн өтүп баратканына кайгырам. Маалымдуулукка, кайра курууга мен, биз үлүш коштук дейм. Бул пикиримди сен кабылда деп талуулабайм.

Катындан мени «саткын» деп санабайм дегенсиң. Бул сөзүнө кошулбай коё албайм, анткени мен элди-жерди сатбадым. Аларды сатышга эч кимдин акысы жок экендигин эсиңден чыгаргансың.

Элдеки болуп жаткан аракеттерден толук дээрлик кабарым бар. Мени убагында жамандаган, эми жакшылаган материалдар жайнап жатат. Алардан кабар берем деп убара болбо демекчимин. «Эмгекчил» жана «Жаштык жарчысында» (**заман шарданы менен мурдагы кесиптештерибиз бир жактуу материал чыгарып ийгендиги үчүн Азамат Алтай агабыздан кечирим сурайбыз — Ред.**) жазылган макалаларда көп жаңылыш маалыматтар беришкен. Илгеркидей апыртмалардан пайдаланышкан. Албетте 70 жылдык оорудан 7 жылда айыгып кетишине шектенем.

Менден тажрыйба — улгу алсам дегенсиң. Менин жашым 72де. Кандай тажрыйба, үлгү көрсөто билем? Жашым боюнча сенин чоң атаңдын замандаштарына кошулармын деп болжолдойм.

Таанышалык дегениңди кабыл алып, аздыр-көптүр маалыматтар бердим. Демек тааныштык. Сага бере турган жалгыз кеңешим, окууңду жакшы окуп бүтүрүп, элиңе пайдалуу иш кыл.

Эки жылда эки операциями башымдан өткөрдүм. Туурасы кат жазыш да мага анчалык жеңил болбосо да, кызымдын тилегин орундатайын дедим. Албетте көп жашадым, көптү көрдүм, көп да эмгектендим. Жаштын улгайышы өзүнүн энчисин алмакта.

Ушуну менен катыма соң берип, өзүңө узун өмүр, ден соолугун тилейм. Жеңең да анчалык жаш эмес. Кеч үйлөндүк. Бала-чакалуу болбодук. Илгери кайгырсак да, азыр кайгырбайбыз. Анткени башка элде, башка жерде бала тарбиялаш оңой эмес. Туугандарым менен телефон аркылуу сүйлөшүп турабыз.

Саламым менен: Азамат АЛТАЙ.

РЕДАКЦИЯДАН: Агабыз Азамат Алтайдын катынын орфографиясын сактап, эч өзгөртүүсүз бердик.

Салижан Жигитов: «Кыргызды сактайм десе, сатпай койбойбу?»

«Эркин Тоо» гезити,
30-март 2012-жыл.

«Өтүнү бир патриот айтат «Нарында үйдүн баарын кытайлар сатып алып жатыптыр, Президентке айтпайсызбы» деп. Кудай урбадыбы, ошо кыргызындын өзү эмне үчүн кытайга сатып жатат? Кыргызды сактайм десе, сатпай койбойбу? Эмне үчүн борбор шаарда шагырап батпай жүргөн патроиоттор ошол айылга барып үй салып, жер иштетпейт? Анан ар бир кыргызга «сатпа» деп, же ар бир кытайга «сатып ала көрбө» деп президент айтыш керекпи?»

жалпысынан Уч-Аймак деп аталгам)
коп улуттуу эзилген эли бошгонл.^

Салижан Жигитовдун: Кыргыз орусту 70 жыл эзди

24.kg 18.05.2012

90-жылдардан кийин Кыргызстандан орустар кете баштаганда жармач патриоттордон ким бирөө:

– Булардын кетип атканы жакшы болду. Болбосо бизди 70 жыл бою жакшеле эзип келбедиби, – десе Сакебиз:

– Эй, орустар бизди 70 жыл эзген жок. Биз орустарды 70 жыл эздик. Алар бизге мектептерди, кабат үйлөрдү, завод-фабрика, суу сактагыч, көпүрө, электр станция ж.б. ж.б... куруп бербедиби. Бечаралар акыры «Буларың эчнерсе үйрөналбаган ит эл турбайбы» деп эзилип бүткөн үчүн кетип атпайбы, – деген экен.

Салижан Жигитов: Кошкон: Конок Тарых

03/08/2012

"Акаевден арткан акылды..."

А.Акаев президент, С.Жигитов менен Б.Жакиев анын коомдук кеңешчилери эле. Бир күнү Салижан менен Бексултан шахмат ойноп олтурса "легендарлуу" парламенттин депутаты М.Байжиев келип калат.

- Ии, акылчылар... Оюндан омурткаңар сынып олтурасыңар, - десе Сакебиз шахматтан башын көтөрүп:

- Акаевге болгон акылымды айтып, анан артканын мына бул досуңа айтам. Бирок болбой эле артып калып жатат. Акыл сага да жетпей атса, мага ушинтип тез-тез келип турсаң, - дептир.

Ач элдин чоң курсактары

С.Жигитов А.Акаевдин кеңешчиси болуп турганда жоон топ аким, губернаторлор президенттин кабылдамасында отурат дейт. Аларды көргөн Сакебиз:

- Ой, кыргыздар, элде ачарчылык, кыйынчылык дейсинер, бирок жүзүңөрдөн май тамып, бир да ачарчылык көрүнбөйт го. Губернаторуңардан тартып акимиңерге чейинкилердин курсагын карагалычы, а мынабу айыл башкармасычы... Башканы койдум, жадагалса аранда турган береги журналисттин курсагын карагылачы, - дегенде баарысы бири-биринин чердейген курсагын карап, мына анан чердейген курсактар сүлкүлдөп күлө баштаган экен.

Олжобай Шакир

Салижан Жигитовдун сабактарындагы саптар

“Арена.kg”.

“...Биз патриотизм десе эле бардыгын кыргыздаштыруу деп түшүнүп алдык окшойт. Өкмөт да ойлоду: “Ушу чиновниктерди кызгыздаштырып койсок эле алар кыргызча кызмат кылат, кыргызча күйөт”. Эми көрүп атпайбызбы, коюп алган акимдеринин баары болбосо да, көпчүлүгү кыргызга күйө турган түрү жок. Менимче, министр, аким ж.б. дегендерди койсок дагы алысты көрө билген, элди мамлекетти ойлогон патриот кыргызды койбосок, бийлик үзөнгүсүнө буту илинип, андан түшкүсү келбей, өкүртө пара жеп, жиберсе эч нерсе жылдырбай, элдин эсебинен той уюштуруп, элдин эсебинен чет мамлекеттерди кыдырып, бирин-бири кожодой колдоп, өздөрүнчө өзгөчө бир катмар болуп алган кыргыздын атка минерлери заманды да, турмушту да ондоп жыргатпайт”.

"Чынында да мен идеалдуу же өрнөктүү дегидей өмүр сүрө алганым жок. Нускалуу өмүр сүргөнгө реалдуу турмуштан, коомдук шарттардан көбүрөөк жеке өзүмдөн акылга жетиштүү бай эместигим, элеттик (провинциалдык) түшүнүктөрүм, ыкшоолугум, көп коёндун артынан кубалай бергеним, дагы башка өксүк жактарым жолтоо кылды окшобойбу. Ата-энем мени жакшы эле адамдык данек менен жараткан экен, а данектен дүпүйгөн чынардай бакубат дарак өнүп-өсүп чыккан жок, жапалак арчадай бирдеме өсүп тим болду белем".

Салижан Жигитовдун таамай сөздөрүнөн

(“7 плюс”. (N.J))

“Кыргыз партиоттору кыргыз тили деп бакыргандан башка кымындай иш кылалек. Мына, “Кыргыз тил” коомунун кыргызга же кыргыз тилине пайдасы бар дейсиңерби? Чогулуштарын көрүп, Тойбаев менен Бобуловдун талашын окуп атабыз го. Талашы ушу: кыргыз тилин өстүрөбүз деген шылтоо менен өкмөттөн, акимдерден, аяк-буяктан жулуп келген акчанын 15 процентин жулуп келген киши алсын деп Тойбаев айтат экен, Бобулов нысаптуулук кылып жок, 7 эле проценттин дейт экен. Мисалы, Бобулов президенттен 1 миллион сом апкелсе, ошонун 70 000ин өз чөнтөгүнө салат имиш. Ошентип жок жерден пайда таап турса кыргыз эмес, кыргызча бир ооз билбеген дунганды коюп койсо деле бакыра бербейби: “кыргыз тили эле кыргыз тили” деп”.

“Биздин чондордун баары байлык, бийлик дейт, бийликтен түшкөндө “суудан” кургак чыгышат”.

“Дунгандай мээнеткеч, еврейдей куу, татардай акылдуу, чечендей намыскөй болгондо гана кыргыз башка элдер менен теңтайлаша алат”.

“Кыргызга орусча айтпасаң ишенбейт”.

“Биздин интеллигенциянын көзү желкесинде болуп атпайбы, көз деген мандайда болуш керек”.

“Замандын ырайын көрүп атабыз. Акаеви кетсе Бакиеви келет экен. Бакиеви кетсе дагы бир “акылманы” келет. Баарын көрдүк. Кысталак, анан калса бу дүйнөдөн мен көрбөгөн эчтеке деле калбаптыр. Анын үстүнө тиги дүйнө бар деп уккандан бери, такыр эле элеп-желеп болуп... уйку деген качты. Ошол жакты эле эңсеп калдым, тезирээк көрсөм деп... Бирок, тамаксоо жан курусун, силерге окшоп көргөнү келгендердин тамак-ашын кыйып кете албай, ушинтип отурам... Болболсо, эмне, спокойно кете бермекмин. А эгер, а дүйнө болуп калса андан бетер жакшы...”.

“Биздин өкмөт, интеллигенция жалгандын тилинен чындыктын тилине өтүп сүйлөмөйүнчө эчтеме болбойт”.

“Кыргыздын туулмагы да азап, катын алмагы да азап, өлмөгү да азап”.

Алым Токтомушев: Уруу - улуттун бала чагы

“Агым” – 05.02.2010.

Кыргыз кызык калк. Айрыкча советтик кыргыз. Сөздүсоветтик кыргыздан баштаганыбыз оң. Аларды жакшы билебиз. Могикандардын акыры сыяктанып, азыркы материалдык, рухий турмушубуздун башында ушулар турат. Ушулар башкарып атат. Жанагы уруу-уруу болуп бөлүнүп, курултай куруп, улуу турмушту уруучулук менен курабыз ураанын ташталган кыймыл негизинен ушулардын ою менен ойлонулуп, ушулардын колу менен жасалып атыр. А байыркы кыргызды билбейбиз. Бери дегенде, жакшы билбейбиз. Тарыхый шарт, тагдыр ушундай экен, өздөрүн кагазга эмес, оозеки жомокторго, мифтерге жазып калтырыптыр. Ошон үчүн жазылып калган тарыхтын бардыгынан "кыргыз" дегенге үндөш сөз чыкса эле талашып атабыз. Талаштын таасири менен бүт дүйнөнү "чапмай" болдук. Же "чаптык". Ал эми мен чын дилимден урматтаган ДастанСарыгулов бура сүйлөгөндө адам маймылдан жаралганбы же маймыл кыргыздан жаралганбы дегенге чейинки маселе көтөрүп атыр.

Илгери Олжас Сулейменовдун "АзиЯ" китебин академияда талкуулап атканда академик Д.Лихачев бир таамай салыштыруу айткан. Кээде мындай да бала кездешет, дейт ал. Короого чыкса, көп бала кызуу ойноп атат. Бардыгынын көкүрөккө таккан значогу бар. Өзүнүкүн караса,

жок. Ызаланган бала ар кимдин значогун "меники эле мениki" деп ызылдап талашып, жулуп алуу аракетине өтөт. Анын сыңары, О.Сулейменов да ошол баладай болуп жатат деген. Өзүбүзгө да сын көз менен карап көнүшүбүз керек. Биз ушул тапта ошондой ыңгайда турабыз. Бери калганда, азырынча.

Бул - бир. Экинчиден, тарыхы, маданияты кагаз түгүл, ташка түшкөн калктар, улуттар таптакыр эле жок болуп кеткен учур көп. Алыс барбайлы, байыркы аморейлер, шумерлер. Ошондой эле андагы калк, улуттар менен мындагы алардын укум-тукумун салыштыруу акылга сыйбайт. Эсеби маселең, байыркы гректерди азыркы гректер деп ким айтат? Азыркыга чейин адамзат жашоосун жандап келаткан табият таануунун, илимдин концепциясын түзүп, Гомерден баштап классикалык трагедияларга чейинки көркөм адабият жараткан, ажайып скульптура, архитектуралык дөөлөттөрдү калтырган байыркы гректер менен азыркы гректерди салыштырып бак!

Анынсыңары, "Манастагы" кыргыздар менен азыркыкыргыздардын айырмасы асман менен жердей. Жөнөкөй мисал. Кечээ эркин сүйлөө укугуна ээ болгондон бери казак менен кыргыз көчмөн турмушту көкөлөтүп атат. Эпикалык арымы күчтүү элге айла жок экен. Бирок көкөлөтүп ыргыткан идеясы жерге түшпөй көктө асылган бойдон. Не дегенде, бири дагы көчмөн турмушта жашагысы келбейт. Атүгүл айыл түпкөтөрө шаарга качы атыр. Боз үйдү ааламда жок абдан мыкты тураккай сыпатында сүрөттөгөн мекенчилер, айталы, Дастан Исламович боз үйдө эмес, европа тибиндеги замоктордо жашаганды жактырат жана жашапатат. Албетте, аргымак минип, аккалпак кийип, ар кайсы кыркырдан колдубөйрөккө таяп сүрөткө түшсөң, айда-а жарашат. Бирок ага жетер каражат ДастанИсламовичте болбосо, азыркы кыргыздын токсон пайызында жок.

Кыргыз, казак, кыпчак гана көчмөн турмушта кылым аралап жашаган дегендер, жумшартып айтканда, жаңылат. Карт тарыхты кара. Көчмөн турмуш өтөбөгөн калк сейрек же жок. Албетте, алардын салт-сабыры, психология, философиясында айырма бардыр. Андай айырма көчпөгөн калктарда да бар. Бирок бирдагы калк салт-сабыр ж.б. дөөлөттөрүн тигилердикинен төмөн деп айтканын мен тургай карт тарых укпаса керек. Биздин көчмөндөр тигил жерге кол салган, булл элди караткан деп төш какмай адатка айланды. Тарыхта варварлар аталып, көчмөн турмуш өтөгөн тевтондор, б.а., герман уруулары бүтүндөй цивилизацияларды, Рим, Византия өңдүү эң улуу империяларды

талкалаган, бирок төш какпайт, тескерисинче, ыңгайсыз абалда калышы мүмкүн. "Майда калктын дымагы чоң болот" деген көөнө сөздүн чындыгы ушундайда байкалат. Арийне, бир четинен чоң болгону жакшы, антпесе улуу көчтүн тепсендисинде калаарын тарых тастыктайт.

Тевтон уруулары эмне кылды? Бир жарым миң жыл ойго-тоого урунуп, чаап-талап, көчүп-конуп, өлүп-тирилип жүрүп, бир улут түздү, мамлекет курду. Мамлекет куралбаган, улут түзалбаган кыпчактар эмне болду? Канатташ да, канатташ эмес да калктарга сиңип кетти. Эки миң түндүктөн түйүлө секиргенибиз менен мүмкүн, кыргыз-казак деле анын кейпин киймек, бирок бизди албетте элдин духу, анан Өктөбүр революциясы сактап калды.

Бул узун сабак сөз эмнеден улам эске түшүп атат? Мамлекет, айрыкча улуттук мамлекет куру үчүн географиялык, климаттык ж.б. шарттар аздык кылат. Ан үчүн элдин мамлекеттик инстинкти ойгонуш керек, улут болуп түзүлүү зарыл. Эсеби маселең, мекенчилдикти изилдеген адабияттарда көп эле айтылып жүрөт: Аппенин жарым аралына мурда римдиктер жайгашып, Рим империясын курган, кийин Рим империясын курбаган италияндар орун-очок алып, Италия мамлекети аталып калды. Көрдүңүзбү, тарых мамлекетти эмес, улутту тандайт экен.

Мен булл кичинекей макаламдын атын Достоевскийдин байкоосунан буруп алдым. Ал киши күндөлүгүнө жазып коюптур: "Улут - элдин личность болушу. Улут болгон калк балалыктан ыгат".

Биз улут болалбай, личность болалбай, балалыктан чыгалбай атабыз. Чыгалы десек, Салижан Жигитов устаттын ташка чеккендей айткан "көзү желкедеги" патриоттор мен жогоруда санап өткөндөй орто кылымдан нары сүйрөп атыр. Канткенде бүт кыргыз муштумдай биригип, улутка айланат маселеси мезгилдин көкөй темирине айланып атса, кайдан-жайдандыр көсөмдөр пайда болуп, улутубузду эмес, уругубузду табалы, тааныйлы деп чыкты. Жайкалган жайлоолордо, эң кымбат ресторандарда уруулардын улуу курултайын өткөрүп атышат.

Мен пейилдин тазалыгы менен ниеттин актыгынан шек санабайм. Бирок кыргыз тарыхын канчалык идеалдаштырганыбыз менен биздин трагедия дал ушул уруучулукта, трайбализмде экендигин кантип танабыз? Кийинки тарыхта кыргызга анчалык жоо тийбесе деле баатырлар эмне үчүн мынчалык көп? Анткени ар колот, ар уруу өздөрүнөн батыр чыгара берип, батпай кетти. Эмне баатырлык кылды десең, тигини чапкан, муну чапкан дейт. Терең териштире келсең, кыргыздын бир уруусу башка бир уруусун чапкан болуп чыгат. Санжыраларды карайлы, тарыхый көркөм

чыгармаларды карайлы, ар кимиси өзүнөн чыккан "баатырларды" көкөлөтөт. Бир уруунун санжырасы экинчи урууга каршыж.б. Ошон үчүн улуттук масштабдагы баатырга, акылманга чукакпыз. Кыргыздын канына сиңип, мээсине баткан уруучулуктан арылтууга совет бийлиги кекиртекке канжар такап аракет жасады. Анда деле, аң-сезим өсүп, илим-билимге жетип калган Усубалиевдин учурунда деле кызмат орун уруусуна, жердешчилигине карап бөлүштүрүлүп келди. Азыр андан беш бетер. Мамлекетти уруу-уруу болуп уюштуруп атат. Ошол адат ашынып кеткенин бетке кармап, кыргыз оппозициясы кырданып, элди көтөрүүгө аракет жасоодо. "Мекенчилер" болсо уруучулукту мыйзамдаштырып бергиле аракетинде.

Советтик кыргызга кайра бир кайрылуу менен сөзүмдү кыскартайын. Советтик кыргызга форма таап берсең болду, маани-маңызын кийин табат. Формасын өзгөртсөң маани-маңызы да өзгөрөт. Эсеби маселен, идеология кыргызга атеисттик форма ылайыктуу деди эле жапырт молдолорду ашатып, кудайды сөгүп чыгышкан. Диний форма жакшы экендесе, ошол ашынган атеисттер, алардын колбашчы, жолбашчы коммунист, марксисттеринен өйдө жапырт молдо болуп кетти. Лениндин эстелиги турган аянтта намаз окуп атышат. Коммунисттик, социалисттик, мекенчилдик ж.б. формаларга деле ошону айтсак болот. Салижан устат айтчу эле, мейли, кыргыз эмнеге болбосун оозунан чыкканча тойсун, анан кусат, андан кийин мунуң пок турбайбы деп сөгөт деп. Уруучулукка деле кокодон тойгондой болду эле...

Салижан Жигитов: «Ойдогу ишке үлгүрбөгөнүң - чоң арман»
("Барометр" (М.Э))

Салижан Жигитов 1936-жылы 17-мартта Ош облусунун Өзгөн районундагы Көлдүк айылында төрөлгөн. 1959-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин филология факультетин ийгиликтүү аяктаган.

Эмгек жолун 1959-жылы Өзгөн районунда мектепте мугалим болуп иштөөдөн баштаган. 1961-62-жылдары Кыргыз ССР Илимдер Академиясынын тил жана адабият институтунда кенже илимий кызматкер, ал эми 1979-жылдан тарта сектор башчысы болуп узак жылдар үзүрлүү эмгектенген. 1992-жылы филология илимдеринин доктордук диссертациясын ийгиликтүү коргогон. 1992-93-жылдары Кыргыз Республикасынын Президентинин улуттук саясат боюнча мамлекеттик кеңешчиси, 1993-95-жылдары Кыргызстандын Өзбекстандагы Толук жана Ыйгарым укуктуу

элчиси болуп иштеген. 1995-96-жылдары "Азаттык" үналгысынын Бишкектеги бюросун жетектеген.

С. Жигитовдун жемиштүү эмгек жылдары Илимдер Академиясы, Улуттук университет, Кыргыз улуттук энциклопедиясы жана Кыргыз-түрк "Манас" университети менен байланышкан. 1996-жылдан тарта өмүрүнүн акырына чейин Кыргыз-түрк "Манас" университетинде профессор болуп иштеген. С. Жигитов 1984-жылдагы илим жана техника жаатында Кыргыз ССРинин Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты. 300дөн ашык илимий жана адабий эмгектердин автору. Анын ичинде адабий сын изилдөөлөрүн жарыялап, Назым Хикмет, Мустай Карим сыяктуу атактуу акындардын чыгармаларын кыргызчага которгон. Маркумдун сөөгү 2006-жылы 13-февралда Бишкектеги Ала-Арча мамлекеттик көрүстөнүнө коюлган.

Коомдук ишмер, адабиятчы, философ, сынчы Салижан Жигитов дүйнө салганына быйыл 11-февралда жети жыл болду. Билгендер бул кишини чукугандай сөз тапкан, өз улутум өнүгүп-өссө, алдыңкы маданиятка жетишсе деп күйгөн, биресе чечен, биресе көсөм инсан катары баалап келишет. Жигитовдун мындан он-он беш жыл мурда айткандары азыркы күнгө да төп жарашып, таамай угулат.

Салижан Жигитов агай менен бирге иштеп, анын куйкум кептерин угуп калганыма сыймыктанам. Себеби, 1995-жылдын июлунан тартып, 1996-жылдын август айына чейин Салижан аке "Азаттык" үналгысынын Бишкектеги бюросун жетектеп калды. Агай барда кенсе ичи шаңга толуп, күлкү жаңырып, анын азил-тамашасын угуп жыргап калар элек.

Салижан Жигитовдун көзү өткөндөн кийин деле анын айткан ойлору ушул күндөргө, өлкөдөгү жагдайларга да туш келгенин байкап, анын анык көсөм экенине тан бергендер арбын. Анын эл ичинде, тууган-уруктарына, жоро-жолдошторуна айткан куйкум кеп-сөздөрү, кыргыздын намысын козгоп, дале актуалдуу. Сөзүбүз куру болбосун үчүн Салижан агайдын "Азаттыктын" архивинде калган айрым ойлорунан чубап, баяндап берели.

"Жаңы бийликтин эскисинен айырмасы жок"

Кыргызстан эки ыңкылапты баштан кечиргени менен мурдакы аткаминерлер дале ээрден түшпөй, эл башкарып, жазасын албай жүргөн чак. Муну да Салижан агай 8 жыл мурда таамай айтып, мыйзам бузгандарды камоо, бийликке жолотпоо тууралуу мындай деген эле:

- Эптеп бийлик алмашты. Булардын ичинде деле совет доорунда тоталитардык аң-сезимди ташып жүргөн кишилер бар. Булардын

түшүнүгү - патриархалдык, феодалдык түшүнүк. Буларда буржуазиялык, капиталисттик аң-сезимди ташыгандар жок. Ошон үчүн өзгөргөн жаңы муун бийликтин башына келсе гана бирдеме болушу мүмкүн. Революция болгондо революциялык комитет деп туруп, бүт баарын жаңыча жасаш керек эле да. Демек, кандай режим экенине баа берип туруп, анын жактоочуларын, мактоочуларын, эң кур десе үч ай камап туруш керек эле. Эски режим жалаң калп сүйлөп атып, элдин көңүлү калды. Булар чындыктын тилине өтүш керек эле. Бирок өтө албай атпайбы. Ошондуктан жаңы бийликтин эскисинен айырмасы жок...

Эркин экономика деп ооз көптүрө сүйлөгөндөр далай чыкты эле. Экономика өнүкмөк тургай, кризистин сазына батып баратабыз.

Ушул көрүнүш, жагдай тууралуу да Салижан Жигитов мындай деген эле:

- Анан дагы эркин экономика дешет. Ал дагы жок бизде. Элге экономикалык эркиндик берилген жери жок. Бул "ара төрөлгөн революция", аягына чыкпай калган революция деп айтып атышат... 20 жылдан бери эле демократия деп жар салып келатабыз. Кыргыздарга демократия жарашпай, элди чондор алдап келатканын Салижан акенин таамай айтканы бар.

- Эми демократия деген өзү батыш элдери чыгарган, батыш коому жараткан бир саясый көрүнүш. А биякта каяктан демократия, тоталитардык режимде жүрдүк. Андан мурун падышалык өкмөттө дагы тоталитардык режимде болчубуз. Кокон кандыгында эмне демократия бар беле? Же кыргыздын өзүндө демократия бар беле? Бул кызылдай эле калп да. Азыр деле демократия жок болуп жатпайбы!?

"Паракорлук кыргыздын капында бар"

Учурда паракорлук, коррупция чегине жеткенин азыркы бийлик да моюнга алып жатат. Паракорлук кыргыздын канына сиңип калган адат экенин Салижан агай зар какшап жүрүп, өтүп кетти го, чиркин. Тээ совет доорунда эле паракорлук тамырлап келгенин айтып, эгемен өлкө болгону коррупция гүлдөп кеткенине мындай баасын берген:

- Паракорлук кыргыздын канында бар да. Илгери - 1927-жылы Кушнер-Кнышев деген Кыргызстанга келип, социологиялык изилдөө жүргүзгөн. Токтогул районуна барып, тергөөчүдөн "Кандай кирешең бар?" - деп сураптыр. Ал "айлык алам, анан кийин пара алам" депгир. "Сен советтик кызматкерсиң да" десе, "элдин баары эле пара алат" депгир. Паракорлук совет доорунда деле болуп келген, азыр эми Ак үйдүн 7-кабатына чейин шумдук күчөдү да кийинки жылдары. Учурунда Аскар Акаев деле өзү

моюнга алган эмеспи? Кыргызстан дүйнөдөгү коррупцияга белчесинен баткан өлкөлөрдүн биринчи катарында келатпайбы.

Кыргыздар акча берсе азыр деле революция жасап, төңкөрүш кылууга даяр экенин, элди ойлобосо бул бийликти деле кулатып коёрун Салижан Жигитов көзү ачыктай эле 9 жыл мурда айтып, минтип каткырып койгон:

- Акча берсе азыр деле чыга беребиз, бул бийликке деле каршы болуп. Акча бербей жатышпайбы? Бир эле күндө көрүнбөдүбү, кыргыз кандай төңкөрүшчүл экени. 10 миллион доллар берсе, азыр эле буларды да каңтарып, бийликтен куып чыгабыз. Бул оңой эле да, акча бербей жатышпайбы? Ха-ха-ха...

Эл башкаргандардын салты болоорун, ушундай салт жоктугунан кыргыз эли мүңкүрөп, аксап турганын, элди куруткан, мурдагы бийликтин камчысын чапкандар кайрадан эле бийликке келип жатканын Салижан агай 9 жыл мурда айткан:

- Мамлекет, эл башкаргандардын өзүнчө бир салты болот да. Эл башкарган киши кандай болуш керек? Тарыхта калам деген киши кандай болуш керек? Кыргызстанда мамлекетти башкаруунун салты жок. Мамлекеттик бийликтин бир колдон экинчи колго өтүш салты да жок. Мурда Москвадан буйрук берип эле, бир маймылды отургузуп койсо деле иштей бермек. Эгемен өлкөдө өз алдынча маселе чечкенге келгенде, мына Аскар Акаев буга жарабай калды да. Ар күнү ал өз алдынча башын иштетип, маселе чечиш керек болчу. Ал "эмне болсоң - ошо бол" деп таштап койду. Турмуш өзүнчө эле агып атты. Качып кеткенинин бир жаман жери - ал жасаган иштердин баарын, кылык-жоруктарынын баарын ачыкка чыгарып салып атпайбы. Бул бийлик деле алардан ашып кетпейт, аман болсоңор - көрөсүңөр го. (Бакиевдин бийлигин да учурунда таамай айтып койгон экен - К. М.)

"Той-топурга каршымын"

Учурда той-мааракe өткөрүү адатка айланып, каржалып турган калк мындай чыгымдуу жагдайдан чыгалбай, же куда-сөөк, дос-тамырын кыя албай, кылчактап турат. Салижан Жигитов ушундай кыйын кырдаалда той өткөрүүгө караманча каршы эле. Өзү да мааракелерин (юбилей) өткөрбөй койгон. Тажатмалуу, бирөнчөй, ыксыз чыгымдуу тойлор, жалган мактануу тууралуу анын ою:

- Биздин ата-бабаларыбыз сексен-токсонго унчукпай эле чыга берген. Эмне кереги бар? Менин өзүмө кереги жок. Юбилейлерде мактоолордон тажайсың. Мен өмүр бою эле макталып келатам.

Мактоодон жутаган жерим жок. Китебим чыкса да мактайт. Экинчиден, эми юбилей өткөрүп, бирдеме кылайын десең, элдин баарын убара кыласың да. Жолдоштор бар, "60ка чыктык, жазып бересиңби?" деп калышат. Убара болуп, сөгүнүп атып, жазып берем, кээде. Өзүм түбүнөн эле той-топурга каршымын.

"Ар бир кишинин өмүрү трагедиялуу болот"

Ар бир кишинин өмүрү трагедиялуу, армандуу болоорун Салижан аке мындайча эске салган:

- Ар бир кишинин өмүрү трагедиялуу болот. Ойдогу ишке үлгүр-бөгөнүң - чоң арман. Менин бир туугандарым өтүп кетти. Бул - арман. Кээ бирлери менден жаш эле. Жакын кишилер, айылдагы мен жакшы көргөн кишилер, тенгиштарымдын көбү өттү. Эң чоң арманым, өзүмдүн потенциалымды толук турмушка ашыра албай, ошо боюнча өлүп калуу коркунучу бар. Менин эки романым чыкпадыбы. "Кызыл күүгүм" деген, ошонун аягына чыксам. Анан "Ит наама" деген китепти (мурун жазылган), аягына чыгарып койсом болот эле...

"Жалкоолугубуздан кор болуп жатабыз"

("Барометр" (М.Э))

Азыркы учурда кыргыз элинин жалкоолугун, кенебестигин, билимге умтулбай "жөн эле" күн кечирип жүргөнүн Салижан агайдай минтип күйүп айткан инсан байкалбайт:

- Кыргыз элин жалаң жалган пикирлер, жалган идеялар, имиштер, иллюзиялар менен тойдуруп келатат. Биздин чондор дагы, интеллигенция дагы. Биздин өкмөт, интеллигенция жалгандын тилинен чындыктын тилине өтүп сүйлөмөйүнчө эчтеме болбойт. Экономика дагы, жан-дүйнө дагы оңолуп кетпейт. Ошон үчүн элге эмне деп айтыш керек? Ой, кыргыз эли, сен кичинекей элсиң, үч миллион элсиң. Европанын бир шаарында үч миллион эл жашайт. 3 миллион эл бар, алар сенин калп сүйлөгөнүңдү билип эле турушат, айласы жок. Экинчиден, артта калган, кедей элсиң. Өзүңдү өзүң бага албаган элсиң. Бирок биздин деле башыбыз бар. Эки колубуз бар. Эки бутубуз бар. Өзүбүздү өзүбүз бакканга мүмкүнчүлүгүбүз бар. Бирок жалкоолугубуздан, билимибиздин жогунан, бейкапарлыгыбыздан бүт кор болуп жашап атабыз. Ошон үчүн биз иштебесек, чыйрак болбосок, күн-түн дебей билимибизди көтөрбөсөк, колубуз, акылыбыз менен товар жасаганды үйрөнбөсөк, биз кор боло беребиз. Кыргыз эли тилин жоготот жүз жылдын ичинде, этнос катары жок болот, башка элдердин ичине эрип кетет деп атат. Биз ошентип кетишибиз да мүмкүн. Себеби жалкоо элдер, начар элдер, бош элдер кор

болуп туруп анан... Азыр басып албайт, бизди эч ким. Экономикалык кайырмакка илип эле, кор кылат. Мен ушуну дагы эле кайталайм. Биздин алдыбызда ушундай коркунуч бар...

Коом ичинде белгилүү улуу инсан болобу, ал адам дагы башка атак-даңкка жетеби - адам ириде адамдык сапаты менен бааланат. Салижан Жигитов тууганга, доско күйүмдүү, боорукер, кайрымдуу да болгон. Мени өкүндүргөнү - ал кишинин кол жазмалары көзү өткөндөн берки жети жылдан бери чыкпай турганы. С. Жигитовдун чогултулуп, жарыкка чыкпай турган жети томдук кол жазмасы бар. Жакында эле акын, публицист Алым Токтомушев анын интервьюларын топтоп, ал китеп "Турар" басмасынын демөөрчүлүгү менен жарык көрдү.

Маектешкен Кабыл Макешов, журналист

Ишенбай Абдуразаков: "Саясат ыплас эмес, аны саясатчылар ыплас кылат"

"Аят-пресс" гезити
21-май, 2009-ж.

- Асмандагы күнгө караганда жертөлөдөгү шам өзүн-өзү укмуш санагандай, кыргыз да өзүн укмуш деген эл экенбиз. Досуңуз Салижан Жигитов көзү барында кыргызды жеберине жеткирип тилдеген да, сыпдаган да киши эле. Сиз да ошол кишинин деңгээлиндеги элибиздин эстүү, ардактуу аксакалы катары ачуу сөзүңүз болсо угалы деп келдим. Бирок табиятыңыздагы дипломаттык жумшак мамилеңиз менен эмес, жан ачыткан ойлоруңузду айтсаңыз жакшы болор эле...

Чоң нерсе күтүп турат окшойсуң, Олжоке, дароо эле деминди суутуп коеюн. Дегеним - калемпир сөздөрдү тапанчадай айта билген Салижан өзгөчө инсан эмес беле. Ал бекеринен бир немени жебирей берчү эмес, айткандарынын баары болбосо да көбү таразага тартылган ойлордун жыйынтыгы болчу. Угаар кулак болсо ошону угат эле да. Айрымдар сөз төркүнүн дароо сезип, үн кошуп, ойлонуп, дагы тереңирээк түшүнгүсү келсе, айрым кемпайлардын акыл-парасаты ага жетпеди. Ал эмес аны "эл душманы" кылгысы келгендер да чыкпадыбы. Сакемдин сөздөрү күйүттөн чыккан кайрыктар эле да. Элин чын дилинен сүйгөн адам гана "күйдум чок" болот.

- "Кыргыз интеллигенциясынын көзү кежигесинде" дегенине айрыкча чычалашты го...

- Билими жетиштүүлөр "калети жок сөз" десе, көпчүлүгү чын эле жиндеди. Карама-каршы келген бул эки реакциянын да себеби бар. Бүгүнкүдөй өткөөл мезгилде, эл өз тагдырына эгедер болгондо, келечек жол тандоо маселеси чыгат. Ошондон улам "олуялар" да көбөйөт. Адамзат коомунун өнүгүп өзгөрүүсүндөгү жалпы агымды эске албай туруп, 5-6 китеп окуп алып эле өзүнчө билармандар чыгат. Алар элибиз өнүккөн элдердин тажрыйбасынан бизге ылайыктуу жактарын алып, биз да бакубат, маданияттуу, рухий өзөктүү эл болуш үчүн алга карайлы дегендин ордуна, келечекти өткөн замандан издей баштады. Тарыхтын агымы аккан суудай эмеспи. Же дарыя тескери агат дегенди уктуң беле? Ошондойлорду угуп, көрүп, талашып жүрүп, айласы кеткенде айткан да, кайран Сакем.

- Өткөн заманда кыз-жигиттер селкинчек тээп, акчолмок ойноп, айыл кыдырып кымыз ичип, эт жеп, акча-тыйынга зар болбой, оюн-күлкү менен жашашкан экен. Араздашкандарды аксакалдар элдештирип, кыскасы, артыкчылыгы көп эле дешет өткөндү көксөгөндөр.

- Арбир доордун өзүнчө өзгөчөлүгү бар да. Адамга мүнөздүү бир сапат бар: бүгүнкү күндүн түркүн түйшүктөрүнөн чаалыгып, көп нерседен көңүлү калып жүрүп көп адам же келечегине үмүт артып, же "алтын доор" өткөн заманда болгон экен дегендей арман-кусалыкка чөмүлгөндөр көп болот. Бул – психологиялык момент, рефлексия. Патриархалдык коомдогу натуралдык чарба шартында турмуш жөнөкөйрөөк болгону чын. Акча-тыйындын азыркыдай баасы болгон эмес, ал аз, кээде жок болсо да турмуш өтө берген. Көчмөн элдер малдын көзүн карачу, сүт, эт, май болсо тирилик өтө берчү. Тоют жыйнап да кыйналбай, жайыттагы чөптү анча-мынча жыйнап алып, жайкысын ээн жайлоого көчүп жүрө берчү. Отурукташып, дыйканчылык кылып, соодага аралашкан эл (сарттар) жан багыш үчүн көбүрөөк иштөөгө мажбур болгон. Аларды кетмен, соко, балка ж.б. куралдар баккан. Айырмасы бар да. Өсүмдүк менен жан баккан кытайлар жери жетишпегендиктен жашаган кепесинин үстүнө да бирнерсе эккенге аракет кылган. Андай элдер эзелтен эмгекке бышкан, ансыз алар ачкадан өлүп калчу. Көчмөн турмушта адам бекерпоздукка көнүп алган. Ошондуктан "жамбаштап жаткан сонун да". Мындай турмушта гедонизм институту күчтүү болот. "Күндүк өмүрүң болсо, түштүгүнө жорго мин" өндүү турмуштук түшүнүктөр да бекеринен чыккан эмес. Азыркы жаштар муну "жыргализм" идеологиясы деп ирония

менен күлүп коюшат. Мейли дейли, чын эле жыргал керемет, идеал болсун. Бирок аттиң-ай, ал заман өттү да кетти.

- Интеллигенциябыздын айрым окулдору элибизди көкөлөтө мактап, байыркыбыз, улуубуз, таланттуубуз дегенди көп айтат. Сиз чет жактарда көп жүрүп келген адамсыз, деги биз сырттан кандай көрүнөбүз?

- Менимче, арбир эл чүнчүбөй, кемтик комплексине илинбей, өз элине сыймык менен мамиле кылганы жакшы. Себеби, тагдырдын амири экен, ушул элдин перзенти болуп төрөлдүк. Элибиз өргө чаап, башкалардан кем болбосо экен деп тилейбиз, анүчүн күйүп-бышабыз, колдон келишинче анын абрюна салым кошууга умтулабыз. Ошентсе да биз элибиздин тагдырына, бүгүнкү абалына сергек сезим, тунук акыл менен мамиле кылганыбыз оң. Сыртка чыгаарда кээде күзгүгө карайсыңбы, бир жеримден элге күлкү болбоюн деп? Элге деле ошондой караш керек. Байыркы экенибиз чын. Бирок калган эл кечээ асмандан түшүштү? Эзелтен аркайсы эл аралашып, кан жаңыртып, кээде башка элди сиңирип же өздөрү сиңип жүрүп өзгөрүлүп турган. Кээде тилин сактап, кээде унутуп дегендей. Ошого жараша жаш же байыркы эл деп коюшат да. Башка көп элден айырмаланып биздин 2200 жыл мурдагы атыбыз сакталып калыптыр. Тагдырдын тамашасын кара, аны биз кытайдын хроникасынан билдик. Кытайлар өз тилинин фонетикасына жараша булдурттап так эмесирээк жазып калтырган экен. Бир кезде жазуубуз болгон экен, не бир себептер менен аны унутуп коюппуз. Ошондон улам тарыхыбызды башкалар жазып калтырган жазма булактардан биле баштадык. Алигиче толук биле да элекпиз. Элибиздин тарыхы да, рух казынасы да муундан муунга оозеки уланып келиптир. Ошондон улам зор эпостор жаралган, анысына да шүгүрчүлүк.

Эми улуулук жөнүндө оюмду айтайын. Менимче, эл деген көп сандуу, орто же аз сандуу болуп эле шарттуу бөлүнөт. Ошол элдерден кээде санына карабастан, генийлер, улуу инсандар чыгат. Ошондой адамдарга бай, саны арбын, маданияты жогору элди шарттуу түрдө сылыктык кылып улуу эл деп коет. Бирок өзүн өзү улуу дегендер да бар. Менимче, ал башка кеп. Биздин элден да таланттуулар көп чыккан, азыр да уучубуз куру эмес. Бирок адамдын сайсөөгүн сыздаткан өкүнүч бул – ошол элибиз жараткан генийлер, таланттуулар бизге белгисиз болуп, из калтыра албай кете беришкен турбайбы. Башкасын айтпаганда да Сагымбай менен Саякбай чылк гений эмей эмине? Совет бийлигине алкыш, эгер алардын айткандары жазылбай калса, өздөрү менен кошо

кетет эле да. Ошондо азыркы сыймыктанып жүргөн "Манасыбыз" кандай шекилде калат эле? Мааниси кем, катардагы эпостордун бири болуп калат эле да. Демек, улуулук, талант деген конкреттүү болуш керек.

- Баатырлык сапатыбызды да мактай кетпейсизби...

- Чымчып сүйлөгөн жагың башбагып келатат ээ? Кайсы өңүттөн карасаң деле баары келип эл тарыхына, өткөн замандагы жашоо шартына такалат. Бабаларыбыз көрбөгөндү көрүп, башка көп эл менен кагылышып жүрүп өзүн сактап калган. Ошол кыйын заманда найза сайган, кылыч чапкан адамдын баркы көтөрүлгөн. Алар чыныгы баатырлар. Мисалы, Манас, кан Кошой, Эртабылды ж.б. Кийинчерээк жылкы тийип келгендер деле баатыр атка коно баштады. Баатырдын баркы тайыздап кетти. Бүгүн баатыр деп кимди айтышыбыз керек? Ойлоно турган маселе.

- Бизде баатырдын эмес, Манастын маанисин деле башкача түшүнүп жүрөт окшойбуз.

- Мунуна кошулам. Манас - биз демейде ойлогондон терең, кенен түшүнүк. Мисалы, эпостогу сюжет албетте, тарыхтын, болгон окуялардын көлөкөсү. Ошону менен бирге анда элдин көксөгөн максаты, тилеги, арманы, чыныгы инсандык сапаттар жөнүндөгү туюмдары чагылдырылган. Экинчи жагынан карасаң, бир нерсени андайсың. Манас кырк чорону, б.а. кырк уруунун бириктирип, курамадан эл кылганда кыргызга оомат келип, зоболосу көтөрүлүп, башкаларга айбат кылып, өзүн коргоп, туусун жогору көтөрө баштаган. Бул мезгил кыргыз элинин триумфу салтанаты. Манас акылман жетекчиликтин да үлгүсү. Аркайсы уруунун бириктирген. Каныкей энебиз аялзаттын идеалы, бардык жагы төп келген, чырайы менен акылы шайкеш. Кан аралашканда эл да жашарат, жаңыланат. Байкасаң, Каныкей Бухарадан, Айчүрөк Үргөнчүдөн. Бул да бекеринен эмес. Дагы бир жагына көңүл буруш керек: адилеттик издеп, жер кезип жүргөн Алмамбетке энесинин эмчегин эмизип биртууган кылып, анын айлакер сапатын колдонуп, көзүнүн тирүүсүндө тили буруу деп бөлбөй, канатына калкалап жүргөнү анын күчүнө күч кошкон. Кыргызчылык кылып аны жеригендер, тескерисинче, ошол күчтү бошоңдоткон. Манастын көзү өткөн соң кыргыздан да оомат кеткен. Себеби "кулаалы таптап куш кылган, курама жыйнап журт кылган" Манастын ишин ичинен иритип, Абыке-Көбөштөр элди чагымдык менен бөлүп-жарган. Кулаалы жерине, курама элине кетип, ырк бузулган. Ошондон кийин кыргыздын трагедиясы башталат. Уруучулдук, жерчилдик инстинкт тамырын таратат. Бүгүн биз ошол оорудан айыга элекпиз. Эмгиче улут болуп үлөп кеталбай жүрөбүз. Эгемендүү болдук деп

күпүлдөгөнүбүз менен мамлекетибиздин пайдубалына катылган "жарылуучу бомба" так ошол уруучулдук экени элибиздин аң-сезимине сиңелек. Улут деп эки мааниде ойлонуу керек. Биринчиси, кыргыздын өзү. Экинчиси, көп улуттуу мамлекет болгонубуз үчүн бизде жашап, укугу да, милдети да бирдей, ушул жерди мекенибиз деп эсептеп, ошонун ысыгына күйүп, суугуна тоңгондордун баары биригип келип Кыргызстан улугун түзөт. Бүгүн болбосо да эртең. Мына, Манастын идеясы өзү эле оболоп, бизди айланып жүрөт.

- Жогоруда баатыр деген түшүнүк жөнүндө жакшы чечмелеп бердиңиз, бирок бизде бүгүн калыс сөз айтып баатыр болгондор чыкса жакшы болбойт беле!

- Кеп калыс сүйлөгөндө эле эмес, муну терең көтөрүш үчүн илимий көзкараш керек. Тар алкактан айтылса, ой чолок болуп, тийиштүү жыйынтык чыкпай калат. Жалпы элдин билим деңгээлин көтөрмөйүнчө 2-3 китеп окуп алып эле өзүнчө "аалым" болуп, аргументсиз талаша бергендер көп. Интеллектуалдык, идеологиялык жактан биз азыр эт менен челдин ортосунда турабыз. Мурдагы анча-мынча болгон баалуулугубуздан четинен кол жууй баштадык. Дүйнөлүк эң мыкты деген жаңы баалуулуктарга жетүүгө аракет кылбай атабыз. Баалуулукка жетүү деген сөздү көбүртө берүү эмес, ал - акылга, билимге, кесипчиликке умтулган мээнетчилдик. Адам ошентип баралына келет. Биз жоктон барды, аздан көптү жаратуу максатын алдыга коймоюн, эл катары алга жылалбайбыз. Адам обу жок кыйынсынып, өзүн өзү курулай мактай бергени жакшы сапат эмес. Адам өзүн сырттан карамайын өзүнө-өзү кыйын туюла берет. Ал качан башкаларга өзүн салыштырганда гана кемчилигин сезет. Мен муну жеке адамга карата айтканым. Ал эми коомго карата айта турган болсок, азыркыдай өткөөл мезгилде өлкөнү жаңы жолго, жаңы бурулушка салабыз десек, өлкө башкарабыз дегендер адамзат курган коомдун жалаң жакшы жактарын оздоштүрүп үлгү кылышы керек. Улут, мамлекет тагдырын ойлогон санаалаштар (единомышленниктер) биригип алып бийик максатка чогуу жетели, бирок кыймылдын ичинде баарыбызды жетелеп кете турган кимибиз бар, баарыбыз эле дуруспуз, ошентсе да милдетти бирөөбүзгө жүктөйлү деген чечимге келиши керек. А бизде кандай? Ар кимиси кыйын, бары эл башкарууга даяр. Бирөө бирөөнө жол берейин дебейт. Лидер деген түбөлүк эмес. Ал эл үчүн жанын аябай өз мөөнөтүндө кызматын кылгандан кийин чекеге чыгып калчу эле адам болушу керек. Эгер лидер өз көмөчүнө күл тартпай, калыс иштеп берсе, элдин алкышы менен сыйына татыса, жыйнап-терген байлык деген ошол.

Лидер дегенибиз улам кийинкисине таза нуска болуп, жетекчиликтин үлгүсүн көрсөтүп, асыл мурас калтырганда гана саясый маданиятыбыз өнүгөт. Ошондо гана дүйнөнүн алдыңкы элдерин бучкактан алып жарышка түшкөн улут болобуз. Албетте, бийлик үчүн күрөш болбой койбойт, бирок ал күрөш өзүнүн жеке мансабы үчүн эмес, өлкөнүн өркүндөшү үчүн туура жол таап, ошону ишке ашыруу үчүн күрөш болушу керек. А бизде бул касиеттер жокко эсе.

Барынын эле "мен бийликке келсем жакшы иштеп берем" дегенден башка кеби жок. Кантип жакшы иштеп берет? "Мен калыс болом, элден эч нерсемди аянбайм" деген да кеппи?! Ошентип каргангандар бийликке келгенин деле көрүп атпайбызбы. Бул эми бара-бара ушинтип көнүмүшкө айланат. Мунун эң жаман жери – элдин моралдык соолугуна чоң зыянын тийгизет.

- Моралдык деңсоолук жөнүндө жакшы айттыңыз.

- Моралдык соолук деп эле айталычы ушуну. Кыргыз тилине соолук деген сөз такыр эле кирбей койду. Деңсоолук деген деңсенин соолугу. Соолук деген соолук, рухий, моралдык жагын да камтыйт.

- Биздин коом жалган ураан, карандай калпка көмүлүп жашап атат. Чындыкты чагылдырган ММК дээрлик жоюлду. А чындыкты сүйлөгөндөр саясый кысымга алынганын көрүп атабыз. Мындай коомдун тагдыры эмне болушу мүмкүн?

- Жалындап күйгөн жүрөгү бар адамдар чындыкты айталбаса кысылып, жинди (сумасшедший) боло баштайт. Мындай мисалдар дүйнө адабиятында өтө көп. Ар жагында угуту күчтүү адамдар оозу жап болгон кезде эч качан соо калбайт. Чындык - адамга дем берген бирден бир чоң күч. Чындыкка жетпеген адам эркин канчалык бекем болсо да акыры майышат. Биздин коом ага жетпеши керек. Азыр "чындыкты сүйлөсөм, эртең бирөө башымды жарып кетпейт" деп эч ким айталбай турган кырдаалга туш келдик. Бул өтө кооптуу көрүнүш.

- Менимче, жаратылыш ресурсубуздан башка таянар эч нерсебиз калбай баратат окшойт?!

- Биздин негизги таянар ресурсубуз эл болушу керек. Кудай-таала берген ресурсубуз эч кайда качып кетпейт. Биринчи кезекте элдин сапатын көтөргөндү ойлонбосок, жаратылыш ресурсуң да жардам бербейт. Эл сапаты эмнеден турат? Моралдык соолук, билим жана мээнеттен. Андыктан өлкөдө калыс башкаруу системасы менен мыйзам бийлиги орносо, коомдогу жашоого болгон ишеним ошондо жаралат.

- Бизди ошого жеткирер коомдун алдыңкы көзкараштагы азчылык чөйрөсү барбы?

- Жок деп айтпайм, бирок ал критикалык массага өтпөй турат. Бар болсо ушунчалыкка жетет белек? Биз болгону тескери жактарга гана көңүл, жалган ориентир алып жашап атабыз. Кылмыш дүйнөсү менен бийлик чырмалышып алды. Элдин көпчүлүгү динге сокур сезим менен кирип кетти. Ооба, дин өзү жакшы нерсе, бирок динди чала молдолордун айтканы менен ээрчигендер арбып кеткени чочулатат. Мен өзүм динчил эмесмин, ошентсе да диндин асыл жактарын колдойм. Анда коомго пайдалуу көп баалуулуктар бар. Илим-билим аркылуу чындыкка умтул, адилет бол. Ууру кылба, ушак сүйлөбө, бирөөгө жамандык кылба, жакшылык кыл өндүү. Бирок бизде догматика жагы күчөп баратат. Бизге кереги жок жактарын үгүттөп жүрүшөт. Кеч болуп кетелекте бул жакка көңүл буруп, этиет болушубуз керек.

- Массаны карман турганга диндеп өткөн асыл нерсе жок да.

- Дин, менимче, адам баласын айбанат дүйнөсүнө мүнөздүү ыплас инстинктерден куткаруу үчүн ойлонуп табылган. Эмоциялык кудурети күчтүү өзүнчө ролу бар. Рухий соолукка кошумча курал. Мектептерде, жогорку окуу жайларда болсо билим берүү деңгээли өтө төмөн. Албетте эл арасында идиректүү, билимдүү жаштар жок эмес, бирок алар мүмкүн болушунча четөлкөлөргө кетип калып атат. Ошолор кийин кайра келеби, келбейби – белгисиз. Өлкөдө жакшы шарт түзүлмөйүн келбеши да мүмкүн. Себеби бизде тапанча көтөргөндөр көбөйүп кетти. Кооптуулук күчөдү. Бизнес кылалы дегендерин кысымга алып иштетпегендер чекеден чыгат. Иштеп бир аз ийгиликке жетишсең, ташканыңдын жарым улушун тооругандар көп үчүн мекенине кайткылары келбейт. Коррупционерлер менен жанжөкөр болуп гана жандарын багышы мүмкүн. Четте жүргөндөр он жолу патриот болгон күндө да, келгенден коркушат.

- Сиз мамлекеттик кызматта иштеп келген киши катары айтсаңыз, бизде кызматтык этика дегенди мамлекетке эмес, бир адамга кызмат кылуу деп түшүнгөн чиновниктер толтура. Дегеле кызматтык этика дегенди сиз кандай түшүнөсүз?

- Көбү муну туура эмес түшүнөт. Кызматтык жөндөмү начарлар жетекчисине эчкачан өз оюн айталбай тайсалдайт. Жетекчиси туура эмес көрсөтмө берсе да кыңк этпей аткара берет. Лидер болом деген адамдарда өзүнчө бир идеал болуш керек да. Куру кыял эмес, дүйнө тажрыйбасынан чыккан конкреттүү эле практика, ыкма, стратегия, тактика, принцип

дегендер бар. Анысы жок адам конъюнктурщик, көзкарама, чагымчыл, оома болот.

- Принцип үчүн кызматтан кеткендер эртеси бийликтен запкы жеп атпайбы.

- Принцип үчүн кызматтан кеткендерди мен жакшы эстей албай турам. Сен билсең, эсиме салчы... Көрдүңбү, эчкимисин атай албадың. Ушул жерден бир сөздүн удулу келип калды. "Саясат ыплас" деп коюшат. Саясат деген бечара анча деле ыплас эмес, ыплас адамдар саясатты балит кылат. Бизде, бизде эле эмес, бир кейиштүү нерсе бар. Көп адамдар мамлекеттик кызматта жүргөндө мыйзамсыз иш кылышат, коррупцияга малынат. Бийлик менен жакшы мамиледе болсо жүрө берет. Бирок арбирининн артында "куйругу" калат. Мурдагыдай "ляппай" деп жүрө берсе кызматтан кеткенден кийин деле соо калат. Кокус, кызматтан кеткен соң бийлик менен кармашам дегендердин баягы куйруктары капканга түшүп калат: "Унчукпа, болбосо көрөсүң". Ошондуктан коркушат. Ачык сүйлөй албайт. Саясатка таза адам барса, ошондон принцип күтсө болот. Андайлар бар, бирок азыр капчыктын эгоизми күчөп кетпедиби. Ошонучун чолок акылга салып принцип үчүн эшикти тарс жаап чыгып кеткен болбойт. Эгер анчалык эле тегерегиндеги команда менен жууруулуша албасаң, албетте принцибинди коргоп, кызматыңды таштагандан өтөрү жок. А бизде кайсы бир байлыкты тең бөлүшө албаганы үчүн кызматынан баш тарткандар да чекеден табылат.

- Өлкөбүз ушундай кыйчалыш учурда турганда журт башкарам дегендерден жыйырмага чукул киши президенттикке талапкерлигин койду. Булардын ичинен купулуңузга толору кимиси?

- Купуялуу айтып не кыласың. Мен башка жагына таңгалдым. Президент деген кызматтын ушунчалык баркы кеткенби, айтор, "мен деле иштей алам" дегенсип чыга башташты. Астафуралла, жаканды кармайсың. Президент деген кызмат өзүнчө бир азап да, ат көтөргүс жоопкерчиликтин жүгү бар, ага жараш үчүн акыл-парасат, терең билим, болоттой эрк болуш керек эмеспи.

- Тарыхта чыныңда акылы терендер жогорку бийликке келүүдөн качып, тескерисинче, акылы тайыздар эл башкарып келгенин дайын. Айрым гана Ли Куан Ю (Сингапур), Махатхир (Малайзия), Дэп Сяопин (Кытай) жана Ататүрк сыяктуу саналуу инсандар бийликке келип, эл ишенимин толук актаганы болбосо, бийликке коп учурда канкорлор менен зоокүрлөр келет турбайбы...

- Ататүрк да өлкөсү эң оор акыбалда турганда башын сайып, өз өмүрүн элине толук арнап, Туркияны оор өткөөлдөн чыгарып кеткен улуу лидер. Өткөөл кезде ошондой сапат керек. Ал киши саясатка киришкени үчүн аялы менен да ажырашып кеткен. Тууган-туушкандары деле болгон эмес, болгондоруна кайыл болуп, элим деп жүрүп өмүрү өтүптүр. Ал ошонучун Ататүрк. Эгемендикке жеттик дейбиз, бирок анын кандай шартта келгенин терең андай элекпиз. Эгемендик деген өзүнө эгедер, өзүнө ээ болдуң деген сөз да. Бирок биздин улут бүгүн өзүнө өзү ээби?

- Биздин бийлик эгемендик дегенди пафоско айлантып атса, карапайым элге эмне?

- Эгемендик – өз укугу үчүн, өзүнө өзү ээ болуш үчүн күрөштөн кийин баалуулукка айланат. А биз эгемендик үчүн күрөшкөн эл эмеспиз го.

- Азыркы аракеттеribиздин эч бири күрөш эмеспи?

- Бул күрөш эмес. Совет бийлигинин тушунда эгемендүү эл болгубуз келет деп бизде бир-эки киши чыкты беле? Болгону Нурбеков деген юристибиз чыккан экен, ал кишини мен да жакшы билчү эмесмин. Ошол киши "Советтик Конституция боюнча союздук республикалар мамлекеттин курамынан чыгып кеткенге укугу бар" деген пикирди айтып койгону үчүн бечарага көрбөгөндү көргөзүп, тепкиге алышкан экен. Аны болсо Совет өкмөтүн бөлүнбөс, жарылбас катары түшүнгөндөр тескери кабылдап, укуктук эмес, саясый түшүнүктө "биздин башыбызды улуу орус эли түбөлүккө бириктирип турат" деп Нурбековду душман санашкан. Кийин анан ал киши чүнчүп жүрүп өлүптүр.

- Жүрөгүндө аныk жалыны бар кыргыз ошол экен анда.

- Мен бул кишинин тагдырын алыста жүрүп уккам. Ал деле жүрөгү жалындап күрөшкө чыккан эмес. Жүрөгү жалындуулар Прибалтика, Кавказда деле чыккан. Эгемендиктин баркын, баасын мына ошолор билет. А бизде качан гана Горбачев "Кана, жаның барбы? Бирденке айт" дегенсип аркасынан түртө баштагандан кийин "баатыр" болуп чыгышпадыбы. Болгону Совет доорунда жалгыз Түгөлбай Сыдыкбеков лауреат, академик даражасына таянып алып кыргыз тили, кыргыз маданиятынын тагдырын айтып чыкканын билебиз. Азыр болсо ал кишини унутуп да койдук. Жадагалса тээ качан Сыдыкбековго эстелик тургузуу жөнүндө идея бар эле, биз бүгүн ошону да аткарууга жарабай отурабыз. Муну а кишинин артында калган балдары да, интеллигенция да козгогон жок. Жеке оюмда улуу инсандардын элеси, айткандары менен жасаган иштери аркылуу элдин көкүрөгүндө сакталышы керек. Сыдыкбеков эстеликке татыктуу инсан эле да.

- Бизде азыр көчөгө, айылга, мектепке орто заар бирөолөрдүн атын ыйгаруу да өнөкөт ооруга айланды. Ал эмес ааламга таанымал Айтматовго район атын беребиз дегендер а кишини майдалап жибермей болду го?!

- Айтматовго эч нерсе ыйгарбасак да Айтматов боюнча калат. Кыргыздын жүрөгүндө ушуга чейин кимдер калды? Баягы эле Арстанбек, Калыгул, Женижок, Саякбай, Сагынбайлар. Бизде көрсө кадыр-барк дегенге жасаган ориентир таптакыр башка экен.

Маектешкен Олжобай ШАКИР

Ишенбай Абдуразаков: "Элибиздин тагдырына, бүгүнкү абалына сергек сезим, тунук акыл менен мамиле кылганыбыз оң"

"Майдан kg" 28.11.2012

- Асмандагы күнгө караганда жертөлөдөгү шам өзүн-өзү укмуш сапагандай, кыргыз да өзүн укмуш деген эл экенбиз дейт. Досуңуз Салижан Жигитов көзү барында кыргызды жеберине жеткирип тилдеген да, сыпдаган да киши эле. Сиз да ошол кишинин деңгээлиндеги элибиздин эстүү, ардактуу аксакалы катары ачуу сөзүңүз болсо угалы деп келдим. Бирок табиятыңыздагы дипломаттык жумшак мамилеңиз менен эмес, жан ачыткан ойлоруңузду айтсаңыз жакшы болор эле...

- Чоң нерсе күтүп турат окшойсуң, Олжоке, дароо эле деминди суутуп коеюн. Дегеним, калемпир сөздөрдү тапанчадай айта билген Салижан өзгөчө инсан эмес беле. Ал бекеринен бир немени жебирей берчү эмес, айткандарынын баары болбосо да көбү таразага тартылган ойлордун жыйынтыгы болчу. Угаар кулак болсо ошону угат эле да. Айрымдар сөз төркүнүн дароо сезип, үн кошуп, ойлонуп, дагы тереңирээк түшүнгүсү келсе, айрым кемпайлардын акыл-парасаты ага жетпеди. Ал эмес аны «эл душманы» кылгысы келгендер да чыкпадыбы. Сакемдин сөздөрү күйүттөн чыккан кайрыктар эле да. Элин чын дилинен сүйгөн адам гана «күйдүм чок» болот.

Убагында ал «кыргыз интеллигенциясынын көзү кежигесинде» десе билими жетиштүүлөр «калети жок сөз» десе, көпчүлүгү чын эле жиндеди. Карама-каршы келген бул эки реакциянын да себеби бар. Бүгүнкүдөй өткөөл мезгилде, эл өз тагдырына эгедер болгондо, келечек жол тандоо маселеси чыгат. Ошондон улам «олуялар» да көбөйөт. Адамзат коомунун өнүгүп өзгөрүүсүндөгү жалпы агымды эске албай туруп, алар элибиз

өнүккөн элдердин тажрыйбасынан бизге ылайыктуу жактарын алып, биз да бакубат, маданияттуу, рухий өзөктүү эл болуш үчүн алга карайлы дегендин ордуна, келечекти өткөн замандан издей баштады. Тарыхтын агымы аккан суудай эмеспи. Же дарыя тескери агат дегенди уктуң беле? Ошондойлорду угуп, көрүп, талашып жүрүп, айласы кеткенде айткан да, кайран Сакем.

- Интеллигенциябыздын айрым өкүлдөрү элибизди көкөлөтө мактап, байыркыбыз, улуубуз, таланттуубуз дегенди көп айтат. Сиз чет жактарда көп жүрүп келген адамсыз, деги биз сырттан кандай көрүнөбүз?

- Менимче, арбир эл чүнчүбөй, кемтик комплексине илинбей, өзүнө сыймык менен мамиле кылганы жакшы. Себеби, тагдырдын амири экен, ушул элдин перзенти болуп төрөлдүк. Элибиз өргө чаап, башкалардан кем болбосо экен деп тилейбиз, анүчүн күйүп-бышабыз, колдон келишинче анын абрюна салым кошууга умтулабыз. Ошентсе да биз элибиздин тагдырына, бүгүнкү абалына сергек сезим, тунук акыл менен мамиле кылганыбыз оң.

Сыртка чыгаарда кээде күзгүгө карайсыңбы, бир жеримден элге күлкү болбоюн деп? Элге деле ошондой караш керек. Байыркы экенибиз чын, бирок калган эл кечээ эле асмандан түшүппү? Эзелтен ар кайсы эл аралашып, кан жаңыртып, кээде башка элди сиңирип же өздөрү сиңип жүрүп өзгөрүлүп турган. Кээде тилин сактап, кээде унутуп дегендей. Ошого жараша жаш же байыркы эл деп коюшат да. Башка көп элден айырмаланып биздин 2200 жыл мурдагы атыбыз сакталып калыптыр. Тагдырдын тамашасын кара, аны биз кытайдын хроникасынан билдик. Кытайлар өз тилинин фонетикасына жараша булдурттап так эмесирээк жазып калтырган экен. Бир кезде жазуубуз болгон экен, не бир себептер менен аны унутуп коюппуз. Ошондон улам тарыхыбызды башкалар жазып калтырган жазма булактардан биле баштадык. Алигиче толук биле да элекпиз. Элибиздин тарыхы да, рух казынасы да муундан муунга оозеки уланып келиптир. Ошондон улам зор эпостор жаралган, анысына да шүгүрчүлүк.

Эми улуулук жөнүндө оюмду айтайын. Менимче, эл деген көп сандуу, орто же аз сандуу болуп эле шарттуу бөлүнөт. Ошол элдерден кээде санына карабастан, генийлер, улуу инсандар чыгат. Ошондой адамдарга бай, саны арбын, маданияты жогору элди шарттуу түрдө сылыктык кылып улуу эл деп коет. Бирок өзүн өзү улуу дегендер да бар. Менимче, ал башка кеп. Бирок адамдын сайсөөгүн сыздаткан өкүнүч бул -

ошол элибиз жараткан генийлер, таланттуулар бизге белгисиз болуп, из калтыра албай кете беришкен турбайбы. Башкасын айтпаганда да Сагымбай менен Саякбай чылк гений эмей эмине? Совет бийлигине алкыш, эгер алардын айткандары жазылбай калса, өздөрү менен кошо кетет эле да. Ошондо азыркы сыймыктанып жүргөн «Манасыбыз» кандай шекилде калат эле? Мааниси кем, катардагы эпостордун бири болуп калат эле да. Демек, улуулук, талант деген конкреттүү болуш керек.

- Баатырлык сапатыбызды да мактай кетпейсизби...

- Чымчып сүйлөгөн жагың башбагып келатат ээ? Кайсы өңүттөн карасаң деле баары келип эл тарыхына, өткөн замандагы жашоо шартына такалат. Бабаларыбыз көрбөгөндү көрүп, башка көп эл менен кагылышып жүрүп өзүн сактап калган. Ошол кыйын заманда найза сайган, кылыч чапкан адамдын баркы көтөрүлгөн. Алар чыныгы баатырлар. Мисалы, Манас, кан Кошой, Эртабылды ж.б. Кийинчерээк жылкыга тийип келгендер деле баатыр атка коно баштады. Баатырдын баркы тайыздап кетти. Бүгүн баатыр деп кимди айтышыбыз керек? Ойлоно турган маселе.

- Бизде баатырдын эмес, Манастын маанисин деле башкача түшүнүп жүрөт окшойбуз...

- Мунуна кошулам. Манас - биз демейде ойлогондон терең, кенен түшүнүк. Мисалы, эпостогу сюжет албетте, тарыхтын, болгон окуялардын көлөкөсү. Ошону менен бирге анда элдин көксөгөн максаты, тилеги, арманы, чыныгы инсандык сапаттар жөнүндөгү туюмдары чагылдырылган. Экинчи жагынан, бир нерсени андайсың. Манас кырк чорону, б.а. кырк урууну бириктирип, курамадан эл кылганда кыргызга оомат келип, зоболосу көтөрүлүп, башкаларга айбат кылып, өзүн коргоп, туусун жогору көтөрө баштаган. Бул мезгил кыргыз элинин триумфу, салтанаты. Манас акылман жетекчиликтин да үлгүсү. Аркай урууну бириктирген. Канткей энебиз аялзаттын идеалы, бардык жагы төп келген, чырайы менен акылы шайкеш. Кан аралашканда эл да жашарат, жаңыланат. Байкасаң, Канткей Бухарадан, Айчүрөк Үргенчүдөн. Бул да бекеринен эмес.

Дагы бир жагына көңүл буруш керек: адилеттик издеп, жер кезип жүргөн Алмамбетке энесинин эмчегин эмизип биртууган кылып, анын айлакер сапатын колдонуп, көзүнүн тирүүсүндө тили буруу деп бөлбөй, канатына калкалап жүргөнү анын күчүнө күч кошкон. Кыргызчылык кылып аны жеригендер, тескерисинче, ошол күчтү бошондоткон. Манастын көзү өткон соң кыргыздан да оомат кеткен. Себеби «кулаалы таптап куш кылган, курама жыйнап журт кылган» Манастын ишин ичинен иритип, Абыке-Көбөштөр элди чагымдык менен бөлүп-жарган. Кулаалы

жерине, курама элине кетип, ырк бузулган. Ошондон кийин кыргыздын трагедиясы башталат. Уруучулдук, жерчилдик инстинкт тамырын таратат. Бүгүн биз ошол оорудан айыга элекпиз. Эмгиче улут болуп уюп кеталбай жүрөбүз. Эгемендүү болдук деп күпүлдөгөнүбүз менен мамлекетибиздин пайдубалына катылган «жарылуучу бомба» так ошол уруучулдук экени элибиздин аң-сезимине сиңелек. Улут деп эки мааниде ойлонуу керек. Биринчиси, кыргыздын өзү. Экинчиси, көп улуттуу мамлекет болгонубуз үчүн бизде жашап, укугу да, милдети да бирдей, ушул жерди мекенибиз деп эсептеп, ошонун ысыгына күйүп, суугуна тоңгондордун баары биригип келип Кыргызстан улутун түзөт. Бүгүн болбосо да эртең. Мына, Манастын идеясы өзү эле оболоп, бизди айланып жүрөт.

- Жогоруда баатыр деген түшүнүк жөнүндө жакшы чечмелеп бердиңиз, бирок бизде бүгүн калыс сөз айтып баатыр болгондор чыкса жакшы болбойт беле!

- Кеп калыс сүйлөгөндө эле эмес, муну терең көтөрүш үчүн илимий көзкараш керек. Тар алкактан айтылса, ой чолок болуп, тийиштүү жыйынтык чыкпай калат. Жалпы элдин билим деңгээлин көтөрмөйүнчө 2-3 китеп окуп алып эле өзүнчө «алым» болуп, аргументсиз талаша бергендер көп. Интеллектуалдык, идеологиялык жактан биз азыр эт менен челдин ортосунда турабыз. Мурдагы анча-мынча болгон баалуулугубуздан четинен кол жууй баштадык. Дүйнөлүк эң мыкты деген жаңы баалуулуктарга жетүүгө аракет кылбай атабыз. Баалуулукка жетүү деген сөздү көбүртө берүү эмес, ал - акылга, билимге, кесипчиликке умтулган мээнетчилдик. Адам ошентип баралына келет. Биз жоктон барды, аздан көптү жаратуу максатын алдыга коймоюн, эл катары алга жылалбайбыз. Адам обу жок кыйынсынып, өзүн өзү курулай мактай бергени жакшы сапат эмес. Адам өзүн сырттан карамайын өзүнө-өзү кыйын туюла берет. Ал качан башкаларга өзүн салыштырганда гана кемчилигин сезет. Мен муну жеке адамга карата айтканым. Ал эми коомго карата айтсак, азыркыдай мезгилде өлкөнү жаңы жолго, жаңы бурулушка салабыз десек, өлкө башкарабыз дегендер адамзат курган коомдун жалаң жакшы жактарын өздөштүрүшү керек. Улут, мамлекет тагдырын ойлогон санаалаштар бийик максатка чогуу жетели, бирок кыймылдын ичинде баарыбызды жетелеп кетер кимибиз бар, баарыбыз эле дуруспуз, ошентсе да милдетти бирөөбүзгө жүктөйлү деген чечимге келиши керек. А бизде кандай? Ар кимиси кыйын, бары эл башкарууга даяр. Бирөө бирөөно жол берейин дебейт. Лидер деген түбөлүк эмес. Ал эл үчүн жанын аябай өз мөөнөтүндө кызматын кылгандан кийин чекеге чыгып калчу эле адам

болушу керек. Эгер лидер өз көмөчүнө күл тартпай, калыс иштесе, элдин алкышы менен сыйына татыса, жыйнап-терген байлык деген ошол. Лидер дегенибиз улам кийинкисине таза нуска болуп, жетекчиликтин үлгүсүн көрсөтүп, асыл мурас калтырганда гана саясый маданиятыбыз өнүгөт. Ошондо гана дүйнөнүн алдыңкы элдерин бучкактан алып жарышка түшкөн улут болобуз. Албетте, бийлик үчүн күрөш болбой койбойт, бирок ал күрөш өзүнүн жеке мансабы үчүн эмес, өлкөнүн өркүндөшү үчүн туура жол таап, ошону ишке ашыруу үчүн күрөш болушу керек. А бизде бул касиеттер жокко эсе.

Барынын эле «мен бийликке келсем жакшы иштеп берем» дегенден башка кеби жок. Кантип жакшы иштеп берет? «Мен калыс болом, элден эч нерсемди аянбайм» деген да кепши?! Ошентип каргангандар бийликке келгенин деле көрдүк. Мунун эң жаман жери – элдин моралдык соолугуна чоң зыянын тийгизет.

- Моралдык соолук жөнүндө жакшы айттыңыз.

- Кыргыз тилине соолук деген сөз такыр эле кирбей койду. Соолук деген адамзаттын рухий, моралдык жагын да камтыйт.

- Кээде ойлойм, бизде жаратылыш ресурсубуздан башка таянар эч нерсебиз калбай баратабы деп?! Адам ресурсу бизде кандай деп ойлойсуз?

- Биздин негизги таянар ресурсубуз эл болуш керек. Кудай-таала берген ресурсубуз эч кайда качып кетпейт. Биринчи кезекте эл сапатын көтөргөндү ойлонбосок, жаратылыш ресурсун да жардам бербейт. Эл сапаты эмнеден турат? Моралдык соолук, билим жана мээнеттен. Андыктан өлкөдө калыс башкаруу системасы менен мыйзам бийлиги орносо, коомдогу жашоого болгон ишеним ошондо жаралат.

- Бизди ошого жеткирер коомдун алдыңкы көзкараштагы абийирдүү азчылык чөйрөсү барбы деги?

- Жок деп айтпайм, бирок ал критикалык массага өтпөй турат. Бар болсо ушунчалыкка жетет белек? Биз болгону тескери жактарга гана көнүп, жалган ориентир алып жашап атабыз. Буга чейин кылмыш дүйнөсү менен бийлик чырмалышып келди. Элдин көпчүлүгү динге сокур сезим менен кирип кетти. Ооба, дин өзү жакшы нерсе, бирок динди чала молдолордун айтканы менен ээрчигендер арбыганы чочулатат. Мен өзүм динчил эмесмин, ошентсе да диндин асыл жактарын колдойм. Анда коомго пайдалуу көп баалуулуктар бар. Илим-билим аркылуу чындыкка умтул, адилет бол. Ууру кылба, ушак сүйлөбө, бирөөгө жамандык кылба, жакшылык кыл өндүү. Бирок бизде догматика жагы күчөп баратат. Бизге

кереги жок жактарын үгүттөп жүрүшөт. Кеч болуп кетелекте бул жакка көңүл буруп, этиет болушубуз керек.

- Массаны кармап турганга диндин өткөн асыл нерсе жок да.

- Дин, менимче, адам баласын айбанат дүйнөсүнө мүнөздүү ыплас инстинктерден куткаруу үчүн ойлонуп табылган. Эмоциялык кудурети күчтүү өзүнчө ролу бар. Рухий соолукка кошумча курал. Мектептерде, жогорку окуу жайларда болсо билим берүү деңгээли өтө төмөн. Албетте, эл арасында идиректүү, билимдүү жаштар жок эмес, бирок алар мүмкүн болушунча четөлкөлөргө кетип калып атат. Ошолор кийин кайра келеби, келбейби - белгисиз. Өлкөдө жакшы шарт түзүлмөйүн келбеши да мүмкүн. Себеби бизде тапанча көтөргөндөр көбөйүп кетти. Кооптуулук күчөдү.

- Сиз мамлекеттик кызматта иштеп келген киши катары айтсаңыз, бизде кызматтык этика деген балээ бар чындыкты айттырбаган. Дегеле кызматтык этика дегенди сиз кандай түшүнөсүз?

- Көбү муну туура эмес түшүнөт. Кызматтык жөндөмү начарлар жетекчисине эчкачан өз оюн айталбай тайсалдайт. Жетекчиси туура эмес көрсөтмө берсе да кыңк этпей аткара берет. Лидер болом деген адамдарда өзүнчө бир идеал болуш керек да. Куру кыял эмес, дүйнө тажрыйбасынан чыккан конкреттүү эле практика, ыкма, стратегия, тактика, принцип дегендер бар. Анысы жок адам конъюнктурщик, көзкарама, чагымчыл, оома болот.

- Принцип үчүн кызматтан кеткендер эртеси бийликтен заңкы жедик деп оппозицияга ыктагандар да көп бизде... Эмнеге?

- Принцип үчүн кызматтан кеткендерди мен жакшы эстей албай турам. Сен билсең, эсиме салчы... Көрдүңбү, эчкимисин атай албадың. Ушул жерден бир сөздүн удулу келип калды. «Саясат ыплас» деп коюшат. Саясат деген бечара анча деле ыплас эмес, ыплас адамдар саясатты балит кылат. Бизде, бизде эле эмес, бир кейиштүү нерсе бар. Көп адамдар мамлекеттик кызматта жүргөндө мыйзамсыз иш кылышат, коррупцияга малынат. Бийлик менен жакшы мамиледе болсо жүрө берет. Бирок арбиринин артында «куйругу» калат. Мурдагыдай «ляпай» деп жүрө берсе кызматтан кеткенден кийин деле соо калат. Кокус, кызматтан кеткен соң бийлик менен кармашам дегендердин баягы куйруктары капканга түшүп калат: «Унчукпа, болбосо көрөсүң»ю. Ошондуктан коркушат. Ачык сүйлөй албайт. Саясатка таза адам барса, ошондон принцип күтсө болот. Алдайлар бар, бирок азыр капчыктын эгоизми күчөп кетпедиби.

Ошонүчүн чолок акылга салып принцип үчүн эшикти тарс жаап чыгып кеткен болбойт. Эгер анчалык эле тегерегиндеги команда менен жуурулуша албасаң, албетте, принцибиңди коргоп, кызматыңды таштагандан өтөрү жок. А бизде кайсы бир байлыкты тең бөлүшө албаганы үчүн кызматынан баш тарткандар да чекеден табылат.

- Тарыхта чыныда акылы терендер жогорку бийликке келүүдөн качып, тескерисинче, акылы тайыздар эл башкарып келгенин дайын. Айрым гана Ли Куан Ю (Сингапур), Махатхир (Малайзия), Дэп Сяопин (Кытай) жана Ататүрк сыяктуу саналуу инсандар бийликке келип, эл ишенимин толук актаганы болбосо, бийликке көп учурда канкорлор менен зөөкүрлөр келет турбайбы...

- Ататүрк да өлкөсү эң оор акыбалда турганда башын сайып, өз өмүрүн элине толук арнап, Туркияны оор өткөөлдөн чыгарып кеткен улуу лидер. Өткөөл кезде ошондой сапат керек. Ал киши саясатка киришкени үчүн аялы менен да ажырашып кеткен. Тууган-туушкандары деле болгон эмес, болгондоруна кайыл болуп, элим деп жүрүп өмүрү өтүптүр. Ал ошонүчүн Ататүрк. Эгемендикке жеттик дейбиз, бирок анын кандай шартта келгенин терең андай элекпиз. Эгемендик деген өзүнө эгедер, өзүнө ээ болдун деген сөз да. Бирок биздин улут бүгүн өзүнө өзү ээби?.. (М.Д)

Ишенбай Абдыразаков, Жакарта-Куала-Лумпур-Манила-Бишкек.

Азия "жолборсуна" жолуккан соп...

Сыйкырлуу "панча сила", же биздин алардан эмнебиз артык?

Асаба №31/11.08.1995жыл

Мекенибиздин чек арасынан бир кадам өткөндөн баштап эле бизден башкалар кандай абалда экен деп, жолу менен даарат канасынан баштап, мейманды кабыл алуу каадасы менен өлкөсүнүн тагдыры жөнүндөгү көз караштарына чейин назар салып, ийгилик болсо да, кемчилик болсо да, "ал эмне үчүн?" Деп баш катыруу өнөктөгө айланып кеткен окшобойбу. Собол мээни да, жүрөктү да айланчыктап чабуул коет, бирок аларга түз жооп жондо эмес, терең жатканын билгенде билимдин тардыгына, тайыздыгына ызач келет. Бирөөнү даана билбей туруп, өзүндү биле аласыңбы? Дүйнөнүн өнүгүш агымын түшүнбой туруп, оз олкөндүн кайда экенине, кайда баратканына көз жетеби?

Түйшөлткөн сар-саная көлөкөдөй ээрчиди да калды. Жакында президентибиздин расмий сапарына кол кабыш кылуу үчүн Индонезия, Малайзия жана Филиппиндерге барганда ушул ойлор мен эле эмес

башкаларды да курчаган окшойт, "Асабанын" олуттуу соболдоруна чаржайыт пикир айтууга даадым.

Түштүк-Чыгыш Азия өзүнчө бир дүйнө эмеспи. Бизден алыс, бизге жакын. Тарыхый тагдыры да окшоп кетет. Жакын тилде сүйлөгөн, расалык жактан түбү бир элдер - бири Испаниянын, бири Англиянын, бири Голландиянын колониясы болгон. Мусулмандар, католиктер, конфуцийчилер, индуисттер... Борбордук Азияга окшош жагы көп. Өз алдынча болгондон кийин кыйналып-кысталып жүрүп, акыры эми тез өнүгүү жолуна түшкөн. Айрыкча Малайзиянын ийгилиги таң калтырат. Себеп бирөө эле эмес. Алардын ичиндеги негизгисинин бири - өлкөнүн өнүгүү жолу боюнча коомдук консенсус, стабилдүүлүк.

Бүгүнкү күндөгү дүйнөнүн панорамасына назар салсак деидеологизациянын кээ бир өлкөдө чегинип, көпчүлүгүндө, тескерисинче, реидеологизация жүрүп жатканын байкайбыз. Бирок, көпчүлүк учурда мамлекеттик идеология мурдагыдай улутчул же радикал түрүндө болбой, прагматикалык багытка өтүп, экономикалык өнүгүү жана ага керектүү шарттарды камсыз кылуу кызыкчылыгын кездеп кеткен. Малайзиянын баш министри Махатхир Мохаммед негиздеген "рукун - негара" (мамлекеттик принциптер) деп аталган идеялар да, Сухартонун тапшырмасы менен иштелип чыккан "панча сила" (беш принцип) да өзөгү бир - коомдун ынтымагын камсыз кылуу негизинде экономиканы өнүктүрүү, экономиканын ийгилигине таянып социалдык проблемаларды чечүү озуйпасы.

"Панча сила" Сухартонун идеологдору ойлоп чыгарган табылга эмес. Анын түбү - индиялык ой-жүгүртүү ыкмасында. Эл аралык катнашта "беш принцип" биринчи жолу Индия менен Кытайдын ортосундагы келишимде (1954), андан кийинчерээк бир жыл өткөн соң белгилүү Бандунг Конференциясында колдонулган. Экөөндө тең эл аралык мамиле өзөктүү фор- мулалары аныкталган эле. Жыйырма жыл кийин Сухарто аны ички саясатка ылайыкташтырып, өлкөнүн биримдигин жана коомдук ынтымакты сактоо максатында саны беш, бирок мазмуну башкача принциптерди мамлекеттик саясаттын негизи катары элине сунуш кылган.

Эмне үчүн "панча сила?" Бул түшүнүк калк арасында өтө эле белгилүү жана да кандайдыр бир касиеттүү күчтөй таасирдүү болучу. Ушул формага жаңы мазмун берсе, элге ишенчиликтүү болорунда шек жок эле. Ошондуктан Индонезия үчүн мааниси чоң деп эсептелген түшүнүктөр (кудайга ишенүү, гармония, өлкөнүн биримдиги ж.б.)

башкаларга караганда көтөрүмдүүлүк, ички "панча силанын" мазмуну болуп калган.

Дүйнөдө сыйкырдуу ыкма болбойт. Ошентсе да "панча сила" менен "рукун-негара" өз элине кызмат кылууда. Көпчүлүк алардын керектигине ынанып, аларга ылайыктуу иш кылып жаткандыктан бул эки өлкө тең көзгө көрүнөөр ийгиликке жетип отурат.

Президент Сухарто биздин мамлекет башына арнап берген сый тамак үстүндө жанаша отурган Индонезиянын эң кадырман лидерлеринин бири мага мындай пикир айтты. "Биз, дейт ал киши – эркиндикке, жеткен соң көптү баштан өткөрдүк. Сукарно заманында НАСАКОМ деген принциптерди киргизип көрдүк. Ал национализм, дин жана коммунизм деген бири- бирин танган үч багытты бириктирүүгө аракет болучу. Андан эч нерсе чыкпады. Эл саясат менен алек болуп, бийлик үчүн күрөш күчөп, экономиканы унутуп койдук. Натыйжада социалдык абал курчуду. Коммунисттер үчүн ыңгайлуу шарт түзүлдү. Алар баш көтөрүп, элди көкүтөө баштады, бийликти тартып алууга аракет кылышты. Сукарно өз айласын таппай алдастап калганда, трагедия башталды. Аягында аскер бийликке келди. Бул окуя биздин эл үчүн чоң сабак болду. Бийлик үчүн күрөштүн аягы жакшылыкка алып келбесин түшүндүк. Жаңы саясатка өттүк. Коомдун стабилдүүлүгүн көздөдүк. Элдин активдүүлүгүн көтөрүүгө аракет кылдык, аны саясат эмес, экономикага бурдук. Натыйжа жаман болбоду. Жыйырма жыл мурда калктын 75 пайызы өлбөстүн оокатын кылып жүрсө, азыр 30 пайызга азайды. Индонезия үчүн бул 60 миллионго жакын адам, бирок жыл сайын абал жакшырууда. Эл "панча сила" принциптерине ишенет. Себеби натыйжа көзгө көрүнүп турат".

Бул ойдун экинчи бир кырын Куала-Лумпурда Махатхирден уктум. Биздин президент протоколго ылайык Малайзиянын королу менен аңгемелешип турганда, мен премьер-министр менен сүйлөшүп, анын айткандарын кунт коюп уктум. Кыскача айтсам мындай. "Малайзия үч чоң улуттан (малай, кытай, индус) турат, алар үч динге ишенет (ислам, индуизм жана конфуцианство). Мамлекетибиз бирөө. Ушуларды бириктирген, баарынын кызыкчылыгын эске алган саясат керек болду. Приоритет экономикага берилди. Ийгиликтин башаты эмгекте. Өндүрүштүн негизги булагы - чет элдик инвестиция. Себеби өз каражатыбыз жетишсиз. Технология жок. Чет элдик капиталдын келишине бүт зарыл шарт түзүүгө аракет кылабыз. Алардын ишине

ийгилик каалайбыз. Аларга жакын болсо, бизге да жакшы. Улуттук киреше өсөт, элдин турмушуна оң таасир тийгизет.

Адегенде каршы болгондор көп болгон, азыр көпөрдү. Экономиканы түз жолго салуу үчүн саясий стабилдүүлүктүн керек экенине элдин көзү жетти. Азыр көпчүлүк эл ишке тартыла баштады. Жыймын бар, бирок максат чоң, проблема да көп.

Ар бир адам үчүн эмгек кулът болушу керек. Биз Япониядан көп нерсе үйрөндүк, бирок аларга жете элекбиз. Али көп бар. Иштеген жагынан, демилге жагынан, чыдамкайлык жагынан алар үлгү болчу эл. Үч балам тең Японияда билим алды. Азыр ошол жакта иштеп жатышат. Үйрөнүп келишсин. Бүт өлкөбүз жогорку деңгээлдеги жетишкендиктерди үйрөнүшү керек. Антпесек болбойт. Биз кичине элбиз. 19 эле миллион. Рынок тар. Биз конкуренциядан жеңип чыгып, башка өлкөлөрдүн рыногунда орун алышыбыз керек"...

Угуп отурдум. Мен үчүн эч жаңы нерсе жок. Баары эле белгилүү. Бирок биздин өлкөгө багыштап, атайлап мага насыйкат айтып жаткандай сезилди. Чунак киши, бул акылмаңы мага эмне айтасың, менин мекендештериме айтып бересең болот деп ойлодум. Президент менен корольдун аңгемеси бүттү. Биз да турдук. Акылман премьердин сөздөрү азыр да кулагыма угулуп турат. Ошону айтып коеюн дедим - непадам, кулагы бар угаар, көзү бар көрөөр, акылы бары ойлоноор. Дүйнө жөнүндө, өлкөбүз жөнүндө, өзү жөнүндө, башкалар жөнүндө... Эмне үчүн, кандай себептен кечээки колония, карааны көрүнбөй артта калды деп, мыйыгынан күлүп, бизди ишендиргиси келген пропагандисттердин кароолунан кетпеген өлкө бүгүн "жолборс" болуп секирип, эмки кылымдын башында өнүккөн өлкелердүн катарына киребиз деп аракет үстүндө жүрөт? Дегеле экономикасын тез арада көтөрүп, он-он беш жылдын ичинде Улуттук кирешесин ар адамга четергенде 3,5 миң долларга жеткирип алганы кандайча болуп кетти? Эмне үчүн малайзиялыктар кимге догун артып, жумурткадан кыр табууну, суу кечпеген шылтоону издеп, ыйлап-сыктабай, эмгекти биринчи орунга коюп иш менен алек? Кандайча болуп, булардын саясий күчтөрү коомдун мүдөөсүн биринчи катарга чыгарып, мамлекеттик саясаттын айланасында консолидацияланды, бийликтен башканы ойлобогон шизофрения абалынан чыгып кетти? Деги булардын башы иштеген немелерби? Эмне үчүн?.. Булардын бизден эмнеси кем да, эмнеси артык? Суроонун артынан суроо сагаалайт. Ойлогон түшүнөөр, издеген табаар.

Президент кеңешчиси,
филология илимдинин доктору
Салижан Жигитов менен үч күн

БИРИНЧИ КҮН:

ООМАТ КИМДИКИ ЭЛЕ? ОРУСТАРДЫКЫБЫ? БИЗДИКИБИ?

- Салижан Жигитович, өзүңүз билесиз, кыргыз элинде СССР составынан чыгып, өзүнчө суверендүү мамлекет куруу идеясы анчалык күчтүү эмес эле. 1991-жылдын 17-мартындагы бүт союздук референдумда кыргызстандык калк СССР Союзунун сак- талышын дээрлик бир ооздон колдогон. Бирок «демократпыз» деп демиккен кыргыз интеллигенттери Кыргызстан өзүнчө мамлекет болсо мындан алданганча тың оокат кылмак, биздин тапкан-ташыганыбызды «борбор» (тергебей айтканда, Россия) соруп жатат деп келди. Айрым атуулдарыбыз Россия диктатынан кутулсак, алтыныбызды мындай кой, жүнүбүздү эле дүйнөлүк баа менен сатсак да кокодон жашайбыз деп трибуна койгулаганын көп көрдүк. Ошентип эгемендүүлүккө ээ болдук, Россия империясы бизди «темир торго» дагы камай түшмөк түгүл, түтүндү белек булатабыз дегенге сүйүнүп кеткенсиди. Эми эмне болду? Элибиз негедир эркиндиктин баасынан эңгиреп тургандай, турмуш-шарт өзгөрдү, тилекке каршы, жакшы жагына эмес, жаман жагына басымдуу өзгөрүп жатат. Экономикабыз күндөн күнгө эңтеришип баратканын Президент баш болуп, эринбегендердин баары айтып жатат. Эң негизгиси, эл эртеңкисин ачык, так элестете албай калды. Ошон үчүн эскини эңсөө тенденциясы өзгөчө карапайым калк арасында, интеллигенция ичинде да күч, ар кандай жыйында айтылып, гезит жүзүндү жазылып жатат. Учурдун ушул сыяктуу маселелери тууралуу Сиздин оюнузду угуп, пикириңизди билели дедик эле.

- Эми мындай. Бу садагасы кетейин социализм эсеп-чот дегенди билчү эмес да, билсе да баарын жашырчу эмес беле, бут бюджетин деле, тапкан каражатын деле жашырып, кайсы республика канча киргизип жатканын, ал кирешелер кандай чогулуп, кандай бөлүштүрүлүп жатканын деле жашырып келбедиби. Ошонун натыйжасында республикалар өзүнүн ким экенин билбей, ал-абалын аңдабай калды. Биздин республикда ошондой болду. 88-жыл бекен, айтор, совет бийлигинин көзү тирүү кезинде Көлдүн азыркы акими Жумагул Сааданбеков, анда идеология бөлүмүн башкарып, БКда иштечү, ошо киши жогорку окуу жайларынан, академиядан илимпоздорду чакырып, чогулуш өткөрүп калды. Азыркы

Сарыгуловдордун бири - Аскар Сарыгулов ал кезде Министрлер Советинин экономика жагын башкарып турган экен, доклад жасады. Докладында ал: республиканын чарба эсебине өткөрүүгө чамабыз чак экен, өзүбүздү өзүбүз багалбай кыйнала турганбыз. Анткени продукциянын 70-80 процента Россиядан алат экенбиз, ага жооп кылып берчү, сатчу товарларыбыз, чийки заттарыбыз (сырьелорубуз) жок экен дегендей маселе койду. Ошенткенде эле бир топ профессорлор чалкасынан кетип, чатак салбадыбы: жүнүбүз бар, этибиз бар, дагы баланчабыз бар... анан кандай эле өзүбүздү өзүбүз бага албайбыз? Багыш үчүн аларды дүйнөлүк баа менен сатыш керек деп. Аскар Сарыгулов ошо дүйнөлүк баага айлантып да эсептеп көрдүк, болчудай түрү жок десе, кылгылыктын баарын реалдуу турмуш эмес, ушул Сарыгулов кылып жаткансып жаман күпүлдөштү. Анан мен чыдабай кетип: бу киши болгонун айтып жатат да, эгер силерде Кыргызстан өз алдынча жашап кетет, жашаганда да ат салдырбай жашайт деген расчетулар болсо бергиле, булар таппай кыйналып аткан турбайбы дедим. Өкмөт тарап да: чын эле бергиле, ары эсептеп, бери эсептеп, эмдиги жылы эмне кылабыз деп мукурап заманыбыз куурулуп жатат деп, жандана түштү. Бирок эч ким ынанарлык эч нерсе айта албады.

- Экономисттер деле бир жагынан Караганда биздин акындарга, илгерки эшик ырчыларына окшоп кетет экен. Мисал үчүн алар совет доорунда советтик экономиканын, улут маселеси жандана баштаганда улуттук экономиканын мартабасын «магдырата» эсептеп берди беле, эми радикал экономисттерге айланып, рынок экономикасын даңктап жатат. Ошондон уламбы, Батыштын ишкер дүйнөсүндө теоретик-экономисттер Рейгандын: «Ишен, бирок, сөзсүз текшер» деген принцибин колдонушат экен.

- Кептин баары ошол ишенип алышып, бирок текшерип көрүүгө мойну жар бербегенде болуп атпайбы. Менин айтайын дегеним, демек, иштин көзүн билген экономисттер үчүн, маалыматы бар кишилер үчүн абал ошондо эле айкын болгон экен да. Эми андан бери көп заман өттү. Россия биздин максатка бөгөт болгон жок. Югославияга окшоп уруштурбай; бир топ кишини түрмөгө камап, улуттук баатыр кылбай, тынч-аман ажыратып, бөлүп койду. Ошондо эле оңбогур А.Собчак - азыркы Санкт-Петербургдун мэри: бул эйфория да кетер, бул наркоз да тарар, бир жыл, жарым жылдан кийин эле элди багып керек деген маселе чыгат, ошого келгенде көрөбүз буларды, мурдунан эшек курту түшөт деген сыяктуу ой айткан. Айткандай эле өзүбүзчө жашай баштаганда

дасмиябыз бүт, базар баабыз баары билинди да. Өзүбүздү нан менен, кант, май менен камсыз кылалбайт экенбиз, газ, энергиялуу заттар менен камсыз кылалбайт экенбиз. Мисалы, быйыл быltыркы даражадагы газ, нефти эле сатып алсак, 90 миллиард сом кетет экен. Ал эми республиканын бир жылдык тапкан-ташыган кирешеси, бюджети 30 эле миллиард. Элестетип көрүш үчүн эсеп-чот билиминин деле кереги жоктур.

Ушундан улам бир чындыкты, ачуу да болсо чындыкты моюнга албаска арга калбай калды: социализм учурунда, сенек ж.б. деген мезгилдердин тушунда экономика жагынан, жашоо-турмуш, маданият, илим-билим, агартуу жагынан кыргыздар жеткен деңгээл Россиянын гана эсебинен кармалып турган, баары дебесек да, бир топ республикалар, айрыкча Армения, Тажикстан, Кыргызстан көбүнесе башкалардын, өзгөчө Россиянын эсебинен жашап келгени азыр билинди. А турмак кыйынсынып кырданып аткан Прибалтика өлкөлөрү деле экономикалык жактан өчөйүп отуруп калбадыбы. Ошентип, Россиянын эсебинен жашап атып, Россия бизди эзбей, биз Россияны эзип атып, анан кайра Россияны үстөккө- босток ашатып сөгүп келдик. Акыры сого бергиле деп чыга бербедиби...

- Анткен менен орус эли деле, асыресе карапайым калк Союздун тарап, бизге окшогон республикалардын бөлүнүп кеткенине сүйүнүп аткан жери жок го.

- Ооба, кайгырып атышат, ал тургай интеллигенциянын ичинен деле мурдагыдай жашасак жакшы болмок эле дегендер көп. Бирок тарыхтын амирине баш ийбеске айла жок да. Кээ бирлери ойлоп атса керек: Ельцин, Кравчук, Шушкевич бир токойго кирип алып, аракты аябай тоё ичип, баш жазбай туруп эле союзду таратып ийди деп. Жок, анын баары эсептелген, анын баары чоттолгон, аларды тарых таскагы небак эле тактап койгон. Болгону көпчүлүк өзү коно түшкөн социализм деген рухий агымдан, мээсине сиңип, канына айлана баштаган мифтен кутулбай жатпайбы. Болбосо аны баягында эле Александр Исаевич Солженицын «Россияны кантип жөнгө салабыз?» деген китебинде жазбады беле, айланайын ушу Орто Азиядан кутулгула, Кавказ боорундагы бир топ республикалардан кутулгула, казыдай саландатпай деп. Тарыхка, өмүрү аткарылбаган жана аткарылбай турган идеалга тумандабай, көздү чон ачып караган адамдар чыкты да: жардам берсек дагы сөгөт, жардам бербей койсок дагы сөгөт, андан көрө булардан кутулалы. Бир гана маселе орустардын баарын таратып ийген экенбиз, ошол гана кыйын болуп жатат, калганын өзүбүз

эптеп оокат кылып кетербиз деп таратып ийди да. Ага эмне кайгырабыз? Мына азыр жапатырмак динчил болуп жатпайбызбы, кечээ баарыбыз атеист элек, кудайдын жазганы ошо да, көнбөскө чара жок. Эми мунун жакшы жагы да, жаман жагы да бар. Анткени ушунун бардыгы көп нерсеге үйрөтүп, өзүбүздүн ким экенибизди көргөзүп жатат. Кай жерге чейин кулап барарыбызды каңкуулап турат. Образдуу айтканда, Россия Кыргызстанды бир топ бийикке кош колдоп көтөрүп койгон, мына эми колун алып койду эле, ылдый көздөй шыпырылып атпайбызбы. Шыпырыла берип кайсы деңгээлге түшөбүз? 40-жылдынбы, 48-жылдынбы, 52-жылдынбы? Белгисиз да тууралбы?

- Албетте, болжош кыйын. «Улуу Сталин атабыз» өзгөчө экономикалык жактан бүт элди бири-бирине ширеп, чырмап койгон экен. Мисалы, анын бир эле тармагы - нефть менен газ жок болсо эле отурган атпайбызбы.

Кеп ошондо да. Мисалы, мен бала чакта самолет менен учкан кыргыз жок болчу. Поезд менен жүрчүбүз, автобус эмес, ачык машинанын үстүнө түшчүбүз. Жер трактор менен эмес, кол менен айдалчу, түшүм комбайн эмес, орок менен орулчу. Ошондой заманга жетсбизби? Мына, өткөн жылы түшүм жакшы болгону менен толук жыйналбай калыптыр, анткени комбайнга май жок экен. Кыргыз акең кийинки күндө кол менен оокат кылганды да унутту да. Ошон үчүн айтып жатам, экономика жаатынан болобу, маданий жактан болобу, бир топ кулайбыз. Себеби, суверенитет деген, саясый эркиндик деген тамак кылып ичкенге болбойт, нан ордуна жегенге жарабайт, аны менен мактанганга гана болот: мына, биз суверендүү өлкөбүз деп. Ал оозу менен орок оргон ораторлорго аябай керек. Ал эми экономикалык суверендүүлүккө жетиш, анын калыптуу ыгына түшүш өтө кыйын экендигин азыр жон терибиз менен сезип атпайбызбы. Эски союздаштардын ичинен биз кыйын ыйлагың келгендей абалдабыз. Жүн эле жүн деп кыйкырчу элек, 16 миң тонна жүнүбүз бар экен.

- Жуугандан кийинкисиби?

- Ооба, жуугандан кийинкиси. Аныбыз узун эмес экен, жакшы жуулбайт экен, технологиябыз начар экен. Анын үстүнө 11 миңин жип кылып өзүбүз пайдаланат экенбиз. Оңбогон партократтар жип ийрүүчү ишкана куруп койгону да жакшы болуптур, болбосо шорубуз катпайт беле. Этибиз болсо өзгөгө тургай өзүбүзгө жетпейт экен, илгери этибизди Москва менен Ленинград эле жеп атат деп, Усубалиевди сөкчү элек, эми Москва да жоюлду, Усубалиев да кетти, эт

дагы жок. Айтор ушундай кыйын-кысым кырдаалда турабыз. Айтпадымбы көнбөскө арга жок.

ТОЙДУН ЭРТЕСИ...

- Сиз азыркы экономикалык жагдайга токтолуп, бир топ ачуу сөздөрдү айттыңыз. Ал эми элибиздин саясый, рухий кырдаалы жөнүндө эмне дейсиз?

- Леонид Ильич Брежнев айткан: «Нан болсо - ыр болот» деп. Курсагың ачып турса кайдагы ыр. Социализм совет элин, өзгөчө кыргызды жаман сызга олтургузуп кетпедиби. Биринчиден, орус эли коммунизм идеяларына азгырылып, кишинин баарын тең кылам деп, килейген машинанын мапмайда буроолоруна айландырып койду. Ошону менен адамдын өзүнө болгон жоопкерчилиги жоголду. Экинчиден, коммунизм курам деп тапкан-ташыганын чача берип, өзү очойүп отуруп калды. Ооздогу нанды жулуп алды да, эми ырдай бер деп. Жана айтпадымбы, Россия кыргызды бир топ бийик көтөрүп, таштап ийди деп. Таштаганда да жаман таштады да, эми самолет менен учалбай калдык. Ошко барып келели, бир досум той берип атты эле деп, нарындыктар эки күндүн биринде биякка байма-бай каттап турду эле арак издеп, эми балакеттинби? Автобус жүрбөйт мурдагыдай, газ күйбөйт, шаардыктардын үйү жылыбайт мурдагыдай. А эмне үчүн рухий, маданий турмуш ушул процесстен сыртта калыш керек эле?

Мына эми, баарыбыз тең эле жазуучубуз деп жүрөбүз, жазуучубуз жаман болсок да. Мына ошол жазуучуларды да социализм өтө көбөйтүп жибербедиби. 1 миллиард 200 миллиондон ашуун калктуу кытайда Жазуучулар союзунун 300 эле мүчөсү бар, ал эми 2,5 миллионго араң жеткен кыргыздын 400 дөн ашуун мүчөсү бар. Угушубузга Караганда, дале көбөйүп жатса керек. Ошентип баарыбыз эле жазуучу болуп кетпедикпи, өзгөчө ыр жазгандар биттей өрүп жүрбөйбү. Себеби, совет өкмөтү ырдын ар сабына төлөп атты, бир сап ырды үчкө сындырып койсоң, үчөөнө тең төлөдү, социализмдин итти эмне, сынган, сынбаган сабың менен. Мына, эмесе деп, акындар ыр саптарын куурай сындыргандай эле сындырып кирбедиби. Дүйнөнүн бир жеринде да ырга акча төлөбөйт. А жазуучуларыбыз болсо чоң-чоң, көлтөйгөн-көлтөйгөн китептерди жазат, үнөм дегенди ойлоп да койбойт, чиркин. Себеби, өкмөт басма табагына төлөйт, эгер сапатына төлөсө андай болбойт эле да, туурабы? Социализм мына ошентип, жазуучуну да, артисти да, мугалимди да, дегеле интеллигенцияны көбөйтүп ийбедиби. Немистер айткандай, «Багы жок элдин баатыры көп, ары жок элдин акыны көп» деп.

Окубайм дегендерди, айылда калам дегендерди деле зордоп окутуп, ВУЗдарды, жайнатып ачып... окуса эле жаңы адам болуп, коммунизм куруп жиберет деп ойлободубу, бечара совет өкмөтү. Мына эми кокус мектептер, ВУЗдар, илимий институттар жабышып кетсе, андагы шардын көпчүлүгү бош калат да. Колхоздор приватташып кетсе, жайнаган экономисттер бош калат. Шаарга келип сандалып жүргөн айыл жаштарындай эле социалдык коркунучту ошолор туудурат. Анткени чала окуган киши окубаган кишиден он эсе коркунучтуу. Себеби, акыл эмгегине да, күч эмгегине да көнбөй калган. Айылда бригадир болуп жүргөн кишини иштетип көрчү? Иштебейт, упуткан кара жумуш кылганды. Экинчиден, азыр тоталитардык режим деп көрүнгөн согуп жатпайбы, бул кыргыз учун жакшы эле болду, себеби коркуп, жазганып, башка элдер менен жакшы болуп жүрүп, социализмдин тушунда элдин саны 5 эсеге өстү. Азыр болсо эч нерседен коркпойт. Коркпогон кыргыз өзү коркунучка айланды. Анткени коркпогон кишинин ичинен кармап турган бирдемеси: маданияты, же бир адеп нормасы, айтор, бирдемеси болуу керек да. Же дин кармабаса, же бир идеяга ишенбесе... жанагы балдарыбыз хулиган болуп, аракка тойгондо кайра өзүбүздү сабап, тоноп жатышы ошондон да. Жаштар шаардан жер алып, үй салып жатканда эле айткам, кудай урган, буларды жумуш менен камсыз кылып, жашоо-шартын түзүп бербесек, чогулуп алып өзүбүздү сабайт, тонойт деп. Ошондой болуп жатпайбы. Албетте баары эмес дечи.

- Ушул маекти окугандар сизди да сабап кетип жүрбөсүн?

- Сабоочулар китеп же гезит окуйт дейсиңби, олтурушат да ар кайсы чыланын ортосунда арак же пиво ичип, оолукканда орустарды сөгүп. Карачы, ичип, зөөкүрчүлүк кылган орустар көчөдө кандай азайды.

Сөздүн нугу башкага бурулуп кетти өндөнөт, тууган күйүрүп, душман сүйдүрүп айтат деген ошол.

Ушундай кыйын кырдаал, татаал шарт рухий турмушубузда да болуп жатат, маданиятка да таасирин тийгизүүдө. Мына ушул шартка ыңгайлашуу керек. Мисалы, жазуучулар. Баштагыдай көлтөйтүп-көлтөйтүп жаза бербей, дегеле түбөлүк теманы издеп тууралабай, кыйырды эңсеп кыялданбай, жалпы адамзаттык идеяны берем деп безеленбей, азыркы окуучулар эмнеге кызыкса, эмнеге муктаж болсо, ошону жазып керек да. Бу жагынан канча соксок да, канча тилдесек да, жанагы Жаныбек Жанызак пионер болуп атпайбы, билип атат, порнографияга, секске уландардын, жаш келиндердин муктаждыгы бар экенин, а тургай кары-картаңдарды да кызыктырып жиберерин. Ошого

ылайыктап андан, мындан которуп чыгарып койсо, талап кетип атпайбы китебин. Ошону менен тиричилигин ондоп, машине, үй сатып алды, ошону менен кызматкер кармап иштетип атат...

- Кечиресиз, жазуучуларды заманга ыңгайлаш деп жатасыз. Социализмдин талабы деле ушундай эмес беле, көркөм өнөрдү бир «реализмден» бир реализмге үндөп жаткан жоксузбу? Экинчиден, дин карман, адеп кутпойт деп жаштарды күнөөлөп, Жаныбек жаны жоктун «жылаңач» китебин жактаганыңыз кандай?

- Ой, а-бу дей берген менен кайсы гана искусствонун болбосун түпкү тамыры баары бир тиги же бу коомдун тилине байланат эмеспи. Соцреализм совет өкмөтүн курган жок, совет өкмөтү соцреализмди ойлоп чыгарды да. Чынбы? Анан калса кеп чыгармачылыктын кандайдыр методу жөнүндө эмес, китеп кантип чыгат, жазмакер кантип жан багат деген маселенин тегерегинде болуп жатпайбы. Экономикада товар өндүрүү жана сатуу деген болот. Жаныбек мына ошонун жаңы мисалы эмеспи. Айталы, мен анын жылаңач китептерине таптакыр эле муктаж эмесмин. Бирок муктаж болгондор бар экен да. Же тарыхый инсандарды алалы. Курманжан датка, Байтик баатыр, дагы балан-түкүн, деп чыгарып койду эле, канын жерге тамызган жок го. Айтор бир жолду издеш керек экен. Анан мынабу мамлекеттик басмаларды кооперативге, менчикке айландырыш керек экен. Кыргыз китеп чыгарганды, сатканды, ошону менен жанын бакканды үйрөнсүн. Орустарда толуп атчу илгери китеп сатып байыгандар. Өкмөт китептен салык албай койсо деле болмок. Ансыз деле чыкпай жаткан китептерге олчойгон салык коюп эмне кереги бар.

Андан көрө мисалы, 5 процент кылып койсо, ошол жеңилдиктин шарапаты тийип китеп жайнап кетсе, ошол деле өкмөт чөнтөгүнө пул болуп бербейт беле? Үйүнө китеп дүкөн ачып жүрүшү, реалдуу турмуш көнбөйт, биз ага көнүшүбүз керек. Кыргыз соодага жок, соода кылалбайт деп кайгырышчу эле чоң шаарлардан «жем» жеп калган кыргыздын интеллигенттери жакында эле. Мына эми көрүп жатпайбызбы, бүт көчөдөгү, бүт базардагы сооданын баарын ээледи ошол эле кыргыздын балдары. Ушинтип эле кирет экенбиз да. Айылда деле ошондой. Бу турмушту алдайм деген болбойт экен да, большевиктер турмушту алдайм деп, бир топ элди тарыхый өнүгүштөн бечел калтырды, ошол үчүн ат чабым жылдар артка чегинип, кайра баштан башташка туура келип жатат.

- Биздин радикал реформаторлор экономикалык өнүгүштүн көптөгөн үлгүлөрүн айтат. Бири Швейцария жолу, бири Жапония жолу дейт. Айтор жол көп, бурулуш жок. Буга сиздин пикириңиз кандай?

- Туура, эмне үчүндүр сүйлөсөк эле Американы, Жапонияны мисал кылабыз. Швейцарияны айтабыз. Кыскасы, өнүккөн өлкөлөрдү ала чуркайбыз. Мисалы, айылда деле тигинин оокаты тигинтип өтүп жатпайбы деп, жакшы жашаган кишини эмес, начарын көргөзөт го. Оңолбойсуңбу десең, көргөзөт го жерде калганын, тиги деле түтүн булатып отурбайбы деп. Кыргыз ушул жагынан гана өскөн экен: салыштырса эле салыштырууга болбой турган өлкөлөр менен салыштырат. Эмне үчүн экономикалык мүмкүнчүлүгү жагынан, саясый өнүгүшү, калкынын саны жагынан өзүбүздү өзүбүзгө окшогон өлкөлөр менен салыштырбайбыз? Мисалы, Африкада Уганда, Бурунди, Гана деген өлкөлөр бар бизге окшогон, Азияда эки-үч дегендей саналуу эле экен: Монголия, Лаос ж.б. а эмне үчүн биз ошол Лаостой болбошубуз керек да, айкырып барып эле Америкадай болуп кетишибиз керек? Демек, ар ким өз жолун издеш керек. Анын үстүнө капитализмге биздей, социалисттик системадай өтүш дүйнөнүн тарыхында бир да өлкөдө болгон эмес да. Бирөө да темирдей бекем борборлоштурулган экономиканы, чарбаны бир заматта чар учкандай таратып, эркин экономикага өтө качкан эмес да. Ошон үчүн тигинин жолу, мунун жолу деш туура эмес. Болгону элге чындыкты айтыш керек: биз капитализмге кирдик, мурдагыдай тойлоп жүргөнгө айлабыз калган жок, ошон үчүн дүнганча жер тытып иштешибиз керек. Капитализм убагында капитал жыйноо деген, первоначальное накопление капитала - капиталдын көрөңгөлөнүшү деген болот, ошол көрөңгөнү жыйнагыла деп. Болбосо, күндө тапсам күндө жок, күндө жылан жеп коёт дегендей, кыргыздын тапкан-ташыганын салт-сабыры эле жеп атпайбы. Байкап көргүлөчү? Кыргыздын туулмагы да азап, катын алмагы да, өлмөгү да азап. Баарын ошолор жейт, аш- той, кургак намыс жейт. Себеби, социализм ошол принципти кармоого көндүрүп салган. Социализм тушунда эртең эмне болом дегенди ойлобойсуң, өлөр өлбөстүн күнүн көрөсүң, бир жерине иштетет, карысаң пенсия берет, оорусаң дарылайт, аракеч болсоң да дарылайт, өлүп калсаң балдарына жардам берет. Эми азыр андай болбой калды, ар ким өзүнө өзү кам көрүш керек, капитализм баягы коллективиум дегенди жоготот дагы, индивидуализмди күчөтөт. Ар бир кишини өзүнө өзү жоопкер, балачакасы, укум-тукуму үчүн жоопкер кылат. Социализмди жоктоп, сагынып, саргайыштын кылдай да пайдасы жок.

- Американы мисал тартыш дагы эле болсо кызмат абалына жараша ал жакка ар кандай делегациялар менен каттап турган «турист - демократтардан» чыгып жатат. Биз окуганыбызды айтсак.

Мына сиз, социализм баарына жардам бере берген деп атасыз. Айталы, ошол эле Америкада 30 миллион адам бекер дарыланганга субсидия, ал эми 20 миллионго жакын адамга азык-түлүк купону бекер берилет экен. Демек, капитализмде деле колунда жокторду мамлекет талаага ташпап койбойт экен да...

- Америка ошондой акыбалга капитализмге өткөндөн кийин канча кылымдан кийин жетти? Кеп ошондо. Биз өтө эле оптимист болуп атпайбызбы, беш-алты жылда эле оңолуп кетебиз деп. Жапониянын илимпоздору изилдеп көрүп айтыптыр СНГ жерден боорун 30 жылдан кийин араң көтөрөт деп. Батыш айтып жатат, Россия биринчи көтөрүлөт, Орто Азия бир топко жүрөт деп. Анын ичинен Кыргызстан экономикалык потенциалы жагынан айталы, Өзбекстанга да чендебейт да. Же болбосо, америкалык божомолчу окумуштуулар Кытай экономикалык өнүгүш жагынан 2010-жылы Жапонияны басып өтүп, Американы такымдап калат деп жатса, өздөрү жок, биз 2050-жылы араң орточо өнүккөн өлкө болобуз деп жатпайбы. Демек, бардык нерсеге реалдуу карашыбыз керек да, тактап алышыбыз керек: биз азыр кайсы даражадабыз, бизди өзүбүз менен окшош ким менен салыштырса болот? Кайсыга чейин кулайбыз да, каерден токтоп, каерден кайра тартабыз?

Мына ошол кайра тартканда, заман оңолгондо, чарба бүт индустриялашып, тапкан ташыганыбыз, өндүргөнүбүз, бүткүл кен байлыктарыбыз товарга айланып, аны сатып, байыганыбыздан кийин чыгыш керек жанагы «жардам» деген сөз. Ардеменин өз убагы бар. Эл байыганда, товар көп чыгарылып, калың калк соода менен шугулданып турганда салык көбөйөт, анан мамлекет ошол салыктын эсебинен жанагы сенин ичиң ооруп аткан маданиятка, адабиятка, улутка кам көрөт. Ошондой ырыскут этер мезгил келсе, 400 акын-жазуучуну багып алыш Кыргызстан үчүн эчтеме болбой калат да. Америкада деле ошондой болгон.

Анын үстүнө Батыш өлкөлөрүндө мисалы, китеп чыгаруунун формалары көп, менчик басмалар көп, тигиндей женил-желпи китептерди чыгарып, сатып, андан түшкөн кирешенин анча-мынча процентин олуттуу маданиятка жумшап коёт, ооба, өлкө бай болгондуктан субсидия берет.

Ал эми бизчи? Элибиз эки жарым миллион болсо, жакыр болсок, жакырчылыктан жакында келиндеребиз төрөбөй коюшу мүмкүн болуп турса, анан кантип асман-айды кеп кылабыз? Макул, 3 миллион бололу, 3 миллион деген деле аз да, туурабы? Ошол 3 миллион элдин муктаждыгы да болуш керек, китеп окуганга, ыр окуганга. Бош убактысы болуш керек. Ошондой эле элдин деңгээли деген бар. Эл фольклордун, ырчылар

поэзиясынын деңгээлинен жаңы көтөрүлдү, алар окуганга Караганда укканды жакшы көрөт. Ошон үчүн китеп өтпөй турат. 20 миллион сомдук окуу китептери өтпөй турат азыр. Мектептеги балдарга окуу куралдары жетишпейт, аны же ата-энеси, же мектеп, же колхоз-совхоз өндүү уюмдар алып бербейт. Эмне десе, баасы кымбат, 40 сомдун (мурдагы 40 тыйын да) тегерегинде экен. Чын эле колунда жок экен дейли десең, ата-энеси аракка таап атат го, ичип атат го, канчалык кымбаттаса да. Бу жагы да бар, «кемигинде да, керкисинде да бар».

- *Сиз жогор жакта социализм баарын эле кыйнап окута берген дегендей ой айттыңыз эле...*

- Мага ушул ой дайыма келет. Балким бизге, кыргызга, баарын эле окута бериштин кереги жоктур, себеби, айылда калам дегендерге, айылда, албетте, кишилер калыш керек да, мына ошолорго 10-классты бүтүнүн эмне кажети бар? Малдын богун чыгарыш үчүн, чөп чабыш үчүн сөзсүз онунчуну бүтүш керекпи? Эгер бүт баары компьютерлешип кетсе, мисалы, уюна компьютер менен жем-чөп берип, же баардыгы интенсивдүү технологияга өтүп кетсе, анда бир жөн. Илгери менин атамдын тенгуштары сабатсыз болгон, бирок трактор менен машинени окубай-чокубай эле айдап кетишкен. Кыргыздын канчасынын жогорку же атайын орто билими бар дегендин эсеп-чотун таппай жүрөм, менимче, ал жаатынан мурдагы союз боюнча биз биринчи орунда турат болушубуз керек. Айылга барсаң, 15-20 экономист, бухгалтер жүрөт, баары чогулуп же колхозду ондоп жарытпайт, же фермерлик, кооперативдик чарба түзүп бергенге жарабайт, болгон-көнгөн «билими» эле ушул: орток мүлктүн кызарган жерин жула качып жеш. Жула качканга эч нерсе калбай калабы деп, приватташтыруу десе, чалкасынан кеткен да ошолор. Иштеген ишибизден башкарган кишибиз көп, окутуп-чокутабыз деп, көп кишилерди кара жумуштан ажыратып салдык, билимге кыпындай муктаждыгы жок кишилерди кыйнап окутуп келдик, шаарда сандалган жаштар ошол үчүн көп, ким окууга кантип өткөнүн, мектепти кантип бүткөнүн жакшы билесиң, ошол үчүн интеллигенция дегенибиздин негизи бош.

Айталы, экономиканы жөнгө салып, деңгээлин көтөрүш үчүн канча билимдүү адис керек? Маселени ушундай коюп, эсептеп чыккан киши жок болуп атпайбы. Эсептеш керек, башка өлкөлөрго - алыбызга ченеп иш кылышыбыз керек да, өзүбүзгө окшогон өлкөлөргө салыштырып көрүш керек. Ошентип келсе мүмкүн бизге мынча билимдүү адистин кереги жок болуп чыгар, мүмкүн бала-чакабыздын 20 эле процентин окутсак жетишер...

- Сөзүңүзгө аралжы, кечээ жакында Китай, килейген улуу Китай канча бир миллиардаган каражат бөлүп, сабатсыздыкты жоёлу деп жатат. А сиз болсо элдин баарын окутуп- чокутуп салды деп, социализмге нааразысыз. Тескерисинче, совет өкмөтүнүн кыргызга кылган эң чоң жакшылыгы - элди туташ сабаттуу, билимдүү кылганында болуп жүрбөсүн?

- Ал туура. Бирок мындай да, айталы, Кытайда 260 миллион сабатсыз киши бар экен, Түркиянын жалпы калкынын 40 проценти сабатсыз деп жүрчү эле, жакында сурасам 13 процент дейт. Эми ошол 260 миллион кытай эңкейип эмгек кылбай эле колду чөнтөккө салып басып жүрдү дейсиңби. Иштешти да, өлкөнүн ушул акыбалын өркүндөтүүгө аздыр-көптүр үлүш кошту да. А эмне үчүн алардын сабатсыз, билимсиз экендиги эми эске түшүп жатат? Анткени ошондой зарылчылык пайда болду. Зарылчылык дегеним, Кытай компьютеризация заманына кириш кетти, илим-билимдүү болбосо эл, демек мамлекет артта каларына көзү жетти. Мына, Түркия да быйыл илим-билимге улуттук кирешесинен 23 процент бөлүп жатат. Анткени, алар да ошондой деңгээлге келип калды да. Турмуштун бардык тармактары, атүгүл үй-тиричилигинен өйдө компьютерлешти, машинелешти, ансыз иштей да, жашай да албай калышты, бирдеме билиш үчүн, өздөштүрүш үчүн билим керек болуп жатат. Ал эми биздин турмуш азырынча ошондой зарылчылыкты сурап атабы? Кеп ошондо..

Ушуну менен бүгүнкү сөз бүттү. Жумушу көп экен а кишинин. Өзү да болбой атып араң макул болгон. Кайра куруу башталгандан бери какшана берип жумуштарым калды дейт, чыгармачылык, илимий иштерим калды дейт. Араң көндүргөм. Эмки суроом республикабыздагы демократияга байланыштуу болучу. «Ой, силердики демократия эмес эле, этнократия болуп кетти го» деп күлдү. Жолдо келатып экинчи маекти «Демократиябы же этнократиябы?» деп атоону ойлодум.

- «Кыргыз маданияты» 18-март, 1993-ж.

ЭКИНЧИ КҮН: ДЕМОКРАТИЯБЫ, ЭТНОКРАТИЯБЫ?

- Салижан Жигитович, сиз өткөн маекте: Кыргызстан озунчө мамлекет болом дегенге Россия сүйүнүп кетип, уруштурбай, талаштырбай эле болуп койду дегендей ой айттыңыз эле. Ага биздин айрым патриоттор, асыресе, айрым радикал-патриоттор чычалай түшкөнбү, айтор, редакцияга телефон чалып, көчөдөн жолуга калып

айтып жатышат: жоок, республиканын суверендүүлүккө жетип, эркиндикке ээ болушу - биздин, демократиялык кыймылдын жеңиши болчу деп. Ушуга байланыштуу, өткөндө сурагандай, дегеле республикадагы демократиянын абалына байланыштуу эмне айтар элеңиз?

- Эми мындай. Кыргызда илгери, Совет бийлигинин тушунда эч кандай демократиялык кыймыл деген болгон эмес. Демократиялык кыймыл Советтер Союзунда диссидентчиликтен башталганын жакшы билесиң. Ошол диссидентчилик башталгандан бүткөнгө чейин кыргыздан бир дагы диссидент чыккан жок. Атүгүл диссидент болгонго шансы шайма-шай Чыңгыз Айтматов эч убакта диссиденттик ой-пикир айткан жок, ошол совет өкмөтү менен эле ымалалашып, ошол совет бийлигинин улуксаты менен баатырдык кылып келди а киши. Диссиденттикти жөн эле коёлу, мына, Турдакун Усубалиев, - мен албетте, а кишиге жаман айткым жок, бийликтен түшкөн кишиге таш ыргытуу табиятыма жат, - Америкада алты жолу бийлик алмашканча Турдакун Усубалиевич кыргыз элин жалгыз башкарып, бир топ адилетсиз иштер жасап, калкты нааразы кылып жатканда деле кыргыз интеллигенциясынын арасынан ачык оппозиция чыккан жок, атүгүл бирин-экин апендиден башкалары Москвага кат жазып, арызданганга жараган жок. Анан бу киши түшүп калгандан кийин баары баатыр болуп чыга келди, тиешеси бары деле, жогу деле «төө бастыга» алып жатып калбадыбы. Мына ушунун өзү кыргыз интеллигенциясынын ички маданияты кандайын айтып турбайбы; кишиге асылсаң, ал киши атчан турганда асыл, ал эми аттан кулап чөгөлөп олтуруп калганда үстүнө жыгылып калыш интеллигент кишинин белгиси эмес. Түшүп калган кишиге таш ыргытыш кыргыз элинин салтында жок. «Качкан жоону катын саят». «Жоону» ошентип сайгандар «жоок демократ элек» деп жатып алса, эмне кылабыз, айла жок...

- «Демократия» деген сөз биздин республикада кайра куруу заманында чыга баштады, ага чейин дүйнөдөгү эң өрнөктүү демократия - социалисттик демократия деп түшүнчүбүз, эң өрнөктүү киши ушу деп бир кишини бир добуштан шайлап отура берчүбүз. Артта калган элдер үчүн, балким, социалисттик демократия деле жаман эместир, канткен менен соцдемократияда кандайдыр бир селекция бар болчу, кадрлар жакшы ыланчу.

- Анан бул демократиялык кыймыл дегенибиз качан, кайктан башталды? «Бийлик бар жерде оппозиция бар,» - деп айтышат Батышта.

Усубалиев убагында демократтар жок болчу деп айтпадыкпы, демократтар Масалиев келгенден кийин чыкты. Себеби ал учурда демократиянын айкындуулук, ачык айтып, ак сүйлөө, көзгө, бийликке карабай бетке айтуу өндүү белгилери келип калган. Ошондо пайда болду да Масалиевге оппозиция...

- *Кечиресиз, Масалиевгеби же бийликке, системагабы?*

- Масалиевге дээр элем. Анын жөнү мындай. Ал киши бийликке келгени менен «мен чоңоём, мени көрөбү, байкайбы» дегендерди чоңойтпой эле өзү менен бир кезде чогуу иштегендерди чоңойто берди. Мисалы, М.Шеримкулов менен Т.Ишемкулов кокус аны менен чогуу иштебеген болсо, кайра көтөрүлбөй калмак. Билген, тааныган кишилерин гана көтөрүү совет бийликчилеринин бир кемчилиги эмес беле. Масалиев аны кыйшаюусуз аткарды, анысы бир топторду нааразы кылды. Нааразы болгондор демократ болуп чыга келди. Мисалы, Казат Акматов мурда партиялык чоң кызматтарда иштеп жүрүп, анан кандайдыр бир себептер менен жол. Усубалиевге жакпай калып, кызматтан куулуп, ошонун күйүтүнөн Усубалиев түшкөндөн кийин Усубалиевге, анын «кол баласы» Аскаровго каршы кампания уюштуруп жиберди да, туурабы? Бирок, ал эмгегин Масалиев баалабай койду. Ошондой эле ал кездеги Топчубек Тургуналиев, азыркы Тургуналытегин БКда иштеп, өкмөттүн ишенимдүү адамы болуп жүрүп, бөрбөрдүн 1-Май райкомунун биринчи секретарлыгын талашып, анан ошол шайлоодо анча-мынча добуш жетпей калып, анын себебин көмөк көрсөтпөйт деп Масалиевден көрүп, андан кийин гана демократ болуп жатпайбы, Угушума Караганда, Ж.Жекшеевдин деле ушул сыяктуу себептери бар экен. Айтор, чоңойсок, антсек-минтсек, Усубалиев түштү, биздин заман келди, бизди көрөр, угар, бага чейин бааланбай келдик эле, эми Масалиев баалар деген кишилерди баалабай койгон учурда жанагыдай кыймыл пайда болду.

- *Сиз өзүнү демократия менен этнократияны ирониялуу каршы коюп айткандай болдуңуз. Арийне, экөөнүн тең эле түпкү теги бир - «демос» деле, «этнос» деле «эл» дегенди билдирет эмеспи. Анан кайсы элдик бийликти кайсы элдик бийликке каршы коюп айтканыңызды кийин ойлонуп түшүнө албадым.*

- «Этностун» дагы бир мааниси: уруу, улут. Жазылып турбайбы, «Энциклопедияда»: этностун пайда болушуна аймактык жана тилдик жалпылык шарт түзөт дегендей. Ага кеңири токтолом, өзүм деле ошого келаткам.

... Ошентип, бизде демократиялык кыймыл пайда болду, Кыймылдын көпчүлүгүн көлдүктөр түздү. Желмогуз балдар эсептеп жүрүшчү эле, оппозициянын 90 проценти көлдүктөр деп. Демек, бул, буруп айтканда, көлдүктөрдүн Масалиевге каршы партиясы болучу. Ал кеңейип кетти, түндүктүктөр түштүккө каршы чыгып жатыптыр деген сөз чыкты.

Эмне үчүн? Мен билгени ал кыймылдын ичинде Түштүктөн деле бар болчу. Мисалы, КДКнын ал кездеги өтө активдүү жетекчилеринин бири - Топчубек Тургуналиев түштүктөн го...

- Аны атайын кошуп алышкан. «Мына, Түштүктөн деле демократ чыгат, мына, Масалиевди биз эле эмес, өзүнүн жердештери да сындап жатат» деш үчүн киши издеп жүрүп, анан 1-Май райкомунун биринчи секретарлыгына өтпөй калган, Масалиевге каршы көксөөсү бар Т.Тургуналиевди таап, алдыга салып коё беришти. Ошону менен аны митингдерде сүйлөгөнгө, ачкачылык жарыялаганга, Масалиевге каршы таш ыргытканга коюп коюшту. Мисалы, К.Акматов менен Ж.Жекшеев бир да жолу ачкачылык жарыялаган жок, бечара Тургуналиев сегиз күнү кезерип ачка отурганда алар тамакка кенен тоюп, мүмкүн, коньяктан шыңгытып коюп, жүрүштү окшобойбу.

Албетте, кеп анда эмес, кеп, демократиялык кыймылдын, жалпак тил менен айтканда, ушул сыяктуу жагдайда башталганында. Бизде өздөрүн «демократ» деп жарыялагандарды башка республикалардагы демкыймылдар, айталы, москвалыктар байкады, колдоду, кантип митинг уюштуруп, кантип ачкачылык жарыялоо жагын үйрөтүп турушту. Алар ойлоду да: «Кыргызстанда чын эле демократтар бар экен». А иш жүзүндө демократтарыбыз чын эле ички ишениминен, чын эле демократтык даражага көтөрүлгөнүнөн, демократия идеялары канында ойноп турганынан демократ болгон жок. Белимчилеп, башкаларды туурап, шартка жараша өзгөрүлүп, улгу алып туруу кыргыз баласына мүнөздүү эмеспи. Мунун тең кала турган деле эчтемеси жок, кыргыз коммунизм идеялары менен, марксизм-ленинизм окуусу менен аябай тааныш болуп кеткенинен эмес, башкалар

- Ооба, алар жаңы заманга лароо ыңгайлашып, сиңип кетти. Мисалы, партиясынын атын өзгөртүп дегендей... А бу киши коммунистмин деп эле коржоюп туруп албадыбы, демократ боло калса эле ич бүтмөк. Айтайын дегеним, түндүк, түштүк болуп бөлүнө түшүү да анда чоң роль ойноду. Түндүктүн балдары мына, өздөрү *жаман* көрүп, өздөрү сөгүп аткан орустун таасири менен бир топ иерселерди билип алган экен, өсүп алыптыр, сүйлөгөндү, митинг жасаганды үйрөнүп алыптыр. А түштүк

депутаттары болсо жер топураткандан башкага жарабай, бир да бирөө Масалиевди сүйөп сүйлөп чыкпады го. Атүгүл Масалиевдин жакшылыгын көргөн Оштун чоң патриоттору Т.Касымбеков менен К.Бобулов бир ооз сөз кайрыганга жараган жок. Мына ушундай кырдаалда, мен байкап калдым, түштүктүктөр катуу ызаланып кетти. Туураны туура деп айтышыбыз керек. Масалиевге да таң беришибиз керек, мына ошондо ошо киши баягы абышкаларды чакыргандай «түштүктүктөр, кайдасыңар» деп чакырса, самолет да арзан а кезде, келишсе, анан кайсы бир аянтты ээлеп, ачка жатып алышса, Тажикстандай болуп чатак чыгып кетпейт беле. Анткен жок, бийлигине кайыл болуп, кетип калганы кыргыз элинин бир бактысы десе болот. Ошондой эле Осмонов Бекмаматты айтсак болор эле, баарыбыз угуп-көрүп турдук, эл айыл, уруу болуп бөлүнүп кетти. Осмонов да бийликтен түшпөйм деп көшөрүп туруп алса, эмне болот эле? Демек, аларды бийликтен түшүрүүгө катышкан демократтарды да азамат десек болот, ошол демократтарга, демократтардын артында турган кишилерге *теңелбегени, чатакка барбаганы үчүн Масалиевге да ырахмат десек болот. «Демократ эместерге» деле адилеттик керек го.*

- *Масалиевдин түшүшүнө чоң кызмат бербей койгон демкыймылдын демилгечилери да себепкер... деп жатасыз. Биздин билишибизче, аларАкаевдин тушунда деле чоң болуп кеткен жери жок...*

- Ооба, алар азыр айтып жатпайбы, Масалиевди биз түшүрдүк, Акаевди биз алып келдик деп. Аскар Акаевич да алар менен ымала түздү, аларга таянып иш алпарайын деген кыйла аракеттерди жасап келатат. Бирок, менин байкаганым, же түшүнбөй атамбы, Акаевдин тушунда деле алардын бири көтөрүлгөн жок. Же сунуш кылса, кабыл албай коюштубу, же башка бир стратегиялык, тактикалык ой-мүдөөлөрү барбы, айтор, бири да чоң кызматка илинбеди. Президент: ооба, силер алып келдиңер мени, ырахмат деп баарына тең эле чоң- чоң кызмат берип, чоң-чоң батке карматып койсо болмок. Алар деле мынабу түшүп жаткан министрлер менен кошо түшмөк, ошондо билинмек кимдин ким экендиги...

- Ал - ал... Андан бери дем кыймыл кыйла өзгөрдү. «Айыл ити ала, бөрү көрсө биригет» дегендей, мурда Масалиевге каршы биригип, күрөш жүргүзсө, эми Түндүк, Түштүк болуп бөлүнүп кетти го. Масалиевдин маселеси бүттү, эми Тургуналиевдин кереги жок дегенчелик кылышты эле, а дагы эр экен, бакылдап сүйлөп, тиги-бу кылып атып, дембийликтен кетпей койбодубу. Түшүрө албай жаман кыйналышты да демократтар. Ошон үчүн бири биринин жоорун чукуп гезиттерге жазып киришпедиби.

Бизде демкыймылды объективдүү иликтеген, изилдеген киши жок: философтор эмне кылып жүрөт, социологдор эмне кылып жатат? Ушулардын бардыгын изилдеп, өз убагында айтып койсо болмок.

- Ошентип бөлүндү дедик. Мисал үчүн «ЭрК» («Эркин Кыргызстан») дегенибиз менен, ачык айтканда, Түштүктүн партиясы. Позициясы Жалал-Абад жакта күчтүү, КДК бийлик талашып, өз ара чатакгашып жатып, эмне болгону белгисиз. Андан кийин «Асаба» партиясы чыкты.

- Бул эми орустар «Память» деп жатпайбы, ошонун тибиндеги партия. Көп жагынан өксүгөн шаардык кыргыз жаштарынын көйгөйүн, оргуган ой-тилегин чагылдырган партия болуп жатат, бу дагы турмушта бар, мунун чыгышы да закон ченемдүү. Мен кээ бир «ызакор» орус жолдошторго айтып жүрөм: Россияда «Память» болуп жатпайбы, а эмне үчүн Кыргызстанда «Асаба» болбош керек? Ошол «Памяттын» ичинде деле чаласабат, орус үчүн күйүмүш эткен кишилер чыгып алып, жер орустуку, кен орустуку, еврейлер кеткиле деп кыйкырып жатат. Биздин «Асаба» деле кыргыз мүдөөсүн башка улуттун кишилери түшүнбейт деп оруска карты болуп атат. Айырмасы жок, болгону «Памяттын» душманы - еврей, «Асабанын» - орус.

- Биздеги демократиялык кыймыл демократиялык мазмунда эмес, этнократиялык мазмунда дегеним ошондон. Кыргызда «өзүндү эр ойлосоң, башканы шер ойло» деген кеп бар. Гегель маданияттуу деп өзүн башка бирөөнүн ордуна коё билген кишини айтабыз деген. Башканын деле меникиндей мүдөөсү бар, бирөө деле мендей киши деп, ошолор менен эсептешкен, өзүмчүлүктөн өйдө турган киши демократ боло алат. Жашоого күн алдында баардык адамдын акысы бирдей. Мүмкүнчүлүгү эмес, акысы бирдей, укугу бирдей, азыркы тил менен айтканда. Андан кийин азчылыктын укугун, адам укугун сыйлоо деген болот. «Демократия» дегенибиз түпкүлүгүндө европалык түшүнүк. Европа көп кылым бою кыйналып, чайналып, тер ичинде, кан ичинде азап ичинде жүрүп, мына ушул демократияга келген. Черчиллдин айтканы бар: «Демократия дегениң деле жакшы нерсе эмес, бирок андан ашкан эч нерсе жок болуп жатпайбы». Демократичный шарапаты ушу да: ар ким өз оюн ачык айталат, бийликтин деспотчулугуна жол берилбейт, эркин шайланат, шайлайт ж.б. Кыскасы, адам мүмкүнчүлүгүнө жол ачылат. Ал эми биздин демократтар кыргыз элинин, кыргыз тилинин гана үстомдүгүн жүргүзөбүз деп жатат. Орустар шаарларыбызда, анан Чүй өрөөнүндө көп эмеспи, ата-бабаларыбыз шаар курган эмес экен, көчүп эле жүрүп алышыптыр,

бүгүнкү демократтар кандай абалда каларын ойлобоптур. Ошон үчүн орустар көчүп келиптир, шаар куруптур, кыштак салыптыр, Чүйдүн мыкты жерлерине орношуп алыптыр. Ошон үчүн Чүйдө, Бишкекте кыргыз жалпы калктын 26 процентинин тегерегин түзүп калган экен, орус, дагы башка элдер көбөйүп кеткен экен. Проблеманын баары ушунда туруп атат да, туурабы? Биз тоодон-таштан түшүп келип, алар түз жерге куруп койгон шаарды карасак эле... орус көп! Анан, эмне үчүн орус көп... эмне учун орус тили өкүм сүрүп кеткен деп, орус салган тамга кирип, алар курган университеттен окуп, анын тилин үйрөнүп алып, чатак салып жатпайбызбы. Ошон үчүн биздин демократия Советтер Союзуна, же башка бир коомдук түзүлүшкө каршы эмес, оруска, абстракттуу жана конкреттүү оруска каршы болуп жатпайбы. Анан кантип этнократиялык эмес, демократиялык багыттагы кыймыл дейбиз? Россия бизди Югославиядай кылбай болуп койгону чоң жолдо келатканда көчкү түшкөндөй эле иш болду да: Маселе чечилди. Кармаша турган эч нерсе калбай калды. Анан жанагинтип Түндүк, Түштүк, балан, түкүн болуп бөлүнүп атпайбы.

- Ушунча кыймылдын ичинде кантип эле бир позитивдүү көрүнүш, жылыш болбосун?

- Жок, мен антип так кесе айталбайм. Кыймылда бир топ жылыш болду, эволюция жүрдү. Турмуш, заман агымы алардын позициясын, көз бир көз-караштарын өзгөртүүгө аргасыз кылды. Мисал үчүн ошол эле «ЭрК» партиясынан Кыргызстандын азыркы саясый шартын эсепке алган «Ата Мекен» деген, орусча айтканда, умеренный, кыргызча айтканда, сабырлуу партия бөлүнүп чыкты. Анан мынабу «Республиканын элдик партиясы» деген пайда болду. Коммунисттик партия башынан кайра жаралды. Ушул сыяктуу кыймылдар алдында жанагы этнократиялык партиялар быякта калды дагы, биздин республикада жалаң эле кыргыз эмес, башка улуттар да жашары эске алына баштады. Ушуга келгенде, партиялардын, кандай партия болсо да, бардык партиялардын чыгышын оң факт катары карашыбыз керек. Эмне үчүн дегенде, алар ар кандай социалдык катмардын ой-тилегин, максат- мүдөөсүн, атургай нааразычылыктарын чагылдырып, легалдуу айтып турган партиялар болуп атпайбы. Ошону менен элдин пикири, кайнаган буусу дал ушул партиялар аркылуу чыгып, коомдо стабилдүүлүктүн сакталышына аздыр-көптүр салым кошуп жатат.

- Өткөн жылы телевизордон көргөздү го, белгилүү режиссер Ст.Говорухин Америкада болуп, А. Солженицын жөнүндө фильм тартып

келиптир. Ошондо Солженицын Россиядагы демократияга байланыштуу мындай байкоо айтты: демократия деген пирамидадай болуш керек, түбүнөн, демек, карапайым калк катмарынан башталып, алардын ой-пикири пирамиданын чокусун, демек, бийлик башын солкулдатып туруш керек. А Россияда, тескерисинче, пирамиданын башындагы бийликке аралашып алган бир үч топ демократия демиш болуп, бири-бири менен ун алышып жатат деп. Бизде деле ушул, бийликтин тегерегиндеги бир үч топ эле кыйкырып жатат демократия деп, карапайым калктын иши да, чолоосу да жок.

- Демократия негизинен партиялардын деми менен жашап жатат дебедикпи. Бирок ошол партиялардын бир кемчилиги - тамыры жок болуп жатпайбы, лотос деген гүл болот го, тамыр-самырсыз эле суунун үстүндө осо берген, ошол лотостордой борбордун өзүндөгү саясый турмуштун, колдун үстүндө сүзүп жүрүшөт да. Алар чыныгы турмуштун өзүндө (айыл- апада) тамырлап кетсе, жакшы болот эле, бирок тамырлашы кыйын болуп жатат. Анткени айыл-апанын бул партияларга анча кушу жок, анын үстүнө партия дегенге таптакыр ишенбей калган. Мисалы, демкыймылдарга мынабу шаарда Бишкекте анча-мынча акыл-эстүү, билимдүү кишилер кирди, ал эми айыл жеринде ага жалаң кудайдан жөө качкандар, эски арызчылар, аракечтердин баары кирип алып, кадырын кетирип койду, менин байкашымча. Бул жагдай да демократиянын айыл жерине тамырлашына, жайылышына тоскоол болууда.

- Солженицындын күйгөнүнчө бар: Россияда деле, бизде деле иш бийлиги эмес, сөз бийлиги үстөмдүк кылып атпайбы. Өзгөчө басма сөздө оюна келип, колуна урунгандын баарын жазып жатат. Президентти го эки күндүн биринде баса калып сындаганга көнүштү, а киши да бышыкулак болуп бүттү, эми баштагыдай таасир деле бербей калды көрүнөт. Бу жагынан жетишкендигибиз бар. Биревну сындаганы, бийликке шек келтиргени үчүн кысмакка алынгандар, ыдык жеп, куугунтукталгандар дээрлик жок. Тескерисинче, ушул мингайдагы демократтар бизде, Кыргызстанда, кандайдыр бир сыйурганга (льгота) ээ болуп, өзгөчө айырмалуулук абалга жетишкендей. Президент алар менен байма-бай сүйлөшүп, кеңешип турат. Президенттен чыга калып эле андай акыл айттым, мындай акыл айттым деп гезитке кыйкырып жазып жатпайбы көз бирөөлөр.

- Демек, ачык-айкындуулук турмушубуздун бардык тармагына кирген экен да?

- Менимче, бир топ тармактарга кирди, бир гана статистикада ачык-

айкындуулук болбой жатат. Мисалы, биз канча өндүрөбүз, канча чыгымдайбыз? Же Жогорку Совет бюджеттен канча алып жатат жана ал каякка жумшалууда? Же болбосо, Президенттик аппарат, же тышкы иштер министрлиги канча алып, каякка жумшап жатат? Же илимди, маданиятты өнүктүрүүгө канча каражат жумшалууда? Ушул сыктуу көптөгөн маселелер ачык айтылып, жазылып турса, биз чындык менен элди тарбиялаган болор элек. Буларды билбейт да элдин баары. Албетте, мен экономист эмесмин, бирок бир жагынан ойлоп кетем, ушу экономика жаатынан демократия болбой жатабы деп. Мисалы, бирдеме ачам, бирдеме товар өндүрөм десе, айылдагыларга мүмкүнчүлүк берилбей жатабы, ошон үчүн приватташтырууга каршы туруудабы, деген өндүү ойлор келет.

- Ал эми жанагы айыл демократия менен иши жок, тунжурап турууда деген оюна кошула албайм. Мисалы, шайлоолорду кара. Отбай-чотбайлардан баштап, депутаттарга чейинки шайлоо чаң ызгып өтүп атат го. Албетте, демократия жападан жалгыз жол, биз буга үйрөнүшүбүз керек, өзгөчө шайлоо жолуна, демократиялык шайлоо жолуна көнүшүбүз керек. Эл коркуп атпайбы, айыл-апада уруучулук күчөп кетет, анан баланча, түкүнчө деп. Мейли. Мына азыр деле ар бир облус, район, ар бир айыл «ургаачы болсо да, өзүбүздөн кочкор салабыз» деп, чоңдорду бүт өз кишилеринен коюп албадыбы. Анан көрүштү: башка жерден келип пара жеген менен өз кишилеринин пара жегенинин айырмасы жок экендигин. Тескерисинче, өзүнөн чыккандар мени эмне кышып алат эле деп коркпой-үркпөй көбүрөк жээрин. Көзү көрүп ишенгенден кийин өздөрү айтып жатат го, башка жерден келип иштегендер дурусурак экен деп. Мисалы, Тон, районунда мурда, жетекчи башка жерден болгон учурда сен, мен деген жок экен. Угушума Караганда, азыр кыдык, саяк болуп ыркырашып атыптыр. Мындай мисалдар көп. Демек, эл өзү башынан кечирип, ачуу тажрыйбасынан сынап ишениши керек экен. Мейли, өз уруу, өз жеринен да шайлап көрүшсүн. Азыр көгөрүп шайлабай коюп, он жылдан кийин демократиялык шайлоо откөрсөң деле ошолор кайталанат да. Ал эми шайлап отурсан, он жылга чейин элде тажрыйба топтолуп калат, а-а, бул биздин мүдөөбүздү жактайт турбайбы, биздин оюбузду жогор жакка билгизет турбайбы деп, иштей турган кишини шайлап алышат.

- Ушул эле ойду шаардык интеллигенцияга карата да айтсак болот. Кыргыздын кийинки балдары, өзгөчө базар коргон балдары өтүгүн майрык басып алса деле орустан көрүп келбедиби. Мына эми орустар кетип атат, жүз орустун беши кетпей калса эле кыйкырып жатышпайбы: эмне үчүн кетпейт деп. Кетип атат, алдуу-күчтүүлөрүнүн акыры ашып

кетсе отуз жылда кетип тынат.

Мына эми республикага миңге жакын кытай келип калыптыр. Интеллигенция эми «кытайлап» чуу чыгарып жатат: «кытай жаман, кытай коркунучтуу» деп. Коркунучтуу болсо эмне кылабыз: коңшу экенбиз, аралаш жашабаска арга жок экен. Ал эл менен да эсептешип керек да. Мен эми олуядай эле айтайын, бизде орустар калбай калганда, же өтө эле аз калганда, Россия Кыргызстанга кызыкпай калат, коңул бурбай калат. Себеби биз Россиядан алыс турабыз. Мисалы, Казакстанга Караганда. Демек, оруска каршы маанай үчүн орустан корко турган бизде эч кандай негиз жок. Назарбаев айтпадыбы, кичинекей мамлекеттер кайсы бир чоң мамлекет менен ымала түзүп, этегин кармабаска аргасыз деп. Биз да ошондой чоң мамлекеттер менен курчалып турабыз да. Быяктан Казакстан, тыяктан Өзбекстан дегендей. Бирок баарынан чоңу, баарынан зору - Кытай. Түркия да алыс. Тең-теңи менен деп, Израиль менен, же ошол эле Бурунди менен соода-сатык жасап, мамиле кылып турсак жакшы болмок. Бирок алар алыс, Америка да, Россия да алыс. Буга чейинки Россиянын саясаты бар эле: согуш убагында өнөр жайды стабилдүү кармаш үчүн чачыратып ийиш керек деген. Ошол бизге да чачыратам деп, куруп бербедиби. Эми курулушун жумушчулары менен кошо алып кетти. Америка бизге куруп берсе жакшы эле болмок, канткен менен алар жергиликтүү калктын күчүнө таянмак да. Бирок алар бизге келип береби? Келсе, демократиялык сагызгандан сактыгыбыздан качырып жибербейбизби? Даярдыгыбыз жок, бизде бюрократия күчтүү, анан алдап кетеби деп коркобуз, сактанабыз ж.б. Мисалы, СИАБЕКОдон кийин эч нерсеге кол коюлбай калбадыбы. «Сүткө оозун күйгүзгөн айранды үйлөп ичет» болуп атпайбы. Биз коркпошубуз керек, алдаса алдасын, бизди ким алдабай жүрдү эле, бизге тажрыйба, ачууда болсо, тажрыйба керек. Мүмкүн, бир отуз жылдан кийин орусту эстербиз, салыштырып көрөрбүз. Мына, социализм кулаганда баары эле сүйүнгөнсүп жаткан, азыр социализм эле жакшы экен деп жатышпайбы. Айыл-апага бара калсам, «социализмди эмне кулаттыңар!» деп желкелеген эле киши, кудум мен кулатып салгансып. Башка түшкөндө, тажрыйба топтогондо таразалап жатышат да...

Отуз жылдан кийин же англис, же кытай, же түрк тилин билбей, орус тилинен да айрылып, жалаң кыргыз тили менен калып, окуган гезитибиз «Кыргыз Туусу» менен «Кыргыз маданияты» болуп, кыргыз жазуучуларынан башка дүйнөдө китеп чыгарган киши бар экенин билбей, шорубуз катабы? Кеп ошондо. Ошон үчүн дүйнөгө ачык болушубуз керек.

- Демек, коркунуч сырттан келбейт экен, өзүбүздүн ичибизде экен да.

- Албетте. Ыраматылык совет өкмөтү элибиздин үчтөн бирин интеллигент кылып салды: бирок билимди чала берди, өз алдынча чачыратып ойлонгонго көндүргөн жок. Ошон үчүн биздин интеллигенция айылдык аң-сезимдин рамкасынан чыгалбай жатат. Оруска каршы ой айткандан, орус тилин сөккөндөн башка эчтемеси жоктор көп. Дүйнөнүн бардыгынан коркконго, сак болгонго ошолор үндөп жатат. КСЕНОФОБИЯ деп коёт. Бүт эле баарынан корко берет: орус болсо орустан, кытай болсо кытайдан... Тескерисинче, биз еврейлерге окшоп эч нерседен коркпой, аракет кылып, арак ичкенди таштап, окуп, аз эл экенибизди эске тутуп, бизге арак ичкенди, ашыкча ойноп-күлгөндү, үстөккө-бостоктой өткөргөндү ким койду деп иштесек, көп тил үйрөнсөк, аздыр-көптүр оңолобуз. Болбосо бир орус тилин чала билгенибиз көп көрүнүп жатпайбы. Тил билбегени жагынан биздин интеллигенция дүйнөдө биринчи орунда болуш керек. Түркиянын окумуштууларына жолуксам, үч-төрт тил билбегени жок экен. Ошону да аз деп, орусча үйрөнүп жатышат. Азыр ар бир гезит эле улупук стратегия, улуттук идея, баланча-түкүнчө деп удургууда. Улуттук стратегия деген ушу: Орто Азиянын еврейи болушубуз керек, тың болушубуз керек, мисалы, ар биребиз беш өзбек, төрт казактын ордуна иштешибиз керек. «Жакшы кызга жаман кыз багы менен теңелет» дегендей биз аларга теңелсек, кызылдай мээнетибиз менен теңелебиз. Биздин элдин акыбалы, ооматы бир топ эле, ошол мээнетке келгенде аксай түшүп атпайбызбы. Америкадан жана Жапониядан үйрөнүп эмне кылабыз, биз арабызда турган дунгандан эле үйрөнүшүбүз керек. Мына, дунгандардан Акаевди соккон, же совет өкмөтүн соккон, же турмушуна нааразы болгон, же окмоттон жалдырап тыйын сураган бирөөнү көрдүңөрбү?! Аларга социализм да баары бир, капитализм да баары бир, иштеп атат, орусунду да, кыргызынды да, кытайынды да сокпой эле жанын багып атат. Килейген 2,5 миллион кыргыз: «тилибиз өчүп калды, маданиятыбыз өспөй калды» деп ыйлайт, ал эми 30 миң дунган кыргыз менен орустун ортосунда жүз жылдан бери туруп, тилин да, дилин да жоготпой, салтын да жоготпой, анап эң негизгиси, ыйлабай атпайбы. А биз болсо, Президентти сөгөбүз ушуга апкелди деп, өкмөткө өлүмтүк артабыз, «акча бер эле акча бер» деп. Анан ыйлайбыз: турмуш жаман деп. Дунган ыйлабайт. Мээнеткечтикти ушу дунгандан үйрөнүп, акыл-эстүүлүктү, куулукту еврейлерден үйрөнсөк, өркөнүбүз жакшы эле өсмөк...

Анан ийкемдүү болушубуз керек, башка улуттарды, өзгөчө аз

сандагы улуттарды сыйлоо, алардын укугун урматтоо диндин деле, социализм менен капитализмдин деле, демократиянын деле негизги принциби да. А биз өзүбүзчө эле коржоюп, аралаш жашаган башка улуттарды бөлүп, өзүбүз да бөлүнүп атпайбызбы. Мына, Түкөмдүн, Түгөлбай Сыдыкбековдун 80 жылдыгы өттү, жазуучуну түркчө таандык эле, түркчө таандык деп, Казакстандан, Өзбекстандан койбой чакырдык, а арабызда чогуу жашап, ачуу-таттууну бирге таткан улуттарды унутуп койдук. Айрым уйгур, месхет-түрк, дунган жолдоштор, мисалы, мага таарыныч айтышты: «капырай, ушу бизге деле айтып койбойсуңарбы!» Славян, уйгур, дунган ж.б. маданий борборлору бар эмеспи. Орусту го орус дейли, ушу Түкөм орус тилинин убайын көргөн жок деп коёлу. Берки өзүбүздүн диндеш, дилдеш уйгур, өзбек, дунганчы?..

Ушул сыяктуу мисал чачтан көп. Ошон үчүн республикада улут аралык тирешүү чыкканына «жаңы» демократтар, анан депутаттар чоң үлүш кошту деп айтар элем. ЭТНОКРАТИЯ деп какшап атканым ошондон.

Ушуну менен экинчи маек бүттү. Түн кирип калыптыр. Үйгө келдим. Диктофондуктум. Орус элинин чоң патриотторунун бири -улуу философ Николай Бердяевди барактадым. А киши жазып жатат: «ИСТИНА НЕ МОЖЕТ БЫТЬ НАЦИОНАЛЬНОЙ, ИСТИНА ВСЕГДА УНИВЕРСАЛЬНА...».

«Кыргыз маданияты» 8-апрель, 1993-ж.

ҮЧҮНЧҮ КҮН: БИР ЖАРЫКТАН ЧЫГАБЫЗ, БИРОК КАНТИП?

- 12-апрель. Жогорку Совет сессиясы башталды. Ак үй алдында адаттагыдай эле пикетчилер. Жаштары бар. Кыздары бар. Мойнуна «Баланчаев - консерватор! Кызматтан түшүргүло!» деген плакат илип карыя олтурат. Консерватизм жаштардын эле эмес, карылардын да көкөйүнө тийиптир. Туура. Клемансо айткан экен: «20 жашында социалист болбогондордун жүрөгү жүрөк эмес эле кесим эт, ал эми 40 жашында социалист болуп жүргөндөрдүн мээсинде бир мандем бар деш керек» деп. Кыздар турат кыргыз тил «душмандарынын» тизмесин көтөрүп. Алар: Т.Усубалиев, АМуралиев, С.Жигитов...

А кишини редакцияга чакырганбыз. Колу бош экен, келди. Пикетчилерди көрүптүр, сүйлөшүптүр. Сөзүбүз башкадан башталыш

керек эле, коллективдүү (о, эсил кайран коллективизм!) даярданып отурганбыз. Бирок сөз башка жакка оой кетти. Ошентип... .

- Эми мындай. Азыр демократиянын заманы болуп калбадыбы, ар ким өз билгенин айтат...

- *Кечиресиз, сөзүңүздү бөлгөнүбүз үчүн. Мисалы, Россияда демократтар бар, улутчул-патриоттор бар. Биздин байкашыбызча, ал экөөнүн кайнап каны кошулбай келет. Ак үй алдына кыргыз тил «душандарын» «карман» келгендерди демократ дейбизби, же сиз айткандай этнократ дейбизби?*

- Өткөн маекте айтпадыкпы, бизде демократия менен этнократиянын термин боюнча гана айырмасы бар деп. Болбосо экөөнүн маани-маңызы бир эле: ким биздин сөздү сүйлөбөсө, ошол душман! Большевиктердин ушунусу кыргызга аябай жагып, аябай жуккан экен. Дени сактык жукпайт, дарт жугат эмеспи. Ошон үчүн мени кыргыз элинин, кыргыз тилинин душманы деп айтып, гезитке жазып, а тургай телевидениеден да жар салып жүрүшөт. Ошентип мен, жамандыр- жакшыдыр Кыргыз Совет энциклопедиясын чыгарышкан, андан да мактанып айтсам, чыгарган, кыргыз маданиятынын, адабиятынын тарыхын изилдеп, кыргызча китептер жазган, айтор, кыргыз тилинин аркасы менен оокат кылып жүргөн мен, кыргыз тилине каршымын да, кыргызча эки сөздүн башын курап жаза албагандар, жазса да тилдин кунарын кетирип, тантык кылып салгандар күйөрман.

Же мына бул Турдакун Усубалиевичти алалы. Ооба, ал мурда Москвага жагынып келген экен деп коёлу. Азыр мына, Москва да жок, борбордук бийлик да жок, Усубалиев кызматта эмес, пенсияда, анда а киши кимге жагынып жатат? Жагынса депутат кылып шайлаган нарындыктарга жагынса болмок, «орус тили» депсин деп а кишиге биердеги орустар орден бербейт, же болбосо, кайра апкелип Кыргызстандын падышасы кылып отургузуп койбойт, аны Усубалиев ошол пикетчилерден жакшы билет. «А эмне үчүн Усубалиев орус тили деп жатат?» деген суроо эч кимдин башына келбей айтпайбы. Демек, ал киши кыргыз элинин, кыргыз тилинин тагдырын ойлойт, мурда да ойлогон, азыр да ойлойт. Мисалы, мен, кыргыз эли, кыргыз тили, кыргыз маданиятына Усубалиев кыргыз тилинин азыркы, б.а. ангажированный күйөрмандары Камбаралы Бобулович менен Мырзабек Тойбаевичтен көбүрөк эмгек сицирди го деп ойлойм. Ал айтса, демек, алысты көрүп, тажрыйбасы менен тааныл, көзү жетип айтып жатат. Анан калса кыргыз тили - эл аралык тил деп закон кабыл алып, Конституцияга киргизип

койсок, андан эл аралык тил болуп калбайт да, туурабы? Тилди закон же Конституция өнүктүрбөйт, кишилер өнүктүрөт. Адабий тилди жазган кишилер, билимдүү кишилер, кыргыздын интеллигенциясын жаратат. Мына ошол интеллигенциябыз начар, чаласабат, чала билимдүү болуп атпайбы. Кыргыздын бир шору ошол. Маркс айткан: интеллигенция - улуттун башы, жонокой эл денеси. Мына ошол интеллигенция итий болуп өскөн, мээсине кислород жетпей, кыйналып чоңойгон баланын башындай болуп атат. Анан ошол башына революцияга чейинки, андан кийинки иллюзияларды, жалган элес, түшүнүктөрдү толтуруп алып, өзүнүн башы адашканы аз келгенсип, элдин башын да адаштырып, айландырып олтурат. Мына, Совет өкмөтү өз тилиңерде окуткула, улуттук кадрларды чыгаргыла деп мектептерди, жогорку окуу жайларын ачып берсе, биз балдарды ошо мектепте ойдогудай окуттукпу же жогорку окуу жайларына кыргыздын мыкты уул-кыздарын өз убагында алдыкпы? Жок. Дасторкон үстүндө же трибунала бакырып патриот болгонубуз менен экзаменге коё берген 600 кишинин ичинен параны башынан ылдый шыбаган, баспаган, жүрбөгөн алтымышын алып калып, анан аларды да беш жыл бою жыргатып окутпай, дипломдуу интеллигент сөрөйлөрдү чыгара берип, чыгарган интеллигенциябыз өз алдынча ойлоно албай, кыргызча да, орусча да жаза албай, эң негизгиси, ишке жарабай, оокат кыла албай жатпайбы. Ошон үчүн өз алдыбызча оокат кылып, саясат жүргүзүп, мамлекет башкарыш башыбызга түшкөндө, үч жыл болду, «кыргыз тил» деп кыйкыргандан башкага жараган жокпуз го. Экономика нары жакта калды, аны сөз кылган эч ким жок. Экономикабыз жок болсо, кыргыз тили кайктан өнүгөт? Китеп кайктан чыгат? Жогорку окуу жайларын кантип кармап турабыз? Бу жагын ойлонгон эч ким жок.

- Жөнөкөй мисал. Мээнеткечтик жагынан, эмгек маданияты жагынан өзүбүз менен аралаш жашаган бардык элден арттабыз. Муну моюнга алыш керек. Орусту макул, айтпай эле коёлу, мынабу дунгандан, озбектен начар жашайбыз, начар иштейбиз, ал ар дай ийилчээк, эпчил эмеспиз. Демек, алар менен, арабызда жашаган элдер менен жармакташып, кызматташып, үйрөнүп, үйрөтүп дегендей жашаш керек. Аларды ошентип боорго тарткандын ордуна «тил, тил» деп бакыра берип, кыргыздын түпкү мүдөөсүн унутуп, тыштагы, онунчу пландагы мүдөөсүн оркойтуп чыгарып, ошон үчүн жер сабап, кыргыз эместин баарын нары түртүп, а турмак душман тутуп жатабыз. Өгүнү бир патриот айтат: «Нарында үйдүн барын кытайлар сатып алып жатыптыр. Президентке айтпайсыз- бы?» Кудай урбадыбы, ошол кыргыз өзү эмне үчүн кытайга сатып жатат?

Кыргызды сактайм десе, сатпай койбойбу? Эмне үчүн борбор шаарда шагырап батпай жүргөн патриоттор ошол айылга барып, үй сатып алып, жер иштетишпейт? Анан ар бир кыргызга «сат» деп же ар бир кытайга «сатып ала көрбө» деп Президент айтыш керекпи? Минтип ой чайкаган эч ким жок. Заман өзгөргөнүн, шарт өзгөргөнүн, биздин тарыхый кырдаал өзгөргөнүн эсепке албай, кээ бир партиялардын өкүлдөрү (интеллигенттер да ичинде бар) мурдагыдай эле жер сабоодо. Ошон үчүн айрыкча жогорку окуу жайларынын кыргыз тили боюнча мугалимдери, кыргызча эки сөздүн башын жөндөп кошуп жаза албаган же балдарды дурус окута албаган адистер, мурда деле окучу эмес, азыр андан беш бетер окубаган чала билимдүү студенттер кыргыз тили үчүн катуу күйгөн патриот болуп, иштин жөнүн айткандар душман болуп жатпайбы.

Бирок айла жок. Болгонубуз ушул. Башканы кайдан табабыз? Ошон үчүн ушулар менен да иштешибиз керек, түшүндүрүшүбүз керек, алар, мисалы мени кыргыз элинин душманы десе, мен деле айтсам болмок, «жок, силер душмансыңар, анткени эртеңкинин жөн-жайын билбей, көрбөй, сокур болуп атасыңар». Чех элинин келечеги, күнкорсуздугу үчүн күрөшкөн Ян Густу орттөп атканда, бир чех кемпир келип, анын отун ичкертип кирсе, Ян Густун оозунан чыгып кеткен экен: «О, святая простота!» деп. Анын сыңарындай биз деле Ак үйдүн алдында плакат кармап тургандарга: «Олда, айланайын, баёолук ай, баёолук!» десек жарашмак. Алардын түшүнбөй жатканына биз да күнөөлүбүз. Гезит, радио, теле аркылуу акыл-эстүү сөз айтылбай, далилдүү түшүндүрүлбөй жатканынан, алардын башына даана, таасын ойлор эмес, тумандуу, бүдөмүк, жалган ойлор кирип кетип, плакат кармап отурушпайбы.

- *Эски союз республикалары коммунисттик идеологиянын омүр бою мунткан чеңгелинен эми араң чыкканы менен, дагы бир илдетке - идентификация илдетине чалынды деген пи- кир бар. Мүмкүн, бул ошонун бир көрүнүшүдүр, орус тилине каршы маанай бардык республикалардан байкалып жатат.*

- Эми бул аларга, эски СССРдин Европа бөлүгүндөгүлөргө, грузин, армян өндүү Кавказ элдерине жарашат. Алардын алды үч-төрт тил, арты бирден чет тил билет, окуйт, жазат. Мисалы, Балтика жээгиндегилерге немис, англис тилин билиш анчалык кыйын эмес. Анткени тарыхый шарты, жашоо ыңгайы алар менен тектеш, чектеш. Ал эми Орто Азия элдерине, өзгөчө биздин элге, ошол чен-өлчөм менен кароого болобу? «Казга теңелип, карганын буту сыныптыр» деп коёт кыргыздар.

- Албетте, дүйнөдө англис тилинен көп тараган тил жок, ушуну

билсек болот эле. Илгери англичандар басып алса, ошого кирмекпиз да, мынабу Индия, Пакистан, Бангладеш сыяктуу англис тилин алат элек. Же болбосо кытайлар басып алса...

- Бирок биздин бактыбызгабы, шорубузгабы, айтор, орус эли менен тагдырыбыз байланышып калган экен, ошон үчүн дүйнөдөгү беш-алты чоң тилдин ичинен орус тилинин этегин кармап калыппыз. Анда англис тилиндеги информациянын 70 проценти бар экен, дүйнөдө үчүнчү орунда, немис тилинен кийин турат экен. Улуу тил, кыргыз андан эч жамандык көргөн жок, эгер кыргыздан ойлой билген, жаза билген, аны аткара билген киши чыкса, алар биринчи иретте орус тилине милдеткер. Биз дүйнөнү орус тили аркылуу тааныдык, биз окуган китептердин 95 проценти орус тилинен которулду. Жакшы которулса, жаман которулса да окуп-чокуп, ушул деңгээлге жеттик.

Мен мурда да айткам, азыр да айтам, орус эли коммунизм, интернационализм идеяларына азгырылып, алдына өтө чоң максаттарды коюп Иисус Христос да анткен эмес, Азия, Африка дебей баарына коммунизм курам деп, бизге окшогон бир топ элге чоң жакшылык кылды. Жаман ниеттенби, жакшы ниеттенби, анысын ким билет, ошол биздейлерге мамлекет тартуулап, басмаканасын куруп, жазма-чиймесин жаратып берди, кагаз, боёк, техникасын арзан же бекер берип, эне тилибизде китеп, гезит чыгарганга көмөктөштү. Артта калган элдерди экономикалык жактан сүрөө, илгерилетүү, теңөө деген принципти кармап, башкаларды бир топ жерге жеткирип, озү өчөйүп отуруп калды, туурабы? Чындыкты айтышыбыз керек. Ооба, **улуттук мүдөө ыйык мүдөө, бирок чындык мүдөөгө эмес, мүдөө чындыкка кызмат кылат да.**

Кой, сөз өзөгүнө кайрылалы. Англисче, немисчени мындай кой, зордуктап, таңуулап жатат деген орус тилин жөндөп үйрөнө албай койбодукпу. Ошол эле патриот тилчилеribиз (беш-алтоосунан башкасы) же орусча жаза албайт, же кыргызча жаза албайт. Жазса да дурустап жаза албайт.

Жана айтпадыкпы, кыргыз тили эл аралык тил деп Конституцияга киргизип койгондон эл аралык тил болуп калбайт, орус тили закондон тышкары, такыр колдонулбасын деп Президент Указ чыгарып, Жогорку Совет токтом кабыл алып койсо, орус тили кемип калбайт, биздин коомдук турмушта баягыдай эле роль ойной берет, биздин эл көпкө чейин аргасы жогунан орус тили аркылуу гана билим алат, себеби, биздин тил илимдин тили боло элек, жакын арада боло коёруна менин көзүм жетпейт. Анын үстүнө республика орус тилисиз дүйнөлүк базар түгүл, коңшулаш

республикалардын базарына чыга албайт. Дүйнөлүк маданий, илимий деөлөттү айтпай эле коёюн.

- Чынын айтканда, карапайым калк арасында андай маселе деле жок. Бу да болсо кээ бир партиялардын, коомдук уюмдардын, маданий борборлордун ашкере «багытчылдыгынан», жаңыдан жаралып жаткан демкыймылдын балалык көйрөңдүгүнөн, эчтемени элебес эгоизминен чыгып жатат көрүнөт. Жаш мамлекетке мындай көрүнүштөр табигый иш экен. Бирок орустарда да болуп жатпайбы. Мисалы, завод-фабрикаларда кыргыздарды көп жолото бербептир, бооруна тартпаптыр. Азыр аларды приватташтыруу жүрүп жатат. Демек, анын ээси дагы эле ошолор болуп калат да?

- Туура, орустарда да коллективдүү эгоизм болгон. Завод-фабрикаларда кыргызды койсо да кара жумушуна коюп, чоң иштерине жолотчу эмес. Улуттук эгоизм деген калбайт, бардык эле элде бар. Бирок кыргыз жаштары болбой эле жулунуп кирип, кошомат кылса да иштесе болмок. Мисалы, түрктөр Германияда ошентет. Немистер аларды аябай басынтат экен, орустарда андай касиет жок. Мына, Гунтер Вальрафтын китебин окуп чыксаңар, билесиңер. Ал Европада түрк жумушчуларын кандай кор болгонун жазат, ошентсе да болбой, алар жулунуп иштеп, баарына чыдап, үйрөнүп келип, өз өлкөсүн гүлдөтүп жатышпайбы.

Менимче, ошондо эле тил маселесин тим коюп, экономика маселелерин, приватташтыруу маселесин алып чыксак, баарыбыз бирге жашайбыз, жей турган наныбыз, иче турган суубуз бир, Көрөр күнүбүз бир десек, орустар баягы жибербей жаткан тармактарга, «кел, айланайын, кыргыз» дебейт беле. Ошондо бизден жумушчу табынын чыкканына дагы, экономикабыздын жөнгө салынышына дагы жардам болбойт беле.

Биз тескерисинче иштедик, кыргыз тилин мамлекеттик тил деп Конституцияга киргизгенибиз, орустарга зордуктап тил үйрөтүп атканыбыз биздин жеңиш, демократиянын жеңиши деп дардактаганыбыз менен бул - Пирдин жеңиши.

Ошону менен олуттуу масел ел ер унутулуп калды. Мисалы, силер айткандай, шаардагы кыргыздар приватташтыруудан өз үлүшүн алдыбы? Алыш үчүн орустар менен кошо иштеш керек эле да. Ушул жагынан утулуп жатпайбызбы. Соодага ортомчу болгон эмес, товар чыгарган чон, кичине ишканалар приватташтырылып, орус, еврей, корейлердин колуна өтүп жатат. Эми алар менчик да. Ошол менчикке Бобулов, Тойбаев, Сексенбаев өндүү кыргыз тилинин «күйөрмандары» иш кагаздарын эмне үчүн кыргызча эмес деп айталбайт да, туурабы? Жок, мен орусча да эмес,

англисче жазам, же болбосо эч бир тилде жазбайм, жалаң математиканын тилинде жазам деп койсо, эмне дейсиң? Эми аларга мамлекет кыргызды «жумушка ал! өстүр!» деп буйрук бере албайт. Ошентип, мына буура-патриоттордун, ашынган «өтүүлдардын» аркасы менен өзүбүз менен бирге иштечү, бизге жардам берчү журтташтарыбызды тескери каратып алдык.

Бул бир. Экинчиден, бирдеме өндүрүүчү материалдарыбыздын 70-80 процентин Россиядан алат экенбиз. Макул, орустарды айдап чыктык. Россия менен мамилебизди үздүк, кайдан алабыз аларды? Кытайданбы? Андан коркобуз. Озбекстанданбы? Ал деле биздей болуп олтурат. Казак тууганыбыз, Казакстандан дейли десек, «эсептешкен дос айрылбайт» дегендей, алар деле буудайын долларга сатып жатпайбы. Демек, ишенич аз. Жапонияга таяналы десек, алыс экенбиз, биздин аларга керегибиз жок. Дагы эле болсо баягы орус берип атпайбы жардамды. Пошлинасын азайтып дегендей...

- Демек, кичинекей эл кичинекейлигин кылат экенда. Орустан кутулуп өзүбүзчө жашайбыз деген менен түрк, кытай деген вариант чыгып жатат. Аты башка болгону менен дагы эле болсо «старший брат» издөө менен алекпиз.

- Бул маселе калбайт. Турмуш чындыгы менен да эсептешип керек. Эми, кичинекей эл дегенде, мына менделе кичинекей кишимин, кодогойлордун катарына кирем. Кодо кишилер ошол өксүгүнөн уламбы, айтор, тепендей берет. Бою жетпеген кишилерге какшык айтып, чоң-чоң кишилерге асылып, коё бер эле коё бер деп жулунуп... Андай «илдет» илгери менде деле бар болчу. Бирок мен аны акыл менен жеңип, эми боюм пас экен, кудай ушундай жасап коюптур, өңүмү да шумдук кылбаптыр, кой, эми мен акыл жагынан, билим жагынан алайын деп жалаң мээнеткечтик кылып жеңип кеттим да. Анын сыңарындай кыргыз деле өзүн өтө эле чоң эл сезип атпайбы, «кыргыз көппү, жылдыз көппү» деп. Ошон үчүн ойлоно турган, чама-чаркыбызды чындап баалай турган мезгил да азыр: биз кичинекей элбиз, көбөйгөн жагынан тарыхтан бир топ уттуруп койгонбуз, мына, арабыздагы бир элди да ассимляция кыла албай койбодукпу, ассимляция кылмак тугул, астыртан да, ачык да өгөйлөп турабыз: атасы уйгур болуп калдыбы, аны чоңойтпойбуз, кыргыз эмес дейбиз, гезитке жазабыз. Атургай атасы кыпкыргыз, өзү деле кыпкыргыз Ч.Айтматовду деле энеси татар болгону үчүн жазуучулар арасында канча кеп чыкты? Өзбектерди алалы: өзбек тилин, динин, салтын алган кишини эч качан өгөйлөбөйт. Ошонусу менен көбөйүп атат. Түрктөр да ошондой, орустар да ошондой.

- Өткөндө кыргыздарды еврей бол деп жатпадыңыз беле...

- Бул эми бир жагынан күлкү келтирерлик иш да. Кыргыздан, албетте, эч качан еврей чыкпайт. Еврейлер, маселен, бизчилеп «кыргыз эле кыргыз» деп бакыра бербейт, өздөрүнө өзгөчө сыпкөз менен карайт, өздөрү жөнүндө анекдот чыгарат. А кыргыз өзүнө өзү күлмөк тургай, кичине жалкоорок болуп жатат деп койсоң эле «душман» деп жер тепкилеп жатпайбы.

Ошон үчүн кыргыз өзүнүн кичинекей эл экенин билиш керек, дүйнөдө кичинекей элдер көп экенин, алар деле тың жашап, тың оокат кылып жатканын ойлонуш керек. Кичинекей кишилерден деле генийлер көп чыккан. Наполеон чыккан, Канттын бою меникинен 7 см кыска болгон. Мына ошол кичинекей элдер башка элдер менен жарнакташа жашап, кызылдай мээнети менен, билим деңгээли, маданияты аркылуу урмат-сыйга ээ болуп атат да.

Улуттук аң-сезим деген эмне? Улуттун өзүн өзү андашы. Эмнени аңдашы? Дүйнөдөгү ордун, мүмкүнчүлүгүн билиши. Эмне жагынан барбыз, эмне жагынан жокпуз дегендей. Ушуга келгенде биздин интеллигенция жардам бералбай атат. Ушундай стратегиялык маселеде интеллигенциянын жармачтыгы оркоюп көрүнүп калууда.

- «Интеллигент» деген түшүнүктү өткөн кылымда орус жазуучусу Боборыкин чыгарыптыр. Ал учурда университетти бүтпөй, кууп чыккан, бирок эл үчүн күйүп-бышкан адам- дарды «интеллигент» деп коюшчу экен. Албетте, анын алгачкымааниси түп-тамырынан бери өзгөрдү деңизчи. Бирок «эл үчүн күйүп-бышат» деген түшүнүк азыркы кыргыз интеллигенттерине туура келеби?

- Албетте, күйүп-бышымыш этүү университетти бүтүргөнгө Караганда оңой дечи. Эгер эл үчүн чын эле күйүп-бышса, ушулар чогулуп, кыргыз эли бизди минтип чыгарып койду, карапайым калктын, жумушчулардын, дыйкандардын эсебинен жамандыр-жакшыдыр жашап жатабыз, кол жоорутпай, бел оорутпай дегендей. Биз эми элибизге кызмат кылышыбыз керек, жол көрсөтүшүбүз керек, ошол жол көрсөткөнгө жарайбызбы деп ойлонуш керек да. Биздин интеллигенттер антпей жатпайбы, «биз демократпыз!» дегендей эле «биз интеллигентпиз!» деп жарыялап алышат, анан эле той өткөргөнгө кыйын. Мына, «Манастын» 1000 жылдыгын өткөрүш керек, анан Курманбектин 300 жылдыгын, Эр Төштүктүн жер алдынан чыкканына 3000 жылдыгын өткөрсө болот. Байманаптар бүттү окшойт, алар деле аз экен да, эми эпоско келдик, эпоско кыргыз эли эбегейсиз бай, өмүр бою той өткөргөнгө жетет. Бул эми

чындыгында бийлик башында тургандардын эле чыгарганы. Жөнөкөй эл тойго деле барбайт, чогултуп берет ыйлап-сыктап акча- сын, барса да киргизбейт милийсалар... Жыргаарын башкалар жыргайт.

- Ооба, кээ бир жетекчилер ошону менен саясый капитал топтоо аракетинде. Эми партияпар чыгып жатат, эл ураанын көтөрүп. Карап көрсөк, ал партиялар деле интеллигент- терден түзүлүптүр, калктын башка катмары катышпай, катышса да өтө аз экен. Байкашыңызча партиялардын эл кызыкчылыгы менен катышы кандай?

- Партиялар жөнүндө өткөндө кеп кылбадыкпы. Бир гана кошумчаларым: элдин кызыкчылыгын жактаган партия болбойт дүйнөдө. Алар калп эле ошол эл кызыкчылыгына таянып, сенин атыңдан сүйлөп атам, сенин мүдөөңдү жактайм деп, топтошкон кишилер элдин саясый активдүү эместигинен пайдаланып, өз ишин жасай берет. Бийликке, мансапка жетет. Анан ошолор эл үчүн кыйналган кишилер болуп чыгат. Капитализмде дело, социализмде деле эл кыйналат, баарын көтөрөт, башкаруучуларды да эл сактайт. Чындыгында большевиктер түбүнөн чыкканда элге күйгөнүнөн чыккан, анан бийликке келип алгандан кийин кедерине кетип, түпкү маңызына куйган. Мындай мисал кыргызда да кыйын көрүнгөн. Рахман Касымовдун «Шайлоо» деген повести бар.

- Кедейдин ичинен бирөөнү сельсовет шайлап койсо, ал шак эле мурдакы манаптан эч айырмасы жок болуп калат. Демек, кедей болсо эле кедейдин мүдөөсүн жактайт деш болбогон түшүнүк.

- Мисалы, эсил кайран СССРдин съезддерин көрүп жаттык го, жөнөкөй элдин мүдөөсүн жактаган жалгыз эле А.Сахаров болду деп ойлойм. Эми ал киши а кезде жалан, Батыштын сөзүн сүйлөп жатты дечи, бирок ал турган турпаты менен демократ эле, эл жакка өтүп кетиши толук мүмкүн эле. Же болбосо, мынабу Юрий Власов, атактуу спортсмен, жазуучу, демократ болом деп коммунизмге каршы катуу күрөштү эле, эми жөнөкөй эл куурады деп какшанып атпайбы. А кишинин чын жүрөктөн күйүп жатканына, албетте, мен ишенем. Мына ошентип, интеллигенттердин, уяттуу интеллигенттердин ичинен элди чындап жактагандар чыгышы мүмкүн, бирок алар сөз жүзүндө гана жактайт. Себеби ойлонуп, ой баккан интеллигент бийликке келалбайт, ал анализдеп отурганча башкалар бийлик тизгинин илип кетет.

- Ошентип, сөз менен күйөт дедик, бирок сөз дагы иш. Албетте, азыркыдай жээксиз көбүргөн-жабырган сөздөр керексиз. Сөз чындыкка дал келип турушу керек да, чындыктын бир жаңырыгы, чындыктын бир чагылган сүрөтү болуш керек. Бизде андай болбой жатпайбы, турмуш-

дайра өзүнчө агып жатат, сөз өзүнчө агып жатат. Элдин мүдөөсүн, муцун, зарын чагылдырган жок.

- *Эл демекчи. Элге кайдан келгенибизди эргип жеткиребиз. Кайдан болмок эле, сөзсүз эзүүдөн. Кайда барарыбызды бүдөмүк болсо да түшүндүрүп келебиз. Бирок кантип, качан деген маселе коюп, чачырата айтып берген саясатчыларыбыз да жок, окумуштууларыбыз, ойчулдарыбыз да жок. Сиз бул маселеге кандай карайсыз?*

- Сурооңорду түшүнүп атам. Мен эми бир чоң экономист же бир социолог болбогондон кийин айтыш кыйын. Мына, дайра мелмилдеп агып жатат деп коёлу, үстүндө агындылар агып келет. Тарыхта дайра деп, үстүндө агып келаткандарды адамдар десек, адамдар ойлойт да, ушул дайраны мен агызып келатам, болбосо акпайт эле деп. Чынында дайра өзү агып жатат, биз эми ошол дайрага - дүйнөлүк тарыхка кирип калган элбиз. Октябрь революциясына чейин, патриоттор канча бакырганы менен дүйнөлүк тарыхтан окчун калганбыз. Эми кирдик. Анан Ельцин, Кравчук, Шушкевич тигинтип койду деген кеп эмес, алар тарыхтын амирин аткарган, буйругун орундаткан кулдар болушу мүмкүн.

Демек, тарых агып, агып отуруп, бир жерден чыгарат. Адамзат чыккан жерден. Бирок канчага созулат? Каерден чыгат? Муну билген киши жок. Мындай маселеге келгенде олуя кипи жок да такыр.

Бирок мен ойлойм өзүмчө: акыры келип биз эмнеге мажбур болобуз? Мына, социализмден капитализмге өттүк, бирок капитализмге өттүк деп атайын айтпай, капитализмди беш жылдыктар менен курабыз дебей, большевиктердин эң мыкты жери «биз ушундай коом курабыз, элди тең кылабыз» деп программа түзүп, ошону зордоп отуруп ишке ашырган да, а биздики болсо капитализмге өтөбүз дебей эле, базар экономикасына өтөбүз, демократия курабыз демиш болуп капитализмге өткөрүп салды. Өткөнүбүз менен бааларды агытып ийип, жеке менчиктештирип, айтор, экономикадагы ушундай кадамдар закондуу жасалып жатат дагы, социализмдин бир топ привилегиялары калып атпайбы. Мисалы, 1-класстан тартып 15-16 жылдык билим бекер болуп жатат. Же мынабу врачтарды алалы, бекер деп коёбуз, бекер карабайт, пара алат, өлгөнүнө баягы мал доктурларча акт жазып коюп басып кетет. Ага канча кетип жатат? Ошондой эле өзүн өзү актабаган, мамлекеттин эсебинен күн көргөн бекер аппарат, жетим уюмдар көп. Ушулардын баары бюджетти дефицитке алып келет. Бюджетте дефицит болгондон кийин аны толгурабыз деп салыкты өкүртө салабыз. Завод, фабрикалардын, ишканалардын шорун ошол салык катырып жатпайбы. Мына, дыйкан

байкуштар жерге да салык төлөйт, сууга да салык төлөйт экен. Ошон үчүн айыл чарбабыздын ар кандай инфраструктуралары ыйлап, өнүкпөй жатат, эл ачка жүрөт. Өкмөт деле закондуу салыгын алып тим болсочу. Мамлекеттик чиновниктердин бардыгы, милиция, инспекциялар, банктардын бардыгы, айтор колунан бирдеме келгендин баары пара (законсуз салык) алып атпайбы. Ошон үчүн жалпы эле өндүрүш, чийки зат, товар өндүрүү дагы, сатуу дагы ордунан жылбай, катып, кишенделип олтурат. Эми бул, менин оюмча, тура берет дагы, экономикалык катастрофага алпарат, логи касы ушу да... демек, бюджеттин жүгүн мамлекеттин мойнунан алып ыргытыш керек. Алып ыргытпаска аргасы да жок, быйыл болбосо наркы жылы, наркы жылы болбосо... айтор турмуш ага мажбурлайт.

Ошон үчүн бала-чаканы окутканда деле 5-6-класска чейин бекер окутуп, анан 8-класска чейин жарымын төлөтүп, андан ары окуйм дегендерди толук төлөтүш керек. ВУЗга ансыз деле пара менен өтүп жатышпайбы, андан көрө өкмөткө төлөп окусун. Анан мектептерди да, ВУЗдарды да кыскартыш керек. Жеке менчик мектеп ачканга жардам бериш керек...

- *Республиканын байлыгы илим-билим деп жүрбөйбүзбү. Демек, ал байлыкты байытмак түгүл кат-сабат жойгонго араң жетип калат экенбиз да.*

- Ооба, бизде эчтеме жок, илим-билим аркылуу жыргап кетебиз дегендер бар. Бирок азыркыдай окутуп отурсак биринчи класстан жогорку окуу жайын бүткөнгө чейин, андай илимдин кереги жок, анда туулганда эле ар бир кыргызга диплом жазып бериш керек, туулгандыгы тууралуу күбөлүгү менен кошо, ар бир кыргызга формалдуу диплом ошончолук эле зарыл болсо...

Менин айтып жатканым, эл канткенде рынок тартибине көнөт? Мисалы, балам окусун дегендер азыркыдай той жасабайт, арак ичпейт. Баласы окуганда эмне болот, пайдасы барбы, жокпу, муну түшүнөт. Азыр окуган киши жакшы жашайбы, окубаган кипи жакшы жашайбы, анысы белгисиз да. Мисалы, немистердин көпчүлүгү илгери жогорку окуу жайына кирчү эмес. Бери жактан турмушка эң зарыл кесипти билип алып эле катыра иштеп, эң мыкты жашачу. Балким, бизге да ошондой мезгил керектир? Анан ага көзү жеткен киши баласы үчүн көп иштейт да, туурабы? Той кылбайт ашыкча, өлүп баратканда да: «айланайын, балам окусун, мени бир кой союп эле көөмп койгула» дейт. Деги дүйнөдө бекер нерседен жаман эчтеме жок, «бекердин шорпосу татыбайт» дешет эмеспи.

- Албетте, жетим балдар, өтө эле кедей балдар үчүн өкмөт фонд уюштуруп койсо болот. Бирок анын да опурталы бар, анда баары эле кедейге айланып кетет, пара берип жетим деген справка таап алат.

- Кыскасы, ушул сыяктуу жолдорду издеп, бюджеттен канча процент, ким үчүн, эмне үчүн бөлүп жатканыбызды аныкташыбыз керек...

- Ушул эле сөздү агартуу тармагына айтсак болот. Анын мынабу өзүн өзү актабаган ишкана, мекеме, ар кандай коомдор, фонддор ж.б. баарын банкрот кылыш керек. Болбосо алар көтөрүм болуп турган коомду денесине жабышып алган мите сыяктуу канын соруп атпайбы. Элдин турмушу начар, бечара сыягында, анан булар да «бер эле бер» деп кол сунуп турат.

- *Каалайсызбы, каалабайсызбы, ага да аргасы жок барат өңдөнөбүз. Радикализмдин бир аты обскурантизм дейт эмеспи. Бирок эмне үчүн ушул жолго түшүп алдык? Баарын эле талкалап, таратып, бааны коё берип, коомду өзгөртүш максатын жетекчилеribиздин радикал ишмердигине байланыштырып жүрүшөт. Жыйынтыгын болсо көрүп жатабыз. Эмне үчүн Кытайдын жолу менен кетпегенибизди айтышат, эмне үчүн Өзбекстан, Казакстандын сабырын тутпаганыбызды айтышат. Буларга сиздин мамиле кандай?*

- Эми мындай. Коомдук өнүгүштүн революциялык, анан эволюциялык жолу деген бар. Мына батыштагылар революция чыгара берип, кырыла берип, анан эволюциялык жолду тандап алган. Социализмден капитализмге деле эволюциялык жол менен өтүп атат. Бирок ошол бааны коё берип, базар экономикасына киргенде, бизде, дегеле көп эле өлкөлөрдө, ошо Казакстанда деле шак эле өтүп кетти. Ал эми мынабу Кытай болсо мындай кылды да: өзүңөр билесиңер, жылан жыл сайын терисин («тону» деп коёт бизде) таштап турат. Ошол тонун качан таштайт? Качан ичинен жаңы тери өсүп чыкканда денеси аябай кычышат, кычышканда, айылдан мен көп көрдүм, шыптан, а шыпка жалаң чырпык тошоп койгон, ошол чырпыктын арасынан сойлоп откондо сырткы тери калып калат. Кытай ошол жол менен баратат. Өзбекстан да ошого аракет жасоодо. Ал эми Россия, биз, дагы бир даары эски терини жөн эле күч менен сыйрып салып, кыпкызыл болуп эле кирип келбедикпи. Жаңы тери чыкпай атат, жылаңач кызыл эт шамал тийсе деле, жел тийсе деле ачышып турат.

Бирок мунун дагы эки жагы бар. Өзбекстан деле Кытайдын жолу менен баралбайт, себеби аны терисин күчтөп сыйрып таштагандар курчап турат. Мен айтар элем, КМШ мамлекеттери Сиам эгиздери дегендей.

Бирок аларда бир денеде эки эгиз эле болот, биздики болсо бир денеде 15 эгиз болуп жатпайбы, баштары да биригип турган болчу, аны эптеп күч менен ажыратып алышты, денеси бир бойдон калды, анан ушу бирин бири чапчылап, бири ары, бири бери тартып жулкулдашып жатпайбы. Дене бир, тулку бир, ажыратса өлөт, кыйынчылык ошондо. Прибалтика деле өзүнчө бөлүндү, бөлүнгөну менен капталдай өскөн бутактай болуп, нары жакты карап чыгалбай жатат, деңиз жанында турат, деңизге сүзүп кетели дейт, колу жеткен менен дени бөлүнбөйт. Өзбекстан деле ошол: денеден бөлүнүш кыйын.

Биздин азыр жаман болуп жатканыбыз жакшыга алып келиши мүмкүн, алиги жылаңач этибиз бат карттанып кетиши ыктымал. Өзбекстан терисин жыландай болуп акырын таштайм дегени менен эски териси жаңы терисин ала кетиши мүмкүн. Түркмөнстан деле. Бул эми тарыхтын амири, тагдырдын буйругу десек болот.

Жанагы «интеллигенция, интеллигенция» деп какшап атканым ошол. Интеллигенция тумандан башын бошотуп, мына упгуну тездетип, жецилдетип, анан коркпой, ушундай кыйынчылыктар башыбыздан өтүшү зарыл, антпесек жакшы жакка чыкпайбыз деп жоопкерчилигин алып, элди ишендирип, колкабыш кылса болмок. Мисалы, чер токойдун ичине кирип кетсек деле бир жарыктан чыгабыз да. Бирок токойду түзүгүрөк билген киши түзүрөк жол таап, ылдам алып чыгышы мүмкүн, ал эми такыр билбей, оң жагына бир чыгып, сол жагына бир чыгып, ийри кетип, түз кетип жүрө берсе, жолдо бараткан эл кыйналат да, нааразы болуп, бунт жасап, өзү менен өзү мушташып, эч жактан чыкпай калышы мүмкүн. Ошон үчүн интеллигенция (биздин башкаруучулар дагы интеллигенциянын ичине кирет, баса, коомду окутан кишилер, интеллигенция башкарат) күчү жок болуп жатканы, билбей, билсе дагы аткарбай атканы, иллюзиялуу интеллигенттер Жогорку Советте да, саясатта да көп болуп, коомдук пикирди түзүүдө үстөмдүк кылып кетип жатканы жаман болуп атпайбы. Эл ошолорду ээрчип, ошолордун айтканына ишенип алууда. Анан чындыкты айткан, турмуштун бурулушу кыйын экенин эскерткен, элибиздин артта калганына жаны чындап күйгөн кишилеribиз аз болуп, анын үнү тигилердин бакырыгынын ичинде чычкандын үнүндөй чыйылдап угулбай, угула калса «душман» атыгып атпайбы. Трагедиябыз мына ушунда.

- *Сиз басма жүзүндө бир топ эле жүйөөлүү пикирлерди айтып келесиз. Президенттин жүргүзүп аткан саясатына ушул сыяктуулар кулак кагыш кылынабы же?*

- Эми, Президенттин ар кандай тармактар боюнча кеңешчилери бар да. Мисалы, экономика боюнча деле. Мен мына, улут маселеси боюнча кеңеш, сунуш берипиш болом. Сүйлөшүп калсак, айтабыз, албетте. Бирок Президенттин колу бошобойт, колу бошосо деле ал киши ушулардын баарын бизсиз эле билет. Анын дагы объективдүү шарттары бар да, аны менен эсептешүүгө туура келет. Өкмөт деле, Чынгышев деле билет. Мисалы, ачарчылык болуу коркунучу бар эле. Ачарчылык болбош үчүн ар кимден жардам сурап, эл кыйналып калбасын деген маселелер менен көбүрөк алек болуп жатат да. Андан кийин бийликтин өз логикасы, закон ченеми, алар-булары болот экен, өзүм аякка кокустан барып калган кишимин, карыганда саясатчы болуп, ага аралашып эмне кылам?

Кытайда бир салт бар: киши 55 жашка чейин мамлекеттик кызматта иштеп, андан кийин шаар сыртында жашап, өз өмүрүн, Коргон-билгенин китеп кылып же ыр жазып калтырып кетчү экен. Ошон үчүн кытай адабияты да, тили да мыкты өнүгүп жатпайбы. А мен болсом ошентип кете турган маалымда кайра мамлекеттик кызматка келдим. Албетте, мен саясатчы болбогондон кийин, анын аки-чүкүсүн билбегенден кийин, мен мындайча айтканда, ойчулмун да, ой менен жан баккан кишимин, өмүр бою кыргыз адабият, маданият тарыхын изилдеп келдим, ошол маданият тарыхын изилдеп жүрүп эле кыргыз элинин тагдыры жөнүндө ойлонууга туура келди б.а., кыргыз эли, маданияты, анын өткөн- кеткени, алыс-жуугу жөнүндө ойлонуш кесибим болуп калды. Ушул. Андан башка оюм жок. Американын тагдырын ойлогон жерим жок, Россиянын тагдырын ойлосом, бизге, кыргызга байланыштырып, Кытайдын тагдырын ойлосом, бизге, кыргызга байланыштырып ойлойм. Өзүңөр билесиңер, мен таза теоретикмин, пайда издеген жерим жок, кыргыз элинен деле, орустан деле сыйлык алайын деген жерим жок. Өкмөттөн андан бешбетер. Мен мисалы, 20-25 жашта болсом адабиятты таптакыр ойломок эмесмин. Соодагер болуп кетет белем, адабият деле, илим деле оор иш да, туурабы, ошолордон деле бирдеме чыгардым, соодадан деле, бизнестен деле чыгарат белем.

Ушуну менен бул маегибиз бүттү. Ал кишини чарчаттык көрүнөт. Кечирим сурадык. Ыракматыбызды айттык. Узатып чыктык. Эрте экен. Кыргыздын күнү жалпыга текши тийип туруптур.

«Кыргыз маданияты» 15-апрель, 1993-ж.
Аңгемелешкен Алым Токтомушев

Казат Акматов: Улуттук мамлекетти түзүшүбүз керек

“Асаба” гезити, Бирдин айынын
13үү, №7 (9345) 11 бет

Доор, Инсан... Коом... Саясат... Ушул туташ ойлорду жеке дүйнөсүндө гана эмес турмуштук терең практикада да жуурулуштуруу ар бир адамдын ички жети катмар көрөңгөсүнөн талап кылынаары бышык. Аны ар биребиздин ички интуициябыз айтып турат. Ошол түюу аң-сезими баарыбызда бирдей жетилгенби! Жок... Улуттук мезгилдин кудурети кимди болбосун буямасына келтирбей эңшерип-теңтерип келет, анын саябагында көлөкөлөгүсү келгендер доордун тегирменин тегеретиш үчүн боюна инсандык күчтү кабылдоого, коомдун тамырын тарта билүүгө, анан калса саясат менен алпурушууга үйрөнөт. Күч атасын тааныбаса баарын жарып чыгып кете бермек да бар. Андайлардын бири— жазуучу, коомдук ишмер Казат Акматов. Маегибиз анча көпкө созулбаса да ортодо кайсы бир суроолорго азуу салып жоп тапкансыдык, сөз негизинен, саясат чордонунан жүрдү. Эмесе, биз менен Кыргызстан Демократиялык Кыймылынын башкы лидери ой болушпт.

-Казат ага, кебибиздин учугун Кыргыз мамлекетиндеги жашап жаткан кыймылдар, партиялар тууралуу ой-жүгүртүүдөн баштасак. Пикирибизче алар негизинен зарылчылыктан улам улуттук мүнөздөгү программалардын гана артынан сая түшкөнсүйт. Көп учурда булар бирин-бири кайталап калып жатышкан жокпу, балким бизге мындан башка да аркалаар жүк аз эмес чыгаар!

-Бу ар кандай партиялардын түзүлүп жатышы демократиялык коомдун эң эле биринчи белгиси. Мезгилдин мыйзам ченемдүүлүгү деп коёт, ушунун баарын кимибиз болбосун урматташыбыз керек. Бизде эмне болду, бизде бараандуу эки саясий партия түзүлдү. Буга чейин да бардык кыймылдар, уюмдар Кыргызстан Демократиялык Кыймылына топтолгон болсок, эми андан эки партия төрөлүп чыгып, ЭрК да, «Асаба» да ошол топтомдун, КДКнын эле ичинде чала бериштп. Бул деген коюлган максаттардын жалпылыгынан, анан калса демократиялуулугунан кабар берип турат.

Туура, сен айткандай, партияларыбыз улуттук мүнөздө түзүлүп-жаралышты, анткени эң башкы масселелердин бири — жаш мамлекетибизде жедеп урандысы гана калган улуттук проблемаларды чечүү керек болуп турат. Алар жетимиш ашуун жыл саясатчыларыбыздын

капарына келбей, куру идеологиядан сүт эмизип келди деп атпайбызбы. «Асаба» улуттук кайра жаралуу партиясы дал ушул чепти бузууну көздөйт. Улуттук мамлекетти түзүшүбүз керек, бул маселенин тамыры. Ал үчүн алгачкы кадам — накай улуттук белгиси бар маданияттын, тилдин, илим-билимдин орчундуу системасын жаратып чыгышыбыз эң эле зарыл нерселер. Экономика жаатында улуттук бизнести, улуттук акчабызды ордуна коюп, анын рычагдарын тезинен кыймылга келтиришибиз керек. Ушунун баа- рысына аттанып жүргөн «Асаба» партиясы. ЭрКтин позициясы баш- качараак. Маселен, «Асаба» башка улуттагы коомдун мүчөлөрүн, алардан турган уюмдарды өзүнүн курамына кабыл алууну көздөбөйт.

Ал эми Эркин Кыргызстан демократиялык партиясы башка улуттук уюмдашкан коомдорго, уюмдарга умтулган, ага чек койбоочу, мындай айтканда интернационалдык көз карашы бар партия. Башкы максаты — мамлекеттик парламентти кайра жаратуу. ЭрК көп аракеттеринде орус улутунун социал-демократтарынын партиясы менен биргелешип иш алып барууда. Мезгил саясаттыкы болгондуктан, ошентип алар негизинен саясий проблемаларды чечүүгө көбүрөөк көңүл бурушат.

-Жүрүп турган экономикалык каатчылыктар кайсы бир улуттун мөгдүрөп, тукулжурашына алып келиши мүмкүнбү же эл арасында граждандык согуш тууралуу көптөр да ачык чыга калып жүрөт, мунун арты эмне менен аяктаар экен...

-Плюрализм деген бар. Ар кандай пикирдин жашашы, мейли карама-каршы турушса да алар чогуу жашай берет бу коомдо. Арабызда мындай бир түшүнүк бар «бир жакадан баш, бир жеңден кол» чыгарып жашоо деген. "Жок, андай эмес. Мисалы, орус элинин ошол эле социал-демократтар партиясы тиги улуттук кыймылдардын түпкү кызматчылыктарына баш ийбеген менен жалпысынан алар да республикабыздын гүлдөшү, прогресси үчүн аракет кылып келишет, бул биздин программабызга каршы турбайт.

Ал эми каатчылык деген эме бүтүндөй баарыбыздын башыбызда бар. Улут болсо өзүнүн ар тараптуу өнүгүшүндө, менимче, экономиканы тааныбайт. Түпкүлүгү бекем болсо ал өнүгүп кете берет. Партиялар да бир жактуу маселелердин, маселен, саясаттагы, аркасынан кубалап, калгандарын таштап коёт деген болбош керек. Демек бир аз кичине нерселерден коопчулук издеп зарылчылыгы да жок.

-Анда, Президент А. Акаевдин бүгүнкү саясий позициясына сын көз караш менен карай аласызбы!

-Акаев жүргүзүп аткан саясатты, экономикалык реформаларды көпчүлүк колдоп атышпайбы...

-Менин айтайын дегеним, жанагы улуттун жоголуп кетиши тууралуу. Маселен, Өзбек республикасында жер жана анын байлыктары түпкү улуттун эңчиси экендигин баса белгилештин зарылчылыгы деле жок. Анткени, өзбек улуту өз жеринде ишенимдүү басымдуулукту ээлешет. Ал эми кыргыз элинин өз жериндеги башка улуттар менен опурталдуу тең салмактуулугунда, болбосо өндүрүмдүү жер аянттарынын тартыштыгында балким мыйзамда атайын белгилеп коюу туурадыр!

- Буга зарылчылык, келип чыгышы мүмкүн, муну турмуш көрсөтөт.

-Турмуш көрсөтүп жатат өндүү.

Баарыбыздын күйгөнүбүз эле ушул, мынакей мамлекеттик менчикти приватташтыруу жүрүүдө. Бирок. «Байдын уулу бай болот» деген принципке бара берсек, кыргыздарыбыз дагы эле чокоюнун кончун тиктеп калат сыяктанат. Рыноктун соккусунан коргонуш керек эмеспи. Ал эми чет өлкөлүк инвестиция көнбөгөн, даярдыксыз элди бир далайга кайыктырып отөрүү белгилүү...

- Албетте, жергиликтүү улутка жаңы экономикалык реформа мезгилинде артыкчылык бербесек анда мамлекетибизди таратып, алсыздандырып жиберебиз. Мүлктү менчикке айландырууда сөзсүз аларга өзүнчө шарт, коргоо керек. Бүгүнкү улуттук жер фондусунун түзүлүшү, приватташтырууда аукциондук жолго караганда конкурстук ыкмалар көп колдонулушунун өзү эле көп жагдайдан кабар берип турат. Ал эми инвестиция жасоонун жолдору, биз билбеген менен өтө эле көп. Мында мүлктү сөзсүз эле менчикке айландырыштын эч кажаты жок, мисалы ишкердүүлүккө көбүнчө биргелешкен ишкана, аренда, акционердик, банктык-акционердик коомдор аркылуу кирсе болот. Ооба, мындайда сөзсүз эле экологиясы таза жерибизди, көлүбүздү сатуу милдет эмес, мен буга каршымын.

- Айтмакчы, Кыргыз мамлекеттин кимдер менен чогуу эдестетсек. Бизге экономикабызда да, саясатыбызда да кийин-соң БАТЫШТАШУУ же болбосо ИСЛАМДЫК. ФУНДАМЕНТАЛЧЫЛЫК бар өндүү деген жарлыктардын тагыла башташы күтүлүүдө. А бул нерсе биздин келечекте кимдер менен ирегелеш, байланышта жашообузга байланыштуу го.

-Кандай болгон күндө да биз эч жагына, батышына да, исламына да ообой, өз алдыбызча калганыбыз оң. Исламдык фундаменталчылык биз үчүн жарабаган нерсе. Ага кызыккан республикабызда бир да партия, уюм жок. Ал азыр бизге сиңбей турган, элибизди прогресске жеткирбей турган

караңгы нерсе. А дүйнөлүк өнүгүү процессинин куйругуна илингенге аракет кылбайбызбы. Исламдык фундаменталчылык өзүнүн эскичилдиги өкүмдүгү менен адамдын эркин өнүгүүсүнө эч жол бербейт. Ал өзү диний аскетизмге, догмага адамдын эркин, ан-сезимин байлап таштачу идеологиялык катаал жол.

-Чынында эле кыргыздарда будданын, шаманчылыктын белгилери ачык байкалат.

-Ооба, бизде, буддизимдин айрым элементтери эски салттарыбызда жолугуп калат, ал эми шаманчылык болсо эски доор менен өтүп кеткен нерсе. Буга караганда суффизм көбүрөөк жолугуп калат турмушубузда. Негизинен мындай диний идеологиялык агымдар такай каптап тургандыктан ошолор элдик салттарыбызда калып калган.

А бүгүн бизге чындыгында асыресе экономикалык байланыштарда ким пайдалуу болсо ошону менен ынтымак түзүшүбүз керек. Экономика эч качан мамлекеттерди Батыш, Чыгыш деп тандабайт, ал кирешелүү аймакты тандайт. Менин жеке пикиримче, республикабыз Турция, Түштүк Корея, Кытай, Америка Кошмо Штаттары, ФРГ менен байланыш, достукту күчөтсө келечегине чоң таасир этээр беле.

Маектешкен: Азимжан ИБРАИМОВ

Табылыды Эгембердиев: "Мен –кыргыз максымы менен бүткүл дүйнөнү багынтам"

"Кыргыз Туусу" гезити, 27-30 июль 2007 жыл, 13-бет,

Барктабас Белеков,

Кызыл-Суу Кыргыз автоном облусу, Иртыш шаары

Өз продукциясын республикабыздан сырткары чет өлкөдө биринчилерден болуп чыгарууну максат кылган айтылуу "Шоро" фирмасынын чакан заводу Кытайдагы Кызыл-Суу Кыргыз автоном облусунда курулуп, пайдаланууга берилгендигине бир жылга чукулдап калды. Арийне бүгүн эл керектөөчү товарларды айтпаган күнү да азык-түлүктүн бүтүндөй түрлөрүн дээрлик дүйнө жүзүнө экспорт кылып жаткан Кытай Республикасында биз сөз кылалы деп жаткан "Шоронун" продукциялары кандай кабыл алынып жатат? Деги эле андагы иштин жүрүшү кандай? Мына ушундай маселелердин тегерегинде журналист Барктабас Белеков Кызыл-Суу кыргыз облусунда болгонунда мындагы иштер менен жеринде таанышып кайткан.

Ооба, чындыгында эле жыл өткөн сайын экономикасы дүркүрөп өсүп өнүгүп жаткан Кытай Эл республикасы чыгарбаган, аны чет өлкөлөргө экспорт кылбаган тигил же бул эл керектөөчү товарлардын, азык-түлүктөрдүн түрлөрүн табыш жылдан-жылга кыйындап барат. Демек, мына ушул өлкөдө өз продукциясын чыгаруу, аны менен бирге эле чет элдиктер үчүн анча тааныш эмес суусундук менен атаандаштыкка туруштук берүү, бул башка маселе же тобокелдикке бел байлоо дегендик.

Жалпы эле кыргыз журтчулугуна кеңири таанымал манасчы Жусуп Мамай аксакалга жолугууга аттанган сапарда алгачкы күнү Кашкар шаарына келип түшүп ал жактын ысыгынан суусундук ичкени баш баккан чакан дүкөн ээси менин чек аранын аркы тарабынан келгенимди билээри менен "Шоро" суусундугун сунуш кылганда кадимки Толтойдун рекламадагы сүрөтү чапталган, ал эми жазуулары кытай, араб ариптери менен жазылган таанып суусундукту колума алып, аны чаңкагандан шыпкап болуп, бошогон бөтөлкөнү айланта бир карап ичимден кубанганымда да бул жерде "Шоро" чыгарып жаткан ишканада болом деп ойлогон эмес элем. Кийинки күнү Артыштагы кыргыз боордоштор чакырган мейманда Табылды ага менен чогуу болгондон кийин бул жакка кайрылбай кетүү мен сыяктуу журналист үчүн гана эмес, мен деген кыргыз үчүн да кечиримсиз болмок.

-Мындан бир нече жыл мурда, тагыраак айтканда "Шоро" фирмасынын уюшулгандыгынын беш жылдык маараксинде оозума сала бергенби, мен келечекте "Шорону" бүткүл дүйнө жүзүнө таанытам деп айткан элем. Андан бери ушул маселе боюнча жалгыз күчүм келбей жатат, деп көптөгөн ишкерлерге кайрылып көрдүм. Бирок алардын бирөө да каражаттарын салууга, биргелешип иштөөгө даай алышкан эмес эле. Менин бул сунушумду белгилүү ишкер, азыркы Жогорку Кеңештин депутаты Аскар Салымбеков дароо эле кабыл алып, мынтип биздин продукция коңшу өлкөдө чыгарыла баштады,-деди бул жагдайдагы суроомо өлкөбүздөгү айтылуу суусундуктардын ээси Табылды Эгембердиев.

Ушул жерден белгилеп кетүүчү дагы бир нерсе Кыргызстан өз эгемендүүлүгүнө ээ болгондон бери акыркы 15-16 жылдан бери менимче чет өлкөдө кыргыз маркасы менен продукция чыгарып Кыргызстанды таанытып жаткан "Шоро" бирден-бир жалгыз Ата-мекендик фирма же тагыраак айтканда кыргыз бизнесинин сырткы өлкөдөгү алгачкы чабалакейи. Чабалакей демекчи тил билбегендиетен ошондой эле бул

жердеги ишкерлик боюнча күтүлбөгөн маселелерден улам кыйынчылыктар бир жыл ичинде жетишерлик эле болду. Эми акырындап көнүгүшүп, эки-үч айдан бери суусундуктарды үзбөй эл керектөөсүнө коюга аракет жасап келүүдөбүз деп сөзүн улады Табылды Эгембердиев.

Ишкердин айтымында биринчи иретте тилди билбегендик, ошондой эле коңшу өлкөдөгү ишкердикти жүргүзүүдө мыйзамдар менен мурдатан тааныш эместик бир катар күтүлбөгөн кыйынчылыктарды алып келген. Тагыраак айтканда тиешелүү кадрларды издештирип табуу, аларды үйрөтүү маселелери да бир топ убакытты талап кылган. Бул жакка салынып жаткан заводдун жабдууларын орнотууда техникалык терминдер кытай тилинде айтылгандыктан ар дайым жанында жүрүп, кайсы нерселер керек экендигин өз көзү менен көрүп, аларды чогултуу жумуштары түйшүктөрдү талап кылган. Айталы бурама же болт дегендердин ар бирин өз-өзүнчө көргөзүп, анын кытай тилиндегилерин жаттоого чейин, бир сөз менен айтканда баардык иш процессинин башынан аягына чейин тикеден-тик турууга туура келген.

Ал эми экинчиден дагы эле тил маселесине байланыштуу жана атайын адис табуу кыйын болгондуктан ушул бир жыл аралыгында чыгарып жаткан суусундуктук дүйнөлүк стандарттын талаптарына толук жоок берген документтерин бүткөрүү боюнча да иш аксап келген болсо, үстүбүздөгү жылдын башында интернет аркылуу Пекинден бул боюнча адис табышып, жакында Кытай өлкөсүнүн баардык аймактарына чыгарууга мүмкүнчүлүк берген документтер буюрса колдоруна тийгени калган.

Бул биринчиден, чыгарылуучу продукциянын адамдын ден соолугуна пайдалуу жактарынан баштап баардык талаптарга жооп бererлигин анализдеген документ болсо, экинчиден аны чыгарууга да, сатууга да уруксат берген документ катары кызмат кылат экен. Мындай кагаз же документ Кыргызстанда "Кока -Колада" гана бар -деди ишкер.

Айтмакчы бүгүн Табылдыга жардам берип аны менен иштешкени келген, англисче эркин сүйлөгөн, менеджерлик адистиги бар кытай жигити келген күнү бул суусундукту ичип көргөндөн кийин анын өзгөчөлүктөрүн сурап билип, мен "Шорону" бүтүн кытай элине ичирем деп шымалана кагаздарды бүткөрүп жүргөн.

- Пекинден бул жакка кантип алып келдиңер, деги эле ал жакта жатканыңа Табылды Эгембердиев өзгөчө ыраазы экендигин жашырган жок.

Деги эле биз сөз кылып жаткан «Дордой-Шоро» биргелешкен ишканасы Кызыл - Суу облусуна курулганга чейин эле, биз тарапка

каттагандар шорону Кыргызстандан алып келип ичип, мейман чакырганларында сыйлуу тамак катары көптөрүнө ооз тийгизип жүрүшүп, айрыкча бул тараптагы кыргыздар арасында эчак эле белгилүү болуп калган. Ишкана бозо чыгара баштаганда иликтеп көрүшөө уйгур калкы көп алары белгилүү болгон. Чындыгында эле бул тараптын тургундары айрыкча эт аралашкан камыр тамактарды көп пайдаланышкандыктан, бозонун дарылык касиетин билип сатып алып жатышкан.

-Биздин Кыргызстанда шорону ресторандарга сунуш кылсак уялып алышпайт, ал эми бүл жактагы ресторандардын баары тең биз сатабыз, продукцияңарды бизге бергиле деп талашкандар кудайга шүгүр. Бул жакта биздин чыгарган продукциябыз экзотикалык ичимдик катары кабыл алып жатышабы же болбосо чындыгында эле анын пайдалуу жактарын билишеби, тигил жагы Урумчу, Ак-Суудан бери биз сатабыз деген эле кишилер. Биз болсо азыр уруксат кагазыбызды ала элекпиз деп тырышып коюп олтурабыз,—деди ишкер күлүп.

Сөзүбүздүн башында белгилеп кеткендей суусундуктардын болгонун да болбогонун да өндүрүп чыгарып жаткан бул өлкөдө рынок атаандаштыгы бир жеринен жаза бассаң же болбосо бир эле сапар сапатсыз продукция чыгарсаң заматтын ортосунда рыноктон суруп чыгарып салары айтпаган күндө да белгилүү. Мына ушундан улам бул ишканада продукциянын сапатына айрыкча көңүл бөлүнүп, күн сайын тиешелүү лабораториялык текшерүүлөрдөн өткөрүлүп турулаарына да күбө болдук.

Деги эле текшерүү демекчи бул тарапта ал маселе кандай экен? Ички рыногубузга атандааштык түзө турган өндөнөсүн, анын үстүнө башка мамлекеттин атуулусун дегендей, ишканалар ачылып иштей баштагандан бери ар кандай текшерүүлөр, келип жаткан жокпу, дедим ишкерге.

Бул тараптан ал маселелер боюнча биздики менен асман менен жердей эле айырмасы бар экендигин биз иштеп жаткан бир жылдан бери өзүбүздүн тажрыйбабыз аркылуу күбө болуп келебиз; бул тарапта бизнести өнүктүрүүгө баардык шарттар түзүлгөн сыяктуу.

Кытай мамлекетинин бийлиги анда иштеген чиновниктер эл үчүн иштээри, бардык нерсе мыйзам чегинде аткарыларын көрүп билип калдык. Дайыма биздин ал-ахыбалыбызды сурап эмне жардам керек деген эле бийлик өкүлдөрү. Алгач, тигил керек бул керек деп зарыл убакта бир топ жардамдарын алдык эле. Азыр дагы кандай мүчүлүштүктөрүңөр, кем-карчыңар бар деп сурап келгендерге тигил же

бул деп айтуудан өзүбүз да уялып калдык. Өткөндө бул тараптын милиция кызматкерлери келишиптир Ой, булар эмне келишиптир, десек, биз силер менен таанышалы деп атайын келдик, силерди сактоо биздин милдетибиз. Эгер бирөөлөр бир нерсе дей турган болсо, мына бул телефондорго чалып, дароо кабар кылгыла деп телефондорунун номерлерин таштап, биздин мамлекеттин тапшырмасы ушундай, озгочо чет элдик атуулдарды коргоо бизге жүктөлгөн, бир да бирөөгө чекеге черттирбейбиз деп коштошуп кетип калышты. Алар кеткенден кийин кудая тобоо, ушундай да болот экен, деп таң калган боюнча калдык. Ал эми бизде- милициялар кимиси болбосун кана паспортун, келе акча деп жатышпайбы, жок дегенде ушуну чечпесек кантип оңолобуз. Оңолуу үчүн эң биринчи тартип керек. Бул жакта тартип бар экен. Мен бир жылдан бери жаныма паспорт салбай эле Кызыл - Суу облусунда, андан сырткары кээде Ак-Суу, Урумчуга чейин чаап кетип калам. Ушул убакка чейин эч ким менден паспорт сурай элек.

Андан сырткары кечее суубуз чыкпай токтоп калган, бүгүн өзүң келердин алдында жарыгыбыз өчүп калган. Көрсө алар менен алдын ала келишим түзүп, токтомдошуп коюш керек экен. Биз өзүбүздүн жердегидей көрүп жүрө бергенбиз. Келишим түзүлгөндөн кийин эми алар, кокусунан сууну токтотуп, электр энергиясын өчүрө турган болсо, биздин токтоп калган чыгымыбызды төлөп бермей болушту. Артыштын жанынан алты гектар жер беришти. Сууну жерди казып өздөрү бекер чыгарып беришти. Бир сөз менен айтканда бул жерде ишкердикти өнүктүрүүгө толук шарттар бар экен.

Мындан бир канча жыл мурда менден интервью алышканда Чынгыз хан кылычы менен дүйнөнү каратса мен кыргыз максымы менен бүт дүйнөнү багынтам, деп айтканым бар эле. Мен бүгүн Кытай Эл Республикасынан бир жылдан бери "Кока-Кола" кандай куюлса, "Шорону" да техникалык жабдуулар менен ошондой коюуга боло турган деңгээлге жеткирдим, мурдагыдай ачканда ташыбайт, коюусун алып салдым, сапаты артты. Чынгыз хан Кытайдан кийин Иранга, андан кийин Россияга барыптыр. Акыркы жылдардан бери мен атаган өлкөлөрдөн дагы кишилер келип жатат, иштешели дешип.

Менин кийинки сапарым, же кыргыз максымынын сапары ушул өлкөлөрдө болмокчу,-деди маектешим.

Деги эле тигил же бул адамга же ишкерге болсун көздөгөнүн турмушка ашырганга биринчи иретте өжөрлүк, анан акылдуулук керек. Мындай сапаттар Табылды Эгембердиевде жетишерлик экендигин ал өз

иши менен дайыма тастыктап келет. Мындан сырткары да бул тарапта бизнестин туризм тармагын колго алып, аны чукул арада баштоо боюнча кызыктуу пландары бар. Ал жөнүндө азырынча ишкердин жеке кызыкчылыгына байланыштуу сөз кылууну эрте деп таптым. Арийне, ар бир иштин өзүнчө айтылуучу мезгили бар эмеспи.

Чындыгында мен ушуларды өзүм бул тарапта болуп, өз көзүм менен көрбогондө мүмкүн башкалар сыяктуу мен деле ишенбес элем. Ал эми азыр болсо Табылды Эгембердиев колунан келбеген ишти айтпасына толук ишенем.

Ишенбай Абдуразаков: Канткенде оңолобуз?

(Ой толгоолор)

«Кыргызстан Туусу» газетасы,
9-26-июль 1999-ж.

Дүйнөлүк агымдан чыга албайбыз

— Адамзаттын жашоосунда дүйнөлүк агым каяка баратат деп ойлойсуз?

— Заманыбыздын талуулуу проблемасы - азыркы дүйнөнүн көп түрдүүлүгү, көп түстүүлүгү. Кээ бир идеологиялык көз караштар бир-бирине тикеден-тике карама-каршы. Айрым жерде демократия, экинчисинде - диктатура, үчүнчүсүндө - диний экстремизм. Ушуларды талдап келип эмки кылым «цивилизациялардын кагылыш» кылымы болот деп прогноз жасаган аалымдар да бар. Ошондой болсо да, эгерде азыркы замандын бардык параметрлерин эске алып, өткөн кылымдар менен салыштырсак, адам баласы негизинде билимдүүрөөк, жумшагыраак, ийкемдүүрөөк болуп баратканын байкабай кое албайбыз. Алдыга озуп, постиндустриал дооруна кирген өлкөлөрдө, ошол багытка өткөн өлкөлөрдө демократия, укукка негизделген мамлекет, граждандык коом өнүгүп, улам терендеп баратканы шексиз. Менин оюмча, адам баласы илгертен эңсеп келген адилеттүүлүк, эркиндик, көз карандысыздык, адамгерчилик өндүү асыл наркты көздөй багыт алды.

— Демократия баш аламандыкка алып келет экен, андан көрө катуу тартипти кармаган жеке бийлик жакшы болот эле деген адамдар менен кезигип, сүйлөшүп көрдүнүз беле? Балким, алардын айтканында да негиз бардыр?

- Мен андай пикирге эч макул боло албайм. Элибиз жетиле элек экен, азырынча эрте, акырындап өтүш керек дешет ошол кишилер. Жеке

бийликтин чеги болбойт. Бийликтин кумарына кирип алган адам андан чыккысы келбейт.. Эл жетилгиче тура туралы десең, эл эч убакта жетилбейт.

Демократия идеалдуу система эмес, бирок элдин энергиясын ачууда мындан жакшы система жок. Демократичны биз туура эмес түшүнөт окшойбуз. Анын экинчи тарабы жоопкерчилик эмеспи. Ошону түшүнбөгөндөр көп нерсени бузуп коюп жатпайбы. Адамды кулдай башкарып жүрө берсе, тагдырым деп алар да жүрө берет. Эркиндикке чыгарып койсоң, кээ бир кул, эртеси эле бейбаш боло баштайт. Жоопкерчиликти сезген эркин адам болуш үчүн убакыт, билим, ички маданият керек.

- Бизде демократичны толук кандуу кабыл алганга жетиштик дегенге болобу?

- Албетте, болбойт. Кечирип коюңуз, адегенде, жок дегенде жогорку билимдүүлөрү толук кандуу кабыл алышына жетишеличи. Жогоруда айтпадымбы, демократичный экинчи жагы жоопкерчилик деп. Ошого жетиш керек. Экинчиден, демократия дайым эле бир ордунда туруп албайт, ал да өнүгөт, коомдо жаңы проблемалар чыгат, турмуштун диалектикасы ушундай.

- Партиялардын көбойүшү пайда алып келеби, же...

- Партия деп эмнени айтабыз? Айрым социалдык катмардын кызыкчылыгын көздөп, аны ишке ашырыш үчүн саясий аракет жасаган топ. Эгер партиялар сабаттуу саясат жүргүзүп,конструктивдүү программа негизинде, өлкөнүн өнүгүшү үчүн аракет кылса, пайда сөзсүз болот. Бизде андай болбой жатпайбы? Бир кичине айылдын элиндей кишилер чогулуп алып эле, «биз партиябыз» дегендер бар.

Же болбосо, бийликке таянып киресиң, кирбесең кызматыңдан айрыласың деп, тизме менен күргүштөтүп өткөргөн учур бар. Бул эркиндикке цинизм менен мамиле кылуу, адамды илгеркидей эле «толпа» деп кароо.

Эл арасында жасаган иш жок, саясий, экономикалык принциптери так эмес. Партия болгон соң принциптерин бекем кармаш керек да. Партия деп кыйкырып жүргөндөргө министрлик кызмат берип койсоң, мисалы, ал эртең эле партиясын унутат. Партия деген эл менен иштеш керек, бийликти сындагандан башка, элге эмне кылып бере алам деген суроо биринчи орунда туруш керек. Азыр бизде ал оюн болуп калбадыбы.

- Бийликке асылгандан башка жаңы идеяларын уга элекпиз го...

- Бийликти сындасын. Бийлик, эч убакта идеалдуу болбойт. Аны сындап турсаңчыйрак болот. Бирок сын деген маданияттуу, адамгерчиликтүү болуш керек да. Сында, бирок өзүң да эмне кыларды айт. Антпесең сындын кимге кереги бар?

— Коррупциянын пайда болушун эмнеден деп билесиз?

— Коррупция деген нерсе дүйнөгө таралган жугуштуу оору. Жалпысынан анын себептери деле окшош. Ач көздүк, эгоизм, укуктук базанын так эместиги, мамлекеттик жана коомдук көзөмөлдүн солгундугу, айкындыктын жоктугу, «жаман-жакшы», «увал-соол», «жеке кызыкчылык — коомдук кызыкчылык» деген олуттуу адеп-ахлак түшүнүктөрдүн күңүрттүгү, «кылмышка-жаза», «мыйзамдын алдында баары бирдей, тек» деген принциптер турмушта ырааты менен ишке ашпагандыгы ж.б.д.у.с. Коррупция бардык эле жерде бар, бирок анын масштабы ар кандай. Мыйзам бийлик кылган, аң сезимдүүлүк өнүккөн, коомдук пикири күчтүү өлкөлөрдө коррупция сейрек кезигет.

Мыйзам, жакшы иштебеген, жабык өлкөлөрдө, бийлик, коомдук пикир менен эсептешпеген жерде, ким күнөөлүү, ким күнөөсүз экенин мыйзам эмес, жеке адам чечкен жерде, мамлекеттик тартип бошогон жерде коррупция үчүн ынгайлуу шарт түзүлөт. Негизинен коррупция деген нерсе өтө коркунучтуу, Кылмышка жараша өз убагында жаза болуп турбаса, бирин туурап экинчиси баштап отуруп, «домино» теориясындай кеңейип кете бере турган нерсе. «Агасын көрүп ини өсөт» дейт эмеспи. Ини агасынан жакшы сапатын алып эле тим болбойт. Жаман үлгү тез тарайт. Ошондуктан, өлкөнүн эртенки күнүн ойлогон адам, бул илдеттин тамырын жула албаса да, таралган чөйрөсүн тар кылууга аракет кылбаса болбойт.

— Коомдук пикирдин маанисин баса айтпадыныздар. Анын таасирин күчөтүү үчүн эмне керек?

— Бул татаал маселе. Кээ бир жагын эле айтайын. Биринчиден, эл саясий-экономикалык жактан жетиштүү маалымат алый, учурдагы абалды жакшы билип, окуяларга өзүнүн түз пикирин айтып туруш керек.

Экинчиден, массалык маалымат объективдүү болуш керек. Азыркыдай бир тарабы жалаң жакшыны айтып, экинчи тарабы жамандан башканы көрбөй, көпчүлүктүн арасында нааразычылык маанайды козутуп отурса, эл да башы айланып, ак менен караны ажырата албай калышы ыктымал. Үчүнчүдөн, эл шайлаган органдар, эл алдындагы жоопкерчилигин таасын сезип, эл үчүн кызмат кылышы керек. Ал органдарга адамды бийлик кылсын деп шайлабайт, элге кызмат кылсын деп шайлайт.

— Кечиресиз, ошол эле эл шайлагандар капканга түшүп калып отурбайбы. Депутаттардын арасында сөз бар экен — «эмне үчүн депутаттар эле камалат, эмне үчүн аткаруу бийлигиндегилер жоопко тартылбайт?»

— Көрүп атпайсыңарбы, аткаруу бийликтен деле көп адам камалды. Мыйзам баарына бирдей болуш керек.

— Эл алдындагы депутаттардын жоопкерчилигин күчөтүү үчүн кандай ылаажы болушу мүмкүн?

- Азыр биздин эл өткөөл убакта далай кыйынчылыктарга дуушар болуп турган кез. Ошондуктан депутаттарды шайлаган мезгилде, Ал мага эмне кылып берет? - деген меркантилдик мамиле жеңип кеткен учурлар көп. «Белек» берген адамдардын өтүп кетиши оңой. Ошол берешендер, депутат болгондон кийин эмне кылды, өлкө үчүн, өзү шайланган округ үчүн? Кеп ушунда да.

Көрүп жүрөсүңөр, кээ бир депутаттар округумда мектеп куруп бер, ооруканa куруп бер деп, Өкмөт үйүндө жүрөт. Мүмкүнчүлүгү болсо өкмөт ансыз деле куруп берет, көрүнгөн эшикти сагаалагандын ордуна өзүнүн округунда эл менен кеңешип, мүмкүнчүлүктөрүн талдап, мындан ары кандай иш кылып турмушубузду оңдойбуз деп кеңешип, ишти уюштурганга жардам бериш керек да. Ошого жараша керектүү маселелерди парламентке коюш керек. Өлкөнүн келечеги менен ар бир айылдын, ар бир чарбанын келечеги өтмө катар чырмалышкан. Алардын кызыкчылыгын айкалыштыра билиш керек.

— Эмки шайлоодо, добуш берүүдө, элдин көз карашы өзгөрөр бекен?

— Ким билет: үмүт бар, бирок ишеним жок. Кээ бирлер Жогорку Кеңешке, кээ бирлер жалпы эле бийлик бутактарына нааразы. Алар чыйрак болуш үчүн, депутат болом дегендерге талапты бийик коюш керек да. Бир кой союп берди эле, бир чыпта ун берди эле, бата берип койдум эле деп, добуш бере берсе, баягы эле абал болот. Билимдүү, өлкө үчүн иштеп бере турган адам келсе, ошол алган бир чыптандын ордуна беш алты чыпта кайрып аласын да.

— Кыргызстан инвестициясыз өнүгө алабы?

— Инвестициясыз эч өлкө өнүгө албайт. Инвестиция эмес, кредитти айтып атсаңыз сөз башка. Колунда каражаты бар адам карыз албайт. Күнүмдүк оокатты кредит - сиз эле өткөрсө болот. А эгер өндүрүштүк ишкана курам десеңчи? Анда кредит албасаң акчаны сага ким берет? Кеп кредитте эмес, кеп кредитти колдонууда. Акыл менен иштесең алган

карызыңдан кутуласын, миң сом чыгым болсон, эки миң сом киреше аласың, андан кийин «ханга салам бербей» өз алдынча тирдеңип кетесиң.

А эгерде кредитти алары менен аны ичип-жеп алсаң, бир жылда жасай турган ишти беш жылда арақ жасасаң, анда карызга малынасың, күрөөгө койгон мүлкүңдөн айрыласың. Андай кредитти, эгер иштетүүгө дараметиң жетпесе, албай эле койгон жакшы. Мамлекет деле так ошондой. Бүт дүйнөдө кредит — өнүгүүнүн куралы. Жакшы иштеткендер байыды, иштете албагандар баягы эле таз кейпинде.

- Кыргызстанда жакырчылыктан чыгуу боюнча атайын программа бар эмеспи. Кийинки кезде жылыш барбы?

- Бул программа Өкмөттүн көзөмөлүндө. Бирок мен өзүм да көзөмөл кылып жүрөм. ПРООН аркылуу да тиешем бар. Жакырчылыктан чыгуу - стратегиялык озуйпа, биздин элибиз үчүн мындан маанилүү эч нерсе жок. Менин оюмча, жыл өткөн сайын жылыш бар. Зирек адамдар тирдеңип баратат. Бирок жалпысынан алганда алга жылыш массалык масштабга жете элек.

Элетте көп эле шарт түзүлдү. Жер берилди. Бирок эң маанилүү эки маселе али чечиле элек. Дыйкандар жерди үзүрлүү иштетиш үчүн, көмөк көрсөтүү ыкмасы калыптана элек. Экинчиден, бул негизги маселе — дыйкандар өндүргөн нерсесин өз убагында пайдасы менен сатып, киреше алыш керек. Эгер дыйкан киреше албаса, жерди иштетпейт. Кирешеси болбосо турмушу оңолбойт. Мына пенсия, пособие деп атасыңар. Албетте, ал керек, бирок ал ар элет элинин тагдырын чечпейт. Жакырлыктан чыгыш үчүн дыйкан иштеши керек, иштеш үчүн кызыгышы керек, кызыгыш үчүн шарты болуп керек. Ал шартты ким түзөт? Өз ара уюшуп, баштапкы кооперация формасын тирилтиш керек да, мамлекет өзүнө тийиштүү маселелерди чечиш керек. Эң негизгиси — дыйканга ишеним берүүдө, эгер ал өндүргөн продукциясын сатып, чыгымын актап, киреше алаарына көзү жетсе — тоону томкорот.

— Ысык-Көл өрөөнүн жакшы билсеңиз керек. Бейиштин төрү деп көп айтабыз. Ошол жерди, Анталияга окшогон эл аралык зонага айландырса болобу?

- Дүйнөдө азыр туризм эң кирешелүү тармак. Ысык-Көлдүн потенциалы чоң. Анталияга бүт Европадан келишет. Ага теңеле албасак да, Ысык-Көлдүн өз мүмкүнчүлүгүнө жараша жогорку деңгээлдеги курорт зонасына айландырса болот. Өткөндө Малайзиянын премьер-министри келгенде, Ысык-Көлгө алып бардык. Ал киши кетер-кеткиче көлдөн көзүн алган жок, суктанганы суктанган. Ошол кишини коштогон

бир министри мага айтат: «бул жерди жакшылап өздөштүрсөңөр, инфраструктурасын жогорку деңгээлде түзсөңөр, жылына төрт миллион турист кабыл алса боло турган жер экен. Ар бири миң доллардан таштап кетсе, санай беріңиз, канча киреше түшөөрүн. Дароо төрт миллиард доллар эсиме келип, эмне дээримди билбей унчукпадым. Албетте, төрт миллион турист кабыл алуу үчүн али көп каражат, убакыт керек. Ошентсе да, бул кыял мүмкүнбү? Эмне үчүн болбосун?

Мына биз электроника деп асмандагы турнаны кеп кылабыз. Качандыр кийин анын да кезеги келер, а бүгүн биз колдо бар алтындын кадырына жетип, ошону иштетишибиз керек. Эгер аны туура пайдалансак, Кыргызстанды ошол эле Ысык-Көл багып бере алат. Ысык-Көлдү курорт зонасы катары өнүктүрүү үчүн комплекстүү программа керек, чет элдик инвестицияларды тартыш үчүн атайын жеңилдиктер керек. Тамчыдагы бүтпөй калган аэропорту кантип куруп, иштетүүнү ойлонуу керек.

Дагы толгон токой маселелерди чечиш керек. Мисалы, экология. Айыл өкмөттөрү, акимдер, губернатор, өкмөт, ишкерлер чогулуп, кеңешип иш баштаса, акырындап жыла берет. Жаткан таштын астынан суу өтчү беле?

«Бүгүнкү интеллигенция ото эле инерттүү көрүнөт»...

— Жакшылыкты көргүсү келбеген тиш кайроо кандай учурда пайда болот?

— Ал адамдын ниетине жараша болот. Илгери биз Токиодо элек, Москвада турмуш кыйын, дүкөндөрдө товар тартыш, кезек күтүү, эл нааразы... Отпускага кеткен эки жигит биринин артынан бири кайра келип калды. Биринчисинен сурадым:

— Москвада абал кандай?

— Абдан начар. Дүкөндөрдө шар кулатып жибersен, тие турган нерсе жок, полкалар бош.. Экинчисине ошол эле суроону бердим:

— Дурус — деди ал, — дүкөдөрдө анча-мынча товар турат.

Абалга баа берүүнүн саясий-психологиялык жагдайы да болот. Мисалы, жеке душманым деп эсептеген адам бийликтин бир тепкичинде турса, мен андан жакшы иштеп берет элем, бирок мага бул орунду беришпеди деген ич күптүсү болсо, турмуштун диалектикасын билбесе, өзүн башкалардан тыңыраак сезип, бирок ойлогон ойлорун ишке ашыра

албай жүрсө, андайлардын көзүнө жакшылыктар көрүнбөшү мүмкүн...

Экинчиси, саясый күрөштү адистик кылып алгандар жакшылыктарды көрсө да көрмөксөн болот. Үчүнчүсү, дегеле турмушта жолу болбой, өтүнө зили толгон адамдар дүйнөдө эч жакшы нерсе көрбөйт, эч адамды жактырбайт. Кадыресе адам онду да, терсти да көрө билиш керек.

— Бирөөнүн кайгысы менен бактысын төп болүшө аласызбы?

— Адам табиятынан бакыт үчүн жаралган. Ага укугу бар, бирок бакыт жөнүндө түшүнүк ар кимдики башкача. Сүйүү бактысы бардыгына бирдей. Балалуу болуп балдарына маашыр болуу да бакыт. Ак эмгек менен ийгиликке жетүү да ошондой. Аларды көргөндө кантип кубанбайсың? А эгер, башканын ырыскысын тартып алып, байыганына чиренген «бакыт» наалаттан башка сезимди козгобойт. Кайгынын да табияты ар башка. Ошентсе да, адам башына кайгы түшүп турганда, колдон келсе жолок болгун келет. Боло алсан -ичинде ыраазы болосун, боло албасаң - айла жок.

— Адамдын жашоосундагы кымбат перселер кайсылар деп билесиз?

Жашоодогу эң кымбат нерсе — жашоонун өзү. Анын жыйынтыгы — бул дүйнодо из калтырып, кийинки муундар жакшы адам болгон экен, деп эскерип жүрүүсү.

— Сиздин көп учурда жөө жүргөнүңүздү кеп кылышат. Эмне, жөө жүргөндү жакшы көрөсүзбү?

— Эртеден кечке кеңседе отурган соң, мүмкүн болушунча жөө бассам пайдалуу. Шаарда турган кезде машинага отурбайм. Бир күнү жөө келатсам бирөө чочуп кетти. «Ой, эмне жөө жүрүп калгансыз» дейт. «Бирде жигит төө минет, бирде жигит жөө жүрөт». «Жерде төрөлгөн адам жерден алыстап кетпеш керек» деп тамаша кылдым.

— Айрым саясатчылар кийинки кезде бир тезисти айрыкча кайталап, элди ишендирүүгө аракет кыла баштады. Алардын ою өзүнүзгө белгилүү, мындай: реформа башталганына он жылга жакындап калды, бирок жылыш жок. «Маршалдын планына» таянган Европа менен Япония согушта чоң зыян тартканына карабастан, он жылдын ичинде көзгө көрүнө турган ийгиликке жетишкен эле. Биздин азыркы абалыбыз реформа натуура жол менен баратканын далилдейт дешет. Сиздин пикир?

— Эмне демек элем, бизде ото окунучтуу конумуш бар, маселен — кайсы маселе болбосун, буга менин көзүм жетти, — маңызына толук түшүнбөй туруп эле үстүртөн, билген кишидей түр көрсөтүп күпүлдөй

беребиз. Бизди угуп, көрүп турган элдин ичинде да бир нерсе билген адам болуш керек, алардын алдында уят болбоюн деген ой биздин башыбызга эч кирбейт экен го, тобо кылдым! «Маршалдын планы» менен Япониянын эч байланышы жок. Япония башка программа боюнча согуштун жаратын айыктырып, андан ары өрүүлөгөн. Бул биринчиси. Экинчиси, дүйнөлүк согуштан кийин СССР менен АКШ башында турган эки лагерь өз ара ишенбестиктен улам бири-бирине душман болуп, «суук Согуш» башталган доордо Америка өзүнүн кечээки жоосун дос кылууга күчүн үрөп, Батыш Европа, айрыкча Германия жана Япониянын бөксөргөнүн толтуруп, андан кийин коммунизмдин таралып кетиш коркунучунан дүйнөнү сактоодо, аларды зор кубаттуу шерик өлкөлөргө айландыруу үчүн бүт күчүн жумшаган. Акчаны суудай агызып, жаны илимий жетишкендиктер менен бийик технологияны аябастан камсыздап берген. Германия менен Япониядагы реформа америкалыктардын айрыкча көзөмөлүндө болгон. Мамлекеттик бийликти, экономиканы иретке келтирүү иштери жаңы, көбүнчө америкалык усулдарга ылайыкташтырылган. үчүнчүсү — ошол эле Германия менен Японияда согуштан кийинки элдин психологиялык маанайы өзгөчө болгонун баса айта кетүү керек. Улуттук ар-намыс аларды кыймылдатуучу негизги күч болуп берген, себеби түшүнүктүү. Узак мезгилде бул эки эл айрыкча элбиз деп, башкалардан жогору койгон. «Дойчланд, дойчланд үбер аллес» (Германия, Германия, баарынан жогору) деп ишенишкен. Япондордун улутчулдары өздөрүн чыгыштын арийлери деп эсептешкен. Ошондуктан, Япониянын императору элине кайрылып «чыдагыс жазмышка чыдагыла» деп болгон кайратын айткан. Элдин бир аз бөлүгүнөн башкасы майтарылгыс патриоттук дух менен шыктанып, өлкөнүн кайра куруусу үчүн болгон акыл-эс, күч-кубатын жумшап, тынымсыз эмгектенген. Тартип катуу болгон, алы-күчү барлар өлкөсүн, элинин келечегин ойлоп, көп нерседен баш тартып, үнөмдүү болуп, болгон каражатын өндүрүшкө жана бала-бакырасына билим берүүгө жумшаган. Жетишкендиктер 15-20 жылдан кийин көзгө көрүнө баштаган. Эч нерсе асмандан түшкөн эмес.

Бизде бүгүн карама-каршылык көп болуп турбайбы. Негизги багытыбыз туура болгон менен өлкө үчүн аракет кылган адам аз. Паракорлук күчөдү. Жөнөкөй эле справка алыш үчүн акча талап кылган шумшуктөр да чыкпадыбы, бул өтө коркунучтуу.

— Юбилейлер жөнүндө да кеп сөз бар...

— Юбилей өткөрбөө керек деген пикир бар. Буга мен кошула албайм. Өткөрө берсин, бирок чени менен, өз каражаты менен. Жолдош-жорого

чай берип коюш салтка ылайык. Ошентсе да, бир нерсе ойдо болуш керек. Колунда бар болгону жакшы, бирок аны чача көрсөтүп элге мактанба, себеби — ал байлык кайдан келгенин көбү билет, непадам, каргап коюшу мүмкүн. Экинчиден, деги эле байлыгына чиренип адепке жатпайт.

Беш кол тең, эмес. Чамасы ченелүү адамдар бар. Ашыра кеткен аптойлор алардын айласын кетириши мүмкүн. Тирүү кезде элүүдөн кийинки «тоголок» жашты белгилеп койчу эле. Азыр — 65 деле юбилей, 85 деле юбилей. Маркумдардын жүздөн кийинки ар бир он жылдыгын өткөрүү өнөкөтү башталды. 150 жыл десе болуптур дейсиң, эми 160 жылдыгы деп марафон өткөрүп башташбадыбы. Көңүлдөн чыккан пул болсо кошумча кылган жакшы. Бирок элге салык салып, Өкмөттөн акча сурап өткөргөн юбилей эч аброй бербейт.

— Улуттук каада-салттардын пайдалуу, зыяндуу жактары мамлекеттик деңгээлде көтөрүлүп чыкты, сиздин буга пикириңиз кандай?

— Менин пикирим түз. Коом ар дайым өзүнүн кайсы этапта өнүгүп, кандай абалда турганына назар салып, жыйынтык жасап турушу абзел. Себеби, каада-салт да мезгилге жараша өзгөрөт. Албетте, каада-салт, үрп-адат бийликтин жарлыгы менен орнобойт да, жоголбойт да. Бийлик, бирок, абалды талдап көпчүлүктүн пикирин угуп, жакшы жагын колдоп, зыяндуу жагына бөгөт коюуга үндөп турганы жакшы. Айта турган сөз көп. Азыр аттуу-баштуу адамдардын, интеллигенциянын пикирин элге кенен таратып туралы.

— Айтмакчы, кыргыз интеллигенциясы бүгүнкүнүн басымдуу жүгүн көтөрүп турат деп ишеним бере аласызбы?

— Бере албайм. Чыпын айтсам, бүгүнкү интелигенция өтө эле инерттүү көрүнөт. Же болгон эле чамасы ошобу, же көңүл кош болуп, жалкоолуктанбы, айтор, мен интеллигенциянын билимге таянган салмактуу үнүн анчалык уга албадым. Азыркыдай өткөөл заманда абалга анализ берип, өткөн заман менен азыркыны, келечекти салыштырып, элине кайрат-күч бере турган интеллигенция эмес беле? Алардын көбүнүн материалдык ахвалы начарлап калганы белгилүү. Деген менен, нускалуу биздин даанышмандар илгери оокаты менен мактана турган абалда болгон эмес. Ошого карабастан элине бел болуп берген. «Караңгыда жол тапкан, капилеттен сөз тапкан». Акыл-эс барда кайрат кылып, ар-намыстын туусун көтөргөн. Кайда, кайран ошол даанышмандар? Кызматына тырмышып же кызматка илинейин деп күнкор болуп калган адамды интеллигент деп айтышка ооз барбайт.

— Чет элден кайтып келгениңизге беш жылдан ашып калды.

Ошондон бери эл кызматында чапкылап жүрөсүз, сизде бош убакыт болобу, болсо аны кандай өткөрөсүз, же дайыма ойлор менен жүрөсүзбү?

— Дайыма эле ойлой берсең Асанкайгы болуп кетпейсиңби. Ар нерсенин өз орду бар. Бош убакыт деген эмне? Кыларга иш калбай калган мезгил менде болбойт десем да болот. Кызматтан тышкары убакта көбүнчө биле элек нерселерди билгиң келет. Адам баласынын билгени өтө эле аз болот эмеспи. Ошондуктан проблема көп, каталыктар көп, кылган ишибиз чала. Жаш кезимден калган көнүмүш — бекер отурсам эле бул өмүр шуулдап жанымдан кайкып өтүп бараткансып сезиле берет. Ошондуктан бир нерсе менен алек болом. Жекшемби күндөрү бала-чакам менен болууга аракет кылам. Чоң атамдан калган сөз бар: «Кулдай иштеп, байдай жаша» деген. Эмнегедир ушул сөз эсимден кетпейт.

— Өмүр күзгө таянды деп өкүнбөйсүзбү?

— Өмүр деген жаанын жебесиндей жылт этип учкан көз ирмем эмеспи. Алдыда чексиз мезгил бардай жүрө берип, бир оокумда карасаң, кечээ эле болгон окуядан бери ондогон жылдар өткөнүн билип, жүрөгүң зырп этет. Курбуларыңды көргөндө мезгил өткөнүн билссиң, а бирок көкүрөк чиркин, карыбайт, эч нерсе өзгөрбөгөнсүп алаксытат, өкүнүч түрткөн опурталдуу ойлордон оолактатат. Адам жашын санап, өзүнөн-өзү өмүр насибинен коомайланбаш керек. Ичээр суу акыры бир күнү түгөнөт. Ал турган кеп. Аны ойлогондо эмне? Жүрөгүндүн оту өчүп, аржак-бержакка карабай, жашоо кумары сезилбей, гүлгө көңүл кош болуп калганда ошондо соодандын бүткөнү.. Ага чейин өткөнгө өкүнбөй, колдон келген ишиңди жасап, аз да болсо артында из калтырып кеткенге аракет кылган жакшы.

— Жаштык күндөрүңүздөгү кызмат кылуу менен, элге азыркы кездеги курагыңыздагы кызмат кылуунун кандай айырмасын сездиңиз?

— Дем чайпалып чети оюла элек жаш кезде эркиң курч, чаалыгуу деген азыраак болот, биртике билгениңе өрөпкөп, өзүңдү өтө акылдуу сезесиң, кылган ишиңдин баары туура көрүнө берет, улуулардын айтканы эскини самагандай сезилет. Убакыт өткөн сайын тажрыйба көбөйөт. Жашыңда оңой көрүнгөн нерсе чынында канчалык татаал экени даана көрүнөт. Каталык кетпесе экен деп кабатыр болосуң, бирок баарына кириишип да үлгүрө да албайсын. «Бу киши эмне эле активдүү болуп кетти, мунун өзүнчө көздөгөнү бар го» деп айта койчулардан айбыгасың. Айырмасы ушул сыяктуу. Муну чыгыш өлкөлөрүндө жакшы билет. Ошондуктан,

чечим чыгарууда тажрыйбага таянат, аткарууну жаштарга тапшырат.

— Ар бир басылманын өз окурманы болот эмеспи, сиз кайсы гезиттердин окурманысыз?

— Кызматка жараша мүмкүн болушунча көп эле гезиттерге көз жүгүртөм. Кээде ыраазы болом, кээде ушак-айындын сазына батып, далилсиз калжыраган макалаларды окуп чарчап, убактымды боодо кетиргениме өкүнөм,. Ар кандай болот.

— Мамлекеттик олуттуу кызматта иштеп жүрүп, үй-бүлөө деген кичинекей мамлекетте кандай бийлик жүргүзөсүз?

— Бийликти бизде көбү буйрук деп түшүнөт. Андай бийлик жүргүзбөйм. Менин бийлигим — кеңеш. «Кеңешин кескен бармак оорубайт». Өз пикиримди таңуула- байм. Жаштардан батыл сунуштар чыгат. Ары-бери салчап, ушул дурус деген пикирге келгенден кийин ар бири өзүнчө эркин иш кылат. Акча кармабайм, тапканымды аялыма берем. Кичи кызымдан башка балдарымдын өз алдынча оокаты бар.

— Биздин коомдо аялдардын аткарган кызматына кандай баа бере аласыз?

— Аялдар болбосо, көп үй-бүлөө мүнкүрөп калмак. Энелик инстинкт деген ушунчалык күчтүү экен, «бал-арымды багам» деп, кеп аялдар эркек жасай албаганды жасап отурбайбы. Биз, кыргыздар аялдарга таптакыр жаңыча, маданияттуу мамиле кылышыбыз керек.

— Учурда аялдардын бийлик структурасындагы орду жетишсиз, аларды көбөйтүүгө чара көрүш керек деген ойлор бар.

— Билимдүү аялдар барган сайын көбөйүп баратат, өкмөттө, парламентте, сот бутагында компетенттүү аялдар көбөйсө жакшы болот эле. Бирок, менин оюмча, аны жасалма түрдө кылбаш керек. Эркектен кем калбаган аялдар болсо колдош керек, аял болгондуктан деп эле көтөрмолой берген жакшы эмес, ал аялды кемсинтет. Илгери партиянын үчүнчү секретарлары, аткаруу комитеттеринин, Өкмөттүн социалдык маселелерди тейлеген орун басарлары көбүнчө аялдар болчу эмес беле. Татыктуулары да бар эле, кыргызча айтканда, аял болгону үчүн «өкөн эле» отургандары да болгон. Аялдардын саясый укук жагынан эч нааразы боло турган жөнү жок. Маселе — тиричиликте. Аларга түйшүктүн баарын жүктөп койбой, тең бөлүшүп, аларга билим деңгээлин көтөрүүгө, ички дараметин ачып берүүгө шарт түзүү эркектердин парзы.

— Японияда аялдар тескерисинче эркектерди ыр тутат дешет...

— Ал өлкөдө илгертен келаткан түшүнүк бар. үй-бүлөнү эркек багыш керек. Эгер эркек ошого жараса, анда алар үйдүн эркеси, чын эле,

алардын жакшы иштеп, жетиштүү каражат табышы үчүн болгон шартын түзүп берет. Ага жарабаса аялдар өздөрү да иштейт. Андай учурда көпчүлүк үй-бүлөдө түйшүктү чогуу тартышат. Аялдардын ролу ал өлкөдө барган сайын жогорулап баратат. Сиз берген суроону мен да илгери бир японго бергемин. «Япон аялдары жөнүндө көп легенда угуп жүрөм. Иштен келгенде эркектин бутун жууп, айткан сөзүн эки кылбай, жатаарда да, тураарда да чарк айланып жүгүрүп, каалаганын аткарып турат дейт. Ушу чынбы?» десем, «Оо, балекеттиби. Илгери болсо болгондур, азыр кайда... өзүмдү эле айтайын. Жанымды сабап иштеп, тапканымды алып келип, аялымдын колуна карматам. Анан, кээде өз кезегим келгенде досторум менен ресторанда отуруп келейин деп акча сурасам, «өткөн жумада эле албадың беле» деп чоектоп, кайра-кайра сурантып айламды кетирип атып, анан берет» дейт. Тамаша аралашкан бул диалогдо көп чындык бар.

— Японияда жүргөн күндөрүңүздү эңсейсизби?

— Эңсебейм, бирок көп эстейм.

— Кандай кезде эстейсиз?

— Маселе чечкенде, анын маңызын түбүнө чейин түшүнүп, чечимдин арты кандай, пайдасы кайсы, зыяны кайсы, ушуларды катуу койгон усулдун бизде жоктугун көргөндө бир эстейм. Баарына макул, болуп, бирок айткан сөзүн аткарбай, ал эмес унутуп койгон адамдарды көрүп, кайран япондор, убадасын алыш тозок, бирок айткан сөзүндө турган эргулдар экен го деп, бир эстейм. Дунгандар балдарын: «Эй, сен иштеп үйрөнбөсөң, хырхыс болуп каласың» деп үйрөтөт экен, тобо, дешип, анан каткырып күлүп калган кыргыздарды көрүп дагы эстейм. Япондор мындай шылдыңга күлкү тургай, муунуп өлүп калат беле, ким билет. Жаратылыш шартыбыз (Кудая шүгүр жакшы, дени-кардыбыз соо туруп, ыкшоолуктан көтөрүлө албай турганыбызды көрүп, эч табигый байлыгы жок болсо да, дүйнөдөгү эң бай өлкө болгонго жеткен мээнеткеч элге - баракелде деп, дагы эстейм. Иши кылып эстеген учур көп эле.

«Баарыбыз эле портфель кармаган кызматкер болгубуз келет...»

— Адабият, музыкага жакын деп угабыз. Кайсы акын, жазуучу, композиторду айрыкча жактырасыз?

— Азыр чолоо тийбей, көп рахаттан четтеп калдым. Илгери жаш кезде башка эле да. Кээ бир авторду тез, кээ бирин шашпай арбир сүйлөмүнө анализ кылып окуучумун. Ошондон улам болсо керек, мен негизинен китепти жай окуйм. Эгер кимисине көбүрөөк кызыгып, кайталап окудуңуз десеңиз — Данте, Шекспир, Пушкин, Достоевский, Тютчев,

Толстой. Кыргыз адабиятынан: Арстанбек, Женижок, Алыкул. Композиторлор деле ошондой. Менде дүйнөлүк улуу композиторлордун көп чыгармалары бар. Мага барокко стилиндеги музыка абдан жагат. Кээде Бахты же Моцартты укkум келет, көңүлгө жараша көп учурда джаз, кээде кадимки эле Кара Молдонун «Сынган бугусун», же Коргоолдун «Ак бакайын» уккум келип калат. Ар, кандай.

— Кыргызстанда дүйнөдө сейрек кездешүүчү өнөкөт чыкты. Жер-жерлерде адамдардын аттарын ыксыз коюу модага айланды. Бул эмне, ата-бабадан калган салтпы же биздин элдин өзгочөлүгүбү?

— Бул, тескерисинче, ата-бабанын салтын сыйлабагандык, ал эле эмес келечек муундардын алдындагы жоопкерсиздик. Совет бийлигине чейинки жер-суунун аттарын эстеп көрөлү. Адамдын атына коюлганы өтө сейрек, жокко эсе. Себеби жер-сууну кыргыз баласы ыйык тутkан. Бата кылганда: «Жараткан жалгыз! Жалынмак бизден, Жалгамак жалгыз өзүндөн ... Тоо-ташындан, Жер- сууңдан...» — деп айтышчу. Баланчанын жайлоосу же түкүнчөнүн кыштоосу дегенден башка атайлап ат коюлчу эмес. Байыркы замандан келаткан жер ысмын козгошчу эмес. Ойлонуп көрөлүчү : эгер адамдын атын койгон салт болгондо ыйык бабабыз Манастын атын же катагандын хан Кошой атын коюп алат эле го. Кийинки эле чыгаандарды алалы. Алимбек датка менен Курманжан датканын мекендери Мады менен Алай ошол эле бойдон калбадыбы? Азыр эми Байтик менен Шабдандын атын койдук. Ал өлгөндө же алардын ашын бергенде, - эгер салт болсо, - кыргыздардын башына дароо келет эле да. Ормон деле ошондой. Демек, ата-бабабыз бул жагынан ото кылдат болгон.

Бул жаман өнөкөт совет доорунда башталган. Кошоматчылар жакшы көрүнөбүз деп, топонимикага тополоң салган. Жер Ленин менен Сталинге толуп кеткен. Ошол ойлонулбаган, тарых алдында күнөө боло турган нерсе бүгүн жанданып отурат. Ортосаар акын же жазуучунун атын мектепке коюу мурдараак башталды эле, эми көчөлөргө жетиппиз. Көп адам кезегин күтүп отурат имиш. Бир жылкысын союп, арагын берип койсо, ошого ыраазы болуп, жамаат да, жергиликтүү бийлик да макул болуп токтомун чыгарып бере берет экен. Эл ичинде эч кадыр-баркы болбогон, ал эмес, «ошегин ээптеп мине албаган», эсте калар иштерди жасабагандардын аттары коюлат экен. Эмне, биздин элдин тарыхы бүгүнкү күн менен бүтөбү, бизден кийинкилердин ичинен мыкты адамдар чыкпайбы? «Эй, агайын-туугандар, урпактарды сыйлайлы, алар бизден кыйын чыгышы мүмкүн, балким гениилер чыгаар, эки муун өткөн

соң, бул ким деген киши эле деп, балдарыбыз сураса уят болбойбузбу?» - деген адам жок. Эгер эл сыйлаган адам болсо, жашаган үйүнө эстелик такта орнотуп кой. Же мектепте өзүнчө бөлмө ачып «биз сыймыктанган жердештерибиз» деп сүрөтүн ил, өмүр баянын, элге кылган кызматын жазып, айттыртып тур. Бул - бир жөн, анын тарбиялык да мааниси бар. Анан айылды, кочону, мектепти обу жок «менчиктештирүүнүн» өзү, биздин бүгүнкү ан-сезимибиздин тайыздыгы, менталитетибиздин жармачтыгы, салтты да, болочок муунду да сыйлабаган түркөйлүгүбүз дегенден башка эч нерсе айта албайм. Улуу инсандарыбызды сыйлоо керек, бирок анда тартип менен өлчөм керек...

— Эл ичинде көп сөз бар, илим, билим, маданият тармагында иштегендердин айлыгы аз болуп, эптеп оокат кылып жүргөндөргө ошого байланыштуу, жаңы шартта билиминдин деле кереги анчейин жок окшойт, илгери «билими күчтүү минди жыгат, билеги күчтүү бирди жыгат» дечү эле, азыр бийлиги күчтүүлөр калганын түртүп салып эле казанда бышкан даяр ашты эзелеп алышты. Бул эмне, замандын артыкчылыгыбы дешет. А сиз болсо билимди биринчи орунга коюп жатасыз. Турмушка айкалышлаган ой эмеспи?

— Андай ойлор бар экенин билем. Билимге бир жактуу карабаш керек. Кызматкерлердин айлыгын көбөйтүш, экономиканын, бюджеттин абалына байланыштуу. Мамлекеттин кирешеси көбөйсө, айлык да жогорулайт. А билим деген адамдын өмүр бою колдоно турган куралы. Бүгүн акыбети кайтпаса эртең кайтат. Рынок жаңы башталганда жапайы капитализм жанданып, чын эле билими тайкы болсо да, шылуундар байып, соодага жок интеллигенттерибиз эптеп оокат кылып калган убакта, жаш балдар байыш үчүн билимдин кереги жок экен деп калышкан. Жапайы түрдөгү алып-сатарлык убактылуу мерсе. Жайма базар да жоголот, анын ордуна цивилизацияланган соода системасы келет. Экономиканы өргөлөтүү үчүн өндүрүш керек, өндүрүштү жандандыруу үчүн аракет керек, ал эми үзүрлүү аракетти билимдүү адис гана жасай алат. Жыйынтык - билимдин пайдасы да, кадыры да барган сайын күчөй баштайт. Билим деп, биринчи иретте адистикти түшүнөбүз. Жакшы адис болмоюнча жыпыш болбойт. Ошондуктан, дагы кайталап айтабыз: билим - биздин келечек, билимден безбегиле, өкүнүп каласынар.

— Негизинде ошондой го, ошентсе да мектепти бут- кон балдардын көбү ишсиз калды, мектепти айтпай эле коелу, жогорку окуу жайын бүткөндөр кайда бә- рып баш калкалаарын билбей жүрбөйбү?

— Андай абал — чындык. Бирок күнөө билимде эмес. Күнөө өзүбүздө. Мисалы, мектепти алалы. Конституция боюнча мамлекет өспүрүмдөргө жалпы орто билим берүүгө милдеттүү. Дурус деп коелу. Эми ошол билимди кандай кылып беришибиз керек?

Мектепти бүткөн балдардын бир бөлүгү университеттерге кетет. Калганычы? Ошол калгандары мектептен кийин өз алдынча оокат кылып кете алса жакшы, анте албасачы? Эгерде мектепти бүтүп алып, жер иштеткенди, мал бакканды жадагалса үйүндө балка кармап, отургуч жасап, кыш куюп там салганды билбесе, соода кылып, ишкерлик үчүн эмне керек экени жөнүндө кабары болбосо, кыздарыбыз жок дегенде ийне кармап топчу такканды үйрөнбөсө, анда алардын алган билими кайсы? Ошондуктан, жалпы орто мектептердин окутуу программасын жакшылап турмушка ылайыктатыш керек. Жогорку билим алам дегендерге өзүнчө, тиричилик боюнча адистик алам дегендерге башкача багыт бериш керек да. Илгери бир акылман киши: «Бир уулум эгин-тегин айдаса, бири эл ичинде сайраса» деген экен. Абдан туура сөз. Бул дүйнөдө баары бирдей жаралбайт экен да.

Экинчиден, бизде, кыргыздарда, илгеркиден калган көнүмүш бар. Мен аны мүчүлүш деп айтаар элем. Патриархалдык коомдун психологиясы бизден кете элек. Эмдигиче баарыбыз эле эмнегедир кичине болсо да портфель кармаган кызматкер болгубуз келет. Ошондон улам болсо керек - өнөр деген нерсенин баасын өтө төмөндөтүп жибергенбиз. Ушунунун кесепетинен кол өнөрчүлүк өнүкпөй калган. Турмушта эмне керектүү экенин, ошонун наркын жакшы түшүнбөй келебиз. үйүбүздө крандан суу акпай калса, слесарь чакырып, акчасын төлөп беребиз. Ага кыйынсынып жогортон карайбыз. Ошол эле слесарь бизге окшогон көп жерге барып, өзүбүздөн эки-үч эсе көп акча табат. Турган үйү, дачасы чиренген көп кыргыздыкынан жакшы. Шаарда гүлдүн куну көккө жетти, гүл саткандардын ичинен кыргызды чанда эле көрбөсөң, көзгө урунбайт. Чет өлкөлөрдө өнөрдүн сапаты жогору болсо, ошончолук кадыр-баркка ээ. Ошондуктан, алар бири-бирин толуктап, тиричиликтин тирөөчү болуп турушат. Өз ордун, өз баркын жакшы билишет. Японияда бир атактуу жыгач уста бар: даректан сүргү менен кагаздай жука барак жасайт экен. Ошол адам - улуттун сыймыгы деп эсептелинет. Кол өнөрчүлүктү, ашпозчулукту алар улуттук маданияттын айрылгыс бөлүгү деп түшүнүшөт. А биз болсо, кол өнөрчүлүк, адистик окуу жайларын кыскарткандан кыскартып баратабыз. Тиричиликти камсыз кылган адистерге тийиштүү көңүл бөлбөй туруп, коомдун

туруктуу өнүгүүсүнө жетиш кыйын.

— Япониядагыдай болуу кыйын го...

— Оңой дегеним жок. Мүмкүн эмес деп да айтпайм. Албетте, аларда миң жылдык традиция бар. Дароо алардын деңгээлине жетиш мүмкүн эмес, бирок аракет кылса жылыш болот да.

Албетте, жогорку окуу жайын бүткөн соң, адис иштеши керек. Аны камсыз кылуу эки негизги шартка байланыштуу. Биринчиси - окууга алуудан мурда, министрлик, азыр өлкөбүзгө кайсы адистер керек экенин тактап, андан кийин жогорку окуу жайларына багыт бериш керек. Азыр ар кайсы ЖОЖ кайсы адистик модада болсо, ошого конкурс жарыялайт да, бүтүрүүчүлөрдүн тагдыры кандай болот деп ойлобойт.

Экинчиси — окутуу сапаты. Жакшы даярданган адистер ишсиз калбайт. Мисалы, Кыргыз-Россия университетин бүткөндөрдүн баары ишке орношту деп уктум. Демек, кеп башкада экен да. Өткөн мезгилде эптеп диплом алсаң иш табылчу. Азыр заман башка. Билимиң болбосо, үч дипломуң болсо да баркың болбойт. Өз ишине күйгөн адам куру дипломго кызыкпайт.

— Жаңы шартта мектепте окутуу ыкмалары да өзгөрүш керек экенин айрыкча далилдеп отуруунун кажети жок. Мугалимдердин арасында пикир бар: демократия менен рынокко ылайыкталган жаңы методикалык нормалар начар. Ошондуктан, ар ким өз билгенинче окута берет. Бул жагында тартип болушу керек эле дешет.

— Адистер жакшылап ойлоно турган маселе. Менин жеке оюм: балдарды окутуу Концепциясын заманга ылайыктатыш керек. Деги, билим эмне үчүн керек? Билимсиз жашоого болобу? Болот. Ар бир адамдын табийгат берген акыл-парасаты, жөндөмү бар. Турмуштук тажрыйбасы бар. Ошолорго таянып тиричилик өткөрө берсе болот. Бирок — андай жашоо өксүк болуп калаарын ким танат? Адамдын жараткыч кудуретин арттырыш үчүн билим керек, билим — адамдын кошумча куралы, аны алдыга жылдырган чоң импульс. Кеп мына ушул жерде. Эгерде билим баланын рухий өсүшүнө түрткү бербесе, ага бери дегенде бир адистик берип, эртең өз оокатын тың жөндөп кеткенге жардам бербесе, анда билим алды деп айтуу да кыйын болуп калат.

Жаш баланын мээси, аң-сезими ак барак кагаздай, ага эмне жазсан, ошол калып калат. Ошондуктан, анын башына «ойлон!», «изден!», «айласын тап!», «адам бол!», «өмүрүндө козго көрүнүп, элиц маашыр боло турган бир нерсе жаратканга үлгүр!» деген ойлорду куюп, анын аң-сезимине, иш-аракетине таасир кылуудан билим-тарбия башталат. Баш -

коночок эмес, ага көрүнгөн информацияны максатсыз жыя бербей, ар бир берген сабак, баланын изденүү жөндөмүн тутанткан коломтодогу отун катары кызмат кылыш керек. Билимдин негизги баскычтары — окуу, окуганыңды түшүн!, түшүнгөн соң — ошол «билгениңдин кайсынысын, кайда жана кантип, өзүң үчүн, жашаган жайың, өлкөн үчүн ишке ашырса болот?» — ушуну ойлон, аракет кыл! Антпесек, билбегени жок, бирок эч нерсе жарата албаган адамдар көбөйөт.

Кыскасы, алган билимди турмуш менен айкалыштырыш, балдарга башынан маселе чечүү ыкмасын үйрөтүү өтө зарыл. Жазында мен Чолпон-Ата мектебинде окуучулар, мугалимдер менен жолугуп, сунуш кылдым. Мектепте үч тема боюнча ойжүгүртүү конкурсун өткөрөлү:

1. Бүгүнкү менин үй-бүлөм: канткенде турмушубузду оңой алабыз?
2. Бүгүнкү менин айылым: абалы жана келечеги.
3. Ысык-Көлүм: канткенде аны сактап, дүйнөлүк эс алуу жайына айлантса болот?

Ким жакшы доклад (сочинение) жазса, ошолорго үч приз берем деп убада бердим. Ойлонушсун. Эмне чыгаарын көрө жатабыз.

— Оппозиция маанайындагы басылмаларда жамандан башканы оозуна албагандар көбөйдү. Ушул эмнеге алып келет?

— Жакында мага Куланактан 80 жаштагы бир карыя келди. Аркы-беркини сүйлөшүп отурүп, адамдын ниети жөнүндө соз болгондо ал карыя мындай деп калды:

— Илгертен келаткан уламыш бар, ошону айтып берейин. Мухаммед Алейхи Салам өзүнүн сахабалары менен элди кабыл алып отурганда, келгендердин бири пайгамбарга: «Сизди Мекемединанын бардык эли бир ооздон эң жакшы адам деп урмат кылышат» деген экен. Дагы бирөө келип: «Мекемединада сизди бир да адам жактырбайт, сыйлабайт. Ошол эсицизде болсун» деген экен. Пайгамбар экөөнү тең сабырдуулук менен угуп гана тим болуптур. Сахабалар буга таң калып собол берген: «Сиз — Алланын расулу, чындык менен жалганды баарыбыздан даана айра билесиз. Азыр бири-бирине карама-каршы эки пикир айтылды. Алардын кайсынысы акыйкат, кайсынысы жалган экенин айтпастан экөөнө тең бирдей мамиле кылдыңыз. Муну кандай түшүнсө болот?»

Сахабаларга пайгамбар жооп берген экен: «Ооба, мен экөөнө бирдей мамиле кылганымдын себеби бар. Бардык эл бир адам жөнүндө жапырт же жакшы, же жаман деп айтпайт. Келген эки адам элди эмес, өздөрүн көрсөттү. Биринчисинин мага ниети ак экен, элди да өзүндөй көрүп, баары бирдей мени жакшы көрөөрүн айтты. Экинчиси болсо, мага ниети

кара экен — өз пикирин элдики дегенсиди, элдин баарын өзүндөй көрдү. Ар адам өзүнүн ниетине жараша сөз айтат. Мен ошону үчүн экөөнө тең териккен жокмун».

Бул сөздүн жөнү бар. Дүйнөдө баары эле текши болбойт. Турмушта жан кейиткен терс көрүнүш болбой койбойт. Бирок элине жакшылык каалаган адам ошол терс көрүнүштү кантип оңдоо керек экенин ойлоп, сунушун ортого салат. Эгер ага акылың жетпесе, башкалар менен кеңеш. Жөн эле жер чапчып, күл сапырып, айгай сала бергенден не пайда? Жаман деген сөздү кыргыздар абдан этияттык менен айтчу. Көз тийбесин деп; балдарын «жаманым» дешчү. Чын эле жаман болбосун деп, төшөктө кыйналып жатса да «жакшы» деген. Адамда эртеңки күнүнө ишеним болбосо, ал чыйралабы? «Жаман» деп айт деп иблис адамдын оозуна сала бергиси келип турат имиш, жаман дей берсен түбү чын эле жаман болот дешчү карыялар.

- Тагдырга качан ыраазы болууга болот?

- Ал ар адамдын өмүр наркын кандай баалаганынан, напсисине жараша болот. Кандай абалда болбосун «жараткандын ушул бергенине тобо, мындан катаал абал да болот» деген көз караш элибизде кеңири жайылган. Бул дүйнодө бардык нерсе салыштырмалуу деген сабырдуу түшүнүк. Ошол эле кезде «армансыз адам болбойт», «бири кем дүйнө» деп да коюшат эмеспи. Демек, турмушта бардыгы тегиз болбойт экен да. Бул дүйнөгө жаралып келип калган соң ар адам түркүн кыял, сан жеткис тилек менен жашайт. Арийне, анын баары эле орундала бербейт. Ага Асанкайгы болуу - бекеринен эле жан кыйноо. Тирүү жүргөндүн өзү, чоң дөөлөт. Дени- башы соо туруп, өлүмдөн коркпогон адам болбойт, бирок ошол коркунучту жеңген адам көп эле учурайт. Тагдыр деген сенин мандайыңа жазылган өмүр, өмүрүңдү кандай сүрөсүң ал өзүңдүн акыл-эсиңе, аракетиңе, абийирине байланган, бирок бардык нерсе өзүң каалагандай болбойт. Ошону тагдыр дейт.

- Көзү ачыктыкка ишенесизби? Күзгө жакын жерди суу каптайт, кыямат болушу мүмкүн дегендерге ишенүүгө болобу?

- Көзү «ачыктар» азыр көбөйдү. Турмуштун агымы чукул бурулган кезде, элдин көнгөн түшүнүгү өзгөргөндө мындай нерсе боло берет. Ал көп эле өлкөлөрдө болуп келген. Бул дүйнодө адам баласынын акыл-эси жетик түшүнө элек нерсе али көп. Ошондуктан, көп учурда, айрыкча ишеним жукарып турганда адам ырым -жырымчыл болуп, динчил болуп, өзүнүн эртеңки күнүн билгиси келип, жоопту сырттан издей баштайт. Ошондон пайдаланып көп адам оокат кылуунун оңоюраак жагын издеп,

көздөрүнүн «ачылганын» жарыя кыла баштайт. Кээ бириники психикалык жактан айныгандыктан ачылат. Кээ бири жылдыздар менен алек болот. Иши кылып, алар ар түрдүү, ошолордун ичинде кызылдай эле көз боочулар да жок эмес. Мен андайларга ишенбейм. Бирок табигаттын оошкыйыш таасири, интуиция, биоток, биоталаа дегендер - башка маселе. Быйыл жерди суу каптайт, кыямат болот дегендер жанагы эптеп нан таап жешти көздөгөн бечаралар.

— Кыргыз саясатчыларына кандай баа бересиз? Алардын өлкөнүн алга жылуусуна таасири канча?

— Бизде саясатчылар барган сайын көбөйүп баратпайбы. Алардын жеке сапаты, билими, маданияты, көздөгөн максаты, жасаган аракети, ыкмалары ар кандай болгон үчүн, оңой-олтоң эле мүнөздөмө бере коюш мүмкүн эмес. Ошондуктан, аларды топко бөлүп, ар бирине мүнөздөмө бергендин ордуна, мен кандай саясатчыны жогору баалайм дегенге токтолсом болот. Мен, мисалы, акылы жетик, билими жогору, турмушка тике карай билген, абалды таамай талдоого дарамети жетиштүү, калыс, өлкөнүн тагдырын өзүнүкүнөн жогору койгон, уруулук, жерчилдик, кландык ооруга чалдыкпаган, калп айтпаган, айткан сөзүндө турган, башканын пикирин уга билген, элдин бакубат келечеги үчүн башын сайып коюп, тайманбай иштөөгө даяр саясатчы болсо, ошону колдойм. «Туура бийде тууган жок, тууганчыл бийде ыйман жок» деген биздин ата-бабалар. Мунун түпкү мааниси, азыркы сурооо ылайыктатсак, саясатчы өзү же өзүнүн чойрөсү эмес, бүт калайыкка бирдей күйүмдүү, бирдей адилет болуу керек дегенди билдирет.

— Саясатчынын табияты жөнүндө эки ооз соз үнүүздү уксак. Алар курсактан түшкөндө эле саясат менен оозанбайт да. Алардын саясатчы катары киндигин кескен мезгил, шарт, учур бар. Биздин мезгил кандай саясатчыларды жаратты, учур өзү далилдеп таштады окшойт...

— Саясатчы өзүнүн жеке кызыкчылык чойрөсүнөн чыгып, коомдук айрым катмардын же жалпы өлкөнүн мүдөөсүн көздөп, чечим чыгаруу процессине катышууга бел байлаган учурдан баштап калыптанат. Саясатчы өз партиясын бийликке алып келем деп, же өзүм бийлик структурасына кирем деп, же болбосо оппозицияда туруп, өзүнүн сунуштары, позициясы аркылуу мамлекеттик саясатка таасир кылам деген ой менен, аракет менен шуйулданат. Адам, албетте, саясатчы болуп төрөлбөйт, ал кийинчерээк калыптанат. Сөздүн так маанисинде биздеги саясатчылар, өлкөбүз эгемендүү болгондон кийин пайда болду. Совет

доорунда биринчи жетекчилерибиз деле саясатчы эмес, аткаруучу болушкан. Саясатты Москва жүргүзгөн.

Өлкөбүздө өсүп чыккан саясатчылардын өзгөчөлүгү — мурда алар эч убакта өлкөнүн эркиндиги,өз алдынча мамлекет болушу, жалпы эле элибиздин тагдыры жөнүндө ойлонуп, ошол үчүн күрөшүп келген адамдар эмес. Социалисттик коом кулаганда жеке менчиктештирүү башталганда даяр пирог бөлүштүрүүгө катышып калгандар, бир бөлүгү ошондон куру калып, эми өз үлүшүн алсам деп аракет кылгандар саясатка кызуу аралашууда. Ошондуктан, өлкөнүн тагдыры жөнүндөгү камкордуктан да өз кызыкчылыгы басымдуу болуп кеткен учурлар көп. Арийне, чыныгы патриоттук маанайда күйүп - бышып жүргөндөр да бар, бирок, тилекке каршы, алар азыр көпчүлүктү түзө элек. Байкап атпайбызбы, ошондуктан, бизде жерчилдик, уруучулдук, кланчылдык сезим күчтүү. Улут, өлкө, ата мекен! — деген түшүнүктөр жүрөгүн өйүгөн саясатчыларды сейрек көрөбүз.

— Мөөнөтү аяктап баратқан депутаттар өз автопортретин тартып бүтө албай калышты деген пикирлер бар...

— Алар баарына эле тийиштүү эмес. Кээ бирлер ушунча жыл депутат болуп жүрүп, эмне үчүн парламентке келгенин табышмак бойдон калтырып, анда-санда суроо бергени болбосо, бир да маселе боюнча өз оюн кенен-кесир айтпай кетип аткандар да бар. Эми ушунча жыл жүрүп, демагогиядан башканы сүйлөбөгөн, деги эле баарына кайдыгер болуп, үргүлөп отуруп шымын жыртып кеткендер кайра келеби-жокпу ким билсин. Элдин көзү жеткидей эле болду, көрө жатарбыз.

— Аскар Акаевдин тунгуч Президент катары феномени эмнеде? Президент болгондон берки жылдары коз алдыңызда өтүп келатат. Курч маселелерди кеңешкен, мамлекеттин тагдырын чечээр учурларын масилеттешкен маалдар көп болгондур?

— Биринчиден, анын эгемендүү өлкөбүздүн биринчи Президенти болушунун өзү тарыхта кала турган окуя. Биринчи деген биринчи, тагдыр андай шыбаганы бир өлкөдө бир эле адамга ыйгарат. Экинчиден, эгемендүүлүк өлкөбүздөгү саясий-экономикалык системанын түп-тамырынан бери өзгөргөн учурга туш келди. Көп жагы күңүрт, баштан өтө элек жаңы тарапка бет алууга бел байлап, журт башында туруп берди. Буга көрүнгөн эле төш каккан адамдын баары жарап бербейт.

Жаңы коом куруу айтканга оңой болгону менен, чын-чынына келгенде тозок түйшүк. Анын өйдө-ылдыйы көп болот, ийгилик дароо эле келе койбойт, ошол эле учурда мурда тамыр байлаган жараттуу

проблемалар жаңы шартта ырбап, далайга чейин ириндеп келе берет. Ал жарат толугу менен катыш үчүн убакыт керек болот.

Ушундай «тар жол, тайгак кечүүдө» жетекчини мактагандар да, сындагандар да чыгат, абалга жараша кечэ-эки досуң кас болот, кечээки душман дос болот, таасир үчүн күрөш күчөйт. А.Пушкин айтмакчы мактоо менен ушакка көңүл болбой, макоолорго теңелбей, сабыр кылып, тең салмагын жоготпой жүрүү үчүн да көп сапат керек. Айрыкча демократиялык традиция мурда болуп кербеген, саясый маданият жаңы гүл ачып келаткан жерде алгачкы жетекчилик кылыш чынында кыйын.

Эл мыйзам боюнча иштегенге көнө элек, тартипти күчөтсөң, бөрк ал десе баш алган баякелер эркиндикти ооздуктайт, эркиндикти чексиз берсен тартипти унутуп коюшат, сөз эркиндигин берсең - өзүңдү сого баштайт. Демократичный биринчи этабы ушундай плюс-минуска жык толгон. Экклезиастта айтылган эмеспи: акылдуу адамдын муну арбын, билим жыйнаган кайгы жыйнаган таризде.

Демократия дегендин түбү терең. Ал адамдын зоболосун көтөрүп, эркин жүрүүгө багытталган. Кыргызда накыл сөз бар: «Кекейгенге кекейгин, башың көккө жеткиче — ал пайгамбардын уулу эмес, эңкейгенге эңкейгин, башың жерге тийгиче — ал атандан калган кул эмес». Ушундай татаал кезекте оор жүктү аркалап, көп кыйынчылыкка чыдаган адамды баалай билбесек, күчтүү сапаты менен мүчүлүшүн таразага салгандай салмактап калыстык кылбасак, тарых алдында уят болобуз. Өзүм жөнүндө ачык айтайын. Президент деген президент да, ким менен кеңешиш анын өз иши, Ал кишинин кеңешчиси көп. Мени менен кеңешкен учуру да болот. Түйшүгү көп болгондуктан, жөнү жок эле убактысын алгым келбейт. Эл үчүн деп күчүн үрөп жүргөнүн билем. Иш алга жылып турса маанайы жарык, чечилбеген маселелер болгондо башкачараак. Ал киши ачык киши да, анын кандай маанайда экенин кабак-кашынан эле эмес, кагаздагы революциясынын тамга чийгенинен деле байкаса болот.

— Областтарды бириктирүү идеясын зар какшагандар дагы эле барбы?

— Тагыраак айтканда, өлкөбүздөгү административдик-территориялык бөлүүнү өзгөртүш керек деген ойлор, сунуштар көп. Бирок, менин оюмча ал маселени карай турган убакыт келе элек. Андан маанилүү иштерди чечип алсак, аркы кылымдын башында ага да кезек келет. Андай реформаны сөзсүз жасаш керек.

— Бүгүнкү Өкмөт өлкөнү кризистен алып чыга албайт деп жер сабагандардын пикири жөндүүбү?

— Ошентип жер сабагандар, эгерде өлкөнү канткенде алга жылдырса болот деп өздөрүнүн конкреттүү программасын жарыяласа, ошондо салыштырып көрүп, анан пикирин айтса болот эле. Тилекке каршы, алар эч алгылыктуу сунуш кыла албай отурат. Кээ бир саясатчылардын ойлобой туруп эле ат үстүнөн айткан сунуштары кабыл алынса ахвал бүтүнкүдөн бетер начарлайт. Ошондуктан калайыкка айтаар элем: ошентип жер сабагандардан сурап көрсөңөр, а силер эмне кылып бересиңер деп. «Биз эртен; силерди жыргатабыз» дегендерден түңүлгүло. Көп дам оозун көптүрүп сүйлөй берет. Көрсөтсүн жок дегенде бир айылды же районду башкарып, элди жыргатса, ошондо аларга кулак салыш керек.

— Россиядагы саясый абалдын жөнгө салынышы бизде да социалдык-саясий мээлүүн климаттын жаралышын камсыздайт деп ойлойсузбу?

— Сөзсүз. Биздин эл Россияны үлгү кылып көнүп калган окшобойбу. Аякта эмне болсо ошону туураганга аракет кылабыз. Анын себебин да түшүнсө болот. Башка өлкөлөр жөнүндө маалымат жокко эсе болгондуктан, биздин караганыбыз, билгенибиз, окуганыбыз жалгыз Россия болуп жатпайбы.

— Борбордук Азиядагы мамлекеттердин өз ара жакындашуусу — бул мезгил талабы. Сиздин оюңузча бул мамлекеттердин лидерлеринин жеке ынтымак-ымаласы кандай?

— Өз ара жакындашуу — мезгил талабы. Бул чындык. Бирок региондук жакындашуу ойдогудай боло элек. Эгемендүүлүк, мустакилдик колго тийгенден кийин ар өлкө өзүнүн саясатын жүргүзө баштады. Саясий жактан алганда, арийне, мамлекеттин багымсыздыгы, коомдук өнүгүүнүн курсу өлкөнүн шартына жараша аныкталышын түшүнсө болот. Ошону менен бирге экономикалык маселелер бар. Азыр дүйнө глобализация, интеграция агымында баратат. Бардык проблемаларды өз күчүбүзгө таянып чечебиз деген түшүнүк, менимче, туура эмес. Биргелешип, макулдашып чече турган маселе көп. Экономика чөйрөсүндө бүтүн бир да өлкө толугу менен өз күчүнө таянып өсө албайт. Биз эле эмес, Америка да, Кытай да ошондой. Биз өз ара бири-бирибизге көз карандыбыз. Ошону баарыбыз түшүнсөк, андан ары тыгыз байланыш түзүш жеңилдейт.

— Аялзатына кандай белек бергенди каалайсыз?

— Колдо болсо көп эле нерсе бергим келет, бирок гүлдөн башкага күчүм жетпейт.

— Мээрам эжеме 8-мартты кандай тартуу менен өткөрүп бересиз?

— Андан эртерээк туруп кофе даярдап бергенге аракет кылам.

— Майрам Ажибекованы коомдогу демилгечил жактарын колдоого аласызбы?

— Колдоо деген эмне? Моралдык жагынан сөзсүз. Менин оюмча ар бир адам мүмкүнчүлүгү болушунча коомдук ишке катышыш керек. Граждандык коом деген ошондой чакан булактар кошулуп келип, дарыядай агып, толук кандуу организм болот! Мамлекет аткарыш келген көп түйшүктү аркалайт. Коомдук ишти ар тараптан колдоо керек.

— Жеке бизнесмендердин иштерин да колдоого алаар белеңиз?

— Ошолор өсүп-өнүгүп кетсе экен дегенде эки көзүм төрт. Алар канчалык тез аягына турса, өлкөбүзгө ошончолук пайдалуу. Келечекте коомубуздун омурткасын ошолор түзүш керек. Алардын саны көп болсо товар да көбөйөт, сервис оңолуп, салыктын көлөмү көбөйүп, бюджетибиз оңолот. Азыр ошолордун өсүп кетишине жолтоо болгондордун баардыгын жок кылып, жашыл светофор ачып берсек, сонун эле болоор эле. Бул жөнүндө Президентибиз кан-какшап айтып эле атат, бирок жанагы «майда желмогуздар» эле аларды дем алдырбай, бут тосуп жүргөн учурлар көп. Менин оюмча ишкер адамдарга жөнү жок жерден бөгөт койгондорду аёосуз жазалап турбаса болбойт.

— Моралдык байлык баалуубу, же материалдык байлык баалуубу?

— Ар адамда кор болбогондой материалдык база болуш керек. үстүндө үйүң, астында казаның болуп, кийген кийимиң бүтүн, ичкен тамагың жетиштүү болсо болду да. Калган байлык рухий тарапта. Адам баласы нан менен эле жашабайт. Аны көкөлөткөн нерсе кайсы жагынан болбосун элге керектүү бир иш жасап кетүүдө.

— Кечиресиз, Ишенбай Абдуразакович, сиз өзүңүздүн байлыгыңыз деп эмнени биринчи айта аласыз?

— Ушунча жылдан бери мени багып келаткан нерсе өзүмдүн аракетим. Байлыгым деп үй-бүлөмдү, балдарымды, мага коңулу түз, кандай абалда болсом да менин жанымда боло турган жакындарым.

Өмүр бою өзүмдү өзүм «такалап» келем. Анча-мынча жыйнаган билимим мага жөлөк болду, ошол мага күч- кубат, ишеним берди. Узак убакыт четте, Москвада, 16 жылга жакын Японияда болдум. Жетекчилерим да көп болду, бирок мен бирине да кошоматчылык кылганым жок, жагыш үчүн жалган сүйлөп, жанымды жегеним жок. Ушакчылар, бузукулар адамдын оюна келбеген сөз таратып, чагымчылык кылышты. Бирок, мен эч убакта ал андай эмес мындай деп актанып эч жерге барганым жок. Өз убагында баары ордуна келип турду. Бул

жагынан менин тагдырга таарына турган жөнүм жок. Баш аман болсо, ак жүрүп, абийиринди жоготпосон болду. Калганы табылат, табылбаса мейли, ага да шүгүрчүлүк. Мен байлык деп ошону эсептейм.

— Сиз ырлардан жатка айтканыңызга Караганда, ыр жазып жүрбөнүз?

— Жок, атайлап ыр жазган деле эмесмин. Өзүм үчүн деп илгери жазып койгон бир аз арзыбаган нерсе бар. Жаш кезектен бери Салижан Жигитов менен жакындык жагым бар. Ыр боюнча андай устатты табыш кыйын. Анын ырларынан кийин жөн эле жамактатып бир нерсе жазып кыйын.

Бирок поэзияга жат эмесмин. Анда сөз менен ыргактын гармониясы өзүнө тартып турат. Жаш кезде көп ырлар өзүнөн өзү эле эсте кала берчү. Пушкин, Тютчев, Блок, Гёте, Гейне өтө кызыктырчу. Азыр эми ошол кезде жат билгендин алтымыштан бири жок.

— Акыркы окуган китептериңиз кайсылар болду экен?

— Акыркы кезде Бабурга, Улуу могол династиясына байланыштуу англис тилинде үч-төрт китеп окуп чыктым. Ага Шах Жахан менен Мумтаздын сүйүүсү, көз жашындай ажайып Таж-Махал түрткү берди.

— Кино өнөрүнө кызыгасызбы?

— Көрүүчү катары, албетте, кызыгам. Бала кезде «Леди Гамильтон» деген фильмди он чакты жолу көргөмүн. Куросаванын «Расёмон» деген фильми мага абдан чоң таасир калтырган. Азыркы фильмдерге кайдыгер карайм. Бири-бирине окшош, адамды кызыктырган ой жок, көрүп бүткөндөн кийин, кап, бекер убакыт кетирген экемин деп калам.

— Борбор шаарыбыздагы көрнөктөр, кулактандыруулар, ж. б. жарыя болуучу нерселердин кыргызча жазылбаганына кандай ой айтаар элеңиз?

— Көрнөктөр кыргызча жазылышы үчүн ишкерлер кыргыз болуш керек. Дүкөндөр, ресторандар жеке менчик болсо, анын ээлери кандай ат коём десе өз эркин да. Өз каражатына курган ресторанды, мисалы, «Катрин» деп коюп алса, жок аны «Канышай» кой деп ким айта алат? Ошентсе да, мамлекеттик менчиктегилерге сөзсүз кыргызча жазылган аттар биринчи орунда туруш керек. Ошого байланыштуу сунуштар азыр даярдалып жатат.

— Эгемендүү өлкөбүздөгү көпчүлүк жыйындардын кыргыздын эне тилинде өтпөгөнүн кандай деп түшүнөсүз?

— Кыргыз аудиториясында кыргызча эле өтүп жатат. Бирок кыргызча билбеген эл басымдуу болгон жерде орусча болгону чындык. Биз бул маселеге бир жактуу карабашыбыз керек. Жыйын элге бир нерсени түшүндүрүш үчүн уюштурулат да. Биз кыргызча сүйлөп туруп алсак,

чогулган эл аны түшүнбөсө, андай жыйын кимге керек? Эгер техникалык база болсо, так синхрон котормону камсыз кылып бере алсак, кеп башка эле. Орустар эмес кыргыздар эне тилин жакшы билбей турганда шартка жараша болуш керек. Өтө эле шашпаш керек. «Шашкан шайтандын иши». Тил маселесинде өтө кылдаттык керек.

«Тарых күбө, азыркы цивилизация соодадан башталган»

— Эне тилди, же улуттук тилди баалаганыбыз эмнеден көрүнөт деп ойлойсуз?

— Эне тилинде оюңду жеткире түшүндүрө билсең, чачыратып сүйлөй алсаң, колдонгон сөздөрүң так болсо, жаза билсең, сөз байлыгың жетиштүү болсо, ойду-тоону айтып онтобой, пикириңди жеткиликтүү туюндура алсаң, сүйлөгөн сөзүң жалган эмес, адабий маданияттуу деңгээлде болсо эне тилинди билгениң көрүнөт, ошол аркылуу аны баалаганың билинет.

— Азыркы радикал саясатчылардын Президентке, өкмөткө койгон бир дооматына токтолсок, алар барган жеринде, баскан макалаларында Кыргызстан чет өлкөлөрдөн алган кредиттер жөнүндө сөз кылат да, элди көкүтүш үчүн, ошол карызды өкмөт алат, бирок аны биздин балдар төлөйт дешет. Буга эмне дейсиз?

— Өткөндө айтпадым беле: кеп кредит алганда эмес, аны сарамжалдуу пайдалануууда деп. Аны биз кандай пайдаланып жатабыз, туурабы же туура эмеспи, балким, башка максатка жумшасак дурус болот беле ушул маселе талкууланып, акыпа сыяр сунуш айтылса, ага кулак төшөп угуп да ойлонсо болот. Бирок жалпы эле кредитке каршы болуш — бул же түркөйлүк, же бери дегенде аңкоолук.

Кредитти кандай пайдаланып жатабыз? Бул жагдайда мүчүлүштөр көп. Менин оюмча алынган кредиттерди пайдалануу боюнча көзөмөл кылуу топту кеңейтип, элибиздин алдында айнектей тунук маалымат берилип турса, ушак-айың деле азыраак болмок. Ошол көзөмөл начар болуп жатат. Эгерде көпчүлүктүн насибине кол салып, өзүнүн чөнтөгүнө салгандар болсо, алардын колун кесип ташташ керек. Андайларга убал жок. Кредит керекпи? Мисалы, «Манас.» аэропортун жана Бишкек-Ош жолун алалы. Азыркы заман, барыңарга белгилүү болгондой, эл-аралык карым-катнаш күчөп турган заман. Өз аэропортубузду оңдоп, учурдагы стандартка жеткире албасак бизге ким, кайсы турист келет? Экинчиден, Бишкек аэропорту Европа менен Алыскы Чыгышты байланыштырган транзит жайы болуп калса, ал өзүн-өзү актаган киреше бере турган ишкана болот. Аэропортту ошондой абалга жеткирүү үчүн каражат керек,

андай каражат өзүбүздө жок, ошону үчүн карыз алсак да, аэропортту иштетип, акырындап киреше кирип турганы жакшыбы, «же алма быш, оозума түш» деп жамбаштап жата бергенибиз жакшыбы? Элибиздин жарымы түштүктө, жарымы түндүктө. Участкалардын наркы кымбаттап баратат. Элдин баары аны менен учушу кыйын. Андан башка - Түндүк-түштүктүн ортосунда жүк ташуу проблемасы турат. Темир жол менен ташуу татаалдашты. Автомобиль көп убакта ыңгайлуу да, арзан да. Ошондуктан, Бишкек-Ош жолун ондоп, жайда да, кышта да эл каттай турган магистралга айландыруу керекпи, жокпу?

— Ошол эле жол буюрса, биздин урпактар пайдаланчу жол болот да?

— Туптуура. Аларга карыздын бир бөлүгү калса калаар, бирок эң негизгиси мелтиреген, коопсуз, заманга ылайыктуу жолду энчисине алып отурбайбы. Мунун эмнеси жаман? Эгер биз, мисалы, анча-мынча карыз алып, үй курдук дейли. Валким, көзүбүз тирүү кезинде аны төлөй албай калаарбыз. Кандай болсо да, ал үй балдарга калат да. Балдарыбыз даяр үйдө калып, калган карызды төлөп бергени жакшыбы, же ата-энесинен мурас калбаса, өзү карыз алып башынан баштап үй курганы жакшыбы?

Карыздын көлөмү жөнүндө. Тышкы карызыбыз бир жарым миллиард доллардан ашып кетти деп, айрым саясатчылар чачтарын жулумуш болушат. Бул азбы, көппү? Салыштыруу үчүн Россиянын тышкы карызын эстейли. Бул маселе боюнча чоң адис Задорнов жакында айтпадыбы, бүгүнкү күндө тышкы карызы 150 миллиард долларга жетиптир. Россиянын калкы биздикинен отуз эсе көп, а тышкы карызы жүз эсе көп экен. Россияга теңелгиле дебейм, бирок салыштырып көргүлө. Өзбекстанда аз дешет. Бирок, ал өлкөдө илгери Советтер Союзу куруп өздөштүрүп кеткен зор байлыктардын баары калбадыбы? Алтын, уран, газ, пахта ж. б. Экинчиден, ошол эле Советтер Союзунун убагында бүткүл өлкөнү, биринчи иретте Борбордук Азияны камсыз кылуу үчүн курулган граждандык ири ишканаларга алар ээ болуп калышты.

Биздеги ишкананын көбү аскерий өнөр жай комплексинин муктаждыгын толуктоо үчүн курулган. Россиядан заказ келбей калды эле, азыр алар токтоп турат. Буга ким күнөөлүү? Эгер бизде Өзбекстандын байлыгынын ондон бири болгондо башкалардан карыз сурап башыбызды оорутат белек?

Ал эми, кайсы өлкөдө ким кандай жашаганын билиш үчүн ошолорго барып, карапайым элдин турмушун көрүп келгиле. Ошондо түшүнөсүнөр: бизде кыйын, бирок бизден да начарлар бар экен дейсинер.

— Кошуна өлкөлөрдө бизден айлык жогору экен дегендер да көп. Бул чындыкпы?

— Номиналдык жагын алсак, мисалы, Казакстанда, Россияда чын эле жогору. Бирок, элдин турмуш дэнгээли айлык менен эле өлчөнбөйт. Биринчиден, товарлардын баасын караш керек. Казакстанда баа биздикинен көп жогору. Экинчиден, элдин айлыктан тышкары кошумча киреше алууга шарты, мисалы жери, барбы-жокпу, аны караш керек. Бул маселе сыртынан көрүнгөндөй эле жөнөкөй эмес, ага ар тараптан караш керек.

— Айрым челнокчуларыбыз Казакстандан Россияга чейин, көбү океандын ары жагына дейре барып соода жүргүзүп келүүгө дилгирленишүүдө. Муну деле куураган турмуштун айынан дей бергенге болбойт го. Көбү байып, сооданын кыныгына тартылып тыцып кетип жатышат.

— Бул суроого жооп берердин алдында бир кыстырма айтайын. Биз, кыргыздар, көчмөн элдин тукумубуз. Суусар телпек кийип, чирене жорго минип, айыл кыдырып аш-тойдо жүргөндү жакшы көргөн ак сөөктөр соодага жогортон карап келген. Ошол көз караш жалпы элибизге мүнөздүү. Эгер тарыхка назар салсак, азыркы цивилизация соодадан башталган. Соода болбосо чарба өнүкпөйт. Бул — аксиома.

Эми ошол соода кылганды намыс көргөн эл азыркы рынок шартында соодага кирип жатканы алга жылышпы, же артка жылышпы? Соода маданияты төмөн, одо- но, ошондой болсо да, менимче, кыргыздар соодагер болуп кетти деп кайгырбаш керек. Тескерисинче, кубаныш керек, акырындап азыркы жапайы соодагерлер кагылат, согулат, маданияттуу боло баштайт. Сооданын ыкмасын жакшы өздөштүрсө, жайма базардагылар ларек алат, ларектогулар дүкөнгө, дүкөндөгүлөр супермар- кетке өтүшү мүмкүн. Баары эле дароо болбойт да.

Эми башка өлкөлөрдө соода кылып жүргөндөр жөнүндө. Алардын баарын бир жактуу карабаш керек. Банкрот болуп кеткендер бар, ооруга дуушар болгондор бар. Ар адамдын өзүнүн жөндөмүнө, тыкандыгына жараша. Бирок соода кылып, дурус эле киреше алып келгендер да толуп жүрөт. Жакында Кара-Кулжа районуна барып, айылдык карыя менен сүйлөшүп калдым. Көп балалуу адам экен. Аялы бир-эки уулун ээрчитип алып Красноярскиде соода кылат экен. Жыл сайын тапкан акчасына уулдарын үйлөнтүп, үй сатып берет экен. Ыраазы болуп отурат. Андайлар аз эмес. Турмушта ар кандай болот да.

— Ачгеменин башында ашыра берилген аш-тойлор жөнүндө уч-кай соз болду эле. Бул маселенин каражаттан башка да мааниси барбы?

— Бул суроого жооп берердин алдында кээ бир аалымдардын арасында таралган кызык пикир жөнүндө айтып берейин. Алар мындай дейт: Мурдагы тарыхы кандай гана даназалуу болбосун, өткөндү өзгөчө эңсеген элде жаңы турмушту жаратуу энергиясы жанбайт, ошондуктан алардын келечеги шектүү. Келечек — алдыга умтулган, жаңы асыл нарк жаратууга дилгир элдерге тиешелүү.

Ойлонуп отурсан бул да бекер айтылган эместей көрүнөт. Ата-эне баланы эмне үчүн тилейт? Он ай көтөрүп, омурткасын сыздаткан асыл эне, аны менен ысык-суугуп бөлүшкөн камкор ата оболу баланын дем соолугун тилешет, баланын тирүү болушу, бакубат келечеги ата-эне үчүн айрыкча дөөлөт. Экинчиден, ата-бабанын атын өчүрбөй, жолун уланткан мураскор болсо экен деп көксөйт, үчүнчүдөн, ата-эне баласын эл ичинде таанымал абройлуу адам болушун каалайт. Бул болсо намыстык сезим. Калган тилек ушулардын тегерегинде. Мында кызык нерсе бул: ушул негизги үч тилектин бардыгы баланын келечегине багытталган. Себеби да бекеринен эмес. Энесинин көөнү балада, а баланын көөнү талаада, бирок өзү балалуу болгуча талаада, балалуу болгондон кийин анын да көөнү балага бурулат. Бул өмүрдүн диалектикасы. Ошондуктан, балдардын парзы ошол үч чоң тилекти аткарууда.

— Кечиресиз, анда кандай, ата-бабанын арбагын, ата-энесинин өзүн сыйлоо деген кайда кетет?

— Ошонун экөө тең жогорку үч парздын ичинде. Ата- бабанын арбагын сыйлоо деген өткөн тарыхты эсинден чыгарба, ата-бабанын башынан өткөн тажрыйбадан сабак ал, жакшы жагын улантып, жаңылыш жагын кайталаба, ушуларды унутпаш үчүн аларды дайыма эстеп, дуба кылып жүр, арбагына сыйын деген маани.

Ата-энесинин тирүүсүндө кадырына жет, көңүлүн калтырба, энесинин ак сүтүн, атанын ак эмгегин акта. Аларды тирүүсүндө кубандырып, ыраазы кыла албасаң, мойнундагы милдетинди аткарбаганың. Алардын көзү өтүп кеткенден кийинки урматың, салдырган эстелигиң, берген ашың — алар тирүү кезинде сенин ишиңе, урматыңа, мамилене ыраазы болуп, терисине батпай көлкүлдөп толгон кубанычынын бир мыскалына татыбайт. Экинчиден, эгерде биз балдарыбызды аман-эсен өстүрүп, жакшы тарбия, билим берип адам кыла албасак, анда ата-энебиздин, бабаларыбыздын учубуз узарсын, тукумубуз өркүндөсүн деген батасын, тилегин аткарбаган болобуз. Арбактар да ыраазы болбойт. Ошондуктан, биринчи иретте алдыга карашыбыз керек, келечектин камылгасы өткөндөрдүн осуятын аткаруу деген сөз.

— Биздин элге атуул катары кааларыңыз эмне?

— Эми чынын айтканда, элге сөз менен каалоо айтып кыйын. Мен үчүн эл деген ыйык нерсе. Эл деген менин өзүм, үй-бүлөм, жакшы санаалаштарым, кыргыздар, өлкөбүздө жашаган жалпы калк. Чет өлкөдө көп жүрүп калган адам өз элине көбүрөөк күйүп-бышып калабы, же башка себеп барбы, айтор, элим бакубат болсо экен, башкалардан калышпай тезирээк билимин, маданиятын жогорулатып, алдынкы элдердин катарына кирсе экен деген тилек ар дайым жүрөгүмдүн толтосунда турат. Кыргыздар алигиче улут катары калыптана элек экен, уруу-уруу болуп, өрөөн-өрөөн болуп, түндүк, түштүк болуп бөлүнөт экен, баягы эле феодалдык деңгээлде экен, ыкшоо экен, болбосо ушундай кудай берген жакшынакай жерде туруп, турмушубуз начар деп даттанат беле, андан көрө белин бекем бууп иштебейби деген чет олкөлүктөрдүн пикирин угуп калганда, күйбөгөн жерим күл болуп, айтса айтпаса төгүнбү деп ыза болгон учурлар көп. Кыскасын айтканда, элиме Кудай кубат берсин, акыл-эстен ажыратпасын, ар кимдин тилегени жакшылык, ошол тилегибиз кабыл болсун.

АКАЕВДИК жана БАКИЕВДИК ҮЙ-БҮЛӨЛҮК КЛАНДЫК РЕЖИМ ЖӨНҮНДӨ

Дооронбек Садырбаев: "Уртокмок" диктатура келатабы?

"Алас" гезити,
7 декабрь, 2006-жыл.

...Менин экинчи арызым басма беттеринде жарык көргөндөн кийин Ф.Ш.Куловдун жакшы көргөн адвокаты, маалында менин дагы Куловдон кем эмес сыйлап ардактаган адвокатым Л.А.Иванова Ф.Ш.Куловго болушуп, мага «арамзаланып атат» (лукавит) деген айып тагыптыр.

Мен буга таарынган жокмун. Заман ушундай болуп атса анын эмнесине таарынмак элем. Ф.Ш.Куловдун кыпмыш ишинде жабыр тарткан адам катары мен аны камактан сактап калуу үчүн «арамзалансам арамзаланып» койгондурмун, бирок, акыры мен кыргыз журтчулугуна таанымал ырчы-обончу иним Бек Борбиев сыяктанып, былтыр Жогорку Кеңештин алдында ыраматылык Рыспек Акматбаевдин командасы уюштурган митингге кошулуп, эл алдына чыгып «Кулов! Эркек болсоң чык бери! Мурдунду эзип туруп коё берейин. Сенин Батукаев менен

коюн-колтук альшкан дос экенинди билебиз! Сага өлүм! Куловго өлүм!»- деп кыйкырып, арадан бир жыл өтүп-өтпөй ноябрь айында ошол эле Бек Борбиев, ошол эле Жогорку Кеңештин алдындагы аянттагы антимитингге чогулган элдин арасынан суурулуп чыгып: «реформа кыймылындагыларга өлүм! Куловдон колуңарды тарткыла! Кулов узун өмүр сүрсүн!» - деген сыяктуу ураандарды чакырып жаткан жерим жок го, акыры мен өйдө-ылдый кыйшаңдатпастан көзүңөргө тике карап туруп ачыктан-ачык: ардактуу Любовь Александровна соңку мезгилдерде мартабалуу клиентиңиз менен бирдикте "ыймаңыңарды жеп, кызылдай калп айтып, мамлекет башчысын, коомчулукту, Жогорку Кеңешти дезинформация сазына малынтып жатасыңар деп айтып жатпаймынбы! Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинде мындай иш аракетке «салына тур ган» укуруктун бар экендигин башкалар билбесе да урматтуу Любовь Александровна, сиз эң жакшы билишиңиз керек эле.

Сөздү көп узартпай сиздердин «Вербальная нота, вербальная нота» деп Республиканын баш прокурорунун милдетин аткаруучунун үрөйүн учуруп мыйзамсыз документке кол койдуруп алган, Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун кылмыш ишин жана административдик укук бузууларды карай турган коллегиясы бул катты БУУнун баш катчысы К. Аннандын буйрук кагазындай көрүп шашылыш талкуу жүргүзүп, бүтүн Кыргызстанга чуу салган сыйкырдуу катты сөзмө-сөз кыргызчага көторуп берейин (орус тилиндеги көчүрмөсү сизде да, менде да бар, урматтуу Камбараалы Ташполотович)

2005-жылдын 23-февралы

«Урматтуу Иванова!

Сиздин 2004 жылдын 11- ноябрында Эл аралык Конвенант (Convenant) факультативдик протоколунун негизинде жүргүзө турган адам укугу боюнча Комитетинде Ф. Ш. Куловдун граждандык, саясий укуктары каралып чыксын деп суранган катыңыз 1369-2005 номери менен ондүрүшкө кабыл алынды. Сиздин өтүнүчүңүз боюнча келечекте кат алышып туруу үчүн биринчи каттын датасы менен регистрациялык номерин жиберип жатамын.

Комитеттин 97- эрежесине жараша ушул эле каттын көчүрмосу, жана бул маселеге тиешелүү информацияларды алууга болорун же болбосун түшүндүргөн кабарды бизге 6 айдын аралыгында билгизип коюусун өтүнүп сиздердин мамлекет тарапка кат жөнөттүк.

Сиздердин мамлекет тараптан кандай жооп болсо, колдон келишинче комментарийлеп мүмкүн болушунча сизге жөнөтүп турабыз. Мындан ары

иштешибизге ыңгайлуу болуш үчүн өз алдыңызча 97-эрежеңин приложениесиндеги биздин Комитеттин процедураларынын тартибин таап алганыңыз оң. Сизди урматтап, Комиссиянын байланыштар бөлүмүнүн башчысы Мария Франциска Изе-Чарри.

О, эзели жамандык көрбөгүр Кыргызстандын тергөөчү, прокурор, сотунун кызматын аткарып жүргөн тажрыйбалуу-тажрыйбасыз юристтери! Ушул каттан чет элдик бир адамдын (аныңар алкаш болсо деле мейли) Ф.Ш.Кулов деген бир бечараның тагдырына жан кейитип, ага каршы мурда чыгарган соттордун өкүмүнүн баарын өчүрүп таштап башына боштондук берип, бир боорукерлик кылып койгулачы» - деген эки ооз сөз таап берген юристке мен өз чөнтөгүмөн 25 миң сом сыйлык берип, мойнума бото салып чөгөлөп барып Куловдон да, Ивановадан да жазган арызым, сүйлөгөн сөзүм үчүн кечирим суроого даярмын.

Урматтуу кесиптешим, иним, жердешим Азимбек Анаркулович!

Ушул катты «жаңы ачылган жагдай» деп сага таанытуу үчүн сага каршы кандайдыр бир өзгөчө айла-амал же кара күч колдонгонбу деп шектенип турам. Болбосо айтылуу аксылыктын ар-намысы сага мындай арамза, мындай копол документке кол койдурбайт эле.

Жумурайжурт! Өзүң күбө болчу.

Минткеним, мисалы мен Улуттук банктын төрагасына барып: «Мен Курманбек Салиевичтен акча сурадым эле. Мына, бул кагазда Президенттин каттар бөлүмүнүн катардагы кызматкеринин: арызыңыз баланчанчы числодо, түкүнчөнчү номер менен каттоого алынды, эми мамлекет башчысына жөнөтөбүз, ал киши кандай жыйынтык чыгарганын 6 айдын аралыгында сизге кошумча кабарлайбыз» деген катты көргөзүп туруп эле, Улуттук банктан 5 миллион сом акча көтөрүп кеткендей иш болуп жатпайбы?

Ушундай кантип болсун?

А балким республикадагы кырдаал башка иштерде да дал ушундайлыгынан карапайым калк да: «эң жогоркусунан, эң ылдыйкысына чейинки соттордун баардыгы соодагер, милиция, прокурорлор паракор, депутаттар жеп-ичкичтер» деген пикир таратылып жүргөндүр. Ушундан кийин «Шамал болбосо, чөптүн башы кыймылдабайт» деген накыл сөз такыр оодарылбай-чайпалбай турган чындык экенинен күмөн санабай калдым.

Эгерде Ф.Куловдун өзүнө тагылган айыптан актальш жараянына көз чаптырсак, кешиксиз журттун чындыгы алиге дейре суу майга сызгырылып чыркырап жаткандай болуп көрүнөт экен. Булардын

бардыгы аздык кылса, ошол эле Республиканын баш прокурорунун милдетин аткаруучу «жаңы ачылган жагдай» деп таануага жол ачкан окуяга шилтеме берген КРЖЖКнын 384-статьясынын экинчи бөлүгүнүн 4-пунктун карап көрөлү. Анда мындай деп жазылып турат.

«Сот өкүм чыгарып жаткан маалда ага белгисиз болгону менен соттолгон адамдын күнөөсүз экендиги мурдарак аныкталып, же аның өкүм чыгарылып соттолгон ишинен да оорурак кылмыш иш жасалгандыгы тууралуу жагдайы табылып, же болбосо бул ишке тиешеси бар, бирок, акталган адамдын күнөөсү кийинчерээк далилденип калса ... «жаңыдан ачылган жагдай» делинип, кылмыш ишин кайрадан карап чыгууга болот»,..

Кана, кадырлуу Камбараалы Ташполтович, өзүңүз эле айтыңызчы, мен тилимди тишиме катып кете берейин, жогоруда толук бойдон басылган БУУнун адам укугу боюнча комиссиясынын байланыштар боюнча бөлүм башчысы Мария Франциска Изе-Чарринин адвокат Л.Ивановага жазган катынын кайсы сабы КРЖЖКнын 384- статьясынын экинчи бөлүгүнүн 4-пунктунун каерине жарашып, каерине бап келип турганын көрүп жатасыз?

Талкууланып жаткан катта дегеле «жаңы ачылмак» тургай, тамтыгы чыгып жамачыланган эски жагдай көрүнөбү? Дегеле Изе- Чарринин катында жаман болобу, жакшы болобу кандайдыр-бир жагдай барбы? Жок. Мен көргөнүм жок. Эгерде мен өзүмдү арнамысы устараның мизиндей курч, аттуу-баштуулардын катарындагы адаммын деп эсептеп, «эл башкарсам» деп үмүттөнүп жүргөн пенде болсом, жумурай-журтка ушунчалык калп айтып, кемсинүүгө чейин жетип улуктун көзүн карап, коргөзгөн жерин жалап, санаалаш шакирттеримди өз колум менен ажыдаардын оозуна салып берип, керт башыма боштондук, бир кулак сууну болсо да башкара турган кызмат сурап алгандан көрө, ажалдын көзүнө тик карап, башымды ийбей эркек бойдон же жаза мөөнөтүмдүн аягына чыгып, же эч кимге багынбаган бойдон о дүйно сапарына аттанганды артыкча көрмөкмүн. Кантели, антүү ар кимдин эле колунан келе бербей турган иш экен. Аты Арстанбек болгону менен сапалак иттен коркондор деле жүрбөйбү арабызда. «Арнамыс» партиясын негиздегендердин арасында тап-такыр эле көрнамыстар дагы табылып калышы мүмкүн.

«Кыңыр иш кырк жылдан кийин деле билинет» деп коёт кыргызда. Сиз кырк жылга жеткизбей эле өзүңүздөн мурунку Баш прокурордун милдетин аткаруучунун Жогорку Сотко жазган мыйзамсыз чечимин кайра

чакыртып алып, кылмыш ишин кайра карап чыга турган тергөөчүгө тапшырсаңыз эле, бардыгы 40 күнгө жетпей өз-өз ордуна келип калат. Анте турган негиздер сизде бар эле эмес, толуп жатат.

Биринчиси: КРКЖКнин 386- статьясынын 4-пунктуна жараша, ...КРКЖКнын 384-статьясынын экинчи бөлүгүнүн 4 пункту милдеттендирип жаткандай «жаңы ачылган жагдайга жараша кылмыш ишин кайра карап чыгууну сотко сунуштап чыгарган чечимине прокурор кол койгон күн, жаңы жагдайдын ачылган күнү деп эсептелинет».

Андай күн жаратылышта жок. Баш прокурордун милдетин аткаруучунун колу коюлуп Жогорку Сотко сунуштаган чечими бар, бирок ал документтин: кайсыл жылы, кайсыл айда, каерде жазылып, канчанчы номер менен катталып, Жогорку Сотко качан жиберилгени белгисиз, ал дүйнөнүн бир дагы башка мамлекетинен табылбай турган архианонимный арамза чечим.

Мындай чечимди бир эмес, төрт бөлүм башчысынын жолдомо каты жөлөп-таяп барган күндө да эгемендүү мамлекеттин Жогорку Соту тургай Тягусогальпа шаарынын 13-микрорайонундагы бангилердин жильконторасынын секретарь-машинисткасы дагы кабыл алмак эмес.

Биздин Жогорку Соттогулар кабыл алмак тургай жанын төшөп Ф.Ш. Куловду күнөөдөн арылтып актап ийгенге ашыгышкан.

Мындан нары карапайым калк «көшөкөрлүк же паракорлук Баш прокуратура менен Жогорку Соттон башталат экен» десе мен дагы эчтеке деген каршы пикир айта албаймын.

Экинчиси - Жогорку Соттун заседаниесинде мурдагы Ф. Ш. Куловко тагылган айыптардын бардыгынан баш тарткан мамлекеттик айыптоочу, «тергөө, сот процесстери КРКЖКнын нормаларын одоно бузуу менен жүргүзгөн» - дегени менен мурда соттолуп жатканда Ф.Куловдун инсандык укугун бузган бир дагы фактыны келтирип, бир дагы соттун же тергөөчүнүн жана прокурордун фамилиясын айта алган эмес. Бул туура эмес. Жогорку сот генерал Куловко тагылган айыптардын бардыгын алып таштагандан кийин, Баш прокурор эгемендүү Кыргыз Республикасынын, бир бейкүнөө жаранын, болгондо да генералын «ак жеринен күйгүзүп», беш жыл бою камакта отургузуп, үй-бүлөсүнүн биримдигине бүлүк салып, өмүрүнүн ысырапталышына жанын үрөп, айыптоо жагына ыктап кызмат кылган тергөөчү, прокурор, соттордун бардыгына дал ушул сөз болуп жаткан «жаңы ачылган жагдайга» такап туруп кылмыш ишин козгоого милдеттүү болчусуз. Сиз анткен жоксуз, урматтуу Камбараалы

Ташполотович. Мен сизге «ошентиңиз» деп кеч болсо да массалык маалымат каражаттары аркылуу кеңеш берип жатамын.

Үчүнчүсү - Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун кылмыш иши жана административдик Укук бузууларды карай турган соттордун коллегиясынын 2005-жылдын 6-апрелинде, «тергөө Эл аралык пактылар менен КРКЖКнин нормалары одоно бузуу менен жүргүзүлгөн» деген бүтүм чыгарганы менен КРКЖКнин кайсыл статьялары жана 1994-жылдын 12-январында ратификацияланган «адамдардын жарандык жана саясий укуктары» деген пактынын кайсыл нормалары качан, ким тарабынан бузулгандыгы, конкреттүү мекемелердин, конкреттүү укук коргоо жана сот органдарынын кызматкерлеринин фамилияларын атоо менен аларга административдик чара көрүү тууралу тырнактай дагы бүтүм чыгарган эмес.

Эгерде Жогорку Соттун 6-апрелиндеги чечиминин ушул бөлүкчөсүн жетекчиликке алсак, Эл аралык пактылардын, КРКЖКнин нормаларын бузганга барган укук коргоо органдарындагы кызматкерлердин бардыгына каршы кылмыш ишин козгоо керектиги тууралу атайын аныктама чыгарылышы керек элс. Жогорку Сот аны да чыгарган эмес. Азыр чыгарса деле кеч эмес. Чыгарбаса сот системасынын тамырына балта чаба турган укуктук ноокастыктын илдети ырбап отуруп, акыр аягында системаны апат күндөргө дуушар кылаарынан күмөн санабаймын.

Төртүнчүсү - КРКЖКнин 28- статьясынын 2-бөлүк, 14-пунктунда: «Прокурор менен жабыр тарткан адам айыптоодон ачыктан-ачык баш тартса, мурда козголгон кылмыш иши токтотулууга тийиш» деп жазылып турат. Бирок КРКЖКнын 27-статьясынын 2-бөлүгүндө: «Прокурордун айыптоодон баш тартышы, жабыр тарткан адамды айыптоону колдошуна жана кылмыш ишинин иликтене беришине жолтоо боло албайт» деп жазылып турат.

Мен чын дилим менен ушул нормага таянып, мурда Ф.Ш Куловдун пайдасына жалган коргөзмө бергенимди чоң кейиш менен мойнума алып, аны үчүн мыйзам чегиндеги жазага тартылууга дагы даяр экендигимди билгизип, мендеги «жаңы ачылган жагдай» боюнча мурдагы Баш прокурордун милдетин аткаруучу бузуп кеткен КРКЖКнин 387-статьясынын 4-пунктуна жараша кылмыш ишин кайрадан карап чыгууну тажрыйбалуу тергоочүгө тапшырышыңызды суранамын. Ошондо гана бир жылдан бери бели мертинип сыркоолоп келаткан мыйзам кайрадан «сакайып кетиши» мүмкүн.

Бешинчиси - Кыргыз Республикасынын Баш прокурорунун милдетин аткаруучунун, Жогорку Соттун кылмыш иши жана административдик тартип бузууларды карай турган коллегиясынын мүчөлөрүнүн жана мурдагы соттун өкүмүн өтөп түрмөдө отура турган Ф.Ш.Кулов жана анын онөктөштөрүнүн Бишкек шаарынын Биринчи май райондук сотунун 2002-жылдын 8-майындагы «эркинен ажыратылсын!» - деген өкүмүн жокко чыгаруу үчүн, оюна келгенди жасап, иштеп жаткан мыйзамдарды кантип буйлалаган төө катары каалаган жагына жетелеп, же кырчаңгы болгон эшектей хы-хылап өөдө-төмөн минип же «жаңыдан жаралган жагдайды» аягы сулок аялды бригадалык подряд менен пайдалангандай пайдаланып жатышканын эмки жолку кошумча арызымда токпой-чачпай айтып беремин.

Мени туура түшүнүңүз, урматтуу Камбараалы Ташполотович! Жеке өзүмдүн не сизде, не Куловдо же анын кожоюнунда сокур тыйынчалык аласа-бересем жок. Теңирден тетири иш кылып жатсаңар дагы «башың-баш, багалчагың - кара таш» деп көңүл бурбай койсом деле болмок. Бирок, миллиарддаган жылдарды карытып келаткан касиеттүү Күн баарыга бирдей жарык чачып анын шарапаты менен ондогон, жүздөгөн жандуу менен жансыз планеталар аалам мейкиндигине жетип кетпей бирине-бири эриш аркак тирүү келатканындай, биздеги иштеп жаткан мыйзамдардын карангылыгы да, жарыгы да жакшыга да жаманга да бирдей тийсе, жергебизде калыстык болор бекен деген илгери үмүтүмдү билгизейин дедим эле. Түшүнгүңөр келбесе-эрк өзүңөрдө.

Азырынча Исхак Разаков атабыздын сөзүнө азыноолак окшоштуруп айтарым:

Урматтуу Камбараалы Ташполотович!
Жаманбы-жакшыбы улуу менен кичүүнүн, алдуу менен алсыздын, пулдуу менен пулсуздун карымкатнашын жеңге салып, бизди бир коомдо жакалаштырбай жашатып жаткан, кыргыз пешенебизге бүткөн «тирүү» мыйзамдарды прокурор сиз сыйлабасаныз, Жогорку Соттогулар сыйлабаса, депутат мен сыйлабасам анда азаптуу кыргыздын уулдарына, «билегине гана ишенгин, өзөктөшүм» деген акыл айтып, колуна улуттук коопсуздук министри М. Суталиновдун жумурай- журтка көргөзгөн «ур токмогу! соройтуп карматып коюп, «каалаган диктатураңды тургузуп ал!» - деп башы ооган жакты көздөй «агытып» ийгенден башка арга «кавай калат» бизде, жан ука!

"Алас" гезити,
13-июль 2006-жыл, 2-бет.

Эсиңизде, Курманбек Бакиев президенттик шайлоого куркол келген. Не жаңы экономикалык программа, не уңгулуу улуттук идея көтөргөн эмес. Биз, кыргыз баласы, улуттук идея десе эле уңулдап «Манас» айтып киребиз. Эсеби маселен, Украинанын «саргыч революция» лидерлери андай идеяны «Батышка багыт алабыз, батыштагыдай жашоого жетишебиз» маанисиндеги экоoз сөз менен эле айтып койду. Ошону менен элди ээрчитип кетти. Бери калганда, басымдуу көпчүлүгүн.

Бакиев батальону ага баш ооруткан жок. Кайсы коомду курабыз? Демократияны өркүндөтөбүзбү? Либерализмге толук өтөбүзбү? Же кайрадан коммунисттик коомго, тоталитардык түзүлүшкө кайтабызбы? Бул суроолор жоопсуз калды. Алиге белгисиз. Биз эмес, өздөрүнө да. «Жол ача болсо, иттин башы мың болот» дейт. Ити курусун, элдин башы мың болгон жаман. Беталган багыт белгисиз болгондуктан биримдик жок. Беталган багыттын белгисиздигинен мамлекеттин баш идеологу Адахан Мадумаров «Кыргыздарга демократиянын кереги жок» деп кыйкырык коштогон сөөмөй кезеди. Бизге окшогон кулпенделерге эмес, өлкөнүн мен-менсинген окумуштууларына. Багыттын белгисиздигинен Бакыт Бешимовдон башкалары оозуна талкан куюп алгансып, култуюп кутулду.

Дагы мисалбы? Толтура. Патриархалдык-феодалдык негизден башы чыкпай, коомчулук «аллергенине» айланган кадимки Үсөн Сыдыков кечээ жакында «Общественный рейтинг» гезитине (6-июль) интервью берип, эмне үчүн Конституцияда каралбаган кызматка, б.а., бир эле учурда мамлекеттик кеңешчи жана региондор боюнча Президент өкүлү болуп дайындалганын ал мамлекет башынын өз иши, Конституцияда ошондой деп түшүндүрдү.

Сабыр кылыңыз, Конституция менен биз дагы тааныш сыяктандык эле. Биз билген Констатуцияда парламент, өкмөт сыяктуу эле президенттин полномочиеси ачык, так берилген. Бирок президент региондор боюнча өкүлүн дайындайт деген сөздү учураткан эмеспиз. А региондор боюнча өкүл деген жалпак түшүнүккө салганда республиканын жарым ханы дегенге тете. Жарым хан болсо анын конституциялык статусу кандай? Полномочиеси эмне? Мамлекеттин эмнелерине жооп берет? – өндүү суроолорго Конституция «скелет» түрүндө болсо да жооп берүүгө тийиш эле. Андай жок.

Үсөн Сыдыкович да жок экендигин жакшы билет. Ошондуктан «В.Путин Конституциясыз эле полпреддерди *(полномочиелүү өкүлдөр - А.Т.)* беш жыл кармады. Россияда жылыш болдубу? Болгондо да аябагандай чоң жылыш болду» деп өзүн өзү жооткотот.

Биринчиден, Россия ошол полпреддердин аркасы менен эле аркырап өсүп кеткени күмөн. Экинчиден, учу-кыйрына көз жетпеген Россия менен кымындай Кыргызстанды салыштырууга болобу? Калкынын санын эсепке албаганда да ээлеген аянтынын Кыргызстандан 85-90 эсе чоңдугу полпреддерди өзүнөн өзү суранып турат. Географиялык, геосаясый түзүлүшүнүн татаалдыгын айтпай-ак коелу.

Ооба, Россияда да, Казакстанда да авторитардык бийлик орноду. Бирок ага өз элинен кылапат айткандар аз. Парламентте андай саясатка каршы бакылдак угулбайт, угулса да сейрек. Эмне үчүн? Анткени экөөндө тең экономика дүркүрөп өнүгүп атыр, калктын көпчүлүк катмарынын социалдык маселелерин чечип берди, дагы чечет деген ишеним да бекем.

Үсөн Сыдыков биздин президентти В.Путин менен атаандаштыргысы келсе, Россияда кайсы муктаждыктан улам Конституция бузулганын айтууга тийиш эле. Айталбайт. Анткени биздеги муктаждык бештен белгилүү. Эсеби маселен, Адахан Кимсанбаевичтин муктаждыгы демократия нарк-назили менен шайлоо өткөртпөй, ректорлукка өз кишисин дайындоо. Курманбек Салиевичтин муктаждыгы революцияны каржылап ажыт ачкан, ушул даражага жетишине даркан эмгек эткен Үсөн Сыдыковдун парызынан кутулуп, ошол эле учурда өз кызыкчылыгына кызмат кылдыруу. Болбосо коомчулук Ү.Сыдыков администрация башчылыгына татыксыз деп кызматтан алдырып атса, мына, сага маанисинде Кыргызстандын бүт региондорунун тагдырын тапшырабы? Ү.Сыдыковдун Бакиев бийлигинде кандай «кардинал» экендигин коомдук пикир буга чейин да, азыр да көзгө сайгандай айтып келет.

Күткөндөй чыкты. Президенттин региондор боюнча өкүлү түштүктү түрө кыдырып: түндүктүктөр Бакиевди түштүктүк болгонуна байланыштуу иштетпей жатат деп зомбировать этүүгө аракет жасап келгенин айтып да, жазып да жатышат.

Дегинкиси, түндүк-түштүк азыркы учурдагыдай мынчалык ачык кайраштырылган эмес. Андай «өнөктүү» мамлекеттик мааниге көтөрүлдү. Ага жаңы бийлик кылычын онду-солду чапкан «МСН» гезити өзгөчө эмгек өтөп атыр. Эсеби маселен, «МСН» журналисти З.Өсөров Бакиев түндүктүк болбой калганга шүгүрчүлүк. Антпесе түндүк кланы автори-

тардык бийлик орнотууга ага да аябагандай ынгайлуу шарт түзмөк маанисинде «марш бросок» жасаса, анын шеф-редактору В.Тимирбаев азыркы реалдуу шартта түндүктөн чыгып мамлекет башкаргандар авторитаризм аңына батсле түшүп кетери шексиз таризинде «таржыма» берди. Экөө тең анын айкын мисалы катары Акаев бийлигин бетке тартты.

Талаштын күүсүнө алдыргым келбейт. Арийне улут, элге байланыштуу материя жонүндө кеп салганда өтө сак, кылдат болушубуз абзел. Антпесе арты эмнеге апарары белгилүү. З.Өсөров ою орто эсеп менен түндуктүктөр түштүктүн түндүгүн түшүрүп келди маанисиндеги макалаларды көп жазды. Анын эмоциясына кененчилик кылганда деле түндүккө каршы мындай «жортуулду» акылдуулук, алысты көрөбилгендик деп айтууга болбойт.

Жөнөкөй логика. Усубалиевди З.Өсөров жазгандай жалаң түндүктүктөр диктатор кылды десе, акылы ордунда адам жерге түкүрөт. Масалиевди жалаң түндүктүктөр алып түштү десе, Т.Тургуналиев сыяктуу ашынган демократтар таарынат. Акаев деле ошондой. Аны жалаң түштүктүктөр алып түштү деген түшүнүк таануулоо саясый сокурлук, Акаевди сүттөн ак актоо. Анда 24-марттагы революцияны революция эмес, сарай көңтөрүлүшү катары баалап, жоопко тартууга туура келет. Акаев режимин кулатууда түштүк лидерлеринин катарында Р.Отунбаева, А.Атамбаев, Ж.Назаралиев, Б.Шерниязов ж.б. өңдүү түндүк лидерлери турганын жана алар тагдыр чечер роль ойногонун унутууга болбойт.

Бул - бир. Авторитаризмди бир клан же жалаң түндүктүктөр орното албайт. Тарыхый процесс орнотот. Болбосо, Акаев деле ар шайлоодо Бакиев сыяктуу 80-90% добуш алып келди. Ага түндүктүктөр да, түштүктүктөр да, ар улуттун диаспоралары, анын ичинен татар диаспорасы дүпүрөтүп салым кошконун элестетсе болот, урматтуу Тимирбаев мырза.

Баса, Акаевди түбөлүк кан кылуу идеясы Кыргызстан калктар ассамблеясынан чыккан. Ал коомдук уюмду азыр президент Бакиев башкарып кирди. Адаттагыдай эле мамлекеттин эсебинен көптөгөн сыйургал тартуулап. Акаев тактан жылмышар алдында Акаевди референдум жолу менен дагы бир мөөнөткө калтыруу демилгесин түндүктүктөр эмес, Акин Токталиев баш болгон түштүктүн кулундары көтөрүп чыккан. Түштүктөн жүз миңдеген кишилер кол коюп берген. Тарыхый процесс дегеним ошол.

Курманбек Салиевичтин бийликке программа, идеясыз келишинин себеби да ошол. Бийлик жерде тебеленип жатат, ага эңкейип коюу эле

жетиштүү болучу. Кийин үзөңгүлөш революционерлери эле Акуй астында тополоң башталганда Курманбек Салиевичтин качып кеткенин, бийлик бөлүштүрүүгө келгенде «ит» менен издетип атып араң тапканын айтып чыкты.

Эгер эпсиз «менсиреп» кетсем кечирим сурайм. Президенттик шайлоо бүгүн-эртең деп турганда мен жазгам. Созмо-соз келтирейин: «Кыкендер К.Бакиевди шайлабай койбойт. К.Бакиев «бир добуштан» шайланганы үчүн өзүнүн мыктылыгына эмес, Аскар Акаевге милдеткер. Анткени эл К.Бакиев үчүн эмес, Акаевден тажаганы үчүн добуш беринга ыктымал. Бирок эртең эле өкүнүп чыгарына, башкаларды билбейм, мен бөркумдей ишенем. Анткени менин байкашымча, ээрге отурганда түз отурган жок. К.Бакиевдин азырынча бир эле көзүрү бар: коррупция менен, Акаев кландары менен күрөш. Аны А.Бекназаров менен Д.Усонов абийирдүү аткарып атыр. Бирок алар эртең-бүгүн баягы Россия Генпрокурору Ю.Скуратовдун таз кейпин кийет. Анткени К.Бакиевдин айланасына А.Акаевдин «баягылары» толду. Өзү да таза эместиги күн өткөн сайын дааналанып барат» (Революциячыл сифилитиктер?.. «Агым», 8.07.05).

Оозго сала бергендей болду. Азимбек Бекназаров, Юрий Скуратовдун «изин» жаспай басты. Көчүгү генпрокурор орунун жылытып-жылыталекте кызматтан айдалды. Эсиңиздеби, 1999-жылы Россияда ошондой болгон. Президент Ельциндин үйбүлөсү менен алардын чачпагын көтөргөндөрдүн милиарддап ичип-жегенин Россия генпрокурору Ю.Скуратов Швейцария прокурору Карло де Потенин жардамы аркасында казып чыккан. Арийне Россия бийлиги аркандай жалааларды жаап, кызматтан кетүүгө аргасыз кылган.

Бир момент. Канткен менен ошол кезде Рсоссияда бийлик теңсалмагы аздыр-көптүр сакталыптыр. Ю.Скуратовдун отставкасын башкы бийлик Мамдумага өлдүм-талдым дегенде араң кабыл алдырса, Федерация кеңеши бекитпей койгон. Акыры өз арызы менен кетүүгө мажбур кылышкан.

Курманбек Салиевич бийликке келгени ЖК кандай полномочие алды, министрлер, Генпрокурор жалаң парламент макулдугу менен дайындалып жатат маанисиндеги аргументти демократиянын изинен тайбастыгы катары бетке кармайт. А кызматтан бошоткондочу? Эчкимден сурабайт, өзү гана айдайт. Анан канткенде министрлер ж.б. бир кишинин көзүп карабайт деп айталасың.

Ошондой болду. Анарбек Азимкулович! Кызматтан алынганын

Акаев учурундагыдай эле «аэропорттон» укту. Угуп чуркап келсе, күзөтчүлөр парламенттин каалгасын да кактырышкан жок. Эмне үчүн? А.Бекназаров Ю.Скуратовдой эле жылаан эмес, ажыдаардын куйругун басарын алдын ала айтканбыз. Акаевден калган мүлктү кайра бөлүштүрүү башталганда ошондой болду. Курманбек Салиевичке куйрук кымбатпы, Бекназар кымбатпы? Кыскасы, муктаждык.

Курманбек Салиевич электоратын азгырып-жазгырган коррупция ошол бойдон «орулбай» турат. Коррупционерлердин бир тал чачы түшкөн жок. Бери калганда азырынча түшөлек. Башкача болушу мүмкүн эмес. Коррупцияны жок кылуу үчүн аны жараткан системаны өзгөртүү керек. Система өзгөргөн жок, кайра цементтелүүдө.

Ага жаны күйгөн А.Бекназаров парламентте айтып чыкты эле, артынан айгайлаган аңуулоо башталды. Ырас, андан мурда Аксы окуясына байланыштуу азыркы бийликтин жүзүн биртоп олдоксон ачкан. Анын ордун ээлеген К.Конгантиев Аксы окуясын териштирүүнү Бекназаровдун өзүнөн баштайбыз, мындан 10 жылдай мурда Жалалабадта тергөөчү кезинде киши өлтүргөн кылмышкердин ишин эмне үчүн жаап койгонун аныктайбыз деп чыкты. Кыскасы, Аксы окуясынын чыгышына омок болгон Акаевдин «бешатары» менен Бекназаровду кайрадан белден ылдый мээлей баштайт экен.

Ушу тапта А.Бекназаровду «уулоо» сезону аныкучүнө кирип турган учур. Бийликчил ММК А.Бекназаров баш болгон комиссия Конституциянын үч вариантын тең кыргызча жазып, жалгыз кыргыз тили мамлекеттик тил болсун деген жобону киргизгени үчүн катуу саясый айып тагууда. Жалпы калктын 9%ин түзгөн орус диаспорасын, короокаттын айынан Россияда башкалкалап жүргөн кыргыздарды Бекназаровго кайроо кадимкидей күчүнө кирди.

Кыскасы, А.Бекназаровду сактап калалабызбы, калалбайбызбы - ал коомчулукка байланыштуу. Ал эми мамлекеттик тил маселесин кенен кеп кылуу келечектин иши. А.Бекназаров баштаган топ аны айыксыз кабыл алгыла деген жок, галкуулагыла деп атат. Балким улут тагдырына тиешелүү андай маселени референдум жолу менен чечүү зарылдыр. Элдин тили, эл өзү билсин!

Ал эми лениндик-сталиндик улут саясат желегин Кыргызстанга дагыле желбиретип көтөрүп жүргөн жердештерге азырынча айтарыбыз «Один из высших факторов образования - говорить на своем языке. Народ принадлежит само себе» (Гегель. Работы разных лет, т. 2. ст. 547).

“Алас” гезити,
26-октябрь 2006-жыл, 2-бет.

А ведь все показываете каждое воскресенье обнаженное место.
Ф.Достоевский. Записная тетрадь

Бакиев батальону ошентип атыр. Ар жекшемби тургай, ар күн сайын жылаңач жерин көрсөтүүдө. «Королуң көрсө жылаңач турбайбы!» деп алаканды шак коер эле мезгил калды. Шак коюп да атышат. Бүт Кыргызстан коомчулугу десек, калыстык болбос. Басымдуу көпчүлүк. Менин сокур эсебимде, Кыргызстан элинин 65-75%и. Колдогондор жердештери - түштүктүктөр дешет. Арийне, түштүк эли деле бир түркүн эмес. Түндүктүктөр сыяктуу эле. Аякта да, быякта да колдогондор, колдобогондор жетиштүү. Эсеби маселең, депутаттар Өмүрбек Текебаев менен Дооронбек Садырбаевдин электораты Бакиев бийлигин 100% колдойт дегенге ишенүү кыйын. Баса, парламенттин бул шайлоссунда К.Бакиев өз айылынан өтпөй калганы эсиңизде болсо керек. Андан башка калдайып өзбек диаспорасы турат. Бул бийлик саясаты аларга бир топ ыдык көрсөтүп жиберди: жерин, ишкана, курулуштарын тартып алды. Албетте алатополоңдун колу менен. Аларга сот, милийсасы болушуп турду. Кыязы, ыдык жеп, ыза көргөн миңдеген өзбек окүлдерү «Реформа үчүн!» кыймылын колдошот сыяктуу. Бери калганда, бир гезит 5000-6000 өзбек 2-ноябрда митингге атайын барып катышабыз деп билдирди маанисинде жазып жиберди.

Дегинкиси эгемендик шартында улуттар ортосундагы, региондор, кландар арасындагы мамиле мынчалык курчуп, трайбализм мынчалык ачыкка чыккан эмес. Анткени Бакиев батальону да, андан бийлик талашкандар да карапайым калкты тундук- түштүк кылып катуу кайтарып атыр. Маселен, Бакиевчил басмасөз «тундук бизди 40-50 жыл эзди, эми уулубузду түштүктүк деп иштетпей баштайт, булар кайра бийликке келсе, диктатура орнойт, демократия деген булардын канында жок» маанисинде небак какшап чыккан. Ал гезит менде али сакталуу. Баса айтам, Курманбек Салиевичти түштүктүктөр сыяктуу эле түндүктүктөр 80-90% колдогону менен эсептешкен эмес. Ал кишинин анда мындай олуттуу оппозициясы да жок болчу. Оппозиция минтип коомдук пикирди козгоп, ойготуп, президенттин өзүн да, өкмөтүнүн

отставкасын да тамапа эмес талап кыла баштаганда түндүк-түштүк маселеси түтүндү катуу булатты.

Бул Бакиев батальону идеологдорунун ишмердиги дегенде, албетте, акыйкат үлүшү арбын. Анткени отставканы укканда шымын булгап алды. Таңкалганым, «отставкага» деп койсо эле эмне үчүн бийликтин оозунан келмеси түшүп, ок-дарысын камдап, аскерин ойготуп, милийсаларын тизип, калган калктын үрөйүн учуруп, үшүн алууга камданат. Телевизор көрүп, жазуу окуган карапайым адамга деле беш колдой дайын: дүйнөдө митинг өткөрүп, демонстрация жасабаган калк сейрек. Бери калганда, демократияга бет бурган калктарга бул көнүмүш. «Же отставкага!» алардын төл сөзү. Ал аткарылабы, аткарылбайбы 5-6-маселе.

Тек "отставкага" деген сез кыжырдын, протесттин күчүн эмоционалдуу элестетүүгө өбөлгө түзөт.

Бакиев батальону эмне учун анчалык аландаганын боолголосо болот. Алар өзү Кыргызстан бийлигине ушундай алатополондун аркасы менен жеткен. Ошол алатополондун классикалык салты боюнча бийликке буту илинип-илинбей бирин-бири жешкен. Өздөрүн жеп бүтүп эми элди түндүк-түштүккө болуп, образдуу айтканда, улуттун өпкө, жүрөк, мээсин жегенге аракет жасап киришти. Анча-мынча аңкоо болушу ыктымал, бирок назили акылман элибиз ага жол бербес.

Гете жазган, «Бул турмушта бир дагы кыймыл жазасыз калбайт» деп жазган. Эмне үчүн Бакиевди кош колдоп шайлаган ошол эле коомчулук, Бакиевди ой-боюна койбой ушул бийликке отургузган азыркы оппозиция: «Президент - саясый өлүк, өкмөт - алсыз, экономикалык курс -жаңылыш» маанисинде бүтүмгө келип, калкты дүрбөтүп атыр? Анткени аламандын күчү менен Акүй алынып, президент шайлоосу, инаугурациясы аябагандай шаң-салтанаттуу өткөнү менен эч нерсе өзгөргөн жок. Эки жылга аяк басты деп алакан жаят андагы позиция, азыркы оппозиция: «бийлик саясатында бир дагы радикалдуу өзгөрүш болгон жок. Атүгүл кадрларына, коррупция масштабына караганда өлкөнү Бакиев эмес эле, Акаев башкарып аткандай».

Албетте Бакиев азыркы бийлигин сактоо үчүн оппозиция менен компромисс соодасына барышы, анын ичинен азыр колтугунда жүргөн Акаевдин бирин-экин кадрларынын же конгантиевдердин «башын» садага чабышы ыктымал. Арийне, курсту өзгөртпөгөн кадр компромисси саясый оюнчулардын кычуусун мүмкүн кандыраар, бирок өлкө кызыкчылыгына өлсө жооп бербейт. Баягыле тунгуюкта тура беребиз.

Тунгуюк демекчи. Экономиканы алалы. Эмне өзгөрүш бар? Ооба,

убада берип атат. Эмнеге таянып? Баягыдай эле грантка, сыртқы инвестиция, кредитке таянып. Тигил грант келсе таза суу чыгарабыз, трактору Кытай берет, электростанцияларды Россия курат, алтынды Б. Березовский же казактар казат, реформаны ОБСЕ жүргүзөт, бюджетти МВФ түзөт ж.б. Кыскасы, мамлекетибиздин башын итий болгон баладай денеси көтөралбай, көрүнгөндөн кайыр сурап, жол тосуп отурат.

Эми экономиканын өзүбүздөгу жалгыз кыроркочу - электр тармагын эптеп банкрот кылып, сатуу аракетин ачык баштадык. Өгүнү Курманбек Салиевич элге кайрылуусунда ойлонбой да, тайманбай да айтты: электр тармагын эртерек ээсине берели деп. Ээси ким? Оффшор зонасынан катталган белгисиз бир ишкана болушу ыктымал. Атургай айрым эзнооздор атактуу олигарх Борис Березовский менен анын латвиялык өнөктөшү Валерий Белоконь Максим Бакиевди ортого салып, көз артып атыптыр деп атышат. Андай болсо ээси кимдиги эзели билинбейт.

Кеп анда эмес. Электр тармагы сатылса, азыркы бийликтин убактылуу жашоосуна жакшы шарт түзүлгөнү менен мамлекет эгемендигинин акыркы эш тутарынан айрылат. Анткени биздин көзгөбасар ресурс ошол. Ал кимдин колуна өтсө, регионду ошол башкарат. Анча-мынча өндүрүш, айыл чарбасы, инфраструктуралар өлөт.

Ошентип экономикалык саясаттын эч бир таянычы жоктугу, мамлекет тагдырын чечер маселелер бир адамдын эркинде калышы, — эсеби маселен, президент электр тармагын таламандын так түшүндө соодалап, премьер-министри ХИПКке кирем деп МВФ колтугунда жүрсө, — ар кандай саясый, социалдык, этникалык нааразылыктарды жаратып, кагылышууларга алып келгени келген. Көрдүңүзбү оппозиция Конституцияны ылдам реформалайлы деп атат? Диктатордук бийликтен кутулуп, мамлекеттин калган-каткан байлыгын бир үй-бүлө же ака-укаларга талатып жиберүүдөн сактайлы деп атыр. Бакиев бийликке ошентип келген. Арийне Акаевдин бийлик «символу» ага да аябай жагып калды сыяктанат. Мамлекетти төрдө жамбаштап жатып башкарып, кызарган майлуу жерлерин ака-ука, уул-кыздарына майкандаткандан ким качсын. Бирок качанга чейин?..

Жаңы бийлик экономикабыз өнүгүп атат деп Алатоону жаңыртып айкырып атыр. Кайсы бийлик болбосун ушинтет - аны түшүнсө болот. Бирок факт деген балээ, эртең эле башка чабат. Мына, КМШ статмаалыматы: КМШ өлкөлөрүнүн ичинен Кыргызстан ВВП өсүшү жагынан быйылкы январь-август айында эң артта - 3,5%. Граждандык согуштан башы кечээ бошогон Тажикстан бизден алдаканча алдыда -

7,5%. Ал эми өнөр жай өндүрүшүндө бүт өлкөлөрдө өсүш, Кыргызстан гана 9,6% артка кеткен.

Бакиев агитпробу калктын башына кантип чай кайнатып атыр? Мисалы, качан өз учурунда пенсия алчу элеңер? Акаев тактан качып түшөрдөн бери калганда жарым жыл мурда пенсия берүү графиги такталып бүткөн. Пенсия, мугалим, врач, маданият кызматкерлеринин айлыгын көбөйттүк. Дагы көбөйтөбүз. А баа канчага өстү? Инфляциячы? Тамак-ашчы? Жөнөкөй мисал. 2005- жылдын башында канттын килосу 25 сом болучу. 2006-жылдын башында 35 сомго жетти. Эмне үчүн? Өз продукциябызды коргой албай, кант интервенциясына жол ачканыбыз үчүн. Ошону менен кызылча чарбасы менен шугулданган дыйкандарыбызды да талаадан айдап чыктык. Баса, 2007-жыл бюджет долбоору 4 млрд. 96,2 млн. сом тартыштыгы менен түзүлүп атыр. Эгемендик тарыхында экономика мынчалык өпкөгө коюлган эмес. «Шок терапиясы». Антейин десең, эл толкуну алдында (2.11.06) Курманбек Салиевич убаданы кудайды карабай берип атат. Бюджет кызматкерлеринин айлыгын келерки жылы 30%, анан 50% көтөрөм дейт: Андан 300 миң адам айлыкка тунат имиш. Каражат кайдан алынат? Дефицит тиги болсо. Бюджет долбоору менен таанышсак, социалдык чыгымдардан, асыресе агартуу тармагына бөлүнгөн каражаттардан өөнөйт экен. Анын ичинен мугалимдин реалдуу айлыгынан.

Үстүртөн айтканда акыбал ушундай. Жаңы бийлик буга окшогон элементардуу жагдайларды байкабамыш этип, кудум советтик Кыргызстандагыдай примитивдүү чакырыктарды камчыланып, эң пас саясый маданиятты эксплуатациялап атат. Бирок жыланач жери күндөн күнгө адырайып көрүнүүдө! Элита алмашмайынча, элитага жаңы кан жүгүрмөйүнчө түңгүюктан чыгуу кыйын сыяктанат.

Түшүнөм, бираз чочулап турасыз: анын ордуна ким келет? Айлананы карайлы...

КОРРУПЦИЯ ЖӨНҮНДӨ

Алым Токтомушев: Микробдор акыркы кездерде көп күч жумшалып,канча бир тонна микроб кырылыптыр. Бирок да андан калган азырагы миң эсе коркунучтуу болуп калды.

Пабло Неруда

Шүгүрчүлүк, өткөн жылдын жайы өтө "жалын" бүркөгөн жок, күзү анчалык "аптаптуу" өткөн жок. Саясый турмушта кан чакырган кагылыш чыккан жок, бийлик оодарылып, система чайпалган жок дегеним. Болбосо

оппозиция терисин жамынгандар жылды жаңыртып-жаңыртпай жаман катуу чамынган: бийлик айтканыбызды аткарып, дегенибизге көнбөсө, ушул жаз менен жайда айранын чыгарабыз, ага каршы элдин күчүн күздө күргүштөтө көтөрөбүз маанисинде. Багыбызгабы, шорубузгабы, андай болгон жок. Жазда да, жайда да, күздө да. Кышты оозанбайлы. Кыргыз оппозиция кыш чилдеде сыртка чыкпайт, казы-картаны кыя кесип жеп, күн жылуусун күтүп көнген. Кечээ жакында республикадагы оппозициялык күчтөр бирикти делген жыйын ошол сапты улады: "жазда жарышып, күздө күрөшмөй" болуп тарады. Ага чейин, эсеби маселең, "Кумтөр" алтын кени сыяктуу күн тартибинде кайнап аткан мамлекеттин тагдыр чечер маселелери улут кызыкчылыгына каршы чечилип калса кантмек маанисинде эч ким ой чайкап, чакырык таштаган жок. Айткандай эле парламент "Кумтөрдү" ойноп отко салды. Бул эмнени каңкуулайт? Оппозицияда улуттун орток мүдөөсүн ташыган адамдар аздыгын. Дегинкиси оппозициянын олуттуусунган опузалары бийлик табына алыстан тап берип, куру айбатка арсайтып азуу көрсөткөндөн ашпай калды. Жоктон көрө азуу көрсөтүп турганы деле туура деңизчи, бирок алардын айлада жок кызыл ээк экендигин бийлик табы илгиртпей илип кетти: арсылдап балтырдан алганы кытыгылап жаткандай сезилди шекил, кытыгысы канып, кыжыры кайнай баштаганда "каңк!" этпире башка тээп басып кетүүгө өттү. Бул аллегория сымак эмнеден улам эске түшүүдө? Өткөн жылы өтө көп кайнап, эч майнап чыгаралбаган демонстрация, митингдерден улам. Асыресе, парламенттеги, "Ата журт" партия фракциясынын алдуу-күчтүү депутаттары К.Ташиев, С.Жапаров, Т.Мамытов, Н.Түлеев, А.Келдибековдун камакка алынганына каршы чыгып, алардын укугун коргоп, ураанын колдогон карааны калың митинг козголоңдордон улам. Эч кимге жаңылык эмес, өлкө баштан кечирген эки төңкөрүш коомубузга өтө коптуу өнөкөт таштады: элдин зээлигип алган болүгүн көчөгө зэрчитип чыгып соттордун, шайлоо комиссиясынын чечимин буздуруу күч алды, ушундай жол менен жергиликтүү түгүл, борбордук бийликти коркутса, басып алса болот турбайбы сыягындагы түшүнүк түптөлдү. Акылман айткан: дени сактык жукпайт, оору жугат. Азыркы бийликке кайыр айтып каршылык көрсөткөн кыймылдардан ал дартка чалдыкпагандар жокко эсе. Ошондуктан бир кыйла олуттуу маселе көтөргөнсүгөн каршылыкчыл кыймылдар деле бийлик алмаштыруунун кыргызча жолу менен коркутуп, жапайы бүит жагдайын эске салып атыр. Эмне десе, "силер ошентип бийлик алгансынар, биз да ошентебиз" омогу менен омуроолойт. Өткөн жылы камактагы Камчыбек Ташиевди Жалал-

Абаддан жактап чыккан миндеген дебесек да, жүздөгөн митингчилерге бийлик мыйзам жолун көрсөтсө, алар ошентип мыш кылды: облустун мамлекеттик администрациясын басып алып, "элдик губернатор" шайлап жиберди, Ош-Бишкек кан жолун кайра-кайра бууп, соода-экономикалык ж.б. карым-катнашка бир кыйла кысым жасашты. Албетте ар кандай төңкөрүш ушуга окшоп бийликке, мыйзамга баш ийбөөдөн, башкача айтканда анархиядан башталары айгине. Арийне анархия калган калкты артынан ээрчитер идеясы же шек санатпас негиз-жүйөсү болгон күндө гана арылап, максатына жетет. Козголоңго козуткандар да, расмий оппозиция каргысын тагынып, парламентте отурган К.Ташиевдин жан-жөкөрлөрү да аның бирин-таап бералбады, андыктан алардын чакырыгына түндүк түгүл, түштүк эли түгөл ынанып жарытпады. Анустүнө бийликтин саясый ашпоздору коога Жалал-Абаддан чыгып, мурдагы качкын президент жалал-абаддык болгондуктан, элди бакиевдердин акчасы менен азгырып атышат, кара түнөк күчтөр кан төгүү менен болсо да Бакиевди кайрадан бийликке алып келүү аракетинде маанисинде "аш" басып, бекер таратып жиберди. Аны ким эле кааласын. Ушуга окшогон бир кыйла уруттуу жагдайлардан улам жээликкендердин жели жеңил чыгып, демиккендердин деми оңой басылды сыяктуу. Азыркы бийлик андан кийин гана козголоңго активдүү катышкандардын сабай турганын сабады, камай турганын камады. Оппозиция жалал-абаддыктарга мүмкүн акчалай жардам бергендир, анысын билбейм, арийне аларды баштан аяк кайран, бүлөп турганы карандай чындык, бирок ага активдүү катышкандардын башына кыйынчылык түшкөндө карабай кетти. Менин баамымда андан кийин камалган парламенттеги "Ата журт" фракциясынын дагы бир лидери Акматбек Келдибековду коргоо митингдери андан анчалык айырмаланган жок. Акматбек мырзанын айылдаштары Алайдап ат ойнотуп түшүп, Оштун чок борборуна боз үйлөрдү тигип, жол тосуп, ачкачылык жарыялап, бийлик дарегине ачуу-ачуу сөздөрдү айтып, тажаганда тарады сыяктуу. Албетте ынануу, ишенүү жолу менен эмес, жетекчилеринин буйругу менен. Бул узун сабак сөз менен эмнени айткым келет? Оппозицияга да профессионалдуулук керектигин. Жок дегенде жоон топ жайчарба элди көтөрүп, "марш бросок" баштардан мурда ал кадамдын аягы кайда алпарып, эмне менен бүтөрүн ой электен өткөрүп, божомолдой билүү зарылдыгын. Ушундай элементардуу логиканын жоктугунан алардын айткан-дегенине ээлигип-жээликкен, алданып-азгырылган айрым эндекей адамдар камалып, сабалып атыр, түрмөгө кесилип атыр. Алардын андан кийинки акыбалына кызыккан эч ким жок.

Күч бийлигинен ыдык жеп, ыза көргөн "өзгөлөр" түгүл, оппозиция өз лидерлерин унутуп койду. Эстесе да эриккенсип, зериккенсип кеп кылат. Алардын өз кызыкчылыгынан ашпаган майдалыгын, мажестигин байкаган Президент Атамбаев ошон үчүн мен Бекназаров, Мотуев сыяктуу көчөдө жүргөн (бул эми эл арасынан чыккан деген кеп да) оппозиция менен сүйлөшпөйм, парламентте отурган расмий оппозиция менен гана сүйлөшөм маанисин жалпыга жарыя кылды. Дегинкисин Алмазбек Шаршеновичтин "эл" түшүнүгүнө болгон мамилеси аргасыз алакан жайдырат. Эжелеп бардыгын санап отурбайлы, саруулуктар бүт кыргыз элин билдирбейт, мен алар менен акыйлашып, эсептешип отурбайм маанисинде маалымат таратты эле, өкмөттүн Ысык-Көлдөгү өкүл-акими Эмилбек Каптагаев аны "саруулуктар эл эмес" деп коштой чапты. Бийлик саясаты камчысын чапкан айрым журналисттер "аппак кожолорунан" алда канча алыс кетип, Саруу айылына ага турган сууну буруп, бара турган жолду бууп эки жакка каттатпай, электр энергиясын бербей, облустан окчун бөлүп салуу өндүү иш-чараларды сунуштап жиберди. Туура, болжол менен миң түтүндөн ашуун саруулуктар бүт кыргыз элинин эркин билгизбейт, бирок элдин ажырагыс бир бөлүгү экендигин ким төгүндөйт? Президент аларды кыргыз элинин денесинен бөлүп, башка дененин бойрөгүндөй мамиле жасаганы кызык. Алмазбек Шаршеновичтин аныктамасын ээрчисек, эки миллион шайлоочудан 8% добуш алган президенттин Социал-демократиялык партиясы олкону башкарууга мынчалык укугу жок болуп чыгар эле. Анустүнө либералдуу коомдун классиктери демократиянын эң бир асыл артыкчылыгы - бийлик көпчүлүк менен эле эмес, азчылык менен да эсептешет, жалаң көпчүлүккө большевизм гана жамынат таризинде төш какканын кайда катабыз? Канткен менен демократия куруп атабыз деп дүйнөгө жар салып жатырбыз го?! Баса, ага үндөш аныктаманы Жалал-Абаддын Аксысындагы саруу уруусу биринчи качкын президент Акаевден да укkан. Аксы окуясына адилет баа бериңиз деген калктын талабын ал: антип жоп сурагыдай Аксы бүт кыргыз эли эмес, анустүнө президенттик шайлоодо мен эң аз добушту Аксы районунан алгам маанисинде "мат" кылган. Аягы эмне менен бүткөнүн билесиз. Саясый лексикондогу "Тарыхый окуялар менен личносттор эки ирет кайталанат; биринде - трагедия, экинчисинде - фарс түрүндө" деген учкул сөз эсиңиздеби? Ошон үчүн айрым анализчилер Саруу кыймылы экинчи Аксы окуясына айланбагай эле деп кооптонуп атыр. Кудай анын бетин ары кылсын! Талаш жок, анархия белгилери байкалган ар кандай кыймыл асосуз

басылышы шарт. Өлкөгө мыйзам үстөмдүгүн, темирдей тартип орнотуу зарыл. Антпесе канчалаган кайрандардын канына забын болгон апрель төңкөрүшүнүн маани-маңызы түккө арзыбай калат. Арийне кандай кыймылды анархиялык аракет дейбиз? Аны ким аныктайт? Албетте сот. Сот аны кандай учурда калыс, адилет аныктайт? Саясый максаттарга аралашпаганда, тигил же бул саясый позициянын куралына айланбаганда. Жөнөкөй мисал. К.Ташиев баштаган "атажуртчуларга" мамлекеттик түзүлүштү кулатууга чакырык таштап, мамлекеттик төңкөрүш жасоого аракет кылган айыбы тагылды, аны сот да колдоп берди. Анда акыйкат үлүшү бардыгына эл ишенди. Окуя тартылган видеотасманы сотко чейин да, соттон кийин да республиканын баардык телеканалдарынан күнүнө 2-3 ирет көрсөтүп ишендиришти. Кеп анда эмес, кеп мында. Албетте биздин юридикалык кат-сабат жетишсиз, бирок карапайым акыл айлантканда деле момундай суроо туулбай койбойт: эсеби маселең, 2010-жылдагы төңкөрүшкө улай Бишкекте өтөр курултайга катышуу үчүн келаткан Урмат Барыктабасовду утурумдук өкмөттүн (Алмазбек Шаршенович анын таасирдүү мүчөсү болучу) тишине чейин куралданган күч органдары борбордон 30 км алыс Канттан тосуп, Акүйдү басып алганы келатыр, контрреволюция жасаганы жатыр болжолу менен камакка алып, сот аны 3 жылга эркинен ажыратканы эсиңизде. А булар - Акүйдүн темир тиштүү дарбазасынан 50-60 чамасындагы жандоочтору менен аттап өтүп, капкасынын туткасын жулуп алганга чейин барды дегендер бир жарым жылга кесилгенин кандай түшүнсөк? Сот казусу деппи? Мыйзам жол берет экен, сот аларды камакта өтөгөн бир күнүн эки күнгө эсептеп кести, демек сот залынан түз эл үйүнүн... жок, парламенттин төрүнө откөрдү. Парламент "ак жерден торго чалынган" кесиптештерин кучак жайып тосуп алды. Бул "спектаклди" телевизордон көрүп отурган коомчулукта коюлган айыптын тууралыгына шек саноо жаралабы? Жаралат. Атургай ал көп учурда ачык, ачуу айтылды. Кыскасы, "төңкөрүшчүлөрдүн" бирөө да "майып болгон жок". Бул Михаил Булгаковдун атактуу романы - "Мастер менен Маргаритадагы" бир эпизоддон улам эске түшүп атыр. Окугандар билет, Иса пайгамбар алгач сурак бергенде, ал Римдин өкүл акими Понтий Пилатка "ырайымдуу адам" деп кайрылат. Анда Пилат Крысобойду - өзгөчө жаза аткаруучу отряддын башчысын чакырып: "Мобу кылмышкер мени ырайымдуу адам дейт, сыртка алып чыгып, мага кантип кайрылуу керектигин үйрөтүп койгула, бирок майып кылбагыла" деп буйруйт. Крысобой Иса пайгамбарды бакчага алып чыгып, узун камчы менен ийинге чабат. Колу денесине чырмалып катуу байланган

туткун кулап түшөт. Крысобой аны бош мүшөктөй силкип тургузуп, "Римдин өкүл-акимин игемен де, түшүндүңбү?" дейт. "Түшүндүм, эми ура көрбө" дейт туткун. Сурак ошентип башталат. Анын сыңары кыргыз "крысобойлору" мамлекеттик төңкөрүшчүлөргө оболу "майып кылбай" түшүндүрүү аракетин жасагандай таасир калтырат. Андан нары эмне болду? Эмне болмок, төңкөрүшчүлөр эркиндик алары менен эч нерсеге "түшүнөлек" түркөйлүгүн көрсөттү: шаар сотуна арызданып, райсот чечимин буздуруп, жубардай таза акталып чыгышты. Эң негизгиси, оппозициячыл ой-пикирлери оңдолбогону байкалды. Сот адилетсиздигине Алмазбек Шаршеновичтин ошондо гана ачуусу келип, кыкыры кайнады: аларды актаган үч судьянын "башын" бир шилтем менен алып ыргытты. Албетте, мыйзамдан тап жылбаган такыба жетекчи катары мыйзам жүзүндө: буга чейин букараларына заты түгүл, аты белгисиз Соттор кеңеши деген уюмдун чечими менен. Бул, мен билгени, Кыргызстан тарыхына кыйкырып жазылчу жаңылык: буга чейин сот жаңылыштыгын соттун андан жогорку тепкичтери иликтеп, түзөп келген. Эсеби маселең, шаар сотунун чечимин Жогорку сот жөн эле жокко чыгарып салчу. Сот жаңылыштыгы мамлекет башчысы тарабынан ушунчалык ыкчам, чапчаң, өз убагында жазаланган учур жок, биринчи. Албетте бул абсолюттук акыйкатка эмес, саясый идеяга кызмат кыл маанисинде өз алдынча бийлик делген сот системасын зекигендей таасир калтырбаса, жакшы. Президент кийинки мезгилде митингичилер мамлекетти талап-тоногондорду, казнаны какшыта уурдагандарды коргоп, коррупцияга каршы күрөшкө бут тосуп жатат маанисинде көп кайталап келет. Бирок конкреттештире элек, дүңүнөн айтууда. Таасирдүүбү? Албетте! Коррупция кимдин болбосун көкөйүнө кок тапитай тийген, атын укканда эле куйкасы курушуп, тиши кычырайт. Андыктан азыркы бийлик саясатына кайыр айткан же былыгын чукуп, ириңин ачкан ар кандай кыймыл, ой-пикирди деле карапайым аңсезим коррупцияга каршы күрөшкө бут тоскон кара түнөк күч катары кабыл ала баштады. "Атамбаевди иштетесиңерби?" сүрөөнү көбүнесе ошого окшогон жагдайдан улам көтөрүлүп жатат. Иш аныгы андай эместигин мына бул "атчан" цифралардан байкаса болот. Республиканын Башпрокурору Аида Салянованын айтуусунда, коррупцияга каршы элдешкис күрөш башталды делген 2012-жылы 462 кылмыш иши козголгон, анын ичинен 4 киши кесилип, көпчүлүгү шарттуу жазага тартылган же штрафка жыгылган... 54,7%ы акталган. Демек "түшүнгөн". Коррупцияга каршы күрөш күчүнө кирди делинген 2013-жыл боюнча так маалыматым жок, бирок Генпрокурор парламентте 928 кылмыш иши

козголуп, 200 киши сот жообуна тартылды дегенин эшиткеним бар. Алардын канчасы шарттуу кесилип, канчасы айыпка жыгылганын, башкача айтканда, "түшүнгөнү" белгисиз. Албетте ал күрөштөн али алгылыктуу майнап чыгалек болсо да колдоо керек, аракет бар, болбосо эмне кылат элек? Арийне, коррупция түшүнүгү көбүнесе жогорку бийлик менен чырмалышып туташып, мамлекеттин майлуу жерлерин оюп жеп, ошону менен эле чектелбей, ал ооруну ага-тууган, жерге-жээндерине, ашташ-табакташтарына кан тамырлардай ташыган кылмышка байланыштуу айтылат эмеспи. Ушул жагдайдан алганда Генпрокуратура торуна андай "киттер" түшкөн жок, андайларды андыган да, уулаган да жок, тек, жогорку бийлик "ал!" дегенди жакшы үйрөтүлгөн тайгандай алып берүү менен алек сыяктуу. Макул, Нариман Түлеев он бир жылга кесилди, Акматбек Келдибековдун коррупциялык иштерине тергөө жүрүп жатат дейли. Качан? Качан алар азыркы бийликке айкырып акарат айтып, оппозиция тарабына чындап ооп, "элди көтөрөбүз" дегендерге кошулуп опулдай баштаганда. Жагдайдын андай аныкынан күмөн санагандарга Генпрокурор "Түлеевге кылмыш иши 2010-жылы эле козголгон" деп жооп берди. Андан беркй үч жылда күч органдары эшек такалап жүрбөптүр, Н.Түлеевдин парламентке депутат болуп оппозиция өтөрүн билбептир, жалаң ага коюлган татаал айыптын тамырын табуу аракетинде экен. Ишендиңизби? Ай, шегибиз бар. Кеп анда эмес, кеп - Түлеевдин Понтий Пилатка, тоюс, азыркы бийлик башына кантип кайрылууну "түшүнбөгөн" түркойлүгүнө байланыштуу болушу ыктымал. .Ал эми Акматбек Келдибековго кеп жок. Кечээ эле Алмазбек Шаршенович менен оттой ысык ашташ-табакташ боло турган. А.Атамбаевдин КСДП партиясынын парламенттеги фракциясы А.Келдибеков лидерлеринин бири болгон "Ата журт" партиясы менен камыр-жумур болуп, - байкасаңар азыр төңкөрүш менен да, коррупция менен да айыпталгандын баары "Ата журттан" - коалиция көпчүлүгүн түзгон жана А.Келдибековду ЖК төрагасы, башкача айтканда, республика баш бийлигинин экинчи адамы кылып шайлашкан. Эми суроо туулат: А.Келдибековдун, дегеле "Ата журт" фракциясындагы айрым депутаттардын ири коррупциялык иштерге түз же кыйыр тиешеси бардыгын Алмазбек Шаршенович билчү эмес беле? Билгенде да кандай билчү. Ал тууралуу айтыла берип сөздүн ашмалтайы чыккан, жазыла берип кагаздын бети жыртылган. А эмнеге алар менен коалиция түздү? Албетте бийликке жетүү үчүн. Кесир кылган жок. Мисалы, "Ата мекен" партия фракциясы "кесир" кылып, жок, биз "Ата журт" менен коалицияга кирбейбиз, анткени биздин жандүйнөбүз бөлөк, өмүр баяныбыз башка деп

башкаруучу топтон аткез бербедиби. Саясатка деле тазалык керек го?! Элдин элеги жок оозунда айтылып жүрдү: өткөн президент шайлоосунун алдында А.Атамбаев, Ө.Бабанов, А.Келдибеков ич ара келишим түзгон имиш. Алмазбек Шаршенович президенттикке шайланса, тигил экөөнүн бири ЖК төрагасы, бири өкмөт башы бойдон калат. Анүчүн акчалай жардамдан башка Келдибеков Оштон, Бабанов Таластан Атамбаевге добуш жыйнап берет. Албетте А.Атамбаев шайланат, шайлангандан жыл айландырбай, образдуу айтканда, ойноп оюну канган соң тигил экөөнү отко ыргытып салды. Ө.Бабановду билбейм, А.Келдибеков ото кейиштүү абалда калды дешет. Анткени Атамбаевдин "ак батасына" жетүү үчүн көп нерсе кечиптир: партиялаштарынын башынан аттап, аны нааразы кылыптыр, "Ата журтка" түштүктөн эң көп добуш жыйнап берген Ош мэри Мелис Мырзакматовду сатып, муну нааразы кылыптыр, ага-тууган, дос-жоролордон да нааразы болгондор бар экен. М.Мырзакматов экөө кантип чабышып, кантип табышканы тууралуу айың оппо замат эле тараган. Биздин аткаминерлердин салты: кызматтан түшүп ичи күйгөндөр, кызматка жетпей көзү күйгөндөр, байлыгын тарттырып көтү күйгөндөр оппозицияга чыгат. А.Келдибеков да ал катардан калбады. Адегенде өз фракциясынын короосуна чоочун эчкидей батыңкырабай кошулуп, азыркы бийликке карата аябагандай эле кеп акарат айткан. Арийне, анысы бир тең, мунусу бир тең болду шекил: Төңкөрүштөн соң банк уячаларында 100 млн. доллар бар болчу, а булар - азыркы бийлик 21 эле млн. деп жанын жеп атыр. Менде видеотасмасы бар, керек болсо алып чыгам мааниси парламентте жарыя кылган. Бар экени чын болсо, чыгарууга эми чындап бааршарт түзүлдү сыяктуу. Алмазбек Атамбаевдин аполегеттери мында президенттин кандай тиешеси бар, бизде парламенттик башкаруу, Бабановдун да, Келдибековдун да маселесин парламент чечкен маанисиндеги "теориялык база" менен башка чабарын билип турам. Ооба, Конституцияда ошентип жазылган. Арийне, эгемендик алып, өз мамлекетибиздин ээси болгондон бери көрбодүкпү, Конституцияда эмнелер гана жазылган жок, бирок турмуш акең өз билгепинче тууралап келбедиби. Баары эле билет, бирок айтпайт, өлкөнү Конституция боюнча эч жоопкерчилиги жок президент башкарып атыр. Эсеби маселең, парламент баштыгы сөзсүз өзүнүн партиясынан болот (башмыйзамда Президент бир да партияга мүчө болууга тийиш эместиги кашкайып жазылып турса да, кечээ жакында КСДП менин партиям деп салтанаттуу жарыя кылды); премьер-министрликке өзүнө керектүү кишини сунуш кылат жана шайлатат (!); өкмөт курамынын өзөгүн өзү

түзөт; шаар мэрлерин, жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарын, соттору шайлоого көзөмөл кылат; Генпрокуратура, УКМК (КГБ) өз колунда; Конституция жол бербесе да мамлекеттин тышкы саясатын жалгыз өзү жүргүзөт; өлкө аскер күчүнүн баш командачысы…

Жеке бийликке жетүү үчүн дагы эмне жетишпейт, түшүнүксүз. Ө.Бабанов менен А.Келдибековду Президенттин макулдугусуз парламент кызматтан алалмак эмес. Не дегенде, башкаруу коалициясынын өзөгүн өз партиясы менен жеңип бараткан тарапка соодалашып оой берген "Арнамыс" партиясы (кечээ көпчүлүк гезиттер жазып чыкты, Ф.Кулов Кумтөр маселеси боюнча партия фракциясынын добушун ГРС жетекчиси Э.Сапарбаевди кызматтан алууга алмашты деп) түзөт. Андан башка президенттин биртоп жагымпоз депутаттары бар. Демек президент тигил экөөнү кызматтан алгыла дебесе да, ордунда калтыруурга көнүлү болсо, жеңжеңил чечилмек. Айтпадыкпы, парламент жетеги президентке каштуу КСДП фракциясында. Анда болбосо, кимде болмок, парламенте үч жолу башкаруу коалициясы түзүлдү. Аны түзүү укугу үч ирет тең КСДП фракциясына ыйгарылды. Элдин добушун, эсеби маселен, "Ата журт" партиясынан алда канча аз алып шайланса да. Себеби жөнөкөй: ал укукту Президент ыйгарат. Кечээки мисал. Өзүңөр билесиңер, "Кумтөрдөн" түшкөн пайданы 50-50% бөлүштүрүү боюнча өкмөт жеткен келишим долбооруна парламенттин башкаруу коалициясы башынан аягына чейин каршыгып каршы турду. Бирок тагдыр чечер добушка келгенде жапырт колдоп добуш берди (ага кирген "Ата мекен" партиясынан башкасы). Минтип бир заматта "жалт" деп кайра туулгандын жандырмагы кайда? Албетте, Президент Атамбаевде. Алмазбек Шаршенович ага чейин "Кумтөр" боюнча өз позициясын ачык-айкын айткан эмес, айтса да эки тарапты тең жайкаган сөздөр менен чектелген. Арийне өкмөттүн бул келишими эл талабына жооп бербейт, мага да жакпайт маанисин сөз ортосуна кыстара кеткен учурлар бар. Анысы кыязы, коомчулукту жоошотуп, алдай туруу амалы болсо керек. Башкаруу коалициясы андан кантип батынып шек санамак, чын көрүп алды да жарым жыл "жарабайт эле жарабайт" деп кол чаап, жер тепкилеп отурду. Парламент Кумтөрдүн кунун бычып, наркына чекит коер мезгил чукулдаганда Алмазбек Шаршенович ар кандай чогулуш, жолугуштарда өндүрүлгөн пайданын 67%ын алабыз деп, караламан калктын канын кызыткан депутаттар ашынган популисттер, антсек канадалыктар эл аралык сотко берет, сот чечими казынабызды какшытат, кары-картандарга пенсия төлөй албай калабыз, өлкөгө инвестиция келбей, өндүрүшүбүз

олот маанисинде үрөй учура баштады. Бул күтпөгөн жерден башкаруу коалициясынын башынан ылдый муздак суу куюп жибергендей кеп болду. Ошондо ойгонушту. Ошондон кийин даарагканага дыр коюшту. Жуунуп келип, кнопка басышты. Натыйжасы бул. Алмазбек Шаршеновичтин артына жашынып башка бирөө сүйлөп жаткансыган бул логика аргасыз алакан жайдырат. Эсиңиздеби, андагы оппозиция, мындагы бийлик эзлери элди төңкөрүшкө эмне деп үндөгөн? Ооба, баарын санап отурбайлы, "Кумтөрдү" кызылдай Кыргызстандын пайдасына иштетебиз деген. Ошолордун рецеби менен "Кумтөр" чыры чындап курчуган, ошол рецепке ишенип алган саруулуктар бир жылдан бери чаң чыгарып, рецепт бергендерден сабалып, камалып атыр. "Башканы коюп, Манасты айт" дегендей, Президент Атамбаев кечээ эле "Кумтөр" кургуюна Кыргызстандын эле эмес, бүт дүйнө коомчулугун козутуу, "жашыгуу" аракетинде жүргөн. 2012-жылдын башында Түркия парламентинде сүйлөгөн сөзү эле эмнеге татыйт? Орусча окудум эле, бурмалап которуптур токонаалатына калбаш үчүн орусча келтирейин: "Наши природные ресурсы вывозились за бесценок. Только с рудника "Кумтөр" за последние 10 лет вывезено золота более чем на 10 млрд. долларов, а в казну Кыргызстана поступило только 3% от этой суммы". Бул өздөрү башында турган Кыргызстандагы төңкөрүштүн мыйзамсыздыгын (төңкөрүштүн баары мыйзамсыз болот) демократия коомчулугунун алдында актоо максатын көздөбөсө, аталган цифра эле эл аралык соттон элендөөгө негиз бермек эмес. Канткен менен мамлекеттин ордо башы оозуна келгенди оттобойт эмеспи, анын баары кылдат эсептелген, чоттолгон болуу керек. Эмесе Президент Атамбаевдин бул күтүүсүз метаморфозасы эмнеге байланыштуу? Анын аныгына жетүү үчүн мүмкүн 2007-жылдагы келишимди карап көрүү зарылдыр? "Кумтөр" Канаданын карамагына башоту менен өткөн 2009-жылдагы келишимдин пайдубалы кыргыз өкмөтү менен "Камеко" жана "Центерра голд инк" компанияларынын 2007-жылдын 30-августундагы келишиминин негизинде түптөлгөнү айтылып да, жазылып да жүрөт. Анда акыйкат үлүшү арбын. Эсимде бар, башредактордун биринчи орунбасары катары олуттуу делген макалалар менден өтчү, ушул эле "Агым" аркылуу белгилүү ишкер Базарбай Мамбетов "Камекону" 20%дык кошумча нарк салыгынан (НДС) ким бошотуп, түшкөн кирешеден бир жолу 10% салык алууга ким макул болду, бирөөнү өздөштүрүп бүтөлекте дагы үч алтын кендин лицензиясын "Камекого" ким берди деп барабан каккан. Эч ким укkан эмес. Баса, ким болмок эле? Алмазбек Атамбаев башында турган

Курманбек Бакиевдин министрлер кабинети. Тоо-кенчи Орозбек Дүйшеев келишимди айга-күнгө тенеп мактап атканда (ошол жылы баласын "Кумтөргө" кызматка орноштурган деген маалымат жакында жарыяланды), анын кесепетинен жарды Кыргызстандын этегинен канча каражат төгүлгөнүн чет эл институттары эсептеп берген. Эсеби маселен, "Глобалдаштыруу жана социалдык кыймыл " институту (Греция) даярдаган докладдан резюме келтирсек: Кыргызстан "Камекону" кайрадан НДСтен бошотту, демек кичинекей республика жылына ала турган 120 млн. ашуун доллардан ажырады. Ошол эле учурда казылган алтындын түшкөн каражаттын ондон бири Кыргызстанга тиймей болду, арийне салыктын бардык түрлөрү жана башка төлөмдөр ондон бирдин эсебинен төлөнөт. Ошентип өлкөнү талап-тоноо саясаты мизилдеген коррупция механизми менен президент Акаев учурундагыдай эле "оппозициячы" Бакиев заманында да бакылдап иштеп атат, - деп белгиленет (ОР.13.10.11). Кыргыз өкмөт башы Алмазбек Атамбаев менен "Камеконун" андагы президенти Жеральд Гренди ошол жылдын августунда жолугуп, "конструктивдүү нуктагы" (ал кездеги финансы министри А.Жапаровдун аныктамасы) түзгөн келишимдин үзүрү ушул. Айта кетерим, анда да депутаттар "Кумтөрдү" мамлекеттештирүү маселесин көтөрүп, атургай биринчи окуудан өткөрүп жиберген. Анда да көлдүктөр ушинтип көгөрүп жол тосуп турган. Анда да Алмазбек Шаршенович арачы түшүп, бизди эл аралык сот "алааматынан" сактап калган. Байкадыңызбы, иттин сөөгү кайда көмүлгөнүн!

Ак үйдүн саясый ашпоздору азыркы бийликке шайлоо сценарийин адаттагыдай административдик ресурстар менен аппарат логикасынын негизинде түзүп берди. Аны ийне-жибине чейин иликтөө кийинкинин иши, ток этерин айтканда: шайлоо күнү белгиленер замат Ак үй чабармандары Ошко чалды-куйду каттап, мэр шайлай турган шаар кенеш депутаттарынын сатылчусун сатып, басылчусун басып алууга өттү. Эсеби маселен, М.Мырзакматовдун "Улуттар биримдиги" партиясынан депутат, шаар кенешинин төрагасы Таалай Сабировду Архитектура жана курулуш мамлекеттик агенттигинин орунбасар директирлигине "соодалашты" (Лениндин заметкасын окусаңыз керек: "Партия не пансион благородных девиц, иной мерзавец потому и ценен, что он мерзавец"). Дагы бир депутатын 2013-жылы сот жообуна тартылган деп мандатын "шашылыш" алып ыргытты. М.Мырзакматовду жактаган ."Замандаш" фракциясынын жалгыз депутаты Нурадил Жолдошев партия чечими негизинде мандатынан ажырады, бирок шайлоо бүтөр замат сот аны кайтарып берди.

Андай болсо, юридикалык негизинде Ош шаар мэрин шайлоо мыйзамдуу деп эсептелеби деген маселе, албетте жоопсуз калды. Кыскасы, атактуу трагедияда айтылат эмеспи: "Лучше революционный сифилитик, чем белый офицер" деп.. Ак үй Ош мэрин ошол принцип менен тандады сыяктуу. Алмазбек Шаршенович алгачкы жылдары эки сөзүнүн биринде таза шайлоо уюштуруу менен тарыхый вазыйпам маанисин таккесе кайталачу эле. Анын аткарылбасын республиканын эки борбор шаар башчысын шайлоо алдын ала тастыктады өндөнөт. Бирөө совет бийлигинин "демократиялык централизм" ыкмасы менен шайланды, бирөө кадимки Акаев менен Бакиев шайлоолорун кайрадан эске салды.

Өзүңөр билесинер, эки төңкөрүштүн тең өртү шайлоонун адилет өтпөгөнүнөн тутанган. Телевидениенин бардык каналдары көргөздү: Ош мэрин шайлоо жүрүшүнө нааразы болгон калк борбор аянтына батпай боркулдап кайнап турду. Мелис Мырзакматовго ыракмат деш керек: кайнаган калкты акылга чакырып, айланайындар тарагыла дебесе, кирген суудай тосмону жарып, мэрияны каптап кетмек, кайрадан кан төгүлмөк. Анткени Атамбаев бийлиги кадимкидей камданып калган: ага чейин атактуу үч тамга М.Мырзакматовду колдогон митингди жапайы бунтка айлантуу максатында Жаныш Бакиев Үрүмчүгө миллиондогон акчаларды үйүп коюптур, бакиевдер ошентип бийликти кайра алуу аракетинде маанисиндеги кутумчул маалымат таратып, ага өкмөт башы да, орунбасарлары да маани берип, түштүккө куралдуу күч топтой баштаган. Бул эмне дегендик? Кан төгүлмөк түгүл, суудай акса да жоопкерчилиги бизде эмес, бакиевдер менен Мырзакматовдо дегендик. Айтайын дегеним, азыркы бийлик алабарманданып атып түштүккө аябагандай кыйын кырдаал түзүп салды. "Кумтөр" маселеси Акаев бийлигине да, Бакиев бийлигине да каршы оппозициячыл күчтөрдүн кубаттуу куралы болуп келген, ал ошол бойдон калды. Саруу Аксыга айланабы деген коркунуч бар. Баш кесер Батукаевдин чыры бул бийлик кетмейинче бүтпөйт. Аларга кошул-ташыл мамлекет тышкы карызга белчеден батып, кен, жер, суу, энергетика Россия менен Кытайдын барымтасында калганы туру. Бул согуштан жаман, согуш объективдүү, дүйнөлүк коомчулук жолго таштабай турган себеп.

Атагы таш жарган акын Пабло Неруданын эки сап ырын ала чуркап атканым ошол: бийлик саясатына каш кайтарган майда, чоң козголуштар мастерлик менен басылып жатыр, бирок андан калган "микробдор" миң эсе коркунучтуу дегеним... Сөз жок, нааразычылык акциялары, демонстрация, митинг ж.б. коомдук кыймылдарды басуу жагынан азыркы

бийликтин утушу арбын. Басып атат, мыйзам күчү менен да, күч мыйзамы менен да. Ал экөөнүн "эриш-аркактыгы" бу: каршылык кыймылынын катышуучулары, мейли уюштуруучулары дейли, мынчалык көп кармалып, камалып, мынчалык узак мөөнөткө кесилген (алды 7 жыл!) учур жаңы тарыхта учурай элек болчу. Мүмкүн сабалгандыр, мүмкүн бир-эки сутка камалгандыр, мүмкүн акчалай айыпка жыгылгандыр, бирок окуя оңуту мынчалык "мыкаачылыкка" айланганы эсте жок. Алардын кылмышы сот адилеттиги тарабынан аныкталып атыр дейсиз. Туура. Арийне, бийлик саясатына каш кайтарып, кайыр айткандарга "сот адилеттиги" совет доорунда эле өтө тайгалак түшүнүккө айланган. Сталин сот өкүмүсүз эч кимди аттырган эмес, ал кийин эгемен Кыргызстанда эбегейсиз өтүшүп кеткени анчалык далил талап кылбайт. Аны бийлик төбөсүндөгү төбөлдөр өздөрү да моюнга алып жүрү, аны бизге турмуш акең ар дайым эскертип келет. Биздин соттор акыйкатка караганда кимге "ак кызмат" өтөөрүн жакшы билесиз. Мыйзам күчү дегенибиз юридикалык маани-маңызынан ажырап, кайсы бийликтин болбосун ала бакан, куу союлуна айланганын анда оппозицияда жүрүп, мында бийлик башында отургандар билет, бирок айтпайт. Анткени алар бийлик кумарына батып кетип, мыйзамды буйлаланган төөгө кантип айландырып алганын өздөрү да байкабай калды. Анын айрым мисалдарына өткөн макалаларда учкай токтолдук. Дагы бир деталь. Өткөн жылдын майында экс-депутат Камчыбек Ташиевдин жүздөгөн талапкерлери Жалал-Абад обладминистрациясын басып кирип (салыштырмалуу тынч жол менен), Медербек Үсөнов дегенди "эл губернатору" жарыялап жиберди дедик. Ал демилгеге М.Үсөновдун өзүнүн канчалык катышы бар же жоктугун билбейм, тек гана ал УКМК (КГБ) тарабынан кармалды, камалды, дүүлүккөн калктын канын суута туруу максатында үй камагына чыгарылды, кыскасы, "бийликти күч менен басып алууга аракет жасаган", "Конституция түзүлүшүн күч менен өзгөртүү чакырыгын таштаган" айыбы менен ага кылмыш иши козголду. Туурубу? Тууру! 400-500 кишн ээрчитип чыккандар аким-өкүмдөр кеңселерин басып алып, "элдик губернатор" боло берсе, мамлекет кайда калат жана кайда барат?

Арийне, коомчулук антип "кокуйлап" бүтө электе азыркы бийлик акыл айрак каларлык "реванш" жасап М.Үсөновдун үндөөсү анын алдында шоона эшпеген дагы бир "элдик губернаторду" шаар мэрлигине ар кандай айла-амалдар менен шайлатып жиберди (анын механизмин алдыда кеп кылабыз). Сөз республиканын түштүк борбору - Ош шаарынын жаңы мэри Айтмамат Кадырбаев тууралуу баратканын баамдап

аткандырсыз. А киши кыргыз коомчулугунда албан түмөн аңгемеге каарман болгон; ал кишинин жайын 2010-жылдагы апрель төңкөрүшчүлөрү, асыресе ал кездеги Утурумдук өкмөттүн лидерлеринин бири, азыркы мамлекет башы Алмазбек Атамбаев жадыбалдай жат билет, бирок айтпайт. Анткени ал демилгени өзү колдогон. Алар айтпаган соң, төңкөрүш тарыхына такалуу из калтырган ал окуянын айрым моменттерин окурмандар эсине сала кеткен оң. Азыр бийлик кабагына туура келбегендердин баарын эле "бакиевчи" деп башка чаап атышат. Бул эми кыргыз бийлигинин илгертен келаткан "ит оорусу". Бакиев оппоненттерин "акаевчи" деп бакылдачу, Акаев кылгылыкты "кызыл жиндер" - коммунисттер кылып атат маанисинде кыңылдаар эле. Өздөрү кудум Акаев режимине "ак кызмат" кылбагансып же "кызыл жиндердин" майлуу жилигин мүлжүбөгөнсүп. Алмазбек Шаршенович деле кечээ Бакиев баарын көтөргөн балбан экен, дөө экен маанисин дасторкон үстүндө эмес, басма жүзүндө бакылдап атып, Бакиевдин колунан орден алганын унутуп...

Бул эми кыпчынды сөз. Албетте, арабызда "бакиевчилер" өтө арбын болушу толук ыктымал. Арийне бир нерсе анык: алар оппозицияга эмес, абалы азыркы бийликке, Атамбаевдин өзүнө милдеткер. Анткени "бакиевчилер" оппозицияга караганда Ак үйдө өрүп жүрөт, алпечтеп багылып атат. Жергиликтүү бийликти айтпай-ак коелу. Анын албан султан мисалы мына, Айтмамат Кадырбаев. Айтмамат Тентибаевич апрель төңкөрү-шүнө чейин Ош облгубернаторунун орунбасарлык милдетин аркалаган. Төңкөрүш албетте, ага да, шефине да, колдогон кожосу атактуу Үсөн Сыдыковго да жаккан эмес. Алардын акылман жетекчилиги менен ага-тууган, эл-журтту чогултуп келип, Ош обладминистрация имаратын басып алып, өзүн Бакиев режимине бекем "элдик губернатор" жарыялаган. Тилекке каршы, "губернаторлугу" эртеси эле күбүлүп түшкөн. Утурумдук өкмөттүн куралдуу күчү имаратты курчоого алып, ага "Ата мекен" сыяктуу "революциячыл" партиялардын "жоокерлери" жардам берип, алда-жалда менен кууп чыгарган. Ок атылган, имарат талкаланган, кагылышуудан жарат алгандар болгон, а өзү кайсыдыр бир айылга жашынып жаны калган. Ага окшогон окуялар, албетте, Оштогу кандуу каргашанын чыгышына от тамызгы болбой калмак эмес.

А.Кадырбаев аныk кыргыз эмеспи, качып кайда бармак, ошондо козголгон кылмыш ишине бир жыл ашырып жооп берип, 2011-жылдын 29-августунда Ош шаар соту тарабынан үч жылга шарттуу кесилет. Кесилди эсебиндеги Айтмамат Тентибаевич каранғыдан калкып

чыккансып 2012-жылдын мартында Ош менен Жалал-Абадды калыбына келтирүү боюнча директирлик жетекчисинин орунбасарлыгына дайындалат. "МК Азия" журналистинин бул кандайча болуп кетти маанисиндеги суроосуна ал: "Мен 2012-жылдын 29-февралында Жогорку сот тарабынан толук акталгам" деп жооп бериптир. Маселенин тузу ушунда. Эсиңизге эч нерсе түшкөн жокпу? Кудум Батукаевдин сценарийи. Бүтүн акталат, эртеси акча суу сыяктуу аккан арыкка бутун салып отурат. Ал "суудай аккан" акчанын чыры али аныкталып бүтөлек, ага карабастын ордолуу шаардын олчойгон беги болду да калды. Батукаевдики сыяктуу эле "кальцы" кандай болду деп кабатырланбаңыз. Ансыз бизде ай чыгып, күн батпайт. Бирок эч качан далил таппайт.

Ушунун өзү эле коррупцияга каршы катуу күрөшүп аткан азыркы бийликтин эки жүздүү моралынын дагы бир бетин жарык кылбайбы? Белгилүү журналист Эсенбай Нурушев жакында "Вечеркага" жарыяланган макаласында "азия жолборстору" тажрыйбасынан бир аңыз келтирди. Сөз ынгайы суранып атыр, которуп коюоюн. "Ишти өзүңдүн үч досуңду түрмөгө отургузуудан башта, - дептир атактуу Ли Куан Ю. - Ошондо сиз эмнеге отурганыңызды, алар эмне үчүн отурганын түшүнөт". Анын ким экенин билесиңер, биз сыяктуу эле өчөйгөн Сингапур мамлекетин (калкы 4 миллиондун тегереги) дүйнөнүн дүркүрөп өнүккөн өлкөлөрүнүн бирине айланткан адам. Өнүгүүнүн өзөгүн коррупцияга каршы катуу кармаштан көргөн жана тапкан. Э.Нурушев өтө сак, кылдат, аяр журналист. Даанышман эл башынын ал кеңешин жалпы кыргыз бийлигине багыштаптыр. Президент Атамбаевге деп эле ачык айтса болмок. Агитпроп коррупция менен жалгыз Атамбаев күрөшүп атат деп карапайым калкты катуу күтүрөтүп атпайбы. Анда акыйкат үлүшү жок эмес, бар.

Алмазбек Шаршенович чын эле коррупцияга каршы күрөштү колтугунда жашагандардын жана колтугунда жасалып жаткан иштерден баштаса болмок. Бул Өмүркулов же Калмурзаев өндүү ашына-кошуналарын же банк уячаларынан миллиондорду сологон кесиптеш "революционерлерин" камаш керек эле деген кеп эмес, жок дегенде эки төңкөрүш элди эмне деп көчөгөээрчип чыккандардан баштаса болмок деген тилек. Эсеби маселең, энергетикадагы, айрыкча электр тармагындагы, тоо-кен өнөр жайындагы, тотон "Кумтордогу", телекоммуникациядагы чайлап-коолап, тармакташып туташкан коррупцияны түп тамырынан бери жулуп, элге кызмат кылдырабыз дешкен. Алмазбек Шаршенович Бакиев өкмөтүнүн баш министри кезинде Майлы-Сай электр лампа заводу, Таш-Көмүрдөгү эң бир уникалдуу кристалл заводу жалган менчик ээлерине

текейден арзан сатылып кетиптир, эл энчисине кайтарайын десем бийлигим жетпей атат маанисинде ыйламсырап, коомчулуктан аброй тапкан бир кыйла "коррупциялык схемаларды" айтпай-ак коелу. Экономикабыздын эң негизги өркөчү делген тиги тармактарда коррупциянын кылы кыйшайдыбы? Бирөө сурак берип, жоопко тартылган бирөө барбы? Коррупция баягыдай эле жайкалып гүлдөп атыр, анын акыл ээлери баягыдай эле чайкалып жашап атыр. Андан да кызыгы, анын аныгын Алмазбек Шаршенович өзү жарыя айтууда.

Өкүнүчтүүсү, өлкө президенти "ким биз менен жүрбөсө, ал бизге душман" деген эски эрежеге азгырылып, коррупцияга каршы күрөштү саясый оппоненттерине сасыган, бүксүгөн компроматтарды каздырып, аларга кылмыш ишин ачтыруу менен баштады. Азыркы бийлик менен "жүрбөгөн" ким? Албетте "Ата журт" партиясы. "Ата журттун" позициясы түштүктө күчтүү, лидерлери, депутаттарынын көпчүлүгү түштүктүн кулундары. Президент Атамбаевдин аброю түштүктө анчалык эместиги эч кимге жашыруун эмес. Демек өлкөгө темирдей тартип орнотуу, коомду коррупциядан тазалоо жалаң "Ата журттун" "башын алмайга" багыттагы "түштүктүн тынчыкма кулундарынын белин сындырып, алдыдагы шайлоолордун жолун тазалап атат" сыягындагы түкшүмөл жаратышы ыктымалбы? Ыктымал эмес, ырасталды. Иштин андай жагдайы айтылып да, жазылып да жатат. Айрыкча бийликтен ыдык жеп өчү күйгөн, бийликке жетпей көзү күйгөн саясатчылар ошентип түшүндүрдү жана түшүндүрүп атышат. Баса айтам, түштүк элине. А эл деген эл. Толстойдун "Согуш жана тынчтыгында" болжолу момундай бир байкоо айтылат: ар кимибиз өз алдыбызча аң-сезимдүү жашайбыз, бирок чоң шарданга кирип кетсек, аң-сезимсиз куралга айланабыз. Калктын же калдайган калың топтун "аң-сезимсиз куралга айланышы" арзандыгын өлкодо өткөн эки төңкөрүш далилдедиби же далилдеген жокпу?

Баса, түндүк-түштүк маселеси барбы? Бар! Бүт дүйнөдө бар. Кыргыз бийлигинин баардык учурунда айтыла жүргөндөй, карапайым калк арасында эмес, кадрлар маселесинде. Мына, кечээ эле түштүк оппозициясы бийликке биз тараптан алса тындырын эмес, эт менен челдин ортосундагы кадрларды алат маанисинде Акаевди катуу айыптап жүрүп акыры алып түштү. Анда акыйкат үлүшү арбындыгы, менимче, азыркы бийлик Оштун экс-мэри Мелис Мырзакматовду аттап ооларын түшкөндө байкалды.

Тан бериш керек, М.Мырзакматов төңкөрүштөн кийин азыркы бийликтин мээлеген огуна кекүрек тосуп, кажалуп иштеди. Жакшы

иштеди. Жаңы бийликтин "баатырлары" Мырзакматов "бакиевчи" деп бакылдап атпайбы. "Бакиевчилерге" деле калыстык керек го? Баса, Бакиев Жалал-Абадга качып, оштуктардан жардам сурап митинг өткөрүү аракетин Мырзакматов четке кагып, өткөртпөй артка айдаганы деле оң баалануага тийиш эле. Эми ал тарыхтын иши. Оштогу кандуу, каргашалуу окуяны басууда, кыргыздар менен өзбектердин кайрадан эриш-аркак жашоосуна шарт түзүүдө, Ош шаар келбетинин ойго келбегендей өзгөрүшүнө салым кошууда Мырзакматовдун өтөгөн эмгеги менен өткөргөн сабагын санап отуруу, менимче кажетсиз. Ал белгилүү. Эң негизгиси, эл билет, Оштун эли билет. Ушунун өзү эле Алмазбек Шаршенович мамлекеттин баш арбитри катары жаштык-мастык кылып жатасыз, оңол-түзөл, баарыңар ырылдашпай, чырылдашпай өлкөнүн өнүгүшүнө күч жумшагыла маанисинде Мырзакматовду мунасага чакырууга шарт түзмөк. Антпеди. Каршылыктын каяшасына алдырып жиберди. Төңкөрүшчүл бийдик Мырзакматовду аттанганда эле "төңкөрүп" түшүүгө аракет жасаган. Эли "төңкөртпөй" койду. Азыркы бийликтин башын мыкчыгандардын бирөөсүнүн да Ошто Мырзакматовдой кадыр-баркы жок экен. Жөн эле алып салалы десе, бунт чыгып кетеби деп коркту. Анысы албетте, мамлекеттик бийликтин алсыздыгын гана айгинелеп тим болду. Акыры аны мыйзам күчү менен, б.а. шайлоо жолу менен алалы чечимине келди сыяктуу. Анысы туура болучу. Бирок мыйзам күчү адаттагыдай күч мыйзамына айланып кетти.

Ак үйдүн саясый ашпоздору азыркы бийликке шайлоо сценарийин адаттагыдай административдик ресурстар менен аппарат логикасынын негизинде түзүп берди. Аны ийне-жибине чейин иликтөө кийинкинин иши, ток этерин айтканда: шайлоо күнү белгиленер замат Ак үй чабармандары Ошко чалды-куйду каттап, мэр шайлай турган шаар кеңеш депутаттарынын сатылчусун сатып, басылчусун басып алууга өттү. Эсеби маселен, М.Мырзакматовдун "Улуттар биримдиги" партиясынан депутат, шаар кеңешинин төрагасы Таалай Сабировду Архитектура жана курулуш мамлекеттик агенттигинин орунбасар деректирлигине "соодалашты" (Лениндин заметкасын окусаңыз керек: "Партия не пансион благородных девиц, иной мерзавец потому и ценен, что он мерзавец"). Дагы бир депутатын 2013-жылы сот жообуна тартылган деп мандатын "шашылыш" алып ыргытты. М.Мырзакматовду жактаган "Замандаш" фракциясынын жалгыз депутаты Нурадил Жолдошев партия чечими негизинде мандатынан ажырады, бирок шайлоо бүтөр замат сот аны кайтарып берди.

Андай болсо, юридикалык негизинде Ош шаар мэрин шайлоо мыйзамдуу деп эсептелеби деген маселе, албетте жоопсуз калды.

Кыскасы, атактуу трагедияда айтылат эмеспи: "Лучше революционный сифлитик, чем белый офицер" деп. Ак үй Ош мэрин ошол принцип менен тандады сыяктуу. Алмазбек Шаршенович алгачкы жылдары эки сөзүнүн биринде таза шайлоо уюштуруу менен тарыхый вазыйпам маанисин таккесе кайталачу эле. Анын аткарылбасын республиканын эки борбор шаар башчысын шайлоо алдын ала тастыктады менен шайланды, бирөө- кадимки Акаев менен Бакиев шайлоолорун кайрадан эске салды.

Өзүңөр билесиңер, эки тенкаруштун тең өрту шайлоонун адилет өтпөгөнүнөн тутанган. Телевидениенин бардык каналдары көргөзду: Ош мэрин шайлоо жүрүшүнө нааразы болгон калк борбор аянтына батпай боркулдап кайнап турду. Мелис Мырзакматовго ырахмат деш керек: кайнаган калкты аянга чыкырып, айланайындар тарагыла дебесе, кирген суудай тосмону жарып, мэрияны капып кетмек, кайрадан кан төгүлмөк. Анткени Атамбаев бийликти капылтадей кармаган: ага чейин атактуу үч таяк М.Мырзакматовду колдогон митингди жапайы бунтка айлантуу максатында Жаңы Бакиев Урумчуга миллиондогон акчаларды үйүп коюптур, бакмандар ошентип бийликти кайра алуу аракетинде маанисиндеги кутумчул мышыкмат чарчып, ага өзмөт башы да, орунбасарлары да мыкты берип, тушунде курашуу күч толтой баштаган. Бул эмне дегендик? Кан тартпак турсун, суудай ачык да жоопкерчилиги бизде эмес, бакмандар менен Мырзакматовдо дегендик.

Айтайын дегеним, акыркы бийлик алмашмандыгы ачык түштүккө аябагандай кыйын кырдан турп салды. "Кутмандар" маселеси Акаев бийлигине да, Бакиев бийлигине да кирпик ширелишчилик кутмандуу кубаттуу куралы болуп калган. ал ошол бийлик кызы. Саруу Аксыга айланабы деген коркунуч бар. Баш кесер Багышевдин ыкыры бул бийлик кетмейинче бүтпейт. Аларга кошуп-алышып миллиет тынык карыяга белчеден батып, кан, жер, суу, заводдорун Россия менен Кытайдын барымтасында калтырып турат. Бул сөзүмдүн жаман, чындык объективдүү, дүйнөлүк коомчулук жакшы билгендей турган себеп.

Атагы таш жарган ачык Пабло Неруданын эки сап ырын ала чуркап атканым ошол: бийлик сакталып калгандай кайгырган майда, чоң коогалуучулар мастерлик менен басылып жатат, бирок ачкан калган "миллиондор" мин эсе коркунучтуу деп элик...

Алым Токтомушев: Микробдор – II

газета "Агым",
21.02.2014-ж.

...акыркы кездерде көп күч жумшалып,
канча бир тонна микроб кырылыптыр.
Бирок да андан калган азырагы
миң эсе коркунучтуу болуп калды.
Пабло Неруда

"Нанай балдары" деп коюшат, эмнеге антип аталарын билбейм, айтору бирөө билинип-билинбеген узун, ичке жип менен манжаларына байланган куурчактарды ойнотуп, көрүүчүлөрдү маашырлантат. Же биздин тактеке. Күүсүн бирөө чертет, бийин башка куурчактар аткарат. Кыргыз мамлекетинин бийлик бутактары ошолорду элестетет. Анын бир мисалын парламент "Кумтөр" боюнча добуш бере келгенде көрдүңөр. Көпчүлүк депутаттар жарым жыл айткан-дегенинен танып-кечип, кимдир бирөөнүн манжасында ойноду, кимдир бирөөнүн күүсүндө бийледи. Өкмөт башы Жантөрө Сатыбалдиев эки күндүн биринде парламентте эзилип отурганы да ошондон. Эсеби маселен, "кылмыш дүйнөсүнүн мыйзамдашкан кожосу" ("вор в законе") Азис Батукаевди түрмөдөн мөөнөтүнөн мурда чыгаргандарды эмне үчүн кызматтан албайсың дейт. Күүсү башка чертилип атса, ал кайсы бийди бийлемек? Депутаттар комиссиясы түзүп берген узун тизмедегилердин баары "нанай балдары". Аларды кызматтан алуу бүт системаны кыйратууга, образдуу айтканда, беш манжаны кыя чабууга тете. Андай кубаттуу "жел тегирмен" менен жекеме-жекеге чыккыдай Жантөрө Жолдошевич Дон Кихот эмес. Парламент да Дон Кихот эмес. Ошондуктан бул кылым кылмышкери кимдин амири менен акталды деген маселе чыкканда баары тең тилин ичине жутуп ийип атыр. Буйрук сөзсүз жогору жактан болду дешет. Жогору жактын аты барбы, жокпу? Ал "псевдонимдин" артында ким жашырынып турат. Билет, бирок айтпай атат. Күтүп атышат, бири-биринин биринчи айтышын. Же бийлик алмаша турган мезгилди.

"Кимди ким көрдү, Быржыбайды там басты" заман. Бийлик адеп-ахлак ориентирлеринен ажырап, моралдык сапаттарды жоготту. Жоготпогондо эмне, бийлик кылмышкерлердин кандуу колун кыса кармап учурашат, соодалашат, келишим түзөт, атүгүл коопсуздугуна, ден соолугуна камкордук көрөт. Андай "гумандуулукту" башка жарандарына да жасаса кана. Антпейт.

Өзүңөр көрүп турдуңар, Батукаевди "родинасына узатуу салтанатын" Кыргыз өкмөтүнө караштуу жаза өтөөчү жайлардын (ГСИН) ошол кездеги жетекчиси, генерал Зарылбек Рысалиев "кортеж эмес, бир машинеге салсак, ал светофорго токтогондо Көлбаевдин балдары атып салса эмне болот?" сыягындагы "айныбас аксиома" менен актады. Күч органдары менен саламаттык сактоо кызматынын кожоюндары ал өтө катуу оорулуу болучу, үйүнө жетпей түрмөдө өлүп калса, биз кантмекпиз айтып кокуйлашты. Алардын "аруу" тилеги аткарылып, Батукаев Токмоктогу үйүнө эле эмес, Россиядагы аксарайына атайын самолет менен аман-эсен жеткирилди, биздин кызыл жакалар "Манас" аэропортунан кылгыра кол булгап кала берди. Батукаев "кораблден түз эле балга түшүп", жадыраган жаш катын алып, өлбөй-житпей эле жашап атат дешет. Бул жердеги кылмышкерлер "табигый тандоо" мыйзамына ылайык Батукаевдей "алы" жоктугуна байланыштуу түрмөдө эле жан берип жатат. Кечээ "Жеңго" деген жорго ысымы бар кылмыш дүйнөсүнүн дагы бир кырааны Ош мэрин шайлоонун урматына мунапыс алып, борбордогу чайканада чайлап отурат деген кабар жарыяланды.

Кыйгыл сөз кыйгылы менен. Биздин айрым саясатчыларыбыз атактуу башкесер Батукаевдин түрмөдөн мөөнөтүнөн мурда аздектеп бошотулушу өлкөнүн аброюна шек келтирди, коңшулардын бетин карай албай калдык деп айкырып түштү. Анда акыйкат үлүшү жок эмес, бар. Коңшуларда, айрыкча Россия менен Казакстан сыяктуу авторитардык режими күч мамлекеттерде Кыргызстанда эки төңкөрүш тең кылмыш дүйнөсүнүн жардамы менен ишке ашты деген түшүнүк жашайт. Арийне, биздин антип күйүнгөнүбүздө акыйкатка караганда кургак намыс арбын сыяктуу. Кайсы мамлекет эле кайсы кылмышкерди кантип бошотконубузду эрикпей карап, санап отурсун. Батукаев атактуу болсо кылмыш дүйнөсүнө атактуудур.

Менимче, бул окуядан даана байкалган мамлекет үчүн опурталы оңой эмес факт - ашынган кылмышкерди парламенттен башка бийликтин бардык бутактарынын мыкчыгерлери аттап-тондоп узатып чыкканы. Өзүңөр билесиңер, Бакиев бийлиги кылмыш дүйнөсү менен чырмалышып-тугашып кетти деп келдик. Ал система өз убагында уратылбаса, мамлекет кайда бет алмак - белгисиз. Азыркы бийликте да андай коркунуч арбындыгы ачык да, жабык да айтылып жүрөт. Күдүктөнүү, күмөнсүрөө күч. Ондой берди болуп, бул окуянын оңуту аны акыйкат экендигин адырайтып ачыкка чыгарды. Аны ооздуктоого али да кеч эмес деди. Мамлекет ойрон болсо, дал ушундан ойрон болот. Андыктан бул ишти

Президент өз көзөмөлүнө алса болмок. Анткен жок. Мамлекет ичиндеги "кылт" эткен кыймылга ачуу-таттуу билдирүү жасап турууну адатка айланткан Алмазбек Шаршенович бу саам айкөлдүк кылдыбы, айтору көрмөксөн, укмаксан болду. Жок, бир ирет кимдир бирөөнүн суроосуна бул иш Атахановдун кемчилигинен кетти дегендей жооп бергени бар. Өлкөнүн ал вице-премьер-министри "өз каалоосу" менен отставкага узагандан кийин. Окуяга он бешинчи даражада тиешеси бар оозар омбудсмен Турсунбек Акундун "башын" парламент мезгилсиз алып ыргытканы болбосо, бир да бирөө сот тургай, администрация жоопкерчилигине чакырылган жок. Окуянын мындай оңут алышы элеги жок эл оозуна илине баштаган: "Батукаев Атамбаевдин тымызын макулдугу менен бошоптур, арага мурдагы шопуру, азыркы администрация башчысынын орунбасары Икрам Илмиянов түшкөн имиш, анын Батукаев менен башынан эле байланышы бар экен" деген божомол-жоромол казанын боркулдата кайнатып кирди.

Анын ак-көгүн албетте, азырынча эч ким аңтара албайт. Мага окшогон кулпенделер андан бешбетер. Тарых тактайт деп кутулчу эмес белек. Маркум Салижан Жигитович айтар эле, азыркы мезгил тургай элдин оозун совет өкмөтү да кулпулай алган эмес деп. Ошол кулпусуз оозду акыркы күндөрү "Батукаевди чыгарууну Атамбаевден Путин сураныптыр" деген сөз коштоду. Ал албетте, карандай калп. Ак үйдүн идеологиялык ашпоздору бул жорукту өлкө тагдырына байлап, шефинин арбайын көтөрүү үчүн ушундай ушак жайып жибериши ыктымал. Болбосо чечен сепаратисттери тарабынан канча бир миллион долларга башы сайылган Путин, дагы бир башкесер чечен аларга жардам берсин деп сураныпмак беле!

Өзүңөр билесиңер, анын ортосунда парламент бакылдагы күчөдү. Адаттагыдай өкмөт башы Жантөрө Сатыбалдиевди жарга такап, Башпрокурор Аида Салянованы мууштуп кирди. Мурда "Батукаев мыйзам негизинен тап жылбай бошогон" деп таккесе жооп берип жаткан Башпрокурор кийин негедир мукактана түштү. Парламент учурдан пайдаланып, окуянын оң-солун аныктоо үчүн атайын комиссия түзүп жиберди. Совет учурунда "ишти аягына чыгаргыңар келбесе, комиссия түзгүлө" деген кыйгыл соз бар эле. Ал биздин парламентке айда-а жарашат. Эки күндүн биринде комиссия түзүлөт, же анысынан эч майнап чыкпайт. Аткаруу бийлиги ага силер үрө бергиле биз жүрө беребиз сыягында мамиле жасайт. Алар, алар дегеним, аткаруу бийлиги - анчалык

батылдыкка деле баралмак эмес, тек күү ошондой чөгүлүп, жүк кантмек?

Маселенин түзү анда эмес, мында. Комиссия жетекчиси болуп эр дайым андай иштин майын чыгара аткарган, акыйкаттыкка бөгөгөнүн бербеген "атамекенчи" Болот Шер (Шерниязов – А.Т.) шайланат. "Батукаев фронту" комиссияга каршы комиссия түздүрүү менен жооп берет. Тактап айтканды, "легендарлуу" генерал , Жаза өтөөчү жайлардын жетекчиси Зарылбек Рысалиев өлкө Президентине учун жетип, рапорт сунат. Анда "Ата мекен" фракциясынын депутаттары 2010-жылдын апрелинде жасаган мародерчулукгун (генералга ушул терминдин жайын жакшылап түшүндүрүп коер жан барбы?) жаңы жагдайларын ачууга ыракым этиңиз дейинет. Президент өлкөнүн негизги күч органдары - Башпрокуратура, Ички иштер министрлиги, Улут коопсуздугу комитетинин башчыларына кат жолдойт: З.Рысалиевдин рапортундагы фактыларды өзүнүн катышуусу менен текшергиле!

Бул саам Башпрокуратура табиятында жок ыкчамдыгын көрсөтүп, качкын президент Бакиев менен анын ака-үкаларынын үй-мүлкүн тоноду деп ачылган, бирок эч далил табылбагандыктан өзү жапкан №150-12-210 кылмыш ишин ошол замат кайра ачып, ведомстволор аралык тергөө комиссиясын түзүп жиберди. Башпрокурор Аида Салянова Президенттин "өзүнүн катышуусунда" дегенин түз түшүнбөй калганбы же кайра кирип кеңешип чыкканбы, айтору З.Рысалиевди тергөө комиссиясынын жетекчилигине дайындады. Тергөө ишин ГСИНге өткөргөнү албетте, андан башканы айттырбайт. Ага "легендарлуу" генералдын ошол кездеги кызмат абалы, укук даражасы юридикция эреже-каадасына, мыйзам-санына туура келеби же келбейби деп бир да бирөө акыл айлантпады. Эртең Жогорку Кеңеш депутаттары "жаза өтөөчү жайлар жетекчисине чакырылып, сурак бергидей биз түрмө эрежесин бузган кылмышкер эмеспиз" деп чатак салса, берер жообубуз кайсы деп эч кими ойлонгон жок. Ойлонсо болмок, кийинки талаш-талкууларда ал маселе көтөрүлүп, айлада жок жүйө катары угулду. Башпрокурор аны баам сыртында калтыргансыды, кудум Президент жаңсап атса, бизде эмне жазык дегендей.

Президенттин "жансоосун" генерал Рысалиев жаңылыш түшүнүп, күүлөнгөн күүсү ушунча: тергөө жүргүзүүнүн мыйзам жүзүндөгү эреже-каадаларын эстеп да койгон жок; бир заматта өзү сот, өзү прокурор болуп алды (же болгон иш стили ушундайбы); массалык маалымат каражаттарына удургута маектерди уюштуруп, эки күндүн биринде пресс-конференция чакырып, бакиевдердин үй-мүлкүн талап-тоноого катышка-

нына байланыштуу сот жообуна тартылып, өзү башкарган мекемелерде жаза мөөнөтүн өтоп жаткан Абдулла Юсупов (17 жыл) менен 13 жылга кесилген Дастан Оморовдун айткан-дегенин, кылмыш изин көрсөткөн жерлерин тарттырган кымбат видеотасмаларды кайра-кайра көрсөтүп, интернет сайттарга жайгаштыруу менен алек болду. Атургай өзү адвокат эмес, тергөөчүлүк милдет аткарып атканын унутуп, "Абдулла Юсупов жолдоштору менен бир дагы колдон кармалган далили жок түрмөдө отурат" деп актап жиберди ("Фабула" гезити). Ишин иликтөө милдетин аткарып жаткан депутаттарды сот-моту жок эле ууру-кески атоого өтүп, ар кадам сайын "мародерлер" деп жарыялап турду. Албетте анысы даярдыгы жок аң-сезим түгүл, кыргыз тилиндеги басма сөзгө сот тарабынан аныкталган айныксыз аксиома катары кабыл алынып ("кылым кылмышына" тергөө жүргүзүп жаткан генерал айтып атса), ал терминди жапырт колдонду. Ал эми тергөөчү-генерал: "Шер да, Текебаев да армияда кызмат өтөгөн эмес, бирөө "десантмын" дейт, десант болсо десанттиктердин өтүгүн тазалап жүрсө керек да", алар менен бирге "аскерде кызмат өтөсөм, "чочкоканадан" чыгармак эмесмин" (ошол эле гезит); "Текебаев акылынан айныган адам, Конституцияны көчүрүп алган. Казак мыйзамдарын уурдаган. Эми мыйзам уурдап атат" ("Де-факто" гезити) сыяктуу ажаан аялдардын айтышын эске салган басма жүзүндөгү "полемикасы" коомчулуктун эч бирине эрөөн-төрөөн көрүнгөн жок. Эч кими кыргыз юриспруденциясынын ушундай деңгээлине кейип-кепчибеди.

Талгар Адепов, экономика профессору: "Куруп-түзмойбу же кайрадан канталамайбы?"

Басууга даярдаган
Алым Токтомушев
"Жаңы Агым" – 20.05.2008 (4-7-беттер)

1. Электр уурдаган ким - элби же эл мүлкүн жегендерби?

Электр энергиясы кыргыз калкына жаратылыш энчилеп койгон жалгыз байлык, кемибес кенч экендигин акылы бүтүн, башы соо адамдардын баары түшүнөт. Ал дүйнөдө табылган жана табылалек энергоресурс булактарынын жалгыз альтернативасы экендигин бир ооздон бекемдешет. Арийне, азыркы өндүрүлгөн 13 млрд. кВт/с электр энергиясы улуу Нарын дайрасынын буура сан булчуңунда бугуп жаткан 150-200 млрд. кВт/с энергиянын болор-болбос үлүшү гана. Бирок ошол өндүрүлгөн энергия деле Кыргызстандын ички муктаждыгына

кыймылдабай жетип, коңшу өлкөлөргө сатуу үчүн 2 млрд. кВт/сааттан ашууну артып калат. Ошол эле учурда өлкө бардык өндүргөн электр энергиясынын жарымын кайда жоготконун билбей башы маң. Аны "техникалык жоготуу" деген шылтоого шынаа кылмай өнөкөт ооруга айланды. Бирок жоголгон энергияны "эл уурдап атат" шылтоосу айныбас аксиомага айланып, ачыктан ачык айтыла баштады.

Мамлекеттик мүлк фондусун бир чаласы калганын кайра жеткиликке алган О.Турдумамбетов жакында приватташтыруу менен жеке менчикке өткөрүүнүн өзү башынан кечирген асылдыгын айтып, аңгеме курду. "Эли-журтубузду багып аткан эң арзан, эң таза, түгөнбөс байлыгыбыз - электр энергетикасын эмне үчүн четелдик менчик инвесторлорго бергени атасыз?" деген радиоугуучунун суроосуна О.Турдумамбетов: "Ооба, электр энергетикасы республиканын стратегиялык тармагы, бирок аны көрүнгөндүн баары эле уурдап, өндүрүлгөн бардык энергиянын 40%ы кумга сиңгендей жоголуп атпайбы? Каякка кетип атат?" - деп өзүнө өзү суроо коюп, - "калк уурдап атат" - деп өзүнө өзү жооп берди. Кыскасы, "приватташтыруу атасы" О.Турдумамбетов кыргыз мамчиновниктери менен энергочиновниктери айта берип ашмалтайын чыгарган "тезисин" күкүктөй кайталады: мамлекет начар кожоюн экен, ээликти менчик капиталга өткөрбөсөк, электр уурдоо токтобойт.

Өз элинди бут минтип ууру-кески саноо, албетте, өкүндүрөт. Жок дегенде керектөө көлөмүнүн негизинде электр энергиясы кайда, кимге, канча жумшалып атканын болжолдуу болсо да эсептеп чыгып, жалаа жапса акылга сыймак. Ага мойну жар бербесе, биз аракеттенип көрөлү.

Ошентип Кыргызстан өндүргөн 12 млрд. кВт/с электр энергиясы мындайча бөлүштүрүлөрү бептен белгилүү: эң оболу, 9 млрд. кВт/сааты республиканын ички керектөөсүнө жумшалат. Анын 3 млрд. кВ/сааты түздөн-түз калкка берилет; бүгүнкү күндө 3 млрд. кВт/саат электр энергиясы эларалык келишим боюнча коңшу республикаларга экспорттолот.

Көрүнүп тургандай, калкка бардык өндүрүлгөн электр энергиясынын төрттөн бири берилет экен. Анан кайсы бетибиз менен жарымына жакынын эл уурдайт деп атабыз? Эми сокур эсепке салып көрөлү: эптеп-септесе да оокат өткөргөн абийирдүү адамдар бүт энергия акысын төлөйт. Алар жалпы калктын 50%ын түзөт. Орто жетишкен адамдар да өз убагында төлөп турат. Ал калкыбыздын 30%га жакыны. Анан албетте, Кыргызстан калкынын 10%ын түзгөн жетишкен, бай адамдар төлөйт. Ооба, өз убагында төлөөгө чама-чаркы жетпеген, электр

эсептегичин аркандай айла-амалдар менен артка айлантып же токтотуп азайтып төлөгөн калк катмары бар. Тилекке жараша, алар ашып кетсе Кыргызстан калкынын 10%ын түзөт. Бирок алар азайтып болсо дагы, кечигип болсо дагы төлөйт. Атүгүл алар ардайым аңдууда болгондуктан, көпчулук учурда линиялары кесилип, ашык штрафы менен төлөйт. Жашырганда не, алар кышта тоңуп өлбөш үчүн электр тогун уурдагандан башка аргасы жок. Бул уурга танапташ болуп коргогондук эмес. Бирок акыл айлантууга негиз болор жагы бар. Ач калып, аязга тоңгон айбан деле адамдын короосуна кол салып атпайбы. Бул жерде маселе бир - адамды дагы, айбанды дагы ошондой акыбалга жеткирбеш керек. Ага акыл айлантпай бүтүндөй улутту ууру деп беттен алуу бетсиздик эле эмес, кылмыш.

Бардык калктын бирууч тобу (10%) ушунча электр энергиясын (6 млрд. кВт/сааттан ашуун) уурдап атат дегенге ким ишенет? Бул көзкорүнө бет тырмагандык, жалаа! Чыныгы уурулардын изин жабуу амалы. Дагы бир маанилүү жагдай. Республика калкынын 50%ка жакыны электрди 2-3 бөлмө үйүн кечинде жарык кылуу үчүн эле пайдаланат. Андайлар шаардагы көп этаждуу үйлөрдө миллиондоп саналат. Ага болбой эле 6 млрд. кВт/с электр энергиясын жыл сайын техникалык жоготуу деп эсептеп, андан түшкөн акчаны сол чөнтөккө солоого жол берип келебиз. Ушундан соң миллиарддаган капитал чыгымдарын жумшап, жаңы ГЭСтерди куруунун зарыраты канча? Салыштырып көрүңүз: социализм "чирип кетти, кулаганы калды" деген жылдары техникалык жоготуу 6-10%дын тегерегин түзчү. Бул чыныле электр өткөргүчтөр өзөгүнөн чыккан жоготуу эле. Ушулардын баарын акылга салып жумгактай келсе "техникалык жоготуу" терисин жамынган электр энергия көлөмү буга чейин приватташтырылып, менчик колго өткөн ишканалардын сандык өсүшүнө теңбарабар чыкчудай. Өзүңүздөр билесиздер, кыска эле убакыт ичинде ушунчалык бай адамдар пайда болду, алардын байлыгынын өсүш темпи алдында республика дүң продукциясынын (ВВП) өсүшү шоона эшпей калды. Мамлекеттик мүлктүн 90%ы б.а., кечээки завод, фабрика, шахта, комбинат, мончо, магазин, ресторан ж.б. объектилер жекеменчик колуна өттү. Эреже катары ал эл байлыгынын ээси андагы жана азыркы мамлекеттик чиновниктер болуп калды. Өлкөнүн ички муктаждыгына бөлүнгөн электр энергиясынын (9 млрд.дан 6 млрд. кВт/саатынын) басымдуу бөлүгү ошоякка жумшалары өзүнөн өзү түшүнүктүү. Демек, жалпы Кыргызстанга бөлүнгөн 9 млрд.кВт/с электр энергиясынын 3 млрд.ын эле пайдаланган карапайым калк, калган 6 миллиардын кантип

уурдайт? Логика барбы? Логика болсо, уруу издесе карапайым калк арасынан эмес, менчик ишкерлер менен энергочиновниктердин эшиктөрүнөн издөө акылга жукмак.

2. Эл мамлекет жетекчилерин эмне үчүн шайлап, эмне үчүн багат?

Өндүрүлгөн электр энергиясы эреже катары жыл сайын энергокомпанияларга бөлүнөт. Бизде алар төртөө: "Түндүкэлектро", "Түштүкэлектро", "Ошэлектро", "Жалалабатэлектро". Бул үлөштүрүп-соодалачу компаниялар (УСК) акционердик коом деп аталганы менен колунда кокон акциясы жок. Электрокомпаниялар акцияларынын 83%ы Маммүлкфондго, 10% Соцфондго таандык. "Кыргызглавэнергону" ким жана эмненин негизинде минтип бөлгонүн эчким түшүнбөйт. Кудум Батыш бизнесмендеринин ылакап сөзүндөй: "Акча чачуунун жакшы жолу - башкалардын акчасын чачуу". УСКлар дал ушул принцип менен башкалардын акцияларын пайдаланат. Электрдин бир тармагынын бухгалтериясы менен менеджментинин мындай үлөштүрүүчү арамза амалы электрэнергиясын зээн-жайкын талап алууга гана арналганын байкоо кыйын эмес. Ошон үчүн электр энергиясынын эмне болуп таланып, жоголуп атканына эчким жооп бербейт. Анткени мамлекет стратегиялык суперпродуктунун баркын билип, баасын бычканга жарабай, атайын же социалисттик өнөкөттүн күүсү мененби, айтор аны эмдигиче кызмат товары гана карап жүрөт. Мамлекеттин бардык жетекчилери менен парламент электр - бул суперпродукт экендигин, ал бизде бар жана жок энергетика ресурстарынын ордун басарын, электр энергиясын бүгүн да, эртең да, атүгүл түбөлүк өздөштүрүүгө бизде мүмкүнчүлүк бардыгын, бардан дагы ал биздин эле эмес, келечек муундардын байлыгына жатарын түшүнмөйүнчө - бул тагдыр чечер тармактын иши жоголсо жоголот, эсели оңолбойт.

Энергетика жана энергия менен камсыз кылуу маселесине келгенде биздин чиновниктердин бетсиздиги, адистик камылгасынын жоктугу, каратыш туруп карапайым калкты ууру тутканы төбө чачты тик тургузат. Эми мына, электр энергиясы кайдан агып, кайда кетип атканын ылгабай, чыныгы алдым-жуттумдарды кармабай туруп, элибизди ууру тутуу менен мамлекеттин акыркы майлуу тармагын четелдик кожолордун колуна бергени калдык. Бул **образдуу айтканда, бүт үйбүлөндү баккан уйдун желинин кесип сатканга тете. Алкымын араандай ачкан биздин приватизаторлорго уй менен желин экөө бир тирүү организм экендигин түшүндүрүп коер жан барбы?** Республиканын өсүп-өнүгүшүнө өзүбүздөн да четелдик инвесторлор өңгөчө кызыкдар деп ким кепил

болот? Алар акысын төлөбөсө, төлөгөндө да штрафы менен төлөбөсө, айрым үйлөр тургай, бүтүндөй район, шаарларга электр бербеси турулуу. Бир же эки саатка эмес, жумалап, айлап, жылдап. А эмне үчүн төлөбөгөндөргө электр энергиясын өзүбүз өчүрүп коеалбайбыз? Кыязы эл кайрадан козголуп, Акүйдү курчап, жамбаштап жатып бийлик жүргүзүүгө жолтоо болот деп коркобуз го. Бир-эки пенсионер же бирканча үйбүлө төлөбөгөнү үчүн, айталы, Чубайс эки жумага бүтүндөй кичирайонго электр бербей койсо, калган эл унчукпай карап жатат деп ойлойбу же?.. Жок, алар Чубайска каршы чуу чыгарганга да жарайт. Акүй да апапак бойдон калбайт. Анан буга Кремль кошо кийлигишип, эларалык чууга чубалат. Концессия бардык каргашадан сактаар калканыч эмес, тескерисинче эларалык деңгелде карама-каршылыкты пайда кылар тамызгы болушу да ыктымал.

Концессия укугуна ээ болгондор келер замат эле энергетиканын эскирген жабдыктарын ремонттоп жана реконструкциялап, электр тарифин жеңилдетүүгө аракет этип, кыргыз жакырчылыгы кыйынчылыгын кошо тартышат деп ойлоо, жумшартып айтканда, аңкоолук. Менчик инвестор жөнөле келбейт, анын бергенимди беш эсе көбөйтүп алсам деген максаты болот, анан да өз Атамекенинин кызыкчылыгын унутпайт. Бүт кыргыз эли кызылдай мээнети менен өндүргөн даяр продукциясын, болгондо да бүткүл боруму менен жасалган тунтунук алмаз ташын концессияга берүү деген кеп, биринчиден, энергетика тармагына Кыргызстан ээлик кылалбайт дегендик, андан нары бюджет өзөгүн түзгөн (жүздөгөн миллиард акча), ошол эле учурда канча бир кылымга чейин түгөнгүс продукция бере турган байлыкты өлкө граждандары өз кызыкчылыгына пайдалануу укугунан айрылат деген сөз. Элдин электр энергиясы деген мандайга бүткөн түбөлүк ырыскысын четелдиктерге берүү - Атамекенге чыккынчылык кылган кылмышка тете. Окурманга мындай кескин, орой патриоттуулук олдоксон сезилсе, кечирип коюшсун.

Эл өз өлкөсүнүн жолбашчыларын (президент, премьер-министр) эмне үчүн шайлайт? Адамдар электр уурдаган, бир кесим нан үчүн бирин-бири өлтүргөн акыбалга жетпеш үчүн. Өлкө тагдырын, өз тагдырын ошого ишенип тапшырат. Эларалык байкоочулар "кылым аферасы" атаган канадалыктар менен Кумтөр боюнча келишим түзөрдө Н.Танаев алтын шилекейди кандай гана чачыратып, кыргызстандыктарды капыстан түшкөн "алтын бакытка" кандай гана көмдү эле. Ушу тапта бакыт түгүл Танаевдин өзү жок. Канадалыктар бүгүнкү күнү кенибизден 200 тонна алып чыгып кетти. Өздөрүнүн жанынан кен казууга бир тыйын

чыгарган жок. Бардыгы биздин карыздын эсебинен. Бизге албетте итке сөөк ыргыткандай бирдеме ыргытымыш этип, дагы 700 тонна казып алып, ошол бойдон куйрукту түйүп, шуу коет. Анан биз канадалыктар канчалык айыкпас дартка чалдыктырса да жерибизди өзүбүзгө калтыргапына каниет кылып калаберебиз. Концессиянын бул ачуу тажрыйбасы кыргыз бийлигине сабак болбогону өкүнүчтүү.

Албетте концессия карандай зыяндан башка эчнерсе алып келбейт деп эчким айтпайт. Бирок концессияга канча мөөнөткө, кандай шарт менен берилиши керек - бул тагдыр чечер маселе. Ал бүт кыргыз элинин атынан, бүт кыргыз элинин макулдугу менен гана чечилиш керек. Өлкө каражаттан өтө каржалып турган бүгүнкүдөй мезгилде Нарын дайрасынын бир-эки, мүмкүн үч өңүрүн концессияга берүү керектир. Кыргызстан экономикасын өнүктүрүүгө катышкысы келген инвестор, мейли, бир эмес бир нече ГЭС курсун.

ЭКОНОМИКА, БИЗНЕС, ИШКЕРЛИК ЖӨНҮНДӨ

Табылды Эгембердиев: "Бизнесмендерге өмүр бою акча жетпейт"

"Обон" гезити,
25-январь, 2010-жыл

Ийгиликке, байлыкка бири акылы менен жетсе, бири башкача жол менен жетип, жемишин көрөт. Кыргыздар айтмакчы "таман акы, мандай тер" менен байлыкка жеткен "Шоро" фирмасынын жетекчиси Табылды Эгембердиев ийгиликтин сырлары менен бөлүшүп берди.

- Азыр "Шоро" десе сизди, Табылды Эгембердиев десе "Шоро" суусундугу көз алдыбызга тартылат. Ушул өзгөчө бизнести эмнеден баштадыңыз эле?

- Эми бул үй-бүлөлүк бизнес десем болот, иним экөөбүз 1987-жылы алма сатып соода кылчубуз, "баягылар алма сатып калыптыр" деп айтышат деп элден уялып, колхоздун чирип жаткан алмасын түнү менен терип, жаман жигулибизге салып, борборго келчүбүз. Бир жолку саткан алмабыз төрт айлык акынын акчасын берип турчу. 1992-жылы максым сатсак кандай болот дедим, идея меники болду, иним колдоду. Максым жакшы ийгилик жаратаарына көзүм жетти. Анткени үйгө келген коноктордун алдына кола, лимонад койсоң ичпейт, максымды болсо талап кетишет. Башында апам баштап берди. Биздин үйдө нан жебей, эт жебей калган күндөр көп болгон, бирок максым ичпей калган күн болгон эмес.

Максым жасабай калыш апам менен чоң апам үчүн трагедия болчу. 1968-жылы шаарга окууга келген кезим. Бир курдай Орто-Сай базарына барсам, эки келин максымын чакага куюп алып, базардын артындагы даараткананын артында милиция кызматкерлеринен жашынып сатып жүрүшөт. Ошондо "Максымды эмнеге уурданып сатышат" деп намыстанып, кыргыздын улуттук суусундугун кеңири жайылтам деп намыс үчүн баштадым. Үй-бүлөбүз менен биригип устав жаздык, кийин ошонун баары аткарылды. Тартпаган азабыбыз калган жок, башында апабыздын малын сатканбыз. Кийин иним үйүн сатты, он жыл батирлеп жүрдүк, жыланач калган күндөрүбүз болду. Эми кудайга шүгүр, өжөрлүктүн аркасы менен ушул ийгиликке жетип отурабыз.

- "Шорону" Кытайга кеңири таркатабыз деген максатыңар канчалык деңгээлде ишке ашты?

- Ал жердин менталитети башкача экен, анан да кыргыздардын саны аз. Анын үстүнө заводду эл аз жерге куруп алыптырбыз. Кийин Үрүмчүгө курсак болмок экен деп ойлонуп калдык. Кытайдагы бизнесибиз көп машакатты, убакытты алгандыктан токтотуп койдук.

- Бир курдай "Шорону" бир жолу куюла турган стакандарды арыктагы сууга чайкап куюп берип жатканына өзүм күбө болуп калдым эле...

- Андай акмактар да бар, бирок стакандар эсептелип берилет. Андай болушу мүмкүн, аны мен тана албайм. Кээ бири шорону бөксө куюп акча тапкандар да бар. Анын баарын текши көзөмөлгө ала албайм. Ал үчүн ар бир кызга бир кароолчу коюшум керек. Анда да кашайып, ал кыз кароолчу менен сүйлөшүп алат, анан экөөнүн үстүнө дагы бирөөсүн коюшум керек дегендей...Пейли бузулгандар толтура.

- Адамдын ушундай деңгээлге жетишине өжөрлүк менен акчадан башка дагы эмне керек?

- Башты иштетиш керек, ар бир адам өз мүмкүнчүлүгүнө жараша иш кылганы туура. Биз эмне үчүн максымдан баштадык, ошол кезде бизде жер, техника жок болчу. Мамлекеттен эч нерсе менчиктештирген жокпуз. Биринчи максымды жасаш үчүн апамдын Арашандагы үйүнөн баштадык. Үч жыл ошол жерде болуп, анан Бишкекке көчүп келдик. "Колуман эмне келет" деп биринчи ойлонуп алып, жашаган шартына, адамдарга эмне керек деп ой жүгүртүп туруп бизнес баштаган оң. Кыргыздар жалкоо калк эмеспизби, бир жумушту баштаары менен эртеси эле байып кеткиси келет. Илгери бир уруунун жылкысын экинчиси чаап келип ошону менен элин багып баатыр аталышкан. Мал багып, койдун артынан ээрчип жүрө берген деле жалкоонун жумушу. Ал эми иш кылып, там салыш бир азап да.

Кытайга барып таң калдым. Уйгурлар буудай айдаганы менен чапканды билишпейт экен. Кыргыздарды жалдап чаптырышат. Там сал десең кыргыздын жаны чыгат, буудай, чөп чапса жумуштун майын чыгарышат. Менин айылымда деле баарына бирдей жер, бирдей шарт, бирөө миң кой айдап жүрөт, бирөөнүн бир кою жок. Буга ким күнөөлү? Чыдамкайлык, сарамжалдуулук керек. Кыргыздын чөнтөгүнө акча түшсө той бергенге шашат. Бири-бирине кошумча берип жатып, арак ичишип болгон акчасын жок кылышат. Жакшы жашайын деген максат керек, жөнү жок чыгымдарды токтотуш керек. Мен туугандарыма барганда: "Үшүсөң сен үшү, малың үшүбесүн, биринчи там салбай, сарай сал. Малың жылуу жерге жатып көбөйгөндө байлык өзүнөн-өзү келет" деп көп айтам. Илгери кыргыз учурашканда "мал-жан аманбы?" дешчү, биринчи малды анан жанды сурашат. Чынында эле мал болбосо кыргыз кырылып калмак да. Ал эми Кытайда болсо мындан жыйырма-отуз жыл мурун "сен тамак жедиңби?" деп учурашчу экен. Ачарчылыктын азабын, кыйынчылыктарды көп тарткан калк да. Анан убакыт эң негизги байлык экенин көпчүлүгү билбейт.

- Шаан-шөкөт демекчи, сизге да тойлорго чакыруу көп келсе керек?

- Бир күндө үч-төрт жерден келет. Шартың, убактың барбы аны менен иштери жок. Илгери тойго чакырылбай калсаң "Мени киши катары санабайт" деп таарынышчу, азыр болсо көпчүлүгүнүн жумушу бар. Анан да барган жерине он сааттан ашык отурушат. "Таарынсаң Таласка кет" деп көпчүлүк учурда барбай коём. Анткени менин убактым тар, ишим көп. Бай деген Европа өлкөлөрүндө да акчаны бизчелик ысырап кылышпайт. Ал сарандыктан эмес, принциптен. Курсагы 200 грамм этке тоюп турса, эки килограмм этти бышырышпайт. Бизчилеп килтейтип устакан тартып, үйүнө салып бербейт. Бирөө каза болсо беш-алты бээ союшуп өзүнчө эле тойго айландырышат. Биз деле ошол тирүү жүргөн бээни байлык катары кабыл алсак, кийин бир керекке жарамак. Аны көпчүлүгү түшүнүшө бербейт.

- Принцип деп калдыңыз, өзүңүз акчаны кандай принцип менен коротосуз?

- Мен акчаны эсептебеген кишимин. Чөнтөгүмө көп деле акча салбайм. Болгон каражатты өндүрүшкө салганга аракет кылам. Өзүмө бут кийим алсам да заарканып турам, "ушул акчаны өндүрүшкө салайынчы" деп. Көп той бербейм, элүү жылдыгымды да берген эмесмин. Балабакырага той берсем да элүүдөн ашык киши чакырбайм, чакырсам да экиүч саатка чакырам. Коноктorго көп барбайм, өзүм да көп конок

чакырбайм. Керектүү кишилер менен бизнес тууралуу сүйлөшөм. Бир ооз сөз менен айтканда коноктордун санын болушунча кыскартканга аракет кылам. Мен жасаган ишимден гана рахат алган кишимин. Бизнес бул карта сыяктуу адамды азгырат. Алдыга койгон чоң пландарым бар. Кычырап кийингенди, галстук тагынганды аябай жаман көрөм. Мынабу "Супараны" бир жарым жылда курдум, өзүм кошо өтүк кийип баткак кечип иштеп жүрдүм. "Супараны" курганымдын негизги максаты-кыргыздын илгерки маданиятын, каада-салтын китептен эмес көз менен көрсүн деген ой. Келген элдердин баары ыраазы болуп жатышат. Чет мамлекеттен келгендер жарым саат сүрөткө тартып жүрүшөт. Алар жалтырак-жултуруктан тажап, кыргыздын илгерки турмушун, тарыхын көргөнгө кызыгып келишет да. Булактын суусуна, очокко бышкан тамакка кызыгышат, чайды самоордон ичишет. "Супараны" курганга көп деле каражат кеткен жок, өзүнүн ташы, топурагы менен курулду. Мен үчүн акча көп мааниге ээ эмес десем көпчүлүгү ишенишпейт. Акча мен үчүн алдыга койгон максатыма жетүүгө жардам бере турган каражат.

- Кайырчыларды көргөндө кандай ойго жетеленесиз?

- Адамдын тагдыры өзүнүн эле колунда болот. Биздин өлкөдө укмуш байып кетпесең да кара жаныңды тыңыраак багып кетүүгө мүмкүнчүлүк бар. Көчөдөн лолу, цыгандарды көрсөм бир тыйын да карматпайм, өлөрчө жек көрөм. Кайырчылык алардын кесиби. Мастарга да бербейм. Бирок ушунчалык таптаза кийинип алып турган орустун кемпирлерин көргөндө суратпай эле машинеден өзүм түшүп барып, чоң суммадагы акча берем. Алардын көпчүлүгү мурда мугалим, доктур болуп иштеп жүргөн интеллигент адамдар болушат. Айла жок кайыр сурап чыкканы көрүнүп турат. Андайларды көргөндө боорум ооруйт.

- Карызга көп акча бересизби же карызга көп аласызбы?

- Бизнесимди карызга алып жүрүп бүтүрдүм. Кредитим да бар, карызым да, аласам да бар. Анан карызга берген акчамдын кайтканын көргөн жокмун. Жаман көргөн кишиңе, тууганыңа карызга эле акча берип коюш керек экен. Ошондон нары жоголот. Мен көп иштейм, аз уктайм. Толтура пландарым бар, бир эле проблема- акча жетпейт. Биз бизнесмендер өлөөр-өлгөнчө акча жетпей, акча издеп жүрүп өлөбүз. Жеп-ичиш үчүн эмес, бир иш кылыш үчүн акча издейбиз. Бирок, акчаны кредитке алганда деле ченеп алабыз, башыңдын баарын салбай кесип алса да калганы калат деп чыканакка чейин эле салабыз.

Булагы: URL: http://www.kg.zpress.kg/news/news_only/3/5252.py

Табылды Эгембердиев: "Улуттук суусундуктун бардык түрүн чыгарсам дечүмүн, кыялым ишке ашты"

22-апрель 2013-жыл

Ишти нөлдөн баштоо же жоктон бар кылуу - тобокелдикти жана эркти талап кылган кадам. Биздин каарманды да жоктон бар кылган эмгекчил деп мүнөздөсөк болот. Жаңыдан иш баштап жатканда капчыгында 4 кой, 2 эчкинин сатыгынан түшкөн гана акчасы болгонун айтат каарманыбыз. Ошого карабай, жаңыдан эгемендик алып, өз алдынча түтүн булата баштаган Кыргызстанда мурда болбогон бизнес түрүн баштап, аны бутуна тургузуп кете алды. "Ийгилик сырынын" бүгүнкү каарманы "Шоро" компаниясынын негиздөөчүсү Табылды Эгембердиев.

Туулган жылы, күнү – 1951-жыл, 14-январь

Туулган жери – Чүй облусу, Бухара айылы

Билими – Кыргыз техникалык университети

Үй-бүлөлүк абалы – Жубайы Жаңыл, 3 кыз, 3 уулдун атасы

"Иштин башы 2 казан максым..."

– Кичине кезибизде нан же эт жебей калган күндөр болгон, бирок максым ичпей калган күн болгон эмес. Талаада чөп чапканда болобу, мал кайтаргандабы, айтор, дайыма бир идишке максым куюп алып нан менен ичип жүрө берчүбүз. 1967-жылы айылдан шаарга келдим, көнгөн жаным аябай максым ичким келет, бирок жок. 2 келин "Орто-Сай" базарындагы даарат кананын артында милиция кызматкерлеринен жашынып максым сатып жүргөнүн көрүп, "бардык суусундуктар ачык эле сатылып жатат, бирок максымга орун жок" деп ичтен аябай нааразы болгом. Кийин мен публицист болуп иштеп жүрдүм, тапкан акчам эч нерсеге жетпейт, ачка калган күндөрүбүз болду. Анан улуттук суусундукту эркин сата албаганыбызга ичтен сызып жүргөндүктөн, 1992-жылы максымды кантип жасап, ачык сатып баштоо керектиги тууралуу иликтей баштадым. Көрсө, ал үчүн таза жай, уруксат кагазы болуп керек экен. Ошондон соң өзүм иштеген жердин ашканасын актап, сырдап, санитардык эпидемологиялык станциянын кызматкерлерине көргөзүп уруксат кагазын алдык. Уруксат кагазды чөнтөккө салып коюп, баягы жерди кулпу менен бекитип, апамдын 4 кой, 2 эчкисин сатып, үйдөн эле максым жасоону чечтим. Алгач 2 казан максым жасап, базарга жөнөттүк. Балдар түшкө жетпей эле келип калышты. "Ой, эмне болду?" десем "сатып бүттүк баарын" дешет. Эртеси күнү 4 казан максым даярдадык, ошентип уланып кетти.

"5 тонна максым жасоо үчүн 30 адам иштечү"

– Башында максымды өтө арзан сата бериптирбиз, баасын көтөргөнгө акылыбыз жетпептир. Бизнес деген түшүнүк жок да. Түшкө жетип-жетпей максым түгөнөт. 30 чакты киши күнү-түнү тынбай иштеп 5 тонна максымды араң жасачу. Иним Жумадыл күнүнө 2-3 эле саат уктачу. Азыр анча көлөмдөгү максымды 1-2 эле киши жасап коёт.

"Ушуну менен кантип өнүкмөк элең" деп мени шылдындашчу"

- КДКнын идеология боюнча катчысы болуп иштеп жүргөн учурум... Жыргаган айлыгыбыз деле жок. Бир күнү бизнес тууралуу сөз боло калганда "мен максым жасап сатам" десем демократ досторум шылдындап күлүп калышты, "ушуну менен кантип өнүкмөк элең" дешип. Алар менин чаначтан максым куюп көчөдө отурганымды элестетип жатышты окшойт. Ал эле эмес, айылдагы туугандарым да менин максым сатып калганымдан уялып, анча-мынча учурларда сөзгө сынып жүрүш-көнүп кийин уктум. Алардан айырмаланып, иним экөөбүз максымдын келечегине толук ишенчүбүз.

"Иним "бизнеске өт же саясатчы бол" деген"

- Ал учурда бизнес менен саясатты чогуу алып жүрүү өтө опурталдуу иш болчу. Бийлик тараптан мага кысым болуп, 6 ай бою текшерүү келип, абдан жүдөттү. Ошондон кийин бир күнү иним келиптир, "сен же бизнеске өт, же саясатчы бол. Ишкананы мен жетектеп жатам, камаса биринчи мени камайт" деп. Ошондон кийин публицист катары макала жазганды токтоттум. Бизнеске толук өттүм. Чыгармачыл адам экенмин, башкаруу маселесине такыр эле кызыкпайм. Ошон үчүн инженердик билимиме таянып максым жасоонун жаңы, оңой технологиясын жасап чыктым. Азыр талканды гана кол менен салганы болбосо, калган жумуш кнопканы басып, кранды ачып-жабуу менен бүтөт.

"Улуттук суусундуктун бардык түрүн чыгарабыз" деген тилегибизге жеттик"

- Ишти өнүктүрүү үчүн банктан 4 миллион рубль насыя алдым. Банктын төрагасы "20 миллион рубль берем" деп калды, ииниме айтсам "сени элге төбөсү көрүнүп калган киши дейт, кокус төлөй албай калсак уят болосуң" деди. Ошентип, 4 миллион рубль насыя менен эле токтолдук. Балким, 20 миллионду алып алганда, максымды таштап соодага өтүп кетмекпиз. Адам бир максатты көздөгөн соң анын аягына чыгыш керек. "Эки тоонун чөбүн эңсеген кийик ачка калыптыр" дейт го. Анын үстүнө менин максатым акча табуу гана эмес болчу. Максым - кыргыздын улуттук суусундугу, улуттук тамактарды өзүбүз барктабасак ким баалайт? Иним экөөбүз отуруп алып "кыргыздын суусундуктарын, тамак-ашын бүт

чыгарабыз" деп ыкшыйчубуз. Кудайга шүгүр, суусундуктун бардык түрүн чыгарууга жеттигиз.

"Өзгөчө идея мага ишиним келгендерге гана келет"

- Улуттук суусундуктун башка жаңжал суу чыгарууга карабай китептерди окуп чыктык. Кайсы жерден суу келгенин жабык суу куюучу жабдыктан 3 эсе кымбат экен. Бир китепте "эң таза суу бөлөкөй таяк суусу, бирок ал жер жаңы күз мезгилинде бүлүнүшү мүмкүн" деп жазылыптыр. Анан түз жерде сынап бүлгөнүп, эң эски технология кайсын булганат, бул таза суунун эмнеге кайрылып келгени керек деп ойлондук. Мындай ой кыргызга, анын ичинде мага окшогон келгендерге гана келет. Себеби европалыктар ачкыч кантер технологияга гана ишенет. Ошентип, биринчи экспериментти жасадык. Бир бүтүк таяк, анын 50 бөтөлкөгө суу куйдук. Дагы 50 бөтөлкөгө кранган алынган суунун куйдук. Бир апта өткөн соң кранган куйган суу жыпынын келип. Булактын суусу 5 ай өтсө деле эч нерсе болгон жок. Анан "эң, ошо" дедик да, 150 миң долларга жарым автоматтык жабдык сатып алып, суу куя башталык. 3 жыл өтпей суу бизнесинде ашыгы чыктык. Биздин ашуу эле кең акча коротуп суу бизнесин башкалардан банкрот болуп калышты. Сабейи алар алган кымбат технологиясынын таянып коросуундагы химиянынын суусун тазалап куя башташты. Биз болсо мекүдөн чыккан суунун тазалабай эле куюп жатпыз. Ичкен эл суунун кандай машинада куюлганына эмес, даамына карап баалайт экен. Мен Чүй облусундагы булактын баарын текшерип жүрүп, талапка жооп берген, жомоктогудай таза булакты кокустан таап алгам.

"Той берсем досторумду чакырбайм"

- Азыркы "Сулара" комплекси жайгашкан жер мурда эч ким албай койгон саздак жер болчу. Бака менен жыландан башка эч нерсе жок эле. Алгач бул аймакты өзүмө үй салайын деп сатып алгам. Анан кайра ойлонуп, "ушундай жерде жалгыз жашагыча элиме бир пайдасы тие турган жай курайын" дедим. Кудайга шүгүр, бул жерди ондоп-түздөп, бак-дарак тигип, жакшынакай жайга айлантып койдум. Боз үй, таш үй кыргыздын канына сиңип калган да. Кыргыздын каада-салтын, жашоо-турмушун унутта калтырбай, өнүктүрейүн деген максатта ушул борборду курдум. Иштегенди жакшы көрөм, мына азыр деле капкара болуп жер казып иштеп жүрбеймбү. Бош убактым жок, иштөө мен үчүн жыргал. Журналисттер интервьюга, достор тойлорго коп чакырат, а менин баргым келбейт. Анткени убакыт аз. Той берсем, бир да досумду чакырбайм, тууган уруктун арасында гана чакан той өткөрүп коём. Себеби

досторумдун убактысын алгым келбейт. Мени чакыргандар көп. Убактың барбы-жокпу, аны менен алардын иши жок. Тойго барып 8 саат отурасың, ал убакытты кийин эч ким кайтарып бербейт. Ансыз деле адамга аз эле өмүр берилген, бул аралыкта бир нерсе жасап үлгүрүү зарыл.

"Келечектеги пландарым...."

– Чыгармачыл адам катары көп ойлоном. Андай адамда сөзсүз бир идея жаралбай койбойт. Жашоодо эч ким жасай элек нерсени жасагым келет, ал оюмду менин жасаган иштерим далилдей алат болуш керек. Келечекти айтсам, план толтура, кендирди кескен баягы эле акча маселеси. Учурда туризмди, өзгөчө жайлоо туризмин өнүктүрө турган бир түшкө кирбеген долбоордун үстүндө иштеп жатам. Анын келечегине да толук ишенем.

"Менин ийгилигимдин сыры..."

– Ийгиликке жетүү үчүн адам алдына максат коюшу керек. Максаты жок жашоо жашоо эмес, ал жөн гана "качан өлөм?" деп күн өткөрүп кыйналуу. Адам абдан өжөр жана чыдамкай болушу да маанилүү. Дагы бир маанилүү нерсе – пайдасыз нерселерге кетирген чыгымды азайтуу. Бир күндө байып кетем деген туура эмес, бирөөгө эмес, адам өзүнө гана ишенип, алдыга умтулушу зарыл. Азыркы жаштар иш баштоо үчүн акча керек дейт, акча, байлык ошол билимде жатат. Билимди сенден эч ким уурдап же тартып ала албайт, ал түбөлүктүү байлык.

Даярдаган: Ширин Жумадилова

Булагы: URL: http://www.super.kg/kabar/news/16693/

90-жылдардын [illegible] абдан ачуу-аянычтуу мезгил [illegible] баштап, Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын Комитетинин тарыхый чечими Пленумунан (1985-жыл) кийин, бардык союздук республикалар сыяктуу эле, Кыргызстанда демократиялык өнүгүүгө каршылык, эркиндикке, айкындуулукка болгонтаалап, ооба, салтуу кез карашта[illegible] аракеттери башталган. Эл ез оюн, пикирин, бийликке болгон талабын жалаң тең, жапырлап эмес, жамаат же уюм болуп айтуунун жакшы түшүнө башталы. Жер-жерлерде "Ашар", "Демилге", "Көк-Жар", "Мемориал", "Дайкан Орто", "Эколог", "Жаш тарыхчылар жамаатты", "Демос" ж.б. ондогон бейформал уюмдар түзүлүп, ишмердиги баштап жатканы белгилүү болгон. Ал тургай Москвада окуп, иштеп жаткан кыргыз жаштары "Акыйкат", Ленинград шаарындагы механизаторибиз "Ак кеме" уюмдарын уюштурушуп, Ала-Тоодогу ачылган демократиялык уюмдар менен сабаалап экендиктерин билгизишкен.

1986-жылдын 17-18-декабрларында Алматыда "Желтоксан" деп аталган козголоң болуп, анда казак жаштары коммунисттик идеологияга каршы ошол кездеги Союздун алкагында алгачкылардан болуп наразычылык уюштурушуп, Д. Кунаевдин ордуна Казахстанда мурун эч бир иштеп көрбөгөн Ульяновск облустук партия катчысы Геннадий Колбиндин ордуна жергиликтүү улуттун өкүлүнөн дайындоону талап кылып чыгышкан эле. "Желтоксан көтөрүлүшү" миндеген жазыксыз, эркиндик үчүн умтулган казак уулдарынын жана кыздарын кордук, зордук көрсөтүп, курал колдонуп, өлтүрүлүшү миндеген кыргыз элин, өзгөчө анын жаштарын кайдыгер калтырган жок. Кыргыз уул кыздары атайын топтолушуп, Казак Республикасынын чек арасы болгон Кордой тоосуна чейин жеткенде мамлекеттик коммунисттик бийлик күч менен кайра кайтарган. Алма-Ата шаарында болгон жаштар менен студенттердин КПССтин кадр саясатына каршы чыгуулары бийлик тарабынан күч менен басылган. Мындай ачыктан-ачык каршылык көрсөтүү акциясы өзүнүн масштабы боюнча да буга чейин СССРде болуп көргон эмес. Кийин анын таасири бардык союздук республикаларга, аның ичинде Кыргызстанга да тийген. Кыргызстандагы улуттардын көпчүлүгүн түзгөн кыргыз улутунун саясий, социалдык-экономикалык жактан укугун, улуттук өзгөчөлүктө өнүгүүсүн чектеген, өтө эле борбордошкон

административдик-командалык башкарууну алып таштоону, толук эркиндикке жетүүнү талап кылган кыймыл-аракеттер башталган.

1989-жылы жай айларында СССРдин эл депутаттарынын съездинин өтүшү, анын телекөрсөтүү жана радио аркылуу бүткүл Советтер Союзу боюнча түз берилиши Кыргызстандагы элдин этностук ар-сезимин тездетип күчөтүүгө, ички маңызын байытууга татымдуу азык болгон. Ошону менен бирге Борбордук Азиялык республикалардан, анын ичинен Кыргызстандан барган эл депутаттарынын "пассивдүүлүүгү" жана "агрессивдүү унчукпастыгы жана камырабай отургандыгы" алардын шайлоочуларынын арасында өкүнүчтү, ызаны, өзүлөрүнүн депутаттары үчүн уялууну пайда кылган. Элдин ар-сезиминде бекем унитардык саясий түзүлүштү орноткон, демократиянын багытына кайчылаш келе турган "күчтүү борбор-күчтүү республикалар" деген Съезддеги айтылган ойго каршы "күчтүү республикалар - күчтүү союз" деген формула терең сүңгүп кире баштаган.

1985-жылы СССРде М.С.Горбачевдун бийликке келиши менен башталган кайра куруу жана маалымдуулук жылдарында эне тилдин таралышы жана кылган кызматынын мейкиндигинин кеңейиши, терендеши үчүн болуп көрбөгөндөй кызуу талкуу башталган. Окумуштуулардын эсеби боюнча, кыргыз тили 96 коомдук чөйрөнүн ичинен 23-дө гана, 59 райондун 11-де гана толук кандуу пайдаланылган. Кыргыз коомчулугу кыргыз тилинин өсүп-өнүгүшүндө мамлекеттик органдардын эч кандай көзгө көрүнүктүү иш-чара жасабагандыгы кыргыз журтчулугунда, өзгөчө көркөм чыгармачылык, илим чөйрөсүндө чоң нааразычылыкты туудурган. 1989-жылы май айында Ч.Айтматов менен Т.Сыдыкбеков башында турган 41 жазуучу, акын, илимий ишмерлер Кыргызстан коммунисттик партиясынын Борбордук комитетине кыргыз тилинин коомдогу функциясынын тарышы жана кедейлениши жөнүндө тынчсыздануу менен кайрылышкан. Кыргыз ССРинин Жогорку Совети 1989-жылдын 23-сентябрында кыргыз тилине бир добуштан мамлекеттик тил макамын берип, кыргыз тили өлкөдөгү мамлекеттик тил деп жарыяланган.

1987-жылы Кыргызстанда биринчи жолу Африкадан келген учкуч-студенттердин ВИЧ/СПИД менен ооруганы аныкталып, республикадан департацияланган. 2000-жылга чейин республикада 53 ВИЧ инфекцияланган адам катталса, анын 14ү кыргыз жарандары болгон. 1996-жылы катталган биринчи кыргыз жараны Германия менен соода аракетин жүргүзгөн бишкектик айым болгон.

Ошол себептен улам *1989-жылдын 6-июнунда* Кыргыз Республикасынын саламаттыкты сактоо министрлигинин №188 буйругу менен республикалык "СПИД" бирикмеси жана Ошто СПИДди алдын алуу жана ага каршы күрөшүү борбору ачылган.

1989-жылдын СССР Министрлер Советинин Баалуу металлдар жана алмаздар Башкы башкармалыгынын Тоо Алмаздуулугу институту тарабынан «Кумтөр» алтын кенин өздөштүрүү боюнча биринчи техникалык-экономикалык негиздеме жазып чыккан. Бирок кенди иштетүү ал жердин уникалдуу экологиясына орду толбос зыян келтире тургандыгы болжолдонгондуктан өздөштүрүү ошол бойдон башталбай калган.

Бишкек жана башка шаарларда жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн дээрлик көпчүлүгүнө жашагын үйлөрүнүн жоктугу, батирлерде жашап келиши алардын арасында нааразычылыкты пайда кылган. Этносоциалдык маселелерди көтөргөн алгачкы митингди Бишкек шаарында *1989-жылы жаз айларында* кыргыз жаштары уюштуруп, борбор калаанын чет жакаларындагы айдоо аянттарын мыйзамсыз түрдө басып ала башташкан.

Жер үчүн болгон тирешүүнүн үйсүз жаштардын жеңиши менен аякташы, жерлерди алууга укук алышы, алардын саясий, улуттук ар-сезимдерин андан ары өстүргөн, алар талаптарын тереңдетип жана кеңейте баштаган. 1990-жылдын башында кыргыздардын саясий жана илимий катмарларынын өкүлдөрү, жаштары этносоциалдык маселеден, этносаясий, этномаданий талаптарды койгон митингдерге өтүшкөн. Бишкекте пайда болгон "Ашар", Ош шаарындагы "Ош аймагы" кыймылдары улуттук экономиканы, тилди, маданиятты жана салт-санааларды жандандыруу, калыбына келтирүү, аларды андан ары өнүктүрүү талаптарын кое башташкан. Бул кыймылдар, кийин пайда болгон улуттук коомдук-саясий кыймылдардын башатында турган. *1990-жылдын февраль* айында кыргыздардын саясий жана илимий катмарларынын өкүлдөрү менен жаштары: - Т.Чоротегин, Б.Талгарбеков, С.Мусаев, Ч.Базарбаев, Б.Омуралиев, Т.Абылкасымов, К.Кулуев, Т.Эшенкулов ж.б. мамлекеттин жетекчилери менен болгон жолугушууда мамлекеттик тилдин абалы, экономикалык суверенитет, улуттук кадрды даярдоо, тарыхка болгон мамилени өзгөртүү, Нооруз майрамын жана айыл-кыштактардын, шаарлардын тарыхый аттарын кайрадан калыбына келтирүү, тамекинин өстүрүүнүн зыяндуулугу жана башка көйгөйлүү маселелерди козгоп курч, бетке тайманбай айтылган сүйлөшүүлөр жүргөн. Көтөрүлгөн маселелердин өзү эле, кыргыз жаштарынын саясий жана этностук ар-сезиминин бир кыйла деңгээлге көтөрүлгөнүнүн далили болгон.

Кыргыз ССРинин он экинчи, акыркы жолку, чакырылышындагы Жогорку Советине депутаттарды шайлоолор ***1990-жылы 25-февралда***, ал эми экинчи туру ***11-мартта*** болгон. Кыргыз ССРинин 1977-жылы кабыл алынган Конституциясына ылайык Жогорку Совет 350 депутаттан турган. Депутаттарды шайлоолор бир мандаттуу округдарда, шайлоолордун мажоритардык системасына ылайык жүргүзүлгөн. Республиканын территориясы шайлоочуларынын саны болжол менен бирдей болгон 350 даана шайлоо округдарына бөлүнгөн. Ар бир шайлоо округунда, орточо санын алганда, 5-7 миңден шайлоочулар болгон.

Жогорку Советтеги 350 депутаттык орунга 875 талапкер катталып, ат салышуу ачык таймаш түрүндө өткөн. Республика боюнча мындай атаандаштык көп болбосо да бул окуя саясий жаңы чыйрдын башталганынан, улуттук аң-сезимдин өзгөрүшүнөн, негизги баалуулуктардын алмаша башташынан кабар берген окуялардан болгон. Кеңеш бийлигинин буга чейинки тарыхында мындай альтернативдүү шайлоону өткөрүү советтик жарандын коммунисттик аң-сезимине сыйбаган, адамдын "үч уктаса түшүнө кирбеген" иш болгон.

Совет мезгилинде, административдик-командалык система үстөмдүк кылып турган шарттарында шайланган Кыргыз ССРинин он экинчи чакырылышындагы Жогорку Совети тагдыр чечүүчү окуяларга жык толгон, жоопкерчиликтүү ишмердикти ишке ашырган. Ал жаңы коомдун саясий-экономикалык жана укуктук негиздерин түзүп, демократиялык жол менен өнүгүүгө багыт берген, жеке менчик мамилелерине, экономикадагы базар мамилелерине жан киргизген.

Дал ушул Жогорку Совет тунгуч Президентти шайлаган, Кыргыз мамлекетинин аталышын өзгөрткөн, мамлекетти башкаруунун жаңы моделин түзгөн, эгемендүүлүк жана көз карандысыздык декларацияларын кабыл алып, аларды бүт дүйнөгө жар салган. Курамынын 90% дан ашыгы коммунисттик партиянын мүчөлөрү болсо дагы, ушул Жогорку Совет, ***1991-жылы 31-августа***, өзүнүн кезексиз чакырылган 6-сессиясында, "Кыргызстан Коммунисттик партиясынын ишмердиги жана мүлкү жөнүндө" токтом кабыл алып, ага ылайык, Кыргызстан Коммунисттик партиясы жоюлуп, ага тиешелүү мүлк улутташтырылган. Бул тарыхий кадам Жогорку Советтин өзүн-өзү танганга тете окуя болгон. Тарыхий чечимдерди кабыл алгандыгы үчүн бул парламент ошол мезгилде эле татыктуу түрдө "легендарлуу парламент" деген атка конгон.

Жогорку Совет, өз ишинин сессиялык мүнөзүнө карабай (алар жылына эки гана жолу-жазгы жана күзгү жыйындарга чогулушкан,

азыркыдай жыл бою туруктуу иштешчү эмес, депутатык маяна да каралган эмес, акчалай чыгымдары жокко эсе болгон) 1990-жылдын апрелинен 1994-жылдын сентябрына чейинки ишмердигинде пайдубалы жаңыдан түптөлүп жаткан Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн ички жана тышкы жашоо чөйрөлөрүн толук камтыган, мамлекеттик организмдин кан тамырларынын үзгүлтүксүз согуп турушун камсыз кылган, формасы жагынан да, мазмуну жагынан да, улуттук тажырыйбада буга чейин кездешпеген 256 мыйзамдарды жана 708 токтомдорду кабыл алган.

1990-жылдын 15-мартында СССР деп аталган жалпы мамлекеттик биримдиктин ичинде болсо дагы республиканы башкаруунун Президенттик институтунун киргизилиши Кыргызстандын соңку жаңы саясий тарыхындагы жаңы доордун башталышын билдирген. Миң жылдардан ашык убакыттан кийин бирдиктүү кыргыз улуту өзү дайыма тилеп келген, ага жетүү үчүн талбастан күрөшүп келген эгемендүү мамлекетти курууга, өз башчысын өзү эркин шайлоого жетишкен.

1990-жылдын 10-апрелинде Кыргыз ССР Жогорку Советинин 1-сессиясында Кыргыз ССР Жогорку Советинин президиумун жоюп ордуна Жогорку Советинин төрагасы кызматын киргизүү жөнүндө чечим кабыл алынып, бул кызматка А.Масалиев шайланган.

Ушул эле жылдын май айында саясий аренада буга чейин республикада аракеттенип келген демократиялык бейформалдуу коомдук-саясий уюмдарынын демилгеси менен Кыргызстан демократиялык кыймылы (КДК) пайда болгон.

Аны ар бири өз алдынча, чачыранды аракет кылып, жалпы максаты коммунисттик режимге каршы күрөшүү болгон 24 коомдук-саясий уюмдар биригип – КДКны уюштурушкан. Алардын катарында – «Асаба», «Ашар», «Атуулдук демилге», «Боорукер», «Ак-Кеме» (Ленинграддагы кыргыз студенттеринин жердешчилиги), Базар-Коргон, Жалал-Абад, Ысык-Көл, Кара-Балта, Майлы-Сай, Ош, Каракол, Талас, Токмок, Чолпон-Ата ж.б. көптөгөн шаарлар менен региондордогу уюмдар кирген. Уюштуруу конференциясы ***1990-жылы 26-27-майда*** Бишкек шаарында улуттук драма театрынын чоң залында өткөн. Юстиция министрлигинде 1990-жылы 11-ноябрда катталган. 1991-жылдын февраль айына карата КДК өз курамына 34 ар башка уюмдарды бириктирип, мүчөлөрүнүн жалпы саны 300 миңден ашкан. «Славян фонду», «Кыргызстан социал-демократтары», «Мемориал» клубу ж.б. республикадагы жашаган ар түрдүү улуттардын өкүлдөрүнөн турган уюмдардын КДКга мүчө болуп кириши бул кыймылга интернационалдуу мүнөт берген. 1991-1992-

жылдары бул кыймыл бытырандылыкка учурап, 1993-жылы 29-майдан – Кыргызстан Демократиялык кыймылы партиясы болуп кайра түзүлгөн. Эгерде айрым пост-советтик мамлекеттерде КДК сыяктуу мурдагы антикоммунисттик демократиячыл уюмдардын мүчөлөрү куугунтукталып, айрымдары набыт болуп, кээ бирөөлөрү бозгунда баш калкалап келсе, бүгүнкү күнү КДКнын мурдагы мүчөлөрү Кыргызстанда мамлекеттик сыйлыктарга ээ болуп, кезегинде парламент спикери, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын президенти, депутат, акыйкатчы, министр, облус акими, эл жазуучусу, илим доктору, профессор, ишкер сыяктуу кызматтарды же даража-наамдарды алып, Кыргызстанда жүзү жарык жүрүшөт. Бул феноменди Кыргыз Республикасындагы демократиянын жеңиши деп таанысак болот.

Кыргыз ССРинин 12-чакырылган Жогорку Совети *1990-жылдын 22-30-октябрларында* "Республиканын эл чарбасын турукташтыруу жана рынок экономикасына өтүү программасын" кабыл алган. Анда менчиктин түрдүү формаларынын өнүгүшү үчүн тең укуктуу шарттарды түзүү, менчикти баскыч-баскычы менен мамлекеттен ажыратуу жана приватташтыруу, суроо-талапка негизделген, бирок зарыл керек товарларга мамлекет жөндөп тургандай кылып бааларды эркин коё берүү сыяктуу жаңычыл максаттар коюлган.

Өлкөдө президенттик башкаруу институту киргизилгенге чейин эле Кыргызстан коому социалдык-экономикалык өнүгүүнүн базар малилелери моделин киргизүү багытын тандап алгандыгы ошол кездеги тарыхий маанилүү маселе болгон. Так ушул базар экономикасы батыштагы өлкөлөрдүн жетишкендиктеринин негизги идеологиясы болгон. Мына ушул идеологияга негизденип 1991-жылы январда Кыргызстанда алгачкы жолу жаңы экономикалык курс иштелип чыгып, өкмөт тарабынан бекитилген.

1990-жылдын 24-октябрында "Кыргыз ССРинин президенттик кызматын түзүү жана Кыргыз ССРинин Конституциясына (Негизги мыйзам) өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киийрүү жөнүндө" мыйзамды кабыл алган. Көп узабай, 1990-жылдын 27-октябрында Кыргыз ССРинин Жогорку Совети А.Акаевди Кыргыз ССРинин Президенти кылып шайлаган.

1990-жылдын 10-декабрында Кыргыз ССР Жогорку Советтин Төрагасы А.Масалиев кызматынан кеткен.

Ушул эле күнү Кыргызстан демократиялык кыймылынын алдында биринчи жолу «Адам укугун коргоо комитети» түзүлүп, анын биринчи төрагасы болуп Т.Акун шайланган.

1990-жылы 11-декабрда өз ишин баштаган он экинчи чакырылган Кыргыз ССР Жогорку Советтинин 3-сессиясынын 12-декабрындагы чечимине ылайык мамлекеттин аталышы – Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасынын ордуна Кыргызстан Республикасы -- деп жарыяланган жана СССРдин курамында кала берген, андан чыгуу жөнүндө маселе каралган эмес. Ошол мезгилге карата СССР курамына кирген союздук республикалардын бирөөнүн дагы аталышы өзгөргөн эмес. Алсак, кошуна өлкө Казахстанда "Казак Советтик социалисттик республикасынын аталышын өзгөртүү жөнүндөгү" мыйзам 1991-жылы 10-декабрда, бизден бир жыл бир айдан кийин, иш жүзүндө СССР жоюлгандан кийин, кабыл алынып, ушундан баштап Казахстан Республикасы деп атала баштаган. Ушул эле күнү Кыргыз ССР Жогорку Советтинин президиумунун төрагалык кызматына М.Ш.Шеримкулов шайланган.

1990-жылдын 14-декабрында кабыл алынган "Кыргыз ССРин облустарга бөлүүнү өркүндөтүү жана жаңы облустарды түзүү жөнүндө" деген мыйзамга ылайык Кыргызстан алты облус жана борбор калаадан туруп калган.

Жаңы түзүлгөн Чүй облусунун губернатору кызматына А.Жумагуловдун дайындалганынан улам, ал буга чейин ал ээлеп келген Кыргыз ССР министрлер советинин төрагасы - өкмөт башчысы – кызмат орду бошогон.

Ушул эле күнү Жогорку Совет "Кыргыз ССРиндеги мамлекеттик бийлик жана башкаруу органдарынын системасын реорганизациялоо жана Кыргыз ССРинин Негизги Мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киийрүү жөнүндөгү" мыйзамды кабыл алган. Бул Мыйзамга ылайык президент А.Акаев жалаң эле мамлекет башчысы макамын албастан, ушундан баштап аткаруу бийлигинин да башчысы - өкмөт башчысы болуп калган.

1990-жылдын 15-декабрда Кыргыз ССР Жогорку Совети суверендүү Кыргызстандын маанилүү документинин бири болгон "Кыргызстан Республикасынын мамлекеттик эгемендүүлүгү жөнүндө декларация" деп аталган документти кабыл алган. Анда "кыргыз калкы өзүнүн генофондунун, элинин бүтүндүгүн, улуттук мамлекеттүүлүгүн, маданий

жана тил мурастарынын сакталышына .... кам көрөт"[5], - деп белгиленген. Бул күн жалпы мамлекеттик майрам күнү катары жарыяланган.

1991-жылы 22-январда Кыргыз Республикасынын биринчи премьер-министри катары Н.Исанов бекитилип, өкмөттүн түзүмү аныкталган. Премьер-министр деп аталганы менен ал өкмөт башчысы макамына ээ болгон эмес.

1991-жылы 5-февралда Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин бешинчи сессиясында республиканын борбор шаарынын тарыхый атын калыбына келтирүү маселеси талкууланып, 1925-жылдан бери карай большевиктик кызыл-полководец, улуту боюнча молдован М.В. Фрунзенин атын алып жүргөн борбор шаарга кайрадан Бишкек деген баштапкы тарыхий аты берилген.

1991-жылы 17-мартта советтик мейкиндикте биринчи жолу "СССРдин бүтүндүгүн сактап калуу жөнүндөгү" жалпы элдик референдум болуп өткөн. Референдумда СССРдин шайлоо укугуна ээ жарандарынын 75,44 %ы катышып, катышкандардын 76,4 % СССРди сактап калуу зарылдыгын таанышкан.

Кыргыз ССР Жогорку Советинин ***1991-жылдын 10-апрелиндеги*** чечими менен Кыргызстан КП БКнын биринчи катчысы кызматынан А.Масалиев алынып, анын ордуна бул кызматка Ж.Аманбаев шайланган.

1991-жылдын 29-майында "1916-жылдагы көтөрүлүштүн 75-жылдыгы жөнүндө" токтом кабыл алынган. Ал токтомду ишке ашыруу жаатында жай айларында КДКнын активисттеринин катышуусунда 1916-жылдын улуттук-боштондук күрөшүнө арналган "Өмүр жолу" жөө жүрүшү болуп өткөн. Жөө жүрүш Чуй облусундагы Асылбаш деген айылдан башталып, Бишкекте биринчи жолу аянтка куран окулуп, анан жөө жүрүш Чуй облусун аралап өтүп, Балыкчыга жеткен. Анан жүрүшкө чыккандар экиге бөлүнүп бири Көлдүн күнгөй тескейи менен Каракол тарапка аттанып, экинчи тобу Кочкор аркылуу аталарыбыздын сөөгү калган Торугарттын ашуусуна чейин уланган.

Орусия Федерациясынын Президенти Б.Ельциндин Кыргызстан Республикасына биринчи расмий сапары ***1991-жылдын 20-июлунда*** ишке ашкан. Анын жыйынтыгында мамлекеттер аралык мамилелердин негиздери жөнүндөгү келишимге кол коюлган.

Кыргызстан Республикасынын Жогорку Совети ***1991-жылдын 31-августунда*** "Кыргызстан Республикасынын мамлекеттик көз

[5] Декларация о государственном суверенитете Республики Кыргызстан, г.Фрунзе, 15 декабря 1990г. № 273-XII/ ЦГА КР. Ф.1445.Оп.17.Д.2327 Б.115 – 120.

карандысыздыгы жөнүндөгү декларациясын" кабыл алган. Ошол эле күнү Жогорку Совет, өзүнүн кезексиз чакырылган 6-сессиясында, "Кыргызстан Коммунисттик партиясынын ишмердиги жана мүлкү жөнүндө" токтом кабыл алып, ага ылайык, Кыргызстан Коммунисттик партиясы жоюлуп, ага тиешелүү мүлк улутташтырылган. Кыргызстан коммунисттик партиясы жоюлган. Кыргыз Республикасынын президентин шайлоо жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамы кабыл алынган. Бул тарыхий чечимдерди кабыл алгандыгы үчүн бул парламент ошол мезгилде эле татыктуу түрдө "легендарлуу парламент" деген атка конгон.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Советинин кабыл алган токтому менен А.Акаев Кыргыз Республикасынын президенттигине талапкер болуп көрсөтүлгөн. ***1991-жылы 12-октябрда*** республикабызда жалпы элдик президенттик шайлоо өткөрүлүп, шайлоодо 95,3% добуш менен альтернативасыз талапкер А.Акаев жеңген. Буга чейин президенттикке парламент тарабынан шайлоо – кыйыр шайлоо колдонулган.

1991-жылдын 13-октябрындагы Президенттин №340 Жарлыгы менен «Сиабеко-Кыргызстан» мамлекеттик-жеке корпорациясы түзүлүп, анын президенти болуп Канаданын жараны Б.И.Бирштейн дайындалган. Бул азыркыга чейин чуусу бүтпөгөн "Кумтөр" көйгөйүнүн башталышы эле.

1991-жылы 8-декабрда Минскге жакын Вискули айылында КМШнын түзүлүшүнө байланыштуу СССР мамлекет катары өз жашоосун токтотқондугу жөнүндөгү Беловеж келишимине 3 республиканын (Орусия, Украина, Белорусия) башчылары кол койгон. Ошентип, СССРдин эркин жарандарынын 74.6%ынын чечимин үч гана адам жокко чыгарып койгон.

1991-жылдын 21-декабрында Алма-Атадагы жолугушуунун негизинде СССР жашоосун токтотуу тууралу Беловеж келишимине дагы 8 республиканын башчылары кошулушкан. Алар: Азербайжан, Армения, Казакстан, Кыргызстан, Молдова, Өзбекстан, Тажикстан, Түркмонстан сыяктуу мурдагы союздук республикалар болгон. Бул күн тарыхта СССРдин таркоо күнү катары таанылган. Ушул эле күнү саясий аренада 11 мамлекетти өзүнө камтыган Көз карандысыз мамлекеттердин шериктештиги (КМШ) атуу саясий укуктук институт түзүлгөн.

1991-жылдын 24-декабры Кыргызстан Түркия Республикасы менен эки тараптуу дипломатиялык мамилелерин түзгөн күн катары тарыхта калган. Бул күндөн тарта эгеменду Кыргыз Республикасынын дүйнөлүк мамлекеттер тарабынан таанылышы башталган.

1991-жылдын 26-декабрында Кыргызстан Австралия менен эки тараптуу дипломатиялык мамилелерин түзгөн болсо, ***27-декабрь*** - Америка Кошмо Штаттары жана Кытай элдик Республикалары менен эки тараптуу дипломатиялык мамилелерин түзгөн күн катары тарыхта калган. Кытай Эл Республикасы алгачкылардан болуп биздин өлкөнүн коопсуздугун сактоого жардам берип, улуттук рынок экономикасын өрчүтүүгө кыйла салымын кошкон.

Кыргыз Республикасы 1992-жылдан тартып башка 6 мамлекеттердин катарында (Казакстан, Азербайжан, Ооганстан, Таджикстан, Түркмения, Өзбекстан) Экономикалык Кызматташтык Уюмунун (ЭКУ) толук укуктуу мүчөсү болуп эсептелинет. Бул уюм ***1977-жылдын 12-мартында*** Иран, Пакистан жана Түркиянын ортосунда кол коюлган Измир келишиминин негизинде 1985-жылы Орто Азия жана Жакынкы Чыгыш өлкөлөрүнүн ортосунда түзүлгөн уюм. Бул уюмдун алкагына Кыргызстандын бул өлкөлөр менен экономикалык алакалары жигерлеген.

Кыргызстандын Кытай Элдик Республикасы менен дипломатиялык мамилелери ***1992-жылдын 5-январында*** түзүлгөн.

Кыргызстан Республикасынын Президенти А. Акаевдин ***1992-жылдын 13-январындагы жарлыгына*** ылайык Кыргызстан Республикасынын Коргонуу иштери боюнча мамлекеттик комитети түзүлгөн.

Кыргызстан Республикасынын Президентинин ***1992-жылдын 27-январында*** кабыл алынган №22 Жарлыгына ылайык Кыргызстан Республикасында жергиликтүү мамлекеттик администрациялар уюшулган.

1992-жылдын 30-январынан тарта Кыргыз Республикасы Европа коопсуздук жана кызматташтык уюмунун (ЕККУ) курамына кирген мамлекет катары таанылган.

1992-жылдын 1-февралында АКШнын элчилиги Бишкекте ачылып, ал Кыргызстан Республикасындагы чет элдик алгачкы дипломатиялык өкүлчүлүк болуп калган.

1992-жылдын 26-февралында Т.Чынгышев Жогорку Совет тарабынан премьер-министр кызматына бекиген.

1992-жылдын 2-мартында Бириккен Улуттар Уюмунун Генералдык Ассамблеясынын 46-сессиясында 46/225 резолюциясына ылайык Кыргызстан БУУнун толук кандуу мүчөлүгүнө бир добуштан кабыл алынган. Ага мүчө болуу эл аралык турмуштун процесстерине жигердүү катышууга, социалдык-экономикалык, маданий, гуманитардык маселелерди алга жылдыруурга мүмкүндүк берген. Кыргызстандын делегациясынын БУУнун башкы Ассамблеясынын сессияларына жыл

сайын катышуусу дүйнөлүк коомчулуктун жана БУУнун башка органдарынын Кыргызстандын кейгейлөрүнө көңүлүн бурду. Кыргызстандын БУУнун өнүктүрүү программасы (ПРООН), Балдар фонду (ЮНИСЕФ), БУУнун калктын саны жагындагы маселелери боюнча уюм (ЮИФФРА), Билим, илим жана маданият маселелери боюнча уюм (ЮНЕСКО), азык-түлүк жана айыл чарба уюму (ФАО), качкындар иштери боюнча жогорку комисардын башкармалыгы (КЖКБ), Саламаттык сактоонун дүйнөлүк уюму (ВОЗ), Эл аралык эмгек уюму (МОТ) жана башка адистешкен мекемелерине катышуусу азыркы мезгилдин эң маанилүү проблемалары өзүнүн саясатын жүргүзүүдө жана жактоодо өлкөнүн эл аралык ордун камсыз кылат.

Кыргыз республикасы менен БУУнун өз ара мамилесин өлкөнүн тышкы саясий багытарынын артыкчылыктары болгон - тоолуу аймактарды туруктуу өнүктүрүүнүн резолюциясы, социалдык-экономикалык маселелер, терроризм жана наркотрафик менен күрөшүү, ядролук куралды таратпоо жана куралсыздануу, адам укугун коргоо жана колдоо, жаштарды иш менен камсыз кылуу, гендердик теңчилик, миграция, качкындар ВИЧ/СПИДге каршы күрөш, социалдык теңчилик, тамак аш коопсуздугу, климаттын өзгөрүшү жана түбөлүк муздардын эриши, суу-энергетикалык кейгейлөр, Ооган боюнча суроолордун топтому, тынчтыкты сактоо операциялары, конфликтердин алдын алуу жана конфликтен кийинки өнүгүү, улуттук жана эл аралык деңгээлде укуктун жогору турушу жаранык коомдор жана өкмөттүк эмес уюмдар менен кызматташуу сыяктуу маселелердин топтомунун призмасы аркылуу каралат.

Кыргыз Республикасынын БУУдагы мүчөлүгүндөгү өзгөчө маанилүү окуялары болуп кыргыз тарап демилгечи болгон жана БУУнун Башкы Ассамблеясы аркылуу эл аралык коомчулук колдоого алган төмөндөгү окуялар эсептелет: "Кыргыз элинин Манас эпосунун 1000 жылдыгын майрамдоо" (1995-ж), 2002-жылдын эл аралык тоолор жылы" деп жарыяланышы (БУУнун 53-сессиясы), "Тоолуу аймактарда туруктуу өнүгүү" (58 сессия), "Тоолуу кедей өлкөлөргө социалдык-экономикалык, экологиялык жактан жардам берүү" (59-сессия), "Туруктуу тоолуу өнүгүү" (60-64-65-сессиялар), ошондой эле "Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгын майрамдоо" (57-сессия), "Социалдык ажыйкаттуулуктун бүткүл дүйнөлүк күнү" (62-сессия), Борбордук Азиянын ядролук аймактан көз карандысыздыгы жөнүндө ж.б. бир катар резолюциялардын кабыл алынышы.

Бул демилгелер биздин өлкөгө дүйнөлүк коомчулуктун көңүлүн элдин маданиятына жана тарыхына гана эмес, жалпы эле тоолуу өлкөлөрдүн көйгөйлөрүнө бурдура алган.

1992-жылдын 3-мартында Кыргызстан Республикасынын Жогорку Советинин депутаттарынын көпчүлүк добуш менен Кыргыз Республикасынын Желеги кабыл алынган. Желектин авторлору: окумуштуу-С.Иптаров, сүрөтчүлөр-Б.Жайчыбеков менен Ж.Матаев, архитекторлор-М.Сыдыков менен Э.Айдарбеков. Желектин түсү кызыл, анын борборунда алтын түстөгү бирдей чачырап турган кырк нуру бар күн тегереги жайгашкан. Күн тегерегинин ичинде боз үйдүн кызыл түстөгү түндүгү берилген. Желектин туурасы анын узундугунун бештен үч бөлүгүнө барабар. Нур тегеректин диаметри желектин туурасынын бештен үчүнө барабар. Күн тегерек менен нур тегеректин диаметрлеринин катышы үчтүн бешке болгон катышына барабар. Түндүктүн диаметри нур тегеректин диаметринин жарымын түзөт. Желектин бирдей кызыл түстө болгону эрдиктин жана кайраттуулуктун белгиси, өз нуруна бөлөнгөн күн тынчтык менен байлыкты элестетет, ал эми түндүк болсо – бул ата-журттун белгиси, ааламдын бүтүндүгүн, өлкөдө жашаган элдердин биримдигин билдирет. Күн тегерегине бириккен 40 нур Кыргыз журтуна бириккен 40 байыркы уруунун билдирет.

Кыргызстан Республикасынын Президентинин №22 Жарлыгына ылайык ***1992-жылдын 4-мартында*** облустук, райондук жана облустук баш ийүүдөгү шаарлардын башкаруу системасына жергиликтүү мамлекеттик администрациялар киргизилген.

КМШнын экономикалык чөйрөдө бүткүл Шериктештиктин да, анын ар бир катышуучусунун да экономикалык коопсуздугун камсыз кылууну зарылдыгы келип чыккан. Бул эң маанилүү маселе КМШнын алты мамлекетинин – Армениянын, Казакстандын, Кыргызстандын, Орусиянын, Тажикстандын жана Өзбекстандын башчылары ***1992-жылы 15-мартта*** Жамааттык коопсуздук жөнүндө келишимге (ЖКК) кол коюшкандыгынын аркасында чечилген. Ага ылайык кол койгон тараптар өздөрүнүн ортосундагы жана башка мамлекеттер менен пикир келишпестиктерин жалаң тынчтык каражаттары менен чечүүгө милдеттенишкен. 1993-жылы Жамааттык коопсуздук Келишимине Азербайжан, Грузия жана Беларусь кошулган.

Ал эми Кыргызстандын өнөктөшү болгон Орусия Федерациясы менен дипломатиялык мамилелер ***1992-жылдын 20-мартында*** түзүлгөн.

1992-жылдын 4-майында Кыргыз Республикасынын президентинин №146 Жарлыгына ылайык Фрунзе политехникалык институтунун негизинде Кыргыз техникалык университети жана Кыргыз архитектуралык-курулуш институту ачылып, иштей баштаган.

1992-жылдын 8-майында Кыргызстан Эл аралык валюта фондунун толук мүчөсү болгон.

1992-жылы 25-майда Ташкентте КМШнын 6 өлкөсү кол койгон жамааттык коопсуздук келишими (ЖКК) Жамаатык коопсуздук келишимдин уюмунун баштапкы уюштуруу формасы болгон. Келишимге ылайык катышкан мамлекеттердин башчыларынан, тышкы иштер жана коргоонуу министрлеринен жана жамааттык коопсуздук кеңешинин Башкы катчысынан турган курамдагы-Жамааттык коопсуздук кеңеши түзүлгөн. Кеңеш келишимге катышуучулардын кызматташтык ишин координациялайт жана камсыз кылат деп айтылган.

1992-жылы 29-майда «Мурдагы Советтер Союзунун Кыргызстандын аймагында жайгаштырылган бирикмелерин, бөлүктөрүн жана мекемелерин юрисдикцияга алуу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы чыккан. Бул күн Кыргыз Республикасынын Куралдуу күчтөрү түзүлгөн күн деп эсептелинет.

1992-жылдын 8-июнунда Кыргыз Республикасы Европа коопсуздугунун 1975-жылы 1-августа (ЕККУ түзүлгөн күн) кабыл алынган Хельсинки Жыйынтыктоочу актысына кол койгон. ЕККУнун Хельсинки (1992-жыл), Будапешт (1994-жыл), Лиссабон (1996-жыл) жана Стамбул (1999-жыл) саммиттеринин иштерине Кыргыз Республикасынын делегациясы жогорку деңгээлде катышкан. Ар жыл сайын өткөрүлүүчү ЕККУнун министрлер кеңешинин жыйынына Кыргыз Республикасынын тышкы иштер министри катышып турат. ЕККУнун парламенттик ассамблеясынын иштерине Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттары активдүү катышуучулар болууда.

1992-жылы 10-июнда Кыргыз Республикасы менен Орусия Федерациясынын ортосундагы кызматташуу жана өз ара жардамдашуу жөнүндөгү келишимге кол коюлган.

Кыргыз Республикасынын президентинин №201 Жарлыгына ылайык ***1992-жылдын 17-июнунда*** мамлекеттик тилдер жана гуманитардык илимдер институту түзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын президентинин №202 Жарлыгына ылайык ***1992-жылдын 17-июнунда*** Ош мамлекеттик педагогикалык институту Ош мамлекеттик университети болуп кайрадан түзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын президентинин №211 Жарлыгына ылайык В.В.Маяковский атындагы Кыргыз кыз-келиндер педагогикалык институту *1992-жылдын 23-июнунда* Кыргыз мамлекеттик педагогикалык институт болуп кайра түзүлгөн.

1992-жылдын 26-июнундагы Кыргыз Республикасынын президентинин №213 Жарлыгына ылайык 1995-жыл "Манас" эпосунун 1000 жылдыгын жалпы элдик майрамдоо жылы деп жарыяланган.

1992-жылдын 27-июну кол коюлган Кыргыз Республикасынын президентинин №214 Жарлыгына ылайык Кыргыз Республикасынын жогорку аттестациялык комиссиясы түзүлгөн.

1992-жылы 27-июлда Кыргыз Республикасынын өкмөтү кабыл алган №355 Токтомуна ылайык 1992-1995-жылдарга карата экономикалык реформалар боюнча программасы бекитилген.

1992-жылдын 28-сентябрында Кыргыз Республикасынын президенти кол койгон №284 Жарлыгына ылайык Бишкек шаарында Кыргыз-Орус (Славян) университети уюшулган. Бул университеттин уюшулушуна 1992-жылдын 10-июнундагы Кыргыз Республикасы менен Орусия Федерациясынын ортосундагы Достук, кызматташтык жана өз ара колдоо тууралу Келишим, 1993-жылдын 9-сентябрындагы Кыргыз Республикасы менен Орусия Федерациясынын Өкмөттөрүнүн ортосундагы Кыргыз-орус Славян университетин уюштуруу шарттары жана ишмердүүлүгү тууралу Келишими, Орусия федерациясынын Өкмөтүнүн 1994-жылдын 23-февралындагы №149 Токтому, Орусия Федерациясынын жогорку билим берүү боюнча Мамлекеттик комитеттин Төрагасынын 1994-жылдын 14-февралындагы №326-128/1 буйругу жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин буйруктары негиз болгон.

Кытай менен чек ара маселелерин жөнгө салуу боюнча Кыргызстандын, Казакстандын, Орусиянын жана Тажикстандын өкмөттүк делегацияларын бириктирген Биргелешкен делегация түзүлүп *1992-жылы 25-октябрында* эки тараптын делегацияларынын жетекчилери сүйлөшүү жүргүзүүнүн негизги принциптери макулдашылган Протоколго кол коюшкан.

1992-жылдын 3-декабрында Торонто шаарында Кыргыз Республикасынын өкмөтү менен «Камеко Корпорэйшн» канадалык корпорациясынын ортосунда «Кумтөр» боюнча Башкы макулдашууга кол коюлган. 1992-жылдын 4-декабрында «Кыргызалтын» кыргыз мамлекеттик концерни менен «Камеко Корпорэйшн» ортосундагы «Кумтөр» кени боюнча Башкы макулдашуу өкмөттүн токтому менен бекитилген.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Совети *жылдын 16-декабрында* Кыргыз Республикасынын №1074 "Билим жөнүндөгү" мыйзамы кабыл алынган. Бул мыйзамга 1997- жана 2002-жылдары кошумча жана өзгөрүүлөр киргизилген.

1992-жылдын 18-декабрында Кыргызстан Республикасынын Жогорку Советинде Кыргыз Республикасынын гимни кабыл алынган. Анын сөзүн Ж.Садыков менен Ш.Кулуев жазса, обонун композиторлор Н.Давлесов менен К.Молдобасанов жаратышкан. Үч куплеттен турган бул гимндин экинчи куплетиндеги "Досторуна даяр дилин берүүгө." жана "Бейкуттукту берет кыргыз жерине." деген ыр саптарынын мазмунуна каршы чыгышкан коомчулуктун өкүлдөрү жыйырма жылга созулган араздашуулардын жыйынтыгында, 2011-жылы 25-мартта мамлекеттик гимндин текстин өзгөртүү боюнча депутат А.Маматалиев жетектеген Жогорку Кеңештин комиссиясын түздүрүүгө жетишишкен. 2012-жылдын аягында бул комиссия гимндин экинчи куплетин таптакыр алып таштоо жөнүндөгү бүтүм чыгарган. Комиссиянын бул сунушу *2012-жылы 27-декабрда* Жогорку Кеңештин токтому менен бекитилген. Ушул күндөн тарта мамлекеттик гимн үч куплеттен эмес, эми эки гана куплеттен туруп калган.

Кыргыз Республикасынын президентинин *1992-жылдагы 18-декабрдагы* №389 Жарлыгына ылайык К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик педагогикалык институту К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети болуп кайра түзүлгөн.

1992-жылы Кыргызстан Бүткүл дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюмунун (БСУ) мүчөсү болуп кирген. Ал эми БСУнун кеңсеси Бишкек шаарында 1993-жылдан тартып расмий иштеп келет.

1993-жылы Кыргызстан Республикасынын Кыргыз эпосу боюнча мамлекеттик комиссия Кыргыз министрлигине айландырылып, анын биринчи министри болуп М.У.Субанов дайындалган. Анын жетекчилиги астында өлкөдө кыргыз эпосун изилдөөнүн нормативдүү укуктук жана концептуалдык документтери даярдалып чыккан. Кыска мөөнөттө эпосту башкаруу органдарын түзүү жана өнүктүрүү, аскерлерди даярдоону уюштуруу-органы түзүлүп, эпосту экономикалык жана материалдык-техникалык камсыздоо боюнча ири чаралар жүргүзүлгөн.

Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигине кирүүчү мамлекеттердин Башчыларынын кеңешинин *1993-жылдын 22-январындагы* "Тажикстан Республикасынын Согушкан жана

мамлекеттик чек арасынын участогундагы кырдаалды турукташтыруу боюнча чаралар жөнүндө" чечимине ылайык, Кыргыз Республикасынын Куралдуу күчтөрүнүн өзүнчө аткычтар батальону тажик-ооган чек арасынын 100 чакырымдык тилкесин кайтарууга алышкан. Беш жыл аралыгында биздин жоокерлер бийик тоолуу, оор климаттык шарттарда чек ара миссиясын аткарышкан.

Кыргыз Республикасынын президентинин *1993-жылдын 11-мартындагы* №74 Жарлыгына ылайык Бишкек шаарында Кыргыз Республикасынын Эл аралык университети уюшулган.

1993-жылы март айында 1992-жылы 17-сентябрда кол коюлган "Стандарттуу Базалык Келишимге" ылайык Бишкекте БУУнун өнүгүү программасынын (ПРООН) өкүлчүлүгү ачылган. Ошол эле учурда Кыргыз Республикасынын ЕККУ алдындагы туруктуу өкүлчүлүгү жана бир эле убакта Венадагы элчилиги ачылган.

Кыргыз Республикасынын президентинин *1993-жылдын 2-апрелиндеги* №101 Жарлыгына ылайык Жалал-Абад шаарында мамлекеттик университет уюшулган.

Ошол эле күндөгү Кыргыз Республикасынын президентинин №103 Жарлыгына ылайык Кыргыз тоо-кен институту уюшулган.

1993-жылга чейин эле А.Акаев тарабынан пайдубалы абдан бекем түптөлүп калган авторитардык бийлик режимине түп-тамырынан бери каршы келген, Президенттин бийлик-укуктарын кескин чектеген, нукура демократиялык, кыргыз коомчулугу тарабынан да, дүйнөлүк эксперттер тарабынан да кызуу колдоого алынган Конституцияны *1993-жылы 5-майда* кабыл алуу менен Жогорку Совет өзүн-өзү эми экинчи жолу таныган. Ошентип, диалектиканын танууну тануу мыйзамына ылайык өнүгүү, өсүү жана жаңы сапатка жетүү процесси толугу менен ишке ашып, эми парламенттин аты да өзгөрүп, ошондон баштап Жогорку Кеңеш деп атала баштаган. 1993-жылдын 5-майы эгемендүү Кыргыз Республикасынын биринчи Конституциясы кабыл алынган күн болуп тарыхта калды.

1993-жылы 10-майда Кыргыз Республикасынын улуттук акча бирдиги - сом кабыл алынган. Биринчи кабыл алынганда үч номиналдагы кагаз тыйындар: бир, он, элүү жана үч номиналдагы кагаз сомдор: бир, беш, жыйырма болуп чыгарылган. Бул акчанын бирдиктери 2008-жылдын биринчи-январына чейин акча жүгүртүүсүндө болуп келген.

Кыргыз өкмөтү менен «Кумтор Голд Компани" жабык акционердик коомунун ортосунда *1993-жылдын 10-майында* Концессиялык келишим түзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын президентинин *1993-жылдын 23-июндагы* №208 Жарлыгына ылайык Кыргыз мамлекеттик искусство институтунан Кыргыз мамлекеттик консерваториясы бөлүнүп чыккан. Биринчи ректору жана демилгечиси Бегалиев Муратбек Акимович болгон. Бул окуу жайы Кыргызстанда улуттук макамын алган мекемелердин биринчилеринен болгон.

Көз каранды эмес мамлекеттер шериктештигине катышкан өлкөлөрдүн экономикалык өз ара мамилелеринин жаңы системасын куруунун концепциясын чагылдырган Экономикалык бирликти түзүү жөнүндөгү келишим *1993-жыл 24-сентябрында* кабыл алынып, бул жаатгагы башкы документ болуп калган.

1993-жылдын 17-декабрындагы Кыргыз Республикасынын президентинин №350 Жарлыгы менен маданият министрлиги жоюлган.

1994-жылдан тарта куралдуу күчтөрдүн өз функцияларын аткаруусунун уюштуруучулук, экономикалык, техникалык, социалдык жана укуктук негиздерин түзүү боюнча маселелер чечилген. Бул мезгилде Кыргыз Республикасынын Аскердик-коргонуу концепциясы (1994-жылдын 12-январы), "Коргонуу жөнүндө" (1994-жылдын 13-апрели), "Аскер кызматкерлеринин макамы жөнүндө" (1992-жылдын 1-июлу), "Альтернативдик кызмат жөнүндө" (1994-жылдын 12-январы) Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана аскердик коопсуздук жана коргонуу тармагындагы башка ченемдик актылар кабыл алынган.

Аскердик-коргонуу концепциясы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин *1994-жылдын 12-январындагы* №1389-XII Токтому менен кабыл алынган. Ал тынчтыкты жактаган мүнөзгө ээ болгон жана Кыргыз Республикасынын согушка жана Куралдуу күчтөргө мамилесин чагылдырган, улуттук коопсуздукту камсыз кылуу боюнча өлкөнүн аскердик-саясий максаттарын жана мамлекеттин аскердик коопсуздук жана коргонуу тармагындагы милдеттерин аныктаган. Мында эң башкы милдет катарында - Көз карандысыз Мамлекеттердин Шериктештигинин башка катышуучу мамлекеттери менен бирдикте аскердик потенциалды алардын жамааттык коргонуусу үчүн жетишерлик жана чек аралардын кол тийгистигин, эгемендигин жана аймактык бүтүндүктү коргоону камсыз кылуучу деңгээлде кармап туруу таанылган.

Жогорку Кеңеш ***1994-жылдын 14-январында*** Кыргыз Республикасынын гербин кабыл алган. Анын авторлору – сүрөтчү А.Абдраев менен милиция генералы С.Дубанаев болгон. Мамлекеттик герб - бул Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий символу болуп эсептелет. Гербтде канаттарын жайып турган Манастын ак шумкары тартылган, бул биздин өлкөнүн эркин экендигин билдирет. Ак шумкардын арт жагында Ала-Тоонун бийик чокулары менен курчалган, Кыргызстандын бермети аталган Ысык-Көл тартылган. Күнгө чагылышкан тоонун чокулары кыргыздын улуттук баш кийими ак калпакка окшоп турат.

1994-жылдын 21-январы Кыргызстан элинин 1-Курултайы болуп өткөн күн катары элдин эсинде калган. Курултайдын ишмердүүлүгүнүн эң маанилүү натыйжасы болуп Кыргызстан элинин Ассамблеясынын (КЭА) уюшулганын эсептесек болот.

1994-жылдын 30-январында жалпы элдик референдум өткөрүлгөн. Бул референдумдун жыйынтыгында, катышкан добуш берүүчүлөрдүн 96,36% алып (совет бийлиги мезгилиндеги шайлоолорду элестет), А.Акаев өзүнүн президенттик бийлик-укуктарын мыйзамдаштырып алган. Ушундан улам, тең салмактуулук жана кармап туруу системасынын салмагы президенттик бийлик тарабына өткөн.

1994-жылдын 1-февралынан - 1997-жылдын 30-июнуна чейин Кыргыз Республикасынын менчиктештирүү купондору аракетте болгон.

1994-жылы 15-апрелде Шериктеш мамлекеттердин башчылары Эркин соода зонасын түзүү жөнүндө макулдашууга кол коюшкан, ал Кыргыз Республикасы үчүн ***1995-жылы 28-декабрда*** күчүнө кирген.

1994-жылы 30-апрелде Чолпон-Ата шаарында Кыргызстан, Казакстан жана Өзбекстан Бирдиктүү экономикалык мейкиндикти – Борбордук Азиялык бирликти (БАБ) түзүү жөнүндө келишимге кол коюшкан. Бул келишимдин негизин ***1994-жылдын 10-январындагы*** Бирдиктүү экономикалык мейкиндикти түзүү тууралу Казакстан Республикасы менен Өзбекстан Республикасынын ортосундагы келишим түзгөн. Ушул эле жылдын 16-январында Кыргыз Республикасы бул Келишимге кошулуу тууралу чечим кабыл алган. 1998-жылдын мартынан баштап ага Тажикстан Республикасы кошулган.

1994-жылы 3-июнда Кыргыз Республикасы ЕККУнун Париж Хартиясына кол койгон.

Ага ***1998-жылдын 18-июлунда*** Казакстан, Кыргыз Республикасы, Тажикстан Республикасы жана Өзбек Республикаларынын мамлекет аралык кенешинин чечими менен толукталып, өзгөртүү киргизилген.

Бул толуктоого ылайык келишимге Тажикстан Республикасы дагы кошулган. Ошондо уюм Борбордук Азиялык Экономикалык Шериктештик (БАЭШ) аталышын алган.

Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн ***1994-жылдын 19-майындагы*** №89 Токтомуна ылайык Кыргыз Республикасынын президентинин алдында Стратегиялык изилдөөлөрдүн эл аралык институту уюшулган.

Кыргыз Республикасы ***1994-жылдын 3-июнунда*** Европа кооопсуздугунун Париж Хартиясына кол койгон.

Кыргыз Республикасынын Президентинин ***1994-жылдын 16-сентябрындагы*** №242 Жарлыгына ылайык Кыргыз Республикасында референдум жана шайлоолорду өткөрүү боюнча Борбордук шайлоо комиссиясы түзүлгөн.

Бишкек шаарында ***1994-жылдын 22-24-сентябрында*** "Кыргыздар: байыркы жана орто кылымдагы Борбордук Азиядагы этногенетикалык жана этномаданий жараяны" аттуу эл аралык илимий конференция болуп өткөн.

Кыргыз Республикасынын өкмөтү ***1994-жылдын 7-октябрында*** «Кумтор Голд Компани» биргелешкен ишканасына жер берүү жөнүндө» №752 токтомун кабыл алган.

1994-жылдын 17-октябрында Кыргыз Республикасынын өкмөтү №775 "Кыргыз Республикасындагы паспорттук система, паспорттун үлгүсү жана анын баяндалышы тууралу" жобосун кабыл алган.

1994-жылдын 22-октябрында болуп өткөн жалпы элдик референдумга добуш берүүчүлөрдүн 86,71%ы катышып, анын ичинен 85,15%ы Жогорку Кеңештин курамын өзгөртүүгө өз макулдуктарын берген. Кыргызстанда курамы бир мандаттуу, мажоритардык тутумунун негизинде шайланган депутаттардан турган эки палатадан – Мыйзам чыгаруу жыйынынан жана Эл өкүлдөр жыйынынан турган - Жогорку Кеңештин түзүмүнө ээ болгон. Жогорку Кеңештин курамдык саны 105 депутаттан туруп, алардын ыйгарым укуктарынын мөөнөтү 5 жылга белгиленген.

Ошол эле күнү (***1994-жылдын 22-октябрында***) жергиликтүү кеңештердин - айылдык, поселкалык жана шаардык кеңештин депутаттарын эркин, демократиялуу шайлоо өткөрүлгөн.

1995-жылы январда Орусия Федерациясы, Беларусь Республикасы, Казакстан Республикасы Бажы бирлигине биригишкен.

1995-жылдын 5-февралы Бишкек шаарынын мэринин биринчи жана акыркы, альтернативдүү, жалпы шаардыктар тарабынан шайлоосу болгон.

Тандоо эки талапкердин ортосунда болгон: Б.Кененбае менен Б.И.Силаев. Шаардык шайлоочулардын көпчүлүк добушун алууга жетишкен Борис Иванович Силаев Бишкек шаарынын мэри болуп дайындалган. Бирок мындан кийин Бишкек шаарынын мэрлигине шайлоолор жүргүзүлгөн эмес.

Конституциялык өзгөрүүнүн негизинде ***1995-жылдын февралында*** эки палаталуу Парламентке шайлоо жарыяны болуп өткөн. Шайлоонун биринчи туру ***5-февралда*** болуп өтсө, экинчи туру – ***19-февралда*** ишке ашкан. Шайлоого катышкандардын саны жалпы шайлоочулардын 76%ын түзгөн. Эң көп добуш алган партия – Кыргызстандын социал-демократиялык партиясы болуп 14 мандатка ээ болгон. Андан тышкары мандаттарга 10 партиянын өкүлдөрү ээ болгон.

Туруктуу жана кесипкөйлүк негизде иштеген Мыйзам чыгаруу жыйынынын курамына 35 депутат кирген. Ал эми сессиялык негизде иш жүргүзгөн Эл өкүлдөр жыйынынын курамы 70 депутаттан турган. Эки палатанын тең депутаттары жалпыга бирдей шайлоо укуктарынын негизинде бир мандаттуу мажоритардык округдардан шайланып келишкен. Республиканын территориясы шайлоочуларынын саны болжол менен бирдей санда болгон 70 шайлоо округуна бөлүнүп, ар бир округдан Эл өкүлдөр жыйынынын курамына бирден депутат, ал эми эки шайлоо округу биригип Мыйзам чыгаруу жыйынынын курамына бирден депутат шайлашкан. Эки палаталуу парламентке депутаттарды шайлоонун мындай тартиби дүйнөлүк практикада сейрек кездешет. Эки палаталуу кыргыз парламентинин дүйнөнүн башка парламенттеринен айырмасы да, кемчилиги да мына ушунда болгон.

Мыйзам чыгаруу жыйынынын курамына шайланып келишкен 33 депутат 22 комитетте иш алып барышкан. Көрүнүп тургандай комитеттердин саны депутаттардын санына жакындап барган, албетте бул өтө эле көп комитеттер болгондугунан кабар берет. Жалпы депутаттардын орточо курагы 52,4 жашты түзүп, Жогорку Кеңештин эгемен мезгилиндеги тарыхына орточо жаш жагынан эң улуу чакырылыш катары кирген. Эл өкүлдөр жыйынынын төрагалары - спикерлери А.М.Матубраимов (1995-жылдын 28-мартынан - 1997-жылдын 26-ноябрына чейин) жана А.Э.Эркебаев (1997-жылдын 26-ноябрынан - 2000-жылдын 14-апрелине чейин) болушкан. Ал эми Мыйзам чыгаруу жыйынынын төрагалары - спикерлери болуп М.Ш.Чолпонбаев (1995-жылдын 29-мартынан - 1996-жылдын 15-ноябрына чейин) жана У.М.Мукамбаев (1996-жылдын 15-ноябрынан - 2000-жылдын 14-апрелине чейин) иштешкен.

Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн ***1995-жылдын 9-мартындагы*** №66 Токтому менен "1995-2000-жж. маданият аркылуу билим берүү" концепциясы кабыл алынган.

Эл аралык валюта фонду ***1995-жылдын 29-мартында*** кыргыз сомун конверттелген валюта деп таанышган.

"Манастын күмбөзүнүн" жанында ***1995-жылдын 12-апрелинде*** "Манас декларациясына" кол коюу салтанаты болуп өткөн.

Кыргыз Республикасынын президентинин ***1995-жылдын 19-апрелиндеги*** №103 Жарлыгына ылайык Бишкекте Кыргыз-Түрк университети түзүлгөн.

1995-жылдын 28-августунда "Манас" эпосу жана дүйнө элдеринин эпикалык мурастары" аттуу эл аралык илимий симпозиум болуп, ага 30 өлкөдөн 130-ашык илимдин жана маданияттын өкүлдөрү катышкан.

Кыргыз Республикасынын президентинин ***1995-жылдын 11-сентябрындагы*** №218 Жарлыгы менен «XXI кылымдын кадрлары» президенттик билим берүү программасы кабыл алынган. Ал программанын чегинде бир топ кыргыз студенттери Кытай, Индия, Германия, АКШ, Орусия өндүү өлкөлөрдүн жогорку окуу жайларына окууга, билимин жогорулатууга жөнөтүлүп турган. Мамлекеттер аралык келишимдин негизинде билим алууга мүмкүнчүлүк алышкан.

Көз карандысыз мамлекеттер шериктештигинин алкагында коопсуздук менен камсыз кылууга багыттаган Жамааттык коопсуздук Келишими расмий Бириккен Улуттар Уюмунун катчылыгында ***1995-жылы 1-ноябрда*** катталган.

Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн ***1995-жылдын 13-ноябрындагы*** №478 Токтомуна ылайык адабият, искусство жана архитектура жаатында Токтогул атындагы Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сыйлыгы уюштурулган.

1996-жылдынЧ.Айтматовдун «Кассандра тамгасы» романы Москва шаарында "Туу" журналынын №12 номеринде биринчи жолу жарык көргөн.

1996-жылдын 10-февралында болуп өткөн Жалпы элдик референдумдун натыйжасында Конституциянын 97 беренесинин ичинен 49у өзгөртүүлөргө жана кошумчалоолорго дуушарланган. Мамлекет башчысынын ыйгарым укуктары түп тамырынан кеңейтилип, бекемделген. Президент өкмөттүн түзүмүн аныктап, Эл өкүлдөр жыйынынын макулдугу менен Республиканын Премьер-министрин дайындаган, ал эми Премьер-министрдин сунушу боюнча өкмөттүн мүчөлөрүн, Эл өкүлдөр

жыйынынын макулдугу менен Кыргызстандын Башкы Прокурорун, Республиканын Улуттук Банкынын Башкармасынын төрагасын дайындаган.

Мыйзам чыгаруу жыйыны Кыргыз Республиканын Конституциясында белгиленген тартипте Республиканын Конституциясына өзгөртүүлөрдү, толуктоолорду киргизген, өлкөнүн эл аралык келишимдерин ратификациялаган, аскер наамдарын, дипломатиялык даражаларды жана башка атайын наамдарды белгилеп, шайлоо жана референдумдарды өткөрүү боюнча Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасы менен мүчөлөрүнүн үчтөн бирин шайлаган ж. б.

Эл өкүлдөр жыйыны Республиканын Конституциясында белгиленген тартипте Кыргызстандын Конституциясына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизген. Мыйзам чыгаруу жыйыны кабыл алган мыйзамдарды Конституцияда белгиленген мөөнөттө талкуулап, республикалык бюджетти жана анын аткарылышы боюнча отчетту бекиткен, өлкөнүн чегарасын өзгөртө алган, Президентти шайлоо мөөнөтүн белгилеген. Кыргыз Республиканын Премьер-министрин дайындоого, Республиканын Башкы Прокурорун, Улуттук Банктын Башкармасынын төрагасын дайындоого макулдук берген, өзгөчө абалды киргизүү, согуш абалын жарыялоо сыяктуу Президенттин жарлыгын бекиткен же алып салган, бюджеттин аткарылышы боюнча өкмөттөн отчетун укkан ж. б.

Бул референдумдан кийин президенттин бийлик-укуктары чектан аша көбөйгөн. Парламент алсыз жана ынтымагы жок болгондуктан, эми ар бир депутат өз алдынча президентке карата саясий конформистик позицияны ээлей баштаган. Депутаттыктын эл үчүн иштөө деген негизги маңызынын өзгөрүшү, жоопкерчиликтин азайышы, жеке кызыкчылыктардын алдыга чыгышы, дегеле депутаттык материалдык байуунун башкы булагы катары калыптануу процесси мына ушул мезгилден башталган. Акаевдин "чөнтөк парламенти" деген түшүнүк ушундайча келип чыккан.

1996-жылдын 16-февралында коммуналдык менчик менчиктин өз алдынча формасы катары киргизилген. Ал жергиликтүү өз алдынча башкаруунун экономикалык негизин түзүп калган.

Кыргыз Республикасынын президентинин ***1996-жылдын 24-февралындагы*** №21 Жарлыгына ылайык Ош технологиялык колледжи – Ош технологиялык Университети болуп кайра түзүлгөн.

Кыргыз Республикасы ***1996-жылдын 29-мартында*** Бажы бирлигине кошулган.

1996-жылдын 20-марттагы Кыргыз Республикасынын президентинин №103 жарлыгынын негизинде жер-жерлерде жоюлган колхоз-совхоздордун ордуна жаңы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу бийлигинин институту катары айыл өкмөттөр уюшулган. Бул жарлыкта жергиликтүү өз алдынча башкарууну уюштырууну жакшыртууда жергиликтүү мамлекеттик администрациянын башчысы губернаторлордун ыйгарым укуктары аныкталган. Андан тышкары айыл өкмөттөрүн уюштырууга арналган Өкмөттүн токтом чыгаруу талабы каралган.

1996-жылдын 25-март Кыргыз Республикасынын президентинин "Оштун 3000 жылдыгын майрамдоо жөнүндө" №109 Жарлыгы жарыкка чыккан күнү болгон.

1996-жылы 29-мартта Кыргыз Республикасынын Бажы бирлиги жөнүндө Макулдашууга коштулуу жөнүндө келишимге кол коюлуп, ал Кыргыз Республикасы үчүн 1997-жылы 21-июлдан тартып күчүнө кирген. Бажы бирлигинин бардык мамлекеттери Экономикалык жана гуманитардык жактарда интеграцияны тереңдетүү жөнүндө бир катар келишимдерди кабыл алышкан.

1996-жылдын 1-апрелинде Кыргыз Республикасынын президентинин №117 Жарлыгына ылайык К.И.Скрябин атындагы Кыргыз айыл-чарба институту К.И. Скрябин атындагы Кыргыз айыл-чарба академиясы болуп кайра түзүлгөн

1996-жылдын 8-апрели Президенттин Жарлыгы менен коопсуздук кеңеши түзүлгөн. Анын биринчи жыйыны куралдуу күчтөрдү өнүктүрүүнүн перспективаларына жана аскер кызматчыларын социалдык-укуктук жактан коргоого арналган. Ушуга байланыштуу Кыргыз Республикасынын Куралдуу күчтөрүнүн Башкы колбашчысынын 1996-жылдын 11-апрелиндеги "Кыргыз Республикасынын Куралдуу күчтөрүндөгү аскердик тартипти бекемдөө боюнча кечиктирилгис чаралар жөнүндө" № Д-1 Директивасы чыгарылган

1996-жылдын 24-апрель Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн №18 Токтомуна ылайык республиканын аймагында жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу-тескөөчү органы – айыл өкмөтү пайда болгон. Биринчи уюшулган айыл өкмөтүнүн саны 460 барабар болгон.

1996-жылдын 26-27-апрелинде Шанхай шаарында КЭР, Орусия, Кыргызстан, Казакстан жана Тажикстан мамлекеттеринин биригүүсү менен "Шанхай бешилтиги" түзүлгөн. Бул чөлкөмдүк кызматташтыкты андан ары өнүктүрүүгө багытталган. "Шанхай бешилтигинин" жылына бир жолу өткөрүлүүчү саммиттери 1997-жылы - Москвада, 1998-жылы -

Алма-Атада, 1999-жылы - Бишкекте, 2000-жылы – Дүйшөнбүдө болуп өткөн.

1996-жылдын 22-майда Кыргыз Республикасынын президентинин №172 Жарлыгы менен Нарын мамлекеттик университети түзүлгөн. Бул университет 30-жылдары репрессияда каза тапкан, биринчи улуттук интеллигенциянын өкүлү Сатбалдыы Нааматовдун ысмын алып жүрөт.

1996-жылдын 24-июнунда Кыргыз Республикасынын саламаттыкты сактоону реформалоонун 1996-2006-жылдарга "Манас" улуттук программасы Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн №288 Токтому менен жактырылган.

1996-жылдын 4-июлунда Кыргыз Республикасынын президенти А.Акаев жана Кытай Эл Республикасынын төрагасы Цзян Цземинь, кыргыз-кытай мамлекеттик чек арасы жөнүндөгү Кыргыз Республикасы жана Кытай Эл Республикасынын ортосундагы макулдашууга кол коюшкан. Бул макулдашуу төрт талаш жер тилкелери боюнча мамлекеттик чек ара сызыгынын өтүү тартибин карап чыккан. Укуктук статусу боюнча Макулдашуу эки мамлекеттин ортосундагы чек араны делимитациялаган документ болуп эсептелет.

1996-жылдын 21-июль Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн № 346 Токтому менен 1996-2000-жылдарда "Манас" эпосун пропагандалоо боюнча мамлекеттик программа кабыл алынган

1996-жылдын 29-ноябрында Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн №555 токтому менен "1997-2000-жылдардагы Оштун 3000 жылдыгына даярдануу жана майрамдоодогу негизги иш-чаралар тууралу" программасы кабыл алынган.

1997-жылдын Коррупцияга каршы күрөштү күчөтүү боюнча үч жылдык мамлекеттик программа кабыл алынып, 2001-жылы дагы үч жылга узартылган

1997-жылдын 24-январында Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн №27 Токтомуна ылайык Кыргыз Республикасынын дене тарбия, спорт жана улуттук олимпиадалык кыймылды колдоо боюнча мамлекеттик комитети Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн алдындагы туризм жана спорт боюнча мамлекеттик агенттикке айланган.

1997-жылы 19-мартта Кыргыз Республикасынын президентинин №65 Жарлыгы менен президенттин алдындагы башкаруу академиясы уюшулган. Аның негизин эл аралык менеджмент жана бизнес институту түзгөн.

1997-жылы 22-мартта Кыргыз Республикасынын президентинин №68 Жарлыгы менен Кыргыз-өзбек жогорку технология колледжи – Кыргыз-өзбек университетине айланган.

1997-жылдын 25-марттан 4-апрелге чейин түштүк региондун Алай жанаа Чоң-Алай багытында айрым аскер бирикмелери менен бөлүкторүнүн күжүрмөн даярдыгын жогорулатуу боюнча масштабдуу окуусу, 1997-жылдын апрелде Коргоо кеңеши армияны каржылоо, анын аскердик даярдыгы жана мобилдүүлүгү боюнча жыйын өткөргөн.

1997-жылдын 6-майында Кыргыз Республикасынын президентинин №124 Жарлыгына ылайык Бишкек шаарындагы №5 мектеп-гимназия улуттук компьютердик гимназияга айландырылган.

1997-жылы 30-июнда Кыргыз Республикасынын президентинин №204 Жарлыгына ылайык Кыргыз Республикасынын президентинин алдында адам укуктары боюнча комиссия түзүлгөн.

1997-жылдын 18-августунда Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн №477 Токтомуна ылайык Республикалык жогорку колледж Чүй университети болуп өзгөргөн. Бул университет жеке окуу жайлрдын биринчилеринен болгон. Биринчи ректору – С.Мамбеткалиев.

1997-жылдын 11-ноябрындагы Кыргыз Республикасынын президентинин №307 Жарлыгына ылайык КМУУнун алдындагы Кыргыз-америка факультетинин негизинде Кыргыз-америка университети ачылган, кийин Борбордук Азиядагы Америка университети болуп кайрадан түзүлгөн.

1998-жылы аскердик бирикмелерди, бөлүктөрдү жана мекемелерди реформалоо боюнча план иштелип чыгып, иш жүзүнө ашырыла баштаган. Армияда коммуналдык кызматтар, газ жана электр энергиясы үчүн акы төлөөдө жеңилдиктер калыбына келтирилип, кызматтык айлык акы 50%ке жогорулап, мөөнөттүү кызматтын аскер кызматчылары үчүн берилчү азык-түлүк өлчөмү жогорулатылган. Орто окуу жайларында жаштарды аскердик чакырууга чейинки даярдоонун милдеттүү курсу кайра киргизилген. Куралдуу күчтөрдө кийимдин бирдиктүү формасы киргизилип, аны кийип жүрүүнүн бирдиктүү эрежелери аныкталган.

1998-жылы 4-февралда Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн № 68 "Жакырчылыкты жоюунун стратегиясы тууралу" Токтому жарык көргөн

1998-жылдын 10-апрелинде Кыргыз Республикасынын Президенти А.Акаев 1996-жылдын 4-июлундагы кыргыз-кытай мамлекеттик чек арасы жөнүндөгү Кыргыз Республикасы менен Кытай Эл Республикасынын ортосундагы Макулдашууну ратификациялоо жөнүндөгү Мыйзамга кол

койгон (Жогорку Кеңештин Мыйзам чыгаруу жыйыны 1997-жылдын, 26-декабрда кабыл алган; Эл Өкүлдөр Жыйыны 1998-жылдын, 17-мартта колдогон).

1998-жылдын 20-майында жыйырма тоннага жакын цианид унаа кырсыгынын кесепетинен Барскоон суусуна төгүлгөн.

1998-жылы 17-июлда Кыргыз Республикасы менен Казакстан Республикасынын ортосундагы мамлекеттик чек араны делимитациялоо жөнүндөгү меморандумга эки өлкөнүн президенттери кол койгон.

1998-жылы 23-июлда ЕККУнун туруктуу кеңеши ЕККУнун Бишкектеги борборун ачуу чечимин кабыл алган жана бул борбор 1999-жылдын башынан тарта иштей баштаган. Ушул учурда борбордун башчысы болуп элчи Сергей Капинос (Орусия) эмгектенүүдө (2012-жылдан тарта). Европадагы Коопсуздук жана Кызматташтык Уюмунун Бишкектеги борбору ишмердүүлүгүнүн беш стратегиялык артыкчылыктуу багыттары боюнча узак мөөнөттүү натыйжалуу өнүктүрүүгө умтулат: жамааттар ортосундагы мамилелердин бекемделиши; тийиштүү мамлекеттик башкарууга жана коррупция менен күрөшүүгө көмөк көрсөтүү; терроризмге каршы күрөшүү; адам укугун коргоого жана мыйзам үстөмдүүлүгүн бекемдөөгө кол кабыш кылуу; жана гендердик теңчиликти илгерилетүү. Ош шаарында ЕККУ борборунун бөлүмү иштейт.

1998-жылы 7-августта Кыргыз Республикасынын Куралдуу күчтөрүнүн Жалпы аскердик уставдары кабыл алынып, 30-ноябрдан баштап «Аскердик абал жөнүндө» жана «Мобилизациялык даярдык жана мобилизация жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамдары күчүнө кирген. Ушул эле жылы Коопсуздук кеңеши Аскердик реформаны жүргүзүүнүн Мамлекеттик программасын, Кыргыз Республикасынын Куралдуу күчтөрүн реформалоонун Концепциясын ж. б. аскердик-саясий документтерди бекиткен.

1998-жылы сентябрда Чек араны кайтаруу башкы башкармалыгы түзүлүп, анын күчтөрү жана каражаттары менен кыргыз-кытай чек арасын кайтаруу орусиялык чек ара кызматынан өткөрүлүп алынган.

1998-жылдын 17-сентябрында "Жибек жолу дипломатиясы" доктринасы БУУнун расмий документи катары кабыл алынган

1998-жылы 17-октябрда болуп өткөн жалпы элдик референдумга шайлоочулардын 96,4%ы катышкан. Алардын 95,4%ы конституциялык өзгөртүүлөрдү колдоп беришкен. Өзгөтүүнүн негизинде Жогорку Кеңештин Мыйзам чыгаруу жыйынынын депутаттарынын санын 35тен 60ка көбөйгөн. Ал эми Эл өкүлдөрүнүн жыйыны, тескерисинче, 70тен 45

парламентарийге чейин азайтылган (чынында бул палатанын санын кыскартуу тууралу алдын-ала эч соз болгон эмес); мыйзам чыгаруучулардын палатасындагы 15 орун саясий партияларга берилген; республиканын жашы 25ке толгон, шайлоого катышууга укугу бар жана депутаттыкка талапкерликке көрсөтүлүү алдында өлкөдө 5 жылдан кем эмес туруктуу жашаган жарандары Жогорку Кеңештин Мыйзам чыгаруу жыйынынын депутаты боло алган, ал эми Эл өкүлдөрү жыйынынын депутаты болуп жашы 25ке толгон, шайлоолорго катышууга укугу бар жана депутаттыкка талапкерликке көрсөтүлүү алдында өлкөдө 5 жылдан кем эмес туруктуу жашаган жарандар шайлана алган, мунун 3 жылдан кем эмеси тийиштүү областтын же Бишкек шаарынын территориясына тиешелүү болушу керек; палаталардын экөөсүнүн тең депутаттары ыйгарым укуктарынын бүткүл мөөнөтү ичинде айтып чыккан пикирлерине же депутаттык ыйгарым укуктарын жүзөго ашыруу учурунда добуш бергенине байланыштуу жооптуу болуп же куугунтуктоолорго алынышпаган; республикалык бюджет тууралу мыйзамга өзгөртүүлөр, салыктарды киргизүү же жокко чыгаруу, аларды төлөөдөн бошотуу тууралу, мамлекеттин каржылык милдеттенмелерин өзгөртүү туурасындагы мыйзамдардын долбоорлору, анын киреше бөлүгүнүн эсебинен жабылуучу чыгымдоолорунун көбөйтүлүшүн көңүлгө алуучу мыйзамдардын башка да долбоорлору өкмөттүн макулдугу менен гана кабылданышы мүмкүн, сөз жана басма эркиндигин чектөөчү мыйзамдарды кабыл алынышына жол берилбеген.

Ошентип, Конституцияга президенттик ыйгарым укуктар менен түздөн-түз байланышпаган өндоолорду киргизүү менен, А.Акаев өзүнүн авторитардык бийлигин андан ары бекемдеген. Парламенттик иммунитетти чектөөнүн жардамы менен ал көңүлүнө туура келбеген депутаттарды куугунтуктоо мүмкүнчүлүгүн алган, ал эми өкүлчүлүктөр палатасынын сандык курамын кыскартуу палатанын үстүнөн көзөмөлдү жеңилдеткен. Мындан тышкары, аткаруучулук бийликтин бюджеттик-каржылык саясатын монополизациялоо парламенттин позициясын алсыздантып, ошол эле учурда А.Акаев бул чөйрөдөгү артыкчылыктарын сактап кала алган.

1998-жылы 24-октябрда Кыргыз Республикасынын президентинин №328 Жарлыгына ылайык Г.Айтиев атындагы Кыргыз мамлекеттик сүрөт искусствосунун музейи Г.Айтиев атындагы Кыргыз улуттук сүрөт искусствосунун музейи болуп кайра түзүлгөн.

1999-жылдын 12-февралында Кыргыз Республикасынын президентинин №42 Жарлыгына ылайык Кыргыз энциклопедиясынын башкы редакциясы президенттин алдындагы мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын алдындагы Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору болуп кайра түзүлгөн.

Жогорку Кеңеш *1999-жылы 18-февралда* №27 «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасы тууралу» мыйзамын кабыл алган.

1999-жылы 26-февралда Бажы бирлиги жана Бирдиктүү экономикалык мейкиндик жөнүндө келишимге кол коюлуп, ал Кыргыз Республикасы үчүн 2000-жылы 14-январдан тартып күчүнө кирген.

Кыргыз Республикасынын Борбордук Азиялык экономикалык коомчулукка (БАЭК) катышкан мамлекеттер менен акыркы жылдардагы товар жүгүртүүсүнүн кыймылын талдап көрүү соода көлөмүнүн азаюу жагына багыт алгандыгын көрсөтүүдө. Ошол эле учурда 2000-жылы Кыргыз Республикасынын БАЭКке катышкан мамлекеттер менен товар жүгүртүүсү 1999-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 16,3%га көбөйгөн.

1999-жылы 26-мартта Кыргыз Республикасынын президентинин №89 Жарлыгына ылайык «Шайлоо» мамлекеттик автоматташтырылган системасы түзүлгөн.

1999-жылы апрелде үч мамлекет – Азербайжан, Грузия жана Өзбекстан Жамаатык коопсуздук жөнүндө келишимди Узартуу жөнүндөгү протоколго кол койбой анын курамынан чыгып кетишкен.

1999-жылы 2-апрелде шериктеш мамлекеттердин башчылары 1994-жылы 15-апрелдеги Эркин соода зонасын түзүү жөнүндөгү макулдашууга өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизүү тууралу протоколго кол коюшуп, ал Кыргыз Республикасы үчүн 2000-жылы 1-февралдан тартып күчүнө кирген. Бул документтер КМШнын чегинде экономиканын бир калыпта өнүгүүсү, эң маанилүү экономикалык реформаларды бирге ишке ашыруу, жалпы экономикалык мейкиндикти, бажы жана валюталык бирликти, товарлардын, тейлөөнүн, капиталдын жана жумушчу күчтөрүнүн жалпы рыногун акырындап түзүү үчүн шарттарды ырааттуулук менен калыптандырууну каралтырат.

1999-жылдын 29-майында Кыргыз Республикасындагы шайлоо жараянын уюштуруу жана ишке ашыруунун чегин аныктаган №39 "Шайлоо тууралу" Кодекс кабыл алынган. Ал кийин 2007-жылы өзгөртүлүп, 2010-жылга чейин ишке ашырылган.

1999-жылы 12-июнь Кыргыз Республикасынын №50 "Саясий партиялар тууралу" мыйзамы кабыл алынган күн катары тарыхта калган.

1999-жылдын 17-июнунда Кыргыз Республикасы менен Орусия Федерациясынын кыргыз-кытай мамлекеттик чек арасынын участогун өткөрүп алуу жана Кыргыз Республикасынын коргоо министрлиги менен Орусиянын чек ара кызматынын ортосунда Кыргызстандын мамлекеттик чек арасын коргоо ишиндеги кызматташуусу жөнүндө өкмөттөр аралык макулдашуу кабыл алынган.

1999-жылы 30-июлда "Баткен коогалаңы" башталган. Армияны реформалоо процесси Ош облусунун Баткен районуна куралдуу террорчулар тобунун мыйзамсыз кирип келүүсү менен байланышкан окуялардан улам үзгүлтүккө учураган. Куралдуу террорчулардын мизин кайтаруу үчүн Аскерлердин түштүк тобу түзүлүп, 2000-жылга карата стратегиялык пландоо уюштурулган. Аскер кызматчыларынын катары контракт боюнча чакырылган запастагы аскерлер менен толукталып, өзүнчө батальондор түзүлүп, толукталган.

Баткен окуясынын учурунда душманга каршы согуштук аракеттердеги көрсөткөн эрдиги жана баатырдыгы үчүн 3-даражадагы «Манас» ордени менен 23 адам, «Эрдик» медалы менен 118 адам (алардын 13ү каза болгондон кийин), Кыргыз Республикасынын Ардак Грамотасы менен 254 адам сыйланган.

1999-жылдын 25-августунда Бишкек шаарында Казакстан, Кытай эл Республикасы жана Кыргыз Республикасынын ортосундагы чек араны тактоо боюнча үч тараптуу келишимге кол коюлган.

1999-жылы 26-августта Бишкек шаарында Кыргыз-кытай мамлекеттик чек арасы жөнүндө Кошумча макулдашууга Кыргыз Республикасынын президенти А.Акаев жана Кытай Эл Республикасынын төрагасы Цзян Цзэминь кол коюшкан. Бул макулдашуу мамлекеттик чек аранын Бедел ашуусундагы бешинчи жер тилкеси аркылуу өтүүнү карап чыккан. Талаш аймактын 70%ы – Кыргыз Республикасына, 30%ы – Кытайга кеткен.

1999-жылдын 23-сентябрында Кыргыз Республикасынын паспорттук системасын жакшыртуу боюнча иш-чаралар кабыл алынган.

1999-жылы 5-декабрда Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн №696 Токтомуна ылайык 28-май чек арачылардын күнү деп бекитилген

1999-жыл 13-декабрдагы Президенттин Жарлыгы менен Кыргыз Республикасынын Коргоо кеңеши, анын жумушчу органы болуп куралдуу күчтөрдүн башкы штабы түзүлгөн. Коргоо кеңеши 2005-жылдын мартына

чейин иштеп жана мамлекеттин коргонуу жөндөмдүүлүгүн бекемдөөгө зор салым кошкон. 1999–2005-жылдары Кыргыз Республикасынын Коргоо министри болуп Э. Т. Топоев иштеген.

2000-жылдын 15-январында Кыргыз Республикасынын президентинин №3 Жарлыгына ылайык Бишкектеги милиция жогорку мектеби – Кыргыз Республикасынын ички иштер министрлигинин академиясы болуп кайрадан түзүлгөн

2000-жылы 20-февралда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин экинчи чакырылыштагы депутаттарын шайлоо болуп өткөн. Шайлоо Кодексине ылайык, Мыйзам чыгаруу жыйынынын жана Эл өкүлдөр жыйынын депутаттарын шайлоо боюнча 45 бир мандаттуу шайлоо округдары жана Мыйзам чыгаруу жыйынынын 15 депутатын партиялык тизме менен шайлоолор боюнча бирдиктүү республикалык шайлоо округу түзүлгөн. Шайлоолор альтернативалуу болуп, бир мандаттуу шайлоо округдарынан эки палатадагы 90 депутаттык орунга 414 талапкер ат салышкан. Бул шайлоо пропорционалдык-мажоритардык тутумуна ылайык өткөн.

2000-жылы 20-февралдагы парламенттик шайлоодо саясий партияларга 15 орун болүнгөн. Парламенттик шайлоо алдында Юстиция министрлиги бийликке оппозиция болуп келген Эл (бей-бечаралар) жана Ар-намыс партияларына шайлоого катышууга мыйзам жол бербестигин аныктаган. Ал эми шайлоого катышууга укук алган Кыргызстан демократиялык кыймылы партиясы соттун чечими менен шайлоодон четтетилген. Натыйжада болүнгөн 15 орун үчүн 7 саясий партия жана 2 шайлоо блогу депутаттыкка өз талапкерлеринин тизмесин көрсөтүшкөн.

Добуш берүүгө укугу бар эки жарым миллиондон ашуун шайлоочулардын 60%дан ашыгы шайлоо жараянына катышышкан. Бирдиктүү республикалык шайлоо округу боюнча Кыргызстан коммунисттер партиясы-5; Демократиялык күчтөр союзу-4; Кыргызстан аялдар демократиялык партиясы-2; Оогандагы согуштун ардагерлеринин жана башка локалдык согуштардын катышуучуларынын саясий партиясы-2 мандатты; 5%дан ашык добушту топтоого жетишишкен «Ата Мекен» социалисттик партиясы-1; «Менин өлкөм» иш-аракет партиясы-1 депутаттык мандатты алышкан.

Бул жолку шайлоо саясий партиялардын коомдук турмуштагы ролунун көтөрүлүшүнө чоң өбөлгө болгон. 2000-жылы 20-февралдагы Жогорку Кенешке депутаттарды шайлоонун жүрүшүнө саясий партиялардын, блоктордун, коомдук жана өкмөттүк эмес уюмдардын 5

миндей байкоочулары, ошондой эле 250 эл аралык байкоочулар көзөмөл жүргүзүшүп, көптөгөн мыйзам бузууларга жол берилгендигин, бардык жерлерде административдик ресурс колдонулгандыгын белгилешкен. Ошентип, 2000-2005-жылдар аралыгында Кыргызстанда курамы 105 депутаттан турган эки палаталуу парламенттин экинчи чакырылышы иш жүргүзгөн. Социалдык курамы боюнча экинчи парламенттин 60%ы мамлекеттик кызматчылардан, 25%ы ишкерлерден, ал эми калган бөлүгү да коомдун кедей эмес катмарларынын өкүлдөрүнөн турган.

Жогорку Кеңештин биринчи чакырылышындагы депутаттардын курамына салыштырганда экинчи чакырылышында бизнесмендер менен аялдардын саны өскөн. Курагы боюнча да биринчи чакырылышка салыштырганда 5 жашка жашарып, экинчи чакырылыштагы депутаттардын орточо курагы 47,4 жашка барабар болгон. Партиялык тизме аркылуу жөнөкөй кесиптин ээлери да парламентке мүчө болуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушкан. Курамы 60 депутаттан турган Мыйзам чыгаруу жыйыны 25 комитет түзкөн. Жогорку Кеңештин тарыхындагы комитеттеринин саны жагынан эң көп парламент катары тарыхта калган.

Парламенттин ичинде фракциялар менен депутаттык топтордун пайда болушу экинчи чакырылыштагы Жогорку Кеңештин ишмердигиндеги жаңылыктардан болгон. "Оң Ордо" депутаттык фракция – парламенттеги оң канатты, "Кыргызстандын региондору" жана "Эл үчүн" депутаттык топтору - центристтик, борбордук, ал эми оппозициялык фракция "Элкомсоц" (Эл, коммунисттер, социалистер) - сол канатты түзгөн.

Аз санда болсо дагы, Жогорку Кеңешке беш саясий партиялардын өкүлдөрүнүн келиши менен саясий плюрализмдин парламенттеги өнүгүүсү башталган. Дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндөгү сыяктуу, эң кур дегенде Кыргыз парламентинин жалпы курамынын 50%ы партиялык тизме менен шайланып келгенде, албетте, саясий партиялардын андан ары өнүгүшүнө, алардын коомдун саясий тутумундагы ордунун жана ролунун кескин жогорулашына ыңгайлуу шарттар түзүлмөк. Арийне, кийинки шайлоого чейин, тескерисинче, партиялык тизме толугу менен алынып ташталган.

Экинчи чакырылыштагы Жогорку Кеңештин курамы 45 депутаттан турган Эл өкүлдөр жыйынынын төрагалары болуп А.А.Боруубаев (2000-жылдын апрелинен - 2005-жылдын 24-мартына чейин) жана М.О.Мукашев (2005-жылдын 24-25-март күндөрү), ал эми курамы 60 депутаттан турган Мыйзам чыгаруу жыйынынын төрагалары болуп

А.Э.Эркебаев (2000-жылдын апрелинен - 2005-жылдын 24-мартына чейин) жана И.Д.Кадырбеков (2005-жылдын 24-25-март күндөрү) иштешкен. М.О.Мукашев менен И.Д.Кадырбековдордун эки күндөн спикерлерден болуп калышы 2005-жылы 24-мартта Бишкекте болуп өткөн саясий төңкөрүшкө байланыштуу болгон.

Кыргыз-кытай мамлекеттик чек арасы жөнүндө Кошумча макулдашуу Жогорку Кеңештин Мыйзам чыгаруу жыйынында ***2002-жылдын 10-майында*** кабыл алынып, 17-майында Эл өкүлдөр Жыйынында колдоого ээ болгон

2000-жылдын 29-майында Кыргыз Республикасынын "Расмий тил тууралу" мыйзамы күчүнө кирген

2000-жылдын 30-июнунда Кыргыз Республикасына карата АКШ Джексон-Вэниктин өзгөртүүсүн алып салганын белгилей кетүүгө болот. Кыргызстан КМШ өлкөлөрүнүн ичинен АКШ бул өзгөртүүнү колдонууну алып таштаган биринчи мамлекет болуп эсептелет. Мындай алып салуу кадыресе соода мамилелерин жана милдеттенмелерди колдонууну камсыз кылат, алыскы чет өлкөлөрдүн ичинен Кыргызстандын негизги соода өнөктөшү болгон АКШ менен соода-экономикалык байланыштарды активдештирүү үчүн.кошумча түртүү берген.

2000-жылы 15-июлда Кыргыз Республикасынын президентинин №184 Жарлыгына ылайык Кыргыз Республикасынын куралдуу күчтөрүнүн Бишкек жогорку аскер окуу жайы уюшулган.

2000-жыл ичинде Шериктештиктин жогорку органдары тарабынан мурда кол коюлган документтерди ишке ашырууга багытталган, экономикалык интеграция боюнча бир катар документтер кабыл алынган. Алардын ичинен Шериктештиктин өнүгүшүнүн негизги багыттары жөнүндө КМШга катышкан мамлекеттердин башчыларынын ***2000-жылы 20-июнда*** кол коюлган 2005-жылга чейинки мезгилде КМШнын өнүгүшү боюнча иш-аракеттер программасы эң маанилүү болгон.

2000-жылдын 25-июлунда Кыргыз Республикасынын президентинин №189 Жарлыгына ылайык Талас мамлекеттик университети уюшулган.

2000-жылы 25-июлда Кыргыз Республикасынын президентинин №190 Жарлыгына ылайык Баткен мамлекеттик университети уюшулган.

Тарыхый калыптанган байланышты жана Кыргызстан менен Орусиянын ортосундагы кызматташтыкты «стратегиялык өнөктөштөр жана шериктештер» катары расмий макамын бекиткен эки өлкөнүн ортосундагы Түбөлүк достук, өнөктөштүк жана шериктештик жөнүндөгү

декларацияга ***2000-жылдын 27-июлунда*** кол коюлган. Ал - Кыргызстан менен Орусиянын ортосундагы эки тараптуу мамилени аныктаган маанилүү документтеринин бири болуп эсептелет.

Кыргыз Республикасынын президентинин ***2000-жылдын 27-августундагы*** №244 Жарлыгы менен «Кыргыз Республикасындагы билим берүүнүн мамлекеттик доктринасы жөнүндөгү» программасы кабыл алынган.

2000-жылы 4-сентябрда Кыргыз Республикасынын президентинин №255 Жарлыгына ылайык Кыргыз Республикасындагы туристтик тармагын өнүктүрүүнүн концепциясы кабыл алынган.

2000-жылдын 4-6-октябрында Оштун 3000 жылдыгын майрамдоо ишке ашкан

Кыргыз Республикасынын президентинин ***2000-жылы 4-октябрдагы*** Жарлыгы менен Ош шаары "Данакер" ордени менен сыйланган.

Кыргыз Республикасынын президентинин ***2000-жылдын 4-октябрындагы*** Жарлыгы менен Ош шаары Кыргыз Республикасынын президентинин түштүк резиденциясы жайгашкан жер болуп таанылган.

2000-жылы 10-октябрда Бажы бирлиги Евразиялык экономикалык шериктештик болуп кайра түзүлгөн.

2000-жылдын 29-октябрында А.Акаев үчүнчү мөөнөткө президенттикке шайланган. Шайлоого катышкандардын 74,47%ынын же болбосо 1460201 адамдын добушу менен президент болуп калган.

Кыргыз Республикасынын президентинин ***2001-жылы 9-январда*** №11 Жарлыгына ылайык Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик кызматкерлердин этикалык кодекси кабыл алынган. Мамлекеттик кызмат тармагында мыйзамдын беренелеринен тышкары этика боюнча бирден бир документ болуп эсептелет.

2001-жылдын 14-январында Кыргыз Республикасынын №9 «Мугалимдердин макамы жөнүндөгү» мыйзамы күчүнө кирген.

Кыргыз Республикасынын президентинин ***2001-жылы 14-январда*** №24 "Кыргыз Республикасындагы адам жана жарандардын негизги укук жана эркиндиктерин камсыз кылуунун натыйжалуулугун күчөтүү боюнча иш-чаралар тууралу" Жарлыгы жарык көргөн.

Кыргыз Республикасынын президентинин ***2001-жылдын 30-майындагы*** №177 Жарлыгына ылайык Кыргыз Республикасында 2001-2005-жж. шайлоо системасын жакшыртуунун мамлекеттик программасы кабыл алынган.

2001-жылы 12-июнда Тышкы иштер министрлигинин алдында Дипломатиялык академия түзүлгөн.

2001-жылдын 15-июнунда Шанхайда өткөн "Шанхай бешилтигинин" кезектеги саммитинде ага Өзбекистан кошулуп, Шанхай кызматташтык уюму (ШКУ) негилделген. ШКУга жол ачып берген механизм – "шанхай бешилтиги" эле. "Кансыз согуш" аяктагандан кийин Борбордук Азиянын жаңы көз карандысыз өлкөлөрү менен Кытай Эл Республикасы (КЭР) биринчи ирээтте мурунку замандардан мураска калган чечилбеген эски көйгөйлөрдү – талаш территориялар жана чек араларды аныктоо маселелерин күн тартибинен алып салуудан баштоону чечишкен. Бул өтө маанилүү суроолордун чечилиши Кытай менен биздин региондун ортосундагы болочок чыр-чатактарды жокко чыгармак. Ошол эле убакта региондо жаңыдан пайда болгон коопсуздук коркунучтарына – эл аралык терроризмге, саясий экстремизмге жана улутчул сепаратизмге (кытай лексикасында "үч балакетке") каршы биргелешип аракеттенүү биринчи кезекке чыккан. Мунун натыйжасында "шанхай форумунун" тез өнүккөн эволюциясы аны өз жобосу жана бюджети бар эл аралык уюмга айландырды. Шанхай кызматташтык уюму ошол эле күнү "Терроризм, сепаратизм жана экстремизм менен күрөшүү боюнча Шанхай конвециясын" кабыл алган.

ШКУга мүчө болгон жогоруда аталган алты мамлекеттен тышкары дагы беш мамлекет байкоочу макамына ээ: Монголия - 2004-жылдан баштап, Пакистан, Индия жана Иран – 2005-жылдан жана Ооганстан – 2012-жылдан баштап. Булардан тышкары 2012-жылы Туркия менен Украина мамлекеттери да байкоочу-мамлекет макамын алууга ниеттерин билдиришкен. ШКУга мүчө өлкөлөрдүн жалпы аянты 34 млн.300 миң кв. км, бул Евразиянын аянтынын 60%ын түзөт, калкы – дүйнө жүзүнүн калкынын жарымы - 3 млрд. 40 млн. адамга барабар.

Кыргыз Республикасынын президентинин *2001-жылдын 13-июлундагы* №221 Жарлыгына ылайык Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздугунун концепциясы кабыл алынган.

Кыргыз Республикасынын президентинин *2001-жылы 17-июлдагы* "2001-2010-жылдары Ош шаарын социалдык-экономикалык жактан комплекстүү онүктүрүүнүн мамлекеттик программасы жөнүндө" Жарлыгы жарык көргөн.

Кыргыз Республикасынын президентинин *2001-жылдын 23-августундагы* №259 Жарлыгына ылайык Кыргыз Республикасында 2010-

жылга чейин өнүгүүнүн комплекстик негиздерин ишке ашыруу боюнча улуттук кенеш түзүлгөн.

2001-жылдын 29-августунда Кыргыз Республикасынын президентинин №264 Жарлыгына ылайык тарыхий Мекенине кайткан этностук кыргыздарга колдоо көрсөтүүнүн ыкчам-арактери кабыл алынган.

2001-жылы 27-сентябрда «Манас» аэропортунда террорчулукка каршы эл аралык коалициянын куралдуу күчтөрүн жайгаштыруу үчүн америкалык аскердик аба күчтөрүнүн базасын ачуу тууралу чечим кабыл алынган.

2001-жылдын 15-декабрында Кыргыз-казакстан чек арасы боюнча келишимге кол коюлган.

2001-жылы 16-декабрда Жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү, бийликти борбордон ажыратуу максатында мурунку советтер өлкөсүнүн арасында биринчи жолу Кыргыз Республикасында жергиликтүү жааматтын катышуусунда айыл өкмөт башчыларын эркин, жашыруун добуш менен элдер шайлашкан. Тарыхта ал пилоттук шайлоолор деп аталып, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу-тескөөчү органдарынын башчыларын түз шайлоону ишке ашырууга түртүк берген.

2001-жылдын 16-декабрында Манас аэропортунун аймагында "Кыйрагыс эркиндик" операцияларынын алкагында антитеррористтик коалициянын күчтөрүнүн авиабазасы ачылган. Алгач ал Дүйнөлүк соода борборундагы террордук чабуулдан кийин сактоо операциясында курман болгон нью-йорк өртко каршы кызматынын башчысы Питер Гансинин атын алып жүргөн. Андан соң АКШнын Аскер Аба күчтөрүнүн АКШнын аймагынан тышкары жайгашкан аскер базалары америкалык жарандардын наамынан аталбоосу тууралу тартибине ылайык "Манас" авиабазасы деп атала баштаган. Базада АКШдан тышкары Франция жана Испаниянын жана башка баш аягы 11 мамлекеттин аба күчтөрүнүн бөлүктөрү жайгашкан. Ижара акысы жылына 2 млн. АКШ доллары деп аныкталган.

Кыргыз Республикасынын президентинин *2002-жылдын 2-январындагы* №1 Жарлыгына ылайык 2002-2010-жж "Адам укугу" улуттук программасы кабыл алынган.

2002-жылы 17-мартта Акаевдик авторитардык -үй-бүлөөлүк бийликтин өзүм билемдигине каршы чыккан демонстранттарга каршы ок чыгарылган Аксы окуясы болгон. Бул окуя үй-бүлөөлүк башкарууга каршы жараяндын биринчи аракети деп таанылган.

2002-жылдын 29-апрелинде Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн Токтому менен жактырылган «Кыргыз Республикасындагы билим

берүүнү 2010-жылга чейин өнүктүрүү жөнүндө» концепциясы кабыл алынган.

Кыргыз Республикасынын президентинин *2002-жылдын 11-майындагы* №112 Жарлыгына ылайык Кыргыз мамлекеттик улуттук университети Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети болуп аталган.

Жогорку Кеңеш *2002-жылдын 25-июнунда* "Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы" тууралу мыйзамды кабыл алган. Бул окуя адам укуктарын коргоо жаатындагы Кыргызстандын белгилүү иш-аракеттеринин бири деп таанылат.

2002-жылы 25-июлда «Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы жөнүндө» мыйзамы кабыл алынган.

"Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы" тууралу мыйзам *2002-жылдын 31-июнунда* күчүнө кирген.

Кыргыз Республикасынын президенти *2002-жылы 1-августта* өзүнүн Жарлыгы менен 2003-жыл кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн жылы деп жарыялаган.

2002-жылдын 6-августунда Кыргызстандын Конституциялык ассамблеясы түзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын президентинин *2002-жылы 17-декабрдагы* №381 Жарлыгына ылайык «2010-жылга чейин Кыргыз Республикасында мамлекеттик башкарууну борбордон ажыратуу жана жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүүнүн» улуттук стратегиясы бекитилген.

«Коррупцияга каршы күрөшүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамы *2003-жылдын 30-январында* кабыл алынган.

2003-жылдын 2-февралындагы Жалпы элдик референдумдун натыйжасында президенттик ыйгарым укуктары 2005-жылдын декабрына чейин бекитилген. Бул референдум Президенттин 2003-жылдын 18-январындагы №8 Жарлыгынын негизинде өткөрүлгөн. Ага шайлоочулардын 86,68%ы же болбосо 2137333 адам катшып, алардын 76,61% Президенттин ыйгарым укуктарын өзгөртүүгө өз макулдугун беришкен.

2003-жылдын 18-февралында «Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жаңы редакциясы жөнүндөгү» Кыргыз Республикасынын мыйзамы кабыл алынган.

2003-жылдын 18-февралында эл аралык адам укуктары боюнча стандарттарына ылайык Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 40-беренесине Акыйкатчы (Омбудсмен) тууралу чөнөм киргизилген.

2003-жылы 6-марттa Кыргыз Республикасынын "Коррупция менен күрөшүү тууралу" мыйзамы кабыл алынган.

Кыргыз Республикасынын №62 "Үй-бүлөөдөгү зомбулуктан социалдык-укуктук коргоо тууралу" мыйзамы *2003-жылы 25-марттa* күчүнө кирген.

Кыргыз Республикасынын президентинин *2003-жылдын 29-мартында* №106 "Кыргыз Республикасында мамлекетик билим берүү гранттарын ыйгаруу, абитуриенттерди жалпы республикалык тестирлөө жана аларды жогорку окуу жайларына конкурс түрүндө кабыл алуу процедураларын жакшыртуу боюнча андан аркы иш-чаралар жөнүндө" Жарлыгы жарык көргөн.

Кыргыз Республикасынын президентинин *2003-жылдын 8-апрелинде* №120 Жарлыгы менен ак ниеттүү башкаруу боюнча улуттук кеңеш түзүлгөн.

2003-жылы 17-июндa Кыргыз Республикасынын президентинин №182 Жарлыгына ылайык Кыргыз Республикасынын баңги заттарды көзөмөлдөө боюнча агенттик уюшулган.

Жогорку Кенештин Мыйзам чыгаруу жыйынынын №1232-II «Камеко Корпорейшн» корпорациясынын сунушу боюнча «Кумтөралтын» долбоорун кайра түзүмдөштүрүү жөнүндө» токтому *2003-жылдын 20-июнунда* кабыл алынган.

Кыргыз Республикасынын президентинин *2003-жылы 22-июлда* № 240 "Коррупция жана экономикалык кылмыштар менен күрөшүү системасын жакшыртуу боюнча иш-аракеттер жөнүндө" Жарлыгына кол коюлган.

2003-жылы августта укук коргоочу А.Абдырасулова «Кылым шамы» укук коргоо борборун түзгөн.

7-август 2003-жылы Бишкек шаарында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана ЕККУнун ортосунда ИИМдин ишмердүүлүгүнө колдоо көрсөтүү тууралу Меморандумга кол коюлган. Бул меморандум Кыргызстандын өлкөнүн укук коргоо системасын бекемдөөгө жардам көрсөтүү чакырыгына жооп катары пайда болгон.

Кыргыз Республикасынын президентинин *2003-жылдын 12-августундагы* №264 Жарлыгына ылайык Кыргыз мамлекеттик юридикалык академиясы уюшулган. Анын биринчи ректору Ч.Арабаев болгон.

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун каржылык-экономикалык негиздери тууралу" мыйзамы ***2003-жылдын 25-сентябрында*** күчүнө кирген.

Бириккен Улуттар Уюму ***2003-жылы 29-сентябрда*** «Коррупцияга каршы Конвенцияны» кабыл алган.

Кант шаарында жайгаштырылган Орусиялык аскердик аба күчтөрүнүн базасы ***2003-жылдын 23-октябрында*** ачылган. Бул базанын ачылышы дүйнөлүк аренадагы территоризм жана экстремизмдин жигерилеши менен байланыштуу болгон. Аэродром 2 класстагы деп таанылат, Ан-22, Ил-, Ту-154, Як-42, Ан-12 жана андан жеңил учактарды жана бардык типтеги тик учактарды кабыл алууга ыңгайлаштырылган. Аэродромдо Аскер аба күчтөрүнүн жана абадан коргонуунун 2-башкармалыгынын курамына кирген 999 авиабазасы (200022 аскер бөлүгү) жайгаштырыган. Су-25 учактары жана Ми-8 тик учактары менен камсызанган.

«Кыргызалтын» АКсы менен «Камеко Корпорэйшн», «Камеко Голд Инк.» жана «Центерра Голд Инк.» компаниясынын ортосундагы «Кумтөр» долбоорун реструктуралаштыруу тууралу Макулдашууга ***2003-жылдын 31-декабрында*** кол коюлган.

2004-жылда Кыргызстан элдик конгресси, "Таза шайлоолор үчүн" жарандык союзу, "Элдин бийлиги үчүн" бирикмеси, "Жаңы багыт" коомдук-саясий кыймылы жана башка уюмдар түзүлгөн.

2004-жылдын 9-январында «Кыргызалтын» АКсы менен «Камеко Голд Инк.», «Кумтор Маунтин Корпорейшн» жана «Центерра Голд Инк» ортосунда «Центерранын» акционерлеринин макулдашуусу түзүлгөн.

Кыргызстан элдер Ассамблеясынынын ***2004-жылдын 30-январында*** IV курултайында "Этностук өнүгүүнүн концепциясы" кабыл алынган.

Кыргыз Республикасынын президентинин ***2004-жылы 12-февралда*** кабыл алган №54 Жарлыгы менен ак ниеттүү башкаруу боюнча консультациялык кеңеш түзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик тили тууралу" мыйзамы ***2004-жылдын 2-апрелинде*** күчүнө кирген.

2004-жылдын 10-июнунда "ЭрК", "Кайран эл", КДК, Республикалык партия, "Асаба" жана "Жаңы Кыргызстан" партиялары "Эл бийлиги үчүн" блогу түзүлгөн.

ШКУнун мүчө-өлкөлөрүнүн ортосунда баңги каражаттарынын мыйзамсыз айланышына каршы күрөшүү боюнча келишимге ***2004-жылдын 17-июнунда*** кол коюлган. Бул кызматташуунун чектеринде

баңги каражаттарына каршы кызматташуунун үч деңгээлдүү механизми иштелип чыккан (эксперттик жумушчу топ, компетенттүү органдардын жетекчилеринин жыйындары). Баңги каражаттарына каршы кызматташуу багытында төрт жумушчу эксперттик топтун жыйналыштары туруктуу негизде жүргүзүлүп турат.

Кыргыз Республикасынын президентинин ***2004-жылдын 23-июндагы*** №210 Жарлыгына ылайык Кыргыз Республикасынын "2010-жылдын чейинки элет жерин комплекстүү өнүктүрүүнүн" Улуттук стратегиясы кабыл алынган.

Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик символдору тууралу" мыйзамы ***2004-***жылы 17-июлдан тартып күчүнө кирген.

Кыргыз Республикасынын "Электрондук документ жана электрондук сан кол тамгасы тууралу" мыйзамы ***2004-жылы 17-июлда*** күчүнө кирген.

Кыргыз Республикасынын "Саясий жана башка атайын мамлекеттик кызматтындагы адамдар жана алардын жакын туугандарынын кирешелери, милдеттери жана мүлкү тууралу маалыматтарды декларациялоо жана жарыялоо тууралу" мыйзамы ***2004-жылы 7-августта*** күчүнө кирген.

2004-жылдын 11-августунда Кыргыз Республикасынын № 114 "Мамлекеттик кызмат тууралу" мыйзамы күчүнө кирген. Ошол эле күнү "Муниципалдык кызмт тууралу" мыйзам да мыйзам макамын алган.

2004-жылдын 21-сентябрында Кыргызстан менен Кытай 2004-2014-жылдарга эсептелген узак мөөнөттүү соода-экономикалык кызматташтыктын Программасына кол коюшкан.

2004-жылы 10-октябрда жергиликтүү кеңештерге шайлоолор өткөн.

Кыргыз Республикасынын президентинин ***2004-жылы 3-ноябрда*** №376 Жарлыгына ылайык мамлекеттик органдын жогорку административдик мамлекеттик статс-катчы кызматы киргизилген.

Кыргыз Республикасынын президентинин ***2004-жылдын 14-декабрындагы*** №437 Жарлыгына ылайык Кыргыз Республикасынын президентинин алдында акыйкаттык иштери боюнча улуттук кеңеш түзүлгөн.

Кыргызстандагы саясий күчтөрдүн форуму түзүлүп, ак-ниет, адилет жана ачык шайлоолорду өткөрүү үчүн кызматташуу жана аракеттерди координациялоо жөнүндөгү меморандумга ***2004-жылы 29-декабрда*** кол коюлган.

Жогорку Кеңештин Мыйзам чыгаруу жыйынынын №1906-2 "Камеко Корпорейшндин" сунушу боюнча "Кумтөралтын" долбоорун кайра түзүмдөштүрүү жөнүндө" 2003-жылдын 20-июнундагы №1232-II жана "Кыргыз Республикасынын өкмөтү тарабынан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Мыйзам чыгаруу жыйынынын 2003-жылдын 20-июнундагы №1232-II токтомунун бузулушу жөнүндө" 2004-жылдын 25-июнундагы №1694-II Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Мыйзам чыгаруу жыйынынын токтомдорунун Кыргыз Республикасынын өкмөтү тарабынан аткарылышы тууралу» токтом ***2005-жылдын 25-январында*** кабыл алынган.

2005-жылдын 27-февралында Кыргыз Республикасынын үчүнчү чакырылышындагы бир палаталуу Жогорку Кеңешке шайлоонун биринчи баскычы болуп өткөн. 75 депутаттык орундан турган Жогорку Кеңешке 422 талапкер катышкан шайлоонун биринчи туру болуп, ага шайлоочулардын тизмесине киргендердин 60%ы добуш берүүгө катышкан. Бул күнү 31 шайлоо округдарынан депутаттар шайланышкан. Калган 43 (Кочкор шайлоо округунан тышкары) округдардагы шайлоолор БШКнын чечимине ылайык экинчи турга, 13-мартка, калтырылган.

2005-жылы февраль-мартта Кочкордо, анан Тоң менен Таласта А.Акаевдин үй-бүлөөлүк бийлигине каршы акциялар болуп өткөн.

2005-жылы 13-мартта Жогорку Кеңешке шайлоонун экинчи баскычы болуп өткөн. Анын жыйынтыгында делс чеке жылытаарлык болгон эмес: депутаттык орундардын басымдуу көпчүлүгү президентти жактоочуларга тийген. КЕКтин лидери К.Бакиев менен активдүү оппозиционер А.Мадумаровдун депутаттыка өтпөй калышканы элдин бүйүрүн кызыткан.

Р.Отунбаева жетектеген "Ата-Журт" оппозициялык блогунан – О.Текебаев, Д.Садырбаев, Б.Шерниязов, М.Мукашев, коммунистер партиясынын лидери И.Масалиев, КЕК мүчөсү А.Бекназаровдор депутат болуп шайланышкан. Парламент курамынын 10%ына жетпеген оппозиция өкүлдөрү бийликти колдогон көпчүлүккө каршы тура албайт деп байкоочу-эксперттер айтып чыгышкан.

2005-жылы 14-мартта шайлоонун жүрүшүнө жана жыйынтыктарына нааразы болушкан Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкер Р.Жээнбековдун жактоочулары митингге чыгышып, Талас облустук мамлекеттик администрациясынын кеңсесин басып алышкан. Парламенттик шайлоонун жүрүшүндөгү мыйзам бузууларга каршы митингдер өлкөнүн башка региондорунда да башталган.

Кыргыз Республикасынын президентинин ***2005-жылдын 18-мартындагы*** №76 Жарлыгына ылайык 2010-жылдын чейинки учурга Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарын реформалоонун концепциясы кабыл алынган.

2005-жылы 19-мартта – Ошто, ***23-мартта*** – Баткенде жана Кочкор, Тоң, Базар-Коргон, Өзгөн сыяктуу райондук борборлордо курултайлар өткөрүлүп, ал жерлердеги бийлик дагы олуттуу каршылыктарсыз эле көтөрүшчүлөр тарапка өткөн. ***2005-жылдын 24-мартына*** карата өлкөдөгү жети облустун бешөөндөгү, Чүй менен Ысык-Көлдөн башка, мамлекеттик бийлик иш жүзүндө оппозиция тарапка өтүп, бул региондордогу бийликтин тикелей түзүлүшү убактылуу үзгүлтүккө учураган.

Ошентип, ***2005-жылдын 24-мартында*** Бишкектеги акаевдик-авторитардык саясий режимге каршы уюштурулган митинг мамлекеттик төңкөрүшкө айланган.

2005-жылдын 24-мартында эртең мененден баштап, алгач, Бишкектин батышындагы белгилүү дарыгер Назаралиевдин Чүй проспектиси менен Фучик көчөсүнүн кесилишинде жайгашкан медициналык борборунун тегерегинде, ошол эле мезгилде, борбор шаардын чыгыш бөлүгүндө жайгашкан А.Атамбаевдин "Форум" мекемесинин жанында элдер чогулуп, анан алар борборду көздөй агылып жыла башташкан. ИИМдин кызматкерлери элдердин колонналарына эч тоскоолдук кылышкан эмес. Жолдо карай улам жаңы элдер кошула берип, митингчилердин саны бир нече эсе көбөйүп, уюштуруучулар эми аларга ээ боло албай калышкан. Жаалданган жаштар жолдон кездешкен автобустардын айнектерин сындырышып, тосмодо турушкан милиция кызматкерлерине таш ыргытышып, көчө жээгиндеги дүкөндөрдүн айнектерин талкалашкан.

Кечке маал митингчилер тарабынан Акүй, өкмөт үйү, алынган. Режимге кызмат кылган, элдин кыжырына тийгендердин колго түшкөндөрү катуу таяк жеген, калгандары качып кутулушкан. 1990-жылы 27-октябрда Москвадан түнү менен учуп келип Президенттикке шайланган А.Акаев ***2005-жылы 24-мартта*** Москвага түнү менен качып кеткен алгачкы "качкын президент" катары тарыхта калган.

2005-жылы 24-25-мартта Жогорку сот чукул жыйын өткөрүп, парламенттик шайлоонун жыйынтыктарын жокко чыгарып, парламенттин мурунку эки палаталуу курамынын бийлик-укуктарын ушул жылдын 14-апрелине чейин узарткан.

Ушундай мыйзамдаштыруудан кийин эки палаталуу Жогорку Кеңештин Мыйзам чыгаруу жыйынынын депутаттары өзүнө спикер кылып, акыркы шайлоодо Нарындан депутаттыка өтпөй калган, оппозиция лидерлеринин бири И.Кадырбековду шайлашкан. Ал эми А.Бөрүбаев спикери болгон Жогорку Кеңештин Эл өкүлдөр жыйыны Премьер-министр Н.Танаевдин кызматтан кетүү жөнүндөгү арызын канааттандырып, анын ордуна К.Бакиевди Кыргыз Республикасынын Премьер-министри кызматына шайлаган.

Ошентип, ***2005-жылы 28-мартта*** экинчи чакырылыштагы эки палаталуу Кыргыз парламенти мөөнөтүнүн бүткөндүгүнө байланыштуу өз ишин токтоткон.

Ушул эле күнү Борбордук шайлоо комиссиясы жаңы шайланган бир палаталуу парламенттин легитимдүүлүгүн бекиткен.

А.Акаев ***2005-жылдын 5-апрелинде*** Москва шаарында Кыргыз Республикасынын президенттик кызматынан өз ыктыяры менен баш тарткан арызга кол койгон. Андан тышкары, парламент президенттик жаңы шайлоону 2005-жылдын 10-июлуна дайындаган.

2005-жылы 9-апрелде үчүнчү чакырылыштагы 75 депутаттан турган бир палаталуу Жогорку Кеңеш №59 "Кыргызстандын Президентинин ишмердигине кепилдиктер жөнүндөгү" мыйзамга өзгөртүүлөрдү кийирүү жолу менен А.Акаевден "биринчи Президент" деген макамын, ошондой эле анын үй-бүлөсүнө таралуучу бардык артыкчылыктарды алып таштаган.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин ***2005-жылы 25-апрелинде*** кабыл алган "Конституциялык кеңешмени түзүү жана Кыргыз Республикасында конституциялык реформаны өткөрүү жөнүндөгү" токтомунун ишке ашырылышы ар кандай куру шылтоолор менен улам артка жылдырыла берип, кырдаалдын өзгөрүшү менен ал өзүнүн баштапкы актуалдуулугун да жоготкон.

Кыргыз Республикасынын президентинин милдетин аткаруучунун ***2005-жылдын 30-апрелиндеги*** №147 Жарлыгына ылайык Кыргыз Республикасынын куралдуу күчтөрүнүн жогорку аскер окуу жайына Советтер Союзунун Баатыры, генерал-лейтенант Үсөнбеков Калыйнурдун ысмы ыйгарылган.

Кыргыз Республикасынын президентинин милдетин аткаруучунун ***2005-жылы 30-апрелдеги*** №148 Жарлыгына ылайык Кыргыз улуттук аскер лицейине Советтер Союзунун Баатыры, генерал-майор Асанов Дайырдын ысмы ыйгарылган.

2005-жылдын 3-майында Кыргыз Республикасынын президентинин милдетин аткаруучунун №159 Жарлыгына ылайык И.Раззаков атындагы Кыргыз техникалык университетине мамлекеттик деген макам ыйгарылган.

2005-жылы 3-майда кол коюлган Кыргыз Республикасынын президентинин милдетин аткаруучунун №160 Жарлыгына ылайык И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик педагогикалык институту И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети болуп кайра түзүлгөн.

2005-жылдын 3-майында Кыргыз Республикасынын президентинин милдетин аткаруучунун №161 Жарлыгына ылайык Кыргыз мамлекеттик дене-тарбия институту Кыргыз мамлекеттик дене-тарбия жана спорт академиясы болуп кайра түзүлгөн.

К.Бакиев менен Ф.Кулов ***2005-жылдын 12-майында*** саясий тандем жөнүндө өз ара макулдашууга кол коюшкан.

Кыргыз Республикасынын президентинин милдетин аткаруучунун ***2005-жылдын 25-майындагы*** №200 "Кыргыз Республикасында саясий мамлекеттик кызмат тууралу" Жарлыгына кол коюлган.

Кыргыз Республикасынын президентинин милдетин аткаруучунун ***2005-жылдын 21-июнундагы*** №251 Жарлыгы менен Кыргыз Республикасынын коррупцияга каршы күрөшүүнүн мамлекеттик стратегиясы жана аны турмушка ашыруу боюнча аракеттердин планы бекитилген.

ШКУга мүчө-мамлекеттердин кызматташтыгынын маанилүү багыттарынан болуп өзгөчө кырдаалдарды биргелешип алдын алууга өз ара таасир этүү саналат. Мында приоритеттүү милдеттерден болуп мамлекеттик чек араларды кесип өтүүнүн жөнөкөйлөштүрүлгөн механизми, трансчекаралык катастрофаларды четтетүү, өзгөчө кырдаалдарды жоюу боюнча Макулдашуу ***2005-жылы 5-июлда*** Астана шаарында кабыл алынган. Бул максатта өзгөчө кырдаалдарда өз ара жардам көрсөтүүнүн иш-чараларынын планы жөнүндө Макулдашуу да иштелип чыккан. Бул форматтын алкагында кыргыз тарап ШКУ өлкөлөрүнүн өзгөчө кырдаал түзүмдөрүнүн адистерин жана суучулдардын кесибин Ысык-Көлдө жогорулатуу иш чараларын жүргүзүү демилгесин көтөргөн.

2005-жылы 10-июлда Кыргыз Республикасынын президентине шайлоо болуп К.Бакиев атаандаштарын жеңген.

Кыргыз Республикасы ***2005-жылдын 6-августунда*** БУУнун "Коррупцияга каршы конвенциясын" ратификациялаган.

2005-жылы октябрда криминалдык чөйрөнүн мүчөлөрү эски аянтка чогулушуп, парламент имаратынын алдына боз үйлөрдү тигишип, "Кулов кетсин" ураанынын алдында мөөнөтсүз митингге чыгышкан.

Кыргыз Республикасынын президентинин *2005-жылдын 10-октябрындагы* №448 Жарлыгына ылайык Кыргыз Республикасынын монополияга каршы саясат жана атаандаштыкты өнүктүрүү боюнча улуттук агенттиги түзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын президентинин *2005-жылдын 12-октябрындагы* №457 Жарлыгына ылайык мамлекет кепилдеген юридикалык жардам системасын жакшыртуунун концепциясы кабыл алынган.

2005-жылдын 21-октябрында Кыргыз Республикасынын президентинин «Коррупцияга каршы күрөш боюнча кечиктирилгис чаралар жөнүндө» №476 Жарлыгы менен Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы орган – Кыргыз Республикасынын коррупцияны алдын алуу боюнча улуттук агенттиги жана анын байкоочу органы – Кыргыз Республикасынын коррупцияга каршы күрөш боюнча улуттук кеңеши түзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Президентинин *2005-жылдын 10-декабрында* №632 Жарлыгына ылайык Кыргыз Республикасынын "ЭлТР – коомдук телекөрсөтүүсү" телерадиокомпаниясы уюшулган.

2006-жылдын 30-мартында Р.Акматбаев өзүнүн жактоочулары менен борбордук аянтка митинг уюштуруп, өз талаптары менен чыккан.

Кыргыз Республикасынын президентинин *2006-жылдын 14-апрелиндеги* №173 Жарлыгына ылайык 2010-жылга чейинки Кыргыз Республикасында мамлекеттик жаштар саясатынын концепциясын жана 2006-2008-жж. "Кыргызстан жаштары" улуттук программасы кабыл алынган.

Бийлик жана оппозициянын ортосундагы 3+3 форматындагы сүйлөшүүлөр *2006-жылдын 18-апрели* болуп өткөн.

2006-жылдын 29-апрелинде Бишкектин борбордук аянтында он миңден ашык киши чогулган митинг он талап менен бийликке кайрылган.

2006-жылдын 27-майында "Реформалар үчүн" коомдук кыймылы уюштурган борбордук аянттагы митингде талаптар күзгө чейин аткарылбаса, анда Президент К.Бакиев кызматынан кетсин деген сөздөр айтылган.

2006-жылдын 9-10-июнунда Кыргыз Республикасынын Президенти К.Бакиевдин Китай Эл Республикасына болгон расмий иш сапары болуп

өткөн. Сапардын жүрүшүндө Ху Цзинтао экөө кызматташтыктын бардык чөйрөсүн камтыган 14 макулдашууга кол коюшкан.

2006-жылы 14-15июнда ШКУнун Шанхайда өткөн Саммитинде билим берүү тармагында кызматташуу боюнча өкмөттөр аралык макулдашууга кол коюлган, ага ылайык ШКУга мүчө-өлкөлөдүн билим берүү министрлеринин кеңешмеси өткөрүлүп турат. Билим берүү боюнча эксперттик жумушчу топтун жыйыны "ШКУга мүчө-мамлекеттердин билим берүү жумалыгы" деп аталып, ага Индия, Иран, Монголия жана Пакистандан өкүлдөр байкоочу катары катыша алышат.

Кыргыз Республикасынын президентинин *2006-жылдын 12-июндагы* №372 Жарлыгына ылайык Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү мектептеринде окуучуларга тамак берүү уюшулган.

2006-жылдын 2-8-ноябрда "Реформалар үчүн" коомдук кыймылы уюштурган митинг борбордук аянтта боз үй жана палаталар шаарчасында өткөн.

2006-жылдын 8-ноябрында Кыргыз Республикасынын "Террорчулукка каршы аракеттенүү тууралу" мыйзамы күчүнө кирген.

2006-жылдын 9-ноябрында "Реформалар үчүн" коомдук кыймылынын лидерлеринин демилгеси менен иштелген Конституциянын жаңы редакциясы кабыл алынган.

2006-жылдын 19-декабры Кыргыз Республикасынын өкмөтү кызматтан кеткен.

"Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун карамагында болгон маалыматка мүмкүнчүлүк алуу тууралу" мыйзамы *2006-жылдын 28-декабрынан* күчүнө кирген.

Жогорку Кеңеш К.Бакиев сунуштаган Конституцияны *2006-жылдын 30-декабры* кабыл алган.

2007-жылдын 11-19-апрели Премьер-министр болбой калган Ф.Кулов түзгөн Бириккен фронт уюштуруп Бишкекте мөөнөтсүз митинг жүргүзгөн.

2007-жылдын 16-августунда Шанхай кызматташтык уюмунун (ШКУ) кезектеги саммити Бишкек шаарында өткөрүлгөн. Саммиттин натыйжасы – Шанхай кызматташтык уюмунунмүчө-мамлекеттеринин узак мөөнөттү коңшулук, достук жана кызматташтыгы тууралу Келишими жана ШКУнун мүчө-мамлекеттеринин башчыларынын Бишкек декларациясы болгон. Бул саммитке эки байкоочу-мамлекеттердин президенттери: Монголиянын - Намбарын Энхбаяр жана Ирандын - Махмуд

Ахмадинежад катышкан. Уюмдун дагы эки байкоочу-мамлекеттери болгон Пакистан жана Индиянын министрлери Хуршидом Касури жана Мурли Деор катышкан.

Кыргыз Республикасынын "Салттуу билимди коргоо тууралу" мыйзамы ***2007-жылдын 7-августунда*** кабыл алынган.

2007-жылдын 14-августунда КЭРдин Төрагасы Ху Цзинтаонун мамлекеттик иш сапарынын алкагында банги заттарын, психикага таасир этүүчү заттарды жана алардын прекурсорлорун мыйзамсыз жүгүртүүгө каршы күрөшүүдө кызматташтык жөнүндө тууралу Өкмөт аралык макулдашууга кол коюлган.

Өкмөттүн ***2007-жылдын 30-августунда*** №382 өкмөт менен Камеконун жана Центерранын ортосундагы макулдашууну жактыруу жөнүндөгү токтому кабыл алынган.

2007-жылдын 14-сентябры Конституциялык сот Конституциянын 2007-жылдын 16-январынан баштап күчүнө кирген редакциясын токтотуп, 2003-жылдын 18-февралындагы Конституцияны күчүнө киргизген.

2007-жылдын 6-октябрында Дүйшөмбү шаарында Орусия, Беларусь жана Казакстан менен болгон Келишимге ылайык Бажы биримдиги түзүлгөн, анын негизги максаты экономикалык интеграция болуп саналат.

Бажы биримдигинин калыптанышы бирдиктүү бажы аймагынын түзүлүшүн талап кылат, ал аймакта атайын коргоочу, демпингге каршы жана компенсациялоочу чаралардан башка бажы алымдары жана экономикалык мүнөздөгү чектөөлөр колдонулбайт. Бажы биримдигинин алкагында бирдиктүү бажы тарифи (Бажы биримдиги-Т) жана бардык үч өлкөдө товарларды сатууну жөнгө салуунун башка бирдиктүү чаралары колдонулат.

Бажы биримдигинин Жогорку органы болуп мамлекет башчыларынын жана өкмөт башчыларынын деңгээлиндеги мамлекеттер аралык Кеңеш саналат. Бажы биримдигинин комиссиясы Бажы биримдигинин дайыма иштөөчү бирдиктүү жөнгө салуучу органы болуп эсептелет.

2007-жылдын 21-октябрда Жалпы элдик референдумда президент сунуштаган баш мыйзамдын долбоору менен шайлоо кодексине өзгөртүүлөр жактырылып, күчүнө кирген.

2007-жылдын 22-октябры Кыргыз Республикасынын III чакырылыштагы Жогорку Кеңеши таркатылган.

2007-жылдын 16-декабрында Парламенттик шайлоонун жыйынтыгында «Ак Жол», «Кыргызстан социал-деморатиялык

партиясынан» жана Кыргызстан коммунисттеринин партиясынан турган, бардыгы 90 депутаттан турган IV чакырылыштагы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши шайланган.

2008-жылдын 14-февралында Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы болуп белгилүү укук коргоочу Т. Акун шайланган.

2008-жылдын 12-августунда Бээжин олимпиадасында грек-рим күрөшүнөн 60 кг салмакта Р.Түмонбаев коло байгени жеңип алган.

2008-жылдын 13-августунда Бээжин олимпиадасында грек-рим күрөшүнөн 66 кг салмакта К.Бегалиев күмүш медалдын ээси болгон.

Кыргыз Республикасынын президентинин ***2008-жылдын 25-сентябрдагы*** №344 Жарлыгына ылайык Кыргыз мамлекеттик медицина-лык академияга академик Ахунбаев Иса Коноевичтин ысмы ыйгарылган.

Мамлекет башчысынын ***2008-жылдын 5-октябрдагы*** №631 Жарлыгына ылайык Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигин реформалоонун концепциясы жана планы ишке киргизилген. Реформалоонун жүрүшүндө аскерлердин саны азайтылган, башкаруу аппараты олуттуу кыскартылган. Ошол эле учурда контракт боюнча аскер кызматкерлеринин саны көбөйтүлгөн. Контракт менен мөөнөттүү аскер кызматкерлери 70%ды, ал эми мөөнөттүү аскерлер 30%ды түзгөн. Коргоо министрлигине – Борбордук аппарат жана Мобилдүү күчтөр, Башкы штабдан тышкары жалпы багыттагы күчтөр, абадан кол салуудан коргонуу күчтөрү, камсыздоо жана тейлөө бирикмелери жана бөлүктөрү, аскердик окуу жайлары жана аскер комиссариаттары киргизилген. Ошондой эле терроризмге каршы аракеттенүү жана мыйзамсыз куралдуу түзүлүштөр менен күрөшүү боюнча борбор да түзүлгөн. Реформалоо концепциясына ылайык, аскерлерди комплектөө системасы, о.э. аскердик резервдерди даярдоонун тартиби түп-тамырынан өзгөртүлгөн.

Кыргыз Республикасынын президентинин ***2008-жылдын 17-октябрдагы*** №379 Жарлыгына ылайык Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университетине Насирдин Исановдун ысмы ыйгарылган.

Кыргыз Республикасынын президентинин ***2008-жылдын 9-декабрында*** №434 "Кыргыз Республикасында жеке менчик жана анын кол кийгистик укугун коргоону күчөтүү жөнүндө" Жарлыгына кол коюлган.

"Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатынын макамы тууралу" мыйзамы ***2008-жылдын 18-декабры*** күчүнө кирген.

2008-жылдын 31-декабры Кыргыз Республикасында мамлекеттик дин саясаты кабыл алынган.

"Дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндөгү" №282 мыйзам күчүнө ***2009-жылдын 12-январда*** кирген.

2009-жылдын 25-январы Кыргыз Республикасынын коррупцияны алдын алуу боюнча улуттук агенттигинин алдында Коррупцияга каршы ишкер кеңеши түзүлгөн.

2009-жылдын 3-февралында Орусиянын Кыргызстанга 2 миллиард доллар өлчөмүндө насыя берээри жана 150 миллион доллар кайтарымсыз жардам көргөзө тургандыгы тууралу шарттар камтылган келишимдерге кол коюлган.

2009-жылы 9-февралда «Кыргыз Республикасынын жарандарынын жалпыга бирдей аскердик милдети, аскердик жана альтернативдик кызматтар жөнүндө» мыйзамынын жаңы редакциясы күчүнө кирген. Ага ылайык мамлекетте чакырылуучу мобилизациялык резервде кызмат өтөөнүн жаңы түрү мыйзамдык жактан бекитилген. Бул мобилизациялык ресурсту даярдоону натыйжалуу чечүүгө, аскер кызматчыларына кошумча үстөк акыларды акчалай төлөөгө мүмкүндүк берген. Токмок шаарындагы аскердик шаарчанын жана Баткен облусундагы Бужум айылында жаңы аскердик бөлүктүн курулушу үчүн чет элдик инвестициялар тартылган. Армияны кайра куралдандыруу үчүн коргоо ведомствосунун алдында «Кыргыз курал» мамлекеттик ишканасы түзүлгөн.

Президенттин ***2009-жылдын 11-мартында*** №155 Жарлыгына ылайык Кыргыз Республикасында коррупция менен күрөшүүнүн улуттук стратегиясы жана коррупцияга каршы күрөшүү боюнча аракеттердин жаңы планы бекитилген.

2009-жылдын 7-апрели "Маданият жөнүндөгү" №119 Кыргыз Республикасынын мыйзамы күчүнө кирген.

«Кумтөр» долбоору боюнча жаңы шарттар жөнүндө макулдашууга ***2009-жылдын 24-апрели*** кол коюлган.

2009-жылдын 22-июнунда Бишкек шаарында "Манас" эл аралык аэропортундагы "Манас" авиабазасын транзиттик ташуулар борборупа кайра түзүү тууралу макулдашууга кол коюлган. Кыргызстандагы базанын аймагын колдонуу үчүн АКШ Кыргызстанга жылына 60 млн. АКШ долларына барабар ижара акы төлөөгө макул болгон.

Кыргыз Республикасынын №198 «Мектепке чейинки билим берүү жөнүндө» мыйзамы ***2009-жылдын 29-июну*** кабыл алынган.

Мөөнөтүнөн мурда ***2009-жылдын 23-июлунда*** өткөрүлгөн президенттик шайлоодо 76% добуш алып К.Бакиев экинчи мөөнөткө өз бийлигин узарткан.

2009-жылдын 26-октябрында "Кыргыз Республикасынын Президентинин ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун камсыз кылуу боюнча иш чаралар" жөнүндөгү президенттин №443 жарлыгы менен түзүлгөн "Өнүктүрүү, инвестициялар жана инновациялар" боюнча борбордук агенттикке (ӨИИБА же ЦАРИИ) Бакиев М.К. жетекчи болуп дайындалган.

2009-жылдын 28-ноябрында Минск шаарында Д.А.Медведев, А.Г.Лукашенко жана Н.А.Назарбаевдин 2010-жылдын 1-январынан Орусия, Беларусь жана Казакстандын аймагында бирдиктүү бажы мейкиндигин түзүү боюнча жолугушуусу болуп өткөн. Жыл ичинде мамлекет жана өкмөт ашчылардын деңгээлинде Бажы биримдигинин негизин түзгөн 40дай эл аралык келишимдер кабыл алынып, ратификацияланган.

2009-жылдын 21-декабрында өлкөнүн премьер-министри болуп Данияр Усенов дайындалган.

2010-жылдын 1-январынан Электр энергиясынын баасы карапайым эл үчүн эки эсеге өскөн, уюлдук телефонду пайдалангандарга ар бир чалганы үчүн 60 тыйын кошумча баа киргизилген.

Кезектешүүгө ылайык ***2010-жылдын 1-январынан 2012-жылдын 31-декабрына*** чейин кыргыз тараптын өкүлү М.С. Иманалиев ШКУнун башкы катчысы болуп иштеген.

2010-жылдын 12-январы ККИК агенттиктен бөлүнүп, мамлекеттик кайра каттодон өтүп, өз алдынча уюм болуп түзүлгөн.

2010-жылдын 11-мартында "Азаттык" радио берүүсү жабылган.

2010-жылдын 15-мартында "БиБиСи" радио берүүсү жабылган.

2010-жылдын 17-мартында Бишкекте өткөрүлгөн элдик курултайда президент К.Бакиевге 10 пункттан турган талап коюлган.

2010-жылдын 25-мартында Өкмөт өз чечими менен «Кумтор Голд Компани" ЖАКсыга мурда берилген жер участогуна кошумча жер казынасын геологиялык изилдөө жана пайдалуу кендерди иштетүү үчүн аянты 16330,8 гектар болгон жер участогун кайра каралган концессиондук келишимдин күчүнүн мөөнөтүнө (б.а. 2042-жылдын 4-декабрына чейин) убактылуу пайдаланууга берген.

2010-жылдын 17-марттан - 7-апрелге чейинки убакта оппозиция лидерлери бөлүнүп алышып бардык региондорду кыдырышкан.

2010-жылдын март-апрелинде Нарын облусу менен Алай районунда саясий жана экономикалык талаптарды койгон митингдер өткөн.

2010-жылдын 6-апрелинде Талас менен Нарында мамлекеттик администрациянын алдында элдер митингге чыгышып элдик бийликти орнотуу жөнүндө сөз кылышкан.

2010-жылдын 6-7-апрелинде Бишкекте, Ошто жана Таласта оппозициянын лидерлери мыйзамсыз кармалып, убактылуу кармоочу жайларга жеткирилген.

2010-жылдын 6-7-апрелинде алгач Таласта, ***7-апрелде*** түшкө чейин Нарын областында, Аксы, Алай, Кара-Кулжа,Токтогул Москва, Сокулук райондорунда, түштөн кийин Ысык-Көл областында, 16-00до Токмокто бийлик алмашкан.

2010-жылдын 7-апрелинде Бишкектеги тынч митингге чыккандарга каршы ок атылып, 87 адам набыт, 1500дөн ашык адам жарадар болушкан.

Президент Бакиев К. жансакчылары менен ***2010-жылдын 7-апрелинде*** Жалал-Абадга качып кеткен.

2010-жылдын 7-8-апрелинде Элдик курултайдын аткаруу комитети 14 кишиден турган Убактылуу өкмөттү түзгөн, анын башчылыгына Р.Отунбаева, анын төрт орун басарлары: А.Атамбаев - социалдык-экономикалык иштер боюнча; Ө.Текебаев - конституциялык реформалар боюнча; А.Бекназаров - укук-тартип маселелери боюнча; Т.Сариев - каржы маселелери боюнча – дайындалышкан.

2010-жылдын 8-апрелинде Казакстан менен Өзбекстан мамлекеттик чек араларын бир тараптуу жабышкан.

2010-жылдын 14-апрелинде Бакиев К. жана анын талапкерлери Жалал-Абад шаарында өз бийликтерин орнотконго аракет жасашкан. Ошол эле күнү К.Бакиев Кыргызстандан Казакстан армиясынын АН-26 аскер учагы менен Жалал-Абад аэропортунан адегенде Казакстандын Таразына, анан Минске чыгарылып кеткен.

2010-жылдын апрелинде Александровка, Ново-Покровка, Маевка айылдарында жана ошону менен катар Бишкектин жана Ош шаарларынын тегерегинде улут аралык жаңжалдар менен жамынып жер басып алуулар болуп өткөн.

2010-жылдын 13-14-майында Бакиевдин тарапкерлери Жалал-Абад облустук администрациясынын имаратын басып алып, губернатор Б.Асановду сабап, куып чыгышып, анын ордуна К.Масировду өз алдыларынча губернатор кылып шайлап алышкан.

2010-жылдын 15-майында Жалал-Абад шаарындагы элдик митингде К.Батыров өзбектердин абалы жөнүндөгү маселени да көтөрүп, өзбектерди чечкиндүү болууга чакырган.

2010-жылдын 18-майы Жалал-Абадда ипподромго эл чогулуп, К.Батыровго нааразычылык билдиришип, аны жана "Ош-ТВ" менен "Мезон-ТВ" телеканалдарынын жетекчилерин "этностор аралык жек көрүүчүлүктү тутандыргандыктары" үчүн тез арада кылмыш жообуна тартууну талап кылышкан.

2010-жылдын 19-майда Сузак районуна караштуу ипподромго 5-6 миң чамасында эл чогулуп Б.Асановдун губернаторлук кызматтан кетишин, К.Батыровду жазалоону, өзбек университетин жабууну Убактылуу өкмөттөн талап кылышкан. Топтошкон эл шаарды, өзбек университетин көздөй жөнөшүп, университеттин имаратын таш баранга алышып, өрттөөгө аракет кылышкан. Кагылышуудан 6 адам каза болуп, 72 адам жараат алган.

Убактылуу өкмөт ***2010-жылдын 19-майындагы*** №38-декрети менен Жалал-Абад шаарында жана Сузак районунун аймагында 2010-жылдын 19-майынан 1-июнга чейин өзгөчө абал киргизген.

2010-жылдын 10-14-июнда Ош шаарында, Ош жана Жалал-Абад облустарында коомдук саясий кырдаал курчуп, этностор ортосундагы жаңжал чыккан. 442 адам каза болгон. Эки миңден ашык адам жаракат алган, анын ичинен 925 октон жарадар болгондор. 545 адам кылмыш жоопкерчилигине тартылган.

2010-жылдын 11-июнунда Убактылуу өкмөт чукул жыйын өткөрүп Ош шаарына, Ош облусунун Өзгөн, Кара-Суу жана Араван райондоруна өзгөчө кырдаал киргизүү жөнүндө Декрет кабыл алган. Өзгөчө кырдаал 02.00дөн баштап киргизилип, 20.00дөн 06.00гө чейин комендanttык саат белгиленген. Облустун комендanты болуп КР ички иштер министринин биринчи орун басары Б.М.Алымбеков дайындалган.

Убактылуу өкмөттүн ***2010-жылдын 12-июндагы*** чечими менен коррупцияга каршы агенттик жоюлган.

Убактылуу өкмөт ***2010-жылдын 12-июнда*** "Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад облусуна өзгөчө кырдаал киргизүү жонүндө" Декретке кол коюп, кечки 18.00дөн эртең мененки 06.00гө чейин комендanttык саат белгилеген.

2010-жылдын 27-июнунда Жалпы элдик референдум аркылуу жаңы Конституция кабыл алынган. Референдумдун негизинде Р.Отунбаева

2011-жылдын 31-декабрына чейин өткөөл мезгилдин президенти болуп калган.

Р.Отунбаева ***2010-жылдын 3-июлда*** Кыргыз Республикасынын президенттик кызматына киришүү антын берген.

2010-жылдын 14-июлунда Өткөөл мезгилдин техникалык өкмөтү түзүлгөн. Өкмөт башчылыгына А.М.Муралиев дайындалган.

2010-жылдын 5-августунда У.Барыктабасов тынч митинг уюштуруу аркылуу премьер-министрдин кызмат ордун талап кылып, Балыкчыдан Бишкеке чейин жөө жүрүш уюштурган. Ал конституциялык түзүлүштү кулатууга аракет жасады деген айып менен камакка алынган.

Кыргыз Республикасынын президентинин ***2010-жылдын 28-августтагы*** № 149 Жарлыгына ылайык "Апрель элдик революциясынын баатыры" төш белгиси киргизилген.

Кыргыз Республикасынын президентинин ***2010-жылдын 29-сентябрдагы*** №212 "Мамлекеттик башкаруу органдарынын жарандык коом менен өз ара аракеттенүүсүн өркүндөтүү жөнүндө" Жарлыгына ылайык бардык министрликтерде, мамлекеттик агенттиктер менен мамлекеттик кызматтарда коомдук байкоочу кеңештер түзүлгөн.

Кыргызстанга ***2010-жылдын 2-октябрда*** АКШ мамлекеттик катчысы Хиллари Клинтон келип кеткен.

2010-жылдын 10-октябрындагы парламенттик шайлоодо 5 саясий партия: «Ата Журт», «Кыргызстан социал-демократиялык партиясы», "Ар-Намыс", «Республика», "Ата Мекен" жеңип бир палаталуу парламент пайда болгон.

2010-жылдын 10-ноябрда Жаңы шайланган V чакырылыштагы Жогорку Кеңеш өзүнүн эң алгачкы жыйынын өткөрүп, өз ыйгарым укуктарын аткарууга киришкен

2011-жылдын 25-мартта Мамлекеттик желек менен гимнди өзгөртүү боюнча Жогорку Кеңеште Абдрахман Маматалиев жетектеген депутаттык комиссия түзүлгөн. Комиссиянын сунушу кабыл алынган.

2011-жылдын 1-апрелинен тартып Орусия менен Белоруссиянын ортосундагы мамлекеттик чек арада транспорттук көзөмөл жоюлган. Ошондой эле Орусия, Казакстан жана Белоруссиянын чек араларында бажы көзөмөлү жоюлган жана ушуга байланыштуу бажы жана транспорттук көзөмөлдөр Бажы биримдигинин чек араларынын тышкы сызыгына жылдырылган.

2011-жылдын 12-апрелинде Кыргыз Республикасынын өкмөтү Бажы биримдигине кирүүгө даяр экендиктери тууралу расмий түрдө

жарыялаган. Бажы биримдиги ар бир мүчө-мамлекет өзүнүн тышкы соода режимин олуттуу түрдө өзгөртүүгө жана улуттук мыйзамдарды, ошондой эле Бажы биримдигинин алкагында кабыл алынган документтерди талдоого мүмкүнчүлүк берген.

2011-жылдын 19-октябрында ЕврАзЭСке мүчө-мамлекеттердин башчыларынын мамлекеттер аралык кеңешинин кезектеги жыйынында ЕврАзЭСтин алкагында Кыргызстандын Бажы биримдигине кошулуусу тууралу чечим кабыл алынган.

Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн алдында Кыргыз Республикасынын Бажы биримдигине биригүүсү боюнча ведомстволор аралык комиссия түзүлгөн. Ал комиссия тарабынан республиканын ички рыногу үчүн таасирдүү болгон товардык позицияны жана экономиканын секторлорун, экономикалык кызыкчылыктарын сактоону эске алуу менен биригүүнүн шарттары боюнча сүйлөшүүлөр позициясы иштелип чыгууда.

2011-жылдын 30-октябрында Президенттик шайлоодо А.Атамбаев добуштардын 62,52 пайызын алып жеңген.

2011-жылдын 18-ноябрында Москва шаарында Бажы биримдигинин Евразиялык экономикалык комиссияны түзүү тууралу келишими үч мамлекет тарабынан (Орусия, Беларусь, Казакстан) кабыл алынган.

2011-жылдын 30-ноябрда жаңы парламенттик көпчүлүк коалициясы түзүлгөн, бул жолу ага 4 депутаттык фракция кирген - «Кыргызстан социал-демократиялык партиясы» (26 мандат); "Ар-Намыс" (25 мандат), «Республика» (23 мандат), "Ата Мекен" (18 мандат).

Өкмөттүн жаңы курамы ***2011-жылдын 1-декабрда*** бекитилип, премьер-министрлик кызматка «Республика» партиясынын лидери Ө.Т.Бабанов шайланган.

Жаңы шайланган президенттин такты аземи (инагурация) ***2011-жылдын 1-декабрында*** болуп өткөн.

Кыргыз Республикасынын президенти ***2011-жылдын 14-декабрында*** №27 «Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетиндеги коррупцияга каршы кызматты түзүү жөнүндө» Жарлыкка кол койгон.

2011-жылдын 21-декабрында Жогорку Кеңештин төрагасы болуп Асылбек Жээнбеков шайланган.

2012-жылдын 1-январынан тартып бажы биримдигинин "үчилтиги" интеграциянын тереңирээк деңгээлине өтүшкөн – товардын, төлөө кызматтарынын, капиталдын жана жумушчу күчтөрдүн эркин жүгүртүлүшүн, укуктук ченемдердин шайкештигин, макулдашылган салык, акча-насыялык, валюта-каржылык, соода жана бажы саясатын жүргүзүү

каралган Бирдиктүү экономикалык мейкиндик (БЭМ) ачылган. Ошол эле мезгилде Евразия экономикалык комиссиясы (ЕАЭК) иштей баштаган, буга Бажы биримдигинин жоюлуп кеткен комиссиясынын кызматы өткөн. ЕАЭК улуттар аралык орган болуп саналат жана анын чечимдери "үчилтик" үчүн милдеттүү мүнөзгө ээ.

ЕАЭКнын коллегиясынын төрагалыгына РФнын өнөр жай жана соода министри В.Христенко дайындалган. ЕЭБнын кеңешине Бажы биримдигине мүчө-мамлекеттердин вице-премьерлеринин деңгээлинде бирден өкүл кирген. Комиссиянын коллегиясы тогуз мүчөдөн турган (ар бир өлкөдөн үчтөн) туруктуу иштөөчү кесиптик-аткаруучу орган болуп калган.

.Президент А. Атамбаев ***2012-жылдын 2-февралында*** № 26 «Кыргыз Республикасынын коррупцияга каршы саясатынын мамлекеттик стратегиясы жана коррупцияга каршы туруу боюнча чаралар жөнүндө» деген жаңы Жарлыкка кол койгон.

2012-жылдын 15-мартындагы Өкмөтүн №175 Токтомуна ылайык Өкмөт алдындагы каржы полициясы жоюлган. Ошол эле күнкү №176 Токтомго ылайык экономикалык кылмыштар менен күрөшүү боюнча мамлекеттик кызмат уюшулган.

2012-жылдын 21-24-февралда Бишкекте биринчи жолу КР-ЕСтин парламенттик кызматташтык боюнча комитетинин 8-жыйыны өткөн.

2012-жылдын 23-25-февралында Кыргыз Республикасынын президенти А.Атамбаевдин Орусия Федерациясына жумушчу сапары болгон. Сапардын жүрүшүндө анын Орусия Федерациясынын президенти Д.А.Медведев, өкмөт башчысы В.В.Путин, Москва жана жалпы орус патриархы Кирилл, Орусиянын муфтийлер кеңешинин шейхи Р.Гайнутдинов жана ал жактагы кыргызстандыктардын коомдук уюмдарынын өкүлдөрү менен жолугушуулары болгон. Ошондой эле Кыргызстандын президенти А.Атамбаев Мамлекеттик башкаруу университетине барган жана Москва шаарынын "Достук" паркында баатырдык "Манас" эпосуна арналып тургузулган эстеликтин ачылыш аземине катышкан.

2012-жылдын 19-20-мартында Кыргыз Республикасынын президенти А.Атамбаев Евразиялык Жогорку кеңешине жана ЕвразЕС мамлекет башчыларынын жыйынына катышуу үчүн жумушчу сапар менен барган.

Парламенттер аралык кызматташтыктын алкагында ***2012-жылдын 21-23-мартында*** Москва Думасынын төрагасы В.Платонов жана Москва шаардык Думанын депутуттарынын Бишкекке сапары ишке ашкан. Июнь

айында болсо Бишкек шаардык кеңешинин депутаттарынын делегациясынын Москвага иш сапары болгон.

Кыргызстан менен Орусиянын ортосундагы дипломатиялык мамилелердин түзүлгөнүнүн 20 жылдыгына арналган иш чарага катышуу үчүн ***2012-жылдын 4-5-апрелинде*** РФнын тышкы иштер министри С.Лавров жумушчу сапары менен Кыргызстанга келип кеткен. С.Лавровду сапар учурунда президент А.Атамбаев кабыл алган, ЖКнын төрагасы А.Жээнбеков менен жолугушкан жана КРнын тышкы иштер министири Р.Казакбаев менен сүйлөшүүлөрү болгон. Жолугушуулардын, сүйлөшүүлөрдүн жыйынтыгында төмөндөгү үч документке кол коюлган. Алар: Кыргыз Республикасынын өкмөтү менен Орусия Федерациясынын өкмөтүнүн ортосунда гуманитардык чөйрөдөгү кызматташтык жөнүндө, 2012-жылга карата КРнын ТИМи менен РФнын ТИМнин ортосундагы кызматташтык жөнүндө Программа жана КР менен РФнын тышкы иштер министрлеринин Биргелешкен Билдирүүлөрү.

2012-жылдын 25-апрелинде ЕАЭКнын кеңешинин чечими менен Кыргыз Республикасынын Бажы биримдигине кирүү маселелери боюнча жумушчу топ түзүлгөн, бул топ жогоруда аталган комиссия менен бирдикте Кыргыз Республикасынын Бажы биримдигине мезгил-мезгили менен биригүүсүнүн иш-чаралардын тийиштүү планын иштеп чыккан.

Планга 2012-2013-жылдын аягына чейин жасалуучу иш-чаралар киргизилген. 2013-жылы кыргыз тарабы аталган планга ылайык ЕАЭКне Бажы биримдигинин келишимдик-укуктук базасына ылайыктоо үчүн улуттук мыйзамдардын талдануусун сунуштаган, алардын ичинде Дүйнөлүк соода уюмунун алдында бажы тарифтери боюнча Кыргыз Республикасы менен Орусиянын милдеттеринин салыштырма талдоосу, ошондой эле ченемдик-укуктук актылардын жана эл аралык келишимдердин пакетин сунуштаган. Аталган пландын максаты 2013-жылдын аягына чейин Бажы биримдигинин келишимдик-укуктук базасына Кыргыз Республикасынын биригүү процесси боюнча жол картасын даярдоо болуп саналат.

2012-жылдын 27-апрелинде Бишкек шаарында кыргыз-орус өкмөттөр аралык комиссиянын 14-жыйыны болуп, анда тараптар аскердик-техникалык, бажы, отун-энергетикалык комплекс, мунай жана мунайзаттарын ташып жеткирүү, өнөр жайы, айыл чарбасы, банк чөйрөсү, миграция, минералдык-чийки зат, тоо-кен өндүрүшү сыяктуу багыттардын актуалдуу маселелери талкууланган. Чогулуштун жыйынтыктары боюнча протоколго кол коюлган.

2012-жылдын 15-16-майында Москва шаарында КМШ жыйындарынын чектеринде Кыргыз Республикасынын президенти А.Атамбаевдин Орусиянын президенти В.Путин жана Орусиянын өкмөтүнүн төрагасы Д.Медведев менен жолугушуулары болуп өткөн.

Ушул эле күндөрү (***2012-жылдын 15-18-май***) Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин төрагасы А.Жээнбеков жана парламенттин депутаттарынан турган делегация Санкт-Петербург шаарында болгон ЕврАзЭС парламенттер аралык Ассамблеясынын жыйынына катышуу үчүн жумушчу сапар менен барып келишкен.

2012-жылдын 30-майында Ашхабад шаарында КМШга мүчө-мамлекеттердин өкмөт башчыларынын Кеңешинин кезектеги жыйынына Кыргыз Республикасынын Премьер-министри Ө.Бабанов катышкан. Кеңеш тарабынан Шериктештиктин өлкө-мүчөлөрүнүн интеграциялык кызматташуунун ар кайсы багытында документтердин долбоорлорунун бир катары каралып, бекитилип, маанилүү документтердин пакетине кол коюлган. Андан тышкары Орусия Федерациясынын өкмөтүнүн төрагасы Д.Медведев менен жолугушуусу болуп өткөн.

Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн ***2012-жылдын 2-июндагы*** №357 Токтомуна ылайык Кыргыз Республикасынын калкынын жана аймагынын өзгөчө жана кризистик кырдаалдардагы комплекстүү коопсуздугунун 2020-жылга чейинки стратегиясы кабыл алынган.

Ушул эле жылдын ***21-23-июнунда*** президент А.Атамбаев 16чы Петербург эл аралык форумуна катышып, анын жүрүшүндө Бишкек шаарынын мэриясы менен Санкт-Петербург шаарынын өкмөтүнүн ортосунда соода-экономикалык, илимий-техникалык , кызматташтык жөнүндө келишимге кол коюлган

2012-жылдын 27-29-июнунда Москва шаарында КРнын Жогорку Кеңеши менен РФнын Федералдык Жыйынын парламенттер аралык комиссиясынын үчүнчү жыйыны болуп өткөн.

2012-жылы 5-июлда Кыргыз Республикасынын Өкмөтү 2010-жылдын 25-мартындагы №184 "Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкулчүлүктүү органдарынын чеңемдик укуктук актыларын каттоонун тартиби жөнүндө типтүү жобону бекитүү тууралу" токтомун жокко чыгарган токтом кабыл алган.

Ушул эле жылдын ***23-25-июлунда*** Кыргызстандын премьер-министри Ө.Бабановдун Орусия Федерациясына жумушчу сапары болуп, анын жүрүшүндө Орусия өкмөтүнүн башчысы Д.Медведев, Орусия өкмөтүнүн төрагасынын орун басары А.Дворкович, Москва облусунун

губернатору С.Шойгу менен жолугушуулары болгон. Жыйынтыгында тараптар Орусиянын Кыргызстанга дан жеткирип берүү боюнча келишимге келишкен. Ошондой эле Ө.Бабанов "Сколково" инновациялык борборунда, "Урал" бизнес-борборунда, К.Тимирязев атындагы Орусия мамлекеттик агрардык университетинде, жана Орусиянын Воронеж облусунда болуп кайткан.

ЕСтин Борбордук Азия боюнча жаңыдан дайындалган Атайын өкүлү, элчи айым Патрисия Флор ***2012-жылы 25-июлда*** Кыргызстанга таанышуу сапары менен келип, өлкөнүн жогорку жетекчилиги менен жолуккан. Бул сапар учурунда П.Флор айым Кыргызстанды "Борбордук Азиядагы демократиялык өнүгүүнүн символу" деп атап, 2010-жылкы кризистен чыккандыгы үчүн Кыргызстанга канааттангандыгын билдирген.

Кыргыз Республикасынын № 153 «Коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө» мыйзамынын жаңы редакциясы ***2012-жылдын 8-августунда*** кабыл алынган.

2012-жылдын 22-августунда Жогорку Кеңештеги парламенттик көпчүлүк коалициясы кайрадан түзүлүп, эми ага 3 депутаттык фракция кирген - «Кыргызстан социал-демократиялык партиясы» (26 мандат); "Ар-Намыс" (25 мандат), "Ата Мекен" (18 мандат).

Кыргыз Республикасынын өкмөтү ***2012-жылдын 30-августунда*** № 596 токтому менен программалык чараларды жана индикаторлорго жүргүзүлгөн деталдаштыруунун жана артыкчылыктарын аныктоонун алкагында 2012-2014-жылдарга коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн программасын жана иш-чаралар планын бекиткен

2012-жылдын экинчи жарымынан баштап ШКУга төрагалык кылуу вазыйпасы бир жылдык мөөнөт менен Кыргыз Республикасына өткөн. Төрагалык кылуунун чектеринде кыргыз тарап өлкөнүн аймагында мамлекет башчылардын Кеңешин (2013-жылдын 12-13-сентябры) жана өкмөт башчылардын Кеңешин (2012-жылдын 5-декабры), тышкы иштер министрликтеринин Кеңешин (2013-жылдын 13-июлу) жана башка дагы ШКУнун иш чараларын өткөргөн.

Бир нече ирээт жарыя кылынгандай ШКУ менен кызматташууда кыргыз тарап үчүн негизги артыкчылыктуу багыт экономика болуп эсептелет. Бул багыттагы координациялоочу орган болуп тышкы экономикалык жана тышкы соода ишмердүүлүктөрүнө жооптуу министрлердин Кеңешмеси болуп эсептелет. Булардан тышкары транспорт, айыл

чарба министрлеринин о.э. бажы, салык кызматтарынын жетекчилеринин тез-тез жолугуп туруу механизмдери иштейт.

2012-жылдын 1-сентябрында Кыргыз Республикасынын Премьер-министри Ө.Бабанов кызматтан кеткен. ***6-сентябрда*** Өкмөттүн жаңы курамы бекитилип, премьер-министрлик кызматка Ж.Ж.Сатыбалдиев шайланган.

Кыргыз Республикасынын президенти А.Атамбаевдин чакыруусу менен ***2012-жылдын 19-20-сентябрында*** Орусия Федерациясынын президенти В.В.Путиндин Кыргызстанга расмий сапары болгон. Сүйлөшүүлөрдүн жыйынтыгында бир катар кыргыз-орусиялык стратегиялык документтерге кол коюлган. Тактап айтканда Камбар Ата-1 ГЭСин жана Жогорку-Нарын каскадын куруу, эксплуатациялоо боюнча эки келишимге кол коюуга жетишилген. Андан тышкары Орусиянын Кыргызстандагы биримкен аскердик базасын Борбордук Азиядагы Орусиянын аскердик базасы катары катышуусун бекиткен документке кол коюлган. Ошондой эле тараптар Кыргызстандын алдындагы мурда алган насыялар боюнча карыздарын жөнгө салуу жөнүндөгү өкмөттөр аралык келишимге кол коюлуп, ошол эле күнү мамлекет башчылары пресс-конференцияда биргелешкен билдирүү менен чыгышкан.

2012-жылдын 21-23-сентябрында Кыргызстандын Орусиядагы маданий күндөрү белгиленип, ага кыргыз делегациясы катышып, КРнын искусство чеберлери катышкан Союздар Үйүнүн Чоң залындагы гала-концертте өз өнөрлөрүн тартуулашкан. Ушул эле иш чаранын алкагында Калуга облусунун "Этномир" маданий борборунда Кыргызстандын элдик-колдонмо өнөрүнөн жаралган буюмдардын көргөзмөсү уюштурулган.

2012-жылдын 28-сентябрында Ялтада Көз карандысыз мамлекеттердин шериктештигинин өкмөт башчыларынын Кеңешинин кезектеги жыйыны өтүп, ага КМШнын он бир мамлекетинин бардык өкүлдөрү катышкан. Кыргыз Республикасынын атынан Кыргыз Республикасынын премьер-министри Ж.Сатыбалдиев башында турган делегациясы катышкан.

Жыйында Эркин соода аймагы жөнүндө Келишимдин күчүнө кириишине байланыштуу, өкмөт башчыларынын Билдирүүсү кабыл алынган. Келишимди даярдоо боюнча көп жылдык иштин аякташын жактыруу менен өкмөт башчылары ДСУнун (Дүйнөлүк соода уюму) мүчөсү болуп эсептелген мамлекеттердин кызыкчылыктарын бириктире алган бул документ күн тартибинде тургандыгын баса белгилешкен. Билдирүүдө натыйжалуу иштеп аткан эркин соода аймагы бүгүнкү күндө

КМШ мүчө-мамлекеттеринин өз ара аракеттешүүсүнүн оптималдуу модели болуп эсептелип, Шериктештик мамлекеттеринин ортосунда сапаттуу жаңы деңгээлде жана жаңы укуктук негизде соода-экономикалык мамилелерди калыптандырууда негиз боло турган жайга айланаары баса белгиленген.

2012-жылдын 7-8-октябрында Орусия Федерациясынын тышкы иштер министри С.Лавровдун чакыруусу менен КРнын тышкы иштер министри Э.Абдылдаевдин Орусия Федерациясына жумушчу сапары болгон. Бул сапардын алкагында Москва мамлекеттик эл аралык мамилелер университетинин ректору жана бул окуу жайдагы кыргыз студенттери менен Э.Абдылдаевдин жолугушуусунан сырткары эки өлкөнүн тышкы саясий ведомстволорунун жетекчилеринин сүйлөшүүлөрү болуп, анда бир катар маселелер боюнча макулдашуулар такталган.

2012-жылдын 11-октябрында Бишкек шаарында КМШ өлкөлөрүнүн миграциялык кызматтарынын жетекчилеринин кеңешинин 12-жыйыны өткөн. Анда КМШдагы миграциялык кырдаал жана Орусия кабыл алган "РФнын 2025-жылга чейинки мамлекеттик миграция саясатынын концепциясы", ошондой эле КМШ мамлекеттеринин мыйзамсыз миграцияга каршы күрөшү жана башка маселелер талкуланган.

Орус делегациясын РФнын федералдык миграциялык кызматынын жетекчиси К.Ромодановский жетектеп келген. Жыйындын жүрүшүндө КРсы менен РФнын өкмөттөрүнүн ортосунда аткаруучу протоколду реадмиссиялоо жана анын аткарылышынын эрежелери тууралу келишимге кол коюлган.

2012-жылдын 18-октябрында Бишкекте Кыргыз-Санкт-Петербург өкмөттөр аралык комиссиянын 4-жыйыны болуп, ага Кыргыз Республикасынын биринчи премьер-министри Ж.Оторбаев жана Санкт-Петербург өкмөтүнүн мүчөсү, РФнын Санкт-Петербург шаарынын тышкы байланыш боюнча комитетинин төрагасы А.Прохоренконун төрагалыгында өткөн. Жыйындын жүрүшүндө тараптар өнөр жайы, энергетика, эмгек, ишке орноштуруу, миграция жана жаштар саясаты, саламаттыкты сактоо, билим берүү жана илим, айыл чарбасы жана башка тармактар боюнча маселелердин кеңири топтому талкууга алынган.

2012-жылдын 24-ноябрында Кыргыз Республикасынын президентине караштуу туруктуу өнүктүрүү боюнча улуттук кеңеш түзүлгөн.

2012-жылдын 5-декабрында Бишкекте ШКУ мүчө мамлекет башчыларынын кеңеши болуп өткөн.

Ушул эле жылдын ***17-декабрында*** Москва шаарында Бажы биримдигине кирбеген Көз карандысыз мамлекеттердин шериктештигинин мүчө-мамлекеттери менен өз ара соодада техникалык тоскоолдуктарды жоюу тууралу келишимине Орусия, Беларусь жана Казакстан тарабынан кол коюлган.

2012-жылдын 27-декабрында Мамлекеттик желек менен гимнди өзгөртүү боюнча 2011-жылдын 25-мартта Жогорку Кенеште түзүлгөн Абдрахман Маматалиев жетектеген депутаттык комиссиянын сунушу менен Жогорку Кеңеш гимндин 2-куплетин алып салуу жөнүндө токтом кабыл алган.

2013-жылдын 12-январда Экономика министрлигине караштуу коррупцияны алдын алуу боюнча коррупцияга каршы форум (аянтча) түзүлгөн.

2013-жылы 18-январында АКШнын расмий өкүлү Р.Блейк өлкө президенти А.Атамбаев менен жолугушкандан кийинки журналистерге берген баяндамасында акыркы жыйырма жыл ичинде АКШнын Кыргызстанга берген жардамынын көлөмү, "Манас" аэропортундагы базанын ижара акысын кошпогондо – 1,3 млрд. долларды түзгөнүн жарыя кылган.

2013-жылдын 21-января Улуттук кеңештин экинчи жыйынынын жыйынтыгы боюнча президенттин Жарлыгы менен 2017-жылга чейин туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы бекитилген.

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы катары ***2013-жылдын 23-январда*** Т.Акун парламент тарабынан кайрадан шайланган.

12-февралда Бишкек гарнизондук Аскер соту экс-президент Курманбек Бакиевди 24 жылга сыртынан соттоду. Ал эми Жаныш Бакиевдин мүлкү конфискацияланып, өмүр бою эркинен ажыратылды жана генерал-лейтенант аскер наамы алынды. Ага-ини Бакиевдер 2009-жылы мыкаачылык менен өлтүрүлгөн Президенттик аппараттын мурдагы жетекчиси Медет Садыркуловдун өлүмүнө байланыштуу кылмыш жообуна тартылышты. Көп өтпөй 26-мартта Бишкектин Биринчи Май райондук соту Максим Бакиевди 25 жылга эркинен ажыратып, мүлкү конфискациялансын деген өкүм чыгарды. Аны «2007-жылы Ысык-Көл облусундагы «Витязь» пансионатынын 9,32 гектар жерин өзүнө менчиктештирип алган, мындан мамлекетке 124 миллион сомдук зыян келтирилген», «Түндүк электр» ишканасын 136 миллион долларга сатууга аракет кылган» деген айыптоолор боюнча күнөөлүү деп табышты.

Кыргыз Республикасынын тышкы иштер министри ***2013-жылдын 6-апрелинде*** Астана шаарында болуп өткөн КМШга мүчө-мамлекеттердин тышкы иштер министрлеринин Кеңешинин жыйынына катышкан. Кеңештин жыйынында гуманитардык чөйрөдө, тышкы саясий коопсуздукту камсыздоо жана өз ара аракеттенүү тармактарында мамлекеттер аралык кызматташууну өнүктүрүү жана терендетүүгө багытталган маселелер каралган.

2013-жылдын 25-мартында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн № 148 «Датка-Кемин» 500 кВ электр өткөрүү линиясын жана «Кемин» 500 кВ кичи станциясын куруу» долбоорун ишке ашыруу жөнүндө токтому кабыл алынган.

2013-жылдын 16-апрелинен Мамлекеттик органдардын, укук коргоо органдарынын коррупцияга каршы туруудагы иш-чараларын күчөтүү максатында башкы прокуратуранын алдында координациялык жыйын түзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн ***2013-жылдын 30-апрелдеги*** №218 токтомуна ылайык «Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүгө өткөрүү боюнча программасы жана планы (2013-2017-жж.)» кабыл алынган.

Мамлекеттик органдардын коррупцияны алдын алуу боюнча программасын жана коррупцияга каршы аракеттенүүлөр боюнча жүргүзгөн иштеринин натыйжалуулугун баалоо жана мониторинг жүргүзүүнүн усулдары иштелип чыгып, ***2013-жылдын 6-майында*** бекитилген.

2013-жылдын 15-майында КМШга мүчө-мамлекеттердин башчыларынын бейформал саммити болуп өткөн. Саммитте коопсуздук тармагында, ошондой эле «2013-жыл - КМШдагы Экологиялык маданият жана айлана-чөйрөнү коргоо жылы катары жарыяланган-дыгы жөнүндө» КМШ мамлекеттеринин башчыларынын чечимине кол коюлган.

2013-жылдын 27-май - 1 -июндары Жеты-Өгүз районунун Саруу, Дархан, Кызыл-Суу жана башка айылдарынын миңдеген окулдөрү Кумтөргө барчу жолду тосушуп, 30-майда Кумтөргө кетчү электр энергиясын Тамга айылындагы подстанциядан өчүрүшкөн. Бул митингге байланыштуу «абалды жөндөй албады» деген сындардан улам 6-июнда коргоо, коопсуздук жана чек ара маселелери боюнча вице-премьер Шамиль Атаханов өз каалоосу менен кызматтан кетти.

2013-жылдын 31-май - 10-июнда Жеты-Өгүз районунун чегинде комендаттык саат киргизилген.

2013-жылдын 20-июнунда Жогорку Кеңеште "Бишкек шаарында 2009-жылдын 22-июнунда кол коюлган, кызматташтык жөнүндө Кыргыз Республикасынын өкмөтү менен Америка Кошмо Штаттарынын өкмөтүнүн ортосундагы макулдашууну жана Бишкек шаарында 2009-жылдын 22-июнунда кол коюлган, "Манас" эл аралык аэропортундагы транзиттик ташуулар борбору тууралу жана аны менен байланышкан кандайдыр бир объекттер жана кыймылсыз мүлктүн түрлөрү жөнүндө Кыргыз Республикасынын өкмөтү менен Америка Кошмо Штаттарынын өкмөтүнүн ортосундагы макулдашууну денонсациялоо жөнүндө" мыйзам кабыл алынган.

2013-жылы 25-июнда, президент А. Атамбаев Орусиянын коргоо министри, армиянын генералы С. Шойгу менен жолуккан. Эки тараптуу кызматташуунун алкагында Кыргызстандын Куралдуу күчтөрүн колдоо программасы каралган.

Бишкекте ШКУга кирген өлкөлөрдүн-Кытай, Орусия, Казакстан, Тажикстандын коргоо министрлери жана Өзбекстандын коргоо министринин биринчи орун басары катышкан жыйын ***2013-жылдын 26-июнунда*** болуп, анда аймактагы коопсуздук маселелери талкууланып, келерки эки жылга иш-пландар аныкталган. Кызматташтыкты мындан ары да бекемдөө жана антитеррордук машыгууларды өткөрүү чечими кабыл алынган.

2013-жылдын 13-июлунда Чолпон-Атада Шанхай кызматташтык уюмунун тышкы иштер министрлеринин кеңеши болуп өткөн.

2013-жылы 12-августа Кытай мамлекети биздин өлкөнүн түндүгү менен түштүгүн бириктирүүчү кошумча автожолдун биринчи бөлүгүн курууга 400 млн АКШ долларын жана Бишкек ЖЭБун кайра курууга 380 млн АКШ долларын 20 жылдык мөөнөткө жылына 2% үстөгү менен берүүгө макулдугун берген. Бишкек-Ош жолунун 1км курулушу орточо 1 млн долларга турган, ал эми бул кошумча жолдун 1км куруу 2,8 млн АКШ долларына бааланууда. Долбоорлордун кымбаттыгынан улам, башталышында эле ал 850 млн АКШ долларына бааланууда, ушундай кошумча жолдун азырынча зарылчылыгы жок эле, андан көрө өндүрүшкө жумшаса натыйжалуу болмок же ошол эле маршрут менен, бирок автожол эмес, темир жол салса, анда жол боюндагы Кара-Кече көмүр кенин түштүктөгү кендер менен жана Балыкчыдагы темир жолуна кошмок деген ойлор айтылууда.

2013-жылы 13-сентябрда Бишкекте Шанхай кызматташтык уюмуна мүчө мамлекет башчыларынын кеңешинин саммити болуп өткөн. Ага Казакстандын президенти Н.Назарбаев, КЭР төрагасы Си Цзиньпин,

Кыргызстандын президенти А.Атамбаев, Орусия президенти В.Путин, Тажикстандын президенти Э.Рахмон жана Өзбекстандын президенти И.Каримовдор келишкен.

Жыйынга ШКУнун башкы катчысы Д.Мезенцев жана ШКУнун Аймактык коррупцияга каршы түзүмүнүн аткаруу комитетинин директору Чжан Синьфэн катышкан.

ШКУнун алдындагы байкоочу-мамлекеттердин делегацияларынын башчылары-Ооганстандын президенти Х.Карзай, Индиянын тышкы иштер министри С.Хуршид, Ирандын президенти Х.Рухани, Монголиянын президенти Ц.Элбэгдорж, Пакистандын тышкы иштер жана улуттук коопсуздук маселелери боюнча премьер-министрининн кеңешчиси С.Азиз – отурумга катышышып жана сөз сүйлөшкөн.

Ошондой эле, отурумга БУУнун Башкы катчылыгынын атайын өкүлү, БУУнун Ооганстан кызматташтыгы боюнча миссиясынын жетекчиси Я.Кубиш, КМШнын аткаруу катчысы-аткаруу комитетинин төрагасы С.Лебедев, ЕврАзЭС башкы катчысынын орун басары А.Диянский жана ЖККУнун баш катчысы Н.Бордюжа катышышкан.

Жыйында Шанхай кызматташтык уюму-конструктивдүү диалогду колдоодо жана аймактык, глобалдык маселелерди чечүү жолун эффективдүү биргеликте издөөдө оптималдуу аянт болуп эсептелинээри белгиленген. Бул саммитте Бишкек декларациясы кабыл алынып, ал толук өлчөмдө практикалык өз ара аракеттешүүнүн мындан аркы өнүгүүсүндөгү негизги ыктарды чагылдырып турат жана терендетилген көп тараптуу кызматташууну кеңейтүүгө жалпы аракет кылып, максималдуу күч жумшоону көрсөтүп турат-деп белгиленген.

Буга байланыштуу ШКУга мүчө-мамлекеттер, терроризмге, сепаратизмге жана экстремизмге ("үч балекет") каршы күрөшүү жөнүндө Шанхай конвенциясынын жоболорун, ШКУнун терроризмге каршы Конвенциясын, терроризм, сепаратизм жана экстремизм менен күрөшүүдө ШКУга мүчө-мамлекеттердин 2013-2015-жылдарга кызматташтык Программасын, баңги заттарын, психикага таасир этүүчү заттарды жана алардын прекурсорлорун мыйзамсыз жүгүртүүгө каршы күрөшүүдө кызматташтык жөнүндө ШКУга мүчө-мамлекеттердин ортосундагы Макулдашууну, эл аралык маалыматтык коопсуздукту камсыздоо жаатындагы кызматташтык жөнүндө Макулдашууну, 2011-2016-жылдарга ШКУга мүчө-мамлекеттердин баңгизатка каршы стратегиясын жана аны аткаруу боюнча иш аракеттер Программасын практикалык ишке ашыруунуу активдештирүүгө даярдыгын билдирген.

ШКУнун Хартиясына ылайык, келээрки саммитти уюштурууга төрагалык кылуу вазыйпасы Тажикстанга өткөрүлүп берилип, анын эмки отуруму 2014-жылы Дүйшөнбү шаарында өтүүсү аныкталган.

2013-жылдын 22-сентябрында Жалал-Абад облусундагы Аксы районунун борбору Кербен шаарынын жанындагы Унгар-Тоодо чыр чыкты. Анын чокусунда жайгашкан Кыргызстандагы телерадиоберүүлөрдү таратуучу ретрансляциялык станцияга өзбекстандык чек арачылар тик учак менен келишип, анын такталбаган аймакта жайгашканын айтып, кайтарууга ала башташты. Эки тараптуу сүйлөшүүлөрдүн натыйжасында өзбек чек арачылары Кыргызстандын аймагынан 2-октябрда чыгып кетишти.

2013-жылдын 25-ноябрында Кыргыз Республикасынын Президенти А.Атамбаев «1979-жылдын 23-июнунда Бонн шаарында кол коюлган Жапайы жаныбарлардын орун которуштуруучу түрлөрүн сактоо боюнча конвенцияга Кыргыз Республикасынын кошулуусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына кол койду. Жогорку Кеңеш тарабынан 2013-жылдын 24-октябрында кабыл алынган.

Конвенция өлкөлөрдүн мезгил мезгили менен мамлекеттик чек араларынан өткөн жердө, сууда жана аба чөйрөсүндө жашаган жапайы жаныбарлардын орун которуштуруучу түрлөрүн сактоого багытталган.

2013-жылы 28-ноябрда "Кыргыз Республикасынын өкмөтү менен Кытайдын Экспорттук-импорттук банкынын ортосундагы түндүк-түштүк альтернативалык жолдун долбоору боюнча, – Казарман-Жалал-Абад бөлүгү (291-433 км) жана Балыкчы-Арал бөлүгү (183+500-195+486 км), – жеңилдетилген карыз келишимин бекитүү жөнүндөгү" мыйзамдын долбоорун үч окуудан Жогорку Кеңеш жактырып берген. Бул жолдун салынышы Кыргызстандын улуттук коопсуздугун камсыз кылат деп айтылган парламентте. Депутат К.Абдиев бул жол Нарын облусунда өндүрүлгөн картошканы түштүккө алып барып сатууга шарттарды түзөт деп билдирген.

2013-жылдын 13-декабрында Кыргыз Республикасынын Президенти «Кыргыз Республикасындагы топтолмо пенсиялык фонддор жөнүндө» Жогорку Кеңеш тарабынан 2013-жылдын 31-октябрында кабыл алынган Мыйзамга кол койду.

Мыйзам Кыргыз Республикасындагы топтолмо пенсиялык фонддордун укуктук статусун аныктайт, аларды уюштуруунун жана ишинин өзгөчөлүктөрүн белгилейт.

2013-жылдын 24-декабрда Москвада болгон Бажы биримдигинин кезектеги жыйынында Арменияны уюмга кабыл алуу маселеси он чечилип, ал эми Кыргызстанды катыштырбай туруп эле Москва тарабынан жактырылган шарттар менен биздин өлкөнү бул уюмга кабыл алуу сунушталган. Президент А.Атамбаев буга каршы пикирин айтып, жеңилдиктерди берүүнү сураганына байланыштуу Кыргызстандын бул уюмга кирүү маселеси 2014-жылдын калтырылган.

2014-жылдын 11-январында Баткен облусунда кыргыз-тажик чек арачыларынын ортосунда жаңжал орун алган.

Ушул эле күнү Президент Жогорку Кеңеш 2013-жылдын 11-декабрында кабыл алган "Кыргыз Республикасындагы эркин экономикалык зоналар тууралу" мыйзамга кол койгон. Мыйзам эркин экономикалык зоналардын (ЭЭЗ) ишинин укуктук негизин белгилейт, аларды түзүүнүн, чек араларын белгилөөнүн жана өзгөртүүнүн, иштешинин, ошондой эле Кыргыз Республикасындагы Эркин экономикалык зоналарды жоюунун тартибин аныктайт.

2014-жылдын 22-январында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү Каржы министрлигинин физикалык жактардын банктык салымдарынан алынган пайыздарга кошумча салык салуу тууралу демилгесин жокко чыгарды.

2014-жылы 23-январда «Кыргызстан Республикасынын Швейцар банкы» ЖАК болуп кайра катталды.

Кытайлык «Чайна Петроль Компани «Джунда» ЖЧКсы Кара-Балта шаарында курган нефтини кайра иштетүүчү заводу (НКИЗ) ***2014-жылдын 26-январда*** ишке киргизилген.

2014-жылдын февралында Мамлекеттик органдардын коррупцияны алдын алуу боюнча Программасын жана коррупцияга каршы аракеттенүүлөр боюнча жүргүзгөн иштеринин натыйжалуулугун баалоо жана мониторинг жүргүзүүнүн методологиялары иштелип чыгыш Өкмөттүн токтому менен бекитилген.

2014-жылдын 5-февралында Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн, «Кыргызалтын» ААКнын жана "Центерра голд инк." Компаниясынын ортосундагы "Кумтөр долбоорун кайра түзүмдөштүрүү Шарттары жөнүндө макулдашуу" долбоорун Жогорку Кеңеш бекитип берген.

2014-жылдын 3-апрелинде Жогорку Кеңештеги КСДП партиялык фракция колдоосу менен Ж.Оторбаев жетектеген жаңы өкмөт түзүлгөн.

2014-жылдын 14-мартында Кыргыз Республикасынын Президенти «Аңчылык жана мергенчилик чарбасы жөнүндө» Кыргыз

Республикасынын Мыйзамына кол койду. Мыйзам Жогорку Кеңеш тарабынан 2014-жылдын 29-январында кабыл алынган.

Мыйзамдын максаты – мергенчилик кылуу жана мергенчилик чарба ишмердигин жүргүзүү учурунда пайда болгон жашоо чөйрөсү жана мергенчилик ресурстарын пайдалануу, көбөйтүү, сактоо жаатындагы мамилелерди укуктук жактан жөнгө салуу, аңчылык ресурстарын башкаруунун адекваттуу жана натыйжалуу системасын түзүү.

2014-жылдын 24-мартында Ат-Башы айылында Кыргызстандын тарыхындагы жер астындагы кендерге лицензияны алууга карата эң кымбат аукцион болуп өттү. Каракече аянтындагы алтын кенин изилдөө иштерине уруксат берген лицензия $670 000 АКШ долларына бааланып, түрк компаниясына сатылган.

2014-жылдын 25-мартында Жогорку Кеңештин депутаттары премьер-министр Жанторо Сатыбалдиевге ишенбөө вотумун билдиргендиктен улам кызматтынан кеткен. "Ырыс-алды ынтымак" көпчүлүктүн коалициясынын төрагасы Феликс Кулов коалициянын ыдырашы тууралу билдирүү кылган.

2014-жылдын 26-мартында премьер-министрдин милдетин аткаруучу болуп Жоомарт Оторбаев дайындалган.

Жаңы КСДП, Ата-Мекен жана Ар-Намыс партияларынан турган "Мамлекеттүүлүктү бекемдөө үчүн" көпчүлүктүн коалициясы түзүлүп ***2014-жылдын 3-апрелинде*** Жоомарт Оторбаев башында турган жаңы Өкмөттүн курамы жана түзүмү бекитилген.

2014-жылдын 11-апрелде Кыргыз Республикасынын карызы 3,4 млрд АКШ долларына жеткен.

2014-жылдын 7-майында Жогорку Кенештин Төрагасы А.Жээнбековдун Кытай элдик республикасына расмий сапарынын алкагында КЭР Мамлекеттик Кеңешинин мүчөсү Ян Цзечи менен жолугушту.

2014-жылдын 7-майында Кыргыз-тажик чек арасындагы жаңжалдан (Көк-Терек) жергиликтүү калктан жабыр тарткан болгон.

2014-жылдын 8-майында Санкт-Петербургда Таврия сарайында КМШ парламент аралык Ассамблеянын алкагында Кыргызстандын маданиятынын күндөрү ачылды. Иш чара Орус улуттук китепканасында Чыңгыз Айтматовдун бюстунун ачылышы менен башталган. Андан соң "Манас" эпосуна жана даңазалуу манасчы Саякбай Каралаевдин 120-жылдыгына арналган "Орус окумуштуулары "Манас" эпосу тууралу" илимий жыйын болуп өткөн.

2014-жылдын 15-майында Кыргыз Республикасынын каржы чалгындоо мамлекеттик кызматы менен Европадагы кызматташтык жана коопсуздук уюмунун (ЕККУ) ортосунда өз ара түшүнүү жана кызматташтык тууралу меморандумга кол коюлду. Бул макулдашуу Дублин шаарында 2012-жылдын 7-декабрында кабыл алынган коррупция, акчаны мыйзамдаштыруу жана территоизмди каржылоого каршы күрөшүү жана туура башкаруу жөнүндөгү Декларациянын принциптерине негизделген.

2014-жылдын 20-майында Кыргызстан өз өндүрүмүн чет өлкөгө экспорттоо үчүн ишкерлерден талап кылынган зарыл иш кагаздардын санын сегизден экиге кыскарткан.

2014-жылдын 29-майда Кыргызстандын Бажы Биримдигине кошулуусунун "жол картасы" бекитилген.

2014-жылдын 30-майында, Кыргыз Республикасын Президенти Жогорку Кеңеш тарабынан 2014-жылдын 24-апрелинде кабыл алынган «Көзөмөлчүлүк кеңеши жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына кол койду.

Мыйзам жарандарга социалдык кызмат көрсөткөн мамлекеттик жана муниципалдык мекемелердин көзөмөлчүлүк кеңешин түзүүнүн жана анын ишинин максаттарын, принциптерин, укуктук жана уюштуруучулук негиздерин белгилейт.

2014-жылдын 12-июнунда Баку шаарында өткөн Түрк тилдүү мамлекеттердин Парламенттик Ассаблеясынын V жыйынына Жогорку Кеңештин төрагасы Асылбек Жээнбеков баш болгон расмий делегация катышкан. Жыйында Баку декларациясына кол коюлган.

2014-жылдын 27-июнунда, Кыргыз Республикасынын Президенти "2012- жылдын 5-декабрында Бишкек шаарында кол коюлган Шанхай кызматташтык уюмуна мүчө-мамлекеттердин өкмөттөрүнүн ортосунда өзгөчө кырдаалдарды жоюуда жардам көрсөтүүдө өз ара аракеттенүү жөнүндө 2005-жылдын 26-октябрындагы макулдашууга карата Протоколду ратификациялоо тууралу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына кол койду.

2014-жылдын 9-июлунда, Кыргыз Республикасынын Президенти "2012-жылдын 23-августунда Бишкек шаарында кол коюлган Азербайжан Республикасынын Өкмөтүнүн, Казакстан Республикасынын Өкмөтүнүн, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Түркия Республикасынын Өкмөтүнүн ортосундагы Түрк академиясын түзүү жөнүндө макулдашууну ратификациялоо тууралу" Жогорку Кеңеш тарабынан 2014-

жылдын 25-июнунда кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Мыйзамына кол койду.

2014-жылдын 11-июлунда Мыйзамга ылайык, АКШнын Транзиттик ташуулар борбору өз ишин токтотту. Борбор Румыниянын аймагына жайгаштырылып, анын аймагы толугу менен Улуттук гвардиянын карамагына өткөрүлүп берилди.

2014-жылдын 14-июлунда Жогорку Кеңеш тарабынан 2014-жылдын 30-июнунда кабыл алынган "Кыргыз Республикасын жарандарын биометрикалык каттоо тууралу" №136 мыйзамына Президент кол койгон. Бул мыйзам заманбап талаптарга жооп берген өлкөнүн жарандарынын биометрикалык маалыматтарын чогултуу, иштеп чыгуу, сактоо жана колдонуу боюнча иш аракеттерди аныктайт.

2014-жылдын 15-июлунда Кыргыз Республикасынын Президенти "Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына кол койду. Ал Жогорку Кеңеш тарабынан 2014-жылдын 19-июнунда кабыл алынган.

Мыйзам Адвокатуранын, адвокаттык иштин укуктук негиздерин, ошондой эле адвокаттардын укуктарын, милдеттерин жана жоопкерчиликтерин белгилейт.

2014-жылдын 8-14-сентябрында Ысык-Көлдүн боюнда Чолпон-Ата шаарында биринчи Дүйнөлүк көчмөндөр оюндары болуп өткөн. Бул оюндарга 19 мамлекеттен: Түркия, Казакстан, Өзбекстан, Тажикстан, Түркмөнстан, Гагаузия, Азербайжан, Монголия, Кытай жана Орусия Федерациясынын 10 субъектисинен делегация катышкан. Кыргызстан оюндун уюштуруучусу катары спорттун ар бир түрүнөн экиден топ катыштырган. Жалпысынан оюндарга 583 спортчу катышкан.

Биринчи Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарынын программасына көк бөрү, тогуз коргоол, кыргыз күрөшү, алыш, оодарыш, ат чабыш жорго салыш, кунан чабыш, ордо, кыз куумай сыяктуу улуттук оюндардын түрлөрү киргизилген. Бул иш чара көчмөн элдердин салттуу улуттук оюндарын көз жаздымда калтырбай өнүктүрүкк максатында ишке ашырылган.

2014-жылдын 15-октябрында Жогорку Кенештин № 4380-V "Билим берүү мекемелеринде эмгектенгендердин эмгек акысы тууралу" токтому кабыл алынган.

2014-жылдын 27-ноябрында Кыргыз Республикасынын Президенти «Насыялык маалымат алмашуу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына кол койду.

Мыйзам Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан 2014-жылынын 23-октябрында кабыл алынган.

Мыйзамдын максаты насыялык маалымат алмашуу чөйрөсүндөгү мамилелерди укуктук жактан жөнгө салуу болуп саналат. Мыйзам насыялык тарыхтарды калыптандыруу жана насыялык маалымат алмашуу милдетин аткарган насыялык бюролордун ишмердигине тиешелүү мыйзамдардагы кемчиликтерди толуктайт.

2014-жылы 28-ноябрда Айыл Банк Евразиялык өнүгүү банкынан кичи жана чакан бизнести насыялоого $5 миллион АКШ долларын насыяга алган.

2014-жылдын 5-декабрында Баку шаарында болуп өткөн ЮНЕСКОнун заттык эмес мадания мурастарды коргоо боюнча өкмөт аралык комитеттин 8-жыйынында кыргыз эпосунун үчилтиги: "Манас", "Семетей", "Сейтек" адамзаттын маданий мурастарынын шедеврлеринин тизмесине киргизилген. Бул багытта ЮНЕСКОнун иштери боюнча Улуттук комиссиянын төрагасы Карганбек Самаковдун жеке салымы зор. Муну жыйынга дейре ЮНЕСКО иштенр боюнча улуттук комиссия Париж жана Бельгиядагы дипламатиялык өкүлчүлүктөр, эл аралык уюмар жана ЮНЕСКОнун жетекчилиги менен көп сандаган сүйлөшүүлөрдүн ийгиликтүү жыйынтыгы болду деп таанысак боот.

2014-жылдын 30-декабрында Кыргыз Республикасынын Президенти "2014-жылдын 24-ноябрында Бишкек шаарында кол коюлган Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Орусия Федерациясынын Өкмөтүнүн ортосунда Орусия-Кыргыз Өнүктүрүү фондун түзүү жөнүндө макулдашууну ратификациялоо тууралу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына кол койду.

2015-жылдын 8-январында Кыргыз Республикасынын Президенти «Кыргыз Республикасынын бажы тарифи жөнүндө» Жогорку Кеңеш тарабынан 2014-жылдын 27-ноябрында кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Мыйзамына кол койду.

Мыйзам бажы алымдарынын ташып келүү жана ташып кетүү коюмдарын колдонуунун, бажы алымдарынын ташып кетүү коюмдарын белгилөөнүн тартибин, товарлардын чыгарылган өлкөсүнө жана аларды ташып келүү шарттарына жараша бажы алымдарынын ташып кетүү коюмдарын колдонуу өзгөрчүлүктөрүн, ошондой эле тарифтик преференцияларды жана тарифтик квоталарды берүү өзгөчөлүктөрүн аныктайт.

Ушул эле күнү Кыргыз Республикасынын Президенти «Ветеринария жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына кол койду. Ал Жогорку Кеңеш тарабынан 2014-жылдын 27-ноябрында кабыл алынган.

Мыйзам ветеринария жаатындагы укуктук, социалдык, уюштуруучулук, каржы-экономикалык негиздерди аныктайт, адамдардын жана жаныбарлардын жалпы илдеттеринен калкты коргоого, Кыргыз Республикасынын аймагында эпизоотиялык амандыкты жана ветеринардык-санитардык коопсуздукту камсыз кылууга багытталган.

2015-жылдын 9-январында Кыргыз Республикасынын Президенти «Кыргыз Республикасынын тышкы экономикалык ишинин товардык номенклатурасы жөнүндө» Жогорку Кеңеш тарабынан 2014-жылдын 27-ноябрында кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Мыйзамына кол койду. Мыйзамга ылайык, Кыргыз Республикасында тышкы экономикалык иштин бажылык-тарифтик жана тарифтик эмес жөнгө салуу чараларын жүзөгө ашыруу; статистикалык эсепке алууну жана статистикалык маалымат алмашууну жүргүзүү үчүн Евразия экономикалык биримдигинин тышкы экономикалык ишинин бирдиктүү Товардык номенклатурасы колдонулат.

2015-жылдын 10-январында Кыргыз Республикасынын Президенти А.Атамбаев «Кыргыз Республикасында бажылык жөнгө салуу жөнүндө» Мыйзамга кол койду.

Мыйзам Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан 2014-жылдын 27-ноябрында кабыл алынган.

Мыйзамдын максаттары болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- Бажы бирлигинин келишимдик-укуктук базасын түзгөн эл аралык келишимдердин, Бажы бирлигинин органдарынын бажылык жөнгө салуу жана бажы иши жаатында чечимдеринин Кыргыз Республикасы тарабынан аткарылышын камсыз кылуу;
- товарлар менен тышкы соода жүргүзүүдө Кыргыз Республикасынын экономикалык коопсуздугун камсыз кылуу;

2015-жылдын 12-январында Кыргыз Республикасынын Президенти «Өсүмдүктөрдүн карантини жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына кол койду.

Мыйзамдын максаты өсүмдүктөрдү жана Кыргыз Республикасынын аймагын карантиндик объекттердин өтүп кетишинен жана жайылышынан коргоону камсыз кылуу, карантиндик объекттердин жайылып кетишинен келтирилген зыяндын алдын алуу болуп эсептелет.

2015-жылдын 14-январында Кыргыз Республикасынын Президенти «1976-жылдын 10-декабрында Женева шаарында кол коюлган Табигый чөйрөгө таасир берүү каражаттарын аскердик же башка кастык менен пайдаланууга тыюу салуу жөнүндө конвенцияга Кыргыз Республикасынын кошулуусу тууралу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына кол койду. Мыйзам Жогорку Кеңеш тарабынан 2014-жылдын 10-декабрында кабыл алынган.

2015-жылдын 22-январында Кыргыз Республикасынын Президенти «Кыргыз Республикасынын төлөм системасы жөнүндө» Жогорку Кеңеш тарабынан 2014-жылдын 17-декабрында кабыл алынган.Кыргыз Республикасынын Мыйзамына кол койду.

Мыйзам Кыргыз Республикасынын аймагында төлөмдөрдү жана эсептешүүлөрдү, акчалай которууларды жүзөгө ашыруунун тартибин жана формаларын белгилейт, төлөм системаларынын мүнөздөмөлөрүн, төлөмдөргө жана эсептешүүлөргө катышуучулардын ортосундагы өз ара мамилелердин тартибин, төлөм системаларын көзөмөлгө алууну (оверсайт) жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Кыргыз Республикасынын төлөм системасындагы ыйгарым укуктарын аныктайт.

2015-жылдын 3-мартында, Кыргыз Республикасынын Президенти "Чек ара ыйгарым укуктуулары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына кол койду. Мыйзам Жогорку Кеңеш тарабынан 2015-жылдын 5-февралында кабыл алынган.

Мыйзамдын максаты акы төлөө негизинде мамлекеттик чек араны кайтарууга жана коргоого жарандарды тартуу жолу менен мамлекеттик чек араны кайтаруу жана коргоо боюнча чараларды күчөтүү болуп саналат.

2016-жылдын 4-мартында Кыргыз Республикасынын Президенти "Кыргыз Республикасынын Генетикалык ресурстарга жеткиликтүүлүктү жөнгө салуунун жана аларды колдонуудан алынган пайданы Биологиялык ар түрдүүлүк жөнүндө конвенцияга карата адилеттүү жана теңдеш негизде биргелешип пайдалануунун Нагоя протоколуна кошулуусу тууралу" Жогорку Кеңеш 2015-жылдын 5-февралында кабыл алган Кыргыз Республикасынын Мыйзамына кол койду.

2015-жылдын 22-мартынан 1-апрелине чейин Кыргыз Республикасынын Президенти А.Атамбаевдин Европа өлкөлөрүнө болгон жумушчу сапары болуп өттү. Президент Австрия, Франция, Швейцария, Бельгия жана Германияда болуп, ЕККУнун (ОБСЕ) жана Европарламенттин өкүлдөрү менен жолугушту.

2015-жылдын 7-апрелинде Кыргыз Республикасынын Президенти «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Жогорку Кеңеш 2015-жылдын 18-февралында кабыл алган Кыргыз Республикасынын Мыйзамына кол койду.

Мыйзамдын максаты мамлекеттик сатып алууларды ишке ашырууда мамлекеттик каражаттарды пайдалануунун үнөмдүүлүгүн жана натыйжалуулугун камсыз кылуу болуп саналат.

2015-жылдын 23-апрелинде Кыргыз Республикасынын Президенти «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралу» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына кол койду (Жогорку Кеңеш 2015-жылдын 9-апрелинде кабыл алган).

Мыйзам шайлоо мыйзамдарын жакшыртууга жана шайлоо процессине жаңы инновациялык технологияларды пайдалануунуну камтыган олуттуу жаңылыктарды киргизүүгө багытталган.

Инновацияларды киргизүүнүн негизги мааниси - «бир шайлоочу - бир добуш» принцибин камсыз кылуу, ошондой эле бюллетендерди (шайлоочулардын добуштарын) эсептөөдө адамдык факторду максималдуу жоюу болгон.

2015-жылдын 8-майында Москва шаарында Евразиялык экономикалык бирдиктин мамлекет-катышуучуларынын президенттери тарабынан Кыргызстандын бирдикке кошулуусу тууралу Келишимге кол коюлган.

2015-жылы 20-майда Кыргыз Республикасынын Президенти "Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик чек арасы жөнүндө" Жогорку Кеңеш 2015-жылдын 2-апрелинде кабыл алган Кыргыз Республикасынын Мыйзамына кол койду.

Мыйзамдын максаты чек ара мейкиндиги жана мамлекеттик чек ара маселелеринде Кыргыз Республикасынын кызыкчылыктарын коргоо системасын укуктук жактан жөнгө салуу, мамлекеттик чек араны коргоо чөйрөсүндө мамлекеттик башкарууну өркүндөтүү, чек ара чөйрөсүндөгү мамлекеттик органдардын ыйгарым укуктарын жана функцияларын так жана ырааттуу ажыратуу, мамлекеттик чек ара жөнүндө колдонуудагы мыйзамда карама каршы укук пайдалануу практикасын жараткан бири бирине карама каршы келген укук ченемдерди жоюу.

2015-жылдын 22-майында Кыргыз Республикасынын Президенти "Сырткы видеобайкоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына

кол койду. Ал Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан 2015-жылдын 23-апрелинде кабыл алынган.

Мыйзам кылмыштуулуктун алдын алуу, бөгөт коюу жана коомдук коопсуздукту камсыз кылуу максатында кабыл алынды.

Аталган максаттарда Мыйзам менен коомчулукка жеткиликтүү болгон ачык жайлар (аянттар, базарлар, сейил бактар, гүлбакчалар, автожолдор жана башка), өнөр жайлык жана башка өндүрүштүк иш же башка ишкердик жүзөгө ашырылган имараттарды, курулуштарды, ошондой эле автоунаалар токтотулуучу жайларды, кооперативдик гараждарды сырткы видеобайкоо тутуму менен жабдуу ченеми киргизилет.

2015-жылдын июнунан альтернативалык "Түндүк-түштүк" жолунун курулушунун экинчи фазасы башталды. Бул баскыч Казарман-Арал жолунун курулушун өзүнө камтыйт. Бишкек менен Ошту бириктирген альтернативалык жолдун ишке берилишин 2018-жыл менен аныктап жатышат. Долбоордун ишке ашырылышы 850 миллион АКШ долларына бааланууда.

2015-жылдын 10-июнунда Кыргыз Республикасынын Президенти "1947-жылдын 21-ноябрындагы БУУнун Адистештирилген мекемелердин артыкчылыктары жана иммунитеттери жөнүндө конвенциясына Кыргыз Республикасынын кошулуусу тууралу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына кол койду. Мыйзам Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан 2015-жылдын 20-майында кабыл алынган.

2015-жылдын 10-11-июну БУУнун Гнералдык катчысы Пан Ги Мундун Кыргызстанга расмий сапары менен белгилүү болгон. Сапар учурунда ал Президент А.Атамбаев, өкмөт башчысы Т.Сариев, Жогорку Кеңештин төрагасы менен жолукккан.

Жоолугушуу учурунда туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы жана туруктуу өнүктүрүүнүн глобалдык максаттарын ишке ашыруудагы Кыргызстандын БУУ менен оз ара аракеттери боюнча маселелер каралды. Андан тышкары коопсуздукту камсыздоо, террорчулук, экстремизм, банги таашуу менен күрөшүү, Ооганстандагы абалды турукташтыруу, соода-экономикалык кызматташтык сыяктуу чөлкөмдүк маанидеги мселелерге көз чаптырылды.

Сапардын алкагында БУУнун генералдык катчысы Ошко барып, 2010-жылдагы июн окуяларынан соң чөлкөмдү социалдык-экономикалык кайра калыбына келтирүүдөгү Өкмөт менен БУУнун биргелешкен иш аракеттеринин жыйынтыгы менен таанышты.

2015-жылдын 12-июнунда Кыргыз Республикасынын Президенти "Кыргыз Республикасындагы тышкы соода ишин мамлекеттик жөнгө салуу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына кол койду.

Мыйзамдын негизги максаты – 1997-жылдын 2-июлундагы №41 "Кыргыз Республикасындагы тышкы соода ишин мамлекеттик жөнгө салуу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын ченемдерин Евразиялык экономикалык бирликтин келишим-укуктук базасына, тактап айтканда, 2014-жылдын 2-июлундагы Евразиялык экономикалык бирлик жөнүндө Келишимдин IX бөлүгүнүн "Тышкы соода саясаты" жана Үчүнчү мамлекеттерге карата тарифтик эмес чараларды жөнгө салуу жөнүндө протоколдун талаптарына шайкеш келтирүү (ЕАЭБ жөнүндө келишимдин №7 тиркемеси).

2015-жылдын 6-июлунда Кыргыз Республикасынын Президенти А.Атамбаев "Кыргыз Республикасы менен Европа реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкынын ортосунда 2014-жылдын 15-майында Варшава шаарында кол коюлган "Бишкек шаарындагы суу менен жабдууну жана канализацияны реабилитациялоо жөнүндө" насыялык макулдашууну; "Кыргыз Республикасынын, Бишкек шаарынын мэриясынын, "Бишкексууканал" өндүрүштүк-эксплуатациялык башкармасынын жана Европа реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкынын ортосунда 2014-жылдын 6-октябрында Бишкек шаарында кол коюлган Глобалдык Экологиялык Фонддун Климаттын өзгөрүшү боюнча атайын фонду (SCCF) каржылоочу Инвестициялык грант тууралу гранттык макулдашууну; "Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Швейцария Конфедерациясынын Өкмөтүнүн ортосунда 2014-жылдын 7-июлунда Бишкек шаарында кол коюлган "Швейцариянын Экономикалык маселелер боюнча катчылыгы (SECO) тарабынан берилүүчү "Бишкек шаарындагы суу менен жабдууну жана канализацияны жакшыртуу (II фаза)" долбоорун финансылык колдоо үчүн грант берүү жөнүндө макулдашууну ратификациялоо тууралу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына кол койду. Мыйзам Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан 2015-жылдын 17-июнунда кабыл алынган.

2015-жылдын 15-июлунда Кыргыз Республикасынын Президенти "Курулуш материалдарынын, буюмдарынын жана конструкцияларынын коопсуздугунун" техникалык регламенти жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралу" Жогорку Кеңеш

2015-жылдын 26-июнунда кабыл алган Кыргыз Республикасынын Мыйзамына кол койду.

Мыйзамдын максаты – тышкы экономикалык иштин товардык номенклатурасын (ТЭИ ТН) Евразия бирлигинин тышкы экономикалык ишинин товардык номенклатурасынын (ЕАЭБ ТЭИ ТН) коддоруна шайкеш келтирүү.

2015-жылдын 16-июлунда Кыргыз Республикасынын Президенти "Ядролук материалды физикалык коргоо жөнүндө конвенцияга кошулуу тууралу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына кол койду. Аны Жогорку Кеңеш 2015-жылдын 10-июнунда кабыл алган.

Ушул эле күнү Кыргыз Республикасынын Президенти "2013-жылдын 17-майында Алматы шаарында кол коюлган Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Казакстан Өкмөтүнүн ортосундагы Өзгөчө кырдаалдар жана табигый кырсыктардын тобокелдигин төмөндөтүү боюнча борбор түзүү жөнүндө макулдашууну ратификациялоо тууралу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына кол койду.

2015-жылдын 21-июлунда Кыргыз Республикасынын Президенти "2014-жылдын 23-декабрында Москва шаарында кол коюлган Евразия экономикалык бирлигинин алкагында Дары каражаттарын жүгүртүүнүн бирдиктүү принциптери жана эрежелери жөнүндө макулдашууга Кыргыз Республикасынын кошулуусу тууралу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына кол койду. Мыйзамды Жогорку Кеңеш 2015-жылдын 26-июнунда кабыл алган.

2015-жылдын 6-августунда Кыргыз Республикасынын Евразиялык экономикалык бирдик тууралу Келишимине кошулуусу тууралу Келишим күчүнө кирген. 12-августан тарта Кыргызстан интеграциялык биримдиктин толук укуктуу мүчөсү. Биздин өлкө Евразиялык экономикалык бирдиктин Армения, Беларусь, Казакстан жана Орусиядан кийинки бешинчи мүчөсү.

Кыргызстандын бирдикке кириши менен бирдиктүү бажы тарифтери жана Бирдиктин тышкы экономикалык ишмердүүлүгүнүн бирдиктүү товардык номенклатурасы ишке ашырыла баштады.

2015-жылдын 15-августунда Кыргыз Республикасынын Президенти "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын камсыздандыруу төгүмдөрү, айыптык санкциялар жана туумдар боюнча карыздарын эсептен чыгаруу жөнүндө" Жогорку Кеңеш 2015-жылдын 30-июнунда кабыл алган Кыргыз Республикасынын Мыйзамына кол койду.

Мыйзам жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын финансылык-экономикалык абалын жакшыртууга, турукташтырууга жана колдоого, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын өнүктүрүүгө багытталган.

2015-жылдын 28-августунда эл көптөн күткөн, акыркы 20 жылдагы эң ири долбоорлордун бири Датка-Кемин Кемин жогорку чыңалуудагы электр зымынын тартылышы жана "Кемин" көмөкчү электр чордонунун курулушу ишке ашырылып расмий ачылышы ишке ашырылды.

"Кемин" көмөк чордонунун кубаттуулугу 500 кВ. Ал Чүй, Ысык-Көл, Нарын облустарын электр энергия менен камсыздайт. "Датка-Кемин" 500 кВ аба электр чубалгысынын курулушунун бүтүшү менен 500-200 кВ өз энергетикалык ички шакек түзүлдү. Жаңы электр аба чубалгыларынын узундугу 405 километрди түзүп, өлкөнүн түндүү мменен түштүгүн бириктирет. Долбоордун ишке ашырылышы 389 миллион АКШ долларына бааланып, каражат Кытайдын экспорттук-импорттук банкы тарабынан 20 жылга насыяга берилген.

2015-жылдын 15-сентябрынан тарта Нью-Йорк шаарында өткөн БУУнун Генералдык Ассамблеясынын юбилейдик сессиясына жана туруктуу өнүктүрүү боюнча БУУнун саммитине катышып жатып Кыргызстан 2030-жылга чейинки туруктуу өнүгүүнүн 17 глобалдык максаттарын кабыл алууну колдогон.

Буга ылайык Кыргызстан 2016-жылдын 1-январынан тарта жакырчылыкты жана ачкачылыкты жоюу, экономикалык өнүгүүнү камсыз кылуу, сапаттуу билим берүүгө жол берүү, кымбат эмес энегияга жол берүү ж.б.у.с. глобалдык максаттарды ишке ашыруу боюнча милдеттенмелерди алган.

2015-жылдын 4-октябрында Жогорку Кеңешке шайлоолор болуп өткөн. Депутаттык мандаттар үчүн саясий күрөшкө 14 саясий партиялар аттанышкан

Өлкөнүн тарыхында биринчи жолу шайлоолор жарандарды таануунун биометрикалык технологияларынын жардамы менен ишке ашырылган. Андан тышкары алгач бюллетендерди салнууучу жана шайлоочулардын добушун эсептөөчү автоматтык урналар пайдаланылган. Биометрикалык маалыматтарын тапшырган 2 млн 761 миң 297 адамдын 59%ы гана шайлоого катышты (1 630 122 адам).

Шайлоонун жыйынтыгы менен болгону алты партия жети пайыздык чекти аша алган. Алар:

1. КСДП — 27,56%, 432 миң 804 адам (38 мандат)

2. «Республика – Ата-Журт» - 20,26%, 318 миң 266 адам (28 мандат)
3. «Кыргызстан» - 13,07%, 205 миң 268 адам (18 мандат)
4. «Өнүгүү-Прогресс» - 9,39%, 147 миң 515 адам (13 мандат)
5. «Бир Бол» - 8,59%, 134 миң 909 адам (12 мандат)
6. «Ата Мекен» - 7,8%, 122 миң 723 адам (11 мандат)

Бардыгына каршы 12 миң 273 шайлоочу добуш берген.

2015-жылдын 26-октябрында Кыргызстанга расмий иш сапары менен Японияның премьер-министри Синдзо Абэ келген. Расмий жоолугушуулардын чегинде президент А.Атамбаев, премьер-миниср Т.Сариев менен жоолуккан. Расмий иш сапардын жүрүшүндө 120 миллион АКШ долларына бааланган эки тараптуу келишимдерге кол коюлган.

2015-жылдын 28-октябрында Нью-Йорк шаарында БУУнун Генералдык Ассамблеясынын 42-пленардык жыйынында 2016-2018-жылдарга БУУнун адам укуктары боюнча Кеңешине мамлекетерди шайлоо болуп өткөн. Шайлоонун жыйынтыгына ылайык Кыргызстан адам укуктары боюнча БУУнун Кеңешинин мүчөсү болуп шайланган. Республика 192 добуштун 147син алып, биринчи үчилтикке кирген. Азия мамлекеттеринен Кеңешке Монголия, Корея Республикасы жана Филиппины кирген. Буга чейин Кыргызстан 2009-жылы Кеңештин мүчөсү болгон, 2011-жылы БУУнун адам укуктары боюнча Кеңешинин вице-президенти болуп шайланган. Бул окуя дүйнөлүк коомчулуктагы Кыргызстандын адам укуктарын коргоо тармагындагы милдеттенмелерин карманган демократиялык мамлекет катары таанылгандыгын билдирет.

2015-жылдын 31-октябрында Кыргызстанга иш сапары менен АКШнын мамлекеттик катчысы Джон Керри келген. Кыргызстандын тышкы ишмер министри Эрлан Абдылдаев менен бирге АКШнын элчилигинин имаратынын жана Борбордук Азиядагы Америкалык Университетгинин жаңы кампусунун ачылышына катышкан. Андан сырткары Президент А.Атамбаев менен жоолуккан.

2015-жылдын 25-ноябрында Кыргызстандын 6 миллиончу жарааны төрөлгөн. Аскер кызматкери полковник Алмаз Кожошев жана Рахат Белскованын кызы 3,8 килограмм салмакта туулган. Ымыркай Ош шаарындагы 4-бөлмөлүү батирдин ээси болуп калды.

2016-жылдын 14-декабрында Кыргыз Республикасынын Президенти "2015-жылдын 16-октябрында Бурабай поселогунда кол коюлган Евразия экономикалык бирлигинин бажы аймагына товарларды алып келүүнүн жана жүгүртүүнүн айрым масселелери жөнүндө протоколду ратификациялоо тууралу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына кол

койду. Мыйзам Жогорку Кеңеш тарабынан 2015-жылдын 10-декабрында кабыл алынган.

Ратификацияланган протокол Казакстан Республикасы Дүйнөлүк соода уюмуна (ДСУ) кошулуусуна байланыштуу ЕАЭБ бажы аймагына айрым товарлардын түрлөрүн алып келүүнү жана жүгүртүүнү жөнгө салуунун өзгөчөлүктөрүн аныктайт.

Протоколдо ЕАЭБнин Бирдиктүү бажы тарифтерине караганда кыйла төмөнкү коюмдар менен импорттолуучу товарларды Казакстандын чегинен тышкары бажы алымдарынын айырмасын толуктап төлөмөйүнчө, мындай товарларды жүгүртүүнүн жалпы схемасы боюнча ташып чыгарууга жол бербөө тууралу чараларды кабыл алуу боюнча Казакстан Республикасынын милдеттенмелери аныкталат жана ошондой эле алардын жүгүрүшүн администрациялоонун жана контролдоонун механизмдери аныкталат.

Протокол ДСУга кошулуусунун алкагында Казакстан тарабынан кабыл алынган милдеттенмелер Казакстандын рыногуна гана таралышына мүмкүнчүлүк берип, администрациялоонун системасын бажы алымдарынын коюмунун айырмасы ЕАЭБнин башка мүчө-өлкөлөрүнө зыян келтирбегидей кылып түзүүгө жол ачат.

2016-жылдын 8-январында Президент А. Атамбаев "2015- жылдын 12-июнунда Бишкек шаарында кол коюлган Кыргыз Республикасы менен Эл аралык өнүктүрүү ассоциациясынын ортосундагы Каржылоо жөнүндө макулдашууну (Айыл инвестицияларынын үчүнчү долбоору) ратификациялоо тууралу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына кол койду (Жогорку Кеңеш 2015-жылдын 3-декабрында кабыл алган).

Айыл инвестицияларынын үчүнчү долбоорунун максаты элет калкынын кедейчилигин жергиликтүү өз алдынча башкаруу институттарынын өздөрүнүн коомчулуктары менен жергиликтүү өнүктүрүү программаларын пландаштыруу жана ишке ашыруу боюнча иштеринде потенциалын өнүктүрүүнүн эсебинен жоюу болуп саналат.

Ратификацияланган Макулдашуу жергиликтүү деңгээлде тейлөө жана кызмат көрсөтүү сапатын жакшыртууга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун айылдык аймактардын территорияларындагы социалдык жана экономикалык инфраструктуранын сапаттуу обьектилерине жетүү мүмкүнчүлүгүн кеңейтүүгө шарт түзөт.

2016-жылдын 22-январында Кыргыз Республикасынын Президенти "2012-жылдын 20-сентябрында Бишкек шаарында кол коюлган Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Россия Федерациясынын Өкмөтүнүн

ортосундагы Камбар-Ата-1 ГЭСин куруу жана эксплуатациялоо жөнүндө макулдашууну денонсациялоо тууралу" жана "2012-жылдын 20-сентябрында Бишкек шаарында кол коюлган Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Россия Федерациясынын Өкмөтүнүн ортосундагы Жогорку-Нарын гидроэлектростанциялар каскадын куруу жана эксплуатациялоо жөнүндө макулдашууну денонсациялоо тууралу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарына кол койду.

Бул Мыйзамдар Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан 2016-жылдын 20-январында кабыл алынган.

2016-жылдын 2-февралында Кыргыз Республикасынын Президенти "2006-жылдын 28- ноябрында Минск шаарында кол коюлган Жазык сот өндүрүшүнүн катышуучуларын коргоо жөнүндө макулдашууну ратификациялоо тууралу" Жогорку Кенеши тарабынан 2015-жылдын 30-декабрында кабыл алынган Мыйзамга кол койгон.

КМШ өлкөлөрүндө жазык сот өндүрүшүнүн катышуучуларын натыйжалуу коргоону камсыз кылуу Макулдашууну ратификациялоонун максаты болуп саналат.

Ушул эле күнү Президент 2014-жылдын 10-октябрында Минск шаарында кол коюлган "Көз карандсыз Мамлекеттер Шериктештигинин мүчө-мамлекеттеринин тышкы чек араларында чек ара коопсуздугуна коркунучтарга тез жооп кайтаруу үчүн чек ара ведомстволорунун адистеринин (эксперттеринин) биргелешкен топторун түзүү жана колдонуу тартиби жөнүндө Макулдашууну ратификациялоо тууралу" Мыйзамга кол койгон. Мыйзам 2015-жылы 30-декабрда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган.

Ратификацияланган Макулдашуунун максаты биргелешкен топту түзүүнүн, колдонуунун жана ишмердигин токтотуунун тартибин аныктоо болуп саналат, топтун милдеттерине төмөнкүлөр кирет:

- тышкы чек арада чек ара коопсуздугун камсыз кылууга иш жүзүндө жардам көрсөтүү;
- чек ара коопсуздугуна коркунучтарды анализдөө;
- тышкы чек арада түзүлгөн кырдаал тууралу маалымат топтоо.

2016-жылдын 17-февралында Президент А. Атамбаев «Табигый дарылык ресурстар, дарылоо-ден соолукту чыңдоочу жерлер жана курорттор жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралу" Мыйзамга кол койгон.

Мыйзам Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенеши тарабынан 2016-жылдын 14-январында кабыл алынган. Кабыл алынган Мыйзамдын

негизги жоболору курорт иштери жана эс алуу чөйрөсүндө Өкмөттүн ыйгарым укуктарын аныктоого жана тактоого багытталган.

2016-жылы 25-февралда Президент А. Атамбаев "2015-жылдын 27-мартында Брюссель шаарында кол коюлган "Секторду реформалоого контракт – Кыргыз Республикасындагы социалдык коргоо" (DCI-ASIE/2014/025-021) программасы боюнча Кыргызстан менен Евробирлигинин ортосундагы каржылык макулдашууну ратификациялоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына кол койду.

Мыйзам Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан 2016-жылдын 20-январында кабыл алынган.

Европа Бирлигинин "Секторду реформалоого контракт – Кыргыз Республикасындагы социалдык коргоо" программасы өлкөнүн секторалдык саясатына жана стратегияларына ылайык натыйжалуу социалдык коргоо системасын өнүктүрүүнү колдоо аркылуу социалдык адилеттүүлүккө жетишүүгө багытталган.

2016-жылдын 19-мартында Кыргыз Республикасынын Президенти "2015-жылдын 26-октябрында Бишкек шаарында кол коюлган «Манас» эл аралык аэропортунун жабдууларын жакшыртуу» долбоору боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Япония Өкмөтүнүн Алмашуу ноталарын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Япония эл аралык кызматташтык агенттигинин (JICA) ортосундагы Гранттык макулдашууну ратификациялоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамына кол койгон. Мыйзам Жогорку Кеңеш тарабынан 2016-жылдын 10-мартында кабыл алынган.

«Манас» эл аралык аэропортунун жабдууларын жакшыртуу» долбоорунун ишке ашуусу артыкчылык милдеттерди чечүүгө өбөлгө түзүп, биринчи кезекте учуулардын коопсуздугун арттырууга зарыл шарттарды жаратат, ошондой эле "Манас" эл аралык аэропортунда жүргүнчүлөр менен авиакомпанияларды тейлөө үчүн жагымдуу шарттарды түзөт.

2016-жылдын 6-апрелинде Президент «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамына кол койду. Бул мыйзам Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан 2016-жылдын 18-февралында кабыл алынган.

Мыйзам жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар тарабынан текшерүүлөрдүн бирдей тартибин белгилөө, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иштерине мыйзамсыз кийлигишүүдөн алардын

укуктары менен кызыкчылыктарын коргоо максатында ишке ашырылып чыгып, кабыл алынган.

2016-жылдын 11-апрелинде Кыргыз Республикасынын Президенти 2015-жылдын 6-июлунда Бишкек шаарында кол коюлган Кыргыз Республикасы менен Эл аралык өнүктүрүү ассоциациясынын (Дүйнөлүк банк) ортосундагы "Кен казуу тармактарынын ачыктыгы демилгеси – жолдоочу статусун алгандан кийин фаза II" долбоорун ишке ашыруу максатында № TF017411 грантын берүү жөнүндө Гранттык макулдашууну ратификациялоо тууралу Мыйзамга кол койду. Ал Жогорку Кеңеш тарабынан 2016-жылдын 3-мартында кабыл алынган.

2016-жылдын 12-апрелинде Кыргыз Республикасынын Президенти "Кыргыз Республикасынын административдик жоопкерчилик жөнүндө Кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына кол койду. Ал Жогорку Кеңеш тарабынан 2016-жылдын 3-мартында кабыл алган.

Мыйзам жолдо жүрүүнүн коопсуздугун камсыз кылууга, көчөлөрдүн жана жолдордун өткөрүү мүмкүнчүлүгүн жакшыртууга, жол тартибин бекемдөөгө, Кыргыз Республикасынын административдик жоопкерчилик жөнүндө Кодексиндеги кемчиликтерди четтетүүгө багытталган.

Бул максаттарда административдик жоопкерчилик жөнүндө Кодексине "Транспорт каражаттарын мажбурлап эвакуациялоо жана дөңгөлөктүн блокираторлорун же жабдыктардын башка түрлөрүн колдонуу" деп аталган жаңы 568-берене киргизилет, ал эми 235-береченин эскертүүсүнө мажбурлап эвакуациялоо жана дөңгөлөктүн блокираторлорун колдонуу тартибин Кыргыз Республикасынын Өкмөтү аныктаарын тастыктаган толуктоо киргизилди.

2016-жылдын 13-апрелинде Президент №40 "Автомобиль транспорту жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Жогорку Кенеши 2016-жылдын 3-мартында кабыл алган Кыргыз Республикасынын Мыйзамына кол койгон.

Кабыл алынган мыйзам боюнча башкаруу рулу оң жагында жайгашкан транспорттук каражаттардын коммерциялык максаттарда жүргүнчүлөрдү, жанжүктөрдү жана башка жүктөрдү ташуусуна тыюу салуу каралган "Автомобиль транспорту жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренесинин 6-бөлүгүнүн күчүнө кирүү мөөнөтү 2016-жылдын 1-январынан 2020-жылдын 1-январына жылдырылды.

2016-жылдын 13-апрелинде Кыргыз Республикасынын премьер-министри Т.Сариев кызматынан кетип, анын ордуна КСДПнын дагы бир өкүлү Сооронбай Жээнбеков шайланган.

Ушул эле күнү бир тууган агасынын премьер-министрлик кызматына келишине байланыштуу Жогорку Кеңештин төрагасы Асылбек Жээнбеков Жогорку Кеңештин төрагасы кызматынан баш тарткан.

2016-жылдын 27-апрелинде Жогорку Кеңештин төрагасы болуп КСДП фракциясынын лидери Чыныбай Турсунбеков шайланган.

2016-жылдын 21-22-майында Кытай Элдик Республикасынын тышкы иштер министри Ван Ин Кыргызстанга иш сапары менен келген. Президент А.Атамбаев Кытайдын башкы дипломаты Ван Ини Кыргызстан менен Кытайдын ортосундагы кызматташтыкты өнүктүрүүгө, эки элдин ар тараптуу мамилесин чыңдоого жана "Датка-Кемин" жогорку чыңалуудагы электр линиясынын курулуп ишке киргенине кошкон салымы үчүн "Данакер" ордени менен сыйлаган.

2016-жылдын 7-июнунда "Ала-Арча" мамлекеттик резиденциясында КМШ мамлекеттеринин өкмөт башчыларынын жыйыны болуп өткөн. Жыйында 20 маселе каралып, 16 документке кол коюлган. Алардын арасында: электрэнергетика объекттериндеги авария тууралу маалыматтар менен алмашуу тууралу; электрэнергетика тармагында кесиптик билим берүү багытындагы кызматташтык тууралу; радиактивдүү булактардын ордун өзгөртүү маселеси боюнча маалыматтык өз ара аракеттенүү тууралу; агробиотүрдүүлүктөрдү сактоо тууралу конвенция ж.б. болгон. Андан тышкары 2020-жылга чейин ар эки жылда эл каттоону жүргүзүү тууралу маселе талкууланган.

2016-жыл, ноябрь Жогорку Кенештин Ата-Мекен фракциясы президент А.Атамбаевге импичмент жарыялаган.

2017-жылдын 28-февралында Бишкекте «Ала-Арча» мамлекеттик резиденциясында Россиянын президенти В.Путин менен биргелешкен маалымат жыйынында журналисттердин суроолоруна жооп берип жатып Кыргыз Республикасынын президенти А.Атамбаев: "Мен доллардык мультимиллионер болуп калган кезде азыркы белгилүү бизнесмендердер бизнестерин жаңы эле башташкан болчу. Атамбаев эч качан уурдаган эмес, байлыгынын баарын мандай тери менен тапкан. Мен доллардык мультимиллионер болуп калган кезде Салымбеков бизнесин жаңы эле баштаган, Бабанов болсо али айыл чарба университетинин студенти болчу", – деп билдирген.

"Кимдир бирөө дагы үчүнчү революция жасоону кыялданып жатса эскертип койгум келет. Буга чейинки эки революцияны тең мен жасагам, 2005-жылдагы революциянын да, 2010-жылдагы революциянын да лидери мен болгом. Эсиңерде болсо революция "Форум" имаратынын жанынан башталган. "Форум медиа" ал менин офисим. Эми үчүнчү революцияны жасабайм, революцияларга Кыргызстанда чекит коюлду" – деген А.Атамбаев.

2017-жылдын 15-ноябрында Бишкектеги «Ала-Арча» мамлекеттик резиденциясында Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук кеңешинин VI жыйыны өткөрүлдү. Андагы Кыргыз Республикасынын Президенти А.Атамбаевдин чыгып сөз сүйлөгөн сөзүнөн: Урматтуу Улуттук кеңештин мүчөлөрү! Бүгүн өзгөчө күн. Бийликтеги Президент менен бир катарда шайланган Президент олтурат. Мындай саамалык жакшы салтка айланышын каалар элем. Алты жылдан кийин Сооронбай Шарипович кудум азыркыдай болуп, өз укуктарын өткөрүп берип, жаңы Президентке билгендерин үйрөтүп, көмөктошсо жакшы болоор эле.

...Мен көпчүлүк өткөн жылдын декабрь айында референдумду эмнеге өткөргөнүбүздү алигиче түшүнө элек деп ачык эле айтайын. 1-декабрдан тартып жалпы элдик референдумда кабыл алынган өлкөбүздүн Конституциясына киргизилген бардык түзөтүүлөр күчүнө кирет. Бул түзөтүүлөр Өкмөттүн ыйгарым укуктарын кыйла кеңейтет, ал эми Жогорку Кеңештин ролу мындан дагы маанилүү болот. Себеби Өкмөттүн курамы Парламентте түзүлүп жатпайбы.

2018-жылдын 31-мартында Бишкекте КСДПнын курултайы өтүп, анда А.Атамбаев партия төрагасы болуп шайланган.

2018-жылдын 10-декабрында Кыргыз Республикасынын экс-президенти А.Атамбаев «Апрель» телеканалына кыргыз тилинде бир сааттык маек берген: "Чындыгында, менин байлыгымды текшеребиз деп жакында «Азаттыктын» журналисттери Түркия, Измирге чейин, Эгей деңизине чейин барып келишти. Эми мен убагында озумдун эмгегим менен бай болгом. Бишкекте бир канча килтейген завод меники болчу. Майда-чүйдө ишканаларды айтпай эле коёюн. Ресторандан баштап, чачтарачканама чейин бар болчу. Чет элде да ишканаларым бар болчу. Мисал катары «Апрель» телеканалына бирөөнү айткам: Түркиядагы «Гүлжанлар» ишканасы. Ошону барып карап келишти. Ошондо деле айткам, керек болсо 2002-жылы алган накталай акчам сомго которгондо 1 миллиард 900 миллион сомго жакын накта акча болгон.

2018-жылдын 10-декабрында Кыргыз Республикасынын экс-президенти А.Атамбаев «Апрель» телеканалына кыргыз тилинде бир сааттык маек берген: Мен негизи эки жүздүү адамдарды бир топ эле көргөм. Өзгөчө аткаминерлерде бат эле сатып кетмей бар. Мен муну 2000-жылы көргөм, 2004-2005-жылдары көргөм. 2008-2009-жылдары деле көргөм. Бирок болбой эле кайра эле таң калат экенсиң. Өзгөчө мени таң калтырганы, «Биринчи — Кудай, андан кийин — сиз» деп, 24 жыл жанымда дос болумуш болуп жүргөн адам мага ушундай душман болуп чыгып келсе, ушундай душманчылык кылып жатса... Менимче, бул деле убактылуу нерсе. Анткени, ошол эле адамдар мага: «Мен сиз кылган жакшылыкты унутсам Кудай урсун» деп айтчу да. Ошондуктан, Кудай урат го бир күнү баарын, Кудайга эле коёлук.

